Кырг
Ж 68

# Салижан
# ЖИГИТОВ

## *Күн туудду*





Салижан Жигитов
(1936-2006)

Скырг
Ж68

Салижан Жигитов

# КҮН ТУУДУ



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487255

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2024

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5
Ж 68

Жигитов, Салижан.
Ж 68 Күн тууду. – Б.: «Улуу Тоолор», 2024.– 408 б.

ISBN 978-9967-29-724-1

Орошон ойчул, чыгаан окумуштуу-адабиятчы, атактуу адабий сынчы, таланттуу акын жана кара сөз устасы, чебер котормочу Салижан Жигитовдун чыгармаларынын экинчи томуна кара сөз түрүндө жазып калтырган көркөм чыгармалары топтолду.

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-29-724-1
© Жигитов С., 2024

## АВТОБУСТА

Мен Ошко зарыл жумуш менен келип, ишим оңунан чыкпай, көңүлүм иренжип, сиркем суу көтөрбөй автобуска отурдум.

Качан болсо киргил боз каптап чаңып турган Ош шаарынан суурулуп чыга бергенде, кондуктор катын билети жокторго билет сата баштады.

Билет албай түшкөндөр демейде чал-кемпирлер болот. Азыр да мага тушташ наркы катарда отурган беттери чүрүшкөн чүкөдөй кара кемпир билет албай түшкөн экен. Кондуктор орус аял андан:

– Каергеча барасиз, апа? – деп өзбекче сурады.

Кемпир айыптуудай жалтаң күлө багып, жылчыйган көзү менен ыкшыя карады:

– Өзгөнгө эле.

– Кани, бир сом бера калиң?

Кемпир ууучтай кармап келаткан тыйындарын кондукторго кармата койду да, анын оозуна жалооруй – көшөкөр күлүп тиктеди.

– Яна он тыйын бериң.

– Андан башка акча жок, – деп кемпир алаканын жая берип кашайды да, кайра жалпаңдай баштады, – Ала бер эми, ошону алып кой. Мен кемпирмин да, кемпирден да алчу беле.

– Совдани койиң, апа. Бу автобус, базар эмас.

Кемпир анткорлонуп жалдырап да, жалпак тилге салып жооткотуп да көрдү. Бирок кондуктор кыжырлана түшүп, кемпирди демитип жиберди:

– Давай, давай, пуль бериң, бомаса түшиң.

– Ыраңы суук арам десе! Башкалар токсон тыйындан эле алып жүрчү эле...

Мукурап айласы түгөнгөн кемпир купчуйгөн чапанынын койнуна колун салды. Ыкшынып атып бетаарчыга бекем түйүлгөн кагаз акчаларды алып чыгып, арасынан бир сомдукту суурду.

– Ме, алып жаның тынчы деги! – деп кондукторго кекетип берди да, жаман көзү менен сустая карап чаңк этти: – Келе, артканын кайтарып бер!

Билет айрып жаткан кондуктор:

– Мунун куусун карасаң! – деп өз тили орусчага өтүп мага көз кысты. – Бирөөнү – алдаса, бир тыйын – алдатпаса...

Мен, ого бетер көңүлүм кирдеп, кимине эмне дешти билбей кулак жапырдым да, терезеге бурулуп кеттим.

Тышта – түзөң жер. Телефон шырыктары бирин бири кубалап барып, анан көзгө илешпей калат. Алыста топ кыштактар дүпүйүп, мырза теректердин учтары билинер-билинбес кылкылдап көрүнөт. Мейкин болсо киргил коңур мунарыкка чөгүп турат. Булуттуу асмандын батыш чети тим эле кызыткан темирдей кыпкызыл. Куду көөрүктөп кызарткан темир мисал.

Күндүн демейдеги көздү уялткан шоолалары кетип, томолок шар өңдөнгөн кызыл табагы гана калыптыр. Кара-Суу калаасын карай капталдай жортуп бараткан автобус титиреп, болор-болбос экчеген сайын Күндүн ошол табагы тоголотуп ийген топ сыяктуу сокоң-сокоң секирип, бизден калбай ээрчип келатат.

Менин балалыгым өткөн тоо тарапта Күн чачыраган шооласынан ажырабай эле улам кылкылдап чөгүп, улам аз-аздан жашынып отуруп, кырдандан нары жылас болот. Шаарда болсо карбаластап жүрүп, Күндүн кандай батканын деле байкабай каласың.

Тоголоткон топ сыңары сокоң-сокоң секирген бойдон автобусту ээрчиген токол Күн табагын көргөнүм



ушул! Мен ошо табият кубулушун жадаганча тамаша кылдым.

Оңду карасам, автобустун ичи тынчый түшүптүр. Билет сатып бүткөн кондуктор катын денесин шалкайта коё берип, башын бир жакка кыйшайтып, жадаган кейпи менен нес баскандай момоюп отурат. Уйкусураган көздөрү эчтеме билдирбей ыргылжың жалдырайт.

Бир калыпта жорткон автобустун жүрүшү элди ныксырата баштаптыр.

Шылкыйыңкы тарткан баштар нерви бузулган чалдардын башындай байкалар-байкалбас калчылдап баратат. Алды жагында кызык-кызык далылар үңкүйөт, эски тебетейлер обу жок калдаят, ээктене байланган жоолуктар жыбырайт. Тигинде бир чарма топучандын семиз чүйлүсү кызарат.

Баягы коога салган чүкөдөй кемпир үргүлөп, улам оозун араандай ачып эстеп коёт. Эң башындагы отургучта мага маңдайлаш отурган макинтош кийген зайып алдына саквояжын өңөрүп чалкалайт. Өзү балканактай, жүзү ак жуумал, алкымы кош ээктенейин деп калыптыр. Моймолжуган текебер көздөрү уйкусурап кылгырат. Автобус экчеген сайын толмоч жаагынын эттери салаң-салаң этип салмак менен былкылдайт. Анын жанында бүкчүйүбүрөөк отурган эркектин кабагы карыш салынуу. Маңдайындагы калың бырыштар бир бирине жабышып, көзү чүңүрөйүп тереңге кирип кетиптир. Какчайган арык экен, бир жери сыздатып ооруп аткандыр? Балким, жүрөгүн өйкөгөн оор капасы бардыр? Ким билет, тегерегин бырыш тордогон чүңүрөкөй көзү сыр бербей жылтырайт.

Баары ныксырай баштаган, баары тунжураган уйкулуу ойго баткан.

Тынчыбаган эле жанаша отурган эки келин болду. Ар кимди элең-элең карап алышат, анан баштары бириге калат да, быш-быш этип шыбыраша түшүп, быш-

кырып күлүп ийишет. Утуру бышкырган сайын жүргүнчүлөр ныксыраган жүздөрүн буруп, үлдүрөгөн уйкулуу көздөрү менен эки келинге акырая карап калышат. Ошондо берки экөө ийменгендей тып басылышып, бир азга жоошуй түшөт. Бирок көпкө тим отура алышпай жанагы жоруктарын кайра башташат.

Эки келиндин тең баштарына чүмбөт кылып чүмкөнгөндөрү жеңи жок кара кыжым кемсел. Кемселдеринин төшү толо ар кандай өлчөмдөгү седептер, атам замандагы тыйындардан жасалган топчулар. Далбыратып кең тиккен көйнөктөрүнүн этегинен кирдебирээк калган ич көйнөктөрүнүн этек учуна кыюулап тиккен торлор салбырап чыгып турат. Аяк-быякка элтең этип бурула калышса, кемселдериндеги топчулар менен моюндардагы бармактай кызыл мончокторy шалдырап кетет. Каштарына осмодон аябай коюшкан экен, эки каштын ортосу кошулуп, учтары кулактарынын эле жанына барып токтоптур.

Автобус Кара-Сууга келип токтоду. Түшчүлөр түшүп, чыкчулар чыкты. Жөнөй бererде алдыңкы эшиктен эки кыз кирди. Балким, аялдыр? Өңдөрү кыргыз түспөлдөнөт. Балким, кыргыз эместир? Деги азиялык. Деги ургаачы. Экөөнүн тең чачтары эркектикиндей кыска кыркылган. Каштары ичке терилген, эриндери кызарта боёлгон. Кийгендери ичке бағалектүү шым. Борсоюп чыгып турган көчүктөрү кыймылдаган сайын жарашыктуу жайкалат. Кофталары гана аларды алыстан аял кылып көрсөтөт.

Алар чыгар замат кара көз айнектери менен автобустун ичин сынагандай айландыра караштыда, эшиктин түбүндөгү эки кишилик бош орунга салабатынан жазышпай жай отурушту.

Тигилер кирип келишкенде ордубузду алдырып коёбуз деп он беш мүнөттүк өргүү убагында да козголбой ныксырап отурушкан жүргүнчүлөрдүн көздөрү



умачтай ачылып, таңыркай карап калышты. Кыргыздар машинаны адеп көргөндө ушундай аңкайып карашса керек. Тиги эки кыз көчүк баскан соң, таңданган жүргүнчүлөр таңданганынан жазбай, бири-бирине жалдырап суроолуу тиктешти. Бирок суроолуу тиктешип коюшту да, бирин-бири түшүнүшкөн немедей үнчүкпай тим болушту. Бир гана аксакал адам өзүнчө күңк этип, уялыңкы жер карап кетти...

Баягы тынчыбаган эки келин нес баскандай аңкайып, көздөрүн чоң ачып, бир саамга тынчып калды. Анан бирөө эс-учун жыйып, жанындагысына карады. Дагы бирибирин тиктешип алды. Дагы баштары бириге түштү. Дагы быш-быш этип шыбыраша кетти. Өздөрү шыбырашып жатса да, көздөрү алдындагы эки кыздан айрылбады. Дагы бышкырып күлүп жиберишти. Аябай катуу бышкырышты. Элдин баары жалт бурулуп, баары тең биринчи мертебе эрксизден жылмайып коё беришти.

Эч жакка көңүл бурбай койкоюп турушкан эки кыздын бирөө артына кылчайды. Баштарын бириктирип, үңкүйүп төмөн карап алышып, боору катып хихилеп күлүп жаткан келиндерди көрдү. Тигил кыз да таңданган кейпи менен токтоо карап турду да, жанындагысын чыканагы менен билинер-билинбес түртүп, арт жакка байкалар-байкалбас ышаарат кылды. Жолдошу да артына бурулду. Келиндердин кебете-кешпирин жакшылап көрүшкөн соң, алар да бири бирине карап туруп, акырын күлүп коюшту. Текеберлүү, мыскылдуу, аягандай тымызын күлүштү.

Кимге ким күлдү? Менин да күлкүм келди. Күлүп ийбейин деп дагы терезеге карадым. Тоголок күн тагы батып кетип, асмандын кызылы өчкөн экен. Баягы кызыткан темирдей өрттөнүп турган булут сууга салып муздаткан темирдей каралжын-көгүш тартып калдайып калыптыр.

***1960***

# ТААНЫШ ТААНЫШТАРЫМ

## I

Өңгүл-дөңгүл кара дөбөгө конуп турган шаар – Өзгөн. Тепейген кичинекей шаар. Эски шаар. Контрасттардын шаары. Менин шаарым.

Өзгөнгө барсаң, айтылуу мунараны көрөсүң. Анча деле бийик эмес, анткен менен пас-пас үйлөрдүн фонунда алда канча бийик сезилет. Бир кездеги октой кызыл кирпичинин өңү өчүп, алда кандай түс алган. Түп жагы желип, топурагы эшилип, кыйла жерине дейре сыз көтөрүлгөн. Жанындагы күмбөздү «Султаным» дешет, анысы ким экенин билген жан жок. Ал урап, төбөсү оюлуп түшүп, саймалары күбүлүп, эшиктери сынып калган.

Аларды карап туруп, жакшынакай тарыхый эстеликтерди кадырына жетпей, көз көрүнө чалдыбарга айлантып жатканыбызга кабыргаң кайышат. Башка республикаларда мындай эстеликтери менен сыймыктанышат экен, аларды сакташат экен, реставрация кылышат экен. А бизде болсо ...эх, эмнесин айтасың!..

Күмбөзү го бүтүптүр. Эми мынтип отурса кулап түшөт, мунарасы да кулап түшөт!

Азырынча кулай элек. Стартка даяр ракета сыңары шуңшуюп турат. Орто кылымды эске салат. Кыялыңа фильмдерден көргөн жоокерлик заман тартылат.

Кичине эле нары бассаң, маданият үйүнүн алдынан райондук калк театрынын жаңы спектакль жөнүндө балчайта жазган афишасы көзгө урунат. Парктан кайсы бир вальстын күүсү кубулжуйт.



Ыпылас көчөдөн чаң ызгытып машина өтөт. Кыдың-кыдың эшекчен чал жол бошотуп, чекелей бастырат. Соңку мода менен жасанган райондук афродиталар кетип баратып, чачтарын кылыктуу силкип коёт.

Анда-санда уурудай аяр баскан паранжычан кемпирлер жылт берет.

Арыкта жошолонгон ылай суу агат.

Бурч-бурчта мөлтүр тамчыларын шорголотуп суу түтүк колонкалары койкоёт.

Чычкандын ийниндей ийри-буйру тар көчөлөр.

Аптапка жумшара түшкөн коңур жыт асфальт жолдор.

Бири бирине жабышып үтүрөйгөн түрү суук, жепирейген жапыс тамдар.

Заңгыраган эки кабат татынакай имараттар. Балким, ушул имараттардан улам тиги үйлөр ого бетер түрү суук, ого бетер жапыс көрүнөр...

Өзгөн бузулуп жатат.

Өзгөн курулуп жатат.

Мындан башка Өзгөндө эски ырлар эстен чыгып, жаңы ырлар жаралып жатат. Эски обондуу жаңы ырлардын биринде мындай деп айтылат:

> Өзгөндүн макмал дөбөсүн
> Өзгөнгө барсаң көрөсүң.
> Алыска айнып кетсең да,
> Айланып бир күн келесиң.

Ушул саптарды укканымда, алар эмнегедир атайы мага арналып чыгарылгандай сезилет. Өзгөндөн четте жүргөнүмө көп болду. Мындан он үч жыл илгери, жетинчи гана классты бүткөнүмдө агам Түмөн мага өзүнүн узун шымын кийгизип, колума тапкан акчасын карматып, окууга узаткан. «Алыска айнып кетсем да», жыл сайын Өзгөнгө айланып барып турам. Бирок кай-

ра кайрылып кетеримде Түмөн мени узатып чыкпайт. Ал «макмал дөбөлөрдүн» биринин алдында жатат. Энемдин жүзүндөй жанга сүйкүм ошол жерлерде изин чөп баскан балалык күндөрүм калган. Ошол жерде менин ага-туугандарым, жердештерим, тели-теңтуштарым жашайт. Алар менин китептен көргөн «бейтааныш тааныштарым» эмес, кадыресе тааныш тааныштарым. Барган сайын алардын мээнеткеч ысык колдорун кысам, өмүргө соргок көздөрүн көрөм, мукамдуу сөздөрүнө кулак салам.

Былтыр жайында да Өзгөнгө бардым. Бейбазар күн эле, автобустан түшөрүм менен көзүмө жаңыдан ишке киришкен автостанция чалдыкты. «Ох-хо!» – дедим ичимен.

Автостанциянын жанынан өтүп, көк базарга жөнөдүм.

Шаар кыштак сыңары жымжырт. Убакыт жылбай токтоп калгандай жымжырт.

Көк базардын сатуучулары кардалдар жоктуктан жадап, бекерчиликтен ныксырап, унчукпай отурушат.

Кызарган помидорлор. Сапсары өрүктөр. Үшүгөн баладай бетинен түгү чыккан шабдалылар. Бышканына чыдай албай чарт жарылган дөбө-дөбө коондор. Дөбөлөнгөн таргыл ала дарбыздар.

Цемент төшөлгөн аянтчада мөбө-чөбөлөрдүн бейтартип чачылган калдыктары. Шаарга байыр алган көгүчкөндөр ошолорду чокугулап, татынакай моюндарын сергек койкоктотуп, кыдың-кыдың жорголоп жүрөт. Аптаптуу абада бышкан коондун, ачыган чикирдин, жер-жемиштердин аралашкан жыты муңдуу аңкыйт.

Өзгөн бир убакта алып-сатарлардын кайнаган уюгу болчу. Элинин көбү жалаң гана чайкоочулук менен күн өткөрчү. Бейбазар күндөрү дүкөндөргө түшкөн таңсык буюмдарды талап кетишчү. Базар күнү аларды элеттиктерге эки эселеп кымбат сатышчу. Коомчулук



соодагерчилик менен дурус күрөшкөн окшойт, азыр кызыл кулактар алда канча азайгансып калыптыр. Чайканаларга кире берериңде: «Меники ыс-сык!..», «Меникин алың!» деп жабалактай жүгүргөн кичинекей наабайчылар көрүнбөйт.

Бирок алып-сатарлар дагы эле бар окшойт. Көк базарга кайсы күнү барба, тапкан дасмиясын алдына жайып, көк чайдан илең-салаң шоркурата ууртап коюп, мисирейген эркектер отурганы – отурган. Алардын кесиби эмне? Алардын кылган кызматы эмне? Албетте, чайкоочулук.

Мен базарды аралап өтүп чыга бериштеги күркөгө келдим. Кадимки эле газета-журнал күркөсү. Эч өзгөчөлүгү жок. Анын ичинде отурган жашамал киши мени көрө коюп, ордунан тура калды.

– Аа, келиң, келиң. Яхшимисиз, эсанмисиз, бахватмисиз?

Бу – менин эски таанышым Мадамин аке.

Мен аны менен кокусунан таанышып калганмын. Мындан төрт жыл мурун. Кыргыз университетин бүтүрүп, өзүмдүн кыштагым Көлдүккө мугалим болуп бардым. Эки тоонун арасы. Асмандын кууш тилкеси. Жолунун чаңы кызыл ашыкка чыгат. Жамгыр жааса – белчеден ылай. Машина каттабайт. Газета-журнал бир жума кечигип келет. Ичиң бышат. Кусалык жейт. Москвалык газета-журналдар барбайт. Аларды алыш үчүн мен жума сайын зарыгып машина күтүп, чаңга буланып, опоң-чычаң мөңкүгөн жүк машинада эзилип, Өзгөнгө келем. Көксөгөн газета-журналдарды колума алганда, типография боёкторунун узак жолдо өчө түшкөн жыты аптыктыра аңкыйт. Журналдарда басылган сүрөттөрдөгү адамдар мен үчүн кандайдыр бактылуу, бейкапар, мен экинчи көрбөс дүйнөдө жашагандай туюлуп кетет. Өзүм окуган шаарды сагынганым бир саамда көбүрүп чыгып, делебемди кусалантат...

Мен окучу газета-журналдар Өзгөндө көпкө дейре тура берет. Ошону билип алып, мен киоскерге сактап коюңуз деп айтпай эле кетип калчумун. Бирок кара диогональ сукнодон эскиче китель кийген, боюн тыкан кармаган а киши мени кызыктырчу. Ушунча элпек, ушунча сылык кишини көргөн эмесмин. Ар бир кыймылында кандайдыр айтылбаган жарашык бар. Эмне жаңы нерсеси болсо, баарын астыңа жая коёт. Өзү окуп чыккан кээ бир материалдарды кыскача баяндап жиберет. Ошол кишиден улам гана «сатуучулук маданияты» деген мен үчүн абстрактуу сөз реалдуу дидар алып, бет маңдайыма калдайып келе түштү.

Ал да мага көңүл буруп калды. Бир жумада бир келип, бир кучак газета-журналды бир алсаң, көңүл бурат да. Бир күнү ал адегенде кечирим сурап, анан ал-жайымды сурады. Анын менден сүрдөгөндөй өтө эле сылык сураганынан уялып кеттим. Айтып бердим.

– Мен өзүм эски мугалиммин. Окумал кишилерди жакшы көрөм. – Анын жасалма маңдай тиштери жарк эте түштү. – Культ личность убагында ак жерден караландым. Жыйырманчы съездден кийин гана акталып чыктым.

– Эмне үчүн кайра мугалим болгон жоксуз? Сизди алышат эле.

Мадамин аке муңайым жылмайып койду:

– Эми мага мугалим болуш кайда? Билгенимин көбүн унуттум. Билимдүүлөр да көбөйүп кетиптир. Окутуучу кылгыла деп айткандан уялып эле барганым жок.

– Да, мугалим азыр батпай кетти.

– Тирүү адамга иш табылат деңизчи. Чайкоочулук кылсам деле күнүм өтмөк. Бирок ага көңүлүм чаппайт. Жаман көрөм. Китепти жакшы көрөм. Китепканачы болсомбу дедим эле. Ылайыктуу орун чыкпады. Анан ушул күркөнү сунуш кылышты. Айлыгы аз деп киши чыкпай аткан экен. Мен тобокел деп макул болдум. Беш-алты күн иштеп көрүп, айныйын да дедим.



– Эмнеге?

– Билесизби, Өзгөндө газета-журнал окуганга ышкыбоз адамдар аз эле. Көбүнчө бирдеме орогону алышчу. Журналдар өтпөй жыйылып жатчу. План такыр толчу эмес.

– Азыр аквалыңыз кандай? – деп сурап жибердим мен.

– Жаман эмес, жаман эмес. Планды эки жүз-үч жүз процентке жеткирем. Премиальный алып турам.

Анан ал өзүнүн бир папкасын алып чыкты да, аралаштырып жатып, бир катты жана бир нече телеграммаларды алып чыкты. Көрсө, аларды республиканын байланыш министри жолдош Торопкин жиберген экен.

Мен ар бир келген сайын Мадамин аке менен көпкө сүйлөшчү болуп кеттим. Саясаттан тартып шахматка чейин сөз кылабыз. Билген-көргөнүбүздү айтабыз.

Бир күнү ал мага кантип өз окуучуларын көбөйткөнүн айтып берди.

Өзгөндүктөр газета-журнал окугандан көрө көк чай ичип, чайканада аския айтып отурганды жакшы көрүшөт. Эркектердин баары эртели-кеч чайканада. Көбү дегеле үйүнөн тамак ичпейт – таң ата электе эле жалгыз нанын койнуна катып, чайканага жетип келет. Күркөчү болгондон кийин Мадамин аке да чайканага көп бара баштады... Өзү газета-журналдын баарын калтырбай окуган неме дүйнөдөгү жаңы кабарлардан кеп салып бере кызыктуу материалдарды айтып келатып, аягын табышмактантып тык токтотуп коёт. Угуп отургандар дароо ынтызарлана түшөт. Такып сурап калышат. Мадамин аке:

– Менде бар, сатып окусаңар болот,– дейт карагүчкө кайдыгер сүйлөп. Ынтызарлык шаштырган чайкорлор менен аскиячылар жабыла күркөгө жөнөшөт.

Деги Мадамин аке бу жагынан ашкан айлакер киши. Аны жөнөкөй сатуучу деш натура болор эле. Биринчи иретте ал – пропагандист. Ал орусча, өзбекче, кыргыз-

ча окуй алат, ушул үч тилде чыккан басма сөздөгү кызыктуу материалдар менен кабарлашып турат, анан келген кишиге илбериңки сунуш кылат.

Биз көп эле күркечүлөргө кез келип жүрбөйбүзбү. Алар келип-кеткен кишилер менен иши жок, эмнени сатып атканы менен да иши жок, зериккен кейпи менен отура беришет. Атүгүл кээде кандай жаңылыктар бар экенин сурап калсаң:

– Көзүңүз жокпу, көрүп турбайсызбы! – деп корс этсендер да бар. Тилекке каршы, бар.

Мадамин аке – аябаган сыпайы сатуучу. Анын элпек кыймылдары, жылдызы жанган кара тору дидары, саал ак чалган кара муруттары негедир адамды өзүнө тартып турат.

Мен жыл сайын тууган кыштагыма барам, ошондо жолдон Мадамин акеге тийип өтөм. А киши экөөбүз көпкө маектешип, чер жазабыз.

Былтыр жайда Мырзакеге кетип баратып, Кара-Суудагы он беш мүнөттүк тыныгууда күркөгө чуркап бардым. Жабык экен. Бурула берейин дегенде, көзүмө бир тааныш сүрөт чалдыга түштү. Карай салсам – Мадамин аке! Кара кителчен, кара мурутчан, ала топучан кейпи менен башын саал бир жакка кыйшайтып муңайым карап турат. Ал республиканын Байланыш министерствосу атайлап чыгарган агит-плакат экен. Анда газеттин супсак тили менен «өзгөндүк эпкиндүү күркөчү Мадамин Кочкаровдун ийгиликтери, тажрыйбасы, пропагандисттик ыкмалары» жөнүндө баяндаптыр. Акырында семиз кара тамгалар менен республиканын бардык күркөчүлөрүнүн андан өрнөк алууга чакырыптыр.

Мен окуп алып, кубандым. Баарынан да айлык пландарын 500 процентке дейре аткарганы мага жага бербей калды.

Деги кайсы тармакта иштебесин өз планын ушунча аткарган кишини угуп көргөн жан эмесмин.



Өзгөндөн кайтып келатып, коштошкону Мадамин акеге бардым. Даярдап алган суроомду бердим:

– Сиздин ушунча ийгиликке жетишип жатканыңызга эмне себеп? Башкы себебин айтып бериңизчи?

Ал саал ойлоно түштү.

– Баары адамдын өзүнөн. Кайсы иште болсо да адам өзү бийик адеп-ахлакты сакташ керек. – Мени түшүнбөй калды деди окшойт, сөөмөйүн чочойто көтөрүп орусчалап койду: – Надо быть высоким нравственным человеком. Самому надо быть!

Жолдо келатып ушул адамдын тагдырын ойлодум. Ойлонуп отуруп, бу жарык дүйнөдө мааниси аз майда иш жокпу деп калдым. Эгер адам жан-дилин бүтүндөй берсе, ар кандай көзгө майда көрүнгөн иштен кадыресе чоң маани, кадыр-барк, канимет таба алгыдай.

Негедир италиялык революционер Томас Кампанелла эсиме түштү. Ал «Күндүн шары» деген утопиялуу китебинде келечектеги жакшынакай адилеттүү коом тууралуу укмуш көксөө, укмуш ишеним, укмуш шык менен сүрөттөп жазган. Ошол эңселүү коомдун адамын айтып келип: «Ар бир киши, кайсы гана кызматка даярдалбасын, аны эң бир ардактуу иш катары аткарат» деп олуялык кылган.

Мадамин Кочкаров менен таанышкандан кийин Кампанелланын эңсегени азыр кыялдан реалдуу чындыкка айланып баратканын даана сезе түшөсүң.

## II

Жакында эле Мырзаке деген район бар эле. Эми ага таң каласың. Ал түгүл күлкүң келет: хе, ушул алакандай жер кантип район атанып турду экен, я? Айла барбы, турганы чын. Ал гана эмес, илгери жыйырма жети колхозу болгон дешет.

Мырзаке – табияттын мээримине бөлөнгөн жер. Кыртышы: семиз кара топурак, түзөңдөрү суудан өксү

болбойт, жамгыр дайыма зарыктырбай жаап турат. Кургакчылык дээрлик жок болот. Жайында түнөргөн токойлору күн көрсөтпөй, ой-тоосу буралган калың чөпкө тунуп калат. Берекеси бетине төгүлүп турган жер.

Бирок ушуга карабастан, мурдагы колхоздор мамлекетке белчесинен карыз болгон, бир грамм эмгек күн бөлбөгөн, араң эле кыбырап турган кедей чарбалар болучу. Алардын антип калышынын көп себептери бар. Ошентсе да, айыл чарбасын жакшы билген, эл үчүн ак пейлинен күйгөн адистердин жоктугу баарынан көп кедери тартты окшойт.

Бир күнү ылайды чачырата чапкылап биздин кыштактын көчөсүнөн чабармандар өттү.

– Эй, кеңсеге баргыла! Совхоз болобуз!

– Райондон киши келди! Жыйналышка жүргүлө! Баткагы көлкүлдөп жаткан жолдун чекеси менен абайлап басып, колхозчулар илең-салаң конторага жөнөдү. Колхоздун атайлап салган конторасы да жок болчу. Ошондо конторанын милдетин аткарып турган үйдү мурдагы раис өзүнө салдырган. Анан ал жемекейлигинен камалып кетип, илгери үмүт менен салдырган тамы колхоздун менчигине өткөн. Ошол тамдын алдына азыраак эле адам жыйылды. Суук кабар күткөндөй элейишип, алда неден чоочуркагандай үрпөйүшүп, отурарга жер жок болгондуктан тикесинен турушту. Сабактан чыгып, мен да барып калдым.

Конторанын ичинен кара тумакчан бир киши чыкты. Элди карап күлүмсүрөдү да, бир-эки ирет тамагын жасап койду. Анан сүйлөй баштады. «Мойнума тагылган милдеттен кутулуп жатам, силер капа этпессиңер!» деген өңдүү көңүлдөнбөй бош сүйлөдү. Сөзүнүн аягын акыры күн тартибиндеги маселеге апкелип такады:

– Эми силердин өзүңөрдүн ортоктош малыңар, көптөн бери жыйнаган ортоктош байлыгыңар өкмөткө өтөт, мамлекеттин менчигине өтөт. Ошону мамлекетке



өз ыктыярыбыз менен өткөрүп беребиз деп кол көтөрүп коюшуңар керек. – Ал угуп тургандар жакшы түшүнбөй калды деди окшойт, минтип кошумчалап койду: – Колхоздун байлыгы силердики эле да, ошону эми өз эркиңер менен мамлекеттин карамагына өткөрүп берип жатасыңар да.

Ошондогу бир учур, мага унутулгус таасир калтырды. Колхоздукун эмдигиче өзүмкү деп ниетинде эсептебей жүргөн биздин кыштактын дыйкандарынын сезимине ушу баары көптөп кураган байлык чын эле өздөрүнүкү экени, эми аны чын эле ошо бойдон мамлекетке өткөрүп жатканы ошол минутада ушунчалык таамай жетти окшойт, алар бир саамга эмне кыларын билбей, бири-бирине суроолуу карап, үрпөйгөн калыбында кыңырылып туруп калышты. Анын үстүнө эски менен коштошуу кыйын болот окшобойбу. Көтөрүм жылкыдай алсыз болсо да, бир грамм эмгек күн бербесе да, оңолчу түрү көрүнбөсө да, колхоз дегениң не кылган менен сырдана, жыт сиңишкен нерсе эле да. Эми «совхоз» деген сөз аларга чоочун, туюк, коркунучтуу туюлду. Анан алар ортоктош байлыгын да, тагдырлаш колхозун да кыя албай, дароо кол көтөрүп жибере албай же такыр кол көтөрбөй коё албай, нес болуп туруп калышты.

– Мага сөз берчи!

Менин абам Дыйканбай ушинтип бак этти. Ал өзү эски раис, ошо кезде үйүндө отура албай оңкулдап бош жүргөн чагы эле. Ал майпаңдап басып, тамдын айбанына көтөрүлдү.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

– Сапкоз андай экен, сапкоз мындай экен деген бекер кеп. (Ал сөзүн жай баштады) Андай балтай-шалтайлар илгери колхоз болордо да болгон. Бир төшөккө жатат деп, бир казандан аш ичет деп. Ошо бизди корккан колхозду да көрүп бактык. Мына ушу тургандар баарыбыз эле калкоздон көгөрүп, калкоздон этегибиз

ИНВ № 487255

узарды. (Ал турган элге демите суроо берди.) Кана, колхоз боло электе кимиңин он-он бештен шайы жууркаnyң бар эле? (Эл унчукпай туруп алгандыктан анын үнү жумшара түштү.) Кудая шүгүр, азыр жаман эмеспиз. Үй-оокатыбыз доңуздай эле тың. (Өзүн-өзү ырастап күлүп койду.) Чын да анан! (Кайра олуттуу боло калды.) Эми мына сапкоз болуп атабыз, дагы да жаман болбойт. Өкматтын көзү бар, ал бизди жаман жакка сүйрөбөйт. Советский вылас барда эч качан жаман болбойт! (Ал бир азга токтоло түшүп, кайра колун шарт алдыга сунду.) Ана ошо себептен сапкоз болобуз деп, мал-жаныбызды өкматка өз ыктыярыбыз менен өткөрүп беребиз деп, баарыбыз кол көтөрөбүз!

– Туура, туура!

– Өткөрүп беребиз, өткөрүп беребиз!

– Дыйканбай ырас айтат!

Кыңырылып тургандар жапырт кол көтөрүп, анан бир оор жүктөн бошоно түшкөндөй, маңдайындагы күңүрт нерсе жаркырай түшкөндөй өздөрүн эркин сезишип, кажы-кужу сүйлөшүп, карс-карс күлүшүп тарай баштшты...

Эртеси эле элдин кеби жаңы уюшулган совхоздун чоңдоруна ооду. Өзгөн райкомунун мурдагы экинчи секретары Дядюченко директор болуп дайындалыптыр дешти. Бир аз күндөн кийин башка чоңдор тууралуу сөзгө кезек келди. Баарынан да совхоздун башкы экономисти Жакып Исабаев жөнүндө дуу-дуу кептер көп айтылды.

– Мырзакедеги Ысабайдын баласы икенемис дейби – ошонусу болуптур. Ошто чоң иште экен, чакыртып алышыптыр. Маскөөдөн окуп келген дешет.

– Китеп эле окуй берет экен. Көзүнүн курчун алдырып коюп, эми көз айнек менен окуйт экен.

– Анысын ким билет, сапкоздун чоңдору ошо баланын оозун карап отурат экен. Бир шырыктаган машинеси менен лубой эсепти кемпир шабдаалы жегиче чыгарып коёт экен. Кысталак, башы баш окшойт!

– Орусчаны орустардан кыйын билет турбайбы, балаң түшкүр! Кечээ обулустан чоң папкечен бир орус келген экен – орусча сүйлөп атып эле отургузуп койду.

– Мырзакенин орустары «ой, умный», «ой, карошый», «ой, мындай кыргыз көргөн эмеспиз» деп баш чайкашат. Бала балажан окшойт!

Мындай легендаларды көп уккамын.

Элетте легендалык адам болуп кетиш анча кыйын эмес. Кокус өзүң деле байкабай адаттан тышкары бир иш кылып койсоң, ага ар түрдүү учуруулар кошулат да, бат эле атың эл оозуна кирип, ылакапка айланат. Эсимде, согуштан кийинки катаал жылдар болсо керек, биздин Көлдүктөгү бир киши килейген чоң чара толо жүгөрү жарманы (аны эл «атала» деп атайт) бир ууртам калтырбай ичип койчу экен. «Бисмилляны» айтып ичсе топук болот дегенден улам кашык менен ууртаган сайын «бисимилда, бисимилда» деп какшанып отуруп эле түгөтүп койчу экен. Убагында ошо кишинин ысымы бүт районго легенда болуп кеткен. Ал тургай дагы эле айтышып калат. Баса, бир отурушта бир чанач кымызды кебелбей ичип койгондор, бир койдун этин бир жеп туруп кеткендер элетте кадыресе баатырлык катары аңыз болуп жүрбөйбү. Ошол себептен айылдан уккан легендаларга анча ишене бербейм.

Адегенде Исабаев тууралуу айтылган сөздөрдү элеттин кезектеги легендасы деп анча этибар алган эмесмин. Бирок мен кичине кызыгып да калдым. Кээде ичимен: «Бир байкап көрүш керек эле», – деп койчумун.

Анда байкап көрө алган жокмун.

Мурдагы жылы Мырзакедеги жаңы баш кошкон кыз-жигиттин тоюнда бирге отуруп калдык.

Элестетип көрсөңөр болот: август айынын көгүлтүр коңур кечи, жапжарык кенен бөлмө, бөлмөнүн төрт

тарабына тең кыдырата койгон столдор, берекеси жайнаган дасторкон. Анан бири-бирине ыктап тыгыз жайлашкан эркек-ургаачы аралаш жаштар. Ортодо өзүн ыңгайсыз сезип, айыптуу күлүмсүрөп, күйөө бала отурат, жыбылжыган колукту уялып жер карайт. Эмнегедир тымтырс. Баары тең үн катпайт. Ууртаган чайдын шор эткени гана шоокум салат. Баары тең бири-биринен кысынгандай, бирин-бири сынагандай керилишип, куду чай кайнатканы жаңыдан койгон суу сыңары мелтирешет.

Отуруштардын көбү ушинтип башталат.

Чайдоостун түбүн жалын аймалаган сайын суунун ичи жыбырап, бети билинер-билинбес электене баштайт.

Бокалдар бошогон сайын дене жазылып, кабыркубур сөз чыгып, кысылыш жоголот.

Чайдоостун түбүн жалын аймалаган сайын суунун үстүнө майда тамчылар аңтарылып чыгып, мукам үн берип чызылдай баштайт.

Бокалдар бошогон сайын күлкү арбып, бака-шака түшүп, зыңылдаган ырга келет.

Баары кылыксынып, баары мелтиреп отурганда, мен ысылап костюмун желбегей жамынып алган Жакып Исабаевди астыртан баамдай баштадым.

Анын турпатында жылдыздуу сыпайылык, интеллигенттүү маездик бар. Ак жуумал бетинин ымдары назик бүткөн. Анча курчу жок уяң көздөрү электр жарыгына жалт-жулт эткен көз айнектин нары жагынан дүйнөгө сонуркап карайт. Токтоо кыймыл-аракетинен кадыресе маданияттуу чөйрөнүн тарбиясын алганы байкалып турат. Мырзакелик айчүрөктөрдүн баары ага ашык окшойт, алар кылгырган көздөрүнүн кыйыгын улам Жакыпка жиберип, ал карап койсо, жетине албай жылмаңдашып, ал сүйлөй электе эле күлгөнгө камынышып, дегеле бактылуу отурушту.



Отургандар сармерден баштап калганда, Жакыптын алдына ыр келди. Ал ыр билбестигине шылтоолоп, анекдот айтып бермек болду. Апендинин бир жоругун айтты эле, күлкү чакырган жок. Күлгөнгө камынып турган айчүрөктөр гана күлүп калды. Калгандары күлө албай элейип, бири-бирин карашты. Бир бетке чабар чунагы бар экен, таңдангандай мостойгон кейпи менен отургандардан сурады:

– Эми мунун эмнесине күлсө болот?

Эл ошондо кыраан-каткы түштү. Жакып өзү да чын пейлинен каткырып күлдү.

Анан ага тост көтөрүү кезеги келгенде, ал ордунан турду да:

– Кыргыз жаштары азыр түтөп турат, а жалындап күйүш керек! – деди.

Кызып алган немелер дуулдап көтөрүп жиберишти. Мен чайдын суусу шарак-шарак кайнап, отургандар бири-бири менен иши болбой калганда жылт берип кетип калдым.

Эртеси таңзаардан уйкум чала канып турарым менен эсиме Жакыптын түндөгү сөзү кылт этти. «Кыргыз жаштары азыр түтөп турат, а жалындап күйүш керек!» Ушу менен анын эмнени айтайын дегенин түндө эле ачык түшүнө албай койгонмун, бирок ал сөздөр кандайдыр бир жакшы ырдын сабындай кулагыма жылуу учураган. Чыныгы поэзияда сөз менен айтып түшүндүрө албаган, маанисин үлбүрөгөн мунарык чалган, бирок негедир уккан сайын толкундана берген саптар көп кезигет эмеспи.

Ошол сапар Жакып Исабаевди жакшы байкай алган жокмун. Эсимде анын көз айнеги, сулууча жүзү, маез бою гана калыптыр.

Былтыр барганымда Кашкабайды издеп «Алга» совхозунун конторасына кирдим.

Кашкабай – кыргыз университетинин студенти, болочок экономист, менин эски досум. Биздин совхозго

атайын суранып бир жылдык практикага барган. Фрунзеден кеткенден кийин кат-кабар болбогондуктан, жолугуп коёюн дегемин.

Ал бир жакка чыгып кетиптир. Азыр келет дешкенден, күтө баштадым. Совхоздун өткөнүн, азыркысын, келечегин көрсөткөн диаграммаларды бир сыйра көз менен кыдырып чыктым. Репродуктордон мен тааныган бир артист ойкуштанып бир аңгемени окуп кирди эле, мен бурап өчүрүп таштадым. Сүйлөшүп жаткан эки жигиттин бири мага наразылык менен карап калды.

Эшиктен Жакып Исабаевич кирди.

Кол алышып, учураштык.

Ал төр жактагы өз ордуна өттү да, ачылуу жаткан китебине үңүлдү.

Азыр эле сүйлөшүп жаткан тиги экөө да кагаз бетине үңүлүштү.

Кабинетте бир азга жымжырттык өкүм сүрдү. Телефон шыңгырады.

Жакып Исабаевич трубканы алды да, ким чалганын билген соң саламдашып, ал-жай сурашып, анан чубалжыган цифраларды айта баштады. Мен анын эске тутуу жөндөмүнө эрксизден көз арттым.

Кайра да тынч боло түштү. Бир кашка чымын айнекке урунуп даңылдап жатты. Мен бекер отургандан зериге баштадым. Кайра дагы бир жолу диаграммаларды карап чыгып, эмне кыларымды билбей омсоңдой бердим. Менин жадап отурганымды Жакып сезе койду. Ал менден бирдеме сурады. Жооп бердим. Мен андан бирдемени сурадым. Ал да жооп берди. Ошентип, сүйлөшө кеттик.

Мени совхоздун экономикасынын кээ бир маселелери кызыктырды. Ал салмактуу, жай сүйлөп түшүндүрө баштады. Бара-бара ал кызып, эргүү менен сүйлөп, сүйлөгөндө уяң көздөрү кылгыра түшүп жатты. Дагы да анын карандай цифраларды эсине сактап жүргөнүнө суктандым. Анын ушунусунан эле өз ишин жакшы билгенин, өз кесибин чын жүрөгү менен сүйгөнүн байкаса болот. Деги эске тутуу өнөрү – натуранын чачкын эмес, жыйнактыгын көрсөткөн касиет.



Бир кыйла убакыт маектештик. Дүйнөдөгү көп нерселерди козгоп жибердик. Мен азыркы учурдагы адабият жөнүндө дегеле каадалуу билерманча кеп салып бердим. Экөөбүз тең билгенибизди марттык менен аянбай төгүп жаттык. Жашырганда эмне, экөөбүздө тең бири-бирибизге өзүбүздү көрсөтсөк деген тымызын ниет бар эле.

– Кашкабай кандай, андан дурусураак экономист чыккыдайбы? – дедим мен.

Жакып Исабаевич кичине ойлоно калып, анан шашып жооп бере баштады:

– Дурус, дурус эле. Зээндүү бала, кыйнап иштетип жатам.

Бирок ал Кашкабайга анча ыраазы эмес экенин дароо билип алдым.

– Кичине жалкоорок го?

– Жалкоо деле эмес. – Ал дагы ойлоно калды. – Мен анда ар нерсеге кызыгуу азыраак дээр элем. Мен өзүм практиканы Кара-Суунун «Кызыл-Шаркында» өткөргөнмүн. Кечке чейин иштеп, кечинде темир жолдун шпалдарын санап шаарга жөнөчү элем. Шаардын китепканасындагы экономикалык китептерди бүт аңтарып, Ош менен Анжияндан жаңы адабияттарды издеп, көргөндөрүмдү окугандарым менен, окугандарымды көргөндөрүм менен текшерип, анализ кыла берчүмүн. Ошондо көп нерселерди түшүнүп алганмын. Бир кыйла өсүп калганымды сезе түшкөнмүн. Жаның менен берилип иштеген күндөр эсиңде калып калат экен. Ошол күндөр дайым мага жакшы көрүнөт, сагындырат. Менимче, Кашкабай ошо менчилеп иштебей жатат. Иштесе, өзүнө пайда эле да.

Ушу сапар барганымда гана Жакып Исабаевич менен жакшылап тааныша алдым.

Экөөбүз далай ирет сүйлөштүк. Анын сөздөрүн угуп отуруу өзүнчө сонун. Сен капыстан экономикалык түшүнүктөрдүн дүйнөсүнө киресиң, анан сага караманча маанисиз көрүнгөн терминдер кол менен кармалап көргүдөй предметтүү боло түшөт. Блок айткандай «муздак цифралардын ысык илеби» кадыресе сезилип кетет. Өз илимин өзү жасап алгандай жакшы билген адам гана ушундай шык менен айтып бериши мүмкүн.

Аны угуп отуруп, бир ойго келдим.

Бу экономист дегениң чарбанын философу окшойт деп калдым.

Билерсиңер, философ жеке илимдердин негизги закондорун жалпылап келип, алгылыктуу бир философиялык тыянак чыгарат.

Анын сыңары жакшы экономист да чарбанын ар кыл тармагынын табиятын, өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн алаканга салгандай билмейинче, аларды терең анализ аркылуу жалпылап чыкмайынча, өз милдетин аткара албайт. Ал эми анын милдети эле ушул: аз убакыттын ичинде аз эмгек сарп кылып, көп пайда, көп киреше табуу.

Жакып Исабаевичти айыл чарбасынын бардык тармактарын адистерден кем билбейт дешет.

– Оо, ал агрономияны менден жакшы билет! – деди бир жаш агроном.

– Жакып Исабаевич, агроном да, зоотехник да болуп иштей алат! – деди практикант Кашкабай.

Бир күнү барсам, ал бир китеп окуп отуруптур.

– Ал кандай китеп?

Ал мага күлүмсүрөй карады да, китепти бүктөй кармап, мукабасын көрсөттү. Финансы маселелери тууралуу жазылган илимий китеп экен.

– Өгүнү жалаң финансисттердин арасына кошулуп калдым. Алар талаша кетишти эле, мен аңкайып отура



бердим. Уяла түштүм. Ансыз да финансовый билимим жок экенин сезип жүрчүмүн.

Ал китебин кайра окуй баштады.

Жакып Исабаевич кызыкпаган нерселер бу дүйнөдө аз эле болсо керек. Бирок ал билгендеринин баарын ойгелди таштап атпай, өз илими менен тыгыз байланыштырат. Ар кандай буюмга ал экономисттин көзү менен карайт.

– Мен адабият китептерин чолом тийсе окуп калам, – деди ал бир күнү мага. – Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын баштан-аяк окуп чыктым. Кыргызчасын окуй элекмин. Орусча окуп жүрөм. Жакшы жазат. Көз алдыңа келип турат. Айдалган талааны сүрөттөгөнү такыр эсимен кетпейт. Мен аларды окуганда тойбой калам. Өтө сулуу жазат. Өтө романтикалуу. Мен окугандан кийин мага бир пайда берген китептерди жакшы көрөм. – Ал «пайда» деген сөздү баса айтып мага карап койду да сөзүн улады. – Мына Данил Гранindин романдары мага жагат. Окудуң беле? Жактыбы сага? Жакпай калдыбы? Билбейм, мага жакты. Көп пайдалуу нерселерди билип алдым. Балким, мен адабиятты анча түшүнбөстүрмүн.

Ал өзү алдын тороп эскертип жаткан соң унчуккан жокмун. Чынын айтсам, анын жадагалса ушу адабияттан да бир пайда тапкысы келгени мени негедир маашыркантып жиберди.

Ырас, Жакып Исабаевич кызыктуу киши. Анын жүрүм-турумунда ой-кыялында, сүйлөгөн сөздөрүндө азыркы замандын маданияттуу адамынын жакшы белгилери бар. Ал бир кезде Москвадан алгандарын жоготпой, кайра өнүктүрүп, байытып, күчөтүп келе жатат.

Жакып Исабаевичти эстеген сайын менин эсиме дагы бир ал теңдүү эле жигиттин тагдыры түшөт.

...Ал экөөбүз бир кезде ынак элек. Менден эки курс жогору окуса да, биз эмнегедир жакындашып кеткенбиз.

Анын атасы дөөлөттүү киши эле. Андан акча үзүлчү эмес. Бирок көп эле дөөлөттүү адамдардын балдарынча дардактап ойноп кетпей, ынтаа менен дурус окучу. Анан маданияттуу болом деп өлгүчө аракет кылчу, классикалык музыканын пластинкаларын жыйнап, дүйнөдөгү бардык нерселерден кабардар болуп, советтик жаш адам өзүн кандай алып жүрүү керектигин үйрөткөн брошюралардан таалим алып, эл окуган китептерди тытып окуп, соңку мода менен жарашыктуу кийинип жүрчү. Коомдук иштерден калчу эмес, ар бир диспутта чыгып сүйлөчү. Курсташтарынан өйдөсүнүп текебер карачу. Кээде минтип кайгырып калар эле:

– Эми буларды карабайсыңбы? Эчтекеге кызыгышпайт. Кесме менен жарма ичип, карт кекирип жата беришет. Бозо гана жетишпейт. Беш жыл ушинтип өтөт. Анан айылдан кандай келсе, ошо бойдон кайра айылга кете беришет. Көп болсо бир диплом ашырып кетишет экен. Минтип жүрсөк өсө алабызбы? Эми ушунубузду качан таштап, качан адам болобуз?

Түтөгөн каңырыктан чыккан ушу сөздөрдө кичине кербездик менен катар чындыктын үлүшү да болор эле.

Ал экөөбүз Фрунзени көгүлтүр ымырт басып, көчөлөр үлбүрөгөн агыш шоолалуу мунарыкка бөлөнүп турган чакта сейилдеп жүрүп, кыядана берчүбүз. Биздин кыялдарыбыз да көчөнүн агыш шоолалуу көгүлтүр мунарыгындай сырдуу, татынакай, тунук эле. Кыялыбызда кылактаган назик кыздар, бүлбүл этип бизди азгырган келечек, алыс-алыс саякаттар, элге арналчу бийик-бийик иштер жашачу. Чырымтал элек, романтик элек. Биз чыкканда көчөлөр дайыма үлбүрөгөн агыш шоолалуу көгүлтүр мунарыкка бөлөнүп турчу. А биз акырын басып кыялдана берчүбүз...

Ал окууну бүтүп кетип баратканда, өзүм узатып чыкканмын. Чала уйкулуу көздөрүндө гана муң уюп,



өмүрүнүн гүлгүн беш жылын өткөргөн шаарды кыя албай кабыргасы кайышып турду. Мойнунан байлагандай кыңырылып жатып, самолётко араң чыкты.

Биринчи катында шаарды аябай-аябай сагынганын, Өзгөндүн жаш балдары «стиляга! стиляга» деп айрөктөп бир километрге чейин ээрчип алганын, деги ичи бышып, кусалыкка чыдай албай араң эле жүргөнүн жазыптыр. Экинчи бир катында жергиликтүү кадр катары көтөрүлгөнү жатканын билдирген эле. Анан андан кат шарт үзүлдү. Сыягы, көтөрүлүп кетип, мага кат жазганга да чолоосу тийбей калса керек.

Мен бүтүп барганымда, ал аздыр-көптүр кайра «элеттеше» түшкөн экен. Илек-илек буттанып кызыл өтүк кийип алыптыр. Базардан карпа-күрп жолугуп калды. Дурус эле саламдашты.

– Айылга бараттык эле, шашып турам. Эми бир жолу келипсиң – сүйлөшө беребиз. Шаршемби күнү кабинетиме кел. – Ал көгүш түстүү «Победаны» карай басып баратып, кара кучкө «сыпайгерчилик» кылып койду. – Жүрбөйсүңбү, биз жакка барып ойноп келелик.

Мен дагы кара кучкө шылтоо таптым:

– Ой, кол бошобой атат. Эми ушу жерде эмеспизби, мейманчылашып аларбыз.

Жашырганда эмне, ичимен тырчый түштүм: «Тигини, кабинетине кел дейт! Дегеле каадалуу чоң баштанып...».

Бирок ага ишим түшүп, барууга туура келди. Бир аз сүйлөшүп отургандан кийин:

– Өзгөрүп кетипсиң го? – дедим мен.

– Койчу? – Ал анткор таңданып койду. – Өзүмө сезилбейт. Өзгөрсөм өзгөргөндүрмүн. Адамбыз да, чөйрөгө баш иебиз. Айланаңа карап иш кылбасаң да болбойт. Элден чыгып каласың. Аа, балам, али башың жаш. Турмуш акең баарын өзү түшүндүрөт. Мурдуңан эшек куртуң бат эле түшөт. Көрөм сени да! Мен деле жаңыдан

келгенде сенчилеп дымактуу элем. Өзүмдү кыйын саначу элем. Ээ, айтканда эмне, турмуш акең өзү үйрөтөт.

Мен аны менен талашайын деп, кайра сабыр кылдым. Баары бир аны жеңе алмак эмесмин. «Ким билет, мунун айтканы да чындыр», – дедим ичимен.

Бирок анын жүргөн-турганын карап туруп, өтүмдүүлүгүнө тем бердим.

Ал «турмуш акесин» бат эле билип алган көрүнөт, колунан бирдеме келгендерден каалаганын көчөдөн кармап алып, колтуктай басып, буйтка жерге алпарып стакандашып, тең атадай мамиледе экен. Жоомарттык жагынан атагы чыгыптыр: кезеги келгенде акчанын көзүнө карабай төгүп-төгүп таштайт экен.

Бир күнү дагы бир жолу айтып жүргүдөй мартчылык кылып ресторандан чыгып келатып, мага дегеле сырдаштык сезим менен көзүн кысып койду:

– Атасынын көрү, акчаны акча табат...

Ал эл оозуна аты кирип, «жигиттин гүлү» делип, бир кыйла кадыр алып калыптыр. Баркы бар адамдардын жанында жүрсөң, өзүңдүн карыганча кадырың жоктугуңу катуу сезип, капаланып кетесиң. Мен ал таанышымдан четтей баштадым. Ал да мени өзүнө тартайын деп жан талашкан жок.

Жазга жуук бир жолу Өзгөндөн Көлдүккө кайтып баратканмын. Көтөргөнүм балдарга сатып алган үч таңгак китеп. Өтүгүм кончунун жарымына чейин баткакка чыланган, үстү-башым бүт ылай. Шалпайган кейпимде салпактап машина чыкчу жолду карай келатканмын. Артыман кууп жеткен «Виллис» менден саал өтө берип токтоду.

– Кел, түшүп ал!

Тааныш үндү угар замат чочуп кеттим. Ушул кейпимде анын үстүмөн чыгып калганына ардана түштүм. Башка машинаны кечке күтүш керек, анан «Виллиске» отурууга туура келди.



– Аа, китеп ташып жүрөсүңбү? – Анын оозунан майлуу манты менен арактын өткүр жыты урду. – Бу өзгөрүп кетипсиң го бат эле? Ыкшып күлүп калды. – Бу баягы дымак кайда? – Дагы ыкшып күлүп калды.

Алагүү достору анын күлкүсүн коштоп жөнөдү. Негедир шарактаган чоочун күлкүлөр мени сүрдөттү, жалгызсыратып, кемсинтип таштады. Сүйлөргө сөз таба албай, ошол минуталарда чын эле кейпимдин бечаралыгын аябай сезип, өзүмдү-өзүм аяп да кеттим. Табаланган арым ичимден тыбырчылап көтөрүлүп, араң токтотуп турган сабырым чарт жарылганы даяр турду.

Ал болсо өзөк өрттөнгөн кер какшыгын жөнөтүп коюп, улам ыкшый берет, алабарман достору аны коштоп каткырып калат. Бир кур анын ата-жотосун калтырбай ашата сөгүп, экинчи жүз карашпас болуп, анан машинадан түшүп кетейин деп ниеттендим. Бирок ошентишке даай албай койдум. Олдо менин жалтактыгым а-ай!..

Мен түшүп калып, машина алда кайда узап кеткенде да, табалаган күлкү кулагымда чуулдап турду.

Жайында мен мугалимдиктен бошонуп, көчөдө бейгам кудуңдап баратсам, ал алдыман чыкты.

Мен жаш балача токтоно албай мактанып жибердим:

– Фрунзеге кетип атам.

– Поздравляю, поздравляю. – Ал мени куттуктап койду. – Кай жерге иштейин деп атасың?

– Аны кудай да билбейт. Жөн эле кетип баратам, тобокелге салып.

– Кызматтын дайыны жокпу? – Ал таңдана карады да, бирдеме демекчи болуп туруп, кайра айнып кетти. – Келчи кабинетке. Бир сөз бар. Бу саам анын кабинетке чакырганы менин көтөрүңкү көңүлүмдү кайт кыла алган жок. Мен кудуңдаганымдан жазбай, бейгамдык менен калжаңдай бердим.

– Тигини! Тигини! Тим эле министр! Эмне кылсаң ошол кыл, кабинетиңе барбайм. Мен кетип атам. Эсиңдеби, баягы кечтер? Мен ошо кечтерге кетип атам. Эмне кылсаң ошо кыл – кабинетиңе барбайм!

– Тамашаны коё турчу. Келчи. Келсең.

Мен тамашага чалып, калжаңдай бердим. Ал бүткүл турушу менен наразы боло түштү:

– Эми ушинте бересиң. Мен серьезно айтып жатсам...

Анын чын жүрөктөн айтканы мени дароо олуттуу кылып жиберди:

– Качан келейин?

– Мына мен раисполкомго эле кирип чыгам. Барып отура тур газета окуп.

– А, хоп-хоп, таксыр.

Ал кабинетине шашылыш кирди.

– Мен Саламаликке баратам. Иш чыгып калды, – деди ал столунун тартмасын кулпулап жатып. Анан чий калпагын кийди. – Эми кеп мындай сен Фрунзеге барбай эле кой. Иштин деле дареги жок экен. Шаар – көрө жүргөн эле шаар да, дегеле оңолбойсуң, өсө да албайсың. Кал. Мен бир иш таап койдум.

– А кандай иш экен?

– Жакшы иш. Трамплин. Бир секирсең эле областка учуп түшөсүң. Дагы бир секирсең Фрунзеге жетесиң. Фрунзеге барганга жараша жакшы барыш керек. Кадыр-барк менен, байлык менен, квартира менен. Жалгыз көйнөк, жалгыз шым менен коколой башыңды көтөрүп баргандан эмне пайда? Кетип баратыпсың, быйыл бир костюм да ашыра албасаң керек. Давай, кал дагы, кызматка орнош. Калганын мага кой.

– Ой, ушу менден чоң чыкпайт ко... Ага да шык болуш керек да.

– Токтоп тур. Эч кандай шык-мыктын кереги жок. Эл менен чоңдорго кандай жагышты билиш керек. Андан башка...

– Ой, ошентиш эле оңой бекен?



– Токтоп тур. Кыйын деле эмес. Сен экөөбүздөн начар адамдар деле эптеп-септеп чоң кызматтарда иштеп жүрөт – мен көрүп жүрбөйүмбү. Чоң болуш үчүн анчалык ашык акылдын деле кереги жок. Адамдар менен жашашты гана билиш керек.

– Кокуй-ой!.. Сен тим эле...

– Койсоңчу тамашаны! Мен серьезно айтып жатсам, а сен... Угуп турчу: мына мен ишке анча-мынча аралашып калдым. Бу райондук чоңдордун аки-чүкүсүн бүт билем. Жалгыз болуп жатам. Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. Биз чогулушубуз керек. Биз өсүшүбүз керек. Жер биздики, эл биздики. Качанкыга чейин эле Өзгөндү башка бирөөлөр бийлей берет. Давай, кал. Өзгөндү эки-үч жылда бүт өзүбүз ээлейбиз.

Мен андан тамаша менен кутулуп кетейин дедим эле, бирок анын кууланбай-шумданбай чын пейилден айтканы мени олуттуу жооп беришке аргасыз кылды.

– Мен билип турам, – дедим суз гана, – сен ушунун баарын мага жакшы санап айтып атасың. Аныңа ырак мат. Бирок мен кала албайм. Андай иштер колуман келбейт. Кызыкпасам эмне кылам?

Азыр эле сүйлөп жатканда мээрим чалган анын жүзү дароо мисирейип, ишеним чачырап турган көздөрү илепсиз тикчие түштү. Өзүнүн эч кимге айтпаган жашыруун сырларын кызып кетип мага лап айтып таштаганына ичи ачышты, баятан берки кылган аракети бошко кеткени ызасын келтирди. Анын бүткүл турпаты чоочун, текебер, өктөм боло калды.

– Болуптур, – деди ал кекеткен үнү менен, – барганда эле сага иш даяр турганын көрөрмүн. Фрунзеде экиүч ай иш таппай темселеп, кайра келесиң. Сага окшогондор аякта өтө көп. Жакшылык тилеп жатса... Болуптур, жакшы бар. – Ал күлөйүн деп тырышты эле, күлкүсү күлкү болбой калды.

Бирок анын олуялыгы ордунан чыккан жок. Фрунзеге келерим менен бат эле ишке орношуп алдым.

Кийинки жылы отпускага барганымда, аны Мырзакенин сайынан кезиктирдим. Жайында эс алышка ошол сайдан артык жерди табыш кыйын. Токойлуу тоо жылгалары менен жайлоодогу мөңгү суусунан жаралган Жазы дайрасы аласалып агып жатат. Суу туптунук, салкын, көгүлтүр. Жээги бүтүндөй ысык кум. Айланасы жыш бадал.

Сууга чөмүл. Ысык кумга оона. Үстүңдө куду суу сыңары тунук көгүлтүр асман. Өрттөнүп турган аптаптын жалын аралаш шоолалары денеңди ысытып, жыргалга мемиретет, дүйнөнүн кулпурган көркү көзүң аркылуу ичиңе куюлуп кирип, жаныңды мээримге толтурат; бир заматка өмүр бою мойнуңа минген түйшүктөр эсиңен чыгат, бала чактагыдай бактылуу бейкапарлык сени ээлеп алат; ошондо жашоо жыргалын бүткүл турушуң менен сезесиң, өлгүң келбейт, ысык кумдун үстүндө көгөргөн тунук асманга карап жата бергиң келет!

Жайында Өзгөндөгү чолосу тийген адамдардын баары ысылап Жазынын сайына кирип кетет. Мен да кирингени Мырзакенин тушундагы сайга түшүп, бир компаниянын үстүнөн чыгып калдым. Бир топ жыңалач киши трусычан малдаш токунуп отурган экен. «Виллис» сууга кирип барып токтоптур. Дасторкондун ордуна жайылган газетанын үстүндө тилим-тилим коондор, помидорлор, тууралган муздак эттер. Кырдуу чоң стакандарда толтура арак. Суунун ичинде тордомо коондор менен көгүлтүр бутылкалар жатат. Ал суудан чыгып келатыптыр. Мени көрүп:

– О, фрунзелик келип калды, – деп койду. Анын үнүнөн кубаныч да, нааразылык да сезилген жок.

Өз ордуна барып отурду эле, эткээл жонунан жылтыраган тамчылар майланышып кулап түшүп жатты. Шөлбүрөгөн трусысы түктүү сандарына жабышып, кичине чыгайын деген курсагы күлгөн сайын салмак менен болкулдап турду.



Жанындагылар, көрсө, жан-жөкөрлөрү экен. Анын оозун эле карап отурушат. Лепилдеп кызмат кылышат. Ал бирдемени айтса, коштоп күлүп калышат. Ичкенде, ал ичип ийгенден кийин ичишет.

– Көлдүктөн болот. Фрунзеде иштейт. Жазып коймой өнөрү бар.

Мени тигилерге ушинтип тааныштырды.

Анан ал наркы четте отурган бир мурутчан жашамал адамды кажый баштады. Мурутчандын бир кытыгылуу жерин таап алган бейм, улам эле мен түшүнбөгөн бирдемелерди табышмактантып какшыктап калат. Беркилер дуу күлүп жиберишет. Мурутчан калп эле өзүн зордоп уялымыш болуп, мурутун сылагылап айыптуу күлөт:

– Койсоңчу, койсоңузчу эми.

Бир пастан кийин ал бир жолку отурушта арак ичип, эл баары тараганда да кадимкидей сопсоо отурганын ырахаттанып, маашырканып айта баштады. Тим эле бир зор эрдигин айтып жаткандай мактана сүйлөйт. Мен аны угуп отуруп, кокус башыма түшкөн ойдон чочуп кеттим: «Бул ушуларын айтып берет, а мен карыганда кайсы жигитчилик эрдигим айтып балдарга мактанам, ыя?..»

Деги сөздүн көбү ичкилик, чоңдордун кылык-жоругу, акча сыяктуу маселелердин айланасында жүрүп жатты. Жолдошторунун баары анын алдына үч бүгүлүп, кошомат кылып, ар бир какшыгына күлкүлөрү келбесе деле күлүп отурушту. Мен өзүмдү бир аз чоочун сезип, ага кошомат да кылбай, кылапат да айтпай, тим отурдум. Бир кезде ал жин тийгендей мага асыла баштады. Кычык-кычык какшыктарын мени карай астыртан атып калат. Жан-жөкөрлөрү дегеле болбой каткырып калат. Бирок менин териккеним да, урушканым да жок. Мен тим гана анын баягы окуп жүргөндөгүсүн эстеп отурдум. Анда ал маданияттуу болушка жан-алы калбай талпынган, бийик-бийик максаттарды көздөгөн, билим

алсам дегенде жантыгынан жата калган дилгир неме эмес беле? Анда аны түшүнчү эмес экенмин. Көрсө, ал маданияттын да, билимдин да сыртынан гана алып, алтындын буусу жалатылган буюмдай жаркыраган бойдон шаардан айылга келе бериптир. Турмушка урунганда буусу сыйрылып түшүп, ичи-тышы окшошуп, өзүн кыйын санаган айылдык арсыз мыкчыгерлердин бирина айланыптыр. Мен анын ушунусуна негедир кейип кеттим. Ал дагы эле мени какшыктап жатты...

Былтыр жайында каникулга барып, Өзгөндө ага бир топ киши менен көчөдө турган жеринен жолуктум. Учурашып, экөөбүз тең бири-бирибизге: «Окуу кандай? Ал-ахвал кандай!? Иш кандай?» дегендей суроолорго суз гана жооп бериштик. Нары жактан бир абышка бүжүрөп келип, ага кайрылды. Ал олурая карап, жийиркенгендей күңк деп жооп берди. Абышка жалтаң этип, кайра бүжүрөгөн бойдон басып кетти. Тургандардын бирөө аския айтты эле, ал оорлошуп калган денесин солк-солк эттире күлүп калды. Өзү да анча деле куйкуму жок кер какшыктардын астыртан жылдырып, ошого моокуму канып жатты. Мурдагыдан дагы эттене түшүптүр. Көздөрүнүн айланасы ак көпшөк тартыптыр. Анын бүткүл турушу: «Өзүмө да, тагдырыма да, кызматыма да, жадагалса аялыма да ыраазымын, бу жалган дүйнөдө эч кандай арманым жок» дегенсип тысырап, текебер зыңгырап турду.

Ошондон бир жума өтпөй мен жумуштап Ошко жөнөп калдым. Куйкалап жаткан күндүн табынан качып, автобустун жолун тосуп, жарыбаган көлөкөсү бар кара жыгачтын түбүндө турсам, артыман анын тааныш үнү кулагыма шак этти:

– Эй, кайда барасың?

Жалт карай салдым. Ал жеңил машинанын жан айнегинен башын чыгарып турган экен.

– Ошко баратам.

– Кел түшүп ал.



Анын айкөлдүгүнөн отказ кылайын деп барып, кайра ысыктын күнүндө үч саат үлүлдөй араң жылган автобуста аябай эзилеримди эстедим да, түшүп алдым.

Бу адам дегениң кызык эле неме го! Башкасын айтпайлы, кээде сага бирөө тамак алып берип койсо да, ага өзүңдү аздыр-көптүр милдеткер сезип каласың.

Менин аны менен сүйлөшкөнгө анча кушум жок болчу, бирок машинасына түшүрүп алгандан кийин өзүмдү кичине милдеткер сезип калдым белем, ал унчукпаса деле сөз козгой баштадым. Утуру эле бирдемелерди божурап сурап калам. Ал чалкалап отурган калыбында көңүл кош чорт жооп берип коёт. Үч-төрт жолу ошенткенден кийин пейил күткөн немеге обу жок сүйкөнүп, атүгүл анча-мынча көшөкөрлүк кылып ийгенимди сезе коюп, өзүмө аябай жиним келип, жаагымды жап бастым.

Машинанын алдынан бензиндин аптапка бүкшүгөн коңурсук ысык жыты каптап, терезеден керимсел ызылдап уруп турду. Мен андан нары үн-сөз катпай, саратанга саргарып күйүп акактап жаткан адырларды, жалбырактары солуңку тартып шалпайган сейрек дарактарды, алыстан уюлгуп жыбыраган закымдарды уйкусураган көздөрүм менен ыргылжың карап бара бердим...

Ошко жеткенде ал бир чоңдун фамилиясын атап, ошого киререин айтты. Ушунусу менен «жетерин жетип алдың, эми түшүп кетсең да болот» дегенчелик кылды. Түшүүгө камынып жатып, ошо чоң менен анча-мынча тааныштык жайым барын эстедим. «Атайы арзып келаткан зарыл жумушума жардам береби?» – деген үмүткө азгырылдым.

Кабылдоо бөлмөсүндө бир аз күтүп туруп, экөөбүз тең бирге кирдик.

Чоң менен Фрунзеде эки-үч мертебе конокто бирге болуп, атүгүл анын бир жарыбаган ишине жарап бергенмин, ага кошумча катары мен жөнүндө болор-болбос

мактоо сөздөр уккан көрүнөт, жолукканда ал-жайымды сурап, эпилдеп калчу.

Бу саам да мени көрөр замат – ордунан туруп, күлүмсүрөй утурлай басып, илбериңки ийиле берип, кол алышты. Кошо кирген ага көңүл бурбай, менин ал-ахвалымды, ортоктош тааныштарыбызды, жаңылыктарды сурай баштады, бала чагынан бери бирге өскөн эски ынагын көргөндөй жадырaңдады. Мен да а чоңдун сырдаш адамындай тартынбай сүйлөп, тамаша айтып, өзүмдү эркин кармадым.

Чоңго зарыл жумушумду айттым эле, ал ошо күнү көңүлү чак-чак болуп, жакшылык кыларга киши таппай турганбы, ойлонбой туруп эле мен барчу немеге записка жазып, колума карматты.

Алкыш айтып, дегеле каадалуу кишиче салабаттуу коштошуп чыгып баратып, дарбазанын оң жагында турган ага кол бердим:

– Ыракмат... Жеткирип койдуң кыйналтпай.

Ал негедир жалооруй түштү:

– Токто, бирге кетебиз. Мен азыр эле чыгам.

Экөөбүз бир сааттан кийин почтонун алдынан жолугушмак болдук. Ишим түшкөн киши менен анчамынча кызаңдаша кетип, көңүлүм буулуп, азыр эле жаркырап турган дүйнө эми караңгы көрүнүп, почтонун алдына келдим. Ал машинасы менен күтүп туруптур. Күлө багып, жайдары сурады:

– И, иш кандай?

Мен наразылык менен бурк эттим:

– Жаман.

– Койчу?

«Акбуура» ресторанынын тушуна келгенде, шофёруна токтот дегендей ишаарат кылды.

– Оокаттанып албайлыбы? – деди мага.

Ресторанда отурганда ал мага адаттан тышкары жалпаңдай баштады. Бир заматта зыңгыраган текебер кейпинен, каада күткөн жай кыймылынан ажырап,



кыймыл-аракети илбериңки, жөпжөнөкөй элпек мамилелүү адамга айланды. Эмне үчүн ал бат эле минтип өзгөрө түштү?

Тамактын биринчисин ичип бүткөндө, салфетка менен оозун аарчып жатып:

– Сени шифер таппай жүрөт дейби? Мага ким айтты эле? – деп, ким айтканын эсине түшүргөнгө тырышып кабагын түйдү. – Бирөө айтты эле.

– Ай, табылчудай түрү жок.

– Мага айтпайсыңбы – байкап көрөт элем.

– Сен Өзгөндө шифер таап бермек түгүл жакшылап алик албайсың анан.

Ал эриндерин ачпай, бир-эки мертебе денеси менен солк-солк күлүп тим болду.

Бир аздан кийин:

– Сен тиги Н. менен кандай таанышсың? – Ал жанараак экөөбүздү кабыл алган чоңдун фамилиясын айтып, абайлап сурады. – Ал сени аябай мактап салды го?

Мен ага жалт карадым. Ошо замат анын баятан берки мага кылган бир башкача элпек мамилесин түшүнө койдум. Ичимен күлүп, кайра жиним келди. Тиги чоң мени, чынын айтыш керек, анча деле билчү эмес, билсе да бирөөлөрдүн сөздөрүнөн улам билчү, анын үстүнө, мага анын мактаганы да, жамандаганы да бир тыйынга арзыбай турган. Тааныштыгыбыз да жайынча эле тааныштык болчу. Бирок маңдайымда отурган анын дароо өзгөрүлгөн кебетесин карап туруп, көпкөлөң боз уланча мактангым келип кетти да, ага жок жерден эле өзүмдү тиги чоң менен тең ата дос кылып, ал гана тургай Фрунзедеги атактуу кишилердин көбүнө кадыр-баркым бар кылып көрсөтө баштадым. Менде кара таштын кадыр-баркы болсунбу. Фрунзеде чоң кишилердин бирөө да мени таанибайт, ошентсе да калпчынды аралаштырып койгулаткан сайын анын көзүнө беделим улам көтөрүлүп баратканын сезип, ошого жетине албай, фантазиямдын оозун бош коё бердим...

Ошто далайга чейин айланышып жүрүп, күн салкын тарта баштаганда гана кайра жолго чыктык. Аны-муну кобурашып келатып, ал эмнегедир дагы ачылып, арыз-муңун айтып кирди.

– Колдогон кишиң болбосо кыйын экен, – деди ал муңайым, – домкраты барлар шарт-шарт жогору жакка секирип кетип жатышат. А бизге окшогон колдоосу жок шортекелер басылып жатат.

Мен кичине таң калдым: капырай, ушу өзүнө-өзү ыраазыдай көрүнгөн бактылуу адамдын дагы арманы бар экен а!

Ал божурап арыз-муңун айтып баратты. Анын айткандары менин кыжырымды козгоп баратты. Оюм уйгу-туйгу болуп, жалгызчылыкты самап калмай адатым кармады. Такыр эле сүйлөшкүм келбей калды. Ал арыз-муңун айта берди. Мен унчукпай бара бердим.

Эртең менен эле анын менчилеп үн-сөз катпай келатканы эсиме түшүп, эми мен аны тууракансып калганымды баамдай койдум да, бырс күлүп жибердим.

Ал сөзүн токтотуп, мага күлүмсүрөй ормойду:

– Эмне болуп кетти, капырай? Мен бирдеме деп ийдимби?

– Жок, жок өзүмчө эле. Эски бир окуя эсиме түшүп.

Канткен менен ал куу неме. Менин калп эле эски окуяга шылтап койгонумду билди, бирок унчуккан жок. Бир гана уурту кекердүү жыйрыла түштү.

– Башка сөз сүйлөшөлүчү, – дедим мен ага. – Ушуларды уга берип ишенесиңби, жадап бүттүм.

Башка нерселерди сүйлөшө баштадык эле, негедир сөзүбүз шар акпай туруп алды. Деги ага ошо күнү эмне болгонун билбейм, бир пастан кийин кайра муңканып кирди.

– Мен артта калдым, – деди ал. – Ушинтип жүрө берсең артта калат экенсиң. Мен дагы аспирантурага кирип алсамбы?



Менин жиним келди. Кийинки учурда кай бирөөлөрү аспирантураны дегеле илим деген үч уктаса түшүнө кирбеген дейди адамдардын баш калкалай турган сыйынты болуп кеткендей көрүшөт. А буга менин жиним келет.

– Эмне, мен кире албаймбы? – деп такыды ал.

– Кире аласың. Бирок сен али кызматыңдан кулай элексиң да. Кулаганда кирсең болот.

– Бу мени какшыктап жатканың го?

– Жок, ак пейлимен эле айтып жатам. Кандидат эле болгуң келсе, кызматтан кулаганда кир. Ага чейин иштей бер. Балким, чоңоюп да кетерсиң. Эгер илимге кызыксаң, ушу жерде жүрүп деле көп нерсе бүтүрө аласың. Айылда иштегендердин көбү кандидат болуп жатпайбы.

– Россияда же дагы бир башка жерде болбосо – биздин шартта кыйын. Өзгөндүн шартында. Кана, кимди айта аласың бизден?

– Пожалуйста, Исабаевди.

– Кайсы Исабаев?

– «Алга» совхозунун экономистичи.

– Жакыппы? Биздин Жакыппы?

– Биздин эле Жакып.

– Чын элеби?

– Чын эле Жакып Исабаев жакында экономикалык илимдердин кандидаты болот. Аспирантуранын теориялык курсун сырттан окуп бүтүрүп, ушу тапта диссертациянын үстүндө иштеп жаткан чагы...

Ал Өзгөндөгү мал чарбасы жагынан специализацияланган совхоздордун, албетте, биринчи иретте өзү иштеген совхоздун экономикалык абалы менен иш тажрыйбаларын ийне-жибине чейин иликтеп, тирмейе анализдеп, жыйынтыктап, ушунун негизинде совхозду башкаруунун, пландаштыруунун, уюштуруу системасы менен эмгек акы төлөөнүн эффективдүү жолдорун издөө менен алек болуп жүрөт.

Эч кимге жашыруун сыр эмес, көп эле диссертациялар корголгондон кийин практикага ныпым пайдасы тийбей, архивдерде чаң басып кала берет, көп болсо айрым главалары илимий жыйнактар менен журналдарга жарыяланат, бирок алардын деле өндүрүштө иштеген адистердин делебесин козгоп, кандайдыр жакшы жумуштарга шыктантканы сейрек жолугат. Жакып Исабаевдин диссертациясы турмуш менен тыгыз байланышкан, анда совхоздор тармагындагы ар кандай адистерге практикалык кеңештер берилет, республикабыздагы жетимиш процента рентабелдүү эмес совхоздордун рентабелдүүлүккө бара турган даңгыр жолу көрсөтүлөт. Бир сөз менен айтканда, Исабаевдин диссертациясы азыкты китептердин беттеринен эмес, турмуштун терең катмарынан алган пайдалуу эмгек болмокчу.

Анын диссертациясы тууралуу мындан артык эчтеме айта албаймын. Жакып көп эле нерселерди жандили менен түшүндүрдү эле, бирок экономикалык маалыматы жок, нары абстрактуу ой жүгүртүүгө чабал кишиге анын баары жетиши кыйын экен. Анын үстүнө, мени ар кандай диссертациядан мурун аны жазган адам дайыма көбүрөөк кызыктырат.

Мен Жакып Исабаевичти жакшылап баамдап, мүнөзүнүн уруңтуктуу белгилерин кармайын деп калганымда, бир болор-болбос окуя андан нары байкоону улантышка жолтоо кылды.

Мунун баарына айыптуу – практикант Кашкабай.

Бир күнү анын Мырзакедеги жаман квартирасында кажылдашып отуруп, экөөбүз Жакып тууралуу узак аңгемеге түштүк.

– Мага ал аябай жагып калды, – дедим мен.

Кашкабай аны жерге-сууга тийгизбей мактай баштады. Мактайын деле деген жок, жөн гана өзү жакшы санаган, атүгүл кудайындай көргөн адам жөнүндө эмне билсе, ошону чын пейилинен тамшанып айтып жатты.



– Мен жаңыдан практикага келгенде, көп нерсе билчүдөй кыйынсынып жүргөнмүн, – деди ал бир да диалектилик сөздү кошпой, таза адабий тилде сүйлөшкө тырышып. Анын ушундай адаты бар. – Анан Жакып Исабаевич менен иштеше баштаганымда, өзүмдүн көп нерсени билбегенимди сездим. Деги Жакып Исабаевич кыйын. Аны менен кошо жүрсөң, кандайдыр жакшы болгуң келип кетет, иштегиң келип кетет, көп нерсе билгиң келип кетет!

Кашкабайдын ушу сөздөрү мага катуу таасир берип жиберди. Чынында да жаныңда жашагандарды өз жүрүм-турумуң менен жакшы жакка чакырып турсаң кандай сонун! Мындай таалай ар кимдин эле ыкыбалына туш келе бербес.

– Мен а жөнүндө очерк жазам! – дедим түз эле ошо жерден. Кашкабай эртеси Мырзакенин көчөсүнөн жолугуп, мага сүйүнчүлөй кетти:

– Очерк жазам дегениңди Жакып Исабаевичке айтып койдум.

Мен капылеттиктен шалдая түштүм: «Тобо, ичине кылдай сыр жашыра албаган адамдар да болот экен-а!»

– Эмне деди айтсаң?

– Кызык болуп кетти. Уялгансып алдастай түштү. Мен очерк жазамбы, жазбайымбы – ага Жакып кайдыгер караса керек эле. Албетте, мактоо кимге гана жакпасын. Кээде сени бирөө көзүңө эле мактаса, а көзгө мактаганда дайыма калп аралаш болорун билип турсаң да, анан канчалык жупунуланып тетири кол шилтесең да, баары бир ичиңде кандайдыр жылуу сезим калат эмеспи. Бирок керт башың адатка айланган майда-чүйдө жалган көз караштардан бошотуп, чындыкты илимийби, нравалыкпы, турмуштукпу же көркөмбү – айтор, бир чындыкты – жаны кашая издеп жүргөн адамга бир мезгилде ушундай бир тайманбастык жаралат, ошондо ага мактоо да, жамандоо да таасир бербей калат. Менин

байкашымча, Жакып Исабаевич ошондой адамдардын сортунан.

Мен кээ бир журналисттерге суктанам. Алар эмгектин бир алдыңкы адамына барып, түз эле: «Сиз жөнүндө жазганы келдим» деп айтып ишенчиликтүү болсун үчүн чөнтөгүнөн журналисттик удостоверениесин сууруп чыгышат экен. Менин удостоверением жок. Болгондо да анте алмак эмесмин. Мен антиштен коркам. Барган адамың, а жөнүндө жазарыңды билип алган соң дароо өзгөрүлүп, маш жеген короздой какайып, жалаң гана жакшы жактарын көрсөтүп, акылдуу сүйлөп туруп алса кантесиң? Көп учурда ушундай болот да. А мен айкөл жаны, дилгир жүрөгү бар адамдарды айыпсыз айыптары менен көргүм келет. Дестилляция кылынган сууну жаман көрөм. Кадимки дайра суусун жакшы көрөм. Баса, көп мыкты адамдарды майда чабалдыктары дайыма көркүнө чыгарып, ого бетер сүйкүмүн арттырат. Ушуну байкадыңар беле?

Кашайгыр Кашкабай Жакып Исабаевичти бекерге чочутуп койду. Балким, чочуган деле эместир? Балким, ал ошондон кийин деле өзүнөн өзгөрүлмөк эмес чыгар? Бирок эмнегедир өзүмчө ийменип, мурдагыдай даап барып аны-муну сурагандан тартындым. Барайын деп чыгынып жөнөсөм да, ичимдеги өзүм билбеген бирдеме бутумду тушап туруп алды.

Ошентсе да, кайтып келе жатып иштеген жерине коштошкону бардым. Жакып Исабаевич мага кетип бараткан кишиге демейде айтчу сөздөрдү кайталады. Сыпайгерчилик үчүн эшикке узатып коёюн деп кепкасын кийди эле, эскилиги жетип телпейген кепка анын шымданбай бош коё берген модалуу көйнөгүнө, ичке шымына, көз айнектүү сулууча жүзүнө коошпой, интеллигенттүү маез келбетин дароо бир башкача кызык көрсөтүп жиберди...



# УКСА АЧУУЛАНАТ

*Аңгеме*

Макембай жаңы салынып жаткан клуб тараптан ачуусу таркабай, майпаңдап чайпала басып үйүнө келди. Кага алабыз деп чатырлык тунукелерди иштен чыгарган ашкеби усталарга рейкалык ничке тактайды ала чуркап жулунуп, буркан-шаркан түшкөндө зырпзырп этип, сай-сөөгүн өрттөп жиберген жамбаштагы оорусу да басаңдаган жок.

Тамдын бийик айбанына чыгып, жөлөнгүчү жок орундукка көчүк басар замат шамалдын толкуну ылдыйтан шукшурулуп келип эшиктин алдына урунду. Аердеги какыр-чикир, кубулгөн жалбырак аралаш чаң куду бирөө шыпырган өңдүү көпкө дейре жер бойлоп учуп барып, анан мектептин тушуна жеткенде куюн болуп көккө көтөрүлүп, ары-бери оолжуп шуулдаган мырза теректерди каптап калды.

Макембай канталай түшкөн көзүнүн кыры менен бу тентек кубулушту узатып койду. Оорунун айынан жайын-кышын үстүнөн түшүрбөгөн ичик тонун кымтыланып, жеңдерине кайчылаштыра киргизген колдорун тизесине такап бүкчүйдү да, чырт түкүрүп, башын гана өөдө көтөрдү. Кумсарган жүзүнө билинер-билинбес темгилденип кызыл жүгүрө баштады. Удаама-удаа чамынып келип тийген шамалга куду кирген индюктай үрпөйө калып жаткан барпагай балаты алмаларынын саргыч-карагүрөң, али сабагы бекем жалбырактарын көрүп: «Кысталак, түшпөдү го, эми оор кар жаап, үшүк урганда анан кубулуп түшөт», – деп ачуусун унутуп, жай гана ойлонду. Андан өйүздөгү жылгасы көп, аңы-

райган чоң жары бар бийик бетке назары түштү. Каркайган бугу мүйүз жаңгактардын текши бышкан көккул сары жалбырактары камгактай калдаңдап алда кайда кайып жатты. Тоонун кыры менен барабар салаңдаган коргошун түс оор булуттардан саал эле төмөндө самсып учуп бараткан сансыз көп таан карарган асманды ого бетер карартып, улам нарылаган сайын көздөн кайым болууда...

Макембай кайра жер карап, дагы чырт түкүрдү да, муңкана түштү. Ушу менен ал канча мертебе таандарды узак сапарга узатат! Баягыда кара топурак, чирий баштаган аңыз, ачуу эрмен жыттанган суук адырда күздүк айдап жүргөндө да таандар ушундай уу-чуу менен самсып өтүшчү. Анда ары жаш, нары куландай соо чагы экен: ысык-суукту тоотконду деле, оорудум-чарчадым дегенди деле билбептир, жалгыз атка араң жүк болгон көрөнжеренин артынып, колхоздун иши десе кырмандан-кырманга, адырдан-адырга көчүп жүрө бериптир. Баса, кайсы жыл экени эсинде жок, деги ушу маал эле, күздүктү айдап бүткөн соң адырдан өндүрдөгү үйүнө көчүп келатып, жолдо жаш зайыбы менен чатакташа түшкөн. Жин тийгендей дароо бууракандап, ачуусуна чыдабай атка артылуу орун-төшөнчүнү чалды-куйду бырыксытып чачкан. Чукул ачуусу бат эле сээлдегенден кийин ал айыптуу ылжайып, баягынын баарын күдүндөп өзү чогултуп, тердеп-тепчип атка артып, кайра жол тарткан...

Азыр ошондогу эски окуяга күлөм деп башын көтөргөндө, жамбашы дагы ийне сайгандай зырп этип, жүзүндө жайнап келаткан жылмаюу куду ачуу зарнадан зааркангандагыдай бузулуп кетти.

– Ох! – Эрдин тиштене калып, кабагын чытып, катуу онтоду да, ичинен зээни кейип наалыды. «Ээ, курулай эле ачуулана берипмин да. Деги кулуп[1] жакка кайдан

[1] *Кулуп* – клуб.



барып калдым? Эми адебими куп жейм. Доктур катын чын айткан экен, чын айткан экен...»

Мурда ал оорусунун себебин көкбөрүдөн көрүп жүргөн. Заманында ал айтылуу улакчы эле. Бир катар жыл колхозго башкарма болсо да, аны «Макембай-Раис» дешпестен, ар дайым «Макембай-Улакчы» деше турган. Анда кеч күздөн тартып кыш бою көргөн-бакканы улак болчу. Жер дүңгүрөп, аргымак аттар көкүрөк тирешип, көк буу булоолоп, бел майышкан катаал, бака-шака, башаламан топтон керели-кечке чыкчу эмес. Айкырып-өкүрүп, өлөрүнө карабай жанын сабап, өзүн унутканча берилип чаба берип, кечкурун ылайга, аттын көбүктөнгөн шор терине буланып, сасык тер жыттанып, бети-башынын бир жери камчы же аттын башы тийип жарылып, бүткөн бою жанчылып, ырп этерге алы калбай келчү. Эртеси белим, жамбашым деп туралбай, очорулуп жатып калчу. Бирок улактын каңшаарын угар замат, токтоно албай, аттанып кетер эле.

Тийип-качып кармаган оору сүзөктүү дартка айланганда, ал көпкө дейре улакты каргап жүрдү. Бирок Өзгөндүн чоң врачы – балканактай давердес[1] сары катын ал оорусуна даттанып барган сайын: «Сеники радикулит, а радикулит ушу нервдан булат, хазир сеники джинь келеть-сеники кунь-кунь авруйт, сеники джинь кельтирбейт-сеники хамузум аворумайды» – деп кулагына кумдай куя берчү. Анда ал врачтын сөзүн жанына жооткотчу эмес: «Жо-жок, меники сага ишенбейт. Меники ооруну өзүм билем. Меники оо маладой чакта жинди болгон, күн-күн улак чапкан, меники оору ошондон ооруйт. Мен оо уруштан көп нервинийлер көргөн, алар эмне үчүн ридикүлүт болгон эмес?»

Кийинчерээк доктордун сөзүнө ичинен ынана баштады. Катуу ачууланып койсо, эртеси жамбашын көтөрө албай, боздой берет. Анын үстүнө, жаздагы бир ачуусу...

[1] *Давердес* – олбурлуу.

Жазга жуук бир кур жакшы сакайып кетти эле. Кашааларын жаңылап, алмаларынын эркектеген бутактарын кальчатка[1] кылып, чолосу тийгенде атчан нары-бери бастырып – деги кайра туулгандай оңуп калган. Бир күнү азыркы башкарма атайы үйүнө бастырып келди. «Макембай аке, оңолуп алыпсыз, эми, кой дарылайбыз, ошого баш-көз болуп, каралашып бербейсизби?» – деди. Башкарма көрсөткөн ызатка жетине албай, дароо кой мончого жетип барды. Үч-төрт сомодой жигит ноого кой түшүрүп жатыптыр. Койлорду тосмолоп, «кош-коштоп» кыйкырып, нары-бери удургутуп, ноого киргизе алышпайт. Макембай аларга ат үстүнөн карап бир пас турду. Беркилер дагы эле түшүрө албай убара. Макембай чыдаган жок. Аттан оонап түштү. Өтүгүн көз ачып-жумгуча чечип ыргытты. «Силерде баш жок!» – деп кыжына сөгүнүп, дүрбүккөн койлорду четтен кучактап кармап, дары чыланган ноого таштай баштады. Ошо күнү кечке чейин кралини кылкылдаган сууну кечип, муздак цемент басып жүрүп, эртеси эле кайра жамбашын көтөрө албай жатып калды.

Ошондон бери доктор катындын сөзүнө катуу ишенип, өзүнүн ачуусуна аябай нааразы. Жакшы эле сактанат, бирок кээде, байкоостон эрктен тайып кетет. Өгүнү жаңы салынып жаткан клубка көзөмөлчү кылып коюшуп, тапкан пайдасы бүгүнкү ачууланганы болду.

Макембай күндүн бузулганына муңдуу карап, көңүлү кыжыл болуп көпкө отурду. Далысы курушуп чыйрыга баштаганда гана ордунан күч менен көтөрүлүп, ичкериге жөнөдү. Босогодон эле үйдүн жылуу деми бетине урунуп, бышкан алманын назик аңкыган жыты мурдуна тийди. Кепичин чечип, дайым салынуу турган калың төшөккө оонай кетти. Денеси бир аз жылып, курушканы тараганда, жамбаштагы оорусу мемиреп басыла баштады.

[1] *Калчатка* – эркек бутактарды кесүү.



Тышта шамал күңгүрөнө чамынып, кез-кез терезенин айнектери кылдырт-кылдырт этет, тамдын аркасындагы бой тирешкен мырза теректер созолонуп кайгылуу шуулдайт, ошол созолонгон шуу аста өчүп барып, бир пастан кийин капыстан дуу көтөрүлөт. «Кысталак, калкоздун малы эмне болду экен? – деди ал ичинен камтама болуп, – малчыларың түшкүр жакшы көзөмөлдөбөй, бүгүн бирди-жармы буюгуп кетпегей эле...»

Суу болгон үзүктөй салмактуу чепкенинин этектерин шамал далбак-далбак кайрып, бети-башы көгүш тартып үшүп, бороонго аралаш колхоз малдарын кыдырып, малчылар менен урушуп-табышып бакылдашып жүргөн кайран күндөрүн эстеп ичи бышты. Ыңгыранган бойдон берки жамбашына оодарылып кетти.

Чыканактап жаагын таянган калыпта тыштагы шамалга кулак түрүп бир кыйла тунжурап жатты эле, бир маалда кулагы катуу чыңылдап жиберди. Ал селт чочуду. Тунжуроодон ойгонуп, абага сиңген назик алма жытын дагы сезди. Өзүнчө мулуң этип күлүп койду. Ордунан күчөнө шап туруп жөнөдү. Четки бөлмөдөн бышкан алманын, жаңы самандын, сыз жердин өткүр жыты, муздак илеби ичиркенте бетке урду. Макембай бурчтагы катмар ящиктердин аяк-быягын бир жери кемибеди бекен дегендей омсоңдой карады да, эң үстүңкү ящиктен пыр-сыры менен бир чок алма сууруп чыкты. Аны жеңине аарчып-аарчып, эки-үч мертебе оп тартып жыттады. Жаны жыргай түшкөндөй мардая түшүп, алманы колу менен салмактап-салмактап эркелетти.

Кайра келип төшөккө жатты. Дагы эле бороон тышта күңгүрөнө уңулдап, терезенин айнектерин кез-кез кылдырттатат. Ал боюн жазып чирене керилип коюп, колундагы алмадан качырата бир тиштеп алды. Ширесине тамшанып чайнап жатып алманын бооруна түшкөн тишинин изин көрдү да, мулуң этип койду. Мээнеттин үзүрү деген ушу да. Башкармалыктан бошонуп, ушуерге

жаңы дубал салам деп камынып, ушул алмаларды адеп эгип жатканда, элдин көбү шылдыңдаган. Башкалар түгүл ушул өзүнүн эле катыны Канышай: «Мээси шишип каяктагы чыбыктарды эгип атат», – деп күлгөн. Макембай да оозу шок адам го: «Аа, көрөрсүң, буюрса, ушул жыйырма түп алмадан беш-алты жылдан кийин туура бир тонна алма алам, беш сентирин бала-чака, айыл-апа менен жесек, беш сентирин сатып жеп жата берем», – деп тамашалап, өзүнүн сөзүнө өзү маашырканып каткырган болучу. Аны эшиктин алдынан өтүп бараткан Айыниса угуп калып, күйөөсү Кушубакка: «Капырай, тиги бабыр акем талаага чыбыктарын сайып алып, эмитен эле акчаларын эсептеп атат», – деп айтып барыптыр. Кыйыр иниси Кушубак ыгы келсе-келбесе деле сүйлөй берген неме. Төрт адамдын башы кошулган жерде: «Макембай акем алма сатып байыйт, Макембай акем алмасын антет, Макембай акем алмасын минтет», – деп капыялап[1] эрмек кылып жүрдү. Какшыгын жылдырып коюп, дегеле чоң иш бүтүргөн кишиче ыкшып калар эле. Баарынан да баягыда бир тойдо аны сөзгө жыгып, алмасынан козгоп обу жок какшыктап, анан табалап ыкшып күлгөнүчү! Баарынан да кимдин ким экенин аңдабаган ары жоктордун аны коштоп каткырганы өтпөдүбү! Макембайдын ичинен ызалуу кыжыр көтөрүлдү. Алмадан дагы бир кыжына тиштеп үзүп алды да, ордунан шарт тура келди. Алманы маймаңдап чайнап, бир оор абалга арга издегендей бир дем ойго батып туруп, анан эшикке кыйкырды:

– Каныша-аай!

Ачуулу чыккан ничке добуш үйдүн аркасынан үзүлсозул угулду:

– Эмне?!

– Бас бери!

Бети-башына көгүш боёктуу акиташ суусу чачырап, көйнөк-кечеси так-так болуп булганган ыраңдуу жа-

[1] *Капыялап* – шылдыңдоо.



шамал аял колуна актагыч щетка кармап, ачыган акиташтын кескин жытын ала кирди.

– Ии, эмне эле айкырып атасың?

– Аа, бүтөйүн дедиңби? – Ал аялынан кайдыгер сурап коюп, анан буйрук берди, – бүтсөң, тез нан-паныңды даярда, эл чакырабыз.

Аялы тирмеңдей түштү:

– Бороондуу күнү кычабай тим отурчу! Быягынан жааны жаайм деп, тыягынан үйдү актап бүтө албай жүдөп-какап атса... жөн эле обу жоктоно бересиң!

Макембайдын көзүнүн канталаганы көбөйүп, бетинин отундагы кызыл саал өчө түштү. Бул түрүнөн аялы да жалтаң этип, тайсалдабыраак калды.

– Астахпурулда! – деп Макембай бир пас буулуп тургандан кийин өзгөрө түшкөн үнү менен тобо келтирди. Оозуна сөз кирбей, азыраак туталанып туруп:

– Бар, бара бер, баарын өзүм бүтүрөм! – Ал чечкиндүү кол шилтеп, сыртка табыштады – Карабек!

Чаңга буланган он жашар бала чуркап келип, ата-энесине алма-телме көзүн жалжылдата карап туруп калды.

– Барып Кушубак акеңи катыны менен чакыр, кечкурун биздикине келсин. Анын айылдагылардын баарын чакырып кел, болуппу?

Бала шуу жөнөй берди.

* * *

Кең мейманкананын ичи кандуу шорпонун мурун жарган ширелүү жытына капталды. Заматта дасторкондун четтерине булоолонгон чоң пиялалар тизилип калды. Жыгач чара толо козунун эти удаалаш келди. Ооздор ишке киришип, азыр эле кабыр-шабыр жүрүп турган сөздөр бир саамга тып басылып, үйдүн ичин чалпылдата чайнагандагы, шоркурата уурттагандагы

итиркей келтирген шоокум гана бийлеп турду. Улам эңкейе калып дасторкондон нан алган сайын тегерек тартып отургандардын калдайган кара көлөкөлөрү дубалдын бетинде алда кандай арбаңдай түшөт.

Макембай шорпосунан эки-үч ирет уурттаган соң, үстүнөн илең-салаң буу көтөрүлүп турган чараны алдына тартты. Кармалаганда күйүп кетип жаткан колдорун улам-улам үйлөгүлөп, эттин ысык деминен бетин улам ала качып, эт бөлүштүрө баштады. Кез-кезде эттен кесип, оозуна салып коёт.

Эт аксакалдата үч абарадан[1] тартылды. Жиликтерге колдор сунулду. Кээси маки менен, кээси тиши менен эле үзүп-жулкуп жеп киришти. Жаактар тыным албай чулчуңдап жатты.

Чийбаркыттан галифе шым, аскерче китель кийип, чыкчыйып мандаш токунуп отурган шляпачан ынды кара неме устуканын:

– Уулуңузга, Карабек мырзага алып бериңизчи, – деп көчүгүн элпек көтөрө коюп Канышайга сунду. Төрдөгү момоюп отурган эки абышка белге байланган жоолуктарын чечип, жиликтерин бапестеп ороп, кайра курчанып алышты. Көздөрү шоролонгон арыкчырай катиңкиси карт кекирип, кудайга күңгүрөнө шүгүрлүк айтты. Меймандардын бир даары дасмалга кол аарчып жатса, бир даары ууртун «чыйп-чыйп» эттирип тиш чукуй баштады. Баарынын өңүндө кампая тойгондон кийинки манчыркаткан ныксыроо пайда болду. Ыйламсыраган балыгыр сары жигиттин уйкусураган коймолжун көздөрү «мен аябай тойдум, эми эчтеке жебейм» дегенсип токпейил күлүңдөп турду.

Бүткөн бою балкып көшүй түшкөн Макембай жамбаштап кынтая кетти.

– Куш келипсиңер, меймандар! – Ал оозун жыйып ала электе бир чоң табак алма алып оозгу үйдөн аялы

[1] *Үч абарадан* – үч кишиге бир табактан.



кирди. Эзилип бышкан алманын жыты аптыктыра бур этти. Отургандардын өңүн билинер-билинбес омсоңдоо аралады. Канчалык карабаска аракет кылышса да, бейбаш көздөрдүн кыйыгы лимон түстөнүп саргарган алмаларга кадалды.

Канышай пияладай чоң алмаларды бошогон дасторкондун бетине элпек гана чачып таштады.

– Алма жегиле, – деп жылмайып, ызат көрсөттү ал. Алмаларды көрөр замат көздөрү чачырап, жүзү жайнап кеткен Макембай баарынан озунуп алмага кол салды. Аялы тырчып, кабагын бүркөдү да, тирмеңдеп кагып да жиберди:

– Жутунбай меймандарды ал десең, каапыр!

Отургандар ыңгайсыздана түшүп, эмне дешти билбей, калп эле көчүктөрүн копшоп козголуп коюшту. Кагып ийип, кайра артынан жалтактап калган Канышай:

– Ырас да анан! – деп актангандай карагүчкө күлгөн болду. Макембай аялынын ашмалтай сөзүн таназар алган жок. Колундагы алманы моокумун кандыра катуу жыттады да, жүзү ажарланып, кыялдуу тамшанды:

– Ушуну жыттаганда эле быкыным толо түшөт, кысталак!

Меймандар коштоп күлүп калышты. Баятан бери мурчуюп тишин чукугулап отурган шляпачан ынды кара жигит күлкү аралаш сурады:

– Бусурманым, ал эмне дегениңиз?

Макембай бажырайып жадыраган кара тору жүзүн суроо чыккан жакка бурду. Бирок жооп бербей, колундагы алмага мулуң этип элжиреп карай берди.

– Ээ, адам өзү апенди да! – Ал күтүлбөгөн жерден сөзүн кыжырлуу баштап, анан бир дем такала калып, саал сабырлуу улады, – бир чырпыкты жерге сайып койсоң, беш жыл өтпөй мөмө берет экен. Беш жыл деген эмне, тебетейиңди беш тегеретkиче өтүп кетет. Чын айтамбы?

Төрт-бешөө анын сөзүн ырастап койду. Бирдеме айтканга эптенип жанында отурган бүтүк көз жымшыгый жигит эми оозун ачып келатты эле, Макембай темине берип, барбайган колдорун созду:

– Токто, токто, мен бир нерсе айтып берейин.

Оозунан сөзүн жулдурган бүтүк көз осолдой түшүп, далысын күйшөп-күйшөп тим болду.

Макембай бабырап сөз баштап алды. Ушул ортодо жайылган дасторкондогу алмалардын көчөтүн жаңыдан тигип атканда элдин ишенбей караганын, башкалар тургай өзүнүн эле катыны Канышайдын шылдыңдап күлгөнүн, ал эми иниси Кушубактын көрүнгөн жерде табалап какшыктаганын ал кызып-кызып, теминип-теминип, күлкү аралаш бабырап айтып берди. Айрыкча Кушубактын бүгүн жок болуп калганына аябай өкүнүп, башын чайкады:

– Ка-ап, Өзгөнгө жөнөп кеткенин карасаң, болбособу, бир сөзгө түшүрөт элем. Кап, болбособу...

Бая тамак ичкенге дейре жолдоштору «Бакир-Мырза» деп эрмектеп отурган купайкечен кызыл чийкил жигит аңгемеге аябай берилген экен, көздөрү арбалгандай жалдырап, оозу чала-була ачылып, тили чыгаргандай жалдырап, оозу чала-була ачылып, тили чыгаргандай... 

– Ырас эле, сизди дайым какшыктап калчу эле. Баягыдачы, баягы немелердин тоюнда...

– Ээ, токтоп турбайсыңбы! – Макембай кыжынып, аны чыканагы менен бөйрөккө бир койду эле, тиги ык этe түштү. Отургандардын күлкүсү кыстады. Бир даары күлкүсүн араң тыйып, калп эле шыпка акыя карап калды; кээ бири эрдин тиштенип, башын быякка бура берди. Чыдамы жетпеди окшойт, кимдир бирөө катуу бышкырып жиберди. Буулуккан күлкү дуу жарылды.



Нес баскан немедей оозу чала ачылып, тили чала булайып, башы чала кылжыйып отурган кызыл чийкил Бакир күлкүдөн чочуп өзүн жыйнаганда, ууртунан жылтыраган ичке шилекей чубалжып куюлуп кетти...

Макембай саал теригип, алдастабыраак калды.

– Токто, токто, күлбөгүлө! – Ал темине берип, колунун өктөм жаңсоосу менен шарактаган күлкүнү басты. – Токто, илгеркини эмес, кечээ эле өзүңөр көргөндөн айтайын. Кечээ эле үйдүн тунукесин сырдатабыз деп уста издеп Өзгөндөн бери тапчу элек. Табылган уста бааланып атып араң келчү. Кокус арак бербесең, иштебей догурунуп жатып алчу ал. Аа-аа, атаңдын көрү десе! Ошону дагы өнөр көрүп жүрүппүз! Азыр тунуке сырдабаган кыргыз кем. Ана, иштесе эле болот экен го, кана эми бу колотко чоочун устанын башбакканы?

Сепкилге окшош билинер-билинбес тактары бар саргыч алмалар дасторкондо бейтартип чачылып жатат. Саргарып көз кызартат. Үп болгон абада жыты аңкып, көңүлдү алаксытат. Назары сынган жымшыгый неме кандайдыр кыялга берилгендей телмирип, бүтүйгөн көздөрүн алдындагы алмадан үзбөй, уялыңкы күлүмсүрөйт. Мурчуйган шляпачан ынды кара оозун араандай ачып, улам эстейт.

– ...Биз жерди иштеткенди билбейбиз, ушу жерде пайда көп. Кыргыз акең төрт малынын туягын санап....

– Жалаң эле өзүң бабырай бербей, меймандарга алма жедирсең боло. – Канышай күйөөсүнүн аңгемесин бузуп жиберип, кайра сөзүн күлкүгө чалып бүтүрдү. – Төгөрүн төгүп коюп, сайрайсың эле сайрайсың.

– Ыя!.. Ырас эле!.. – Макембай чочуп да, осолдоп да кетип, шашмалап калдастады. – Кана, алмага карагыла! Ой, албайсыңарбы! Ал, Бакир-Мырза! Алгыла!

Бири-бирине сыпайыгерчилик көрсөтүп, «алың-алың» менен бири-бирин күтүп, адеп кол салганга эч кимиси даабай, бир дем буйдалып турушту. Бирөө бир

алманы алар замат колдор жабалактап жапырт дасторконго качырып кирди. Алмалар касырап, жаактар чулчуңдап, көлөкөлөр арбаңдады. Алма даамы бал татып, тамшандырып, ширеси тиштин арасынан чачырады.

Бат эле дасторкон үстү тазаланды. Бири анда, бири мында тоголонуп жаткан үч-төрт алманы көрүп, Макембай аялына:

– Алмадан дагы апкел, Канышай, – деп буюрду да, жигиттерге карап азилкеч көз кысты, – жешсин, кокус тилинде даамы калса, эмдиги жылы баары тең алма тиккиси бардыр...

Дасторкон кайра берекеге толуп, ооздор кайра кыймылдады. Меймандар дагы кичине жешкенден кийин эле маш жеген короздой ыкыйып туруп калышты. Макембай дагы жедирем деп аларды кыстап көрдү, бирок кыстоо менен жедире албаган соң:

– Эмесе калганын чөнтөккө уруп алгыла, бала-чакага апарып бересиңер, – деп, ой-боюна койбой жатып, баарын эки-үчтөн алууга аргасыз кылды.

Дагы азыраак алмадан кеп уруп отурушту. Баары текши каалгый баштаганда, бата кылып, дүпүрөшүп айбанга чыгышты. Аба нымык тартып тунуп калыптыр. Суу болгон кургак беденин жыты өткүр буруксуйт. Ным чаң-топурактан муздак жыт келет. Өркөчтөнгөн тоолордун кырлары гана карарат, дүпүйгөн бак-дарактар шырп эткен добуш бербейт. Абышкалар галошторун таппай бөкчөңдөп, жигиттер бой керип чирене эстенет. Ныксыраткан уйку ачылып, түнкү муздак аба чыйрыктырат.

– Мына биздин бак! – Ичигин желбегей жамынып чыккан Макембайдын үнү шак этти. – Кичине коюулук кылат, кысталак. Суюлтканга жер тар. Тиги оң жак бурчта жаш көчөттөр бар. Жерге кирсин, алар деле эртең эле чоңоюп калат. Эмки жылы аларды сайга көчүрөм. Ордуна келиштирип ажаткана салып, тышына



«женскей, мужскей» деп жазып коём. Бизде дагы жети жылдык план бар да! – деп өзүнүн сөзүнө өзү курсант болуп карс-карс күлдү.

Кимдир бирөө бийик айбандан дүңк этип жерге секирип түштү. Жерди тепкилеп көрдү да, батыш тарабы чала сүрүлүп, бирин-серин жылдыздары бүдөмүк бүлбүл эткен түнөрүңкү асманга көз жиберди.

– А кокуй десе, чамынып атып араң чаң басар жаан жааптыр да. Жарытпаптыр.

Кайыр-кош айтышып коюп эки абышка менен бир жигит төмөнкү айылга карап салышты. Макембай ичигинин жеңин кийип кымтыланды да:

– Кысталак, алмада куп пайда бар, – деп берки калгандарды узаткaнча кошо басты, – ушу тапта Өзгөндүн өзүндө улактуу эчки эки жүз сом. Ал эми меникиндей алманын килосу он-он эки сом. 600 сомго элүү-алтымыш кило алманы жөн эле оодарып салып бересиң. Ушу бир чырпыктын башында үч улактуу эчки турса...

Аларды узатып коюп, майпаңдап тамын карай жөнөдү. Көңүл курсант, убактысы чак болуп, бир зор иш бүтүргөндөй мардайып баратты. Капыстан шарт бурулуп, тигилер кеткен жакка кыйкырып үн салды:

– Эй, кыргыздар! «Үйүңдү ак кыл, тегерегин бак кыл, убактыңды чак кыл» деген сөздү уктуңар беле?

Нараактагы мектептин тушунан бири мурун, бири кийин чыккан күлкү, кабыр-шабыр сөздөр угулду.

– Уктук, уктук! – деген чыйылдаган үн кулагына кабылды. Ого бетер мардая түшкөн Макембай мүдүрүлүп кетип, жамбашы бир-эки жолу зырп-зырп этип алды. Тамагын кырып какырынды да, чайпала басып ичкери кирип кетти...

Беркилер чоң жолго чыгышты. Унчугушпай, абайлап басып баратышты. Бакир, алиги Бакир-Мырза кыялга мас болуп салмактуу кадам таштайт. Тилинен алманын даамы кетпей, көз алдына бирде дүпүйгөн

алма дарагы, бирде айланасы жайдак жепирекей тамы, бирде бабырап карс-карс күлгөн Макембай элес-булас караңдайт. Өзүнөн өзү кубанычка батып, купуя жымыят.

Үн-сөз жок тым-тырс абалды шляпачан ынды каранын коңур үн бузду:

– Ушинтип, Макембай бабырды да бабыратып алдык!

– Козусун да жеп алдык, – деди экинчиси.

– Алмасын айтсаң, алмасын, – деди дагы бирөө.

Таттуу кыялда бараткан Бакир жаактан нары бир чапкандай селт эте түштү.

– Эй, эй, койгула! Укса ачууланат! – деди ал чыйылдап. Муздак шамалдын толкуну келип, шырп этпей дүпүйүп турган бак-дарактарды шуулдатып, жалбырактардын шүүдүрүмүн дыбыр-дыбыр күбүп өттү.



# КҮН ТУУДУ

*(ит икаясы)*
*Тамашалуу повесть*

Согуш бүтөр жылдын ала шалбырты болсо керек эле. Мен аны жогорку айылдагы Орозалы чалдыкынан алып келгенмин. Эсимде: кардан бошонгон күңгөй адырлар илең-салаң буу чыгарып турган; теңтуш бала экөөбүз ошо күңгөйдүн чала тоборсуган бир таман каптал жолу менен келатканбыз; төмөн жакта, биздин кыштак жайгашкан кууш өндүрдүн өйүз-бүйүз түздөрүндө алачокул карлар киргилт-күңүрт жаркырап, булак-булак эриген суулар жылтылдап, жылжып агып жаткан. Мен ымыркай күчүктү көкүрөгүмө баладай көтөрүп, күчүктүү болгонума кудуңдап сүйүнүп келатканмын.

Үйдөгүлөр күчүк алып келгенимди кайдыгер эле кабыл алышты. Мен алардан башканы күткөн элем. Бир гана кичинекей карындашым кубанганынан жер тепкилей тыбырчылап жиберди. Күчүктү пешайбандын жерине койгонумда, анын үстүнө үйрүлө түшүп, «күчүк! күчүк!» деп жонунан сыйпалап, алда кандай чебеленип кетти. Анын ошонусуна ичим жылый түштү. Кубанычыңа ортоктош болгон киши табылса да жакшы турбайбы. Карындашым мага бажырая күлө багып: «Менин күчүгүм ээ, меники ээ? – деп жасакерленди да, кайра дароо эсине келе калып, кебин түздөй койду. – Экөөбүздүкү болот ээ?» Мен укмаксанга салып унчукканым жок.

Күчүк бүрүшүп, ичиркенгендей болор-болбос калтырап, бүлкүлдөгөн кара тумшугу менен жер шимши-

леп, кыңшылагандай бир кызык үн чыгарып, турган ордунда тегерене баштады. Жетимсирей түшкөн бечара энесин жоктоп жатты көрүнөт. Мага кантип жагынарын билбей делдектеген карындашым ашканадан бир бүтүн нан алып чыгыптыр. Анысын «ме-ме, күч, күч» деп күчүккө сунуп баратканда, мен колумду тескери жазгай корс эттим: «Тарт! Наныңды жебейт бу!» Карындашым нанын бооруна шарт тарта коюп, селдейе түштү да, мага жалооруй жалт-жалт карап туруп калды. «Нанга тиши өтпөйт, – дедим жумшара сүйлөп. – Сүт апкел». Сексеңдеп кайра ичкери кирип кеткен карындашым ашканадан башбагып: «Сүт кичине эле экен, апкеле берейинби?» – деди. Мен «апкеле бер» дегендей ишаарат кылдым.

Чай пияла толо сүт келди. Күчүккө пияланын өзүнөн эле ичирсем апам урушарын билип, итаяк болгудай бирдеме караштырдым. Дегеле ылайыктуу эчтеме жок экен. Мукураганымда пешайбандын өңгүл-дөңгүл жеринен бир чуңкурду чукуп кеңиттим да, сүттү ошого эле куя салдым. Эмчектен чыга элек күчүк сүт ичкенди билбейт экен! Желкесинен кармап тумшугун сүткө тийгизсем, шарт тартып алды. Дагы ошентсем, дагы ошентти. Сүт жерге сиңип, кирдеп, азайып баратты. Тумшугун сүткө матыра малып-малып алсам, күчүк кыңшылап жиберди. Уйпаланган тайкы жүндөрү ансыз деле күчүктү үтүрөйтүп турду эле, эми ал көзүнө дейре чамбыл ала булганып, ого бетер бүжүрөп, боор ооругудай кебете кийди. Мурдуна сүт кирип кетти окшойт, бүт денеси менен силкине бышкырынып, жаланып-жаланып койду.

Даамын татканып калды белем, тумшугун сүткө абайлап дагы малганымда, ал башын дагы тартып алды, бирок оозунун сүт тийген жерин көңүлдөнүп жалмалады. Мени бир кыйла убара кылгандан кийин гана бир чети пейли тартпагандай, бир чети батына бербегендей маалкап, анча окшоштура албаса да итчесинен иче баштады. Ошентип ичип атса, мултук куйругу дегеле чычая чагарактালып, тыным албай чодоң-чодоң булактап жатты. Карындашым экөөбүз сүйүнгөнүбүздөн күлүп ийип, жетине албай маашыркаnып карап турдук.

Жолборс атын алган күчүк чөп тушарга чыкканча кадыресе торолуп калды, түксүйүңкү карын жүндөрү жылмаланып, кулагы кесилип, мантаңдаган күчүк болду. Эми анын баягы маңыроо тартканынан, кашаң кыймылынан, майпаң-майпаң басышынан жук да калган жок. Бир жерде жөн тура албайт, керээли-кечке жаны тынбайт, мен кайда барсам, артыман топоң-топоң жортуп, сереңдеп жүгүрүп жүргөнү – жүргөн. Анан дегеле тентек, оюнкарак чыкканычы! Тоногон үй жүнүнөн[1] жасалган тобуму катуу тоголотуп ийсем, ал арткы буттарын сыраң-сыраң серпип, жан-алы калбай кубалап жөнөйт да, жетер замат топту мышыкча баса калып, тиши менен жулмалап жиберет. Кыжырын келтирсем, багалегимен бурдай тиштеп, ыркырай булкуп-булкуп, бар күчү менен кетенчиктей тартып калат.

Мага жакшы болбодубу. Оюн издеп өйүзгө тентип кетмейим, карындашымды ыйлатып эрмек кылмайым, апам айткандай, бүтүлүү буюмду бузуп кажына бермейим, ошолорум үчүн тил укмайым өзүнөн өзү тыйылды. Эми күчүк менен көп алышканым үчүн кээде жеме жей баштадым. Бирок күчүгүм турганда анын айынан андасанда тил укканым кеп бекен! Мен анын тумшугунун учунан төрт таманына чейин жакшы көрөм. Мантаң-мантаң басканычы, сереӊ-сереӊ жүгүргөнүчү, айрыкча чоочун киши-кара же мал-сал көрсө, жакын барганга даабай, алыстан жан-дили менен борсулдап үрүп турганычы! Андан да тамдын бурчуна же күлдөбөгө барып, дегеле каадалуу итчесинен арткы бутун сырайта көтөрүп «даарат сындырып» калганычы!

[1] *Тоногон үй жүнү* –илгери ушундай жүн топтор жасалчу.

Мен жаз бою көңүлүм чак-чак, кудуң-кудуң куунак жүрдүм. Күчүгүмдү ээрчитип көчө аралай ойгелди жүгүрө берем. Сайга ойногону барсам, көрүнбөс канатым бардай учуп-жанып, артыман калбай сереңдеген күчүккө кылчак-кылчак карап коюп, бир башкача эдиреңдеп барам. Балдар да күчүктү көргөндө кубанычтуу чурулдашып, дароо тегеректей калышып, бири жонунан сыласа, бири куйругуна жабышып, бири апаптачудай эзгилеп эркелетсе, бири кулагын кармалап, заматта жүдөтүп жиберишет. «Эй! Болду, коё бергиле, – дейм мен жүз үйрүп. – Колуңардын табы өтүп чоңойбой калат». Балдар айтканымы эки кылышпайт. Ошо күчүгүмдүн аркасы менен теңтуштарымын арасында кадыр-баркым бир кыйла көтөрүлө түшкөн эле.

Бир күнү сайда балдар күчүгүм менен ошентип «саламдашып» жатса, Жамшит деген ылжырама сары баланын ачуу доошу капыстан чайылдай түштү: «Эй! таптым, таптым!» (Бирдеме айтаарда ал дайым ушинтип чайылдап жиберет). Баарыбыз анын оозун карап калдык. Ылжырама сары: «Муну апчарке ит кылып үйрөтпөйлүбү, ыя? Оо баягыда оюнчулар келбеди беле, апчаркеси бар эмес беле, баарыбыз көрбөдүк беле? – деп безилдеп ийип, менден атайы сурап койду. – Сен дагы көрдүң беле?»

Көрбөгөндө анан! Бири эркек, бири аял эки оюнчу мурдагы жылы ити менен кошо оюн коюп келишип, атүгүл биздикине түнөп кетишкен. Аялы түпкүчтөй ийилип, жерден бетаарчысын тиштей тура калып, бир чалкасынан, бир оңкосунан кетип, кызык оюн көрсөткөн; эркеги оозунан кызыл жалын бүркүп, бычак жутуп, таңдайынан узун кагаздар чубап көз боёмочулук кылган; ити болсо ич жагына кыдырата бычактар сайылган алкактан секирип өтүп, көрсөтпөй каткан буюмдарын издеп таап, деги, ээси эмне буйрук кылса, анын баарын так аткарып берген... Алар кеткенден көп-көп кийин чоң кишилер: «Кысталак, баягы эрди-катын оюнчу



ишпион экен, чек арадан чыгып бараткanda кармалыптыр», – деп айтып жүрүшкөн. Биз болсок алардын адамдай акылдуу итине таң калып, иттин өнөрлөрүн айтып түгөтө албай, далайга жомок кылганбыз.

Ылжырама сарынын айтканы баарыбызга макул келди. Качмай топ[1] ойногон мындай калып, ошо замат күчүктү «апчарке кылып» үйрөткөнгө кириштик. Бирок күчүгүң түшкүр биздин оюбуз менен болсо эмне! Кыска чырпыкты тиштетип тура албай шайыбыз ооду. Чырпыкты улам туурасынан оозуна салабыз, ал улам кайра лак таштап коюп, мултуйган чагарак куйругун булактатып туруп калат. Айлабыз куруганда ага чырпыкты зордоп тиштетип туруп, эки четине эки жип тагып, жиптердин учун желкесине байлап таштадык. Ал ошо кемээчтелген боюнча нары-бери томполоңдоп чуркаса, тилегенибиз көктөн түшкөндөй чурулдап кубалап алдык. Күчүк чурулдаганыбыздан эси чыгып, үй жакка карай качты. Кармап келип, оозундагы чырпыкты чечип, кайра байлабай тиштетсек, дагы эле баягыдай таштай берди. Чырпыкты жарым карыштай эле жерден өйдө көтөрүп, ошондон секиртели десек да күчүк көшөрүп көнгөн жок. Мен күчүгүмүн аңкоолугуна арданып, аны урайын деп жатсам, ылжырама сары Жамшит дагы чайылдап кыйкырып ийди: «Эй! Ит атаар келатат!» Мен күчүктү кучактап отура калдым, балдар катар тура калышып, мени далдаалай кетишти.

Тизилип турган балдардын арасындагы жылчыктан Улукбек акени көрдүм. Кара эшегин минип, кош ооз мылтыгын асынып, окчонтоюн курчанып алыптыр. Ал эшегин кыдыңдатып жолдун бизге түшташ жерине жетти. Ошондо балдар алыстан: «Ассалоомалейкум, Улукбек аке!» – деп жарыша чурулдашты. Улукбек аке баш ийкей алик алды да: «Ай, кайбарлар эй, ит кубалап сайда жүрөсүңөрбү?» – деп күлүп койду. Дүңүрөйгөн

[1] *Качмай топ* – оюн түрү.

капкара бетинен тиштери жарк эте түштү. «Кайбарлар, бу жаз чыккандан бери мага жолобой койдуңар го?» – деди ал кичине бастыра бергенде. «Кол тийбей атат», – деп бошоң айтты балдардын бирөө. Аңгыча болбой – деп бошоң айтты балдардын бирөө. Аңгыча болбой сары Жамшит дагы чайылдап ийди: «Улукбек аке, кайда баратасыз?» Узай түшкөн Улукбек аке кылчая берди. «Жогортон айттырып ийишкен экен, бир дейди ит жүрөт имиш, ошону жайлап келем», – деп дагы тиштерин жарк эттирди.

Чоң кишилердин Улукбек акеге койгон аты – Ит атаар. Көзүнчө деле, көзү жокто деле ошентип айта беришет. Биз, кичинекей балдар, аны сыртынан деле «Улукбек аке» деп айтабыз. Баарыбыз аны жакшы көрөбүз, үйүнө көп барабыз, кызык-кызык сөздөрүн угабыз. Улукбек аке да биз менен аябай ынак. Биз оюнга алаксып үйүнө барбай калсак, ал кадыресе капа болот. «Болуптур, мага дагы ишиңер түшүп калаар», – деп таарынат.

Жанында отурганда биз Улукбек акеден дегеле сестенип койбойбуз. Анан ал кара эшегин минип, мылтыгын асынып, окчонтоюн курчанып көчөгө чыкса, кабагын адатынча бекем түйүп, чүйрүйгөн мурдун ого бетер чүйрүйтүп, дүңүрөйгөндөн дүңүрөйтүп алса, бизге укмуштай сүрдүү көрүнүп кетет. Биз ошондо андан чын эле сүрдөй түшөбүз.

Ал жолдон өтүп баратса, айылдын алаңгазар иттери чуулдап ээрчип алат, кээде эшеги менен өзүнө тап берет. Иттер өтө албууттанып кетсе, ал мылтыгын ала берет. Иттер өтө албууттанып кетсе, ал мылтыгын ала коюп «баң!» дедире атып иет. Атканы демейде тийбей калат, баягыда жогорку айылдын бир кабаанак итин жыга атканын укканыбыз болбосо, биздин мааладан бирди-жарым итти жыга атканын көрө элекпиз. Ошентсе да аны эшекчен көрсө, балдар кадыресе чочулайт, иттердин апыл-тапыл бекитип калат. Анын үстүнө, кичине балдарды чоң балдар да коркута берет. «Ит



атаарга быйыл тери планды көп салыптыр,– деп келишет алар. – Ал ошо пландан кутула албай шордоп жүрбөйбү, эми көзүнө көрүнгөн итти эле атып, терисин сыйрып алат». Ушундан улам биздей кичине балдар Улукбек акени жолдон эшекчен көрөр замат иттерин чакырып, байлаганга же бекиткенге шашат. Мен мурда бейкапар эле жүрчү элем, кучүктүү болгондон бери балдардын ошентип корккону мага да жабышты.

Эшекчен Улукбек аке бизден кыйла эле узап кетти. Биз «апчарке» кылып үйрөтөбүз деп Жолборсту кайрадан кыйнай баштадык. Кем акыл күчүк экен, дегеле бирдеме үйрөнө турган түрү жок. Жадаганда аны өз жайына коюп, качмай топ ойногонго кирдик.

Андан кийин деле балдар күчүктөн күдөр үзбөй, аны «апчарке» кылабыз деп, көп күн убара тартты. Бирок ал убаранын акыбети кайткан жок. Мен да өз бетимче аны менен алышып көрдүм. Аныман деле эчтеме чыкпады. Баарыбыз түңүлүп бүткөндө, Жолборс кокустан сууда сүзгөндү үйрөнүп алса болобу!

Биз чакан дайрабыздын суу жемирип ойгон бир жерин таш менен тосмолоп көл жасап алган элек. Жайды-жайлай көргөн-бакканыбыз ошол көл: кераэлиде кечке апаларыбызды үй-үйлөрдөн какшатып суудан чыкпайбыз. Жолборс мени көлгө ээрчип барат. Биз баарыбыз суугa жарышып бой таштайбыз, күчүк да биз менен кошо суугa кирсем дейт, бирок киргенге даай албайт, тек жамажайы каралжын ачыңкы оозунан кызыл тилин салаңдатып, кашатта тыбырай омсоңдоп калып калат.

Баягыда биздин бир өрдөк күрп болуп, ага тооктун бир жумурткасын кошо бастырып койгон элек. Тооктун жалгыз жөжөсү өрдөктүн топ балапандарына аралаш көз жарып, өрдөктү эне кылып, кошо ээрчип жүргөн. Бир гана жери, өрдөк балдары менен суугa киргенде, жалгыз жөжө суугa кире албай чыйпылдап, арыктын

кырында байкуштук башына түшүп туруп калар эле. Биз сууга бой урганда, кашатта калган күчүгүм да ошо бечара жөжөгө окшошуп кетет.

Сууланган нанды көлдүн ичинде талашып жеген аябай ширин болот. Бир күнү ала келген нандарыбызды ошентип жеп жаттык эле, мен кашатта жаланып турган Жолборско жеп аткан нанымы сунуп, өзүмө чакырсам, ал суудан бир аз сүрдөп тыбырап турду да, анан тобокелге салды белем! – сууга чалп секирип түштү. Аптыга калкып чыгып, башын чулгуй бышкырынды да, мага карай бир көмүлүп, бир көрүнүп сүзө баштады. Мага эптеп жетейин дегенде, анын сүзүп келатканын көрө койгон балдар чурулдап кыйкырып ийишти. Күчүк чочугандан сууга чөгө түштү, кайра артына шарт кайрылып, жанталаша тарбалаңдап жатып жээкке жетти, жүндөрүн терисине жабыштыра шөмтүрөп, курсагы менен эки капталынан шыркырата суу куюлтуп кашатка секирип чыкты. Жонун бүкүрөйтө түйүлүп туруп, кумда кактанып жаткан балдарга калың тамчыларды жаадыра силкинип жиберди...

Кийин биз эт-нандын жардамы менен аны бат эле сууда сүзгөнгө үйрөтүп алдык.

Суучулдугу менен кошо Жолборстун дагы бир өнөрү чыкты. Эшик-эликте кайыш-майыш, таар-маар, кийим-кечек бош жатып калса, анын баарын кажып жибермей адат тапты. Карындашымын кызыл кайыш батиңкесинин бир жагын чайнап, жараксыз кылып таштады. Пешайбанда турган жыгач керебеттин (чарпаянын) үстүндө жаткан ободонун таптакыр тамтыгын чыгарды. Бир күнү атам ээрин бир саам пешайбанга коё койгон экен, ээркашын кемирип жибериптир. Эшикке кажыгыдай эчтеме калтырбай койсок, чарпаянын буттарын кемире баштады. «Шордуунун тиши кычышып атат окшойт, – деди апам. – Сөөк-саак салып берсеңчи». Чын эле тиши кычышкан экен, уясынын



жан-жагын эски-жаңы сөөктөргө толтуруп салсам, күчүк ошолорго алаксып кетти.

Аңгыча болбой күз да келип калды. Мен үчүнчү класска бара баштадым. Биз түштөн кийин окуйбуз. Классташтарымдын көбү жогортон келет, алар келгиче мен көпүрөнүн үстүндө болом. Күчүгүм мени ошо жерге чейин ээрчип барат. Мен көпүрөнүн орто ченинде тактай кырында бутумду салаңдатып семичке чагып отурам. Жанымда суу бетине карап, куйругун шыйпаңдатып Жолборс турат. Мен айлампалуу иримге көз салып, сонуркап тамаша кылам. Каралжын-тунук суунун үстүнөн төгөрөк иримдер кат-кат таралат, түбүнөн самын таштар одурая кашкаят, жатып калган балырлар былжыр-былжыр көгөрөт. Топ-тобу менен кара чаар балыктар жылып жүрөт. Алар кылк-кылк этип жай сүзүп баратып капыстан ойт берет да, соймоң-соймоң оюн салып калат; чагылбаган бүкүлү семичке таштасам, шап илип алып, куйруктарын күнгө бир жарк эттире кайра кирип кетет.

Күн мемиреп тийип, менин жонумду коңур жылытат. Мен кат-кат таралып жаткан иримдердин как чордонуна, чуңкурая түшүп төгөрөк из жасап жаткан жерине кадалып көз тигем. Ошо иримге бир саам көз ирмебей карап турам да, анан көпүрө менен кошо жылып, акырын ага баштайм. Кадаланып караган сайын акканым катуулап, бир маалда тим эле зымырап кетем. Зымырап ага берип, ага берип, акыры көзүм ымыр-чымыр талып, башым айлана түшөт. Көзүмдү жуумп жиберип, бир аздан кийин ачам. Суунун бетинде жанагы эле кат-кат таралган ирим, анан күчүк экөөбүздүн талпая түшүп, калтырап турган карарыңкы көлөкөбүз. Астыртан көз кырын салсам, Жолборс да сууга дегеле мелтирей карап турат. Ал суу бетине эмне эле мынча кадаланып карайт? Кызык, ал да сууга карап-карап

туруп көпүрө менен кошо зымырап агат бекен? Эмне, ошентип акканды менчилеп жакшы көрөт болду бекен?

Жолборс экөөбүз ушинтип жакшы эле ынак жүрүп, кыш ортосунан мамилебиз сууй баштады, кайра жаз чыкканда арабыз такыр эле ажырап кетти. Иттин бала чагы кышкы күндөн бешбетер кыска экен: ал бат эле чоңоюп, кадыресе ит болуп калды. А мен дагы эле бала бойдон элем. Ошонун айынан Жолборс мени баласынтып тоотпойт, баштагыдай ээрчитейин десем, анча көңүлсүнбөйт. Жиним келгенден таяк менен капталга сайгылап, көчүккө тээп, тийишип көрөм. Ошондо ал мага кыртышы сүйбөгөндөй жаман көзү менен карайт, «тааныш болбосоң көрсөтөт элем го» дегендей дүгдүйүп ордунан турат, дегеле тоотпогон кейпи менен деңкейе басып кетет. Шыйпаңдап, бутуна үч бүгүлө жыгылып, атама кошомат кылат. Таенем өлгөн соң, аныкында жүргөн жатындашым Түмөн кайра биздикине келди эле, ит менден улуусунтуп ошого көбүрөөк жойпуланат.

Жок, Жолборс каратып туруп эле мага сыртын салып кетти. Мен аны жек көрүп, туруксуздугуна күйүпбышып капаландым, көңүлүм анын ордун жоктоп, бир жагы эңшериле түшкөндөй оңкулдап, катуу убайым жедим. Акыры – бир эрмек таппай жүрө албаган жаным – көгүчкөн менен таан бакканга көчө качтым.

Бирок аным итке тиешеси жок өзүнчө бир башка кеп...

Ынак досумдан тирүүсүндө эле ушинтип айрылып калбадымбы, кадырман окурмандарым. Ак, катыгүн!!! Чочуп да кеткенимчи. Баса, силер бар эмес белеңер. Кечирип койгула, силерди тарс эсимен чыгарып салган турбаймынбы. Ошондон улам дагы бабырап кетип, кыйла эле кызыксыз жазып ийдим окшойт. Же жадаган жоксуңарбы? Кокус жадасаңар, дагы кичине чыдап окуй тургула: балким мындан наркысы кызыгыраак болуп кетер.



Жашы экиге толгончо Жолборс узун-бийигине бирдей чоңоюп, бат эле килеңдеген даңгыт болуп чыга келди. Баягы күчүк чагындагы түп жагы агыш, учтары каралжын-көгүш назик жүндөрүнөн дайын жок, эмки жүнү кылчык, узун, калың, бозомук. Көкүрөгү алдыга тээп чыгып, мойну жооноюп, тула бою локуюп, нары кабелтең, нары айбаттуу кебете-кешпир алды. Арстан кабак, калжайган чоң, түксөйгөн түктүү башы анын ошо кебетесин ого бетер сүрдүү кылды. Ал эшиктин алдында комдонуп жай жатканы менен эле келгенкеткенди коркутуп жүрдү.

Жолборс кокустан тышкы көрүнүшүнө жараша албуут, кабанаак, кара мүртөз жаралып калса, биз кызылдай эле балээге калмак экенбиз. Теңир жалгап, ал оор-басмырт, жоош-момун, ак көңүл дөбөт болду. Көзүнө көрүнгөндүн баарына эле арсылдап бейжай үрө бербейт. Байкатпай асыла кетет, качырып тиш салат, албууттанып ажылдайт деген менен иши жок. Тааныгандарга, атүгүл биздин үйгө кирип эле чыккан кишиге асти үн чыгарбайт. Ырас, чоочун киши көрсө сөзсүз үрүп чыгат, үргөндө жепирейген жел өпкө иттерче чебеленип, чайылдап, кыйратып ийчүдөй эрдемсип үрбөй, тек салабаттуу калбаат сөөлөтүнөн жазбай, жоон доошу менен салмактуу күп-күп этет, күпүлдөп үргөн сайын эки бөйрөгүнүн тушу көөп чыга калып турат. Кишини ажылдап ээрчип да албайт, качырып да тийбейт, чын пейлинен күйүп-жанбай, обочороок туруп алып ыргылжың гана үрүп-үрүп тим болот. Менимче, анын үргүсү деле келбесе керек, же унчукпай жүрө берип ичи бышкандан, же бизден уялгандан, же иттик парзынан эптеп кутулайын дегенден эле үрүп койсо керек.

Көрүп-билгендер биздин иттин жакшы пейилин мактап калышат. Ошондо апам: «Иттин кандай чыгышы эшиктен болот, – дейт сыймыктана түшкөнүн сыртына

чыгарбаска тырышып. – Биз күчүктүн кандайын баксак деле жоош чыгат. Деги биз ит жагынан жолдуубуз».

Жолборс ошо жакшы атына кир жугузбай килеңдеп жүрүп эле бир күнү жоголуп кетти. Анын жылас болгону үч-төрт күн өткөндө билинди. Иттин үйдөн качып кеткени атамын кабагын карыш түшүрүп, жакын туугандарыбыздын ыраңын саруулантты.

Көптөн бери илең-салаң болуп ооруп жүргөн апам төшөктөн турбай жатып калган эле. Абаларым менен тагаларым апамдын көзүнчө кабатырлыгын каш-кабагынан көрсөтпөс үчүн күлө сүйлөшүп кара күчкө багжаңдашса да, тышка чыгаар замат дароо сумсайышып, кайдыгер эле бирдемелер жөнүндө кобурашып турушуп, анан чочугандай: «Кысталак, качып кетти – аа!» – деп Жолборстун жоголгонуна кейип калышчу болду. Мага эмне үчүндүр жакындарыбызды апамдын оорусуна караганда иттин качканы көбүрөөк бейпайга салгандай сезилди.

Жолборстун жоголгону чоң кишилерди неге мынча санааркатканын түшүнө албай бушуркөп жүрсөм, бир күнү кокустан эки кемпирдин сүйлөшүп бараткан кулагыма шак этти. Апамдын алын сурашып кайтыш кан кемпирлердин бири: «Я жеңе, бечара Майрамбү өйдөлөбөй калат бейм, – деди да, күйүттүү шыпшынып койду. – Иттери да качып кетиптир...» «Чын айтасың, чоң кыз, чын айтасың! – деп безилдеди экинчиси. – Ит качкан жаман, жаман! Ит дегеле жакшылыкка качпайт. – Ит жаныбар көзү ачык болот имиш го. Баягыда Улакчы акем өлөрдө дагы иттери качып кетпеди беле?»

Менин жүрөгүм шуу дей түштү. Көпкө ооруп жаткандардын далайы акыры өлүп тынарын көрүп-билип жүрсөм да, көптөн бери төшөктөн турбаган апамын бир күнү өлүп калары такыр эле капарыма келбептир. Ошондо итибиздин качканы апамын оорусуна байланыштуу экенин, апамын да таенеме окшоп жерге көмүлөрүн ойлой коюп, үрөйүм учуп кетти. Ошо жерден эле жүгөрүгө суу сүрүп келгени алышка кеткен акем Түмөнгө карай чаптым. Ага кемпирлерден укканымды айтып бергенче ашыктым. Арык бойлой дикилдеп баратсам, ал кетменин далысына арта салып суу сүрүп келаткан экен, мени көрөр замат сестейип токтой калып, кайра мага каршы жүгүрдү...

Башка жакка ооп кетсе керек, биздин кыштактан Жолборстун өлүгү да, тириги да табылган жок. Көрбөгөнүн деле көргөндөй, божомолун деле болгондой кылып сүйлөгөн бир абам: «Ит жайлоого өткөн бир түрктү ээрчип кетти, – деди чырт түкүрүп. – Айтканым калп чыкса мага келгиле, мурдуму кесип берем». Абам айткандын жалган-чыны билингиче эле Жолборстун дареги ылдыйтан угулуп калды. Өзгөндөн базарлап кайткан бирөө биздин үйгө кайрылып: «Какырдын талаасынан бир ит көрдүм, кубаласам сайга кире качты, мага силердин итиңердин эле өзү көрүнүп кетти», – деген кабар айтты. Аңгыча болбой Жолборстун дареги жогортон чыккансыды. «Салам-Аликте бир жолбун ит жүрөт имиш, – деп келди жайлоолоп барган тууганыбыз. – Сураштырып көрсөм, куду Жолборстун өң-түспөлүн айтышты». Кекенген Түмөн качкан итти тындым кылып келгени эки тарапка тең издеп барып, таппай кайтты. Анан өлгөн апамын жетилиги чыгып-чыкпай бир шашке ченде Жолборс өзү эле темселеп келип калды.

Аны биринчи мен көрдүм. Кынжыйып арыктап алыптыр, жүндөрү уйпаланып, кээ жери даакыланып, жүдөмүш тартыптыр, локуйган сөөлөтү эле калбаса, анык күйпүл күчүктүн кейпин кийиптир. Ал мага эркелегенге батынбай, көзүмө тике карай албай, айбыккансыган кыяз менен илээлей басып барып күлдөбөнүн түбүнө комдонуп жата кетти. Созо таштаган алдыңкы буттарына тумшугун коюп, киртийген көздөрүн сүзүңкүрөп, кайгылуу ойго чөккөндөй тунжурап калды.

Апамын өлгөнүн Жолборстун качканынан көрүп, Түмөндөн калышпай сыртынан кектеп-жектеп жүрсөм да, байкуштун карыпчылыгын көргөндө ошо жектегеним эсимен чыгып, ырайымым козголо түштү. Үйдө отургандарга Жолборстун келгенин сүйүнчүлөсөм, баары жабалактай турушуп, босогодон жардана карашты. Атамдын чоң эжеси: «А-а, ырысы жогум, болор иш болгонун билип келген тура!» – деп кейиштүү шыпшынды.

Түмөн жумуштап кеткен жагынан түш ченде кайтты. Ал аталага тоюп алып, пешайбандын бурчунда солуп жаткан Жолборско бир чети жипкиргенсип, бир чети боору ооругансып бети-башын тыржыйта карап турду да, шарт артына бурулду. Там башынан узун кыл аркан алып түшүп, бир учунан сыйыртмак жасап, шыйпаңдап тура калган Жолборстун мойнуна кийгизди. Кийгизип жатса, ээсинен эч жамандык күтпөгөн ит башын сыйыртмакка камырабай тосуп, дагы шыйпаңшыйпаң эркелемиш болуп койгонун кантесиң! Жетелегенге да кыйыктанбай көнүп, өзү эле Түмөндү ээрчип жөнөдү. Түмөн мага кайрылып: «Жүр, коктудагы чоң жаңгакка асып келебиз», – деди. Мен көңүлдөнбөй тескери басайын десем, ал бир акырая карады эле, аргам жок артынан түштүм. Биз төш таяна бергенде атамын эки эжеси тамдын капшытына чыгышып, бизден иттин жанын соогалап какшанышты, мен кылчактасам да, Түмөн кашайып эле кулак какпай койду. Эки кемпир биздин тилазарлык кылганыбызга наалыган бойдон кала беришти.

Каркайган чоң жаңгактын түбүнө жеттик. Түмөн буйрук кылгандан мен жаңгакка үч метр чамалаш чыгып бардым да, курчана чыккан аркандын учун белимен чечип, туура карай өскөн жоон бутакка арта салдым. Арканды ылдый түшүрүп жатып карасам, Жолборс калың жалбырактуу жаңгактын шоола аралаш



түшкөн аламык көлөкөсүндө таргыл түспөлдөнүп шүмүрөйүп, кыпкызыл тилин бултайта болор-болбос акактап, мага ынанымдуу акыйып туруптур. Көп өтпөй күм-жам болору дегеле капарында жок, көз карашында тек гана маңыроо ишеним бар. Мен иттин көзүнөн көзүмдү ала качып, арканды шапа-шуп сойлотуп ийдим, опсуз жоон жаңгактын одур-будур боору менен шыпырылып түштүм, өңүрүмү чала-була кагынып, Түмөн менен Жолборско баш буруп карабай, чыңк ылдый салдым. «Эй, кайда? Токтой тур, – деди Түмөн шашкалактап. – Бир чоң таш таап келчи». Мен чочуп кеттим: «Эмне таш менен уруп өлтүрөсүңбү?» «Жок, – деди Түмөн. – Кел, асып туруп, арканга таш байлап качабыз». Анын көшөргөнү саал бошой түшкөн экен. «Өзү деле өлгөнү калыптыр, коё бербейлиби?» – дедим мен боорукерсинип. «Жок, өлтүрөм, өлтүрбөй койбойм!» – деп Түмөн кайра чыйрала түштү да, аркандын салбырап бош турган жагына асылып, күч менен ылдый тартып жиберди. Мойнундагы шалкы сыйыртмак зыр сыдырылып, алкымын кыса бууп, байкуш Жолборс эми көтөрүлөйүн дегенде, төмөн жактан тааныш бакырык заңк этти: «Эй! Коё бер! Ташта арканды!».

Атамдын эжелери жумшаган көрүнөт, тагабыз ат оргутуп чыгып келатыптыр. Ал Түмөн экөөбүздү тең бак-бак этип тилдеп, кокон пешке салып коркутуп, Түмөнгө опурулуп тийди: «О колуң сынгыр десе! Итти агыт! Коё бер азыр!» Түмөн үлүрөйө жер карап, аркандын учун мыкчыгылап, көшөргөндөн көшөрүп тура берди. «Эй, – деди тагабыз жоошуй түшкөн доошу менен. – Сенде баш барбы? Бу, эмне, жамандыгынан качты дейсиңби? Жаман болсо кайра келет беле? Билсең, ээси өлөрдө иттин жакшысы качат. Көзү ачык эстүү ит ошентет».

Тагабыз кашайып маңдайыбызда туруп алды эле, Түмөн акыры итти агытканга аргасыз болду. Кыңыры-

лып кыйылган кыяпатта сыйыртмакты чечип жатып, эчкирип ыйлап ийди...

Көрөр күнү түгөнө элек экен, Жолборс ошондо бөөдө өлүмдөн аман калды. Аман калганынан кийинки жылы бир түзүк эле ишке жарап, атамды чоң ыраазы кылбадыбы.

Ак жайдын үп баскан бир караңгы түнү эле. Пешайбандагы чарпаяда атам, жаңы апам, мен үчөөбүз жатканбыз. Түшүм же өңүм экенин билбейм, бир маалда кимдир бирөө катуу чочуп кыйкыргансыды, бутума чалынып, санымы сый басып өткөнсүдү, көйнөгүмөн: «Кокуй! Тур!» – деп жулкуп-жулкуп тартып жибергенсиди. Обдула туруп отуруп калдым бейм, көзүмдү араң жыртып ача салсам, тандырдын жанынан дүпүйгөн эле кыпкызыл бирдеме адегенде мажүрүм тал сыңары самсаалап тургансып, анан бир заматта алоолонгон улуу отко айланды. Карандай кызыл жалын караңгыдан калдайыңкы суурулуп тандырдан кыйла эле жогору көкөлөп чыгып, жалбырт-жалбырт алоолонбой, опурулуп-жапырылып дуулдабай, тек байкалар-байкалмаксан чайпалып, кылк-кылк көйкөлүп, түтүнү көрүнбөй, кылда учунан гана кара пырларды учуруп, жайбаракат жанып атыптыр. Оттун жарыгы алыска чарпыла тийип, чукул айланасын жапжарык кылып, ошо жарыктан жанындагы боз тандыр менен көк жүгөрүлөр кызаргансып, Жолборс болсо берегирээкте кыңшылай тыбырап, жалынга карап туруптур.

Аңгыча ак дамбал-көйнөкчөн атам караңгыдан жарыкка атып чыгып, жалындын арасына кирип кетчүдөй күүлөнүп барып, колдорун серпип ийди да, чакасын калдыраткан бойдон там аркасына жыңайлак чапты; ага удаалаш делбеңдеп жыңайлак чыккан жаңы апам да чакасындагы сууну отко ыргыта салып, атамын артынан буту бутуна тийбей безеленип чуркады. Жаңы эле бүкүлү турган кыпкызыл жалын эми ортосунан



жемирилип кирип, бурк-бурк түтүн бүркүп жиберип, эки-үч жеринен айрылып, өөдүк-сөөдүк күйүп калды. Мен ошондо эсимди жыйып, чарпаядан жерге секирип жүрөм.

Суу ташыгыдай идиш табам деп ашканага карбаластап баратсам, атам менен апам бирден чака көтөрүп, энтеңдей дикилдеп, дагы там бурчунан чыга келишти. Босогодон аттаар замат менин көзүм байлана түштү, карайлап бурчка жетип, алда немеге чалынып, казанаякты калдыратып, колдорум менен караңгыны кайсаладым. Адеп колума урунган кастрюлдай бирдемени эле жула качып, эшик таппай түркүктү чала сүзүп кокуйлап, эптеп пешайбанга чыкканча, атам менен апам там аркасындагы арыкка эки-үч мертебе чымын-куюн каттап ийишкенби, айтор, өрттү өчүрүп салышыптыр. Жалындын орду караңгыга бүтүндөй жутулуп, андамында гана кызыл кыпындар жылт-жылт өчүп, суу тийген чаңдын, түтүндүн, күйүктүн аралашма жыты караңгы абаны жарып жибериптир.

Атамдын караңгыда агарыңкы көрүнгөн карааны оор-оор үшкүрүнүп, пешайбан секичесинин кырына отура кетти, колундагы чакасы ташка тийди бейм, ачуу дабыш чыгара «каңк!» этип каңгырады. Атам күйүккөнүн баса албай: «Пай-пай-пай-пай!.. ух-уу... пай-пай-пай... үх-үү!.. – деди энтигип-энтигип. – Кудай бир... ух-уу... сактады да... ух-уу!» Көөрүктөй күшүлдөгөн өпкөсүн басып-баспай, ал апама кайрылып буйрук кылды: «Чырак жакчы!» Демигип турган жаңы апам ичкери карай баскансыды. «Кудай жалгап, шамалдын жогун кара, – деди атам өзүнө өзүбү же магабы, айтор, божурап. – Леп эткен жел жок экен, мемиреп гана туруптур, жел болсо эле жалын шыйпаңга жабышат болчу, ошондо бүт айлыбыз менен өрттөнөт элек. Пай-пай-пай-пай!»

Тандырдын жанындагы үймөк самандын өрттөнүп кеткенин мен эми аңдап жүрөм. Кечээ эле тандыр кы-

зытканга деп арабакечтер үч араба саман түшүрүп, тандырдын капшытына шоңшойтуп үйүп кетишкен. Саманга учкун күлдөбөгө төккөн жаңы күлдөн жабышкан го, сыягы.

«Жолборс бир азаматтык кылды, бир зор ишке жарады, – деп атам божурай берди. – Так кулагымдын түбүнө келип уңулдап улуп ийген экен, ошондон чочуп турбадымбы. Карасам эле тандырдын жанындагы калдайган бирдеме кызарат. Үрөйүм учуп кеткеничи! Дагы өчөйүн дегенде көрүпмүн, чатыр-чатыр күйүп атканда ойгонсом жүрөгүм чындап түшмөк экен...» Ичкериде күкүрт тамыза албай шыртылдатып жаткан апам: «Жолборс азыр дүмбүл уулап жүрбөйбү, өрттү алыстан көрүп келген го, – деп сөзгө аралашты. – Ит жетип келгиче саман дагы күйүп бүткөндүр да.» «Мына, жел келбедиби! – деп атам чочуп кетти. – Бу жел баяраак жүргөндө шорду катырмак. Шыйпаңга куду азыр чабылат эле өрт! Тыптыйпыл өрттөнөт элек!»

Азыр ойлоп көрсөм, Жолборс кандайдыр бир акылдуулугунан эмес, тек айбандык керээти аян кылгандан апам өлөрдө качып кетип, өрттү көргөндө уңулдап улуп ийген окшобойбу. Ошентсе да иттин жөнөкөй өмүрүн ошол эки окуя көркүнө чыгарыптыр. Ал эми калган өмүрүндө шоруң каткыр Жолборс карапайым айыл итинин дегеле тирүү жанды көз арттырбаган комсоо, бир өңчөй, кыйын күнүн көрүп, бу дүйнөдөн тек гана көзү ачык бойдон өтүп кеткен экен. Муну мен анда кайдан билейин, ушу азыр шаарда мага кошуна турган бир жалгыз бой аялдын итинен улам айтып жатпайымбы.

Кошунамын ити тоодой ыкыбал менен туулган бир жаныбар экен – турмушун дегеле итке ыраа көргүң келбейт. Бөлмөнүн ичинде, өзүнчө жумшак жайда жатат, өзүнчө столчодо тамактанат, күн сайын үч маал колбаса, котлет, шоколад жейт, сүт, жер-жемиш ширесин ичет.



Пакизалыгы согончогу такыр канабаган аялдардыкынан кем эмес: апта сайын ваннага киринет, кирпигине кир конбойт. Эртели-кеч кожойкени ээрчип талаанын таза абасын жутат, парк менен көчөдө сейилдеп көңүл ачат. Анан ошентип алпечтенип атса деле ошол эркеталтаң ит улам-улам ооруга чалдыга берет. Былтыр жазга маал ал катуу ооруп жыгылып, бир жумача температурасы төмөн түшпөй, баш көтөргөнгө шайы келбей жатып калып, бечара кошунамын чыйпыйын жаман чыгарбадыбы. Кошунам балбалактап ыйлап, доктор чакыртып, дарынын дарысын таап, иттин жанын ажалдын оозунан өлдүм-талдым менен арaң жулуп калган. Көрсө, ит кабыргасынан катуу кагыныптыр.

Жайын-кышын даңкылдап оорубай жүргөнү болбосо, кайран Жолборс кошунамдын ити көргөндүн чет-жакасын да көрбөптүр. Анын үйдөн буюрган күндөлүк ырыскысы жугунду менен сөөк-саак эле. Андан башка аңдыганы мен элем. Ал талаадан да шимшилеп бирдеме-сирдеме таап жечү, бирок сырттан тапканы деле демейде алиги ыпылас бирдемелер боло турган. Үйдөн тапкан эң мыкты олжосу кадырлуу мейман келгенде сойгон кой-сойдун жылуу каны эле. Ал эми мейман биздин үйгө күндө эле келе берчү эмес.

Ырас, Жолборс үчүн «күндө майрам-күндө той» жылына бир келип, катары менен жыйырма күндөй, кээде бир айга жуук созулар эле. Биздин айыл менчик жерлерине туташ жүгөрү айдачу, дүмбүл убагында итибиз ошо бой тирешип калың өскөн бийик жүгөрүлөрдүн ичине кирип, дарегин таптырбай кетчү; жүгөрүлөрдүн башы андан-мындан былкылдап калганы гана анын кайда жүргөнүн каңкуулап турчу. Жүгөрүнүн даны таштай катуу болгуча Жолборс анын ичинен чыкпайт. Күндүр-түндүр дүмбүл кемирип, ээн-жайкын чардап жүрөр эле. Анан бир күнү күлтүйө семирип, кызыл тилин салаңдатып, кылчык-сыйда жүндөрүн

артына жапырып, берметтерин жылтыратып, кундуздай кулпурган кейпи менен жарк этип чыга келер эле.

Кокусунан кара шайтан азгырбаса, кайран Жолборс жылына бир ай гана дүмбүлдөн чечекейи чеч болуп, калган учурда кыштак иттеринин көнүмүш күнүн көрүп жүрүп, жедеп карыганда өз ажалы менен эле өлөт беле? Бирок андай болгон жок, күтүлбөгөн жерден анын тагдыры тескери тегеренип кетти. Эң эле башында анын убалына Анар-жинди калды.

Эми силер, ардактуу окурмандарым, Анардын ким экенин да билбейсиңер. Силер баарыңар биздин кыштактан болсоңор, ошондо да жашыңар мага куракташ, меникинен улуу же саал кичүүрөөк болсо, анда мен Анардын жөн-жайын атайы божурап отурбайт элем го, атын атаганда эле силер кимди айтып атканымды дароо биле койбойт белеңер. Ошо силер баарыңар мага кыштакташ болбой калганыңардан эми мен Анардан аздыркөптүр кабар бергенге аргасыз болуп жатпайымбы.

Согуш бүткөндө кыштагыбызга «кара кагаз» деген балакет көп келип, ар кайсы үйлөрдөн ызы-чуу чыгара баштады. Суук кабар алгандар үй ичи менен ыйлапсыкташып, ургаачылары кара кийинишип, кемпирчалдары мөгдөй түшүшүп, бирок көп өтпөй эле баары тең өлбөгөн көр оокаттын абыгерчилигине аралашып кетип жатышты. Бир гана кыштактын чет жагында бир үйдө өзү жалгыз турган Анар деген аялды «кара кагаз» аябай жаман кылды. Жаман кылганы ушул: кара чечекей уулунан «кара кагаз» алгандан кийин Анар акыл-эсинен айнып, тамын өзү өрттөп ийди.

Буга чейин мен Анардын өзүн көрмөк түгүл, атын да укпапмын. Тамын өрттөгөнүн да өз көзүм менен көргөн жокмун. Бир күнү таң атканда эле биздин кыштак дуу дей түштү. Көрсө, айыл-апасы суук кабарды угузгандан кийин Анар адегенде нес баскандай далдырап, кээде гана чочугандай омбу-домбу сүйлөп жүрүп,



анан бир түнү акылынан тайып, тамына өрт коюп жибериптир. Анан ал ошо жалбырттап күйгөн үйүн тегерене саксаңдап жүгүрүп, каткырык салып кыйкырып-өкүрүп жүрүптүр. Айыл-апасы там күйүп бүтүп кара дүмүр болоюн дегенде араң туюшуптур. Кошуналары Анарды байлап ташташып, эртеси арабага таңып Өзгөнгө жеткиришиптир, аерден Ташкендин жиндиканасына алып кетишиптир.

Анар Ташкенден үч ай өткөндө кайтып келди. Тирүүлүктүн өксүбөгөн башка сөздөрүнө алаксып, Анарды унутуп эле калган кыштак кайрадан жандана түштү. «Бечара айыгып кеткен окшойт, баягысындай эле көрүнөт», – дешти бирөөлөр. «Жок, догдур оолукма жинин эле кагып салган го, көзүн көргөн жоксуңарбы, соо кишинин көзүндөй эмес», – дешти экинчи бирөөлөр. «Жиндин керээти дагы эле калыптыр, жакшы эле сүйлөп келатып, айнып кетет экен», – дешти дагы бирөөлөр. Айтор, Анардын аты аял-эркек менен кары-жаштын оозунда эрмек болду.

Мен өмүрүмдө тирүү жинди көрбөгөн жаным Анарды бир көрсөм, деп дегдеп, бирок көргөндөн сестенип да жүрдүм. Аңгыча болбой төшөктө жаткан апамын алын сураганы Анар өзү эле биздин үйгө келип калды.

Ырас, адеп эшиктен киргенде анын Анар экенин билгеним жок. Маасы-галошчон, кыжым чапанчан, эски ак жоолукчан, тышкы көрүнүшү кыштактын башка катындарыныкынан эч айырмасыз бир жалпак бет катын кирип келди да, төшөктө жаткан апам менен эки колдоп учурашып, божурап эсен-соолук сурашты. Ал нускалуу аялдардын каадасын бузбай салынуу көрпөчөгө көчүк басып, апамдан: «Кандай, ооруңун жылышы барбы?» – деп дагы сурап койду. Апам: «Кудая шүгүр, жакшы элемин, турпактан тышкары кыбырап турам, – деп даяр жообун айтты. – Кандай, Анар, өзүң жакшы барып келдиңби, сакайып алдыңбы?». Мен ошондо тиги

нускалуу көрүнгөн аялдын Анар экенин биле коюп, чочуп кетип жүрөм.

Эми мен Анарды, ар бир сөзү менен кыймылын кыя өткөрбөй, ыкылас коюп аңдый баштадым. Ал көпкө дейре чай ичип, соо кишилердей эле сүйлөп, суроолорго жөндүү жооп берип отурду. Кыймылдары деле соо кишиникиндей экен. Менин ынтызарым дароо сууп, күндө эле угуп жүрчү соо сөздөрдөн жадап кетип, эми эшикке жөнөйүн деп жатсам, капыстан Анардын кеби айный түштү. Мен адегенде таңыркай калып, анан чыдай албай бырс күлүп жибердим. Анар андан бетер кызык дөөрүгөндө, мен аябай быкылдап күлдүм. Апам да муңайым жылмайып, берки отурган аялдар да жапырт күлүп ийишти. Анар күлкүдөн эреркеп ээлигип кетти. Анын ээ-жаа бербей көбүрүп-жабырганы, маанисиз чалды-куйду кажылдаганы эми менден башка эч кимдин күлкүсүн келтирбей калды. Тырчыган алсыз үнү менен: «Мээми кагып алдың, Анар, кичине дем ала турчу», – деди апам.

Апамдын сиңдилери кепке кызып алган Анарды араң тыйышып, колуна эки нан карматып, алдап-соолап араң жолго салышты. Бөлмө бир азга тунжурай түштү. «Бечаранын эски дарты кармап калган турбайбы, – деди апам бир аздан соң. – Элдин көбү билбейт, бу Анар илгери, жаңыдан келин болуп келгенде, ушинтип жинденп кеткен. Анда күйө тургандары бар экен, бакшыга салып, ысыктап багып атып айыктырып алышкан. Катуу күйүт ошо эски дартын кайра козгогон тура ырысы жоктун. Оңолгонсуп эле калыптыр, эми деле эки-үч кой союп ысыктаса, окутуп-чокутса, жакшы болуп кетчүдөй. Атаганат, эми ошентчү киши кайда, багар-көрөрү жок коколой калбадыбы шордуу!»

Анар-жинди ошо бойдон оңолгон жок, оокат-тиричилигине карабай, тарки-дүйнө[1] болуп кетти. Күн сайын кыштактын башынан аягына аралай чаап, ар кимдикинен буюрган ырыскысын терип жеп, өлбөстүн күнүн көрүп жүрдү. Кышында гана балтырын итке каптырып, каптырган жери кабылдап кетип, эки айча күйгөн үйүнүн эл эптеп бүтөп берген бөлмөсүндө жылбай отуруп калды. Ошондо бир аз тамак-аштан кыйналса, дени-карды соосундагыдай кара курсактын кайгысын анча деле тарткан жок.

Анар керээли-кечке айылчылап жүрөт, кирген үйүнөн тамак ичет, атүгүл бирди-жарым нан ала чыгат. Ал нанды сурап деле албайт, кишилер тек боору ооруганданды өздөрү берет. Айтор, күн сайын эртең менен өйдө карай салт өтсө, кечке жуук ылдый карай нанга толгон түйүнчөк көтөрүп өтөт. Бирок ал биздин маалага кемде-кем келет. Эмне үчүн дегенде, анын үйү күңгөй өйүздүн чатында, ал эми күңгөйдөн биз жак өйүзгө өтчү жалгыз көпүрө биздин туштан кыйла өйдөдө. Ошол себептен биздин маала Анардын көндүм жолунан обочо, кыйчалыш калат.

Май айында биздин чакан дайра сайга батпай кирип, өйдө жактагы көпүрөнү шыпырып кетти. Суу тартылганда жаңы көпүрө биздин туштан ылдыйраак салынды. Эми Анар өйдө-ылдый биздин мааланы аралап өтө баштады. Бирок анын жолдон өткөнүн мен эртели-кеч көрө албай жүрдүм. Чоң жол бийик өскөн жүгөрүлөрдүн далдаасында калган эле.

Жүгөрү орулганда чоң жол шаңк этип ачыла берди. Жолборс жолдон каттаган киши-карага үйдөн дегеле асылып кетчүдөй адырандап чыгып, жакындап барганда кайра тайсалдай түшүп, эки-үч мертебе калп эле арс-арс үрүп коюп, кайра артына кайтып жүрдү. Бул анын көнүмүш адаты эле, тек гана доңуз айбаты эле. Иттин бу сырын билгендер анын адырандап келаткатнын тоотушчу эмес, камырабай беймарал өтө беришчү. Жолборстун ошонусун Анар гана чын көрүп алыптыр.

[1] *Тарки-дүйнө* – биротоло акылдан адашты.

Мен өзүм көргөнүм жок, көргөн балдар айтышты: бир күнү кечинде Анар биздин туштан ылдый өтүп баратса, Жолборс ага адатынча абалап жетип барыптыр. Ит артына кайра тартарда, коркуп кеткен Анар жолго отура калып, түйүнчөгүнөн бир нан ала коюптур. «Мечи деги, раистин жугундусуна тойбой атсаң, ме, тоюп ал!» – деп бир нанын итке ыргытып ийиптир. Жолборс нанды баса калганда, Анар аны менен кадыресе кишидей урушканча жолго түшүптүр.

Каптыргандан бери ит аттуунун баарынан жүрөгү түшүп калган Анар ошондон кийин өйдө-ылдый өтсө нан таштап бере берип, Жолборсту жаман үйрөтүп ийди. Анарды аңдыганы аз келгенсип, ит эми башкалардан үмүт этип, тааныш эле кишилерге каап ийчүдөй тап кылып, алардын артынан калбай арсылдап, айласын кетире баштады. Күн сайын мектепке каттачу кыздар Жолборс чуркап келатканда эле чай-чуй кыйкырышып, туш тарапка дыр качышып, итти ого бетер эрдемситип салышты. Анан кыздар Анарды туурап итке нан таштап берип өйдө-ылдый тынч өтүп жүрүштү. Бекер оокаттын кынысына кирген даңгыт кыш түшкөндө уят-сыяттан бүтүндөй кол жууп, «кой-ай» дегенге көнбөй, өткөн-кеткендин астын тороп, жолдун как ортосуна жатып алмай адат чыгарды. Локуя комдонуп жатып, болор-болбос ыркырап, жолоочу четтей басса кошо жылып, бирдеме үмүт этип акыйып, торогон кишисин биздин үйгө кыйкыртчу болду. Бирок Жолборс чакырганыбызга кулак какпай, үйдүн нанына азгырылбай, какыс-кукус кылганыбызды деле эч тоотпой калды. Итибиздин ээнбаштыгын жакшылыкча койдура албай, анын айынан арыз-наала да көп угуп ийдик. Ошондо атам: «Кысталак, дурус эле ит эле, паракор болуп кетти, – деп кейиди. – Капырай, тим эле паракорго шакирт жүргөндөй иш кылат! Кой, муну байлабаса болбойт, байлап салгыла!»



Мойнуна каргы тагып, терең кагылган жоон казыкка бышык эле жип менен байлап койсок, өмүрү байлоо билбеген ит алкынып-жулкунуп жатып жибин үзүп кетти. Өчөшкөндөн чынжырлап байлап таштасак, бошоном деп урунуп-беринип, дагы үзөм деп өлөрмандыкка салып алкынды, чынжырын тындырбай шалдыратып, кыйлага чейин казыкты чарк айлана берди. Шайы ооп, мойну ооруп, бу шалдыраган салмактуу неменин үзүлбөй турганына көзү жеткенде Жолборс акактап туруп калды да, заманасы куурулгандай кыңшылап жиберди. Тамак ичпей кезерип, бу жагынан да кууланып көрдү. Антсе да, мынтсе да эчтеме чыкпаган соң ит өз пейлинен тапкан жаңы тагдырына аргасыз баш ийди.

Бирок кыш ортосунан Жолборстун кыялы кескин бузула түштү. Болор-болбоско кыжырланып, ачуусу мурдунун учуна тез чыгып, чыргоолоно баштады, таанышгарга деле ыркырап, чоочун кишилерге албууттанып жулунмай адат тапты. Бир жаалданып алса, көпкө сабыр токтото албай, үрпөйө түшкөн жогдорун кайра жаткыра албай, бир калыпта жай ырылдап, казыкты тегерене берчү болду. Буулукканда ушинтип атабы деп күндүз маал-маалы менен агытып көрдүк. Анда Жолборс мал-салга катылып, жолдон өткөндөрдү дыркырата кууп, атчандарга асыла кетип жатты. Бир сапар күндүз коё берсек, ал биздикине келаткан карыя абабызды байкатпай куду май куйрук туштан каап алды. Чапандын калыңдыгына баракелде, иттин тиши чалдын этине өтпөй калыптыр. Ошо жолу Түмөн Жолборсту байлап алып эси-көөнүнөн кеткис кылып аябай сабады. А деле пейли бузулган итке сабак болбоптур. Ал кийин райондук милициянын начальнигине асыла кетпедиби.

Райондук милициянын начальниги Бейшеке Ургазиев жазгы айдоо маалында колхозго уполномоченный болуп келип, биздин үйдө жатып жүргөн. Ал өзү жапал-

даш бойлуу, ыраң-мүчөсү зайпана чалыш[1], кылыктангандай кыңылдап сылык-сыпаа сүйлөгөн, кулунча кишинеп күлгөн киши экен. Эрмеги эле китеп экен, көп окуй берип өзү да китептегидей сүйлөп калыптыр. Күп-күп сүйлөп чыкчырылган начальниктерди көп көргөн кыштак калкы Бейшеке Ургазиевдин илмейген назик келбетине тойбой, сыпайы жосундары менен кыңылдап сүйлөгөнүн аябай өгөйлөдү. Жоро-шайтан аны келеке кылып алды.

Жоро-шайтан демекчи, а дагы бир кызык киши. Уруштан келгенден бери лесхоздо корукчу болуп иштейт. Уруш чыга электе айылдагы аткаминер кызматтарга жармашып жүрүп, акыры сельсоветтин төрагасына чейин көтөрүлүп барган экен. Ал ошондо аябай катуу көпкөн дешет. Көпкөнүн мындан билгиле: жаш эле катыны турса, үстүнө Жаркынай деген сулуу кызды токолдукка алат. Жаркынайды аларын өзү алып, нике күбөлүгүн өзүнүн кем акыл инисине жаздыртып таштайт. Ошентип Жоро-шайтандын сулуу токолу документ боюнча акылында тубаса майыбы бар кайнисинин жары болуп калат. Душмандары Жоро-шайтандын үстүнөн эки катыны бар деп «тоголок» арыз жазышат. Райондон тергөөчү келгенде Жорс-шайтан көрөр көз зайыбын келиним деп айтып, далилине алиги нике күбөлүгүн көрсөтөт; кошумча далил болсун деп Жаркынайды өзүнөн качыртып «акелетип» тергетип да коёт. Бирок күнүчүл жаш байбичеси айгак чыгып, анын айыбы ачылат да, сельсоветтиктен ыргып түшөт. Түшкөн ызасына чыдабай: «Үч жүз отуз үч талак койдум, төрт тарабың кыбыла, кааласаң баягы тергөөчүгө тийип ал!» – деп жаш байбичесин айдап иет. Анан нике күбөлүгүн жаңыртып, Жаркынайды инисинин наамынан өзүнүкүнө каттатып алат.

Корукчу аты эле болбосо, Жоро-шайтан токойду сыртынан багып, дайыма кыштакта бекер жүрөт. Баса,

[1] *Зайпана чалыш* – аял сыяктуу.



ал маал-маалы менен уучулукка чыгып, жазында бөлтүрүктөрдү кармайт, күзүндө карышкыр да чаап алат. Ошондон улам кээ бир нускалуу карыялар аны «Жоробөрүчү» деп кадырлап айтышат. Бирок анын чындап кылган иши – бакылдап элди күлдүрмөй. Эртели-кеч устакананын алдына чогулгандарга тамаша салып турбаса жарпы жазылбайт. Ырас, ал чукугандай сөз таап, калпты-чынды койгулатып күлкүлүү сүйлөйт. Бир гана айыбы: кебине уятты көп аралаштырып, шалпып кетет. Бир жеринде өксүгү бар киши көрсө, ач кенедей жабышып, кайра-кайра келекелеп асыла бермей адаты да бар. Деги ал бирөөнү күлкү кылбай тура албаса керек. Бейшеке Ургазиев биздин кыштакка келгенден бери Жоро-шайтандын күнү куду оңунан тууду белем!

Мен бир күнү чоң кишилердин сөзүн укканы устаканага барып калсам, Жоро-шайтан бак-бак этип атыптыр. Адегенде эле анын: «Катын эле болчу кейпи бар, катын болсо келишкен жубан болот эле, кысталак!» – дегени кулагыма чалынды. Жаңы начальникти кеп кылып жатканын мен дароо аңдай койдум. Жоро-шайтан: «Кудай таала оюнда ургаачы эле кылып жаратайын десе керек, баарын ургаачы кылып жасап келип, бир жерине келгенде гана жаңылып калган экен... – деп дагы шалпып кетип, анан кайра ыймандуу сөзгө кайрылды. – Катын эле болуп калганда эмне? Керилипчоюлуп, кыңылдап кылыктанып, көзүн сүзүп турса... кысталак, мендей азамат уулдар колуна өлүп берет болчу! Башкаларды ким билсин, мен жан аямак эмесмин, көргөндө эле дубанадай ак уруп артынан түшмөкмүн. Ой-боюна койбой имерип алмакмын. Жаркылдаган Жаркынай сулууман да кечип иймекмин. Ошондо бир катындан арманым чыгат эле, кысталак!» Жоро шайтан бирдемеге сугун түшүргөндөй жаланып-жаланып койду эле, анын ар бир сөзүнө эле күлүп отургандар кыраан-каткы түшүп калды.

Күлкү сээлдей түшкөндө Жоро-шайтан: «Өгүнү экөөбүз кызык болбодукпу, – деп сөзүн узата берди. – Мен кызматтан суй жыгылып чарчап келатканмын. Начайлик чочугандай Жалгыз-Жаңгактын кырына чыгып барыптыр. Көңүл сергитип келейин десе керек. Атын отко коё бериптир. Өзү болсо катынча өчөйүп отуруп алып, көк майса чөптүн башынан мына минтип эркелетип сылап атыптыр. «Ассалоомалейкум!» деп барк этсем, селт чочуп кетти бечара. Кызга окшоп кыпкызыл боло түштү. Куду кашына балпаң-балпаң басып бардым дагы, кыздыкындай маез колун ушу рабочу колум менен кабыштыра кармадым, кысталактыкы! Колун коё бербей, кайра-кайра кабыштыра кысып: «Саламатсызбы, амансызбы, бакыбатсызбы, жакшысызбы, дуруссузбу?» деп дегеле узакка эсен-соолук сурашып туруп алдым. Начайлик болсо «жакшы, жакшы!» деп кыңылдап, колун кыскан сайын «ой, аксакал, ой, аксакал!» деп ойкуштап, бойго жеткен кыздай бураңдай берди. Кысталак, бир маалда көзүмө кыз эле көрүнүп кетпеспи. Шап кучактап, көкүрөгүмө кысып ийгеними өзүм билбей калыпмын. Жаагым чуу дегенде бир эсиме келдим. Начайлик кучагыман жулунуп чыгып, кызаңдап урушуп, мени катырып сөгүп калды. «Акмак!» деп, «келесоо!» деп, «наадан!» деп ого эле көп сөз айтып чукчуңдады. Ошондогу менин сүйүнгөнүмү айтпагыла! «А-а, бар экенсиз го, жолдош начайлик! – деп арсалаңдап күлдүм. – Мына эми өзүңүзгө келдиңиз!. Бизге окшогондорго ушинтип кыргыйдай тийип турсаңыз! Сөгүп турбаган начайлик да начайликпи!» Ошентип аржалактасам, кайран эр ого бетер ачууланып, ачуусуна чыдабай атына мине качты, минген бойдон өчөңдөп жүрүп берди... Жок, жинине тийсе бу деле түзүк эле чукчуңдайт экен, кыздай кылыктаныпсылык сүйлөгөнүн да унутуп калат экен!»

Жоро-шайтандын айтканы жарым-жартылай чын экен. Ал начальникти кучактап го ийбептир, бирок колун бир саамга кыса кармап, тамашага чалып бакылдап тура берип, чын эле анын ачуусун келтириптир. Ошонун эртеси атам Жоро-шайтанды чакыртып алып, жети өмүрүн жерге киргизе жекириптир. Деги атам Бейшеке Ургазиевге айрыкча жан тартып, анын кадыр-баркын бекер ооздордун келекелүү кеп-сөзүнөн көп арачалады. Жаңы начальник ага бардык жагынан жагып калгансыды. «Билимдүү деген ушундай жумшак болот, – деп аны сыртынан мактап жүрдү атам. – Кишинин шагын сындырбайт, көрүнгөнгө бейжай короңдой бербейт. Сойсо да билимдүү сойсун кишини. Чочоңдоп чоңсунгандын баары мага окшогон караңгы немелер».

Бир күнү Бейшеке Ургазиев жогору жакка меймандап кетип, эл жатарга чейин келген жок. Биз байлоодогу Жолборсту агытып ийип, жатып алганбыз. Мен катуу уйкумун айынан түндө болгон дүрбөлөңдү түйбай калыпмын. Көрсө, барган жери «жатып эле алыңыз» деп суранса болбой, начальник жети түндө биздикине келе бериптир. Өчөйүп бастырып келатса, килеңдеп бош жүргөн Жолборс ага капыстан асыла кетиптир. Ат үстүнө чапчаң секирип, Ургазиевдин көкүрөгүн апчый аркырап, кителинин сол төшүн айрып түшүптүр. Муну мага эртең менен турганда Түмөн сүйүнчүлөп айтты.

Жолборстун жоругу атамы аябай беймаза кылды. Ал мен ойгонгондо эле эшикте наалып аткан экен, баарыбыз чайга отурганда деле бирде итти беймаал агыткан бизге сүйлөнүп, бирде иттин өзүнө ачууланып, бирде кителдин айрылганын айтып, өзүнчө эле наалый берди. Кителди жамап отурган жаңы апам да атама кошулуп кейип алды. Бир маалда Бейшеке Ургазиев чыдабай кетти. «Койсоңуздарчы, жарыктыктар, – деп кыңылдап жиберди ал. – Сиздер мени абдан ыңгайсыз абалда калтырып жатасыздар. Ырас, иттин мага асылганы принципте өкүнүчтүү факты деңизчи, бирок аган кейип-кепчүүнүн эч кажети жок».

Атам наалыганын тыйып, астындагы пияланы колуна элды. Бир саамга нандын чалп-чалп чайналганы менен чайдын шоркурата ичилгени гана угулуп турду. Атам ичип бүткөн чайынын түбүн жерге серпип таштап, пияласын Түмөнгө суна берди да: «Жолборс бизди жаман уят кылып койду, найсапты бүгүн эле аттырып салам!» – деди. Ургазиев селт чочуп, колундагы чайын төгүп ала жаздады. Алдастап шашканынан: «Жо-жок, аксакал, антпеңиз, кереги жок, кереги жок!» – деп безилдеп жиберди. Жаңы начальник, Жоро-шайтан айткандай, жини келгенде гана эмес, шашканда да башкалардай эле бат-бат сүйлөп иет экен. Атам анын оозуна таңыркай карап калды.

Бейшеке Ургазиев бир аз ойлонуп туруп, анан адатынча жай кыңылдады: «Иттин өлтүрүлүшүнө мен принципте каршы эмесмин, принципте ал башкаларды да каап алышы мүмкүн. Бирок сиз бир нерсени эске албай жатасыз. Арийне, райондо ажыкыз жолдоштор аз эмес. Эгер ит өлтүрүлсө, сиз менен биз дагы бир шылдыңга негиз берип койгон болобуз. Ит атыла турган болсо, эртең эле дагын бир анекдот чыгат. Айтор, «Ургазиев командировкага барып, чоңдугунан пайдаланып, бир ит аттырып келиптир» дегендей бирдеме чыкпай койбойт. Мындайды башымдан көп өткөрбөдүмбү. Сиз билет бекенсиз, билбейт бекенсиз, менин бир аз үшүкчөөл жайым бар. Мен быйыл кышта, күн өтө суук болуп турган эле, райкомго чейин жөө бардым, баргыча калчылдап үшүп кеттим. Ошол үшүгөнүмдү көргөн ажыкыздар дароо гана бир анекдот чыгара коюшуптур. Мен анекдотту тузу менен айта албайм, ошентсе да айтууга далалат жасап көрөйүн...»

Өзү айта баштаган анекдот боюнча, Бейшеке Ургазиев кышкы суукта райкомго колу менен оозун камтууга да шайы келбей, тоңуп кириптир. Кире берип кабинетте отургандарга бирдеме деп айтканы карышкан оозун күч менен чоң ачыптыр, бирок араандай ачылган оозун кайра жапканга шаасы жетпей, аңкайган бойдон карышып туруп калыптыр. Аңгыча болбой аны кимдир бирөө меш жанына делдейте көтөрүп барып, ошо селейип каткан калыбында дубалга жөлөп коюптур. Карышканы жазылбай, жаагы жабылбай меш жанында жөлөнүү турган Бейшеке Ургазиев жарым сааттан кийин гана: «Са-ла-мат-сыз-дар-бы?» деп үлдүрөп үн катыптыр. Көрсө, чыгып келатып тамагына тоңуп калган салам сөзү жарым саатта араң эрип, оозунан араң-араң муун-мууну менен түртүлүп чыккан экен.

Зыңкыйып тоңуп калган Бейшеке Ургазиевдин оозун аңырайта ачкан бойдон карышып, меш жанында кыймылсыз селейип турганы көзүмө даана элестей түштү. Мен кыстаган күлкүмү кармай албай бышкырып ийдим. Жаңы начальник өзү да мага удаалаш кулунча кишинеп күлүп калды. Атам мага жаман көзү менен акырая тиктеди, мен коркконуман тиңшийип жер карай бердим. «Эчтеме эмес, аксакал, – деп атама карап жай кыңылдады начальник. – Бул өзү күлкү чакыра турган анекдот, адеп укканымда өзүм да күлгөнмүн. Бирок күлкүгө объект болуу кимге кызык? Жок, мен эми сиздин иттин айынан да күлкүгө калгым келбейт. Эгер мени белгилүү өлчөмдө сыйласаңыз, итти азырынча өлүмгө кириптер кылбаңыз. Сизден суранам: мага ит асылганы жөнүндө эч кимге эчтеме деп айтпасаңыз экен!»

Ажалы жеткен эмес экен, Жолборс мында да аман калды. Бирок ошондон көп өтпөй эле ит төрт жыл бою кызыл кыргында жүрүп, алты санынын кыпындай жерин окко чарпытпай, уруш бүткөндө «Даңк» орденинен үчөөнү катар тагынып келген Айдараалы-бырыкна деген кедейген кодоо жигитти каап алды.

Биздин кыштакта Айдараалы аттуудан экөө бар, аларды бири-биринен Айдараалы-бакырчаак жана

Айдараалы-бырыкна деп ажыратат. Бырыкнасы ушул кошумча атын уруштан кийин алыптыр, ага чейинки аты Айдараалы-бир метр экен. Ошо кодоо Айдараалы аскерден келген күнү бозодон саал ашыкча ичип коюптур, согушка барып келген жолдоштору бирдеме айтса эле анын баарына орусча «брыхня» деп кол шилтеп, кыткылыктап күлө бериптир. Ал ошондон кийин Айдараалы-бырыкна деген жаңы атка көчүптүр.

Мен уйку-соодо ыңгыранып жатканмын. Сырттан иттин «арр» эткени, бирөөнүн ачуу кыйкырганы, атамын көнүмүш «найсабын» айтып бакырганы капыстан кулагыма шак этти. Мен ыштанчан эле эшикке жүгүрүп чыктым. Атам качкан Жолборсту таш менен уруп кубалап баратыптыр, Айдараалы-бырыкна канжалай түшкөн оозунун үстүн кармагылап, калтырап куту учуп, сөрүнүн жанында туруптур, жаңы апам күйгөн оту бар очокко куйкум жытын буркурата курмушу куйкалап атыптыр.

Көрсө, түндө агыткан Жолборс кайра байлана электе Айдараалы-бырыкна биздикине жумуштап келаткан экен, тамдын капшытынан кедең этип чыга калганда, пешайбандын бурчунда жаткан дөбөт ага илбирстей асылып тийип, ар этип беттен алыптыр.

Иттин курч тиши Айдараалы-бырыкнанын куду үстүңкү эрдине кириптир, тиш тийген жер кийин ок тийгенсип тырыйып бүттү. Тырыгын жашырам деп Айдараалы-бырыкна мурутун коё берди. «Бир эсептен ит ырас эле кааптыр, – деп ал кыткылыктап күлүп жүрдү. – Каппаса кайдан муруттуу болот элем». Коё берген муруту Айдараалы-бырыкнага куп жарашып, аны кадыресе салабаттуу кылды. Бирок Жолборс өзү каап алган адамынын муруткa жетинип, салабаттуу боло түшкөнүн көзү менен көрбөй калды.

Ошо Айдараалы-бырыкнаны капкан күнү эле атам Жолборсту өлүм жазасына буюрду. Түштөн кийин окучу элем, мени атам сабактан келерим менен Ит атаарга жумшады. «Айт, эртең саарлап келип, атып таштасын», – деди. Мен ашканадан нан ала чыгып, Улукбек акекин көздөй бет алдым.

Тескей бет көгүш күүгүмгө чөгүп, күнгөй кара көлөкөгө басылып, жыбылжып ымырт түшүп келаткан маал. Мен чулчуңдап нан жегенче Ит аардыкына кетип барам. Үйү биздикинен кыйла эле алыс, аныкына жеткиче далай бар. Мен Ит атаардын аны-мунусун эстеп күлүп калам, анын жаңы калптарынан дагы угат экенмин деп ичимен кымылдап да коём.

Ит атаар – биздин кыштактагы бештен белгилүү адам. Биздин көзгө басар мергенибиз да ошол. Кокус бирөөнүн үю же ити кутуруп кетсе, дайыма аны чакыртып аттырышат. Анан калса ал чын эле көзгө атар мерген – кандай жаныбар атпасын, как көзгө атып жыгат. Бир сапар мен өзүм көргөнмүн: жогорку мааланын кутурган бир уюн коктуга байлап коюшкан экен, Улукбек аке алыстан эле атып ийген, атып ийсе ок уйдун оң көзүнөн кирип, сол көзү ченден тешип чыккан. Мен өзүм көргөнүм жок, көргөн балдар айтышат: Улукбек аке ит атса да ар дайым көзгө атып жыгат экен. Ошентkende иттин териси бузулбайт имиш, жогорку сортто өтөт имиш.

Анткени менен Улукбек аке итти көп деле атпайт, иткe караганда суурду көп атат. Туш келип калса кашкулак, түлкү, арс чычканды да соо куткарбайт. Деги терисин өткөрсө боло турган жаныбардын баарын ылгабай ата берет. Ошентип жатса деле аны эл эмнегедир «Ит атаар» деп айтат. Улукбек аке ушул ылакап атына мас болуп алганда аябай арданат. «Мен ит атаар эмесмин! – деп элге жар салып бакырат. – Мен «Заготожипсыройго» ыштатны акотник-агинтмин!»

Анын минтип айтканы калетсиз чын. Уруштан келген соң Улукбек аке айлыктуу экен деп ушул ишке турган, райондук «Заготживсырьёнун» чоңу Акынбек

Коёнкөзовго тогуздап-тогуздап кекилик тартуу кылып, анан менин атамды да арага салып жатып араң орношкон.

Улук акенин аттай кажырлуу бир кара эшеги бар. Аны коделегинде Ит атаардын тун уулуна таенеси энчилеп берген экен. А кезде Улукбек аке урушта экен, уруштан ал кара коделек кадыресе эшек болуп калганда келиптир. Өзгөнгө түшөр замат кеч кирип, түнөп кеткени өзбек ашынасыныкына барыптыр. Ошо жерден эшекчен базарчылап келген тун уулуна кабылыптыр. Тууган үйү көзүнөн учкан Ит атаар түнгө карабай кыштакка жол тартыптыр. Уулу экөө кара эшекти алмак-салмак минип отурушуп, үйлөрүнө таңга жуук келишиптир. Үй-бүлөсү түгөл экенин көрүп Улукбек акенин көңүлү жайланыптыр. «Он беш күндөн бери уйкум кана элек, бир алп уйку салбасам болбойт – дептир ал бала-чакасына. – Эртеңкиге чейин келгеними эч ким билбесин, мишайт кылышат».

Ал айтканындай эле туура бир сутка уктап, эртеси шашкеде эшегинин айкырыгынан ойгонуптур. Ойгоноору менен: «О коңгуроодой болгон доошуңан айланайын! – деп эшегине жалынып жибериптир. – Ак жолтой экен, жаныбарым, ак жолтой экен!» Кийин өзүнө учурашканы келгендерге да: «Ак жолтой эшек экен, уулум экөө мени Өзгөндөн тосуп алышпадыбы, – деп тамашасы жок мактана бериптир. – Түшүндө эшек минген кишинин иши оңолот имиш. Мен кызылдай өлүмдөн эсен-соо кайттым, үйүмө түшүмдө эмес, өңүмдө эшек минип келдим. Буюрса, ыкыбалым көтөрүлөт экен!».

Улукбек аке кара эшегин жанындай көрөт, дайыма «Кара айгыр» деп ардак менен атап, күлүк аттан бетер бапестеп багат. Бирөөгө асти мингизбейт, сураган кишиге өлүп баратса да бербейт. «О кайбар эй, өзүмдү «сен» деп, кара айгырды «сиз» деп жүрсөм, кулакка гана койгулап иштеткиң бар ээ?!» – деп кергиштейт. Ошентет да карт кекирип коёт. Мунусу – бир чети «сөз бүттү» дегендин, бир чети «бозого тоюп алдым эле» дегендин белгиси.



Ал жайдыр-кыштыр үзбөй бозо салдырат. Жемине аралаштырып бере берип эшегин да бозокор кылып алыптыр. Улукбек аке анда-санда бозодон аракка да кирип кетет. Өзү арак ичкенде, эшегин да кур ооз калтырбайт экен. «Ит атаар оңбойт, киши кылбагандын баарын ушу кылат, – деп чоң кишилер күлүп калышат.– Кичинеден берип жүрүп, эшегин да аракка үйрөтүп коюптур, капырай!»

Улукбек акенин ошентери деле ырас окшойт. Ал айына бир жолу райондун борборуна тери өткөргөнү барат. Ошондо эшегине куудураган терилерин үйө артып алып соо кетет да, кайра эшегинин жонуна конуп мас кайтат. Нары-бери оолжуп, алды-артына тоңкочуктап, үйүндөгү зайыбы жанында тургансып: «Ой, катын! Катын!» – деп улам-улам чакыра берет. Алка-шалка тердеген эшеги да башын кейкейте көтөрүп, куйругун казыктай чычайтып, дегеле алчылана басат; үйүнө жакындаган сайын алкынгандан алкынып, анда-санда буттары чалыштаса болбой адырандап, кайра-кайра айкырып кулак тундурат... Эртеси ээси үйүндө башын мыкчый кокуйлап жатса, эшеги малканада өйдө боло албай очорулуп калат.

Улукбек акенин дагы бир кызык жоругу бар. Ал жыл сайын тоокту көп багат, бозодон ичи каарылып же этсиреп кетсе эле, бир тоогун чыгаша кылат. Бирок ал тоокту элчилеп мууздап жебейт, дайыма атып жейт. Союла турган тоокту уулу же кызы, алар болбосо башка балдардын бирөө тамбашына алып чыгып, ошо жерден көкөлөтө ыргытып берет, жерде «мантикирис» мылтыкчан даяр турган Улукбек аке «чып» дедире атып калат, тоок кээ-кээде эле жерге тирүү түшпөсө, демейде өлүп түшөт. Тамбашынан мен деле далай тоокту көкөлөтө

учуруп бергенмин, ошолордун бирөө гана жерге тирүү түшүп, кукулуктап сайга качып жөнөгөн, качып баратканда как койкоктогон башына ок тийип, томолонуп кеткен... Ушинтип тоок атканын Улукбек аке «тирнирөпкө» деп атайт. Тоогуна жерге түшкүчө тийгизсе эле ал: «Мынтип тирнирөпкө кылып турбасаң, сынайперче атканды да унутуп каласың», – деп чүйрүйүп коёт.

Улукбек аке деги кыштагыбызды кеп менен күлкүдөн өксүтпөйт. Соосунда кылгандары эле кары-жашка күнүмдүк эрмек болот, ал эми мас чагында кылгандары кыштакты көп күнгө дуулдатат. Элдин баары эртели-кеч Улукбек акенин чалды-куйду жоруктарын айтып күлө берет. Кээ бирөөлөр гана: «Бу башта мындай эмес болчу, уруштан ушинтип айнып кайтты», – деп калышат. Анын айныганы кеп-сөз болсо эле Жоро-шайтан туурадан чытат. «Ит атаардын кантип айныганын мына менден сурабайсыңарбы, – деп бак-бак этет ал. – Бу сынайперлик кылып жүрүп, уруш бүтөрдө десанты вызботко туш болбойт бекен. Барган күнү эле жонуна парашут таңып туруп, айрыпландан куркуратып таштап ийишиптир. Ит атаарың өлсө да жөн өлбөй калсын, ошондо да элден башкача болом деп шумдуктаныптыр, эл буту менен түшүп атса, ал башы менен жерге түшүптүр, жердин катуусун жаман башы менен сынап көрүптүр. Мунун мээси ошондо козголуп калган, аны силер билбейсиңер, мына, мен билем!»

Былтыр бекен, айтор, бир жолу кечинде атам, жаңы апам, абаларым болуп Улукбек акенин кылыктарын сүйлөшүп отуруп калышты. Мен кыябы келе түшкөндө: «Ит атаар мурда башкача экен го, аскерден айнып келген имиш го?» – деп сөз арасына кыпчылдым. «Каяктан айныйт, апенди чалыш пейли башта эле бар болчу», – деди атам. Анан ал Улукбек акенин жаш чагын эскере кетти: «О илгери анда калкоз жаңыдан куралып жаткан маал, мен тоодон түшүп келайтсам, капталдагы дологонун түбүнөн эле бир кол сербеңдейт. Карасам – ушу Улукбек. Бирдемени өңүп отурганбы, мага «токтой тур эле токтой тур!» дегенсип кол жаңсайт. Аттын башын тартып, карап калдым. Улукбек мынтыгын жол жакка сунуп, көпкө дейре шыкшыйып мээлеп, бир маалда атып ийди. Ал мынтыгын сүйрөй чуркады, мен аттын башын коё бердим. Ок тийген ченге жетип барсак, эчтеме жок. Бозала болуп осолдой түшкөн Улукбек чөптүн арасын бир тээп: «Коён дедим эле, тезек экен!» – деп ырсайып турбаспы».



Атам сөзүн бүтөр-бүтпөй баарыбыз дуу күлүп ийдик. Жаңы апам аябай ыкшып күлүп, көзүнүн жашын жоолугунун учу менен сүртө берип, атамдан: «Баягы кароолчу болгондогусун айтып берсең?» – деп сурады. Атам бир паска башын кыйшайта күлүмсүрөп турду да, кайра кепке кирди:

«Уруштан мурда кароолчу да кылып көрбөдүкпү бу Ит атаарды. Калкоздун кеңсесине үйү жакын, кирипчыгып карап турат дегенбиз. Карарын го жакшы эле карап жүрдү, калпычылыгы бизди аябай жадатты. Мен ошондо билбедимби, калпты бир шумдук айтат экен, капырай! Бүгүн сенден бирдеме укса, эртеси эле аны сага таптакыр башка кылып кайра айтып берет. Айтып берсе, кечээ эле өзүң айтканды кайра өзүң таанбай каласың. Кайдыгер калп айтса го мейли эле, калпына калкоздун ишин аралаштырып ийбедиби. Мен билбей жүрө берипмин, Улукбек менин атымдан калптарды шыпырылтып, мага айтпагандын баарын айттырып, оозу менен орок оро бериптир. Мага туюк сүйлөп таарынгандар эле көбөйүп кетти. Бир күнү ушул эле Маати-кокуй келип, мага туюк таарыныч айтып калды. Сурамжылап атып анығына жетсем, Маати-кокуй Улукбектин дайыны жок калпын чын көрүп үрпөйүп коркуп алыптыр. «Айдап кел ошо найсапты!» дедим. Маати-кокуй Ит атаарды алаңдатып ээрчитип келди.

«Эй, жаны жок, Маатини кулакка тарттырам деп качан айттым эле сага?» Ушундай десем, жаны жок Ит атаар: «Мен аны жөн эле айтып койгонмун», – деп чүйрүйүп, турбаспы! Жети атасын калтырбай ашатып сөгүп, эсинен кеткис кылдым. Ошондо деле ал калп айтканын койгон жок. Дагы бир күнү мага Айдараалы-бакырчаак келет. Ал өзү алды-артын карабаган аңгүдүк неме го. Анысы аз келгенсип, чаарбаштыгы да оор. Ал күүлөнүп кирип келип эле: «Ит экенсиң!» – деди. Анан мени «ит» деп туюк кекетип, наркы-терки зиркилдеп баса берди. «Ырас, менде итчилик бар мойнума алам, – деп тамашага чалымыш болдум. – Эми сенде да итчилик болуп атпайбы. Ачыгын айтчы деги, эмне дартың бар?» Ушинтсем, Бакырчаак ого бетер бакырбаспы. Менин жиним келе түштү. «Ой, ормойгон арамы, бакырбай ачыгын жай айтчы!» – деп кыйкырдым. Ал менден бешбетер бакырды: «Ачыгын сен айт! Мага келген орден кана? Өзүмкүн өзүмө бер, ит!» Экөөбүз бакырышып атып араң түшүнүштүк. Көрсө, оңбогон Улукбек Айдараалыга: «Сен экөөбүзгө Калийнин аксакалдан эки орден келген экен, мен өзүмкүн алып катып койдум, ушу сеникин раис өзү алып алды окшойт», – дептир. Бакырчаактын күүлөнүп келип мага мурду менен бир тийгени ошол экен. Экөөбүз туткакташкан бойдон Улукбектикине кирип бардык. «Эй, жаны жок, экөөңөргө Калининден качан орден келди эле, ыя? – деп кыйкырып кирдим. Ит атаар дагы эле баягысын айтып турбаспы: «Мен аны жөн эле айтып койгонмун». Жаным чыгып кетти. «Жөн эле айта бересиңби, найсап! Эмне, оозуңа алың жетпейби?» Ошондо да Улукбектен сөз качып кутулбайт. «Оозуман чыгып кетсе эмне кылайын!» – деп кайра мага догурунуп жүрбөйбү! Ошо жерден Айдараалы-бакырчаак мага: «Сөзүмдү кайра алдым, жолдош раис, – деп коюп, Ит атаарга апырылып кирди: – Мына, сен ит экенсиң!»



«Аны кароолчудан бошоткуча шашпадымбы, – деди атам күлкү басылганда. – Баарыбызды кагыштырып, арабызга от жагып ийбесин деп чочуладым. Көрсө, бечаранын ошентейин деген деле ою жок экен. Өзү айткандай, калпты жөн эле айта берет экен. Иштебей тура албаган дыйкан адамдар болот, алар керээли-кечке тыным билбей кажына берет, кажынып турбаса, ооруп калат. Бу Улукбек да ошолордой эле неме окшойт, калп айтып турбаса, оорумак тургай өлүп деле калабы дейм а жаны жок. Байкап көрсөм, бу дагы бир дыйкан экен, калптын дыйканы экен. Биз анын ошондоюн билбейт экенбиз. Ит атаар кийин ушу майда балдарды ырас таап алды. Балдарга эмне? Калпыбы, чыныбы, кызык сөз болсо, жыргап уга беришет да. Улукбек болсо курсагында кайнаган бугун ырас чыгарып алат».

Улукбек аке калп жагынан биздин кыштак түгүл, бүт район боюнча эч кимди алдына чыгарбайт имиш. Чоң кишилердин баары ушундай деп айтышат. Жоро-шайтан болсо: «Кудая шүгүр, биздин уруу башкасынан жутаса да, калптан жутабайт, – деп бакылдап калат. – Мына, чынды чыңыртып айткан мен деле кээ-кээде апыртпаган киши да киапыртып коём. Анча-мынча апыртпаган киши да кишиби?! Көбүбүздүн эле калпыбыз бар, бирок баарыбыз Ит атаардын жанында шоона эшпей калабыз».

Жоро-шайтан Улукбек аке тууралу ушул сыңары тамашалуу бирдемелерди үстөкө-босток чыгара берет. Баарынан да анын «Азирети Калп-калпа» деп чыгарганы аябай кызык. Ал калпты кадыресе кишидей кылып жандандырып айтат, ага «Азирети Калп-калпа» деген ат коюп, эшек миндирип, селде чалдырып, сүлкүлдөтүп эл кыдыртып коёт.

Ошо Азирети Калп-калпа илгери биздин кыштакка келген имиш да, кийин калпычы боло турган балтыр бешик балдардын үйлөрүн текши кыдырып чыккан имиш. Ал болочок калпычылардын кээ биринин бети-

нен өөп, кээ бирин башынан сылай эркелетип, кээ бирин батага маарытыптыр, кээ бириникинен чай ичип, кээ бириникине түнөптүр, кээ биринин атасына эле алыстан салам айтып өтүптүр. Ошондо Азирети Калп-калпа Улукбек акеникине үч күн катар коно жатып, кетеринде ага ак батасын берип, оозуна түкүрүп кетиптир. Калп-калпа оозун толтура түкүргөндө болочок Ит атаар какап-чакап, азыраак жийиркене түшүптүр. Анын жийиркенгендей чүйрүйүп калганы ошондон экен.

Жоро-шайтан ушуларды укмуштантып сүйлөп келип: «Калпты Ит атаардай кылып айтыш кыйын, ага дуба кеткен, – деп багжаңдайт да, артынан каракүчкө өкүнүмүш болот. – Аттиң ай-я ошондо Азирети Калпкалпа биздин туштан атама салам айтып өткөн экен, атам «түшүңүз» деп чакырса болбой койгон экен, ошонун азабынан мен калпты жарытып айта албай жүрбөйүмбү!».

Чоң кишилердин арасында Улукбек акеге сөйкөнбөй сүйлөгөнү жокко эсе. Жадагалса эки сөздүн башын кошо албаган ноноктор менен өтүгүн майрыйта баскан ашкебилер да ага сынтагып сүйлөйт. «Эй, Ит атаар! – деп келишет ошолор. – Кана, өрдөктөрүңөн бирди-экини учуруп койбойсуңбу?» Мындай арсыз шакабаларды го Улукбек аке чиркей талагандай да көрбөйт. Баарынан Жоро-шайтандын асылганы жаман. Ал көрүнгөн жерде Улукбек акеге жабышып, а жок жерде деле ага тийиштирип күлкүлүү кеп-сөз чыгарганы-чыгарган. Өрдөктүн жапайысын же бакмасын көргөндө: «Ит атаардын өрдөгү го, быякта эмне кылып жүрөт?» – дегендей бирдеме айтпай койбойт. Бая күнү эле устаканын алдында Жоро-шайтандын элди күлдүрүп атканын укканмын.

«Айтты-айтты дээрсиңер, калптын беш жылдык пыланын Ит атаар быйыл эле бүткөрүп коёт, – деп бакылдап отурган Жоро-шайтан. – Быйыл өрдөктөрү бир укмуш балалаптыр. Кызматым кыйын эмеспи, өгүнү кечке маал кызматтан чарчап келайтсам, биздин үйдүн үстүнөн эле бир куш чарк айланып учат. Үнү кудайга жетчүдөй боздоп каркылдайт шоруң каткыр. Сүйгөн жарым Жаркынай сулуудан: «Бу кайсы куш?» – деп сурадым. Ошондо Жаркынайым жаркылдап айтып калды: «Балаңын кылганы да! Безери балаң балдарын апкеле бериптир, эми энеси ушинтип эле безилдеп атат». Көрсө, жанагы менин жарыбагырым темселеп жүрүп Сасык-Булактын сазынан талаа өрдөктүн уясын таап алыптыр, сегиз балапаны бар экен, энесин чырькыратып туруп эле баарын койнуна салып үйгө жөнөптүр, эне өрдөк артынан үйгө чейин безилдеп ээрчип келиптир. Өзүңөр билесиңер, мен бала-чакага тим эле кыргыйдай тиет эмесминби. «О, делдейген кулагыңды сенин! Баарын бүтүрүп эми ушу уурулукка өттүңбү? Бирөөнүн өрдөгүн башыңа урасыңбы, ыя?» Ушундай деп күпүлдөсөм, чычкагым өзүмү айныбай тарткан экен, кайра мага каяша айтып жүрбөйбү: «Эмне, сени кудайдын өрдөктөрүнө да корукчу койду беле? Бу талаа өрдөктүн балдары, Сасык-Булактан таап келдим», – деп турат да кысталак. Анда мен: «О делдейген кулак-мулагыңды! – деп ого бетер күпүлдөбөйт бекемин. – Кудайдыкы эмес эле, Улукбек акеңки бул өрдөк! Элден жашырып сазга катып койсо, сен балапандарын уурдап келе берипсиң. Өрдөктөрү жок эми кантип оокат кылат Ит атаар акең? Бар, каерден алсаң, ошо жерге жеткирип кел!» Ит атаардын балапан өрдөктөрүн ошентип баламан кайра көтөртүп ийдим. Ырас кылыпмынбы, ыя?»

Жоро-шайтандын ушундай апыртмаларына чоң кишилер кыраан-каткы түшүп күлүшөт. «Атаңа ыракмат, шайтан, Ит атаарды куп кана келиштиресиң да!» – деп көтөрө чалып мактап да коюшат. Ошого эрдемсиген Жоро-шайтан кээде аша чаап, өтө эле олдоксон тамаша кылып жиберет. Мурдагы жылы – анда мен

үчүнчү класста окучу элем – обу жок ойнойм деп ал Улукбек акени бөөдө өлтүрүп ала жаздаган.

Ошо сапар биз, кичинекей балдар, дем алыш күнү Улукбек акенин короосундагы чарпаяга батпай тыгылышып отурганбыз. Улукбек аке болсо бизге аңгеме салып берип аткан. Аңгеме кызып калганда, атчан бирөө короого дүпүрөтүп кирип келди. Жалт карай салсак, Жоро-шайтан экен. «Эй, Ит атаар, балдарга өрдөгүңүн учканын көрсөтүп отурасыңбы? – деп барк этти ал. – Тоокторуңу аткыча, оозуңан учкан өрдөктөрүңү ата берсең го, качан эле кырып бүтүрөт элең. Эми жерге-сууга батпай быкылдап кетиптир, башкалар атып убара болуп атат. Капчыгайдан бир мадырабаш атып алган экен, мен: «Келе, бер, бул биздин Ит атаардыкы!» – деп колунан жулуп алдым. Ме, өрдөгүңү өзүң ал! Ха-ха-ха! Бышырып же! Ха-ха-ха!» Жоро-шайтан артына жашырып турган өлүк өрдөгүн биз жакка серпип ийип, каткырган бойдон атынын башын бурганча, өрдөк как ортобузга талп этип, канаттарын жайып жатып калды. Улукбек аке колдорун сереӊ эттире селт чочуп кетти да, тула боюн жыйра чалкалап, көздөрүн алайткандан алайтып барып, кайра бүкчүйө түштү, бетин ыйлап ийчүдей тырыштырып, мурдун чүйрүйткөндөн чүйрүйтүп, көкүрөгүн апчый кармап, онтолоп жиберди...

Аялы бетине суу чачып, колу-бутун укалап, эптеп эсине келтирип үйүнө колтуктап киргизип баратса, Улукбек аке бизге кылчая берип, үлдүрөгөн үнү менен: «Капа... болбогула... балдар... көрдүңөр го... табым кичине... айный түштү», – деди. Биз ошондо Улукбек акеге боорубуз ачып, Жоро-шайтандын ырайымсыз тамашасына кыжырыбыз кайнап, үй-үйлөрүбүзгө шылкыйып сабыры суз тараганбыз.

Улукбек акенин аябай жаман көргөн кишиси эле ушу Жоро-шайтан болсо керек. Ал аны касташкан жоосунан бешбетер жек көрөт, жек көргөнү ушунчалык –



Жоро-шайтандын атын угар замат чүйрүгүй мурду ого бетер чүйрүйүп, дүңүрөйгөн өңү каракөк тарта түшөт, титиреңдеген жука эриндерин кыбыратып, ичинен сөгүнүп жиберет. Ал Жоро-шайтандын изин баскандан жалтайлап турат, а жүргөн жерден жаа бою качып өтөт. Кокус экөө беттеше калса, Жоро-шайтан чап эле ага асыла кетет. Улукбек аке болсо каяша айтканга бурчасы[1] келбей, ызырынып купуя сөгүнгөн бойдон качып жөнөйт. Бирок ал бизге айтып берчү аңгемелеринде Жоро-шайтандан каалашынча өчүн алат, ага адамда бар жамандыктын баарын жамап сүрөттөп, моокумтабасын аябай кандырат, анын абийирин тим эле айрандай ашатып төгөт. Улукбек аке кас душманына үйүндө отуруп алып ушундай каяша айтат!

Ал чоң кишилердин калгандарын деле жакшы көрүп жарытпайт, алар топтошуп турган жерге эзели өзү басып барбайт. Барса эле баары туш-туштан чыгышып шакаба чегип кажышып, аны жүдөтүп ийишет. Ошонун айынан ал айылдагы ак тилектүү тойлорго да көз көрсөтпөйт. Мен телпеңдеп дегеле той аттуудан кур калбайм, ошо тойлордун биринен да Улукбек акени көрө элекмин. Көп кишилүү жыйындардан анын үзбөй барганы эле тажия экен. Бирок тажияларга барганда ал эркектерге кошулбай, аялдардын арасына отуруп алат экен. Анын ошентээрин мен таенемин тажиясында көрбөдүмбү.

Ал өзү жалгыз алыстан өкүрүп келип, өкүргөн бойдон сөөк жаткан боз үйгө кирип кетти. Кайра эшикке чыкканда, короодо топ-топ болуп отурушкан эркектерге сыртын салып, аялдар отурган жакка басты. Эркектер дуу күлүп ийишти. Алардын бирөө: «Эй, Ит атаар, катындардын ичинде суутуп коюптурбу, бас бери!» – деп кыйкырды. «О силердин атаңардын арбагына! – деп кыжынды Улукбек аке отурганы жатып. – Силерден көрө катындар жакшы, ушулар менен эле отурам». Аял-эркек

[1] *Бурчасы* – шайы.

бири калбай кыраан-каткы түштү. Дагы бир эркек күлкүгө аралаш дабыш салды: «Бу сен качантан бери катын болуп калдың эле?» Улукбек аке да жемин жедирбей: «О сенин атаңын арбагына! – деп корс этти. – Сендей эркек болгуча, катын эле болом!» Баары тең күлкүдөн дагы кыйракан түштү[1]. Анан бири-биринен кыйынсынган тамашакөйлөр туш-тараптан каптап киргенде, бечара Улукбек аке талоонго түшкөн итке окшоп кылчаңдап жооп беришке да чамасы келбей калды. Эки далысы уңкуя чыккыча башын төмөн түшүрүп, кулагын жапырып, түнөргөндөн түнөрүп, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп, тек жука эриндерин кыбырата ичинен сөгүнүп, отурган жерине белчесинен батып кеткенсиди. Анын ошо кыяпаты мага үлүлканасына кире качкан үлүлдөй көрүндү.

Деги Улукбек аке чоң кишилердин тобун көргөндө эле чочуңкурап, үлүлдөй жымырылып, алардын жанынан сыртын салып өткөнгө камынып, кулагын жапыра баштайт. Көчөгө чыкса эле мурчуйгандан мурчуюп, кабагын карыш түшүрүп алат. Ошентип алганы, дүңүрөйгөн өңү менен чүйрүйгүй мурдуна кошулуп, анын кебетесин ого бетер келиштирип таштайт.

Анан калса анын ыраңы аябай эле калаты-кызык. Жаңыдан төрөлгөндө киндик энеси аны сүйүнчүлөп көрсөткөнү алпарса, чоң энеси катуу чочуп кеткен имиш: «Апей! Маймыл го мунуң, апар нары!..» Улукбек акенин ынды кара ыраңы чын эле серт, көргөн кишини чочуткудай эле бар. Мурду болсо кимдир бирөө учунан чымчый кармап, анан ылдый карай чоё тартып, кайра ныгыра басып койгондой. Же өтө катуу жийиркенген бойдон бетине биротоло катып калгандай. Айтор, ал жай убакта эле көзү көргөндүн баарын жактырбай мурдун чүйрүп жүргөнсүйт, ал эми кабак түйө мурчуюп алса, жарык дүйнөдөн көңүлү аябай жипкирип турган сыяктанып калат.

[1] *Кыйракан түштү* – кулап калышты.



Чоң кишилер менен оту анча күйүшпөгөн Улукбек аке биздей балдар менен, айрыкча бизден да кичинекейлер менен аябай ынак. Бизди көргөндө анын кабагы жарк этип, бетинде жылмаюу кылактап, дүңүрөйгөн ырайында кандайдыр бир мээрим пайда болот, атүгүл мурдун чүйрүп жийиркенгенсип турганы да жазыла түшкөнсүйт. Биз үйүнө барганда ал чын көңүлүнөн кубанып кетет, кашка тиштерин жарк эттире күлө багып, ордунан шарт ыргып турат, үстүнө дегеле ызааттуу меймандары кирип келгендей бүлүнүп, жетине албай калдаңдап калат. «Эй, катын! – деп ашкана үйүнө бакырат. – Балдар келди, төшөк салып, чай кайнат!» Анан отурган жерибизге көрпөчө төшөтүп, астыбызга дасторкон жайдырат. Өзү бозодон согот, биз нан жеп, чай ичебиз.

Ал бизди өзү менен тең барабар кишидей көрөт, биз тургай кичинекейлерге деле, жанагы мектепке бара элек балдар бар го, ошолорго деле теңтушча сүйлөп, теңтушча мамиле кылат. Анын жанында отурганда биз өзүбүздү кадыресе чоң кишидей сезип кетебиз. А чоң кишилер анын биз менен мамыр-жумур алакасын жактыра беришпей: «Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот», – деп калышат.

Бирок бизди Улукбек акеге шынаарлаткан анын жакшы мамилеси эмес, кызык-кызык кеп-сөздөрү. Ал акыйкатта укмуш сүйлөйт! Кебин муңайым-жай доош менен эле баштайт, адегенде биз анын сөздөрүн мурдунун чүйрүйгөнү, жука эриндеринин кыбыраганы, мурутунун чычайганы, колдорунун сереңдегени менен кошо угуп-көрүп отурабыз. Анан ал кызыгандан кызый берет, биз болсок кептин кызыгына улам-улам бата беребиз; анан бир маалда аңгеменин таасирине кадыресе арбала баштайбыз да, өзүбүздү-өзүбүз унутуп, көрүп турганыбыздын баарын көрбөй, аңгеменин ичине качан чөгүп кеткенибизди да байкабай калабыз.

Анан биздин көз алдыбызга жомоктогудай татынакай көрүнүштөр, бири-бирине чиеленишкен укмуш кызык окуялар, опурталдуу бурум-бурумдары көп тагдырлар тизмектешип тартыла берет. Жок, биз ошолордун баарын жөн эле көзүбүз менен көрүп турбай алардын арасында өзүбүз кошо аралашып жүргөн болобуз, кубангандарга кошулуп кубанычка батабыз, кайгыргандарга кошулуп кайгыга малынабыз, кыйналгандарга кошулуп кыйналыш тартабыз; жомоктогудай акылман сүйлөп, жомоктогудай иштерди кылып, жомоктогудай кереметтенип жүргөн Улукбек акенин өзүн кайра-кайра көрө беребиз; жомоктогудай бирде түрү суук, бирде кыянатчыл, бирде коён жүрөк коркок Жоро-шайтанга да көп жолугабыз.

Анткен менен анын айткандары жомок деле эмес, жомок десең жомокко окшошпогон, китептеги чыгармаларга да анча коошо бербеген кызыктай бир нерселер. Ал көргөн-билгендерин эле айтып жаткансыйт, көбүнчө жеке өзү башынан кечиргендерин, аңчылыкта жана согушта жасаган иштерин, Жоро-шайтан менен кантип кармашканын кеп кылгансыйт, биздин кыштакта жашап өткөн кишилердин, жылкылардын, иттердин тиричилигинен эле сөз козгоп отургансыйт. Бирок ошолордун баарын таптакыр башкача кылып асемдеп, кубулжутуп, сонундап айтат; анын оозунан бизге ашмалтай-тааныш эле нерселер жомоктун буусуна чайкалгансып чыгат, көрө берип көзүбүзгө көндүм болгон эле кубулуштар таптакыр өзгөрүп, башкача кебете алып, кулпургансып кетет.

Бизге Улукбек акенин ушундай сөздөрүнөн кызык бу дүйнөдө эчтеме жоктой көрүнөт. Мектепке бара электе, атүгүл биринчи-экинчиде окуп жүргөндө, биз анын айткандарына жантыгыбыздан жата калып кулак төшөйбүз, алардын калпы-чыны менен деле анча ишибиз болбойт. Тек үчүнчү-төртүнчүгө барганда гана



көңүлүбүзгө күнөм саноо башбактап кирет. Буга дагы эле болсо чоң кишилер себепкер. Алар ар дайым биздин көзүбүзчө Улукбек акени келекелей кеп кылышат, апендиникиндей кылык-жоруктарын айтып, күлкү салышат, сүйлөсө эле кызылдай калп сүйлөөрүн кулагыбызга куя беришет. Анан биз жан-дилибиз менен жакшы көргөн кишибизге башкача карап, айткандарына баштагыдай ишенбей, андан тымызын жатыркай баштайбыз. Бирок айтканы бүт калп экенин билгенде деле биз аны укпай коё албайбыз, карандай калпты шыпырылтып сүйлөп берерин күн мурунтан билип турсак деле аныкына имерчиктеп бара беребиз. Бир гана жаман жерибиз: кичине чоңоё түшкөндөрүбүз Улукбек акенин калптарын үйүнөн жыргап-жыргап угуп алабыз да, сыртка чыкканда чоң кишилерди ээрчип мыскыл кылабыз, ал тууралу улуулардын сүйлөгөнүн сүйлөп кетебиз. Кокус чоң кишилер сурап коюшса, уккандарыбыздын баарын «Ит атаардын жаңы калптары» деп дегеле келекелүү кылып айтып калабыз.

Мен да азыр кичине чоңоюп, бешинчиден окуп жүрөм. Улукбек акенин кеп-сөзүн үйүнөн майда балдар менен кошо маашырканып угуп, анан тышка чыксам эле чоң кишилер тарабына өтө качам. Сурагандарга атүгүл Ит атаардын кантип сүйлөгөнүн тамашалап туурап, калптарын мазактамыш болуп кайта айтып берем.

...Мен Улукбек акеникине жеткенче көз байланайын деп калды. Ачык эшиктен шырп алдырбай кирип барсам, ал өз төрүндө сүйлөп отурган экен. Оң-сол жагында уй мүйүз тартып кыдыракей отурган жалаң кичине балдар. Терезе текчесинде өлүмсөк кызгылт-күүгүм жарык чыгарган жетинчи чырак. Ортодо жая салынган эски чыт дасторкондун ар кайсы жеринде загыра нандын кесек-кесек сындырымдары, кырлары кетилген үч чай пияла, бирөөнүн эки жеринде кадоосу бар. Пия-

лалардын чайы куюлган бойдон ичилбей туруптур, бир гана Улукбек акенин астындагы жыгач кесе бошогон экен, ичинде агарып бозонун жугу калыптыр.

Улукбек аке сүйлөгөндүн кызуусуна кирип, угуп отургандар да кызыкка аябай баткан экен, мен кирип барганда бирөө да мага назар бөлгөн жок, эси-дартын кепке алдырып койгон немелер менин киргеними чын эле байкашкан жок. Салам айтайын-айтайын деп барып, бирок саламым аликсиз калабы деп оозумду тартып алдым да отургандардын четки катарына барып көчүк бастым.

Ит атаар учуп кетчүдөй теминип-теминип, колдорун арбаңдатып, жанын сабай чамынып сүйлөп жатса, төрдөгү текчеге жыйылган жүктүн боорунда калдайган чоң көлөкөсү арбаң-тарбаң ойноп жатты; ынды кара бети кызууланып, коңур майланышып, кызгылт-күүгүм жарыкка күңүрт жылтылдап, алайган көздөрү менен күрөк тиштери жарк-жарк этип турду. Мурдун чүйрүйтүп, чычайган муруттарын сербеңдетип, шилекейин ууртарына көбүртө чыгарып, тиштеринин арасынан чачыратып, чамынгандан чамынып жаңшай берди. Мени адегенде анын кыймыл-аракети көбүрөөк алагды кылды, сөзүнүн мааниси аң-сезимиме анча жете берген жок, кептин жайын бир кыйладан кийин гана боолголой баштадым.

Башын укпай калганыман аңгеменин жибин кармай албай, кызыгына кире албай тирмие кулак төшөп отурсам, Ит атаар капысынан мандашын жаза коюп чөгөлөй берди. Аңгыча болбой колдору менен шап жер таянып, итчесинен чочоё калды; анан оозу менен: «Ошондо жаны кашайган кайран Көк Добул желке жүнүн үрпөйтүп, көздөрүн панардай балбылдатып, мына минтип асманга телмирип, мына минтип уңулдап», – деди да, итчесинен улуп-улуп жиберди; куду иттин өзүнө окшотуп үргөн боюнча жайылуу дасторкондун



үстүнөн эле жөрмөлөп кетти; тизеси менен кара кесени аңтара жыгып, загыра нандын сыныктарын жалпайта басып, дасторконду сыдыра тартты; пиялалар дасторкон менен кошо акырын сүйрөлүп, бирөө кыңырайып барып жыгылып, чайы төгүлдү. Мен бырс күлүп ийдим. Отурган кичинекей балдардын бирөө да күлгөн жок, аларды аңгеме ушунча арбап салган экен, дасторкондун үстүнөн көз ачып-жумганча жөрмөлөп өтүп, эми шалчанын үстүндө жөрмөлөп үрүп бараткан Ит атаарды баары текши күн карамадай ээрчий карашып, жалдырагандан жалдырап отурушту. Улукбек аке өйдө боло койду да, бир терең дем алып, кебин улаган бойдон өз орду жакка басты. Отургандардын аркасы менен сүйлөп өтүп баратса, балдар кежигесин кержейтип анын оозуна акыя карап калышты.

Улукбек аке баягысындай эле эргип-эргип сүйлөп жатты. Мен айткандарына кунт коё баштасам да, дагы бир азга анын кызууланган ыраңын, сербеңдеген колун, арбаңдаган көлөкөсүн көрүп отурдум, кеп-сөзгө кошулгон кичинекей балдардын эс-учун билбей делдейип, аңкайгандан аңкайып отурганы да баамыма урунуп турду. Мунун баары качан парасатыма илинбей калганын билбейм, аңгемеге аз-аздан тартыла берип, бир убакта ага биротоло жутулуп кетипмин...

Мен эл жатаарга жакын балдардын шары менен дүрбөп чыгып, биз тараптан келген үч балага кошулуп баса берипмин. Эшикке чыгарым менен ал үчөөнө чоңдук кылып, баштарын кагыштырып ойноп, бирөөнүн жаркырак-сары тоголуу аскер кемерин чечип алып, анысын талаштырып ыйлатып, айтор, ошолорду эрмектеп келе берип, үйгө жакындаганда гана эсиме жара чыкканын билип жүрөм. «Итти атып берсин» деген атамын аманатын айтканы барып, кепке алаксып унутуп жүрө берипмин.

Улукбек аке ушундай укмуш сүйлөйт! Ушундан улам Жоро-шайтан мамындай бир күйдүргү тамаша чыгарып жүрбөйбү.

Көйкап деген жерде Дажаал деген бир шумурай шумдук бар экен, ал темир дубалы бир кулач калың туюк тамга камалып жатат имиш. Ошо Дажаал күн сайын куптандан багымдатка чейин калың темир дубалын тили менен жалай берип кагаздай кылып жукартат экен, анан күн сайын эртең менен багымдат намазга азан айтылганда кагаздай жукарган дубал кайра баштагыдай толо түшөт экен. Акыр заманда, жумурай журт динден безип, азан таптакыр чакырылбай калган бир таңзаарда Дажаал дубалын тешип чыгат имиш, көк эшегине тетири минип алып, коңгуроолорун шалдыратып, керней-сурнайын күпүлдөтүп ыр-күүлөрүн безелентип эл аралап жөнөйт имиш. Ошондо элдин баары Дажаалдын кубулжуган ыр-күүсүнө эрип, таракатурак тамашасына азгырылып, артынан калбай ээрчип бара берип, түз эле дозоктун отуна кирип кетет имиш.

Жоро-шайтан ушу диний жомокту дегеле ойкуштантып айтып келет да, анан: «Бу Ит атаар да ошо Дажаалга окшогон бир неме да! – деп арсаңдап күлөт. – Керней-сурнайдын деле кереги жок, аны ушул эле кара эшегине тетири миндирип, ушу айтып жүргөн калптарын эле айттырып койсо, биздин балдар бири калбай артынан ээрчип кете берет. Кулактарын делдейтип бара берип жердин түбүнө кирип барганын деле билбей калчудай кысталактар».

Чоң кишилер Улукбек акенин аңгемелерин өз кулактары менен угуп көрбөй эле сыртынан өгөйлөп, баарын кызылдай калпка чыгарып, кур бекер мазактап күлүп жүрөт окшобойбу. Кокустан кулак салып калышса, алар деле ошо «калп» дегендерди бизден бешбетер ынтызарланып угат экен. Муну былтыркы бир көргөнүмөн улам айтып жатам.



Ошо былтыры Улукбек аке үйүндө бизге сүйлөп берип атса, үстүбүзгө Байымбет деген чал кирип келди. Үй ээси менен эсен-соолук сурашкандан кийин төр жакка өтүп, куду менин маңдайыма мандаш токунду. Улукбек аке анын эмне иш менен келгенин сурамжылады. Ал сунулган чайды эңкейип ала берип: «Бир иш бар, анан өзүңө айтам, кебиңи сого бер», – деди да, чайын иче баштады.

Ит атаар аңгемесин кайра улаганда, мен кепке кулак салганча, маңдайымдагы Байымбет абышканын жүдөмүш кебетесин, дайыма уйпаланып жүргөн сакалын, чүрүшкөн бетин көрүп отурдум. Көп өтпөй абышка көзүмөн кайым болгон экен, бир кезде аңгеменин таасиринен бир аз бошоно түшсөм, ал кайра баамыма урунду. Башы саал кылжыйып, кетик тиш оозу болорболбос ачылып, бети күлүмсүрөөгө толуп туруптур. Бир саамга тунарган көздөрүн Ит атаардын оозунан албай дал болуп отуруп, ууртунан шилекейи шыр куюлуп кеткенде гана эсине келе калды да, башын чайкап күлүп, тамашалап жиберди: «Кысталак, калп айтып атасың, калп айткан менен жакшы айтып атасың!»

Мурдагы жылы биздин Түмөн Анжиянга барып келген эле. «Ит атаар семичке сатканы жөнөп атыптыр, мен дагы барып келем», – деп делгирип калганынан, атам аны төрт кап семичке менен Улукбек акеге кошуп берген. Кайра келгенде чоң шаардан кандай кызыктар көргөнүн сурасак, Түмөн жарытып деле айтып бере алган жок. Анын шаардан ала келген сөздөрү бат эле түгөнүп калган. Улукбек аке болсо шаарга барып келгиче көргөн-билгендерин бир айга жакын айтып да түгөтө албай койгон. Анын ошо түгөнбөгөн аңгемелерин Түмөн да үч күн катары мага кошулуп барып угуп көргөн. Үчүнчү күнү экөөбүз Улукбек акеникинен кайтып келатканда: «Анжиянга бекер эле барыпмын, – деп Түмөн чын эле арман кылган. – Барбай эле баарын Ит

атаардан угуп алсам, баргандан кызыгыраак болмок экен».

Чынында да Улукбек аке жанып-күйүп, жанын сабап, эргип-эргип укмуштай калп айтчу эле. А сыңары куюлуштуруп, кызыктырып, кубулжутуп сүйлөгөн кишини мен эмгиче эч жерден көрө элекмин. Ушу азыр ойлоп баксам, кыштак калкы «калпычы» деп жаманатты кылган куник адам жанын жеген жалганчы деле эмес экен. Ал тек көркөм сөздүн ашкан жөндөмдүү сүрөтчүсү, күпкүндүзү жердеги чыладан жылдыздуу тунук асманды көрө билген кыраакы романтик, кудай сыяктуу кыялында жоктон бар жарата алган керемет фантазёр экен. Табият чиркиниң адилет эмеспи, саал ырайсыз жаратып койгонун төлөгөнсүп, Улукбек акеге сулуу дил, учкул кыял, сезимтал көңүл берип койгон турбайбы.

Атаганат, ошо башкача жаралган адамдын элдирселдир эле кат таанып караңгы бойдон калганын карабайсыңарбы! Кокус чоң билим алган болсо, андан атагы таш жарган жазуучу чыкпайт беле, чиркин дүйнө!

Эми Улукбек акенин билим ала албай калганын арман кылып айтканда не, айтпаганда не – какшанып жер сабасак да, ал өксүк кайра ордуна толбойт го, аттигиниң. Биз канимет кылчу бир гана нерсе бар: Улукбек акенин бир тууган жээни таякесинин окубай калганынын кээсин колунан келишинче эле чыгарды окшойт, ошо жээни бир кезде окуудан өксүгөн таякеси үчүн да окуп, анын илим-билимде калган өчүн эселеп алып берди окшойт.

Улукбек акенин бир тууган жээни орто мектепте он жыл, жогорку окуу жайында беш жыл, аспирантурада үч жыл окуган, анан Москвадагы квалификация көтөрүү курсунда бир жыл, чоң илимий кызматкер абалында (докторантурада) эки жыл жүргөн. Былтыр философия илиминин доктору деген илимий даража алган. Бир жагынан таякесин айныбай эле тарткан



экен: докторлук диссертациясын жактаганда илимий советтин мүчөлөрүнө банкет бермек түгүл, оппоненттерин да үйүнө чакырып койгон жок го, оңбогур! Ырас, биз (айылдаштары) элди туурап туугансыгандан ага банкет өткөрүү жагын жакшы эле эскерткенбиз. Бирок ал: «Мен диссертациямды өзүм эле жазганмын, – деп кесе айткан. – Мен эч кимге милдеткер эмесмин. Анын үстүнө, өзүм жалаң айлыкка караган кишимин, банкет өткөрчү бекер тыйыным жок».

Анткен менен Улукбек акенин жээни – илимдин артынан сая түшкөн неме. Тирмейип китеп карай берип, калп айткан менен болобу, абстракттуу ой жүгүртүүсүн кыйла эле өрчүтүп алган. Ар кандай факт колуна тийсе же оозундан кайдыгер эле бирдеме чыгып кетсе, ал аны дароо философиялык категориялардын торуна сала коюп, ошо замат жалпылап жиберет. Бир гана кемчил жери: таякесинин көркөм шыктуулугун тартпай калыптыр – адабиятка анча кунту жок. Кунт коймок турсун, өлүү жана тирүү классиктерден башка жазуучуларга өйдөтөн текебер карайт. Адабияттын көп сандаган жөнөкөй дыйкандарын жалпы эле интеллектуалдык жагынан, асыресе өз алдынча ойлонуу жагынан бечел калгандар деп эсептейт. Муну купуя гана ойлоп тим болбой, көрүнгөн жерде жарыя айта берет. Өзү тим эле философиянын классиги болуп алгансып айтат! Ошенткени менин мүйүзүмдү да сыздатып, куйкамды куруштурат. Мен жеке өзүм үчүн гана эмес, өзүмдүн Толстой болобуз деп боло албай калган жазуучуларым үчүн да арданып күйүп-бышам. Күйгөнүмө чыдабай Улукбек акенин ошо жээни менен кажандашып айтыша кетем. Көп учурда ал мени теселдей[1] сөз менен эле туюкка камап, айламды курутат. Бирок жанызма күч келгенде мен да аянбайм, кээде анын талуу жеринен карыштыра кармап, анча-мынча аптыктырып

[1] *Теселдей* – бир аз, кичине, аз.

коём. Үч-төрт жыл мурун ошо текеберсиген философ менен талаша кетип, мен аны бир аз мукактантып койгонум күнү бүгүнкүдөй эсимде.

Адегенде экөөбүз «кыргыз бальзамынан» бир флаконду дарылыкка деп суу кошпой ичип алып, анан балалык күндөрүбүздөн мамыр-жумур кеп козгоп отурганбыз. Аны айтып, муну айтып, кызыгандан кызый берип, бир кезде Улукбек акени сөз кыла баштаппыз. Анын кылык-жоругу менен калптарын экөөбүз бир сыйра эскерип өткөндө, мен да чочугандай философчулук кыла кеттим.

– А киши чоң художник турбайбы, калпынын баары эле көркөм чыгарма экен, – дедим дегеле килейген чоң жаңылык ачып ийгенсип. – Анысын билбей, биз аны укмуш калпычы деп жүрүппүз.

Бала чактагыларды эстегенденби же тим гана «бальзам» ичкенденби, айтор, саал-паал кыялга алдырגансып, анча-мынча элжирегенсип башын колу менен сүйөй кыңырайып отурган философ:

– Да-а, тагам калп айтканга мастер, – деп ойлуу кобурады. – Сен туура байкапсың, тагам чын эле художник экен... Айылдык Расул Гамзатов экен... Сен токто... үрпөңдөбөй коё тур... Да-а, аны билими жок Гамзатов... караңгы кыргыз Гамзатову десе болчудай...

Ал ошол кыңырайган кыялдуу кейпинде бир аз отурду да, капыстан жандана түштү:

– Сен, молдоке, кызык ойдун башын чыгардың. Азаматсың! Тагам чынында да художник экен, аны ошо художниктик жаратылышы калп айттырып жүргөн сыяктанат. Эми сенин оюңду улап, логикалык чегине жеткирели. Билесиңби, өтө чоң масштабка салып караганда улуу жазуучулардын баары калпычы болуп чыга келет. Токто, токто, сабыр кыл! Ырас, мен чала сабат тагамы классиктерге теңегим келбейт. Алардын маданий-интелектуалдык деңгээлинде чоң айырма бары



чын. Мен көркөм чыгармачылык сыяктуу феномендин түпкү маңызын айтып жатам. Тышкы маанилүү айырмачылыктарына карабастан, тагам менен улуу жазуучулардын арасында кандайдыр бир ички окшоштук бар. Алардын өнүп чыккан тамыры бир. Улуу жазуучулар, балким, күндөлүк турмушунда калп айтышпастыр, бирок чыгармачылыкка келгенде, аларды да тагама окшогон калпычылар деп айтса болот, алардын ар бир чыгармасы гениалдуу калп, татынакай бир жалган элес, азгырмалуу иллюзия...»

Философ ушуну айтканда мен чыдай алган жокмун, жаным чыгып кетти. Аны бура сүйлөтпөй чап кармадым эле, экөөбүз дагы жаакташып калдык. Карапайым жазуучуларыма асылганы аз келгенсип, оңбогон философ эми «чоң калпычылар» деп улуу жазуучуларымды тим койбой атпайбы! Мен аябай күйүп-бышып, класситеримдин таламын тим эле жөжөлөрүн айры куйруктан коргогон тооктой чыркырап талаштым. Философ болсо дегеле кебелип койбой өз айтканын жай жактап отурду. Мен адабий чыгарманын жакшы-жаманы дебей турмуш акыйкатын өзүнчө ык менен чагылдыра турганын айтып безилдедим. Ошентсем, калпычынын калп айтпас жээни жайбаракат гана:

– Эмне, турмушту калп чагылдырбайт бекен? Билгиң келсе, диний түшүнүктөр да реалдуу турмуш көрүнүштөрүнүн аң-сезимде өз алдынча чагылышы болот, – деп каяша кылды.

Айтор, мен «дарт» десем, ал «балээ» дей берди. Заманам жаман куурула баштаганда, кудай жалгап, удургуп турган акылыма бир дурус ой келе калбаспы!

– Кой, башкаларды эмне кылабыз, ушу экөөбүз жакшы билген Ит атаар тагаңы эле алалы, – дедим мен сүйүнүп кетип. – Анын соо киши кылбаганды кылганын, элдикинен башкача жоруктарын, шыпырылткан калптарын сен менден жакшы билесиң – сенин бир

тууган тагаң эмеспи. Ошолордун баарын кимдир бирөө так өзүндөй кылып жазып койсо кантесиң? Ошону да калп дейсиңби? Тагаңы куду өзүндөй кылып жазган киши да сага калпычы болобу?

Ушундай деп демитип жиберсем, ал бырс күлүп ийди, оозуна алгылыктуу сөз кирбей, саал буйдалана түштү. Кепке жыгылыштуу болсо ал дайыма ошентип калат.

Атаны кокуй ай-я, олуттуу окурмандарым, силерди дагы эсимен чыгарып, кызыганда кыйшык ала качмайым дагы кармап, итке тиешесиз эле бирдемелерди бабырап кеткен турбайымбы! Улукбек акени узун сабак сөз кылганымдын го жөнү бар, канткен менен итимди ошо киши атканы жатпайбы. Ал эми жанагы философко эмне жок? Же анын итиме бир тиешеси болсочу! Силер деле байкап калдыңар го, деги ал өзү чыгармага оң каарман да, терс каарман да кылып киргизбей турган неме. «Күрүчтүн шылтоосу менен күрмөк суу ичет» дегендей, ал таякеси Улукбек акенин аркасы менен бу баяныма кирип кетти шекилди. Оңбогон философ ошого да ыраазы болбой, дагы сүйлөйм деп жулунуп, дагы кыймыл-аракет жасайм деп кынынан суурулуп жүрбөйбү. Чап кармап, желкесинен ныгыра басып, кынына кайра араң киргизбедимби. Мен классик эмесмин да – шүгүрчүлүк, каармандарыма азырынча күчүм жетет! Капырай, классиктердин каармандары башкача бир ээнбаш болот экен, кээде авторлоруна баш ийбей өз билгенин кылып, оозуна келгенин оттоп, башы ооган жакка дейди басып кете берет экен. Байкуш классиктер болсо эмне кыларын билбей жалдырап отуруп калат экен. Менин азыркы эле философ каарманым да ошолорду окуп алып, анан мага баш бербейм деп ээленип көрдү го, сыягы.

Сабырдуу окурмандарым! Эгер ушу жерге чейин чыдап окуп келсеңер, мен чыдамыңарга «баракелде»



айтып кыйкырам да, жанагы философтун байкатпай сөз арасына кирип алганы үчүн силерден кечирим сурайм. Ал эми бул баянымдын көп жери силерге кызык көрүнбөй атса, ага эч кандай кечирим сурабайм. Канчалык ыйынсам да, силердин кыялыңарды удургуткудай, көңүлүңөрдү аптыктыргыдай, сезимиңерди чымыраткыдай кылып жаза албасам, кантмек элем? Колуман келгени эле ушул. Көргөнүмдү көргөндөй жазып атам, кызык кылам деп курулай калп айтканым жок. Өзүңөр билесиңер, болгонду болгондой жазса, ушундай эле чыгат, мындан кызык боло албайт.

...Эсиңерде бардыр, мен баягы түнү аңгемеге алаксыганыман атамын аманатын унутуп айтпай келе бербедим беле? Ошо түндүн эртеси эртелеп мен Улукбек акеникине бардым. Короосуна кире бергенимде, ал кирирээк ак көйнөгүнө чапанын желбегей жамынып, чодойгон кыска дамбалынын узун ычкырын салбыратып, там аркасынан какырынып-түкүрүнүп чыгып келатыптыр. Ал менин саламымды күлө багып алик алды да, чүйрүйүп сурап койду: «А-аа, Сарыбаш, таң атпай жогжоңдоп жетип келипсиң, деги тынччылыкпы?» Мен атамын «Жолборсту атып берсин» деген аманатын айтсам, ал менден иттин айып-кылмышын сурамжылап билди. «Раистин сөзүн эки кылгыдай башым экөө эмес, – деп ал тамашага чалды. – Оокат ичип алып эле жетип барам».

Улукбек аке кара эшегин кыдыңдатып, шашке ченде келди. Асынганы – кош ооз, курчанганы – патронташ. Кабагын карыш салып, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп алыптыр. Бизге жакын келгенде эшегинин башын кейкеңдегизе тарта берип сурап калды: «Итти каерге байладыңар?» Мен Түмөндөн озунуп жооп айттым: «Коктуга, чоң жаңакка». Ит атаар чүйрүйүп койду: «Жок, болбойт, жаңак касиеттүү жыгач, түбүндө чымынга да ок атпайм». Ал тийген күндөн көздөрүн алаканы менен

далдаалаганча төш тарапка айландыра карап, анан колун жаңсады:

«Оо тиги боордо жалгыз бадал серейеби? Долоно окшойт, ошого байлагыла».

Көрүнгөн жалгыз бадал чын эле солкулдаган жаш долоно экен. Түмөн Жолборсту тушардан ашкан чөптү аралатып долоного жетелеп барды, жерге тизелей калып, долононун билектей жоон уңгу жыгачына иттин узун чынжырын кабат-кабат ороп байлады, чынжырдын бышык байланганын сынап тартып-тартып көрдү. «Ит атаар жанын жейт, көрүнөө болсо жаңактын түбүндө деле атат болчу, – деди Түмөн ордунан тура берип. – Жаман алында дегеле жанда жок көйрөң, атканымы эл көрсүн деп атпайбы».

Ит атаардын төшкө чыгып келатканын көргөндө эле Жолборс арсылдап жулуна баштады. Тиги болсо иттин үргөнүн таназар албай биздин жаныбызга жай чыгып келди, мылтыгын алдына кыңырайта кармаган бойдон алкынып аткан итке чүйрүйө карап туруп калды. Жолборс жулкунган сайын долоно солк-солк силкинип, майда жалбырактарын дир-дир шуудуратып жатты.

Улукбек аке иттин айбатын тоотмоксон доош менен: «Бекем байладыңарбы? – деп сурады да, жоопко күйбөй эле кайра өзү сүйлөп кетти. – Жакшы ит эле, кысталак, көрөр күнү бүткөн экен. Териси аюнукундай эле экен, буюрса, биринчи сортко өткөрөм. Эми карап тургула, как көзүнө атып жер каптырам. Же чыкыйга атып жыгып берейинби?» Ал оозун жыйып алганча болгон жок, алкынып турган Жолборс бар күчү менен жулунуп калды, долоно бир серпилип ийиле түштү, чынжыр байланган жеринен сыдырылып кетти; ит жаалы менен дагы бир аркырап секирди, долоно түп жагынан карс этип сынгансыды, Ит атаар алаңдай түштү, кетенчиктей берем деп чөпкө чалынды, чалкасынан жыгылып баратып кандайдыр бир амал менен жерге көмкөрөсүнөн тийди;



Жолборс аны баса калып, куду көчүк ченден бир бурдап алды, Ит атаар бир ачуу бакырып, тура качканга шайы келбей, буттарын тыбыратты, колунан чөпкө ыргыган мылтыгына жабышып, ылдый сойлойм деп тырбаңдады, карбаластап жаза кармап алды бейм, кош оозу сорок эте түштү, сорок дегенде эле учунан түтүн бурк деп, кулак тундурган дабыш кошо жаңырды.

Мылтык атылар замат Жолборс корkконунан артына жалт берип, ылдый жактан эмнегедир кара эшек айкырып ийди, менин тула боюм дүрүлдөп, эсим чыгып кетти; Улукбек аке атылган октун коктуда жаңырганын тыңшагансып кыймылсыз жатып калды. Аңгыча Түмөн эки секирип жанына жетти. Ит атаар жан-алы калбай тыбырап, мылтыгын коё бербей далбастап, арбаң-тарбаң тура качты, ошо бойдон артына карабай дыр койду эле, май куйругунун бир жагы кызаңдап, таар шымы менен сурп дамбалынын чоң айрыгы кабаттала салпаңдап баратты. Узай түшкөндө гана бир кылчак карап алды, анан боюн токтотуп-токтотпой эле артына бурула берди; алаңдап шашып, кайра жулуна баштаган итке жалтаң-жалтаң карап, кундагын акырегине такай берип, киркиреп калды: «Качкыла!».

Түмөн экөөбүз эки жакка капталдай качтык. Мен ок атылар замат кайрыла берсем, байкуш Жолборс «каңк!» деп кыйраңдай түштү, кайра оңоло калып, бар кудуретин жыйнап жулунду, долоно дагы карс этти, Жолборс аркырап атырылды, долононун түп жак уңгусу сороң этип көкөлөп барып, кайра жерге чабылды, бутактуу уч жагы бир-эки калдаң-калдаң ала салды. Муну көргөн Ит атаар дагы качып берди. Бирок алкынган Жолборс узай алган жок, кыйраңдап баратып бураңдей түштү, ордунан тура албай очорулуп калды. «Жыгылды! Жыгылды!» деп кыйкырып жиберсем, Улукбек аке алаңдап артына бурулду, шашып-бушуп патронташынан ок сууруп, апыл-тапыл мылтыгын дүрмөттөп,

итти дагы кароолго алды эле, кош оозунун соройгон найы өйдө-ылдый кыймылдап турду. Ок «баң!» деген-де көчүгүн көтөрө албай, көөдөнү менен ынтылган Жолборс дагы бир «каңк!» этип алып, шылк жыгылды. Улукбек аке кардыккан доошу менен: «Тийди, тийди! Башка тийди!» – деп кубана кыйкырып, мылтыгын жерге шалак таштап ийди, ошо замат көчүгүнүн жылаңач жерин коомай кармалап, ошо жерин көрөм деп башын төмөн карай кылчайтып, канчалык чымыркаңып мойнун бураса да көрө албай, турган жеринде көк мээ болгон койдой тегерене баштады.

Түмөн экөөбүз анын жанына эки жактан жүгүрүп барсак, ал айрылган жерин бизге тосо берип, безилдеп сурап ийди. «Канабаппы! Тиши кирбеппи?» Түмөн эңкейе калып карады да, мурдун чүйрө башын өйдө кылып, күлүп жиберди: «Эчтеме болбоптур, канабаптыр, тиштин тагы эле түшүптүр, айра тырмагандай эле так түшүптүр». «А гөргө, гөргө[1], – деди дале тула бою калтырап турган Ит атаар. – Баягы ок бирөөгө тийген жокпу? Эшек аманбы?»

Улукбек аке мылтыгын жерден алып, сол далысына арта салды, шымынын айрылган жерин колу менен жамай кармап, ылдый карай басты. «Иттин терисин эмне кыласыз?» – деди Түмөн. «Ошонун терисинин как чокусуна... – деп сөгүндү Ит атаар. – Желкемдин чуңкуру көрсүн. Көөмп салгыла каапырды».

Түзгө түшүп, өрүккө байлалуу кара эшектин жанына келдик. Түмөн Улукбек акеге дагы үн катты: «Чай ичип чыкпайсызбы?» Ит атаар ага карабай: «Ошо чайыңын как чокусу... – деп баратып оозун жыйып алды. – Кой, байым, чай ичкидей шай жок, дагы бир күн ичээрмин». «Ак суудан бар эле, – деди Түмөн. – Ушунун ачуусуна бир тартып ийбейсизби?» Улукбек аке ыңгырангансып чүйрүйүп турду да, айрык жерин кармаган

[1] *Гөргө, гөргө* – Кудайга шүгүр.



колун бошотуп, жерге карай силкип калды: «Апкел ошо каапырды! Заар болсо да ичип иейин!».

Түмөн келгиче Улукбек аке дамбал-шымынын айрыгын салпаңдатып, дагы эле калтырап турган колдору менен патронташка бастыра байлаган жоолугун күчөнүп сууруп алды, салпаңдаган айрыкты өз ордуна келтирип, үстүнөн жоолугу менен бастырып, жоолугунун учун алдына тартып, бекем байлады. Мылтыгын жонуна асына берип, мен колтуктап мингизейин дегиче болбой эшегине секирип минди да, чылбырын өрүктүн бутагынан чечип, жоолугу менен таңып байланган жерине кылчайып карап койду.

Түмөн дикилдеп жетип келди. Ит атаар анын колунан чоң стакан толо аракты илип алып, кылк-кылк жутуп ийип, бети-башын тырыштыра ачуурканып, чүйрүйгөндөн чүйрүйдү «Закускага бирдеме ала чыкпапсың да, бала!» – деди чычайган мурутун жанып-жанып. «Шашып калбадымбы, – деди Түмөн купшуңдамыш болуп. – Эми таарынбай барыңыз. Эшегиңиз да кур ооз калды». Ит атаар чүйрүйө күлүмсүрөй: «Кара айгыр менден ашса ичет да!» – деп кара эшегин теминди.

Эшек кыдыңдап тигиндей узай бергенде, Түмөн мага: «Ит атаар акең жаман коркту го, коркконунан кичине булганып да алды бейм», – деди.

Түмөн кетмен көтөрүп, мен бел күрөк алып, экөөбүз төштү көздөп илээлеп бараттык. Тиги боордо сынган жалгыз долононун жалбырактуу бутактары барпайып, чөп арасынан Жолборстун бир капталы дөмпөйүп көрүнүп турду. Жанына чыгып барсак, ит ылдый баштаңып, өлүк денесин шалдайта жайып, канжалаган тумшугун кызарган чөптөргө жашырып, арткы бир бутун шугун кызарган... 

агып, килкилдеп катып, каракочкул тартып каймактана түшүптүр. Курсагындагы ок тийген жерден кан дагы эле кочкулданып тамчылап туруптур. Заматта үстүнө чымын-чиркей жабалактап үйүлө калыптыр. Мен дит багып тиктеп тура албай, терс карап кеттим.

Асмандан күн чакчайып, ой-тоонун жапжашыл ыраңын жарыкка балкытып шоола чачат; дабышсыз жумшак жел чөптөрдүн башын болор-болбос термелтип, дүйүм жыттарын коңур аңкытып, дарак жалбырактарынан угулар-угулбас шоокум чыгарат. Коктудагы дүпүйгөн жаңгактар менен бака теректерде чымчыктар ызы-чуу түшүп кужурайт; ошо кужураган «чырык-чырыкка» аралаш булбулдар үн алышат, алар созолонто ышкырып-ышкырып, ышкырыктын аягын чолок-чолок кайрып булдурап кетет.

Кыймыл-шоокумга толуп турган көк-жашыл айлана жадырап-жайнап, чөп арасында Жолборстун тырайып өлүп жатканын эч таназар албай кулпурат.

Түмөн ылдыйраак басып барып, артына бурула берип, кетменин как төбөсүнө көкөлөттү. Керилип туруп чапканда, кетмен жерге күп этип тийип, чөптөрдүн башын солк-солк эттирип, кыртышка чала-була кирип токтоду. Түмөн күчөнө жулкуп алып, кайра кериле көтөргөндө кетмендин мизи күнгө жарк деп чагылыша түштү. Чапкан сайын чөп тамырлары туташ кармаган каксоо дың күп-күп дабыш чыгарып, кетменди анча тоотпогонсуп жатты. Бирок Түмөн кетменин көшөрүп, кара күчкө салып чаап жатып бат эле токумдай жердин үстүңкү кыртышын сыйрып жиберди, анан ошо карара түшкөн жерди тереңине чукуп каза баштады. Ал кара турпакты кетмени менен дем албай чапчып ыргыта берип, күйүккөнүнөн катуу бышылдап калды. Ошондо мен жардамга келдим. Күрөк менен ийрелеңдеп топурак чыгарып, чуңкурду дурус эле тереңдетип салдым. Мен чарчаганда, Түмөн чуңкурдун эки жагын



кетмени менен кеңейтти да, мага: «Чынжырды чечип кел», – деп буйрук кылды.

Мен сынган долонону чынжыры менен эле калдаңдатып сүйрөп келатсам, Түмөн чынжырдын канга малынган учун Жолборстун каргысынан чыгарып, мынлыйраак серпип салды. Мен берки учун долононун уңгу жыгачынан бошотуп, чынжырды шалдыратып туруп атсам, Түмөн итти бир бутунан кармап, башы менен берки буттарын шалактатып сүйрөп жөнөдү. Көк чөптү жапырылта сүйрөп барып, чуңкурга чалкасынан түшүрүп таштады эле, Жолборстун төрт аягы сырайып чыгып калды. Түмөн иттин өлүгүн эки бутунан өйдө көтөрүп, кайра капталынан шалак таштады да, сырайып чыгып калган эки бутун ичкери тээп киргизип койду. Мен чынжырды шалдыр-шулдур түргөнчө анын жанына басып бардым.

Түмөн Жолборстун үстүнө чөп аралаш топуракты кетмен менен шыпылдатып тарта баштады. Иттин башына жабылган бир кетмен кара топурак дагы эле чыпылдап чыгып турган кызыл канга кочкулдана эзилип, ылжырай түштү. Түмөн бош жерди эки жактан бат-бат шилеп, иттин өлүгүн жашырып салды. Көөмп бүткүчө экөөбүз сөз катышканыбыз жок.

Түмөн дөмпөйгөн дөбөчөнүн үстүн тегиздемиш болду да, өкүрүп ийчүдөй кетмендин сабына таянып нымшып тердеген чекесин тырыштырып, көздөрүн чүңүрөйтүп кайгыга баткандай тунжурап туруп калды. Менин көңүлүм да аздыр-көптүр сыздап турду. Канткен менен кайран Жолборс бизге кайдыгер жат жаныбар эмес эле, өз колубузда чоңойгон, биздин үйдүн бир бөлөсүндөй эле болуп калган, эч кимибиз жамандыкка ыраа көрбөй турган бир боор ит эле. Деги биздин кабыргабыз анча-мынча кайышканга кадыресе себеп бар эле.

Түмөн капыстан иттин мүрзөсүн карап чөгөлөй берди да, шатыратып куран окуп кирди. Мен бир кур

күлүп ие жаздадым. Карасам, анын тамаша кылгандай түрү жок, көрүнүшү чын пейли менен куран түшүргөн кишиникиндей. Ал кээде айылдагы молдолордун башка-башка кыраат менен куран окуганын тамашалап туурап калчу эле азыр болсо өзүнүн эле саал киркиреги бар доошу менен олуттуу окуп атат. Мен да олуттуу боло түшүп, анын каршысына чөгөлөй кеттим. Ортобузда иттин кара мүрзөсү дөмпөйүп турду. Аңгыча болбой Түмөн жаагын жап басып, оозун ачыңкырай делдейип, асманга аңкыя карап, үнсүз-сөзсүз отуруп калды. Окуп аткан куранынын андан аркысын эстей албай жатканын мен дароо сезе коюп, курандын ал такалган жеринен нары улап окуй баштадым. Экөөбүз тең бата кыла берип, тең барабар каткырып күлүп жибердик, күлгөн бойдон ыргып туруп, чынжыр менен кетмен-күрөктү көтөргөнчө кубалашып чыңк ылдый салдык.

Асмандан күн жаркып тийип, ой-тоонун жашыл көркүн жадыратып, куштардын баарын кужур-кужур сайратып турган эле.

* * *

Жолборс окко учкандан бир жыл өтпөй атам дүйнөдөн кайтты. Кийинки жылы жетинчини бүтүрүп, мен шаарга кирип кеттим. Мен алыста жүргөндө, апаларым (атамдын эки эжеси) өлдү. Кийинчерээк жатындашым Түмөндөн айрылдым. Анын өрттөй өткүр тун уулу да көзгө көрүнөйүн дегенде чарчап калды... Айтор, менин өмүрүмдүн өзөгүн сыздаткан кырсык-апат көп эле болду. Бирок мен тирүү жүрдүм, шүгүрчүлүк, дагы эле тирүүмүн. Тирүүлүктө ыбырсыган көроокат деген бар, ырайымсыз убакыт деген бар, алагды кылар дагы башка жумуштар бар. Алар акыры жер үстүнөн сап болгон жакындарыңды да унуттурат экен. Башкаларды ким билсин, мен жыл өткөн сайын кайткыс сапар кеткен



кайрандарымды анда-санда бир эстеп баратам. Балким, аларды кайра-кайра эстей бергенден атайлап кача тургандырмын? Ал эми жоболоңдуу Жолборс таптакыр эле жадыман көтөрүлүп кетиптир. Ушу мен унутуп калгандан кийин аны башкалар кайдан эсине алып жүрсүн? А баса, ал итти кез-кезде эсине салып, унутпай жүргөн киши да бу жарыкчылыкта бар эмеспи. Мен баягы Улукбек акени айтып жатам. Атылар алдында Жолборс аны эсинен кеткис кылып уйпалабады беле.

Мен бир боор кыштагыма эки-үч жылда бир барсам барам, барбасам жок. Кызматтын карбаласында барганга деле чоло тийбейт. Анын үстүнө, айылга барсам эле күйүттүү эскермелер көңүлүмдө жамырап, жанымды кейитип жиберет. Анан мен көпкө тура албай, кайра шаарга келе берем. Ошентип жүрүп далай жылдар Улукбек аке менен жүз көрүшпөй калдым. Ырас, анда-санда анын кабарын алып турчумун. Кайриет, ал баягыдай эле балдарга аңгеме салып берип эсен-соо жүргөн экен. Оо баягы жылы гана – анда мен жогорку окуу жайын жаңы эле бүтүргөн чагым – айылдан бир жаманырак кабар уккамын: Ит атаар кокустан жанындай көргөн кара эшегин өзү көмөлөтө атып алыптыр.

Ал илгери эле аскерден ала келген снайперлик өнөрүн унутуп калам деп эмнегедир чочулай берчү. Ошол себептен ал тоок атып «тирнирөпкө» кылып жүрбөдү беле. Акыры ошо тоок атмайынан катуу зыян тартыптыр. Ал бир күнү эртең менен бозодон ичи ачышып, бир тоогун бышырып жемек болуптур. Кичинекей кызы күнү бүткөн тоокту тамбашынан көкөлөтүп учуруп ийиптир; жерде мылтыгын белен кармап турган Улукбек аке бырпырап түшүп келаткан тоокту ээрчий мээлеп эңкейе бериптир; тоок бийигирээкте кароолго жакшы илине бербей, жерге түшөйүн дегенде чала-чарпыт илинген го, эски снайпер мылтыктын машаасын басып калганда, «Кара айгыры» кайдан-жайдан

кошунасынын коделегин жүгөрү аңызга кубалап чыгыптыр; сокур ок өз менен жатты ажыратчу беле, коделекке тийбей, кара эшектин как жүрөк тушуна кадалыптыр. Кара эшек күү менен кыйла жерге сүрдүгүп барып, анан күп этип кулап түшүптүр. Ит атаар бир ачуу кыйкырып алып, аңды-дөңдү карабай далбаңдап жүгүрүптүр, далбасалап башын жерге койгулап аткан эшегине учуп жетип, кучактай жыгылыптыр. Башын кучактап боздосо да болбой кара эшек узап кетиптир. Ошондо Ит атаар: «Бир күнкү түшүм жаман болчу, түшүм жаман болчу! Түшүмдө Жоро-шайтан Кара айгырымы минип кыр ашып кеткен, – деп бакырып ыйлаптыр. – Көрүң күйгүр Жоро-шайтан көрүндө да жөн жатпайт, өлсө деле мага асылганын койбойт!»

Ушу жаман кабарды уккандан кийинки жылы тууган-туушканга учурашып келейин деп кыштагыма бардым. Улукбек аке менен жүз көрүшүп, анын кызыктуу кеп-сөздөрүн укканга да кумар элем. Бу жагынан жолум жок экен, а киши жайлоолоп кеткенде барып, дагы жолуга албай калдым. Улукбек акени таппай келатсам, жолдо алдыман Жамшит-сары оропара чыкты. Ал ошо сапар мага Улукбек акенин жаңы жоруктарынан кобурап кеп салып берди. Көрсө, Ит атаардын кара эшегинин санаты өлгөнү менен эле бүтпөптүр.

Ошондо Улукбек аке өлгөн эшегинин терисин денесин муздатпай сыйрып алат, ичине дароо саман-чөптөн шыкап тыгып эшектин куду тирүүсүндөгү кейпинен кем калышпаган кебин жасайт, анысын айбандагы сөрүсүнүн жанына тургузуп коёт. Анан эшегинин кызылгөш өлүгүн жерге жашырып, күйүтүнө бир бөтөлкө аракты өзү жалгыз бозого кошуп ичип алат. Башы кеңгирей түшүп, өзөгүн аракка өрттөтүп, жаңы жасаган кебинин жанына барып отурат; бүт дүйнөдөн жипкирип тургандай чүйрүйүп, көздөрүн жашылдантып, үңкүйгөн кейпинде аза күтөт.



Кырсык бир басса жаман го, жалгыз келбей дайыма кошмоктошуп келет эмеспи. Эшегине кайгырып отурса, бешим ченде сегиз айлык музоосу казыгына ичин жардырып өлөт. Музоосун союп бүтүп, Улукбек аке анын күйүтүнө да бир бөтөлкө аракты эч ким менен бөлүшпөй шыпкап ичет. Курсакка ысылыгы жок кирген эки бөтөлкө арак жөн жатмак беле, Ит атаарды кыйла эле мас кылып таштайт. «Мен элдин кара ашын деле, жөн ашын деле көп жедим, – дейт ал катынына. – А биз болсок элге жөн аш түгүл, кара аш да жедире элекпиз. Эч кимибиз өлбөсөк каяктагы кара аш? Мына, эми Кара айгыр...» Сөзүн бүткөрө койбой катыны: «Оозуңа кара таш! Дөөрүгөнүң ылайым өз башыңа жетсин, балдарыма кесири тийбей, өзүңө көрүнсүн!» – деп каргап жиберет. Ызалана түшкөн Ит атаар жерди дүп тебе берип: «Малчайт! Кара айгыр Жоро-шайтан экөөңөн өйдө болчу! – деп бир бакырып алат да, артынан кайра жашып кетет. – Олдо кайран Кара айгыр-аа! Олдо кайран Кара айгыр!»

Ал көзүнөн чолок жашын сүртүп, эшегинин кебине шылкыйып басып барат, кептин жанына жакын отуруп, эшектин мултук куйругун сылагылап ыйламсырайт. Аерде бир аз үндөбөй отуруп, капыстан каңырыгы түтөй түшөт: «Оо олдо кайран Кара айгыр! Оо, шейит өлгөн ырысы жогум! Ак жолтой бир жаныбар эле го! Атка алмашпас адал мал эле го!» Дагы бир аздан соң бая башына келген ойду кайра эстеп, ордунан обдулуп турат. «Эмне, Кара айгыр күйөөрү жок карып-мискин беле? Же сайда саны жок селсаяк беле? Жо-жок, күйө турганы бар! Мына, мен бармын! – деп көбүрүп-жабырып күүлөнөт. – Жо-жок, мен аны көмгөн бойдон эле тим болбоймун! Арбакты сыйлаш биздин деле колдон келет! Өлгөндүн ызатын кылганды биз да куп билебиз! Мен Кара айгырдын ызатын кылбай эч калбайм! Эй катын! Катын дейм! Торпоктун этин сал! Эчтемесин

калтырбай сал!» Короодогу очокко от жагып аткан катыны: «Ооба, сен кылбагандан ошол эле калды эле! – деп какшыктап коюп, көнүмүш кеп-сөзүн жебирейт. – Мас болсоң, эбиң менен бол. Ичсең, алыңа чактап ич. Оозуңа келгенди оттоп, күлкүгө калба!» Анда Ит атаар: «Малчайт! Болбосо сени да атып, эшек экөөңүн ашыңы бир берем! – деп кыйкырып иет да, артынан дагы жашып кетет. – Оо, олдо кайран Кара айгыр-аа!»

Катыны каяша кылган сайын Ит атаар ого бетер оолугуп, айтканынан кайтпай көшөрүп, мас көңүлүнө түйүлгөн оюн чынга чыгарам деп жаңжал салат; сырттагы очокто асылуу чоң казанга музоонун этин бүт салдырам деп катынын кысмактай берет. Ылжыган мас күйөөсүнөн жедеп жадаганда, катыны музоонун эки санын баштыкка салган бойдон жакын эле жердеги төркүнүнө кетип калат. Катынын качырып ийген Ит атаар эми эттин баарын казанга салдырам деп балачакасын кыйнайт. Балдарынын улуулары мектепке оюн коюшканы кетип кутулат. Анан качан болсо атасынын айтканын эки кылбаган он бирдеги кызы менен тогуздагы кенже уулу чоң казанга суу толтурушуп, очокко от жагышат. Улукбек аке мас абалында музоонун этин эптеп жиликтеп, кызы менен уулуна ташытып казанга салдырат. Салынган эт көзүнө аз көрүнүп, үстүнө жакында эле деңгенеден өзү апкелген тайдын учасын коштуруп коёт. Кенже уулун айылдын эркектерин чакырып келгенге жумшап, өзү арактан дагы бир стакан согуп алат.

Каш карайганда кызы чырак жагып, буттары чалыштаган атасын мейманканага араң жетелеп киргизет. Ит атаар мас кыялында кара эшегин жоктоп улагага жакын отурса, эшиктен Айдараалы-бакырчаак кирип келет. «Теги тынччылыкпы я, Улукбек?» – деп зоңкоюп босогодон аттайт. Шылкылдап отурган Ит атаар аны көрөр замат жашып кетет, ордунан турайын



деп обдула берип, оң жагына ооп жыгылат. Айдараалы-бакырчаак шашканынан: «Ой, Улукбек! Кантет, кантет, капырай!» – деп алдастай бакырып Ит атаардын үстүнө эңкейет. Мурдуна бурулдаган жыт урунганда ал башын шарт тартып алат: А кокуй, аракка аябай тойгон турбайсыңбы!» «Оо Айдаке! Бүгүн ичпей... качан ичем анан!» – дейт Ит атаар тура албай будаланып. Айдараалы аны сүйөмөлөп кайра ордуна отургузуп коёт. «Оо, Айдаке! Кара айгырдан... кол жууп... Оо, кайран... Кара айгыр Оо кайран... Айдакем! Оо... – деп бышактап ыйлап иет. – Өзүм... атып! Колум... сынсачы! Оо, Айдаке! Кара ашынан... кара ашынан... жеп кет!». Айдараалы-бакырчаак «жеп кет» дегенден башканы ачык түшүнө албай дел болуп туруп калат. Ал аңгыча созолонто «ассалоомалейкум» айтып дагы бирөө кирет. Шылкылдап отурган Ит атаар аны көргөндө да жашып кетет. Кирип келген киши сестейе түшөт: «Деги тынччылыкпы? Мал-жан аманбы?» Ит атаар мурдун шыр тартып: «Ошол мал-жан аман болбой атпайбы! – деп сүлкүлдөп коёт. «Ким билет, чакыртып ийген экен, келсем ушинтип мас, эшегин айтып эле ыйлактайт, кебине жакшы түшүнбөй турам, – дейт Айдараалы-бакырчаак делдейип. – Жана барганда уулу «аба, атам чакырып атат, гөш жегенге келиңиз» деп коюп эле көздөн кайым болду. Чакырткан себебин сурагыча болбой жылт берди, кысталак!» «Кара айгырдын... кара ашына чакырткамын, – дейт Ит атаар шылкылдап. – Бүгүн кайран Кара айгырды... көмбөдүмбү!.. Ошонун кара ашын... берип атам! Оо, кайран... Кара айгыр-аа!». Жаңы кирген киши мас немени айтканы тамаша же чын экенин түшүнбөй, ыйларын же күлөрүн билбей, Айдараалы-бакырчаакка суроолуу карайт. Дээринде күлкүчүл ойсезими жок Айдараалы-бакырчаак олуттуу бирдеме айтканы келатса, салам айтып Айдараалы-бырыкна босого аттап кирет. Ит атаар аны көргөндө да көзүнө

чолок жаш алып коёт. Айдараалы-бырыкна аргасыз сестейе түшөт. Кадыресе капалуу сумсайган Айдараалы-бакырчаак: «Кара эшеги кокустап өлгөн экен, Улукбек бүгүн жерге көөмптүр, – деп иштин жайын дегеле олуттуу баян кылат. – Бизди ошо эшегинин кара ашына чакырыптыр». Айдараалы-бырыкна капыстан кыткылыктап күлүп жиберет. Эси-дартын казандагы этке алдырып мостойгон Айдараалы-бакырчаак: «Кантет, кантет капырай! Быякта киши ичинен кан өтүп кайгырып атса, сенин обу жок күлгөнүң кандай? – деп кумсара түшөт. – Эмне, бирөөнүн уят жери ачылганын көрө койдуңбу? Сенин башыңда деле пендечилик бар, аты уйкашым, бирөөнүн күйүтүн табалап күлгөн кесир болот». Капылет каккы жеген Айдараалы-бырыкна жүзүндө ойногон күлкүсүн дароо өчүрүп, эки колун көтөрөт: «Койдум, адашым, койдум». Аңгыча Ит атаардагы эркей түшүп, каңырыгын түтөтөт: «Оо, кайран... Кара айгырым! Оо, шейит кеткен ырысы жогум!» Ар дайым эт жегендин кабарын угар замат олуттуу боло калчу Айдараалы-бакырчаак терезеден сырттагы казанга карап бир тамшанып алат да, ого бетер олуттуу боло түшөт. «Кой, Улукбек, кайрат кыл, көп жашый бербе, – деп коюп жанында тургандарга такилип кылат. – Кана, орун алгыла! Ызат кылып чакырса, кишинин сыйын жай отуруп көргөндөн өтөрү жок».

Үчөө жаңы эле көчүк басканда, эшиктен дагы бирөө салам айтып кирет. Анын артынан чакырылгандар убап-чубап келе баштайт. Ордунан козголо албай шылкылдаган Ит атаар киши кирген сайын эркелеп жашып, ылым санагандары киргенде бышаң-бышаң ыйлап да коёт. Келгендердин ар бири «эмнеге чакыртты?» деген күдүк ойдо босого аттап, аттаар замат Ит атаардын ыйлап ийгенин көрүп, делдейе берет. Айдараалы-бакырчаак адегенде ар бирине иштин жайын олуттуу түшүндүрүп, түшүндүргөнүнө күлгөндөрдү катуу кагып,



күлкүсү кыстагандарды акырая тыйып отурат да, киши көбөйө түшкөндө казандагы этти кызгана баштайт.

Чакыргандар келип бүткүчө, Ит атаардын тили булдуруктап, башы чатына салаңдап, шаштысы аябай кетип калат. Айдараалы-бакырчаак болсо купуя күйүпбыша берет: «Кичине эт деги кимибизге жетет?» Ошентсе да жегенин дайыма сөзү менен актап жечү неме үйрөнгөн адатын коё бергиси келбейт. Ал жанындагыларга «күлбөй тургула» деген мааниде акырая карап коёт да, тамагын кырып-кырып, чын эле кайрат айтканы кам урат. «Улукбек, эшегиң акыйкатта жакшы эшек эле, айылдагы эшектердин алды эле, – дейт ал олуттуу сумсайып. – Сен эмес, ушу баарыбыздын кабыргабыз жаман кайышып...» Ушинтип сүйлөп келатса, жаңы эле кыйшайып жерге башы тийген Ит атаар коңурук тартып жиберет. Баятан бери бүлкүлдөп тымызын күлүп аткандар дуу жарылып, үйдүн ичин үч көтөрө каткырык салышат. Каткырык күндүн күркүрөгөнүндөй көпкө чейин басылбай жаңырыктайт. Оозунан сөзүн алдырган Айдараалы-бакырчаак бир аз мурчуюп отурат да, анан ачуулуу бакырып иет: «Эмне тырактайсыңар? Бирдеме көрдүңөрбү, я?» Үйдөгүлөр кыраанкаткы түшүп кыйрап калат. Шагы сынган Айдараалыбакырчаак ачуусун араң басып, көңүлүн кайнап аткан этке атайлап алагды кылат, кызганычы барган сайын ырбап, өзүнчө эле кыйнала берет.

Бир-эки жигит Ит атаарды шалактатып наркы бөлмөсүнө көтөрүп кетет. Отургандар бака-шака сүйлөп, болор-болбоско эле шарактап каткыра беришет. Айдараалы-бакырчаак элдин обу жок күлгөнүнө тырчып, этти кызгангандан көңүлү кадыресе сыздап, мурчуйгандан мурчуят. Ал эт келгенде гана мыйыгынан күлүмсүрөп, аксакал деп алдына тайдын учасын тартышканда жарк этип күлүп жиберет.

Кара эшектин кара ашы кыштак ичинде күлкү менен кеп-сөздүн өртүн алоолонтуп чоң чыгарат. Ал өрт далайга өчпөй, жалбырт-жалбырт күйүп туруп жаңы эле басылайын дегенде, ичкериштирген оттой кайра дүрт дей түшөт. Бу сапар күлкү-кептин дуулдап күйүшүнө Айдараалы-бакырчаак себепкер болот.

Айдараалы-бакырчаак малканасынын алдын тазалап атса, жанына кедеңдей басып Айдараалы-бырыкна жетип келет. Эки аты уйкаш сагынышып калгандай ынак көңүл менен саламдашат. Анан алыбеттүү Бакырчаагы бешиликтин узун сабына ээгин таяп, беркиси атка маңдайлаш турган коделектей кедейип, экөө дегеле мамыр-жумур сүйлөшүп калышат. Алар аба ырайынын кебин бат эле түгөтүп, баягы эле кара эшектин кайгайына өтүшөт. Бырыкнасы байлап алып кытыгылаган коделектей тыбырчылап кыткылыктай берет, беркиси – күлкүчүл сезимден кур калган шору каткыр – арыган картаң аттай башын калжайтып, беймарал чөп жеп жаткандай жаактарын жай кыймылдатып, сомсойгон калыбында олуттуу сүйлөп турат. Бир кезде Бакырчаагы: «Башкасын билбейм, шыбагама тайдын учасы тийип, мен өзүм бир маза кылдым го!» – деп тамшанып-тамшанып коёт. Ошондо Бырыкнасы жер тепкилей туйлап күлүп калат. «Эй, аты уйкашым, сага, эмне, жин тийдиби?» – дейт Бакырчаагы. Бырыкнасы ого бетер ойдолоп кыткылыктайт. «Кантет, кантет, капырай! – дейт Бакырчаагы. – Дайны жок тырактаганың кандай? Күлсөң айтып күлбөйсүңбү?», «Ой! Ой! Ой! – дейт күлкүдөн күйүккөн Бырыкнасы. – Ой, адашым! Сиз жеген... ой!.. тайдыкы эмес... эшектики экен!» Бакырчаак капыстан үрпөйө түшөт: «Эй, Бырыкна, сен эмне деп бок жеп атасың ыя?» Бырыкна кыткылыктай бергенден боору эзилип, боору эзилгенден ичин мыкчый бүгүлүп, кусуп ийчүдөй кызарып-татарат. Бакырчаактын бапсагай сакал-муруту кыбырап, оозу жаман



даамданып кетет. «Ой, адаш! Ит атаар сизди бир түшүргөн экен! – дейт Бырыкна күлкүсүн араң-араң тыйып. – Сизге жедиргени эшегинин учасын бөлөк салдырып, анан...» Ачууга алдырып бараткан Бакырчаак көөнү айный түшүп, түкүрүнүп жиберет. «...Ит атаар мас деле эмес экен, калп эле ылжымыш болуптур, наркы үйгө киргенде эле ыргып туруптур, көтөрүп кирген балдарга «аксакал эмеспи, мына бу кайнап аткан учаны Айдараалыга тарткыла» деп коюп, анан...» Бакырчаактын сакал-муруту түктөйүп, көздөрү каканактап, тула бою калчылдай түшөт. Өз тамашасына өзү маашыркаңган Бырыкна: «...Сиз уча жеп атканда Ит атаар көрүп алып, боорун тырмап күлүптүр», – дейт да, кайра кыткылыктап калат. «Карма мени, Бырыкна, карма! Ачуум жаман, ачуум жаман! – деп Бакырчаак калч-калч этет. – Ит атаарды соо койбойм! Жайлап салсам, камалып кетем! Карма мени, Бырыкна, карма!» Тамашасынын таасиринe эрдемсиген Бырыкна калпын токтото албайт: «...Ит атаар мага бекер эле күлөсүңөр, күлсөңөр эшек жеген Бакырчаакка күлгүлө», – деп жүргөн турбайбы...» Туталанып алган Бакырчаактын бети дирт-дирт тартып, кекиртегинен киркиреген бакырык чыгат: «Кач! Жедим!» Ошо бакырыгы менен кошо өзү ордунан атып кетет. Жүзүндө жини карарган кишинин каары бар. Колунда найзадай соройгон бешилиги бар. Дагдаңдап чуркап баратышы жоосун качырып калган байыркы жөө аскерге окшош.

Айдараалы-бакырчаак Ит атаардын короосуна ач айкырык салып кирет. Капылеттен угулган айгай Ит атаарды дегдеңдетип эшикке айдап чыгат. Бакырчаак айкырган бойдон бешилиги менен камандай качырып калат. Ит атаар алаңдап качып берет, Бакырчаак аны там айландыра кубалайт. Ит атаар тамын бир тегерете качып келип, алапайын таппай алдастап айбандагы эшегинин кебине жашынат. Бакырчаак качырып сайып

калса, бешилиги эшек кебинин капталына кадалат. Ит атаар ошо кеп менен кошо сүрүлүп барып, ык дегенче дубалга жабышат. Бакырчаак кепке кирген бешилигин суурам деп катуу булкат, бешилик шарт суурулганда Бакырчаак чалкасынан кетип, желкеси менен айбандын устунуна бир тиет. Кыпчылып турган Ит атаар бошонору менен ичкери карай дыр коёт. Эндирей түшкөн Бакырчаак эсине келип-келбей артынан кубалайт, дагдаңдап ичкери баратса, капыстан мылтык тарс дей түшөт. Бакырчаак селт чочуп, тайсалдап туруп калат. Ичкериден мылтык дагы тарс этет, тарс эткенде Бакырчаактык башындагы калпагы жерге жалп этет. Эски снайпер калпакты учура атат! Бакырчаак ок жеген аюудай бир айкырып алат, айкырганда бешилиги колунан ыргып, жалаң башына кош колу басыла түшөт да, арбаң-тарбаң артына качат, жөн качпай дагы көчөгө айгай салып качат: «Же-дии!. Жут-туу!» Чоң жолго чейин артына карабай тарбаңдап чуркап барып, далдаага кирер замат чуркаганын жайлатып, дароо жаңыча айгай салат: «Карма-гыл-аа мени, карма-гы-лаа! Өлтүрүп коём! Соттолуп кет-ээм!» Бирок карап тургандардан кармачу киши чыкпай, Айдараалы-бакырчаак үйүнө чейин акактап качып барат...

...Мен Улукбек аке менен Айдараалы-бакырчаактын ушул окуясын уккандан кийин көп жыл тууган айлыма барбай калдым. Ошол себептенби же тек жашым өр таяп баратканданбы – айтор, быйыл кыш-жазы менен көңүлүм түпөйүл тартып кусалыктан кутулган жок. Тескеп-териштирип көрсөм, эң эле жаркын, абдан бактылуу, ашкан куунак учурум өмүрүмдүн тээ түпкүрүндө басылып калган экен. Кайран бала чагымы кайра-кайра эстеп катуу кусадар болдум; баягыдан жыңайлак аралай чаап жүргөн ой-тоолоруму, бирге чоңойгон тели-теңтуштарымы, жакшы санаалаш тууган-туушкандарымы сагындым. Бала чагымдын өзүнчө бир



көркөм мектеби эмес беле, мен баарынан да Улукбек акени кайра көрсөм деп аябай көксөдүм. Анын көңүл азгырткан сыйкырдуу кеп-сөздөрүн кайра уксам деп самадым, ошолорду кайра уксам эле алда качан качырган бала чагым кайрылып колума кончудай өрөпкүдүм. Жай маалы келгенде кусалыгыма түтө алганым жок, тап жылдырбай жипсиз байлаган жумуштарымын баарына түкүрүп, тууган кыштагыма жүрүп кеттим.

Кыштакта он беш күндөй кармалып, көксөгөнүмүн көбүн көрдүм; эски малдын көзүндөй ой-кырларымды жөө кыдырып, теңтуш-туушкандарым менен баарлашып, көңүлгө жыйылган бугумду дурус эле чыгарып алгансыдым. Көрсөм деп өзгөчө эңсегеним Улукбек аке эмес беле, аны менен да кезигиштим. Бирок бу сапар баягы бала чагымда билген Улукбек акеге эмес, андан кыйла эле айырмалуу башка кишиге жолуккансыдым. Адеп эле баамыма урунганы: анын аңгеме айтышы бир кыйла өзгөрүптүр. Ал биз бала кезде угуп жүргөндөй кылып айтпай калыптыр. Деги анын жалпы тагдырын да кийинки жылдары алда кандай калаты-кызык окуялар даарып өткөн экен...

Быйыл жайында да айылга барып, Улукбек акенин жаңыча кеп-сөздөрүн моокум кангыча угайын, ылайыгы келсе байкатпай магнитофонго жазып алайын деп тилеген элем. Бирок тилегеним өз маалында ордунан чыкпай калып, жакында караманча таш каппадыбы. Таш капканы ушул: күтүлбөгөн жерден Улукбек аке «а дүйнө» жүрүп кетиптир. Кайран киши кечинде адатынча балдарга сүйлөй берип атып мурт өлүптүр, сайрай-сайрай экстазга кирген булбул сыңары жүрөгү чарт жарылып жан бериптир.

Бу суук кабар мага өтө катуу тийди. Жүрөгүм булкуп-булкуп алды, ичим тыз-тыз ачышты, көзүмө жаш тегерене түштү... А күнү кереэли-кечке ошо кабардын таасиринен бошоно алганым жок. Көчөдө каңгырап

басып жүрсөм, эмнегедир мен былтыр көргөн Улукбек аке көз алдыман караңдап кетпей койду. Үйдө чалкалап жатып алып да мен бала чагыман бери билген Улукбек акенин оош-кыйыш тагдырын, оң-тетири кылык-жоруктарын, кызылдай калп кеп-сөздөрүн ойлонуп көрдүм. Ошондо деле мен өзүм былтыр көрүп-билгендерим же Жамшит-сарыдан уккандарым эсиме түшүп туруп алды.

Ооба, мен былтыр айылга баргынмын. Анын эртеси эле Жамшит-сарыга жолукканмын. Чымындын чоңун көрсө деле чайылдап кыйкырып калчу баягы ылжырама сары бала азыр салабаттуу сары киши болгон. Мектептин белдүү мугалими, айылдын кадырман адамы, адабияттын ышкылуу күйөрманы. Көргөн-билгенин дегеле куюлуштуруп сүйлөмөй жагынан да кур алакан калган эмес.

Экөөбүз өткөн-кеткенден козгоп отурсак, Жамшит бирдемеден улам Улукбек акенин атын оозанып калды. Мен ошо замат анын сөзүн бузуп ийдим:

– Баса, а киши кантип атат, ал-абалы кандай, эмне жаңылыктары бар?

Жамшиттин кой көздөрү нур төгүп күлүңдөй түштү. Кылактаган шылдыңкор жылмайышын сапсары өңүнөн өчүрбөй:

– Жакшы эле жүрөт, баягы Улукбек акең да, – деди ал. – Калпынан сурасаң, өзү турат, үйүнө барып ук. Кылык-жоругунан сурасаң, кызыгы ушунча көп, кайсынысын айтам деп башың маң. Эски-жаңы кылыгынан айтып берсең, бөлөк-бөтөн кишилер дегеле ишенбейт экен. Кээ бир кылыгын айтсаң, Улукбек акени ушу сага окшоп илгери-мурун көрүп-билгендер да анча ынаңкырай бербейт. Эшегин атып алганын уктуң беле? А-а, уккан турбайсыңбы. Кош ооруга чалдыгып, үч ай сүйлөбөй жатканын уктуң беле?

– Жо-жок, ошону айтчы, – дедим кызыксынып.



– Ээ, анысы бир узун жомок, – деди Жамшит сөзүн көңүлсүбөй баштап. – Мурдагы жылыбы же анын наркы жылыбы, айтор, кышка жуук Ит атаар капылес ооруга кабылбадыбы. Балдарга бакырып калп айтып отурган экен, өтө кызып кеткен го, байкабай катуу кыйкырып ийиптир, кыйкырып ийсе тамагы «кыйк» дей түшүп, доошу бүтүп калыптыр. Мына, сага тамаша!

Ошондон кийин үн чыгарса эле тамагы зыркырап оорутчу болуптур. Сүйлөйүн десе, кычышкансып да кетет экен. Анан, бечара, шыбырап сүйлөп калбадыбы. Ит атаардын бу кайгысын көпчүлүк күлкү кылып алды. Ошого байланыштуу тамаша сөздөр да чыгып кетти. Бирок а сөздөргө абышкалар анча ыраазы болгон жок. «Атаганат, Жоро-шайтандын өлгөнү эми билинбедиби, – деп алар арман кылышты. – Ал болсо Ит атаардын ушунусун боор эзилгидей күлкү кылып бербейт беле?!»

Тамак оорусу аздык кылгансып, Ит атаар дагы бир кызык дартты жабыштырып албайт бекен. Ал ооруса да жөн оорубай калсын! Маал-маал кармап, кармаса эле эки-үч күнгө созулчу дарт экен. Ошо дарты тутса эле Ит атаарда жан жок, безгектегенден бетер калчылдап, тиши тишине тийбей ээк атат, көздөрү чанагынан чыкчудай тостоюп, онтогонго да шайы келбей калат.

Ушундай да кызык оору болорбу! Же безгек эмес, же башка эмес, кызылдай эле бир балээ! Өзгөндүн доктурлары тамагы ооруганын «ларингит» деп таап, беркиі балээ дартын биле албай коюшуптур. Ит атаар анан Ошко барбадыбы. Оштун ооруканасында эки айча жатты окшойт. Аңгыча болбой Ит атаарды Фрунзеге алып кетиптир деген имиш угуп калдык. Буга удаа эле күйгөн дүмүрдөй дүңүрөйүп өзү кирип келди.

Ошонун эртеси мен учурашып коёюн деп үйүнө бардым. Үңкүйүп төрүндө отуруптур. Тонун күпчүйүп кийип алыптыр. Араң-араң угулгудай эле шыбырап сүйлөйт. «Догдурлардын атасынын арбагына, – деп

оозун кыбыратты. – Эки ай жаткырып, же дартымын дарегин табышпайт, же доошуму чыгара алышпайт. Үкөлүн эле куят көчүгүмө, үкөлүн эле куят. Же көчүгүм ооруп атпаса...» Ал уколдон зааркангандай бир чүйрүйүп коюп, кайра шыбырады: «Догдурларыңы маң кылды го менин дартым. Прумзеде «писийк-балныйса» деген бар экен, ошого барасың дешти акыры. Көргөн-билгенден сураштырсам, анысы «жиндикана» дегендей эле неме имиш. Тим койсом мени ошо жиндиканага апарып тыгышчудай. Өлсөм да үйдө өлөйүн деп келе бердим».

Келерин келип алып, Ит атаар кош оорудан аябай жабыркады, шапайып арыктап, түктөйүп жүдөп да кетти. Эми анын ооруганына күлмөк кайда? Элдин баары аны аяп, чалдар болсо ага тийген дарттын себебин издеп убара тартты. Сүрүштүрүп отуруп, капырай, ошо себепти да таап ийишпедиби. Көрсө, Ит атаардын чоң атасынын бир тууган таякеси чоң бакшы болгон экен. А бакшы тили менен ысык темирди жалап, кызарган чок басып, кызыганда түндүккө секирип чыкчу экен. «Улукбекке ошо чоң тагасынын жин-пири өтүптүр, – деди Осмон аке. – Бакшылык тукум кууйт, муну ошо жиндер оорутуп атат. Көзүн ачтырып койбосо ушинтип кыйналганы-кыйналган».

Осмон аке дегеле соопчул киши эмеспи, Ит атаарга ошол эле чындап күйдү. Ал сурамжылап жүрүп, Кара-Суудан бир чоң бакшы таап келди. Бакшы келген күнү Ит атаардын «безгеги» катуу кармап турган экен. Чоң бакшы анын үстүнө жин-макүлдөрүн чакырган бойдон чамынып кирип барат. Кирсе эле күйгөн дүмүрдөй дүңүрөйгөн бирөө тиштерин шак-шак ургулап калчылдап отурат. Аны көрөр замат чоң бакшы селт чочуп, оозунан сөзүн түшүрүп, делдейип туруп калат. Ит атаар болсо дүңүрөйгөндөн дүңүрөйүп, алайгандан алайып, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп, тиштерин шак-шак эттирип,



калч-калч силкине берет. Чоң бакшы Ит атаардын бир көргөн кишини чочуткудай түрүнөн, анан ошо түрү менен сүлк-сүлк зиркилдеп атканынан эси чыгып, эшикке карай кетенчиктейт.

Осмон аке эшикте турган экен, ээрчитип келген бакшысынын бакырып кирип эле үнү өчкөнүнө таңыркай түшөт да, ал кетенчиктеп кайра чыкканда, үрпөйүп чочуп кетет. Чамынып кирген бакшысы тумшукка жегендей шалпайып чыкса чочубай коёт беле. «Мунуңардын мөкүлдөрү меникинен күчтүү экен, – дейт чоң бакшы эсин жыйып-жыйбай. – Меники мунукун көргөндө эле качып берди. Жок, аксакал, мунуңардын көзүн ача алгыдай эмесмин. Менден күчтүү бир бакшы таппасаңар, аны бөөдө майып кылып аласыңар». Ошону менен чоң бакшы Кара-Суусуна жүрүп кетет.

Кара-суулук бакшынын качканы көп жерге угулган го, башка жактын бакшылары канча кадыр салып чакыртса да, коркуп келбей койду. Акыры Сузактан бир атыккан бакшы келип, Ит атаардын көзүн ачам деп беш күнү далбас урду. Бирок а деле Ит атаарды бакшы кыла алган жок. Анын доошун да ача алган жок, безгек оорусун деле оңоп ийген жок.

Ошо чакта өйүздөн бир табыптын кабары катуу чыгып калды. Элдин уу-дуусуна караганда кыл тамырчы имиш, карандай кайнак суу ичирип тергетет имиш, тергеген киши кокус бир күкүм нан жеп койсо, ошону да үч күндөн кийин тамырдан билип алат имиш. Аны да Осмон аке ээрчитип келбедиби.

Табып жолду ката Ит атаардын жөн-жайын сурап билет да, тамырын кармап көрүп эле тарс айтып калат: «Калп сүйлөп коймой адатың бар окшойт?» Ит атаар көзүн кыбың-кыбың ирмеп, чынын айтып шыбырайт: «Ооба, кичине калпым бар». Табып өзү кармап турган тамырдын сырын тарткандай кыйлага кулак түрүп тунжурайт. «Кээде эле оозуман чыгып кетет, – дейт Ит

атаар актанып, – кантип чыгып кеткенин өзүм да байкабай калам». Табып тамырдан колун албай: «Кепер ысык экен, ысыгың ашынып кетиптир, – деп коюп, дагы көпкө тунжурап калат. «Сакайгың келсе, үч ай төшөктөн турбай жатасың, – дейт табып акыры. – Он беш күн карандай суу ичесиң, артынан он беш күн мүнөздөп оокат ичесиң. Ушуну үч кайталасаң туура үч айдын жүзү болот. Дагы бир шартым: үч айга ооз ачып сүйлөбөйсүң, асти үн чыгарбай жатасың».

Ит атаар ач жатканга чыдаса да, сүйлөбөй жатканга чыдай албайт, биринчи эле он беш күндө беш-алты ооз сүйлөп коёт. Андан кабар алганы келген табып тамырын кармап эле чочуп кетет: «А кокуй десе, сүйлөп койгон турбайсыңбы!» Ит атаар бир селт этип алып, алдастай түшөт, сүйлөп койгонун танып, дагы шыбырап сүйлөп жиберет. «Кой, жаныңы жебе, тамырың ачык айтып, ак сүйлөп турбайбы, – деп мурчуят табып. – Дегеними дегендей кылбасаң, экинчи келбейм». Ошондо Ит атаарың бышактап ыйлап иет. Оору жанына баткан бечара кантсин анан!

Алын сурап коёюн деп бир күнү Ит атаардыкына бардым. Ал чүйрүйүп төшөктө жатыптыр. Күйгөн дүмүрдөй өңү шапайыңкы, алайып көздөрү эле жалдырайт. Жанында аштакта жатат, аштактада калем менен дептер жатат. Алын сурасам, муңайым баш ийкеп, көздөрүн жайнатты. Анан кынтая калып, дептерге тайраңдатып жазып кирди. Жазганын араң-араң окуп түшүндүм: «Жамшитбай, ичим бышып өлмөк болдум го, эрмекке сүйлөп бербейсиңби?» Уккан-көргөндөн сүйлөп көрүп, бат эле кебимин аягына чыгып алдым. Тилсиз кишинин кашында унчукпай отурган жаман экен, калп эле бир шылтоо таап сыртка жөнөдүм.

Улукбек акенин башына кыйын эле күн түшкөн экен. Ага бир эрмек таап бербесе болчудай эмес. Аякбыкты ойлонуп көрсөм, акыры бир акыл башыма



келгенсиди: «Пионер балдар согуш ветерандарын шефке алып жүрбөйт беле, ошолорду пайдалансам кантет?»

Мен жакшы окуган пионер балдар менен макулдаштым: алар күн сайын кезектешип Улукбек акеге бир-эки саат китеп окуп беришмей болду. Адегенде баары тең кызыгып, бири-биринен өчүрөт талашып, калбай барып атышкан. Башка иштерге алаксып байкабай калыпмын, жарым айдан кийин чунак балдар барбай коюшуптур. Мен аны Улукбек акеден кат алганда билбесминби. «Жамшитбай, адабиятыңын кыныгын эми алып келайттым эле, балдарың келбей койду, – дептир катында. – Эми өзүм тамтаңдап окуп атам. Балдарыңы тим эле кой, китебиңен эле берип тур, өзүм эптеп эрмектей берем».

Кат апкелген кызынан Улукбек акеге он чакты китеп көтөртүп ийдим. Алар кыргыз жазуучуларынын белгилүү прозалык чыгармалары эле. Жарым ай өтпөй дагы китеп сураткан экен, дагы берип жибердим. Тергеп ичкен суу безгектей дартын эки ай дегенде араң сүрүп чыгарды. Ит атаардын китеп окуганын мына ошондон кийин көрүп ал! Кыргыздагы мыкты роман-повесттерден ал окубаганы калган жок. Котормо китептердин бир далайын да соо койгон жок. Күнү-түнү бекер жатат, уктап деле жарытпайт, көргөн-бакканы эле китеп. Китепти окубай эле бүкүлү-бүкүлү сугунуп жаткандай. Өмүр бою китептен жутаган бечара кантсин анан!

Үч ай билинбей бат өтүп, Ит атаар төшөктөн турчу күн да кирип келди. Мен ошо күнү эртелеп анын үйүнө бардым. «Токсон күн китеп окуп кезерип, түк да сүйлөбөй жатты го, табыбы бүгүнтөн сүйлөй бергенге улуксат кылыптыр, – деп ойлоп койдум. – Бүгүн саат тогузда ал кайра сүйлөйт. Ошондо оозунан биринчи кандай сөз чыгар экен?» Менчилеп кызыккандар көп экен, барсам үйү толо киши. Келгендерди кыртышы сүйбөй

чүйрүйүп отурган экен, Ит атаар мени көрүп эле сүйүнүп кетти.

Шорулдата чай ичип, кобур-шыбыр сүйлөшүп отургандар саат тогузга жакын демин ичине тартып, тымтырс боло калды. Баары тең Ит атаардын оозуна жабыла карады. Ал жабалактаган көздөрдөн саал-паал сүрдөй түшүп, колун койнуна салды, аяктан эски чөнтөк саатын алып чыгып, чырт эттире капкагын ачты. Отургандар болсо дале дем чыгарбай тымтырс. Ит атаар болсо саатына үңүлгөн бойдон кыймылсыз.

Саат туура тогуз болгондо Ит атаар тамагын акырын кырып-кырып койду. Тымтырс отургандар жапырт бир демин чыгарып, кайра делдейди. Ит атаар тамагын дагы бир акырын кырды да: «Жам...шит...бай, – деп абай менен үзүп-үзүп айтты. Отургандар ошо замат дуу этип, анан анын алын сураганы туш-туштан жаалап кирди. Ит атаар аларды тоотпогондой дүңүрөйүп, баарын тең жактырбагандай чүйрүйүп, бирөөнө да жооп айткан жок, тек бирдеме дегиси келип, мага эле кадаланып туруп алды. Отургандар аны бирдеме дедире койбой туш-туштан алын сурай берди. Ошондо Ит атаарың тырчый түштү. «Көрдүңөр го... безгегим жок... доошум бар, – деди сактанып сүйлөп. – Көрүп туруп эле... сурай бересиңерби?» Буга Каамыт аке түтүп тура алган жок. «Оо, чүйрүйгөн мурдуңду сенин! О теңирден тетири пейлиңди сенин! – деп чарт-чурт жарылды. – Адамкерчиликке алын сурап койсо, тим эле доңуздай «корк-корк» этет, ой! «Ит атаардын да итатайы тута түштү. «Силерди... ким... чакырды? Теги... силер.... кимсиңер? Бириң калбай... кеткиле... азыр! – деди көзүнөн чаарын чыгарып. – Бүгүн сүйлөчү... нормом бүттү... баары бир... сүйлөбөйм! Сүйлөйм деп... дагы доошуман... айрылайымбы».

Отургандар оңтойсуз абалга каптала түштү эле, дагы да болсо Каамыт аке ишке жарады. Ал Ит атаарды ашатып сөгүп жиберди, ошо сөгүнгөн бойдон ордунан



обдулуп турду. Беркилер да анын артынан көчүк көтөрдү. Мен да өйдө козголуп, топураган эл менен кошо бастым. Эшикке чыгып баратсам, Улукбек аке акырын табыштап калды: «Жамшит! Сен... кетпечи!»

Мен текченин түбүнө барып, отургучка көчүк бастым. Ит атаар эшикке чыккан элдин опур-топуру үзүлгүчө үңкүйүп жер карап отурду. Анан башын өйдө кылып, сактык менен муңканып сүйлөдү: «Ушулар да... кишиби? Киши деп... мына... китептеги кишилерди айт!» Мен унчукканым жок. Ит атаар да бир саамга үн-сөз чыгарбай тунжурады. Анан ал капыстан: «Эх, кайран өмүрүм! Эх, китеп билбей кысыр өткөн армандуу айжылдарым! – деп абайлабай каңырык түтөтүп ийди да, кайра эсине келе калып, жай сүйлөдү. – Эх, Жамшит... байым! Экөөбүз сүйлөшчү... сөз көп. Сүйлөшөт... элек, тамагыман... чочулап... турам, Табып... сөз менен ашка... аста-аста... аралаш деген. Азырынча... китебиңен... дагы... берип ийчи!».

Эл ошо күнү эле Ит атаарды «акылдан айныптырга» чыгарды. Ишенбегендер эртеси жалгыз-жарымдап барып анын айныган-айныбаганын текшерип көрүшүптүр. Баргандар кандай сөз чыгар экен деп чегип сурашса, Ит атаар окуган китептеринен эле кеп сала бериптир. «Ушу биздин турмуш да турмушпу, турмуш деп мына китептердеги турмушту айт!» – деп эки-үч сапар тамшанып айтыптыр. Ал эми кечке маал келгендерге «бүгүн сүйлөчү нормом бүттү» деп сүйлөбөй коюптур.

Мен Ит атаардыкына жарым айдай өткөрүп бардым окшойт. Ал короодогу чарпаясында китеп окуп отуруптур. Маектешери жок бук болуп турган бейм, мени көрөр замат эле адабияттын кебин божурап кирди. Анын эс-дартын бүт бойдон адабият ээлеп алыптыр, – андан башка эчтеме сүйлөбөйт. Ошонусу мени жадатып да жиберди. Башкага алаксытайын десем алаксы-

байт, көңүл-ниети адабияттан башкага дегеле бурулбайт. Китептерден кеп кыла берип кечти да кийирип ийдик. Мен үйгө кеткени жатып Улукбек акеге айтып калдым: «Эл сизди «айныдыга» чыгарып алда го! Бусурманым, келген-кеткен менен жөн эле сүйлөшүп койбойсузбу?» Ит атаар сөзүмү жактырбай бир чүйрүйүп коюп, анан текеберсип кесир сүйлөдү: «Ошо бечара немелерди айтпачы, Жамшитбай! Алар деги ким? Билгиң келсе, жакшы нерселерди жеп, жаман нерсе чыгаргандан башкага жарабайт алар. Мен китептеги кишилерге таазим кылам, ошолор эле жетет мага!»

Китептен тапкан бир пайдасы: арак ичкенин коюп койду. Адабияттын нашасы арактын кумарынан ашып түштү көрүнөт. Анын артынан көнүмүш кесибин да таштап салды. Таштаганда жөн таштабай, аябай кызык таштады.

Китептин айынан Ит атаар адегенде айлык планын араң-араң толтуруп, анан толтура албай да калат. Кийин эки айча бир да тери тапшырбай койсо, аны начальниги чакыртып иет. Ит атаар начальнигине кирип эле маселени кырынан коёт: «Мен наадандыгыман күнөөсүз жан-жаныбарды көп атып, табияттын тең салмагын бузуп жүрүпмүн. Мен эми табиятка андай кыянат кыла албайм! Жетет ушунчасы! Кош бол, эски кесибим! Эми менин ордум Мергенчилер жамаатында эмес, Жаратылышты коргоочулар коомунда». Муну өз кулагы менен уккан начальниктин каңырыгы түтөй түшөт: «Атаңын көрү-айя, эл бекер айтпаптыр, кайран киши чын эле айнып калган турбайбы!» Ит атаар болсо табиятты коргоо жайынан сөз козгоп, өзү китептерден окуп билгендерин сүйлөй берет. Ит атаардын айныганына начальник эми чындап ынанат. «Жашыңыз эчак жетпеди беле, иштегиңиз келбесе, пенсияга чыгып албайсызбы!» – деп кеңеш айтат ал. «Жок! Албайм! – деп чорт кесет Ит атаар. – Табиятка кылган кыянатым үчүн



пенсия алууга эч кандай акым жок!». Анан эшикти тарс жаап чыгып кетет. Начальниги Ит атаарга боор ооруп, кийин анын закондуу пенсиясын сыртынан эле чыгартып берет.

Пенсияга чыкканы Ит атаардын китептен башка менен иши жок. Эшик-эликке көп баспайт, өзүн «айныдыга» чыгарган элдин уу-дуусун таназар албайт, эч ким менен эзилишип сүйлөшпөйт. Аздыр-көптүр ынак кишиси эле менмин. Экөөбүз кез-кезде окуган китептерибиз боюнча пикир алмашып, адабият маселелерин талкуулап калабыз.

Бирок биздин ынактыгыбыз деле көпкө узаган жок. Дагы эле болсо ошо адабияттын айынан арабыз сууду. Мага жаккан китеп ага жакпайт, ага жаккан мага жакпайт. Маселен, Улукбек аке көтөрүңкү романтика менен шоолаланган, өтө кооз турмуш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн, кебете-келбети да, жүргөн-турганы да, сүйлөгөнү да ашкере сулуу каармандары бар чыгармаларды жанындай жакшы көрөт. А мен болсом андай чыгармаларга анча кушум жок, бетим менен үзүлүп түшпөйм. Айтор экөөбүздүн адабий көз карашыбыз менен көркөм табитибиз эки башка экен. Ошонун айынан көп талашчу болдук. Бир сапаркы талашта Улукбек аке кызаңдай түшүп, тарс эле бетке чаап калбаспы: «Жашырбай эле айтайын, Жамшит, сен адабиятты түшүнбөйт экенсиң!»

Бара-бара экөөбүздүн ыркыбыз кетип, ал менден жатыркай баштады. Анан мени менен адабият жайында сүйлөшпөй калды. Көрсө, облустук газеттин кабарчысы менен таанышып алыптыр. А кабарчы да аңгеме жазып жүргөн бала экен, адабиятка деген ышкы Ит атаар экөөнү ынак кылып жибериптир.

Ошо кабарчы досу сыртынан шилтеп ийгенби, же Ит атаар өзү суранып жаздыргабы – аныгын билген киши жок. Айтор, бир күнү эле облустук гезитке Ит атаардын макаласы чыгып калды. «Мен динден кайт-

тым» деген макала экен. Динден кайткыдай Ит атаарың же молдо болсочу. Жок эле дегенде беш убак намазын үзбөй окуп жүрсөчү. Өмүр бою ичкени арак-бозо болсо, айтканы кызылдай калп болсо... Деги өзүнчө бир анекдот! Оо кичинесинде молдодон таалим алып, «чар китепти» түшүргөн экен, ошонусун жазыптыр, кудай менен диндин жалганын чукуптур, молдолордун алдамчылыгын айыптаптыр, өзүн окуган бакшылар менен өзүн айыктырган табыптын абийрин айрандай төгүптүр. Макалага күлбөгөн киши жок, ачууланбаган молдо-сопу жок, түкүрүнбөгөн кемпир-чал жок!

Улукбек акенин кийинки бир кылган иши ошол ашынган кайрыдиндигине деги бир коошуп койсо эмне! Ушу быйыл жазда кары-жаш капыстан эле Ит аатардын жашырынып намаз окуп жүргөнүн кеп кылып калды. Мен адегенде ишенгеним жок, дагы бирөө чыгарып койгон тамаша го деп кабыл алдым. Бирок ошо кеп-сөз бара-бара күч алып кетти. Мен анын аныгына жетейин дедим да, бир күнү кечинде Ит атаардыкына тымызын аңдып бардым.

Айың сөздүн чындыгы бар экен, Ит атаарды куду куптан окуп аткан жеринен кармабадымбы. Жыгылып-туруп, дегеле ыкылас менен кобурап окуп атыптыр. Мен бир аз убакыт күлкүмү араң-араң тыйып ага карап турдум, анан катуу бир жөтөлүмүш болуп койдум. Ит атаар жалт карай берип, жайнамазын тепсей тура качты, бурчка камалып, булганып алган баладай жалдырап туруп калды. Күлкүм кыстап, «баа» деп бакырып ие жаздадым. Бирок сыр алдырганым жок, карагүчкө жүз үйрүп күп-күп эттим: «Динден качан эле кайтпадыңыз беле, жолдош Баатырбеков? Эми өзүңүз кайра намазга кирипсиз го? Ай-ай-ай-ай! Эмне деген шермендечилик! Эмне деген эки жүздүүлүк! Эмне деген көз боёмочулук!» Ит атаар башын шылк дедирип, шүмүрөйө түштү. Ошо кейпинде кыйлага итирейип турду да, анан ооз кыбыратып күңк эткенге араң жарады: «Карыганым ушу да». Мен аны ого бетер опузалайын деп дагы күпүлдөдүм: «Өкмөттү гана алдайсыз ээ?! Мен эртең эле тийиштүү жерге билдирем, гезитке жазып чыгам!» Ит атаар шылкыйган башын шарт өйдө көтөрдү, алаңдаган көздөрүн жалдыратып, мага жалынып-жалбарып жиберди. Мен анысына жумшарганым жок, кокон пешке салып коркута бердим. Жедеп шаштысы кеткенде Ит атаар: «Намазыңы мен калп эле окуп аткамын», – деди. Ошондо чыдай албай каткырып ийбесминби.

Ит атаар акеңе дабаа бар бекен, эс-учун жыйгандан кийин дагы мындай деп актанып турбайбы: «Ээ, Жамшитбай, «кудай жок, кудай жок» дейбиз, кокус бар болуп калса балээ да!» Ана, сага тамаша!

Жамшит-сары узун сабак сөзүн ушинтип бүтүрдү. Күлө берип өпкөм өрөпкүп калган экен, анымы басып-баспай эге Жамшит-сарыдан сурап жибердим:

– Баса, анын калпы кантти? Баягыдай элеби?

– Баягыдай элеби дейт тура? Калпы кайра көбүрүп-жабырып кетпедиби. Азыр баштагыдай эмес, китептегидей кылып айтып калган. Ар күнү кечинде дагы эле үйү толгон бала. Жаңы калптарына ошо балдар эле жыргап атат окшойт. Баса, силердин бир итиңер бар эмес беле, баягы Жолборсуңарчы. Ит атаар ошону да укмуш икая кылып айтып жүрөт имиш. Ошол икаяга «Сарыбаш» деп сени да каарман кылып алган имиш. Мен өзүм угуп көргөнүм жок, уккан балдар эле тамшанып айтып калышат го.

Жамшит-сарынын айткандары менин делебемди козгоп, Улукбек акенин өзүн көргөнгө, жаңырган калптарын укканга аябай ынтызар кылды. Баарынан да Жолборсту кызык баян кылып айтып жүргөнүн уксам деп катуу дегдедим.

Жамшит-сары экөөбүз кечке маал Улукбек акеникине бардык. Үйү бак-даракка чылк көмүлүп, такыр эле

көрүнбөй калыптыр. Короо-жайын кашаалаган долоно, чычырканак, караган көчөттөр текши коолап өсүп, жашыл керегеге айланыптыр. Кашаасынын жол жаккы оозуна заңгыраган дарбаза курдуруптур, анысын баштан-аяк көк сыр менен сырдатып, жан жыгачтарынын бетине түр салдырыптыр, дого сымал иймейген түндүк жыгачына «Куш келипсиздер!» деп бадырайта жаздырып коюптур. Тамы болсо баягы эле эски там экен, тек дубалын кичине өйдө көтөртүп, тышын актатып, камыш чатырын шифер менен алмаштырыптыр. Тамдын дубалдарына ураандар жазылыптыр, алар короодогу бак-дарактар арасына да илиниптир. Мына дубалдын оң капшыт бооруна кара боёк менен түшүргөн ураан: «Наадандыкка наалат!» Мына, эки терекке кере тарткан чүпөрөк тасмадагысы: «Билимдин булагы экен, китепти сүйгүлө!» Тигине, мейманканасына кирчү чоң эшиктин үстүнө илип койгону: «Жашасын адабият!». Бул ураан кызыл чүпөрөккө ак бор менен дегеле саймаланып чоң жазылыптыр.

Улукбек акенин үйүндө эч ким жок экен. Бөлмөлөрүнүн эшиктери ачык калыптыр, сыягы, үйдөгүлөр эми эле жумуштап мындай баскан көрүнөт. Мен мейманканага Жамшитти ээрчий кирип, эң оболу китептин көптүгүнө таң калдым. Үйдүн төркү жүк текчесине да, каптал текчелерине да туурасынан тактайлар кагылып, шыкалып китеп жыйылыптыр. Эскилиги жеткен эки шкафтын ичи да жыкжыйма китеп. Китептер терезе текчесинде да, жер полдо да жатыптыр. Мен аларды бир четинен кызыгып карай баштадым. Алар баштан-аяк оригиналдуу чыгармалар, котормо адабий китептер жана журналдар экен. Аңгыча болбой Жамшит-сары:

– Арыбаңыз, байбиче! Жакшы турасыңарбы? – деп калды. Карай салсам, кире бериште Улукбек акенин кемпири туруптур. Эти качып, бырыштары көбөйүп, бет сөөгү оркоюңку тартып бери чыгыптыр. Жамшит



экөөбүз а киши менен учурашып, Улукбек акенин кайда жүргөнүн сурадык.

– Жанаарак поштоого кетти эле, – деди кемпир. Поштоо менен китеп алдырат, дагы бир китеби келип калган го.

Ушу менен Жамшит экөөбүздүн кемпирден сурай турганыбыз түгөнүп, кемпир да бирдеме дегенге сөз таппай ыңгайсызданып, бир аз тымтырс боло түштүк. Анан менин оозума адеп келген сөздү эле айта салдым:

– Үйүңөр тим эле китепкана болуп кетиптир го?

– «Тентек темир жыйнайт» дегендей, акеңер китеп эле жыйнап атат, – деди кемпир кайдыгер сүйлөп. – Оокат-тиричилик менен иши жок, тапкан-ташканын бүт ошо китепке жумшайт. Башта эле акеңер саал-паал дубана пейил эле, эми ушунтип китеп-жинди болуп албадыбы.

Күн сайын кечинде келчү балдар да, аларга жаңы кошулган Жамшит экөөбүз да мейманканасында акыйып күтүп отурган элек, Улукбек аке күүгүм талаш маалда келди. Ичинде эки-үч китеп бар окшойт, чырмап байланган чакан таңгакты оң колунун салааларына илип алыптыр. Чачтары да, сакал-мурутту да куудай агарыптыр. Чаар топусунан чеке-бели агарып чыккан аппак чачы, эки жаагынан ээгине дейре калың өскөн купкуу сакалы анын бетин тегерете ороп, дүңүрөйгөн ыраңын ого бетер капкара көрсөтүп таштаптыр.

Ал оозгу үйгө башбагар замат Жамшит экөөбүз ордубуздан атып турдук, балдар да биздин шарыбыз менен жапырт ордуларынан козголду. Улукбек аке ичкери жалт карады да:

– Оо, абышкалар, отура бергиле, силер эмне... – деп келатып, оозун шарт тартып алды.

Балдардын арасынан эки чоң киши баамына урунду белем, саал эңкейе берип, электр жарыгынан көздөрүн бош алаканы менен калкалады, курчу кайткан

көздөрү менен тигиле карап, Жамшит экөөбүздү тааный албай бүшүркөп турду.

Мен утурлай басып:

– Ассалоомалейкум, Улукбек аке! – дедим.

Ал мени үнүмөн тааный койду, дароо өзгөрүлө түшүп, башын артка карай серпти, чалкалай берип, колдорун эки жакка жайды, оң колу болсо салааларына илинүү таңгагы менен кошо жайылды. Дал ошол калыбында ал салабаттуу дабыш салды:

– Оо, мен кимди көрүп турам!

Мен кол сунгуча болбой, Улукбек аке жайган колдорун куушура келип, мени кучактап калды, кучактаганда таңгак китеби кыры менен дүк этип жонума бир тийди.

– Ох, абышка, абышка! Эх, Сарыбашым, Сарыбашым! – деди кучагын жазбай. – Канча кыш, канча жай!..

Экөөбүз жанаша отурганыбызда Улукбек аке көз айнегин тагынды да, чүйрүйүңкү жылмайган жүзү менен мага бурулду:

– Сени кайсы шамал айдап келди, абышка?

Мен жооп айткыча болбой, ал дагы суроо берип жиберди. Анан экөөбүз эсен-соолук сурашып бир саам отуруп калдык. Ошондо бир ачык байкаганым: Улукбек акенин жүргөн-турганына да, сүйлөгөнүнө да окуган китептери аябай эле таасир эткен экен. Ал мага суроо берип, менин суроолорума жооп кайтарып отурса, мен айрым жаш жазуучулар жараткан каармандардын кепсөздөрүн эстей бердим. Ал мага кээ бир китептердеги кишилерди туурап сүйлөп, туурап кыймыл-аракет жасап, кандайдыр бир адабий кейипкердин ролун ойноп жаткандай көрүндү.

Бир маалда Улукбек аке сол колун эшикке карай коомай өйдө көтөрүп, ашкана тарапка акырын гана дабыш салды:

– Айдыңым!



Кемпирин чакырып атканын мен аңдай койдум. Мурда «катын!» деп бакырчу эмес беле, эми ушинтип сыпайы чакырып калган тура, бусурманым. Ошо замат менин эсиме кылт этти: кайсы бир жазуучунун каарманы да аялына «айдыңым!» деп кайрылса керек эле.

Казан-аякка алаксып жүрүп укпай калды окшойт, кемпири жооп кайтарган жок. Улукбек аке колун салабаттуу созгон ошо калыбынан жазбай:

– Ак жоолукчан айдыңым! – деп үнүн бийигирээк чыгарды. – Ардактуу коноктор келип калган экен, тамак-ашыңын абалы кантип атат?

Улукбек аке кемпиринин жообун күтпөй эле мага кайрылды:

– Майрам сайын куттуктап тилгирем урам, деги алып жүрөсүңөрбү?

Мен ойлонуп калдым. Канчалык чымыркансам да, Улукбек акеден мага бирди-жарым телеграмма барганын эстей алганым жок. Бирок мен иштин жайын дароо биле коюп:

– Ыракмат, алып жүрөм! – дедим. – Мен да сизге майрам сайын жиберем, тийип атабы?

Улукбек аке буйдалбай шыр эле:

– Угу, – деди да, ашкана жакка бек-бек дабыш салды. – Айдыңым! Баягы Сарыбаштан келген тилгиремдер кайда, апкелчи!

Майрам сайын анын мага телеграмма жибергени да, менин ага жибергеним да кызылдай эле калп болчу. Мен тек Улукбек акенин капыс чыгарган калпы ачылып калбасын деп жанымы жеп койдум. Чалынын кыялпейлин жакшы билген кемпири да адатынча акылмандык кылып, сыр билдирген жок. Ал ашкана үйдөн:

– Бир жакка каткансыдым эле, – деп каратып туруп калп айтты. – Эсиме жара чыгып, каякка катканымы билбей атпайымбы.

Улукбек аке бир чүйрүйүп койду да, мага карай берди:

– Кана, абышка, сайрачы бир: адабиятта кандай жаңылыктар бар?

Мен анча-мынча жобурап койсом, ал мага ошо жерден чап жабышты: чоң жазуучулардын кимиси эмне жазып атканынан баштады да, таанымал жаш прозачылардын кандай чыгарма бүтүргөнүн, каерде иштегенин, баскан-турганын, ичер-ичпесин, атүгүл балачакасын калтырбай такып сурады. Деги ал ошо түнү адабият жайынан мени эле сүйлөткүсү келип турду, мен болсом ал сүйлөсө деп турдум.

Аны сөзгө салабыз деп, Жамшит экөөбүз бир далай убара тарттык. Менден бирдеме сурата койбой алдын тороп, астыртан сөз чыгарчу, суроолор жылдырып, аны байкатпай сүйлөгөнгө азгыра баштадык. Ал акыры жаңыча аңгемелеринен кеп салып бергенге көңүлсүгөнсүп калды. Ошондо мен андан Жолборстун баянын айтып беришин сурандым. Жамшит да менин суранычымы кубаттай кетти.

Улукбек аке башын төмөн салып, терең ойго чөккөнсүдү. Мейманканада бир саамга тымтырстык өкүм сүрдү. Ал акырын башын өйдө кылды, өйдө кылганда көз айнеги жарыкка жарк этти. Баам салып карасам, анын дүңүрөйгөн өңү бир заматта кыялга туна түшкөн экен.

– Жолборстукун кезеги келгенде айтып берем, – деди мурчуюңку түр менен. – Азыркы баяным башка бир окуянын жайын айтат.

Ал кайрадан сүкүт уруп унчукпай калды да, кыйладан кийин гана башын кейкейте өйдө көтөрүп, кыялдуу кыяпат менен акырын жай сөз баштады...

Анысы чубалжыган узун бир баян экен, айтып атып тээ түн бир убакта араң аягына жетти. Эртеси кечинде да эмнегедир Жолборстон кеп козгобой, дагы бир нары узак, нары кызык аңгемесин айтты. А күнү да жети түн болгондо үй-үйлөрүбүзгө тарадык.



Улукбек акенин аңгеме айтышы чын эле жаңырып кетиптир. Баягы биз бала чакта уккандарыбыз, көркөм касиети бар болсо да, түпкүлүгүндө кадыресе эле оозеки аңгемелер болучу. Ал эми азыркы айткандары көп жагынан жазма чыгармаларга ыктап тургандай. Эми ал адабий кара сөздүн баяндоо манерасына, сүрөттөө ыкмаларына, көркөмдөө амалдарына салып айтат экен. Окуялар тизмегин кураштырганы, каармандарын сыпаттаганы, атүгүл сөздөрүн кынап койгону да куду китептегидей чыгып калыптыр. Деги анын азыркы баяндарын тыңшап отурсаң, кандайдыр бир көтөрүңкү лирика-романтикалуу аңгеме же повесть окуп жаткандай таасирге кабыласың.

Бирок Улукбек аке жаңы аңгемелерин карандай китептик таасирлерден эле курап албаптыр. Булары деле өз кыялынан эле жаралгандай түрү бар, тек акын кыялы гана адабий китептердин таасиринен жаңыланып, кереметтенип, өзгөчө сапат алып кеткендей...

Баса, Ит атаардын сүйлөп бергени да өзгөрүүгө учураптыр. Адегенде ал терең ойго чөккөндөй бир кыйлага үңкүйүп отуруп калат экен. Анысы өзүн-өзү купуя күүлөгөнү го, сыягы. Анан өзү батып кеткен ой тереңинен суурулгансып башын жайбаракат өйдө көтөрүп, коңур доошу менен жайма-жай сөз баштайт экен. Ар бир баянын тим эле китептен жаттап алгандай кыраатка салып, ыгы келген жерде доошун кубулжутуп, колдорун кошо кыймылдатып, дегеле куюлуштуруп шыдыр айтат экен. Ырас, узатып айткан сайын кызыгандан кызып, эргий-эргий күүлөнөт экен; ошондо доошу алда кандай шаңшып, кээ-кээде каргылдана да түшөт экен; күүлөнгөндөн күүлөнө берип, капыстан ашкере толкуп да кетет экен; ошондо мууну бошоп, көздөрүнө жаш тегеренип, сүйлөй албай мукактанып, тек ыйга муунa түшкөн тамагын гана кырт-кырт эттире бүлкүлдөтүп, бир саамга жер карап сүкүт урат экен...

Жолборстун баянына үчүнчү күнү кечинде гана кезек келди. Баарыбыз күндөгүдөй мейманканасына чогулганда Улукбек аке бүгүн «Жолборс икаясын» кеп сала турганын жарыя кылды да, адатынча башын төмөн салып, көздөрүн коомай жуумп, эриндерин болор-болбос кыбыратып, дегеле терең ойго баткан же кайыптан кабар тыңшаган кишиче мелтирей мурчуюп калды. Кыйлага ошентип үңкүйүп отурган соң башын салабаттуу өйдө кылып, мурдун чүйрүйтүп, бирок дүңүрөйгөн ынды кара өңүнөн кыялдуу жышаанын өчүрбөй, жумулуу көздөрүн ачпай, кандайдыр бир сырдуу таасири бар доошу менен сөзгө кирди:

* * *

– Апакай булуттарын андан-мындан булайткан ачык асман. Ошол аруу булуттарга жанаша чаалыгыңкы канат сермеген келгин куштар. Кардан жаңы бошонгон карарыңкы адыр-талаа. Тасмадай созулуп жаткан кашкайган таш жол. Тээ берегиде көк мунарык көшөгөсүн тартынып тоолор келберсийт.

Ак булуттуу көгүлтүр асман астында, кышкы уйкудан ойгонуп ныксыраган адыр-талаа арасында, даңгыраган байтак жолдун үстүндө кош ат чегилген араба калдырайт. Арабада тиги келгин куштардай чаалыгыпкан майдандан кайтып келе жаткан салдат отурат.

Салдаттын ошондогу сөөлөтүн көрүп ал: үстүндө – окко тешилип, дары жытына каныккан боз шинель; башында – кызыл жылдыздуу көөнө пилотка; жонунда – бүкүрдүн өркөчүндөй томпойгон аскер баштык. Араба өңгүл-дөңгүлдө секирген сайын солдаттын сол төшүнө шыкалган орден-медалдары бири-бирине урунуп шыңгырайт. Тотуккан жүзүнөн көңүл кубанычынын сараң жышаанасы көрүнөт; тамеки чеке-белин ыштаган муруттарында болор-болбос жылмаюу кылактайт; көздөрүндө жеңиш отунун учкундары жылт-жылт этет; кулагында уруштун айбаттуу дүңгүрөктөрү үзүл-созул жаңырыктайт...



Арабадагы ошо салдат ушу кашыңарда сайрап отурган киши болчу. Ооба, мен элем. Төрт жыл алоолоп күйгөн согуш өртү өчөйүн дегенде, мен тууган айлыма кайтып келаткамын. Көңүлүм шаттыкка мелт-калт, бирок түбүндө кермек даам арманым бар.

Касиеттүү ата журттун ыйык чегинен катаал жоону кууп чыкканда, мен купуя кыялга баткамын: «Баягы баш шылкыйткан уяттуу чегинүүлөрдө желкеме ок тийип оңколобогон, карчылдашкан салгылаштарда өлбөгөн, тозоктун отунан аман калган ушу мен эми жеңиш менен алдыга күркүрөп бараткanda мерт боломбу? Жок, эми мен өлбөшүм керек. Өлгөнгө эч кандай акым жок. Мен сөзсүз Берлинге чейин барам, Рейкистактын так төбөсүнө туу сайышам, кандуу согуштун акыркы барагына акыркы огум менен чекит коюшам!»

Бирок ошол тилегиме жетпей, согуш бүтөр жылдын февралында оор жарадар болдум. Госпиталда жатып Берлинге карай качырып бараткан майдандаштарымын бактысына көз кызарттым. Алар асман бетин бербеген айрыпыландардын саясында, жер дүңгүрөткөн канадалардын коштоосунда, как кызыткан атакалардын шарданында селдей каптап батышка кетип барышат. А мен болсом канатына ок тийип, тобунан айрылып калган куштай жалдырап ооруканада жатам...

Айыгып-айыкпай эле кайра согушка сурандым. Догдурлар уруксат беришкен жок. Жер сабап догурунсам да болушкан жок, ой-боюма койбой тылга айдашты. Ошол себептен мен төрт жыл азап-тозогун кошо тарткан кандуу согушту аягына чыгарбай, station аздыр-көптүр арман менен тууган айлыма кайтып келем.

Айылга төрт-беш чакырымдай калганда, артыбыздан шамал эпкиндей баштады. Шамал бат эле күч алып,

аттардын куйрук-жалын сапырды, этектерибизди делбек-делбек ала качты, чыйралган шлиялардан ышкырык чыгарды. Көп өтпөй шамал албууттанып, кутурган кара айгырдай асман талаасында беймарал жайылган ак булуттар үйүрүн кайдадыр кубалап кетти да, алда кайдан үрөй учурган кочкул кара булут түрмөктөрүн уюлгутуп айдап чыкты. Коргошундай оор булуттар зымырап көчүп, калдаң-калдаң оодарылып, кара нөшөр жамгырын калың самсаалатып биз тарапка чу койду.

Арабакеч бала ошо түнөргөн кара булуттарга бир кылчая карады да, аттардын жонуна шапалагын тартып-тартып алды. Шамал тоонун кирген дайрасындай аркырап, кулагымда ышкырып зуулдады, беттерими ургулап, көзүмөн жаш чыгарды. Арабакеч бала бекер эле жан талашкан экен, баары бир жамгырдан кутула алганыбыз жок. Бирок бала аттардын башын тартпай, кара нөшөрдүн капшабы менен айгайлап айдай берди. Эми шамалдуу жамгыр тула боюмду ырайым кылбай камчылап, бетимди кимдир бирөө майда чыбыктар менен дуу-дуу сабап жаткандай дуулдатты.

Аңгыча болбой так төбөдөн асман тарс жарылып, ага удаалаш чагылган жарк этип, капкара асман бетин кылычтай жара чапты. Күүгүм тарткан жер бети көз ирмемге жапжарык боло калды. Күн кайра-кайра күркүрөп, күркүрөгү бир саамга гүлдүрт-гүлдүрт жаңырыктап, чагылган жарк-журк этип соймоңдой берди. Асманда такалуу азоо айгырлар капыстан үркүп, ошо үрккөн бойдон таш жолдо ээ-жаа бербей ала качып, бирде кан буугандай тык токтой калып, бирде кайрадан дүр үркүп, баары чогуу азанап, баары чогуу туяктарынан от-жалын чыгарып, кайдадыр андыздап[1] чаап бараткансыды. Шамал ого бетер чапкындап, жамгыр нөшөрлөп төктү. Жерде чакан араба жин тийгендей шарактап, ташка чака-чак кадалган туяктардан учкун-

[1] *Андыздап* – болушунча катуу чаап баратат.



дар чачырады; көктө болсо күн күркүрөп, чагылган жарк-жарк жанып турду. Айтор, асман менен жер бирин бири туурап үн алышып жаткансыды.

Айылга жакын калганда, кара нөшөр басылып, түнөргөн булуттар өткүнүн самсаалаткан бойдон тоо тарапка узап кетти. Арабакеч бала оолуккан аттарынын башын араң тартты.

Менин сыртым шөмтүрөп суу болсо да, көңүлүм жадырап куунак эле. Жамгырдын жааганы да, күндүн күркүрөгөнү да, чагылгандын жаркылдаганы да мага шарапаттуу жышаанадай сезилди. «Сагынычтан саргайган тууган жерим мени көз жашын көлдөтүп тозуп алды, – дедим купуя кудуңдап. – Боордош табиятым да кан майдандан эсен-соо кайтканымы урматтап дүңгүрөтө залп берип, жаркылдата салют атты!»

Мен арабада ушундай көкөлөгөн ойлорго термелип келатып, киндик каным төгүлгөн чоң колотко жете келгенибизди да байкабай калыпмын. Карай салсам, ачык асмандын көгүлтүр тунук тилкесинде, тууган колот чатынын так үстүндө, кыштакка кире бериштин куду төбөсүндө албан түстө кубулжуган татынакай асан-үсөн илинип туруптур. Эки учу маңдайлаш жапыз тоолордун чокуларына жебедей сайылып түшүптүр, ортосу жароокер жаш сулуунун керме кашындай назик ийилип, ажайып бир көрк берип кулпурат. Тим эле рабат дарбазанын түркүн боёктор менен сырдалган сөөлөттүү чамгарак жыгачындай бир башкача кереметтенет.

Мен сүйүнгөндөн апкаарый түштүм, жүрөгүм туйлап, каным чыкыйыма тээп чыкты. Көктөгү асан-үсөнлап, каным чыкыйыма тээп чыкты. Көктөгү асан-үсөн дү тууган жеримин мени ардактап тоскон дагы бир шааниси деп кабыл алдым, ал менин келишимин ызашааниси деп кабыл алдым, ал менин келишимин ыза- тына бир боор айлымын кире беришине дал ушинтип керилип калды деп туюндум. Өрөпкүгөн көңүлүм көккерилип калды деп туюндум. Өрөпкүгөн көңүлүм көк- кө чаргып, төбө тушумда керилип турган керемет кубулушка жетине албай акыйып карап, кокту оозуна

кире бердим. Ошондо мен өзүмдү алыскы казаттан олжолуу кайтып, салтанаттуу алтын дарбаза аркылуу туулган шаарына санжыргалуу саябан арабада сөөлөт менен кирип бараткан кол башчыдай эле сезип кеттим.

Араба калдырап-шалдырап айыл арасына киргенде, боор этектей түшкөн тамдардын эшик-элигинде жүргөн кемпир-чалдар жолго серепчилей карап калышты. Ошо замат менин баамыма тиги өйүзкү боордогу жаңгак түбүнөн топ киши уруна түштү. Жаандан корголоп келип, кээ бирлери каамыттуу аттары менен, кээ бирлери кетмендерине таянып жөө турган кошчу-кетменчилер экен, алар да мага жарданып карай беришти. Баары тең капысынан арабачан чыга келген салдатка таңыркап, мени тааный албай бүшүркөп, делдейгенден делдейди. Ошондо арабакеч бала эсине келе калып, заңк этип табыш салды: «Сүйүнчү! Сүйүнчү! Улукбек акем келди!»

Өйүздө сестейиңки селейип тургандар жандана түшүп, бир кур уккан кулактарына ишенбегендей алмателме карашып, анан кубанычтуу кыйкырып жиберишти. Ошо кыйкырык менен кошо атчаны атчандай чаап, жөөсү жөөдөй чуркап жөнөштү. Кемпир-чалдар да жолго карай бөкчөңдөп, алардын артынан томполоңдоп жаш балдар ээрчип алышты. Баары тең туш-туштан мени көздөй сүрүлүп келатышты.

Араба жол ортосуна токтоп, мен жерге секирип түштүм. Келаткандардан сүрдөгөнүмөн кайсынысын утурлап аларымы билбей, түшкөн жеримде селейип туруп калдым. Адегенде эле мага атчандар жете келип, аттарынан куланды. Алар менен кучакташып көрүшкөнчө кемпир-чалдар, тиги өйүздө тургандардын жөө-жалаңдары жете келип, мойнума асылышты. Баарынын кирпиктери суу, менин да муунум бошоп, көздөрүмдө жаш.

Көз жаштар, көз жаштар... Төрт жыл бою саргайткан сагынычыбыздын жаштары, адам чыдабас азап-тозокту көтөргөн сабырыбыздын жаштары, көкүрөгүбүздө



тыбырчылап туйлаган кубанычыбыздын жаштары! Ошо көз жаштарды көз көрүнөө бет ылдый агызгандан эч кимибиз уялганыбыз жок.

Кары-жаш менен учурашып бүткөнүмдө, өспүрүм балдар мени ортого алышып, ой-боюма койбой көтөрүшүп, беш-алты мертебе көкөлөтө ыргытып ийишти. Менин тоолуктарымын ушундай ажайып салты бар эмеспи. Балдардан араң бошонсом, жабалактап тургандар уу-дуу түшүп, жарышып суроолор жаадырышты. Мен өзүм каерден келгеними, уруштун ал-акыбалын, айылдаштардан кимди көргөнүмү жаалап сураштты. Бирдаары: «Уулуму көрдүңбү, эрими көрдүңбү, агамы көрдүңбү?» – деп жака-жеңимен, каптал-өңүрүмөн тарткылап жулкулдатты. Кимге эмне дээрими билбей алдастап, чолок-чолок жооптон башка оозума эчтеме кирбей, заманам куурула түштү. Акыры башыма бир ой кылт этип, арабага чыгам деп жармаштым. Балдар мени көтөп так көтөрүшүп, арабага леп чыгарып коюшту. Жарданып тургандардын соболдоруна жалпы жооп кылып эки-үч ооз сөз айтмак болдум да, пилоткамы башыман жулуп алдым. Башта калк кашына чыгып сүйлөп көргөн эмес элем, адегенде акылыма сөз илинбей, тилим күрмөөгө келбей, пилоткамы мыкчый кармап апкаарыдым. Анан бар күчүмү жыйнап бакырып коё бердим: «Жолдош катындар! Жолдош кемпирлер! Жолдош балдар жана чалдар!» Бакырарын бакырып алып, кайра мукактанып туруп калдым. Бар кайратымды жыйнап кайра сөз баштаганда да мукактанып-мукактанып барып араң оңолдум. Бир аздан соң сүйлөгөндүн ыгын таап, кадыресе дасыккан чечендердей шыдыр кеттим.

Мен согуш өртү жакында биротоло өчөрүн айттым, көп өтпөй аман калган ата-балдар, ага-инилер, сүйгөн жарлар жеңиш менен кайрылып келерин айттым. «Жаз кабарын канатына кондуруп келген биринчи чабалекей сыңары мен да силерге аз күндө жарк этчү жеңиштин

сүйүнчүсүн ала келдим, – дедим толкунданып. – Эми менин артыман калган жоокерлер да келгин куштардай убап-чубап келе берет». Сөзүмүн аягында эки-үч ураан таштап койдум эле, тургандар жапырт шапалак чаап, балдар ураалап кыйкырып ийишти. Ошентип, менин кыскача дакылат[1] сөзүм да дурус чыгып, ошо жыйын да күтүлбөгөн жерден кодура митинкеге[2] айланып кетти.

Арабакеч аттардын жонуна шапалагын чуу эттирди, арабага жоон топ бала жармашты, калгандары аркабыздан чуулдай чуркап, атчандар арабаны жандай кошо чапты. Жазгы күн асмандан жаркырап тийип турду, атчан-жөөлөр коштогон арабанын дөңгөлөктөрү жолдо балдардын кыйкырык-чуусуна аралаш кубанычтуу күү чыгарып калдырттап баратты.

Капыстан кошок кошуп ыйлаган аялдын аянычтуу үнү угулуп калды. Ошо замат арабанын жүрүшү жайлап, балдар жаагын жап басып, атчандар аттарын илкитип бастыра баштады. «Баягы Асылбектен кара кагаз келген, жоктоп аткан ошонун бейбагы», – деди кимдир бирөө. Келиндин каңырык түтөтүп созолонткон кайгылуу кошогу, аягында эчкирип-эчкирип ыйлап калганы, баарынан да каргылданган доошунун күйүттүү ыргактары өзөгүмдү өрттөп жиберди.

Көктөгү күн булутка жашынып, жер бети көлөкөлөнө түштү. Арабанын дөңгөлөктөрү сабыры суз жайма-жай кылдырап, аттардын басыгы ого бетер жайлады. Баарыбыз үн-сөз катпай жүздөрүбүздү сумсайтып, баштарыбызды шылкыйтып, там ичинен түтөп-түтөп чыккан кошокко эрксизден кулак түрдүк. «Ка-пылес-аа жатып түш көрсөм, карайган-аа көлдөр көрүнөт, карайган-аа көлдөр үстүндө-аа, карайган-аа өрдөк көрүнөт, карайган-аа көлдөр – көз жашым-аа, карайган-аа өрдөк – өз башым-аа-хи-ий-ий!..»

---

[1] *Дакылат* – доклад.
[2] *Митинке* – митинг.



Көңүл ачыштырган ый-кошок алыстай түшкөндө, мен шылкыйткан башымы өөдө көтөрүп, жан-жагыма карандым. Төштөгү тектирчеден тыптыйпыл күйгөн тамдын чалдыбары көзүмө чалынды. Там күйгөн дүмүрдөй карарып, үтүрөйүп, өтө эле түрү суук. Карарган чалдыбардын алдында капкара чапанчан, капкара жоолукчан катындын карааны. «Бу Анардын үйү го?» – дегенимче болбой, кимдир бирөө айтып калды: «Анар бечара уулунан кара кагаз алганда акылдан айнып, үйүн өрттөп алган». Жолго нестейип карап турган Анар: «Каяктан келайтасыңар, ыя?» – деди кайдыгер гана. «Аскерден келайтат, аскерден», – деди балдардын бирөө. «Келаткан теги ким?» – деди Анар. «Улукбек аке, Улукбек аке». Менин атымы угар замат Анар селт чочуп, кыйкырып ийди: «О Улукбек! Арстаным да аскерде эмеспи, каралдымы көрө алдыңбы?!» Капылес суроо жүрөгүмү шуу эттирип, калдастатып салды. Калдастаганыман: «Жок, байбиче, көргөн жокмун», – деп заңк этипмин. Ошондо Анар башынан кара жоолугун сыйрып таштап, колдорун асманга көтөрүп, алакандарын жая берип: «Оо Арстаным, карааныңдан кагылайыным! Кайдасың, мени боздотпой эртерээк келчи!» – деп ачуу кыйкырып алды да, озондоп ыйлап жиберди.

Тула боюм зыркырап, көңүлүм зилдеп, Анарга кошулуп бакырып ыйлагым келди. Көзүмдү жуумп, эрдимди кесе тиштеп, чыдай албай онтоп жибердим. «О согуш, согуш! – дедим каңырыгымы түтөтүп. – Деги сенин кылбаганың калдыбы?!»

Аңгыча болбой иттер уңулдап улуп, эшектер мээ тундура айкырып, уйлар өңгүрөп мөөрөп калышты. Кишилер да бир кур дуу этип алышып, кайра тым-тым болушту. Мен чочуп көзүмдү ачсам, жер бети караңгылай түшкөн экен. Көзүм караңгылабадыбы деп ойлоп, бирок эмнегедир шектенип, өйдө карадым. Оо шумдугуң түшкүр, асманда азыр эле жаркырап тийип турган күн

тутулуп, чеке-бели карарып, ортосу билинер-билинбес түтөп, күйүп туруптур. Жанымдагылар үрпөйүп чочуп, жакаларын карманып, асманга акыйган бойдон турган-турган жеринде селейип калыптыр. Жалгыз гана Анар жерде ооналактап, кыянаттуу согушка наалат-каргыш айтып, кара чечекей уулун атынан чакырып, жан-жаныбарлар менен кошо өкүрүп ыйлап атыптыр...

Күн күйүп бүткөндө биз баарыбыз үрөй учкан кейпибиз менен илең-салаң ордубуздан козголдук. Арабанын дөңгөлөктөрү ыйлагандай кейиштүү кыйчылдап жөнөдү. Баарыбыз тең куду көрүстөнгө сөөк узатып бараткандай шылкыйып, сумсайып, тил катпай бараттык.

Алдыбыздан киши чыккан жок, тек гана мектептин жанына барганда жолдон топтошкон иттер кыйгач чубап өтө берди. Мен иттердин арасынан эки-үч дөбөттү, анан Орозаалы чалдын айы-күнүнө жеткен бооз канчыгын айныбай тааныдым. «Бу бооз канчыкка топтошкон иттердин ичинде эмне бар?» – деп кайдыгер гана ойлоп койдум.

Мен келген соң жазгы баардын жаңы жууган айнектей тунук, күлүңдөгөн жайдары, мемиреген ачык күндөрү өкүм сүрдү. Түндөсү асман бетине жымындаган жылдыздардын сепкили жамырап чыгып, толукшуган ак жуумал ай илепсиз жарыгын муңайым чачып, асман-жердин кыйыры алтын буусуна чайкалгансып буурул мунарыкка тунуп турду. А күндүзү көк жүзү бир башкача ажайып көгөрүп, андан-мындан ак куу мисал булуттарын булайтып, күн болсо кызарып чыгып, кызарып батып, керээли-кечке жер үстүнө жылуу мээримин марттык менен төгүп турду. Күндүр-түндүр кара жерден кылайып башбаккан гүлдөр өйдө карай өрөпкүй умтулуп, ыргалыңкы бой түзөнүп, айдоолордо үрөндөр чытыр-чытыр этип өнүп чыгып, дарак бүчүрлөрү тырс-тырс жарылып жатты.



Кыштак жыбылжыган коңур жымжырттыкка чөгүп, мени мемиреген беймаралчылык үстүмөн лап басып калгансыды. Мен жадыраган жаз жамалына кумарланып, жыбылжыган жымжырттыкка ыракаттанып, жаркын маанай менен үй-тиричилик ишине кириштим. Адегенде короонун ичин какыр-чикирден арылттым, анан тамарканын тамтыгы кетип жыртылган кашаасын калыбына келтирдим. Керээли-кечке кыбырап иштеп жүрсөм, жерден нымсак топурак менен чырымтал майсанын наристе жыты көтөрүлүп турду. Ошол аңкыган жыт башымды болор-болбос эңги-деңги кылып, делебемди козгоду. Мендеги уктап калган дыйканчылык ышкы кайрадан чукуранып ойгоно баштады.

Бу жарык дүйнөдө дыйканчылык кумарынан касиеттүү кумар болбос, чиркиниң! Мен өз башыман өткөрбөдүмбү: ал кумардын жалынын кандуу согуштун катаал шарттары да тыптыйпыл өчүрө албайт. Ырас, кан майданда салдаттын назик сезимдери кыйынчылыктан таштай катыңкы тартат, ысык мээрими болсо кас душманын жек көргөндөн муздай тоңгонсуп калат, антпесе тажаал жоого ырайым кылбай качырып кириш кыйын го. Бирок катуу ташты да жарып татынакай гүл чыгат, калың муз астында да шылдырап суу агат. Анын сыңары төрт жыл күйгөн согуш өртүндө менин кабыктанып каткан көңүлүмдө да дыйкандык ышкым какшып калган жок. Кандуу кармаштан колум бошосо эле туулган жерими сагынып кусага малынар элем, нымдуу кара турпактын жытын талгак болгонсуп күсөй берер элем; түш көрсөм эле майланган-эзилген бороз кечип кош айдап жүрөр элем, шымаланып алып жерге көчөт сайып атар элем. «Согуш доошу жалп басылса, туулган айлыма карлыгачтай кайтып барсам, – деп дайыма тилек кылар элем, – жалаң гана жер айдап, эгин эгем, көчөт тигип, бак өстүрөм, орок оруп, кырман басам».

Кыштактагы беймарал күндөрүмдүн бешинчи бейпил таңы кылайып атты. Ачык асмандын күн чыгыш

жагы агарып, бүлбүлдөгөн соңку жылдыз сөнүп калды. Короздор коңгуроолуу доошу менен кубанычтуу үн алышып, таңкы алешем салкын жер бетин саал чыйрыктырып турду. Мен арыктын эки кырына мырза теректин калемчелерин сайып жүрдүм. Бүткөн боюм сергек, көңүлүм жарык, колдорум ишке ынтызар эле. «Буюрса, бүгүн адырга чыгам, – деп купуя кудуңдадым. – Кош айдайм, соконун тиши жерди тилип кирет, кара топурак аңтарылып түшөт, жылма бороздор күнгө чагылышып жалтырайт». Таттуу кыялдарга жетеленип, улам бөгжөң-бөгжөң этип калемче сайып жаттым. Эң акыркысын сайып атсам, там жактан бирөө атыман чакырып дабыш салды.

Чакырган Жоро-шайтан экен, короодо атчан туруптур. Ал амалданып аскерге барбай, ошонусунан мендей жоокерди көрсө эле өзүн күнөөкөр сезип, алапайын таппай кайсалактап калар эле. Азыр да мага тик карай алган жок, ээр кашы менен ат жалын алма-телме сыйпалап, мага көшөкөрлөнө эбиреп-жебиреди: «Кандай, каркыбарым, мал-жан аманбы? Бала-чакаң чоңоюп атабы? Байбичең куулуу жүрөбү? Эс алышың кандай?» Мен сыпайкерчилик үчүн гана салкын баш ийкегилеп турдум. Кошоматын айтып бүткөн соң ал мага бир чапталуу каниверт сунду. Канивертте мындай деген кат бар экен: «Ардактуу эпирейтор Батырбеков! Кан майдандан аман кайтышың кут болсун. Бир мыкты адис издеп воинкаматка кайрылсам, сени рекомандовайт этишти. Таржымалың менен тааныштым, көксөп жүргөнүм так өзүң экенсиң. Ушу катты аларың менен мага кел, келбесең баары бир войинкамат аркылуу чакыртып алам. Саламым менен: Бейшеке Ургазиев».

Бу каттын табышмактуу жазылганына бир аз таңыркапып, Жоро-шайтандан сурадым: «Мунуң ким өзү дегиِ?» Жоро-шайтан эмнегедир жандана түштү: «Бейшеке Ургазиевпи? Оо, ал даңкы дубан жарган киши



эмеспи! Экөөбүз калың доспуз. Мурда милийсанын начайлиги эле, бир болбогон майда ишке чалынып, жакында андан түшүп калган. Азыр «Заготжипсырыянын» баштыгы. Укмуш кыйын адам!» Мен «барсамбыбарбасамбы» деген кыялда арсарсып турдум. «Ал пендеден чыккан бир арстан го, эргул! – деп маашырканды Жоро-шайтан. – Айда сүрү арстандыкынан кем эмес. Үнү да арстандыкындай күркүрөп чыгат. Не бир баатырсынган эр азаматтарды бир карап эле сестентип, бир кыйкырып эле бүжүрөтүп коёт. Не бир кабаанак иттерди жакын келгенде эле бир тиктеп токтотуп, ошо токтогон жерине тап жылдырбай матап салат. Кысталак, чын эле арстан, арстан!»

Шаарга улуу шашкеде жетип, түз эле «Заготжипсырыяга» бардым. Керкашканы эшиктеги кууралган тытка аса байлап, ичкери кирдим. Бейшеке Ургазиев салмак менен козголуп ордунан турду. Дардайган алыбеттүү неме экен, турганда төбөсү жапысыраак шыпка тие жаздап барып тийбей калды. Мүчө-жотосу дегеле мескоол, башы калжайып чоң, кулагы опсуз делдегей көрүндү; аткыйган одоно, одур-будур чаар, ашкере мээримсиз дүңүрөкөй бети дароо итиркейиме тийди. Кызарыңкы тартып түбүнөн кайнап турган чүңүрөкөй көздөрү бар экен, тикирейип мага кадалды. Ал көз караштан көңүлүм аптыккансып, тула боюм чымырап муздай түшкөнсүдү. «Баатырбеков окшойсуң! Кандай, жакшы эс алып атасыңбы?!» Ал жай эле сүйлөдү, бирок доошу күпүлдөп жаткандай күркүрөп өкүм чыкты. Жоро-шайтан жалган айтпаптыр: Бейшеке Ургазиевдин түрү суук кебетесинде, тикчийген тикенектүү көз карашында, күп-күп этип өкүм сүйлөгөнүндө чын эле шумдуктай айбат-сүр бар экен.

Экөөбүз маңдайлашып отурган соң Ургазиев мага сүрдүү карай күп-күп этти: «Сен сынайпер турбайсыңбы, бизге ыштатный агент-акотник бол!» Мен мындай

сунушту күткөн эмесмин, саал-паал алдастай түшүп айтып калдым: «Кандай иш кылам антсем?» Ургазиев салмак менен күп-күп этти: «Суур атасың! Ит атасың! Айтор, бизге баалуу тери тапшырып турасың! Эскертип коёюн, айлыгы жакшы кызмат бу, орношом деп жулунгандар көп, бирок биз жулунгандын баарын эле ала бербейбиз». Мен ошо замат терс жооп кайтардым: «Жок, иштей албайм». Ургазиев чакчая түшүп, мени тирүүлөй жеп жиберчүдөй бар күчү менен жекире карады. Мен бир кур аптыгып алып, анан кайра оңолдум да, тикчийген көзүнө тик карап каяша кылдым. Ургазиев карарып туталанып кетти да, ачуулуу күркүрөдү: «Эмнеге! Иштей албайсың?!» Бу сапаркы айбатын мен анча тоотконум жок, жалаң дыйканчылык майданында иштесем деген тилегимди жай гана билдирдим. Ургазиев айтканымы кулагынын сыртынан кетирди, дагы бир топ кошумча шылтоо айтсам да баарына ынаган жок.

Айлам түгөнгөндө баягы «иштей албайм» дегенимди көшөрүп кайталай бердим. Ургазиев мени ийге келтирем деп даңазалуу сүр-айбатын ар кандай кубултуп да көрдү, кайдагы бир «мокочонун» башын кылтыйтып опузалап да көрдү, бал тилге салып алдамыш да болду. Мен болсом кашайып эле терс аяктык кылып туруп алдым. Бир маалда Бейшеке Ургазиев каракөк тарткан бетин каардуу одурайтып, кайнаган көзүн чаарын чыгара кызартып, доошунун барынча айкырып турду: «Малчайт, эпирейтор Баатырбеков!!! Ыстайт исмирно!» Бөлмө дүңгүрөп, бурч жаккы шыптын шыбагы күбүлүп, айнектер калдырт-калдырт эте түштү. Мен да селт чочуп, шарт ордуман ыргып туруп, көнгөн адатым боюнча маш буурчак жеген короздой какайып калдым. Капыстан өзүмдү аракеттеги армия сабында жүргөндөй сезип кеттим. «Сен экөөбүз салдатпыз, жолдош Баатырбеков! Азыркыдай оор шарттарда керегибиз тийген жерге кыйыктанбай барышыбыз керек! – деп салмактуу



күркүрөдү Ургазиев. – Мен, эмне, бул кызматка өзүм суранып келди дейсиңби? Керегим тийген экен, маблизация кылышты. Салдат экемин, кыңк дебей келдим. Мен салдатмын, жолдош эпирейтор! Сен да салдатсың!» Бу сөздөр менин жоокердик ар-намысымы козгоп салды. Бирок анын артынан эле дыйканчылык кылсам деген тилегим эсиме кылт этти. Бир жагынан жазыксыз жан-жаныбардын жанын кыйгандан да алдын ала зааркандым. Эрксизден эки анжы ойго такалып, бир жагына оой албай кыңырылып турдум.

Бейшеке Ургазиев кыраакы экен, менин көңүлүмдө салдаттык тобокелчилигим менен дыйкандык кыйыктыгым таймашып жатканын байкап калды. Атүгүл менин жоокердик уятым күчтүү экенин да билип алгансыды. Ошол себептен мени тап жылдырдай кармагысы келип, салдаттык арыма демитип атака койду. «Менин аскердик наамым капитан, комбат болгомун, – деп сыймыктуу күркүрөп айтты. – Демек, сага буйрук бергенге акым бар. Жолдош эпирейтор, сен бизге ыштатный агент бол да, согуштагыдай эле жигердүү кызмат кыл!» Арсарсыткан ойдон улам какайган денем саал бошой түшкөн экен, ошо замат кайра чыйралды. Дыйкандык кыйыктыгымды салдаттык ар-намысым басмырлап баратты. Ийий турган жеримен кармаганын билген кыйды Ургазиев ого бетер күркүрөдү: «Буйрук берилди, эми аны аткар, салдатым!» Менин көңүлүмдө салдаттык ар-намысым тыбырчылап кетти. Атургай ашкан маанилүү бир аскерий тапшырма алып жаткансып өрөпкүй түштүм да: «Буйругуңузду аткарууга уруксат этиңиз, жолдош капитан!» – деп толкундана сүйлөп, какая чес берип ийдим, «Азаматсың, жолдош эпирейтор! – деп кубанычтуу күркүрөдү Бейшеке Ургазиев. – Азыр өздүк кагазчаңды толтур, аванса айлык, ок-дары, мылтык ал». Анан терезеден эшикке бир карап койду да, менден сурады: «Тиги атты сен минип кел-

диңби? Калкоздукубу?» Мен «ооба» дегенчелик кылып баш ийкедим. «Ошону мине бер, мен раиске айтып коём», – деп Ургазиев колумду бекем кысты да, аздыркөптүр мээрим аралаш доошу менен айтты: «Жаңы эмгек майданына киргениң кут болсун! Асыл ишиңде чоң-чоң ийгиликтерге жет, салдатым!»

Жолдуката төбөмдөгү асман үтүрөйүп бүркөлүп турду. Жолду ката менин көңүлүм да ачылган жок. Анан капаланбай коймок белем! Төрт жыл бою кызыл кыргындын арасында болдум. Касташкан адамдар гана эмес, эч жазыксыз айбандардын, малдардын, куштардын кырылганын көрдүм. Өзүм эле канча душмандын өмүрүн кыйдым! Арабыздан бирин-серин дезертир же чыккынчы чыкса, кээде ошолорду да аттым. Катуу салгылаштарда киши канын суудай кечип, боо түшкөн өлүктөрдүн үстүнөн тебелеп өттүм. Жалаң өлүктөрдүн арасында да түнөдүм. Башка түшсө адам баарына көнөт дешет. Бу сөз адамга карата айтылган карандай эле жалаа экен! Жок, мен төрт жыл катар кызыл кыргында жүрүп, өлүм менен аккан канга көнө алганым жок. Тескерисинче, өлүк менен канды көргөндөн барган сайын көңүлүм кала берди. Анан аскерден кайтарымда, эми калган өмүрүмдү тынч турмушка, ак эмгекке, жер бетин безегенге гана арнайм деп, эми, буюрса, колума асти мылтык кармабайм, итти да инимдей көрүп башка чаппайм, жадагалса жазыксыз чымындын да жанын кыйбайм деп илек-шерт кылганмын. Бирок ал тилегим таш каап, мына, Өзгөндөн жан-жаныбардын шоруна мергенчи болуп кайтып келатпайымбы.

Жолду ката беймаза болуп, оор санаага алаксып келе берип, өз үйүмүн тушунан итабар өйдө өтүп кетипмин. Мени бирөөнүн капшыттан чыгып айткан саламы эсиме келтирди. Карай салсам – Орозалы чал. Кудуңдап сүйүнүп алыптыр. «А-а, абышка, кунаажының эгиз туудубу?» – дедим тамашалап. «Жок, канчыгым



жетини тууду», – деди чал мулуң-мулуң күлүп. Бу кабар менин түпөйүл көңүлүмө жарык нурдай сызылып кирди. Адамбы, айбанбы – деги ар кандай жаныбардын жарык дүйнөгө келгени жакшы жышаан го, чиркин! «Аскерде жүрүп уктум эле, кайсы бир элде наристенин төрөлгөнүн ок чыгарып жарыя кылышат экен, – дедим жонуман мылтыгымы ала берип. – Абышка, сенин күчүктөрүңүн туулганын да ошентпейлиби?» Анан мен чындап эле ар бир туулган күчүктүн урматына асмандатып ок ата баштадым. Мен аткан сайын Орозаалы чал жетине албай: «Баракелде, азаматым, баракелде!» – деп кубана берди. Мен сегизинчи окту атып ийип чалдан сурадым; «Абышка, канчыгым жетини тууду дедиң беле?» Орозаалы чал ого бетер кудуң-кудуң этип: «Ап-бали, азаматым, жетини, жетини», – деп ырсайды. Мен Керкашканын башын артка буруп жатып жай гана ойлоп койдум: «Соңку туулган жетинчи күчүктүн урматына эки жолу атып ийипмин».

Ошондон эртеси эле таң эртелеп биздин эшикке Раис аке бастырып келип калды. Чайга чакырсам, түшкөн жок, ээрине адатынча таш өбөк сала берип, кепке кирди: «Улукбек мырза, сага кадыр салып келип турам, мени бир ажаттан чыгар». Мен эмне сурарын түкшүмөлдөп: «Айтыңыз, колдон келген иш болсо, сизден аянат белем», – дедим. «Мен буга чейин көп маани бербей жүрүпмүн, көрсө, куттуу үйдүн көркү ит турбайбы, – деди Раис саймедиреп. – Короодогу итиң осол болсо, а дагы бир балээ экен. Баягы-баягы жылы сен тартуулаган дөбөттөн бери итке жарыбай жүрөм. А бечара карылыгы жетип көз жумгөн. Мурдагы жылы бир күчүк баксак, кысталак, ууру чыгып, былтыр аттырып салгамын. Сен иттин айтылуу сынчысы эмессиңби, мага бир жакшы ит болчу күчүк таап бер». «О кокуй, кадыр салып сураганыңыз ушубу? – дедим мен жаркылдап күлүп. – Жакшы күчүк табыш жерге кирсин,

жүрүңүз, кеттик». Экөөбүз мамыр-жумур маектешкенче катар бастырып, Орозаалы чалдыкына бардык.

Орозаалы чал күпкөдөн канчыгын кубалап, күчүктөрүн бирден мыкчый кармап тышка чыгарды. Бири бирине тамчыдай окшош сокур күчүктөр аянычтуу кыңшылашып, бири-бирин сүзгүлөшүп, бужүрөп турушту. Орозаалы чал менен Раис ага карабай эле күчүктөрдү жондорунан кармалап көрө баштаашты. Алар сыртынан көзгө толумдуу көрүнгөн төрт күчүккө айрыкча пейил түшүрүшүп, оң-тетирисинен сынап карашып, төртөөнүн кайсынысына токтолоорун билишпей, өздөрүнчө күдүңдөп жатышты. Мен алыстан эле адис көзүм менен баамдап койдум: аларга жагып калган төрт күчүк адегенде туулгандар болчу, анын үстүнө, төртөөнүн экөө ургаачы эле. Тигилер аны байкашпай, көңүлдөрүнө куп келген ошо төрт күчүктүн үстүнө үйрүлө беришти.

Мен жарык дүйнөгө тиги төрт күчүктөн кийин келген үч күчүккө карап четтерээк турдум. Ал үчөөнүн бирөө эмнегедир көзүмө жылуу учурады. Ал башкалардан кыйла эле түрү суук, башы чоң, жондорунда үч түп катуу кылы бар, чапчаң кыймылдуу күйпүл күчүк экен. Бир караганда серт көрүнгөнү болбосо, башка айыбы жоктой. «Эң соңунда ушул эргул туулса керек?», – деп купуя болжодум да, ошо болжолумду абышкадан жарыя сурадым. «Ап-балли, азаматым, так үстүнөн чыкпадыңбы!», – деди Орозаалы чал. «Көйнөкчөн туулган күчүк экен, – дедим ичимен кымылдап. – Кечээ мен көрбөйбилбей эле мунун урматына эки ок чыгарыпмын. Жакшы жышаана!» Мен түрү суук күчүктүн качан туулганын тактап сураганымда, мени атайын ээрчитип келгенин эстей койгон раис мага бурула берди. Өтө сергек киши эле ыраматылык, мага саал айыптуудай күлө багып кайрылды: «Сен турсаң, Орозаалы экөөбүз кур бекер баш катыра бериппиз. «Чымчыкты сойсо да касап



сойсун». Кана, билерманым, сынчылыгыңы бир көрсөтүп калчы». Орозаалы чал да кубаттап кетти: «Апбалли! Иттин сырын жакшы билет бу азаматым, жакшы билет». Мен эки колум менен тиземи кармай бүкчүйүп, күчүктөргө үңүлө бердим да, баарын текши дагы бир айландырып карай баштадым. «Жакшылап кара, азаматым, жакшылап, кара, – деп кобурады Орозаалы чал. – Сенин билбегениң жок». Мен күчүктөрдүн баарын алмак-салмак байкап-сынап, акыры баягы эле көрүнүшү серт күйпүл күчүккө токтолдум: «Раис аке, ушу күчүктү алсаңыз, асти арманыңыз болбойт». Тандаган күчүгүм купулуна толбой калганын раистин өңүнөн эле айныбай көрдүм. Ал аңгыча Орозаалы чал: «Сен, Улукбек, таш балакетти да билбейт экенсиң! – деп чукчуңдай түшпөспү. – «Жаманды мактаса, жардан алыс кетет». Сен так ошонун бири экенсиң». Менин да итатайым кармай калып, чалга терс аяктык кылдым. Экөөбүз катуу жаакташа жаздап калдык эле, ортобузга раис арача түштү: «Талашыңарды койгула, азыр пайдасы жок. Күчүктөр кичине ирденсин, ошондо дагы бир сынап көрөлү». «Ушу күчүктү көрсөм эле итиркейим келет!» – деди Орозаалы чал таарынгандай мурчуюп.

Бир күнү кечинде кызматтан суй жыгылып чарчап келип, аябай катуу уктаган экенмин, эртеси күндөгүмөн кеч ойгондум. Уйкусу жакшы канган наристедей куунак пейил менен турдум. Муздак сууга жуунуп, тамакты көңүлдөнүп ичип, таза кийинип, эшикке чыктым.

Биздин чоң колоттун койну толукшуган жаз маалынын айдыңында түркүн түстө кулпуруп, көз кайкыткан көркке чөгүп, бир башкача жарашыкка тунуп турган экен. Эрке жел көрүнбөс алакан сыяктуу акырын сылап өтсө, адыр-түзгө калың чыккан көпкөк жаш ыраң ар кайсы жерлеринен кызыл гүлдөрүн кылайтып, үстүнөн майда толкундарын кат-кат жөнөтүп, өзгөчө бир жагымдуу көрк менен жагалданат. Жапжашыл дүйнө-

нүн жарашыгын ого бетер жадыратып текши ачылган алча-гилас гүлдөрү ак көбүктөнүп, бутактарына батпай ашып-ташат. Өрүкзарлар ак гүлдөрдүн аруу туманына чылк көмүлүп, алмалар жайнаган агыш-мала чечектердин санжыргасында сөөлөттөнөт. Сыдырым леп этсе, гүлдөгөн дарактардын баарынан гүл таажылары уюлгуп учуп, апакай майда көпөлөктөрдөй назик дирилдеп, илээлеп жааган бадырак кардай самсаалап, дабыш чыгарбай жер бетине төшөлөт.

Мен бу татынакай табият майрамына, жароокер жаратылыш салтанатына жан-дилим менен таасирленип, делдейген бойдон туруп калыпмын. Кыйладан кийин гана албан көркү эс-дартымы бүтүндөй арбап койгон жашыл дүйнө дүйүм добуштардан жаңырып турганы кулагыма чалынды.

Шамдай тирешкен мырза теректерде чымчыктар башаламан ызы-чуу көтөрүп, түшүнүксүз тилде «чырк-чырк» кужулдашат. Жалбырактарга жашырынган булбулдар аңкыган жыттарга кумарланып, жаз сулуулугуна көңүлү ийип-ийип, жан-алына карабай тилин безейт. Булбулдун буруп-буруп таңшыганын магдырай тыңшап туруп, ичимен маашырканам: «Бөбөктүн муштумундай ушу боз чымчыктын жүгөрүдөй жүрөгүнө ушунча күү кантип батат, ыя!» Аңгыча болбой так төбөмөн күмүш үндөр шыңгыр-шыңгыр себеленип, асманга акыйып карашка аргасыз болом. Тээ бийикте жылтылдаган күн шооласына илинген карача торгой жандуу чекит мисал тырпырап, алкымында күмүш жылаажыны бардай мукам-мукам күүлөр төгөт.

Торгой таңшыгына моокум канбай тамшанып маңдайкы тоо башына көз чаптырам. Заңгыраган туу чокунун үстүндөгү чымкый көк асманда калдайган бүркүттөр жайма-жай каалгып айланат. Кере кулач чалгындуу алп канаттары күн шооласына күңүрт чагылышып, салмак менен токтомдуу анда-санда сермелет.



Куш аттуунун кыраандары көз талдырган бийиктикте салабаттуу сайран куруп, тайманбастык менен азаттык жөрөлгөсүн жар салгандай кээде гана салтанаттуу «клак-клак!» шаңшып коёт.

Бүркүттөрдүн шаңдуу шапарын сонуркап турсам, дагы бир ажайып көрүнүш көз кырыма уруна түшөт. Береги кырдан каз-катар тизилген бир үйүр аккуу сөөлөттүү чабыт менен кылактап чыга келет. Апакай булуттардан атайлап чебер жасагандай, наристе баланын күнөөсүз кыялынан учуп чыккандай, сулуулук менен аруулуктун ширөөсүнөн бүткөндөй керемет бир аккуулар...

Аккуулар, аккуулар, аккуулар! Сурнай мойнуңарды шаанилүү каада менен көтөрүп, сүттөй аппак канаттарыңарды күнгө жаркылдата сабалап, сурнайдыкындай заңк-заңк дабыштарды чыгарып, каз-катар сабыңардан жаңылбай кайсы жакка сапар тартып, сапар тартып, сапар тартып барасыңар?..

Мен жомоктогудай биринен бири сонун көрүнүштөрдөн аптыгып, ичим элжиреп, делебем элеп-желеп козголгончо толкундадым. Бир туруп ушу кулпурган көрктүү жараткан кудурети күчтүү жерди жата калып өөп-жыттагым келди, бир туруп бүркүттөр эркин-азат айланган бийикке көкөлөп шаңшыгым келди, бир туруп алиги аккуулардын артынан алыскы сырдуу аралдарга карай зымырап сызгым келди. Демейкимен аруу-таза болсом деп, өзгөчө бир шарапаттуу иштер кылсам деп, кандайдыр бир жакшылык жасасам деп, кимдир бирөөлөргө бир башкача кубаныч тартууласам деп катуу самап-дегдеп кеттим. Өрөпкүгөн көңүлүм алда кайда ала качып, эргиген тула боюм бир жерге жай тура албай, толкунданып ары-бери бастым.

Аңгыча болбой баамыма дагы бир керемет көрүнүш кабылды: ылдыйтан өйдө карай, күкүктөп кирген дайранын агымына каршы, ошо дайранын так үстү менен

жапыз учкан каркыралар өтүп баратыптыр. Койкойгон узун моюндарын алдыга жебедей түптүз созуп, соройгон узун аяктарын да ошо моюндары барабар артына таптак көтөрүп, чалгындуу кооз канаттарын бир калыпта жайма-жай сермеп, өзгөчө бир жарашык менен шынаа мисал желе тарткан каркыралар! Менин ансыз деле мелт-калт көңүлүм чайпалып, өзүмдү өзүм кармашка чамам келбей калды. Токтонуп тура албай, байлануу жайдак атыма секирип миндим; минер замат эле аттын оозун коё берип, дембе-дем теминип сайга карай салдым; күрпүлдөп кирген дайраны бойлой каркыралардын артынан аңдыздап чаптым. Керкашкам, жаны-барым, кулак куушура жапырылып, эки капталына канат бүткөндөй зымырады; көк-жашыл жээк көз алдымда чимирилип, артыма карай зуу-зуу шиленди; эки этегим туудай желбиреп, кулагымда шамал ышкырды. Каркыралар түштөгү бир ажайып элес сыңары көз кырыман чыкпай кылактай берди. Мен күлүктүн оозун тартканым жок. Керкашкам каркыраларга жакындап-жакындап барып, – канткен менен канатсыз эмеспи, – аста-аста кала баштады. Каркыралар болсо жаш чактагы бир ашкан сулуу кыял-тилек сыңарындай көңүл дегдеткен көрк менен алдыга озуп баратты.

Мен жете албай калганыма өкүнүп, атымдын башын тарттым. Каркыралар жарашыктуу желесинен жазбай кылактап учуп баратты. Мен аларга ичим элжирей сонуркап карап турдум да, токтоно албай кыйкырып ийдим: «Эй! Эй, каркыралар! Эй, керемет куштар! Канатыңардан таштай кеткиле-е-е!»

Ошондо күтүлбөгөн бир кереметке күбө болуп, адегенде көрүп турган көзүмө ишенгеним жок: менин кыйкырганым таасир эттиби же жөн эле өздөрүнүн көнүмүш жөрөлгөсүбү, айтор, каркыралар дароо желесин буза коюшуп, заматта бир сапка тизилишти да, көз ирмемге каалгып токтой калышып, канаттарын кагынып-кагынып жиберишти. Кагынган канаттардан бир-экиден канат күбүлгөнсүдү. Каркыралар кайрадан желе тартып жөнөй беришти. Ал эми күбүлгөн канаттар кыймылсыз тунук абада бир кур дилдир-дилдир этип алып, анан шоолаларга билинер-билинбес чагылышып, төмөн карай илең-салаң самсаалады.

Каркыралардын ойдо жок жоругу мени көңүл аптыктыра таңыркатып, катуу маашыркантты. Тула боюм чымырап, эки көзүм жашка толо түштү. Күн нуруна балкып турган көгүлтүр асман жаш чайыган көздөрүмө асан-үсөн түстөнүп түркүн ыраңда кулпуруп көрүндү. Ошол кулпурган асмандан кызгылт-көк жашыл шоолаларга ширелишкен канаттар жайбаракат каалгый түшүп келатты.

Мен бул ажайып көрүнүшкө арбалган жайдак атта делдейип тура берипмин. Аңгыча болбой самсаалаган канаттардын аябай эле ылдыйлап, куду дайра бетине түшчүдөй көрүнүп калганын баамдай койдум. «Кокуй, баары сууга түшөт окшойт!» – деп чый-пыйым чыкты. Мен атымы теминегенче, канаттар дайра шарына жаай баштады. А дайра болсо киргилт толкундарын таштарга жанчкылап, тоңкочук атып, опоң-чычаң мөңкүп жатты.

Канаттардан кур калат экенмин деп чычкыланып, атымды түз эле аркыраган шарга салдым. Муздак суу дароо тиземе чаба берип, буттарымды какшатты. Теминген бойдон дайранын дал ортосуна барып, аттын башын өйдө карата бердим. Күркүрөгөн долу толкундар Керкашканын омуроосун кочкордой сүзгүлөп, дароо чарт экиге жарылып, тула боюн солк-солк эттире жан-жагынан аркырап ала салып жатты.

Кутургандай алдас уруп күүлөнгөн шарлардан каркыра канаттарын акмаласам, сапырылган киргилт көбүктөрдөн башка эчтеме көрүнбөйт. Ал аңгыча тоңкочуктап куланган толкундар арасынан бирдеме караң

эте түшкөнсүдү. Ал бир көрүнүп, бир көмүлүп келаткан экен, жаныма жакын келгенде, эңкейип кол суна бердим да, жылмакай түктүү бирдемени мыкчый кармадым. Кармарым менен Керкашкам күргүштөгөн өктөм шарга турууштук кыла албай, таканчыктаган жеринен тая түштү белем, ошо замат сендиректеп, чимирик болуп айланып кетти. Мен ат жонунан шыпырылып кала жаздап, бош колум менен жалга жармаштым. Ат чимирик-чимирик болуп, эки кулагынан башка эчтемеси көрүнбөй, шардын күүсү менен кошо кетти. Мен жаныман түңүлүп, ала чакмактаган көздөрүмү жума койдум. Аңгыча сайроон жерге жетип, буттары жерге тие түштү окшойт, жаныбарым Керкашка бир катуу силкинип, кашатка карай бой таштады. Мен бурдай кармаган жалды коё бергеним жок, канчалык шаштым кетсе да, самындын алкындысындай жылмышкан түктүү немени деле колуман чыгарганым жок.

Кашатка чыга берип карасам, кармай чыкканым күчүк экен. Сууга түшкөн чычкандын кебетесин кийген бир шүмүрөйгөн күчүк. Араң эле ысык жаны бар – жадагалса катуу үшүгөндүн белгиси кылып калтыраганга да шайы келбей калыптыр. Тула боюнан суу шорголотуп, анда-санда өлүмсөк дирт-дирт этет.

Дагы бу кызыгын карабайсыңбы: желкесине бир канат илип алыптыр! Мен сүйүнүп кеттим. Жанагы дайрага күбүлгөн канаттардын бирөө мага чындап буюрган экен. А канатты алып жатканымда, күчүктүн жондорундагы эки түп тикенектей жалы колуму сайып алды. Ошондо мен дароо аңдай койдум: бу Орозаалы чалдын баягы түрү суук күчүгү экен. Оңбогон чал муну бая күнү эле жаман көрүп атты эле, сууга агызып ийген турбайбы. Же мага өчөшкөнүнөн ушинтти бекен? Чалдын ташбоорлугуна менин ачуум келе түштү.

Кийим-кечемден башымдагы калпагым эле кургак калыптыр. Мен күчүктү суу тебетейдей силкип-силкип, калпагымын ичине салдым да, жылынсын деп койнумун кургак жерине каттым. Көкүрөгүмөн ылдый суу шорголотуп шөмтүрөп турсам да, өлөрүмү элес албай дайрага киргениме өкүнгөнүм жок. «Каркыра канатынан да бирди алып калдым! – деп аны кулагымын үстүнө кыстардым. – Баарынан да бир тирүү жанды өлүмдөн куткарып, чоң жакшылык кылганымы айтпайсыңбы!»

Ушул ой менин көңүлүмө жарык шоола түшүрүп, денеми ысытып жиберди. «Бу күчүктү өзүм багып алам! – дедим ичимен кымылдап. – Оо, мындан ойротто жок өткүр ит чыгат!» Бирок аңгыча болбой менин оюм буйдала түштү. Бая эртең менен өрөпкүй толкуп турганымда бүгүн бирөөлөргө бир башкача кубаныч-шаттык тартууласам деп тилегеним эсиме кылт этти. Мен ошо замат «күчүктү өзүм багамдан» тарс айныдым. «Баса, муну оо бир күнү эле Раиске ыйгарбадым беле, – деп эстей койдум. – Кой, муну ошо кишиникине апарып берейин. Бала-чакасы бир кубанып калсын. Башкалары кубанбаса да, менин ынагым Сарыбаш бир шаттыкка бөлөнсүн».

Раистикине баратып койнума каткан күчүккө карадым. Ал бүрүшкөн бойдон калпактын ичинде жатат. Кичине жылып алганбы, жылмакай суу денесин болорболбос бүлкүлдөтүп, атүгүл кыңшылагандай бир алсыз дабыш да чыгарып коёт. Бүрүшүп кылтыраган а бечараны мен аяп кеттим. Берки жатындаштарынан саал түрү суугураак туулуп калганы болбосо, бу бечарада эмне жазык? Бу жаныбар да жарык дүйнөгө кокусунан жаралбагандыр. Менин ырайымым козголуп, көңүлүмү муң каптады. Ошо замат жаркырап тийип турган күн кара булутка жашынып, жер бети көлөкөлөнө түштү. Көз алдыма дароо оо бир кезде чоң энемен уккандарым келе калды.

Жаңы төрөлгөндө ушу мен да серт ыраңым менен көргөндөрдүн көбүн чочуткан экенмин. Ошондой куник

туулуп калганыма айрыкча ыракматы чоң энем катуу арданыптыр. «Жатыны жаман арам, тууп бергениң ушу тири укмуш каракчыбы?» – деп кайран апамы кан кууруптур. «Бу ыраңы суук тукум бузат!» – деп мен naristенин күнөөсүн көтөрүптүр. Анан көп өтпөй таң азандан туруп, апама байкатпай мени үйдөн алып чыгып, сайга барыптыр. Ардуу кемпир мени сууга агызып ийейин деп ниет кылып, бирок анткенге даай албай, жетим койгонго түтпөй, кашатта кайсалактап басып жүрүптүр. Бир маалда чымыркана бел байлап кашаттын башына жакын барып, көздөрүн бекем жуумп, мени кирген дайрага ыргытканы калыптыр. Ошондо капыстан бирөөнүн дабышы заңк этиптир: «Ай, ай, байбиче! Абайлаңыз, чүрпөңүз колуңуздан түшүп кетпесин». Чоң энем селт чочуп, мени кайра бооруна ала коюп, көздөрүн чоң ачып караса, маңдайында ак боз атчан, аппак кийимчен, куудай сакал-мурутчан бир сөөлөттүү карыя туруптур. «Таңзаарда дайранын шарапаттуу шапатасынан дем алдыруучу сиздей энеси бар небереңиз ырыстуу жан экен, байбиче!» – дептир ал ак сакалын жайкап. Кыраакы карыя чоң энем сынбасын деп анын мени дайрага алып келгенин жакшылыкка жоруп коюптур. «Кана, уулуңузду мага бериңизчи, – деп мени колуна алыптыр. – Оо, маңдайынан ырыс төгүлгөн бала турбайбы. Бу уулуңуз тегин туулган пенде эмес, байбиче. Көздөрү кыялкеч, эрди жука экен, уккан жанды кеби менен жашарткан сөзмөр болчу кейпи бар. Маңдайына карасаң, баатыр болчу түрү бар. Деги эсен жүрсө, эл мактанчу эр азамат болор, «кимдин уулу» дедиртип ата-энесин даңаза кылар». Карыя мени кайра колуна карматканда, чоң энем ооз ачканга шаасы келбей абдырап, өзүн кыянаттуу иштен калкалап калган кишиге жаш агызган көзү менен гана алкыш айтып жалдыраптыр. Карыя шарт теминип жүрүп кеткенде, чоң энем мени бооруна кыскан бойдон телмирип кала



бериптир, тек көздөрүнөн мөлт-мөлт куланган жаштар менин бетиме тып-тып тамчылап туруптур...

Мен күчүктү Раистикине тапшырып кайттым. Соксоюп жылаңбаш, атым да, өзүм да шөмтүрөп суу бойдон бастырып барсам, Раиса-каным там капшытында күнөстөп отурган экен, мага таңыркай карап калды. Мен койнуман калпакты суура берсем, Раиса-каным селт чочуп кетти; суусу кургай элек күчүктү көрөр замат ичиркене түшкөндөй далыларын тартып алды; күчүктү тартуулап келгеними айтсам, анымы албай турганын итиркейи келгендей түрү менен эле билдирип койду. Менин шагым сынып, жакшы ниетим ысытып турган көңүлүм шыргалаң суу сепкендей муздай түштү. Ат башын терс бура беремде, кайдан-жайдан Сарыбаш чыга калды. Колумда кыңшылап тыбыраган күчүктү көрүп көздөрүн жайнатты; күчүктү колуна алганда, кудуңдап сүйүнүп кетти.

Орозаалы чалдын күйпүл күчүгү раистин үйүнө мына ушунтип туш келди. Бирок тегинде куу тумшук туулган шордуу ошондо деле чекеси жылыган жок: жаңы ээлеринен мээрим сезбей, айлана-чөйрөсүнө аралашып кетпей, өз туушкандарынан да ырайым көрбөй, карыпчылык тартып чоңоё баштады. Баягы эле куник-серт кепширинен улам ошентти.

Анан калса ит баласынын мындай түрү суугун ким көрүптүр! Адеп көргөн киши: «Капырай, ушундай да куник ит болот экен ээ!», – деп жарыя айтпай же ойлонбой өтпөйт. Бет-маңдайы түксөйүп, башы калжайып, тыгырчык денесинен чоң көрүнөт; жүнү күлгө уйпалап койгондой даакыланып, чоңойсо барак[1] ит болчудай үтүрөйгөн кейпи бар. Ошонусун билбей дагы анын дегеле адамга жакынын кантейин! Киши-кара көрсө эле эркелегиси келет, куйругун булактата шыйпаңдап жетип барат. Бирок барган кишиси демейде жипкир-

[1] *Барак* – узун, калың жүндүү.

гендей боюн жыйрып, тумшуктан ары бир тебет, болбосо «кет!» деп кыжырлуу кагып салат. Багып алган үйүнүн чоң кишилерине ылым санап шыйпаңдаса деле жегени – тепки, укканы – «кет!» деген каккы. Адатта балдар күчүк-мүчүккө ынак келет эмеспи, жадагалса ошолор да Жолборсту жаман көрүшөт; көздөрүнө урунса эле кыйкырып кубалап, таш менен уруп, каткырып күлүшөт; ыңгайы келсе жыга тээп, куйруктан тик көтөрө кыңшылатып, одоно тамаша кылышат. Чоң иттер болсо аны көргөн эле жерден баса калып, жулмалап салышат. Анын эч кимге зыяны деле жок, энеден түрү суук туулуп калганы болбосо, башка жазыгы деле жок.

Раистин үйүндө Жолборско мээр төккөн – жалгыз эле Сарыбаш. Ал ошо куйпул күчүгүн жанындай жакшы көрөт, үстүнө үйрүлүп түшүп, башынан инисиндей сылап эркелетет, кээде жаш баладай көкүрөгүнө көтөрүп алмайы да бар. Экөө кайда барса да бир барат, эзели бир биринен айрылбайт. Сарыбаш аны бар жаманчылыктан калкалап, көрүнгөнгө түрткүнчүк кылбай, кайда болсо анын таламын талашып жүрөт. Ошо Сарыбаш, анын жапаакечтиги, жөн билгилиги, мээрими болбосо, ким билет, Жолборс жашабай жатып көргөн кордуктарына түтө албайт беле? Ким билет, ким билет...

Мына, күчүгүн ээрчиткен Сарыбаш таң эртең атасынын атын айдап келгени беде аңызда чымын-куюн чуркап барат. Күчүктүн көз алдында жыңайлак, илмийген ичке, жылаңач эки шыйрак шибең-шибең тыбырайт; жаш беделер туурулган кара балтырларга чабылып, шүүдүрүмүн жаба чачат, чор тамандарга тепселип, анан көз жаштарын мөлт-мөлт агызганча чала-чарпыт серпиле кыбырап калат: сербейген беделер күчүктүн да буттарына илээшип, капталдарын койгулап, майда жашыл кулактарынан мөлтүр тамчыларын чачыратат; чаба тийип, тумшугун суу кылып, болор-болбос ичиркентип, итиркейин да келтирет, моокумун да кандырат.



Илмең-илмең тыбыраган шыйрактардын арасынан тээ алыскы тоо кырындагы мала кызыл мунарыкта кызгылтым аттар зымырап, аттардын жонунда жаш балдардын күн карамадай тегерек баштары кызарган бойдон көзгө илешпей соксоңдоп бараткансыйт. Жок, ал тегерек неме күн карама да, балдардын башы да эмес, тек жаңы эле кырга тоголонуп чыккан кызыл күн экен. Күн азыр эле салкын көлөкөгө басылып турган ой-кырга жайдары күлө багып, зор жипчелердей жылт-жылт эткен узун кирпиктерин мээримдүү чачыратат. Сууланган илмигий шыйрактар жылтырап, жаш беделер күн нуруна кызарыңкы тартып, көз жашындай мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөрүн жаркыратып, алтын буусуна чайкалгандай балкый түшөт...

Мен эртели-кеч жолдон өтүп калам. Чоңоюп эле калган Жолборс мени алыстан таанып, мага карай сереңсереӊ жүгүрөт. Мен аттан түшүп, жолдун чекесиндеги арыктын жашыл ыраң кырына, кашкар талдын салкын саясына отура кетем. Жолборстун келишин күтөм.

Жайдын толукшуган маалы. Күн төбөдө өрттөнүп, жерге ысык илебин бүркөт. Арыкта бир кулак суу көңүл жоошута шылдырайт, жаныман жалбыздын коюу жыты буркурап аңкыйт. Жолдун наркы четине алда кандай чыгып калган кодура күн карама калдайган себетин асманга каратып, сапсары гүлдөрүнөн шире соруп ызылдаган аарыларды таназар албай, жалындай күн шоолаларын жаны жыргап шимирет. Маңдайкы аптап куйкалаган боз адырдын кырында ысыган аба закымданып, майда аарылар уйгу-туйгу учуп жаткандай жыбыр-жыбыр этет.

Аңгыча болбой жаныма акактап Жолборс жетип келет. Кызыл тилин салаңдатып, куйругун булак-булак ойнотуп, акылдуу көздөрүн жайнатып, түз эле тиземе жармаша кетет. Мен аны апаптагандай ээк алдынан кармалап эркелетем, жонунан сылагылайм, кулагынын

түбүн кашылап кытыгылайм. Анан мен андан мээрим менен сурап калам: «Ал-жайың кандай, Жолборсум?» Күчүктүн жайнап турган көздөрү капыстан өчүңкү тарта түшөт. «Акыбалым кыйын, баары мага кас, баары мени ызалайт», – деп арыз-муң айтат а көздөр. «А Сарыбашчы, а кандай бала?» – деп коём мен. Жолборстун муңайым көздөрү дароо күлмүң этет: «Жакшы бала, а болбосо шорум аябай кайнамак экен». Мен ага дагы суроо берем: «Билесиңби, көп кишилер эмнеге сени жаман көрөт?» Күчүктүн көздөрү кайрадан маңыроо тартат: «Билбейм, эмнегедир баары эле мени жектейт го». Мен анын көздөрүнө тике карап туруп олуттуу кеп салам: «Сен билбесең, мен билем. Сен башка күчүктөргө окшош эмессиң. А көпчүлүк башкалардан айырмаланып, аларга окшобой тургандарды адатта жакшы көрбөйт. Сен көпчүлүккө капа болбо, алар ар кандай нерсенин сыртын көрүп гана бүтүм чыгара берет, анын данегин, маңызын, ички касиеттерин көрө албайт».

Күчүктүн көздөрү коюлуп, ойго туна түшөт. «Алар сенин маңдайыңа кадаланып карашпайт, – деп кебими улантам. – Ошенткен кыраакы киши эле сенин ички дасмияңды даана көрмөк: көздөрүңдө итке ыраа көрбөс акыл бар, баш териңде азыр айкын көрүнө элек айбат бар, кебетеңде көмүскө бир жамал бар». Күчүк уялгандай жер карап, ыңгайсыздангандай кайсалактап калат. Анын ошондогу кейпи: «Койсоңчу, кантип эле мен байкуш ошондой болоюн?» – деп айтып тургансыйт. «Жо-жо-жок, апыртпай эле чынын айтам, – дейм мен. – Ишенип кой, сенде кайбар ит болчу белгилердин баары бар. Бат эле көркүң чыгат, бүткүл айбатың таасын көрүнөт. Далай азаматтык кылып, эл оозуна алынасың. Башыңа сыймык конот, атагың алыс кетет». Күчүктүн куйругу кубанычтуу булактап, көздөрү анча ишене бербей жалдырайт: «Чын эле ошондой болобу?» Мен тарс эле кесе айтам: «Дал ошондой болот! Сен азыр кордук көргөнүңө кайгырба, анын да пайдасы бар: сени ошо кордуктар өжөр-өлөрман, кайраттуу, бышык кылат. Билип кой, эрке өскөн балдардан деле, күчүктөрдөн деле кыйындар чыкпайт. Баарына чыда, азаматым, атаман болосуң!» Жолборс кудуңдап сүйүнүп, сүйүнгөнүнө чыдабай так секирип ойнойт. Ал булактаган куйругу, жайнаган көздөрү, жалпы эле үтүрөйгөн кебете-кешпири менен: «Ыракмат, ыракмат!» – деп шыйпаңдайт. «Эчтеме эмес, мен чынды чындай, болорун болордой айтканды жакшы көрөм», – деп ордуман козголуп турам.

Карапайым кыргыз, эгер ал ышкылуу мерген болбосо, демейде ит жаныбарды кор тутат, бапестеп бага албайт. Мал сойсо, канын, арам жерин, сөөк-саагын таштап берет, калган убакта карандай жугундуга гана каратып коёт. Анан дайыма чала тоют жүргөн ит аргасыз жер шимшилеп, ыпылас бирдемелер жейт, сасыган тарпка кыныгат, дүмбүл кемиргенге өчүгөт. «Чай бергенге май берген» жоомарт эл ит бакканга келгенде ушундай сараң, ушундай кайдыгер. Биздин Раис деле ит күтүш жагынан көпчүлүктөн айырмаланган жок. Ошол себептен кайран Жолборс көп убак чала тоют калат. Анын үстүнө Жолборс иттин пакизасы чыкпадыбы: жугунду ичпейт, ыпылас неме жебейт, какырчикирдин арасын шимшилебейт. Ал эми эртели-кеч үйдөн жеген загыра нан жумуруна жук болбойт.

Бирок Жолборс кезерген бойдон эле тим жүрө берген жок. Кара курсактын кайгысы аны бейпайга салып, кеч күздө үйдүн төш жагындагы токойчого айдап барды. Аерден ал өзү күтпөгөн жем-тамактын кенчин тапты. Токойчонун салкын күүгүмүнө адеп киргенде эле ар кошкон коюу жыттардан башы эңги-деңги боло түштү. Кайсы жыт эмненики экенин айыра албай, тек напси козголуп, шилекейи акты. Бир аңкыган таттуу жытты ээрчип барып, жапайы алчанын жерге төгүлүп додолонгон мөмө-чөмөсүнө туш келди. Кыстаган напси чыдат-

пай, додо алчанын үстүнөн бир сапар «ап» деди. Чайнап көрсө, алчанын майда сөөктөрү морт, эзилген илээшчек эттери кыйгыл таттуу экен. Алкы ачыла түшкөн ит алчадан лак-лак тиштеп, аптыгып-аптыгып сугунду.

Тойгуча жеген соң, бирөөдөн коругансып алчанын жанына жатып эс алды. Көп өтпөй жаңы эле кампайткан курсагы ачышып, өзөк тарттыра ачкансып, итти кайра жер шимшилетти. Ал жерге түшкөн эки-үч жаңгак таап, катуу кабыгын карс сындыра чайнады, майлуу-ширин маңызын сөөктөрү менен кошо чайнап-чайнап, ыракаттана жутуп ийди. Бат эле жаңгак чагып жегендин кыныгын алып, сары сойгок чөп арасынан нымда жатып борсуган жаңгактарды таап жеп, аябай маза кылды. Курсагы тойгондо гана каны катып ууса-ганын билди. Шимшилеп жүрүп бир жетим булактын чөйчөктөй көзүн таап, чаңкаганын кандырды; чөп-чар аралаш алча баты жабышкан мурду-башын тазалап, карды менен көңүлү ток үйгө түшүп келди.

Ошол күндөн тартып Жолборс эртең менен үйдөн буюрган шыбагасын шам-шум этип эле төштөгү токойчого желип-жортуп барчу болду. Шагынан күбүлгөн мөмө-чөмөлөрдүн ар кошкон жыттарын алыстан айыра таанып, айрыкча жаңгак таап жегенге көбүрөөк кызыкчу болду. Бирок күн өткөн сайын күбүлгөн алма-алчалар жегенге жарабай, жаңгактар да тумшугуна көп урунбай, иттин жок жерден табылган ырыскысынан береке кача баштады.

Бир күнү Жолборс чирий баштаган чөп, жалбырак, мөмө-жемиштин жыттары кыйгыл-муңдуу көңкүп турган токойдо адатынча жер шимшилеп баратып, капыстан кандайдыр бир өзү билбеген жандуу неменин коңурсук жытын алды. Бейтааныш жыт анын канын кызытып жиберди! Ошо замат кулагы тикчийип, алдыңкы бир буту өзүнөн өзү көтөрүлүп, денеси муштумдай түйүлүп, селейген бойдон туруп калды. Алиги ко-



ңурсуган бейтааныш жыт улам жакындап, жакындаган сайын Жолборстун делебеси козголуп, тула боюн майда калтырак аралады. Байкоостон чөп арасы шытырап, алдынан жөрмөлөгөн бирдеме апыл-тапыл чыга калганда, ит селт этип чочуп, түйүлгөн денеси жазыла түштү. Өмүрүнө коркунуч туулганын туюк туйган тиги неме жан-алы калбай тыбырап, чөп-чарга чалынып, «чый-чый» этип далбасалап, качам деп томураңдады. Жолборс турган жеринен кантип атып кеткенин өзү байкабай, эки-үч аттап эле тиги келемишти шап баса калды; жаны кашайып чыйылдаган бечараны колдору менен будамалап, бурдай тиштеди. Курч тиштер ар кайсы жерин «тыз-тыз» эттирип денесине киргенде, келемиш тыбырап чыйылдады, тыбыраганда жумшак жүндөрү иттин таңдайын кытыгылап сайгылады, «чый-чый» эткен заар чыңырык менен таңдай кытыгылаган жүндөр Жолборстун итиркейин келтирди, бирок ошо замат оозуна тил куйкалаган ысык кан жайылып, көздөрү караңгылашып, жаны магдырай түштү.

Жолборс талаадан таап жеген кандуу эттин даамын ушунтип билди. Эми ага загыра нан менен жаңгак топурак даамданып калды. Эстеген сайын оозуна келемиштин жумшак этинин таттуу даамы келет, мурдунан ысык кандын буруксуган жыты кетпейт. Күндө токойчого чыгып барат да кара тумшугун былкылдатып келемиш жытын искейт, шырп алдырбай абайлап басып, чоң үмүт менен жер шимшилейт. Кээде гана тумшук батар-батпас тар ийиндерден келемиштин билинер-билинбес жыты жаңгак жытына аралаш аңкып калат, ошондо Жолборстун оозуна келемиш этинин мазалуу даамы толо түшөт. Ит тумшугу менен түрткүлөп, алдыңкы буттар менен апчылап ийин каза баштайт. Жан-алына карабай жер тырмалап, тырмактары канаганча тырбалаңдап, шалдырап шайы оогуча көшөрүп казат; бирок жарытылуу арбытып үңүй албайт.

Ийин казган иттин иши эмес экен, анчейин бир кур далбаса экен. Ушуну түкшүмөл сезип-туйганда, Жолборс таманы чокко күйгөндөй тыбырап, заманасы куурулгандай кыңшылап, уңулдап улуп да иет.

Жолборс келемиштен жолу болбой жүрүп, акыры дагы бир жаңы кумарга кабылды. Ошо күнү биринчи кар жаап, эми эле басылган эле. Чала тоют Жолборс басса мамыктай жумшак сезилип, бутун үшүткөн ак карга таң калып, демейкисинче токойду шимшилеп жүрдү. Бир кезде кар баскан караган түпкүрүнөн кардын салкын жытынан айырмалуу коңур жыт бур дей түштү. Жолборстун тула бою өзүнөн өзү түйүлө калды. Жыт болсо напси козгоп ашкере таттуу бурулдап турду! Ит токтоно албай, жыт чыккан жакка бет алды, түпкүрдөн бирдеме булт этип, серең-серең качып жөнөдү. Алдастай түшкөн ит бир аз буйдалып, анан коёндун артынан кууду. Денеси эркинен тышкары чыйралып, буттары ала качып, атүгүл абалап үрүп алганын да өзү билген жок, тек аны кандайдыр бир сыйкырдуу күч чымын-куюн чуркатып баратты, көздөрүнө коёндун серең-серең эткенинен башка эчтеме көрүнгөн жок. Бирок коён бат эле көзгө илешпей, кайдадыр житип кетти. Жолборс күч менен дагы кыйлага адырандап барып, коёндун жытын жоготту, көзүнө эчтеме чалдыктыра албай, кар жытынан башканы сезбей калды. Канга толгон көздөрүн кызартып, жогдор жүндөрүн үрпөйтүп, тилин кере карыш саландатып, көпкө чейин жаалы тарабай буулугуп кыңшылады.

Жолборстун канында уктаган аңчылык ышкысы ушундайча ойгонду. Арийне, бир ойгонгон ышкы оңой менен кайра тынч албайт эмеспи. Жолборс күн сайын керээли-кечке ар кайсы жерден коёндорду үркүтүп серeңдете кубалай берип бир күнү бир коёнду кармап жеди. Ошо жеген эт аны аңчылыкка ого бетер ышкыдар кылды. Бир сапар карда көчүгү томурайып жаткан ке-



киликти басып жеп, ошондон кийин кекилик ууга көбүрөөк кунт койду. Нары сак, нары күлүк коёнду кубалагандан көрө баёо кекилик басып жеген оңой экен.

Биринчи жааган кар эрип, жер кайра карарып, анан капыстан суу кар лап жаап ийди. Кекилик дал ушундайда бозот эмеспи. Кекиликтер турган жеринен топтобу менен түштүккө карай тумандап учуп жөнөштү. Бирок алар бат эле сууланган канаттарын көтөрүп уча албай, карда араң басып калышты. Ошо күнү Жолборс эки кекилик басып жеп, чечекейин чеч кылды. Кийин ачык күндөрдө деле кар менен жөө өрдөп качкан кекиликтерди кубалап көрдү. Кээде гана бирди-жарым жармачын жебесе, көп учурда кекиликтин баарын тоонун кырынан ашыра кууп, үйгө кур ооз келип жүрдү. Анын ошо келгендеги түрүн көрүп ал: өзү өлгүдөй чаалыккан, көздөрү канталап кызарган, желке-жон жүндөрү бубактанган, сууланып батташкан курсак-каптал жүндөрү музга айланып шакмарланган. Кыймылдап койсо эле шакмарлар бири-бирине урунуп, тили үзүлгөн майда коңгуроолордой күңүрт үн чыгарып шыгырайт.

Эгер аңчылык ышкысы ойгонбосо, Жолборс, ким билет, башка айыл иттериндей эле борпоң, илээнди болуп тим калат беле? Ким билет, ким билет... Кантсе да ошол ышкысы аны карапайым иттерге окшотпой, өмүрүн мазмундуу, өзүн чыйрак-тың кылды; кайрат-эркин курчутуп, туюмдарына назик жана сезимтал касиет берди. Бирок кыш бою керээли-кечке талаада жүрсө да, Жолборсто жолбун иттин кыял-кейпи пайда болгон жок.

Кыштак чөйрөсүндө калың кар кетип, качкан кыштын элеси тээ тоо баштарында гана бүлбүлдөп, кайрадан көгөрүп жаз келди. Жыл айланып, Жолборс да бир жашка толду. Анын ошондогу келбетин көрүп ал: бүткөн бою сом темирден уютуп жасагандай чулу, көкүрө-

гү дагдагай, курсагынын чандыр жагы кынжыйып ичине тартыңкы, буттары нары узун, нары москоол. Айтор, килейген бир сымбаттуу дөбөт. А башы болсо калдайып чоң, арстандыкындай апсайыңкы. Желкесиндеги эки түп катуу жалы бар жондору да арстандыкына окшош. Кокус алдыңан карп-курп чыга калса, айбаты арстандан кем эмес. «Атаңдын көрү, өмүрүмдө бир катуу жаңылыпмын, – деп арман кылып калам. – Ка-ап, атын Арстан койбой, бекер Жолборс койгон экенмин!»

Ал эми кээде иттин сөөлөтүн маашыркана карап туруп: «Мунун анча-мынча арстандан чалымы бар го, ыя?!», – деп да кетем. Арстандан чалгашмасы бары, албетте, шек санатат, бирок анда ар кыл иттердин насилинен бары күмөнсүз. Менин болжолумда, анын заадиси түрктүн койчуман апчаркесинин, өзүбүздүн эле тайгандын, карапайым короочу иттин, анан дагы бир мага белгисиз бир ит тукумунун канынан куралса керек. «Курама темир курч болот», – дейт го эл макалы. Жолборс да, балким, ар кошкон кандын аралашмасынан бүтүп, ошондой асылзат жаралгандыр? Ким билет, же аны карапайым эле короочу канчык кокустан ушундай мыкты тууп койгондур?

Эмнеси болсо да, Жолборс ит аттуунун бир сырттаны туулуп калган экен. Адамдын оюн айттырбай билген зиректигин айт! Ажалдан кайра тартпас баатырлыгын айт! Баарынан да көздөн далдаа нерселерди айныбай таамай көргөн, ар кандай кырсыкты күн мурунтан сезе билген кыраакылыгын айт!

Жолборс ошо жылы жайында жакынкы күндөрү табиятта бир кырсык болорун алдын ала туюп, жаны жай таппай кайра-кайра кыңшылап, маал-маалы менен улуп ийип, эки күн аябай беймаза болду. Ал эми үйдөгү кишилер эчтеме сезип-туйбай беймарал; кырсык жакындап калганы бирөөнүн да капарында жок. Жолборс



ээлеринин ошонусуна күйүп-бышып кыңшылады, жаны кашайгандан улуп-уңшуп жиберди. Ошондо үйдөн бирөө чуркап чыгып, сөгүнүп-сагынганча итти уруп кубалады. Кырсык келерине аз-аз калганын катуу сезген ит жаны чыгып бараткандай улуп-уңшуду. Ошентсе деле үйдөн эч ким чыккан жок. Жолборстун таманы чок баскандай тызылдап, заманасы куурулду. Кырсык болсо улам жакындап келе берди. Жолборс эми чыдай алган жок, көкүрөгү менен каалганы түртүп ачып, үйгө килеңдеп кирип барды. Үйдөгүлөр үрпөйүп чочуп кетти, кичинекей кыздар корккондон кыйкырып ийишти, кимдир бирөө «кет!» деп ачуулуу бакырды. Ит алардын баарын элес албай, канталаган көздөрүн алактатып, күтпөгөн жерден текчеге секирди да, Раистин калпагын тиштей качты. Үйдө отургандардын баары чуркурап ийишип, бир дем менен өйдө болушуп, жөөлөшүп эшикке атып чыгышты. Дал ошо кезде кайдандыр бир күңүрт дүңгүрөгөн дүбүрт келип, аны менен кошо бак-дарактар силкинип, тамдардан качыр-кучур, калдырт-кулдурт, шаңгыр-шуңгур, күпө-күп деген табыштар чыгып, жер титиреп кетти.

Ырас, ошондо жер кыйла эле күчтүү титиресе да, анча көп зыян келтирген жок. Кишиден деле, малдан деле чыгаша чыккан жок. Тек терезелердин айнектери талкаланып, тамдардын дубалдарынан жарака кетип, анча-мынчаларынын гана шыптары оюлуп түштү. Ошо шыбы түшкөн үйлөрдүн бири Раистики болду. Шыптын так ортосу тешилип, куду үй-бүлөсү менен чогуу отурган жердин үстүнө лап кулаптыр...

Жай чилдеде раиса-каным өлүм төшөгүнө жатып калды. Жолборстун көңүлүнө кайра да кабатырлык аралап кирип, тынчын кетирип, мазасын ала баштады. Кыйла күнгө чейин эмнегедир кулагына уу-чуу каңырыштап, көздөрүнө жаман бирдемелер караңдап, өзүнчө эле бук болуп жүрдү. Барган сайын буулукканы кү-

чөп, көкүрөгүнө дүмөктүү бүдөмүк сезимдер толуп, эртели-кеч уңулдап улугусу келе берди. Жакын арада бир жамандык болорун айбандык кереэти менен түкшүмөл туюп, бирок кандай жамандык экенин айкын биле албай, купуя күйгүлтүк тартты. Чөптөр куурай баштаганда гана Жолборс раистин куттуу үйүнө кара кийимчен кайгы каптап кирерин таасын билди. Көңүлү сыздап ачышып, жаны жай таппай чебеленди. Жакшы көргөн кишисинин табытта жатканын, үй ичинин чуркурап ыйлаганын, адам куйүтүнүн кара-кочкул өңү-түсүн көргөндөн заарканды. Эмне кыларын билбей мукурап, үйдөн алысыраак барып уңулдап улуп алды да, артын карабай качып берди. Ошондо раиса-канымын үзүлөрүнө бир жума калган эле.

Жолборс Күндү-Жаңынын токоюна качып барып, аерде кайгы тартып каңгырап жүрдү. Жетинчи күнү таң атканча жаман түштөр көрүп чыгып, таңга маал сагызгандын шакылыктаганынан селт чочуп ойгонду. Кулагы катуу чуулдап, ичинде бирдеме лук-лук ооругансып кетти. Жолборс жаткан жеринен атып туруп, алапайын таппай кайсаңдап, улуп ийчүдөй асманга карады. Сүрүп келаткан таңдын илебинен көк кыйыры саал агарыңкы тартып, жыбыраган жылдыздар сепкили кадыресе суюлуп, тек гана бирин-серин калгандары терилип өчүп атыптыр. Аңгыча болбой бүлбүлдөгөн жылдыздардын бирөө тамчыдай куюлуп, бийик тоо кырынан ары тамгандай болду. Эмнегедир Жолборстун жүрөгү шуу этип, үрөйү учуп, каңырыгы түтөй түштү. Чыдай албай ачуу үнү менен улуп-уңшуп жиберди. Ошо ченде раиса канымдын жылдыздай жанган көздөрү түбөлүк жумулган эле.

Жолборс ал күнү кереэли-кечке, эртеси бешимге чейин жаңгактын калың көлөкөсүн сыйынттап жатты. Бешим оогондо ордунан козголуп туруп, өйдө карай бет алды. Кырга чыга берип токтоду да, тумшугунун



карасын былкылдатып, түбүнөн кусалыгы кайнаган көздөрү менен төмөн жакка карады. Кыштактын үстүн көгөрүңкү дакидей жука мунарык чалып, мунарык арасынан өндүргө тартипсиз салынган тамдар үтүрөйүп көрүндү. Бу кырдан түзгө карай түшкөн кыя жолдо далыларын капалуу үңкүйткөн атчандар кыркаар тартып ылдыйлап баратты. Берегирээк жакта чөбү такырайта орулган көрүстөн-дөбө жыш дөмпөйгөн эски мүрзөлөрү менен, андан-мындан сербейген дарактары менен, сынынан кетип кыйрайган беш-алты кабыры менен азалуу дүмпүйүп турду. Ошо көрүстөн-дөбөнүн тескей боорунан Жолборстун көзүнө дароо жаңы мүрзө чалынды. Мүрзөнү көргөндө эле ит кыңылдап ийип, төмөн карай салды. Дөбөнүн этегине жетип, кайра бир аз өйдөлөп чыгып, жаңы мүрзөнүн жанына шумүрөйүп басып келди. Жаңы казылган турпактын, кыйылган чөп тамырларынын, адам теринин аралаш жыттары мурдуна бур урду. Мууну бошоп, тула бою шалдырап, төрт буту бирдей бүгүлө түштү. Шалк жата калып, мүрзө дөбөчөсүнүн четине башын койду. Көкүрөгү диртдирт этип, көздөрүнөн мончок-мончок жаш агып кетти. Аккан жаштары ак топурак кесектерине кара чекит болуп кадалып жатты.

Жолборс ал түнү мүрзө башында аза күтүп, эртеси шашкеде үйүнө келди. Анын келгенин элден мурун раистин тун уулу Түмөн көрдү. Көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине түктүйүп чыкты. Анткен себеби: раистин тун уулу үй башына калайман түшөрүн билип качканы үчүн Жолборсту жек көрүп калган эле. Бу кайгы-азалуу күндөрү Түмөн өзүн кандуу салгылашта катуу жараланып жаткан жоокердей сезип, а ынак досу Жолборсту болсо өзү ошентип жатканда таштай качкан шеригиндей санап кектеп жүргөн эле. Качкан итинин кайтып келгенин көргөндө көкүрөгүнөн кектүү сезимдер көтөрүлүп, тамагына тиреле

түштү. Көзүнөн чаары чыгып, жаак эттери бүлөө жондонуп түйүлдү. Кекенген баланын баамына иттин жүдөмүш түрү, кайгылуу кыяпаты, астыртан айыптуу караганы да байкалган жок. Тек көз алдында жек көрүмчү ит шүмүрөйүп турду. «Оо, дайиз Жолборс! – деп ызырынды ал. – Сен дезертир экенсиң, эми дезертир катары жаза тартышың керек!»

Аңгыча болбой Түмөндү үйдөн атасы табыш салып чакырып калды. Бир жакка шашылыш жумшады белем, Түмөн ичкертен түнөрүңкү чыгып, Жолборско жаман көзү менен үлүрөйө карап койду. Анан шыпылдай баскан бойдон жогорку айыл тарапка кетти. Кеткен жагынан бешим ченде келип, келери менен Жолборстун курсагын кампайтты. Анан эки кулачтай ичкерээк жип менен итти мойнунан байлады да, жетелеп жөнөдү. Чоң жолго чыкканда ылдый карай салды. Өспүрүм бала менен жетеленген иттин буттары жолдун калың чаңына бурт-бурт батып, байкалар-байкалбас тозоң ызгытып, узунду-кыска мөөр басып баратты.

Кыштактын чатына чыга бергенде Түмөндүн кулагына суунун шары чалынды. Ал итин жетелеген бойдон таш жолдон түз өтүп, Жазынын сайына түштү. Сайдагы токойдон дарак жалбырактарынын, өлөң чөптүн, кумдак сыз топурактын жыты менен салкыны бетке урду. Түмөн токой аралай кеткен бир таман жол менен бат эле жээкке жетип барды. Алдынан көлдөй көйкөлгөн чакан суу мейкини шаңк ачыла берди. Жазы дайрасынын жайылып жай аккан, көлмөлөнүп мелмилдеген, иримденип көгөргөн жайык жери да, терең жери да ушул эле.

Суу жакалай соройгон сыпай жыгачтарынын бирине кичинекей кайык байлануу экен, жылжып аккан сууда жайма-жай термелип туруптур. Түмөн итин жетелеп кайыктын тушуна басып келди. Таштардын арасынан коондой чоң сүйрү ташты тандап алды. Кайыкты чынжырынан тартып жээкке жакындатты да, ичине



ошол ташты коомай ыргытты. Таш кайыктын түбүнө дүп этип тийип, андагы суу чалчыгын чалп дедире чачыратты. Жамандыктан бейкапар Жолборс шилтеп койсо эле өзү кайыкка секирип түштү. Түмөн батинкечен суу кечип кирди, кайыкты катуу түртүп, кырына жармашты. Тырмышып чыга бергенде кайык оодарыла жаздап барып кайра түзөлдү. Түмөн кайыктын бурчундагы туура жыгачка ыңгайлана көчүк басып, жалгыз калак менен шарпылдатып суу шилей баштады. Кайык жылжыган агымдын ыгы менен көлмөлөнгөн көк жайыктын ортосун карай жайбаракат жыла берди.

Жолборс кайыктын орто ченинде беймарал чочоюп отурду. Былкылдаган кара тумшугу менен көк кашка суунун салкын жытын искеп, бет маңдайындагы кубулуштарга сонуркай карады. Мелмилдеген суу күзгүсү кыйгач түшүп чагылышкан шоолалардан жылт-жылт жылдызданып, асмандагы булайган аппак булуттун сөөлөттүү сүрөтүн кучагына катып, көгөргөн тереңинде аруулап чайкап-жууп атты. Өйүздөгү тармал токойдун жашылына жашынган күкүк кимдир бирөөнүн жашын санай муңканып, кайчы канат чабалекейлер кашат үстүндө зып-зып учуп оюн салып жүрдү. Тээ алыскы кызгылтым мунарык арасынан күндүн алтын алкагы чоктой кызарып, көк мелжиген тоо кырына чукул эңкейлеп баратты. Көрккө тунган керемет дүйнө Жолборстун көзүнө бир башкача ажайып көрүнүп, көңүлүн элжиретип, жашоо кумарын экилентип ийди.

Капылестен алиги коондой таш сууга чулп этип, ташка чырмалган жип кайыктын кыры ылдый сойлоду. Ошо замат Жолборстун мойнундагы сыйыртмак сыдырылып, желкесине катуу өтүп, башын эңкейте тартып жиберди. Ит дароо жамандыктан шек алып, кежигесин кержең эттире кетенчиктеди; жаны көзүнө көрүнүп, алдыңкы буттары менен кайыктын капталын чирене тепти; ичинде өлүм коркунучу тыбырчылап, сууга сой-

логон жипти апчый тиштеди. Жипке байланган таш ылдый тартып, жан талашкан Жолборс тескери тартып, кайык калт-култ чайпалып кетти. Түмөн алдастай түшүп, иттин арткы буттарына жармашты. Жолборс өлө-тала кайыкка тырмышып, жипти кырча тиштейм деп карышты. Түмөн ала салдырам деп иттин арткы буттарын көтөрө койду; Жолборс бар күчү менен туйлап-туйлап ийди; калт-култ этип турган кайык опоң-чычаң мөңкүп барып оодарылды. Жолборс тоңкочук атып сууга чаначтай чабылды. Кулап баратып апчый тиштеген жибин кырча тиштеп салганга үлгүрүп калды.

Түмөн сууга башы менен сайылып, ошо замат суу жутуп чакап кетти. Буттарын тыбыратып, колдорун тарбаңдатып, өйдө карай атылды. Башы суудан сороң этип, абадан аптыга жутуп алды. Карайлаган көзүнө кайык чалынып, ага карай далбасалап бой урду. Суудан күч менен суурулуп, колдорун созо жайып, көмкөрүлгөн кайыктын үстүн чапчыды. Кайыктын сырты самындын алкындысындай экен, колдору жылмышып тайгылды; кайык үркүп кеткендей шарт нары качты; Түмөн суу кулачтай жыгылып, сууга көмүлө түшүп, кайра атып чыкты. Атып чыкканда аптыккан алкымынан суу бүркүлүп, алактаган көздөрүнө батар күндүн жаркырак нурлары чабылып тийди. Түмөн кол-буттарын арбаң-тарбаң иштетип, солкулдак денесин ийреңдетип, өлө-тала сүзө баштады. Бирок көйнөгү этине жабышып, батинкеси буттарын оорлотуп, шалбыраган шымы төмөн тартып, башбалдак атканга кадыресе каргаша кылды. Антсе да Түмөн тырбалаңдап чабак ургансып атты. Жакын эле жээк алыс көрүнүп кылактап көзүнөн учту. Көп өтпөй акактап чарчап, шалдайып шайы ооп, кол-буттары араң кыймылдап калды.

Ал аңгыча колдору карышып, буттарынын тарамышы түйүлдү. Бирөө бутунан ылдый тарткансып, башын суу көмө жаап, акылын «өлдүм!» деген ой тепчип өттү.



Думукканы кыстагандан аптыгып, оозу-мурду менен суу жутуп алып, көңүлү караңгылай түштү. Атып чыгам деп тырбаңдап, кайра-кайра аптыгып, үстөккө-босток суу жута берди. Акыры күчүн үрөй суудан башын чыгарып, булдурап бир бакырып алды. Сууга кайра чумуп, деми чыкпай тумчугуп, жан далбасага да алы келбей, эстен танып баратты... Эң соңку бүдөмүк туйганы бул болду: кимдир бирөө мүрүсүнөн капшыра кармап, өйдө карай тарткылап аткансыды.

Жолборс эси ооган Түмөндү сайроонго сүйрөп чыгып, анан жээкке карай тарта берди. Өңү каракөк тарткан Түмөн абадан билинер-билинбес дем алып, акырын-акырын тириле баштады. Башы жээктин кумуна сүрүлүп тийгенде көздөрүн аңтара ачып, эс-мас акылы менен аман калганын билди. «Өлбөй калдым!» деген ой дем-күч берип ийди белем, ал башын өйдө кылып, жөрмөлөй тура калып, жээк кумуна темтеңдей кадам койду. Ошол замат көөнү айланып, оозу-мурдунан суу атып кетип, кайра эсинен танып, кумга көмкөрөсүнөн жыгылды. Бир саамда эсине келип, башын күч менен көтөрүп, чыпталышкан көздөрүн зордоп ачты. Так маңдайынан шөмтүрөй суу болуп, тыбырчылай кыңшылап, көздөрүнө жаш алып турган Жолборсту көрдү. Иттин мойнундагы сыйыртмагы шалкы салбырап, жонунун сууланган жылмакай жүндөрү батып бараткан күн нурунан өрт чалгандай жалындап күйүп турган экен. Түмөндүн тирилгенин көрөрү менен Жолборс бир катуу силкинип, чалкасынан кетчүдөй так секирип, оозун аңырайта ачты да, куду каткырып жибергендей кубанычтуу арсылдап үрдү. Алсырап жаткан Түмөндүн акыл-эсин кечиккен өкүнүч өрттөдү: «Эх, мен акмак болбосом, ушул асылзат итти да сууга чөгөрөм деп алдас урамбы?!» Бир чети уялгандан бети чымырап, бир чети жетине албай ичи элжиреп, маңдайы менен кум сүздү да, бышаңдап ыйлап ийди...

Ал жылы кыш бороон-чапкындап эрте келип, кар оңбогондой оор түштү. Жолборс былтыркыдай эле аңчылык кумарына азгырылып, көкүрөгү менен калың кар жиреп, курсак-капталдарын шакмарлатып, кекилик, чил, коён уулап жүрдү. Бир жолу кекилик этине лыкыя тоюп, анан жаңы кармаган бирин эмне кыларын билбей үйгө тиштеп келди. Буга раистин балдары так секирип кубанышып, үйдү үч көтөрө кыйкырышып көрүнгөнгө мактанып сүйүнчүлөштү. Ошондон көп өтпөй талаадан араң жанбы же өзү эле өлүп калганбы айтор, бир түлкүнү басып, аны да үйгө тиштеп келди. Буга бүт айыл аң-таң калып дуулдады. Ошону менен кыштак калкынын арасында Жолборстун баркы дароо көтөрүлө түштү. Анан кыш чилдеде кылган бир азаматтыгынан кийин иттин зоболосу тим эле асмандап көкөлөдү. Ал азаматтыгын Жолборс Жоро-шайтандын тамынын аркасында жасады.

Адатта өлгөн кишинин артынан жаман айтпайт эмеспи. Бирок өлгөндөн эле кишинин тирүүсүндөгү баасы, жүргөн-турганы, кылган-эткени жакшырып кетпейт го. Өлүү болобу, тирүү болобу – деги адамдын ким экенин так өзүндөй кылып айткандан өтөрү жок. Эгер ыраматылык Жоро-шайтандын жайын айтсак, ал жарытып деле жарык дүйнөнүн көркүн чыгарган эмес. Өлөр-өлгүчө жамаатка кандайдыр бир пайдалуу иш кылганын мен билбейт экенмин. Куурай башын сындырбаган жалкоо эле, өз көмөчүнө күл тарткандан башканы билбеген өзүмчүл эле. Жалгыз башына ошо жаман касиеттери аз келгенсип анын аржандаган ажыккыздыгычы! Куудулданып сүйлөйм деп далбаса кылчу, бирок сөздү эбине келтирип сүйлөй албай, тузу жок аштай даамсыз бирдеме кылып салчу. Кээде мага да тийишип калар эле, мен чукугандай тапкан эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап басып, кынына киргизип койчумун. Баарынан да анын коёндой коркоктугучу! Жайчылыкта мактанып отурса, дегеле андан баатыр киши жок. Качырганын камандай кайсаган көк жал тим эле, көк жал! Ал эми эрдик түгүл, жөн эле эркектик сыналчу жерге келгенде...



Кыш чилдеси кирген буурадай зиркилдеп, темир аяз чыкылдап, тышта катуу суук. Очойтуп оор жаап салган кар айсыз караңгы түндү байкалар-байкалбас буурулдантып, ыркыраган шамал тамдын камыш чатырын дүмөктүү шуулдатып турду. Кеч киргенден бери көңүлү коолдоп өзүнчө эле коркуп отурган Жоро-шайтан төшөгүнө жатты. Уңулдап улуп аткан неме мору же карышкыр экенин ажырата албай, уңулдаган сайын эси чыгып, жуурканын бекем чүмкөнүп алды. Бир маалда короосунда бирдеме дүп-дүп басып жүргөнсүп кетти. Корккон Жоро-шайтан калтыраган үнү менен: «Бу эмне, ыя?» – деп аялына жуурkандын ичинен күңк этти. «Сенин эшегиң да, – деп аялы уйкусурай эстене берип. – Байлап чөп салып кой десем, бая кашайып эле болбой койбодуңбу». Жоро-шайтан жуурkандан башын чыгарбай: «Жаркынай, байлап келе калчы, – деп жалынычтуу суранды. – Чөп издеп тентип, суукта кайыгып өлбөсүн». Уйкусураган аялы тилин албай, жумшайын десе катуу уктап калган уулу да ойгонбой, Жоро-шайтандын айласы куруду.

Акыры ал сөгүнүп-сагынып, тамагын катуу-катуу кырынып араң ордунан турду, асма панарын жандырып, ошо панарына эш байлап, куру кайрат менен каалгасын карс эттире ачты. Босогодон эшикке аттай берсе, маңдайында бир караан туруптур. Көзү өчөйүн деген чоктой күңүрт кызыл, өзү ит сүрөттүү, кулагы тик. Ошо замат Жоро-шайтандын акыл-эсин «карышкыр!» деген сөз чагылгандай жарып өттү, жүрөгү шуу дей түшүп, бүткөн бою дүркүрөп, жаны оозуна тыгылды, колуна кармаган асма панарын жерге түшүрүп ийди, качайын десе буту тушалып, кыйкырайын десе доошу чыкпай, үрөйү учкан бойдон селейди.

Бир кыйлада гана Жоро-шайтан анча-мынча эсине келип, далбасалап артына качты. Калтырак кармаган буттары босогого чалынып, өзү көмкөрөсүнөн жыгылды, кайра турганга да шайы келбей, өлүп-талып жөрмөлөй төшөгүнө жетти. Жуурканга эптеп кирер замат белинен бек кучактай аялына жармашты. Уйкусураган аялы чочуп ойгонуп, эри жакка оодарылайын десе, Жоро-шайтан коё бербей, ачкенедей жабышып алыптыр. Жаркынай катуу булкуна бошонуп, ачуулуу сурады: «Капырай, сага эмне болду деги, жин тийдиби?» Жорошайтанда тил жок, тула бою калч-калч, тиштери шакашак. Коркуп кеткен Жаркынай жуурканды шарт серпип, эринин үстүнө эңкейе калды да, кайра башка бир чапкандай артына жалт берди... Көрсө, Жоро-шайтаның түшкүр корккондон дамбалына таштап койгон экен.

Жоро-шайтандын жүрөгүн түшүргөн карышкыр эки күндөн бери кезерип ачка эле. Талаадан такыр жолу болбой, кишилер уялаган «үңкүрлөрдүн» арасын бир жойлоп көрөйүн дегенчелик кылып кыштак ичине кирип келген. Эми эле четки «үңкүрдүн» алдына жетип, шиштигий тумшугу менен жыт искеп, ар кошкон коюу жыттардын кайсынысы эмненики экенин биле албай, арасат абалда шүмүрөйүп турган. Ошентип турса, балакет басып, койдун мүлжүлгөн баш сөөгүндөй жарык көтөргөн бирөө «үңкүрдөн» шоп чыга калбаспы! Карышкыр селт чочуп, тиги неме колундагысы менен уруп иеби деп коркуп кетти, корконунан чычаңы бүлкүлдөп, жон жүндөрү тикчийип, төрт аягы байланып, жалт берип кача албай калды. Аңгыча болбой тиги киши жарыгын жерге түшүрүп, бир саамга турган жеринде делдейе катып, анан алдастап ичкери качты. Карышкыр көлөкөдөй дабышсыз жортуп, келген жагына жүрүп берди. Тиги ичкери кире качкан неме сороййгон темир таягын көтөрүп чыгып, дагы тарса-турс да жарка-журк эттирбесин деп чочулады. Ал ошо тарс



этменин сырын жакшы биле турган, бир жолку жортуулунда жамбашына ок жеген.

Карышкыр төштөгү жаңгактын түбүнө барды. Кардын үстүнө шыбырт чыгарбай коомайланып жатып, азыр эле өзү таштай качкан «үңкүрдүн» оозун акмалай баштады. Баягы киши кайра чыгат деп көпкө зарыгып күттү, чыкса эле көрүнбөй жылт койгонго камданып жатты. Бирок күткөнү эмнегедир чыккан жок. Карышкыр өзүнүн айбандык аңы менен тиги кире качкандын корконун түшүндү да, ичинен карышкырча табалап күлдү.

Ал алиги өзү козгоп койгон кишиникинен четтеп өтүп, чыйыр жолго салды. Кишилер сыйынт кылган үңкүрлөр тараптан жыттардын чалды-куйду аралашкан агымы буруулдайт, жолдон болсо адамдын, төрт түлүк малдын, эскирген кайыштын өчүңкү истери билинер-билинбес аңкыйт. Карышкыр кашынан чыккан дагы бир киши үңкүрүн жандап өтүп, анын жанындагы мал-сал уялачу үңкүргө акырын шүмөң-шүмөң басып жетти. Сак кулагы бышкырынган, күшүлдөгөн, күрт-күрт чайнаган табыштарды таасын эшитти, сезимтал тумшугу чыланын кычкыл жытына аралаш кой, уй, жылкынын бири-биринен айырмалуу жыттарын искеди. Ынак жыттардан ачка неменин башы саал эңгидеңги боло түшүп, анан оозуна шилекейи толуп, канкорлук жаалы чымырап козголду. Бир тешик тапканы мал үңкүрүн чарк айлана шимшилеп баратса, жытын алып калды белем, ичкеридеги мал бирдеме туйгандай дүпүрөй түштү. Карышкыр бир тешикке тосулган туташ жазы жыгачтарды (ал эшик эле) тумшугу менен түртсө ачылган жок, үстүрөөктө карарган томпок бирдемесин шалдырт эттирип гана тим болду. Ал оңтойлоно калып, эшикти күчүнүн барынча омуроолой түрткүлөдү, эшик кыйч-кыйч этип, баягы томпок карасын дагы шалдырттатты, ичкеридегилер катуу дүр-

бөп, жылкы окуранып жиберди. Мукураган карышкыр бийикке секирип, эшиктин бетин тытырата аймай кайра сыйгаланды. Мал үңкүрүн дагы айланып, бийиктеги көзөнөккө да секирип-секирип жетпей койду. Айласы жедеп куруганда, дубалдын бетин тырмап-тырмап, итчесинен кыңшылап да ийди.

Бул «үңкүргө» киргенден күдөр үзүп, шырп чыгарбай кийинки үйгө бет алды. Жакындап барганда иттин коңурсуган тааныш жыты мурдуна бур этти. Карышкыр аны ажылдаткысы келбей, там аркасына көлөкөдөй жылт берди. Бирок ит да анын жытын алып, күпкөсүнөн үрүп чыкты. Карышкыр калп эле качымыш болсо, ит эрдемсий абалап артынан адыраңдады. Карышкыр тишин шак-шак эттирип койду. Ит куйругун чатына кысып жалт берди да, корккон доошу менен обочорооктон айгай сала баштады. Аңгыча кайдан-жайдан арсылдап үргөн иттер чогулуп, чоочун конокту тегеректей калып, бирок качырып тийгенге бирөө да даабай, абалап уу-чуу көтөрүштү. Карышкыр ушу арсылдаган арсыздарга кыжыры кайнап, тиштерин шакылдаткан боюнча төшкө карай жортту.

Төш таяна бергенде капыстан баягы тааныш неме тарс жарылды. Карышкыр корkконунан түксүгүй жон жүндөрүн жапырып, карга лып жата калды, үрөйү учкандан кулагына эчтеме угулбай, денеси чымыр-чымыр муздап, баягыда ок тийген жери ысый түшкөнсүп лук-лук тартты. Тарс эткен дабыштын жаңырыгы алда кайда кеткенде гана карышкырдын кулагына жанагыдан бетер ажылдаган үндөр кайра шак этти. Ал тула боюн кыймылдатып көрүп, эч жерине ок тийбегенин билди, шарт секирип туруп, чыңк өйдө карай түйүлүп чуркады.

Карышкыр дөбөнүн чокусуна чыгып, күйүккөнүн басканча кар жалап жатты. Кар жегенден өзөгү ого бетер үзө тартып, жанын кыйнады. Тарс эткен немеден



эси чыккан шордуу кайра ылдыйлап баргандан заарканып турду. Барбайын десе, кардын соруп ачыштырган ачкалык кыстады. Кандай кыларын билбей арсарсып жатса, көзүнө эмнегедир жанагы үңкүргө кире качкан коркок киши карандай түштү. «А коркок качкан бойдон кайра чыккан жок, анын тарс этмеси жок окшойт», – деди карышкыр айбанча акылында. – Абалап үргөн ити да жоктой көрүндү эле». Ал дагы бир азга эки анжыланып туруп, анан тобокелге салып төмөн карай шүмөңдөдү. Акыры мылтыктан бүлкүлдөп корккконун кезерген ачка напсиси жеңди.

Карышкыр Жоро-шайтандын малканасындагы малдын кумарлуу жытын алып, ага кирем деп баягыдай эле аракеттерди жасады. Анысынан эчтеме чыкпай, ошого ичи күйүп, үңүлдөп улуп ийгиси келди. Бирок каерде турганын эстей коюп, жаны кашайып жаалдангандан өңгөчүн ыркырата тартып малкананы айлана жортту. Бурчтан чыга бергенде мурдуна эшектин жыты бур урунду. Ошо замат бастырмада бош турган эшек жалт үркүп, үрккөн бойдон сай жакка салды. Эшек төрт аягын тыбыратып, жан-алы калбай качты, карышкыр артынан жеткенде ал аңгырай айкырып, көткү буттарын сыраңдата мөңкүп жиберди. Карышкыр жалт берип, эшекке капшыттан чагылгандай атылып бир тийди, устарадай тиштерин чандыр ченге матырып, шарт үзүп кетти. Эшек бар доошу менен кулак тундура бир ачуу айкырып алып, жан далбастап алдыга ынтылды, бирок анча узай алган жок. Ичегилери чубалар замат көздөрү караңгылап, темтеңдей түштү. Карышкыр эшекти жыгылганга жеткирбей алкымдан карыштыра тиштеп, төрт аягын сырайтты.

Ач карышкыр ысык эттен жулкуп-жулкуп жей баштады, жаны чыкса деле эшектин денеси диртилдеп атканын да элес алган жок, жулкуй тиштеп, чайнап-чайнабай, аптыгып-аптыгып сугуна берди. Курсагы

кампайып, жегени өзөгүнө түшүп, бир саам эндиреп туруп калды да, анан эттен көзү өткөн неме кайра апчый тиштеди. Чайнап көрсө, эшектин эти жыгачтай катуу, даамсыз, коңурсук сезилди. Жоро-шайтандын эшеги карыган, арык, жону толо жоор эшек эле. Карышкыр коңур жыттуу кой этинин ширин даамын эстеди, ошондо оозундагы эт тим эле кардан да жаман даамданып кетти. Айыл толгон төрт түлүк малдан ырысына ушу даамсыз чарым эттүү, тирүүсүндө эле сүрсүп калган эшек туш келгенине кыжырланды. Же жоктон көрө жогору көрүп сүйрөп кетейин десе, эшектин локуйган өлүгүнө алы жетчүдөй эмес. Карышкыр буга да ачууланды, ачуусуна чыдабай жаалдана ыркырап, эшектин чандырынан дагы жулкуп алды, тиштерине ылжырак ичегилер урунду, ал ошо ичегилерди чубап, каардуу кекенич менен тартып сүйрөдү, сай талдарга чалды-куйду ороп, ошого табасын кандырып жатты.

Карышкыр ичеги чубап обу жок оюн салып атса, арс-арс үргөн иттер ар кайсы тараптан бириндеп жетип келди. Ары жок шалпаң кулактар же качырып тиш салышпайт, же куйрук кысып тим болушпайт, карагүчкө сес көрсөтө ажылдашып кыжырга тийгенден башкага жарашпайт. Ар бир иттин алын үргөнүнөн эле байкап, карышкыр бирин да тооткон жок, иттин баары өзүнөн калтаарып турганын сезип, ошого ичинен саал эрдемсий түштү. Дал ошол кезде абалаган доошторго күп-күп эткен айбаттуу бир доош кошулду. Ал жаңы доош килейген даңгыттыкы экенин карышкыр дароо баамдай койду. Ал аңгыча болбой кандайдыр бир күч капталына күп тийип, карышкыр капыстан көмөлөнүп кетти.

Жолборс өзү тоголото койгон карышкырды лап басып, алкымына тиш салмак болду, карышкыр ошенте койдурбай тиштерин шак эттирип, иттин кулагын тиштеди. Кулагы тыз эткенде Жолборс башын катуу чулгуп жиберди, кулагын тишке айра тилдирип, шарт



суруп алды. Карышкыр лып тура калып, эми Жолборсту желке ченден кабыштыра тиштеди, оозуна иттин куду эки түп жалдуу жери туш келип, катуу жалдар карышкырдын жумшак таңдайына тикендей сайылды. Жолборс эти ооруганга чыдабай каңшылап ийди, таңдайы ооруганда карышкыр да тиштеген жерин бошотту. Жаны ачышкан Жолборс карышкырды каптал туштан бир бурдап өттү, чала тиштеп калып, бир тутам жүнүн териси менен кошо жулуп алды.

Жолборстун айбатын көргөн берки иттерге да чочугандай кайрат кирди, алар карышкырга жабыла тап берип калды. Иттердин кур дымагы Жолборсту эрдемсинтип жиберди, ал дагы күүлөнүп барып карышкырды көмөлөттү, ошо замат аны чап үстүнөн басып, көк желкесине тиштерин матырып, бар күчү менен булкуп-булкуп алды. Карышкырдын жоон кан тамыры кыйылып, ысык каны дир-дир атып кетти. Жолборстун оозуна кан толо түштү. Карышкыр мойнун толгоп, тиштерин шак-шак эттирди. Жалкып калган Жолборс куйругун кыпчып артына жалт берди.

Жаралуу карышкыр желкесинен канын чууртуп ордунан обдулду, жаалынын күчү менен гана чапчаң ыргып турду, саал теңселе түшүп, бар кудуретин үрөй ыркырап Жолборсту карай качырды. Жолборс дагы мант берип, карышкырга кайра илбирстей атып тийди. Карышкыр кыйраң дей түштү, Жолборс аны оңолто койбой ыркырап баса калды, куду кекиртек ченден бурдай тиштеди, курч тиштери карышкырдын этине батып кетти. Карышкыр бошоном деп катуу булкунду, турам деп туйлай-туйлай моңкуду, ошентип атып итти үстүнөн чала серпип салды, көчүк жагы менен тыбырчылай өйдө туруп, кетенчиктей чиренип тартылды, бирок тиштер кычкачтай кармаган тамагы кыйкылдап муунуп кетти, акыркы деми менен ыркырайын десе, ыркырабай эле жөткүрүп жиберди, жөткүргөндө кан-

дын шор даамы оозуна толуп, көзү караңгылап, кайра шалк кулады.

Жолборс кекиртектеген бойдон карышкырдын үстүнөн өмгөктөп жатты. Үрпөйгөн желке жүндөрү кайра жапырылбай, айрылган кулагы менен тиш кирген кежигесинен кан шүүшүндөп агып турду. Карышкыр жан далбастап дирт-дирт этсе, Жолборс анын кекиртегин дагы бекемдеп тиштеди. Карышкыр анан тишин дагы бир алсыз шак эттирип, көткү бутун бир катуу серпип корулдап алды да, түйүлгөн денесин шалк жазып жиберди. Жолборс бир аздан кийин гана карышып калган жаактарын араң ачып, кекиртектен тишин сууруп алды, бирок карышкырдын үстүнөн түшкөн жок, былк этсе кайра шап тиштегенге даяр турду. Карышкыр болсо кыймыл эткен жок, тек тулку-бою гана билинер-билинбес диртилдеп, коюуланган каны желкеси менен кекиртегинен сарыгып агып жатты. Капыстан Жолборс да шалдая түшүп, өзүнүн аябай чарчаганын, кулагы менен кежигесинин сыздап ооруганын, кандын буруксуган жытын, иттердин абалаган үндөрүн туйду, карышкырдын жылуу денеси акырын муздап баратканын капталы менен сезе баштады. Ал ошондо деле карышкырдын чындап өлгөнүнө ишенген жок, өзү мындай жылса эле басып жатканы тура калчудай сыяктанды. Кан аябай чачыраган жүндөрүн бубактатып, Жолборс ошо жаткан калыбында таң аткыча жата берди. Эртең менен эрте сууга келген кыз-келиндер итти ошол абалында көрүштү.

Элет жеринде мындай окуя чанда эле болот. Жолборстун бул эрдиги кыштак арасына чагылгандай тез тарады. Анын кабары кары-жашты дароо элеп-желеп кылып, баарын тынч ордунан козгоду. Карышкырдын өлүгүн көргөнү элден мурун эдиреңдеп балдар чуркады, артынан чоң кишилер жөөсү жөөдөй, атчаны атчандай, учкашканы учкашкандай убап-чубады. Чалдар да эшек-



терин кыдыңдатып элден калган жок, кээ бир ээнбаш кемпирлер да эшекчен чалдарына учкашып алды.

Түп көтөрө чыккан эл кыштактын аяк-быягынан Жоро-шайтандын тамынын тушундагы сайга агылып келе берди. Келгендер сүр учурган бул көрүнүшкө кабылды: ит буттары кыйма-чийме малтаган, карышкыр менен ит алышкан жерлери сүрүлүп тамтыгы чыккан, ар кайсы жерин кан чачырап кызарткан чамбылала кар; үстүңкү капталын кызылгөш кылып, жара тартылган чандырын оңурайтып, ичегилерин сай талдарга оролтуп тырайган эшек; тиштери арсайып, желке-жон жүндөрү канга батташып катып, зыңкыйып тоңуп калган карышкыр. Эл бат эле жыйылып, карышкыр менен эшек жаткан жерди тегеректеп жарданып карап турду. Кийин келгендер ошо кызыкты көргөнү карап тургандарды жөөлөп, түртүш-кагыш да чыгарып ийишти. Баары тең таңыркаңып, көз алдыларындагы көрүнүштү бири-биринен талаша кеп кылып бака-шака түштү.

Башта барк албай, атүгүл күчүк чагында кордоп жүргөндөр асмандан бүгүн эле түшө калышкансып Жолборсту көргөнгө ашыкты. Бир тобу сүрүлүп Раистикине барды. Алар карышкырга катылган кайбар итти жаңыча көз менен тим эле укмуш карашып, керемет көргөндөй маашыркаңып кайтышты. Чогулуп келгендер Жолборстун сөлөкөтүн мактап, айбатына тамшанып, кайрат-кажарын көтөрө чалып бакылдашкан бойдон топ-тобу менен тарай башташты.

## IV

Эл суюлуп, эки жигит карышкырдын терисин шымалана сыйрып кирди. Дал ошол кезде аярлай басып Жоро-шайтан келди. Ал түн бою чүмкөнгөн жууркасында бүлкүлдөп коркуп жатып, таңга жуук гана уйкуга кирген эле. Уйкудан кеч ойгонуп, тыштан элдин

уу-дуусун туюп, төшөгүнөн туруп келгени ушул. Карышкырдын өлүгүн көргөндө бүткөн бою дагы дүр этип, тизелери калтырап кетти. Бирок эч кимге сыр бербей, эки жагын алаң-алаң каранып, четирээк туруп калды. Тырайган эшегин көрүп, адегенде унчуккан жок. Карышкыр териси сыйрылып бүткөндө Жоро-шайтан капылес кыйкырып коё берди. «Кайран эшек, кайран эшек!» – деп карышкырга карай дугдуңдады. «Жеген ушу сенсиңби, төлөп бер эшегими!» – деп карышкырдын башын тепкиледи. «Эшегимдин кунуна алам, бери бергиле!» – деп эки жигит керип-чоюп аткан терини жулуп алды. Эч ким талашпаса деле өкүрүп-бакырып, ошо бойдон терини үйүнө сүйрөй качты.

Жоро-шайтан эки-үч күндөн кийин карышкырдын ошо терисин канжыгасына байланып Өзгөнгө барыптыр, жолду ката жолуккандарга өзүм чаап алдым деп мактаныптыр, ошо менен эле жөн калбай, терини райондук мергенчилер коомуна тапшырып, аерде да элге мактанып айтканын айтып, акчалай сыйлык өндүрүп алыптыр...

Жоро-шайтандын бу кылыгын мен кийин мергенчилердин райондук жыйынына барып укпадымбы. Баса, ал жыйында кызык-кызык сөздөр козголуп, аягында карышкырга каршы күрөш маселеси каралды. Кар токтобос Акбашат кыштоосунда бөрүлөр аябай күч алып, койго көп зыян келтириптир; кээде жайылган койго күпөкүндүз эле катылып, түнү короолордун тынчын алып, деги чабандардын көңүлүнө көк таштай тийиптир. Карышкырдан жүдөгөн чабандар бир жардам сурап райондук чоңдорго кайрылыптыр, чоңдор болсо мага окшогон адис мергендерди ушу жыйынга чакырыптыр. Жыйынга келген мергендер баарыбыз чабандарды ажаттан чыгарабыз деп бир ооздон бүтүм кылдык. Акбашатка чогулуп барчу күндү болжоштук, курал-жарактан башка ит ээрчите барганга да макулдаштык.



Мергенчилер алты короо кой кыштаган кар токтобос Акбашат өрөөнүнө болжошкон күнү кечинде барышты. Баары күпчүйүп тончон, жондорунда – кошооз, белдеринде – окчонтой, канжыгаларында – салбыраган жип-шуу, бөктөрүнгөндөрү – ором-ором кызыл чүпүрөк, ээрчиткендери – бөрүбасар иттер менен бакыбат тайгандар. Жоро-шайтандын Жаныбек аттуу кыйыр жээни беш итти кошмоктоп барыптыр. Ал өзү өйүзгү Доңуз-Тоо кыштагынан экен, ит-тайган бакканга кумарпоздон бетер ышкылуу экен.

Мен ээсинен сурап алып, атайы төрт күн табына келтирген Жолборсту ээрчите бардым. Раистин итин ошо сапар чогулган тандама бөрүбасарлар менен тайгандарга салыштырып көрдүм. Алардын арасында келбет-бой жагынан да, күч-кубат жагынан да, айбат-сүр жагынан да биздин итке барабары жоктой. Мен ичимен кымылдап, көз айырганга алым келбей Жолборско сук артып турдум да, анан «көз тиет» деген эл ырымын эстей коюп, «түү-түү» деп түкүргөнчө терс карап кеттим.

Эртеңки карышкыр ууда баарына баш-көз болгонго мергенчилер мени шайлашты. Мен койчулардан бөрүлөрдүн жөн-жайын, жүргөн-турганын, сыйынт жерин сураштырдым. Көрсө, кашабаңдар түндөсү жойлоп, күндүзү карагай токойду сыйынт кылат экен. Мен ошол эле замат кыштоодон беш-алты чакырымдай алыс токойго өзүм жалгыз атчан барып, анын аяк-быягын чалгындап келдим. Түндөсү эртеңки ууну кандайча жүргүзүш жайын ойлоп көпкө уктабай жаттым.

Мен мергенчилер менен койчуларды таң куланөөк салганда ойготуп, адегенде эле алтоону карышкыр айдаганга атчан жумшадым. Алар карагай токойду наркы жагынан айланып өтүп, мен белги бергенде бөрүлөрдү үркүтүп бери сүрмөк болду. Калгандарын токойду берки четинен кендир жип менен айландыра

курчап, жиптерге кызыл чүпүрөктөр илмей ишине чектедим. Номер алган ар бир мергенчиге акыркы акыл-кеңешими бердим. Сүйлөбөй, жөтөлбөй, чылым чекпей, шырп алдырбай мышыкча аяр басып барып, берки жумуштарды да дал ошондой тартип менен бүткөрүү жагын баарына тең катуу эскерттим. Ээнбаштыкка эч кандай жол берилбей турганын, бардык иш мен дегендей, менин белгим боюнча жасалаарын да кайта-кайта айттым. Беймаал үрүп шойкон салбасын деп иттердин тумшугун бекем кемээчтетип салдым. Бышкырбасын деп аттардын жаактарын чылбыр менен чырматтым, дүбүрт чыгарбасын деп туяктарына кабаттай-кабаттай оротуп чүпөрөк байлаттым. Аттар менен иттерди бир аздан соң артыбыздан балдар тымызын алып бармай болду.

Токойдун айдоочулар келчү жагы гана ачык калып, берки жактары алысыраактан ала жип менен тегерете курчалды, жиптерге самсаалатып кызыл чүпүрөктөр илинди. Мергенчилер мен айткан жерлерде дым чыгарбай өңүп жатып калды. Карышкыр айдаганы кеткен атчандар тиги кырдын ар кайсы жеринде таш эстеликтердей селейип катып турду. Аттар менен иттер да балдардын коштоосунда бери жакындап келатты. Тек токойдун ичтен зааркангандай күңүрт күңгүрөнгөнү болбосо, теребелде бир саамга чыйралган жымжырттык өкүм сүрдү.

Токойдон четирээкте бир жалгыз карагай бар экен, мен эски снайперлик өнөрүмү эстеп, мылтыгымды асынган бойдон анын башына чыгып бардым. Белимдеги чоң кызыл чүпүрөктү чечип мылтыктын учуна сайдым да, кырдагы атчандар көрсүн деп өйдө көтөрдүм. Атчандар ал белгини көргөндө, мен «баштагыла» дегенчелик кылып көтөргөн мылтыкты төмөн жыктым.

Кырдагы атчандар турган жерлеринен эле ылдый салды. Кажырлуу аттар тоңголок кара жер менен бат



эле жайык коктудагы токойго түшүп келди. Ошондо айдоочулардын бирөө тарс атып жиберди. Болор-болбос күңгүрөнүп турган жымжырттык ташка тийген айнектей быркыранды. Токой селт чочуп кеткендей дүмөктүү жаңырык чыгарды. Анан удаама-удаа ок атылып, октордун жаңырыгын кыйкырык-өкүрүк, добулбас дүңкүлдөгү, дагы башка дабыштар коштоду. Куштардын баары ызы-чуу салып көккө көтөрүлүп, асман карара түштү.

Токойду барабанга айлантып дүңгүрөткөн тарса-турс, дүңкө-дүңк, кыйкырык-сүрөөн, чуру-чуу улам берилеп келе берди. Байлануу аттар тула боюн дирт-дирт эттирип титиреп турду. Кемээчтелген иттер думуга кыңшылап, чынжырларын шалдырттата тыбырчылап жиберди. Мен ошондо карагайдын ача бутагынан мергенчилерге «иттердин оозун бошоткула!» деп белги кылдым. Асман-жердеги каңгыр-шаңгыр менен ызы-чууга дароо иттердин абалап үргөндөрү кошулташыл болду. Дал ошол маалда Жоро-шайтандын жээни Жаныбек ойдо жок иш баштап, бир итин токойду карай агытты. Мен убадага бош ээнбаш немени ашатып сөгүп: «Оо жинди, итиңи кайра чакыр!» – деп бакырдым. Жаныбек анымы укпамышка салды, ити болсо арсылдап үргөн бойдон токойго кирип кетти.

Ал-аңгыча айдоочулар берилеп, карагай токойдун ар кайсы жеринен үч карышкыр шоп чыга калды. Алар токойдон атып чыкты да, илинген чүпүрөктөр менен жулунуп үргөн иттерди көрүп жалтайлай түштү. Мен белги бергиче болбой, кимдир бирөө тарс атып ийди. Анан туш-туштан октор тарс-тарс этти. Бир атылган ок ортодогу карышкырды дароо башы менен жер сайгызды. Ок чала тийгени кайра токойду карай салганда, мен мелжеп туруп атып калдым, кыйралаңдап бараткан карышкыр оңкосунан кетти. Үчүнчү карышкырды атып ийсем, токойдун өйдөңкү четинен Жаныбектин жана-

гы агыткан ити шүмүрөңдөп качып чыкты да, ээсин көздөй энтеңдеди. Ага удаалаш эле дагы бир килейген карышкыр көрүнүп, качкан иттин артынан Жаныбекке карай арыш керди. Алактаган Жаныбек апыл-тапыл ок чыгарып, капыстан өзүнүн итин «каңк» дегизе атып алды. Жаны кашайган карышкыр атылган октон да, илинүү кызыл чүпүрөктөн да, мылтыкчан тизелеп отурган Жаныбектен да жалтанган жок, өлөрүнө карабай атырылып баратты. Таякесин айныбай тарткан экен, Жоро-шайтандын жээни мылтыгын таштай бакырып качты, артынан үч ити кошо кетти. Карышкыр көз ачып-жумганча ошол үч итке аралашып, анан бат эле Жаныбектен да озуп алдыга чыкты. Мен качкан карышкырды атканы камынып, бирок кокус Жаныбекти же анын бир итин атып аламбы деп чочуладым. Аңгыча болбой мергенчилер бөрүбасар иттерин коё берди. Иттер карышкырдын артынан түшкөндө, мен Жолборсту жулкунтуп араң кармап турган жигитке кыйкырдым: «Агыт! Коё бер! Каргысын чыгар!» Жолборс иттердин эң артында куугунга кетти.

Карышкыр кары жок боор менен капталдай качты. Артынан арсылдап үргөн иттер адегенде тобу менен чогуу баратып, көп узабай эле узунунан созула түштү. Жолборс ошо чубалып чуркаган топ итке бат эле жетип, бирден-бирден артка таштай берди. Анан анын алдында чуркап бараткан эки гана ит калды. Жолборс эки итке мына-мына жетейин дегенде, карышкыр кокту менен жогору карай салды. Кашабаң эми жанагыдай бир кулач жерди бир аттап чуркабай, москоол шыйрактарын шып-шып алмаштырып, өлүп-талып өйдө качты. Иттер да анын артынан калбай баратты.

Чычкыланган мергенчилер менен койчулар мага карашкан жок, жапырт аттарына минишип, айкырык салган бойдон капталдай чаап жөнөштү. Мен да карагайдан шыпырылып түшүп, каңтарылуу туйлап турган



Керкашкама энтеңдеп жетип бардым. Атка шап ыргып минип, ээр кашка асылуу турнабайды алып, көздөрүмө туштап кармадым.

Тигине, кокту өрдөй жорткон карышкыр жапыз тоонун кырына чыгып, ошо кыр менен олжоң-олжоң жүгүрүп калды, Жолборс алдындагы эки итти куду кырга чыга берерде кууп жетти. Кырга чыгаары менен үч ит тең карышкырдын артынан атырылды. Жолборс бир кулач жандуу өрткө айланып, кырда көзгө илешпей жалбырт-жалбырт чимирилип, берки эки итти узатпай басып өттү. Ал бара-бара карышкырга жакындап, бир ит кыйла эле артта калып, экинчиси Жолборско куйрук улаш баратты. Аңгыча болбой карышкыр тоонун аркы бетине ооп, дароо көз учунан жылт тайды, артынан Жолборс менен ага куйрук улаш бараткан дөбөт да далдаага жашырынды. Карышкыр кууган үч ит караандатпай кетсе деле салпайып артта калган баягы топ ит кокту өрдөй чубалып баратты. Мергенчилер менен койчулар аттарын жан-алы калбай теминип, кардуу жол менен тоо таяна берди.

Мен катуулай бастырып, кырга чыга бергенде эле төмөн жактан иттердин арсылдап үргөнү, аттардын бышкырганы, кишилердин бак-бак эткени кулагыма шак урунду. Карай салсам, калың кар баскан наркы коктунун таманында бир топ атчан боз үйдүн ордундай жерди тегеректей үймөлөктөп туруптур. Арасында жөөлөрү да бар. Кишилерден четтерээк турган иттер чочулаган дооштору менен куру айбатка арс-арс үрүп атыптыр. «Эмне болуп кетти? Карышкыр кана? Жолборс кана? Куугандан жолу болду бекен? Же мертинип калдыбы?» Башымда ушундай ойлор чагылгандай жарк-журк этип, мен атымы теминдим. Керкашкам боордон жыландай сойлоп түзгө түшкөндө үч-төрт атчан мага карай чапты. Эң алдында жетип келгени: «Сүйүнчү, абаке, сүйүнчү, Жолборсуң ишке жарады!»

– деп кыйкырды. Менин жүрөгүм ойноктоп, көңүлүм чалкып кетти. Бирок анымы тышыман билдиргеним жок, текирең-таскак менен бараткан атымын башын да тартканым жок, тек карагүчкө тоңдоосун-жай үн чыгарып: «Болсун, баатыр, болсун!» – дедим да, чөнтөгүмөн кызыл он сомдукту сууруп бердим. «Акесин таанытыптыр! Кокосун жулуп алыптыр! Башын тим эле былчырата чайнаптыр! – деди энтиккен экинчи атчан көздөрүн чачыратып. Үчүнчү атчан, мени жандай лок-лок бастырып, салабаттуу сүйлөдү: «Оо, Жолборсуң чын эле жолборс экен! Мен өз көзүм менен көрүп калбадымбы: карышкырга тээтиги бетте жетип кармашты. Адегенде экөө алышкан иттерче тик тура калышып, кайра жыгылышты. Жолборс карышкырды ошондо кекиртектеп алды көрүнөт. Анан экөө бирибирин улам оодара серпип бири үстүнө чыкса, бири астында калып ылдый тоголонушту. Карышкырды тап жылдырбай баскан итиңе ыракмат, иттин сырттанын баккан сага ыракмат, сендей уулду тапкан ата-энеңе ыракмат!»

Көмүскө тапталып жүргөн сай күлүктөр жумурай журтка чоң жыйындардын дүңгүрөгөн ат чабышында таанылат. Кайбар иттердин даңазасы болсо кайберен ууда же карышкыр куугунда чыгат. Жолборстун кадырбаркын да ошо карышкыр куугун көкөлөтө көтөрүп жиберди. Ууга катышкан мергенчилер анын көк жалдыгын тамшана кеп кылып, сөөлөтүнө сук артып, ашкере маашыркланып калышты. Менин ичим жыйрылып, кызганычым козголо түштү.

Куу тулаңга койгон өрт дароо дүрт этип күйүп, бир заматта теребелге жайылып кетет эмеспи. Жолборстун кабары да мергенчилердин аркасы менен куу тулаң өрттөнгөндөй эле тез тарады. Чынга апыртма кошулуп, мактоого мактоо жалганып, кабылан иттин шоораты дубанга дүң түшүрдү. Далай киши аны көрсөк деп сыртынан самап, тим эле көрүп коймокко атайын алыстан арзып келгендер да болду. Ал эми ит кадырын жакшы билген уучулар, асыресе алардын аша чапкан кумарлуулары биздин кыштакка көп имерчиктей баштады. Көрсө, алардын итти сатып алсак деген ниети бар экен. Ошо ниеттери билинер замат Раис катуу ачууланып, келген мергенчини эле ашата сөгүп кубалап, Жолборстун жанына жакын жолотпой койду. Бирок жакшы ит дегенде жанын сатканга даяр немелер кагып-сөгүп кубалаганга болчу беле. Эми алар Раистикине барганга даабай, түн караңгыда жалгыз-жалгыздан уурданып келип, менин тынчымы кетире баштады. Иттин баасы заматта эскиче беш миңден он миңге чаап чыкты. Мергенчилер ортого түшүп бер деп айламы куруткканынан бир күнү Раистикине кирип бардым. Далдалчылык кылып келгеними угар замат Раис мага туктумалдан каптаган бороон-чапкындай эле бир тийди. Ачуусу аздыр-көптүр кайра жанганда гана жайыраак сүйлөдү: «Деги сен кыргыз баласынын ит сатканын кайдан көрдүң эле? Эмне, мени ит сатар деп элге-журтка шылдың кылгың барбы?» Раистикинен өлбөгөн төрт шыйрагымы сүйрөп араң чыктым да, мени далдалчы кылып жиберген Жаныбекти тилдеген бойдон айдап ийдим. Анан Жолборско кардал түшүп келген мергенди эле көз ачырбай шатырата сөгүп, аттан түшүрбөй артына кайыра бердим.

Жазга маал мергенчилердин жаңы жапырыгы башталды. Балакеттин баарын чыгарган баягы эле Жаныбек болду. Ит бакканга ышкылуу неме бир күнү эле меникине эки канчыгын ээрчитип кирип келди. «Жолборстон тукум алып калышым керек!» – деди бапырап. Көрсө, эргулуң Жолборсту сатып алгандан түңүлсө да, андай кайбар иттин ээси болгондон күдөр үзбөптүр. Ал сай жакта эки күн катары канчыктарын Жолборско жолуктуруп, дегеле чечекейи чеч болуп сүйүнүп кетти.

Жаныбек тааныш-билиштеринин баарына тапкан амалын мактанып айткан белем, көп өтпөй канчыгы барлары барын жетелеп, жоктору кайдан-жайдан канчык таап, айтор, ит ээрчиткен мергендер эле менин үйүмө келип түшүп жатты. Алар сай жакта канчыктарын Жолборс менен жолуктурушуп, ошенткенге үлгүрбөй калгандары меникине түнөп, эртеси канчыктарын сайга жетелеп барып жүрдү. Жолборстон тукум алып калсак дегенде баарынын көзү төрт. Анткен менен даңгыттын камын ойлогон эч кимиси жок. Жолборс беш-алты күндө эле шапайып арыктай түштү. Мергенчилердин бир сындырым нан таштабай Жолборсту күч-кубаттан тайдыра бергени ачуума аябай тийди. Он күнгө жетпей дөбөттүн сүлдөрү эле калды. Ыргалган бечарага боорум ачып, аксым мергенчилерге кыжырым кайнап, сайды жаңырта айкырык салдым; «Болду, жаш дөбөттү жарактан чыгарасыңар!» Бакырып-өкүрүп атып канчык ээрчиткендердин аягын араң тыйбадымбы.

Мен алдан тайган Жолборсту бапестеп багып, кайра күчүнө кирери менен кайберен ууга апарып кийик тиштетейин деп жүрсөм, Жоро-шайтан Жолборстун атагы таш жарганга өзүнчө эле күйгүлтүк тартып, көңүлүндө жаман ой багып жүрүптүр. Ит жаңы эле оңолуп келатканда бир кысталыш жумуш менен шаарлап кетсем, мен жокто Жоро-шайтан Жолборско өтө жаман бир кыянат жасаптыр.

Эх, ич күйдүлүк! Атам замандан бери адам баласынан өксүбөй, баскан жериңе кара майдай так калтырып, далай эле адам менен жан-жаныбарлардын шоруна чыйкан болуп чыктың го сен. Жоро-шайтан да сенин айлыңа байырлаган, ичине бүкүлү тaруу айланбаган, атүгүл бирөөнүн морунан коюу түтүн чыкканын көрө албаган бир неме эле бечара.

Жолборстун ыкыбалы көтөрүлгөнү Жоро-шайтандын жылдызы жерге түшүп, куйкасы курушуп, күйүтү күчөгөн. Бир чети ич күйдүлүгүнө чыдабай, бир чети Раис менен мага эрегишип, базардан бир капкара дөбөт сатып келген. Жаман оюнда ошонусун Жолборско тең келет, атургай ашып түшөт десе керек. Чынында анысы сырты гана бараандуу, заадисинде алабарман, аңгүдүк, коён жүрөк бир ит экен. Пейли-куюна караганда иттин жоро-шайтаны дегендей эле бар.

Жоро-шайтан менин жогумду билип кара даңгытын Жолборс менен талаштырыптыр. Жолборс ана-мына дегиче болбой тиги дөбөттүн башын жара чайнап, ызага өрттөнгөн Жоро-шайтан Жолборсту атчан кубалап, айып кылганын туйган Жолборс жонуна чуу чабылган камчыга чыдап кача бериптир. Камчы как төбөсүн какшатканда гана жаны ачышкан ит каяша кылам деп кайрыла берип, аттын омуроосун чапчый арылдаптыр, ошондо алаңдаган Жоро-шайтан итти камчы менен куду көз талаштыра чаап жибериптир. Эртеси сол көзүнүн камчы тийген чечекейи агып түшүп, Жолборс сокурайып калыптыр.

Жолборс сол көзүнүн сокурлугунан жабыркап, жалгыз көзү менен күн көрүп басып жүргөнгө анча көнө албай, түпөйүл тартып көңүлү ачылбай, бечара үч-төрт күн атканасында солуп жатты. Сол көзү туруп-туруп зырпылдап ооруган сайын Жоро-шайтан оюна кылт түшө берди, аны эстеген сайын жек көрүү сезими туйлап, байкоостон ыркырап ийип атты. Ошо жек көргөнү көкүрөгүндө көбүрүп-жабырып, шакардай кайнап, акыры кекеничттүү жаалга айланды. Ит жаткан жеринен атып туруп, кас душманынан өч алуу амалын издеп, локулдап ары-бери чуркады. Бир сапар Жоро-шайтанды атчанында кубалап, бир сапар жөөсүндө качырып, тек анын денесине тиш матыргандын гана оңтоюн келтире албады.

Жолборстон корккондунан Жоро-шайтан үйүнөн башбагып чыга албай, балдарынын күлтүгүнөн пайда-

ланып калды. Дагы ырысы бар экен, аңгыча болбой райондук «Жипсырыянын» баштыгы Бейшеке Ургазиев ополдомочтук кылып биздин айылга келди. Жоро-шайтан экөө бөтөлкөлөш дос экен, ал келери менен ошонун үйүнө түшүп, ошондо жатып жүрдү.

Бейшеке Ургазиев ополдомоч болуп келгенине эрдемсип, кыштак жеринде айтылуу айбат-сүрүн ар кандай түргө салып дөгүрсүдү. Жай сүйлөсө эле күп-күп сүйлөп, элеттин баёо кемпир-чалдарынын сесин алды. Коён жүрөк коркокторду тикирейе бир тиктеп эле бүжүрөтө берди. Ыңгайы келе калса эле доңуз айбатын салып бакырып, айылдын баатырсынган эргулдарын кынына кийирип жүрдү. Терс аяктанып тетири баскандардын акесин таанытып, эсин эки кылды. Ажаан иттерди алыстан эле бир карап токтотуп, токтогон жерине кыймылдатпай матап таштап, сүр-айбатынын күчүн бу жагынан да сынап көрдү.

Жоро-шайтан ошо сүрдүү досун эш байлап эшикэликке чыгып, аны менен көчөгө басып калбадыбы. Бир күнү эки дос жолдон беймарал өтүп бараткан экен, Жолборс алыстан эле аларга абалап жөнөдү. Чый-пыйы чыккан Жоро-шайтан досунун далдаасына жашынды; досу болсо адыраңдап келаткан итти токтотом деп көздөрүн тикчийтти; чүңүрөкөй көздөрүн чанагынан чыгарчудай чакчайтса да Жолборс токтогон жок; анын «токто!» деп айкырып бакырганын да тоотпой, Жолборс жанына жакындап калды; шаштысы качкан Бейшеке Ургазиев жамбашынан тапанчасын ала коюп атып ийди; ит чапчаң ойт берип, эми Бейшеке Ургазиевдин өзүнө тап берди. Карбаластан пайдаланып Жоро-шайтан досун таштай качты; жалгыз калган Бейшеке Ургазиев аяк-быягынан арылдап качырган иттен тапанчасын аткылап коргонду; жаалы чыккан ит тарс-тарс атылган октордон тайсалдаган жок, алдастап аткан октор итке тийбей, огу түгөнгөндө Бейшеке Ургазиев



Жолборсту тапанчасы менен бир уруп, өзү артына карабай арбаң-тарбаң качты. Жолборс артынан кууп, көп узатпай жетип, аны куду куйрук чөнден чала-чарпыт апчып бир айкыртып алды. Жолборс шымынын көчүк жагындагы айрыгын салпаңдатып качып бараткан Бейшеке Ургазиевди артынан кууган жок. Анын көздөгөнү бу киши эмес эле.

Жолборс кеч киргенде талаалап жүрүп, күүгүм талаш Жоро-шайтандыкына абайлап барды да, ажатканага жакын жерге жашырынып жатып алды. Дагы бирөөнү жаңылыш каап албайын деп ажатканага келгендердин жытын алыстан искеп, дегеле саксынып жатты. Эл жатарга чейин Жоро-шайтандын бала-бакырасы ажатканага тынбай каттады, Бейшеке Ургазиев да эки мертебе келип-кетти. Жолборс Жоро-шайтандын чыкканын күттү. Бирок Жоро-шайтан чыкпай, таң куланөөк салгыча акыйтты. Жолборс күтө-күтө зарыгып, зарыккандан уйкуга карамыгып карашалады. Уктап кетпейин деп бала чагынан жакшы учурларын көз алдына элестетип, ошону менен уйкудан алаксып жатып, таңга маал көзү илинип кеткенин өзү байкабай калды. Кыйлага тырп этпей уктап, анан бир чукуранып алып, түш көрө баштады.

Түшүндө алгач күзгү токойду аралап шимшилеп жүрдү, анан кайдан-жайдан Сарыбаш пайда болуп, жаш денеси аралай жүгүрүп кетти. Сарыбаштын чийдей ичке кара шыйрактары көзгө илешпей шибең-шибең алмашып, көк беделер артынан сербең-сербең серпилип, күчүк Жолборс өзү болсо шибеңдеген шыйрактардын артынан калбай баратты. Жаш беделер жан-жагынан чапкылап, шүүдүрүмүн өзүнө жаба төгүп, тула боюн жагымдуу ичиркентип турду. Ал аңгыча Сарыбаштын илмеңдеген шыйрактары да, сереңдеп серпилген жаш беделер да жоголуп, капыстан тапанча кармаган Жоро-шайтан чыга келди. Артынан аттын дүпө-дүп баскан күңүрт дүбүртү угулгансыды, бирок аттын өзү көрүн-

гөн жок. Жоро-шайтан гана тапанчасын мээлей басып келатты. Атынын күңүрт дүбүртү катуулап, өзүнүн басканы да кадыресе туюлуп, тапанчасынын оозу дегеле оңурайып коркунучтуу көрүндү. Жолборс ошо ок бүркүп ийчүдөй оңурайган ооздон заарканып жыйрылды да, ыркырай үн чыгарып ордунан козголду. Жоро-шайтан шарт каптал жагынан өтө качкансыды, уйкусоо арасында обдулуп турган Жолборс Жоро-шайтанга атып тийди. Курч тиштери менен куду бет ченден апчыганда Жоро-шайтан эмес, башка бирөөнүн бакырган үнү кулагына шак этти. Ошо замат Жолборс, көзү умачтай ачылып, артына жалт кулады; жерге төрт аяктай калып карай салса, каап алганы Айдараалыбырыкна экен. Жолборс түшүндө өзүнчө тапанча менен тап берген Жоро-шайтанга асылып, өңүндө таң атпай Бейшеке Ургазиевдин атын жетелеп келаткан Айдараалы-бырыкнаны каап алды. Дагы жаңылганын билгенде эле уятына чыдабай кыңшылап качып жөнөдү.

Кечинде Бейшеке Ургазиев мени келсин деп чакырткан экен, көп күттүрбөй жетип бардым. Калкоздун кантуруна кирсем, правлениянын мүчөлөрү түгөл жыйылып, баары тең сумсайышып маанайы пас отуруптур. Раистин башы салаңдап, кабак-кашы түнөрүп, көрүнүшү оор айып кылган кишиникиндей. Жалгыз гана Жоро-шайтандын өңүндө кудуңдап кубангандын жышааны бар. Айдараалы-бырыкна кире бериште дубалга жөлөнүп, башына мусапырчылык түшкөндөй шылкыйыңкы; оозун даки менен кабаттай оротуп таңдырган экен, үстүңкү эрди туштан жайыла берген кан дакини батташтырып катып калыптыр. Төр жакта турган Бейшеке Ургазиев терезени зор тулкусу менен далдаалай заңкайып, кара көк тартып кумсарып, түбүнөн кайнаган чүңүрөкөй көздөрүн тикирейтип, кабагынан алай-дүлөй кар жаадырып дегеле сүрдүү.



Бейшеке Ургазиев тикенектей көздөрү менен мени теше тиктеп, күрүлдөгөн доошу менен ар бир сөзүн мык кагып жаткандай чак-чак кадап, салмактуу да, айбаттуу да сүйлөдү: «Жолборсту! Баарыбыз! Бир добуштан! Өлүм! Жазасына! Өкүм! Кылдык! Сен өкүмдү! Ишке ашырасың!» Мен анын көзүнө тике карап туруп кесе айттым: «Атпайм!» Бейшеке Ургазиев далысын бир күйшөп алды да, каар чачыраткан тикенектей көздөрүн мага кадады. Ошо көз карашы мага тула боюму өтмө катар каарып өтүп: карыштыра чеңгээлдегендей эле таасир кылды. Бирок мен ага кадыресе туруштук бердим, жадагалса билинер-билинбес дирт этип да койгонум жок. Бир тиктеп тайсалдатам дегени оңунан чыкпай, ошого начайлик алдастай түшкөнсүдү. Ошентсе да куу неме сыр алдырган жок, кайра бар сүр-айбатын салып тиктеп, тим эле жутуп ийчүдөй жекире кадаланып, күркүрөп кекетти: «Эмнеге ата албайсың?!» Мен бу сапар да анын үрөй учуруп караганы менен күркүрөп кыйкырганын тоотконум жок. Тастайып тик караган бойдон жооп кайтардым: «Атканга колум барбайт». Өмүрүндө каяша айтмак түгүл, өзүнө тик карап сүйлөгөн кишини көрбөгөн Бейшеке Ургазиев менин кебелбей туруп сөз кайырганыма чыдай албады: одурайган өңү карарып, чүңүрөкөй көздөрү чакчайып, таноолору зоруккан аттыкындай дердектеп, туталанып кетти. Кыстаган жаалына алы жетпей, тула боюн калч-калч эттирип, оң колун кериле өйдө серпти да, бакырган бойдон үстөлдү бир урду: «Атасың, сыволуч!» Токмоктой муштуму тийгенде үстөлдүн жука тактай үстү карс сынды. Бөлмө дүңк жаңырып, терезе айнектери калдырт-калдырт этип, отургандар бужүрөй түштү. Жалгыз гана мен кебелгеним жок. Өкүмсүнгөн немедин ачууга алдырып тарс жарылганына, чабалдыгын билдирип үстөлдү сындыра муштаганына табам канып, мыскылдуу күлүмсүрөй какшык жылдырдым: «Македонский деле ачуу-

сунан үстөл сындырган эмес экен». Калчылдап турган Бейшеке Ургазиев ого бетер жиндей түшүп: «Малчайт, Македонский!» – деп айкырды. Айкырарын айкырып алып, алдынан бирөө өзөртө койгондой ык этти да, бир бүктөлүп бүрүшө түштү, көкүрөгүн апчый кармап, көчүгүн отургучка лак таштап, үстөлгө өбөктөй калды.

Башкаларга кошулуп мен да элейип коркуп турсам, Бейшеке Ургазиев бар кайратын жыйнап башын көтөрдү. Күч менен чалкалай берип, өчүңкү тарта түшкөн көздөрүн сүзүңкүрөп, каргылданган доошу менен акырын сурады: «Сен салдатсың ээ?» Кашкөйлөнүп каяша айтып эстен тандырганыма күнөкөрсүнүп турган элем, дегеле илбериңки баш ийкедим: «Ооба, ооба». «Эпирейтор белең?!» «Так ошондой». Эмнегедир кашкөйлүгүм жумшарып, салдаттык сезимим чымырап ойгоно баштады. «Өзүң билесиң, мен капитанмын, – деп Ургазиев жай айтты да, капыстан доошун бийиктетти. – Демек, сага буйрук бере аламбы?» Мен эмнегедир өзүмү аскердегидей сезе калып: «Так ошондой, жолдош капитан!» – дедим. Бейшеке Ургазиев жандана түшүп, ордунан обдулуп турду: «Эпирейтор Батырбеков! Ыстайт исмирно!» Мен эркимен тышкары какая түштүм. «Буйрук ушул, – деп күркүрөдү Ургазиев. – Эртең раистикине барасың да, Жолборсту атасың!»

Салдатчасынан кадыресе шайдооттоно түшкөн экемин, байкоостон: «Йес, жолдош капитан!» – деп чес берип ие жаздадым. Буйруктун Жолборсту ат деп берилгени гана мени кармап калды. Капитанга каяша кылганга да оозум барбай, ынак досуму аткандан да заарканып, кыйын абалга кабылдым. Какайып турганым жазылып, эмне дерими билбей шылкыйып, кежигеми кашыдым. Ал аңгыча аерде тургандар менин «куп» деп коюшуму өтүнүп жаалап кетишти. Баарынан да Раис аябай безеленип суранды, мага жалдырай карап, жалынып-жалбарып ийди. Раиске боорум ачый түштү.



Көпчүлүктүн көңүлүн да калтыргым келген жок. Менден аскерий наамы өйдө капитандын шагын да сындыргым келген жок. Кабыргамы кайыштыра кыңырылып туруп: «Болуптур, атса атайын», – деп күңк эттим.

Убаданы берерин берип алып, артынан бейпайга түштүм. Түнү бою уктай албай түйшөлүп чыктым. Эртең менен башым зыңгырап, маанайым пас ойгондум. Кыянаттуу ишке жөнөй турганымы эстеп, жүрөгүм зыркырады. «Барба! Атпа! Качып кет!» – деп көңүлүмөн бир үн шыбыштады. «Барышың керек! Салдат сөзүнөн айныбайт!» – деди дагы бир үн. Эки үндүн кайсынысын угарымы билбей башым катты. «Арак ичсең, бир айла табылар», – дей койду үчүнчү бир үн. Бир бөтөлкөнү бошотконумда баягы экинчи үн көңүлүмөн өкүмсүнүп шыбырады: «Сен салдатсың! Приказ алдыңбы, аткар!» Ушул үндүн буйругуна баш ийип, чала мас бойдон аттанып чыктым.

Арак курушкан жарпымы жазып ийген жок – башым кеңгиреп, көңүлүм түпөйүл. Мойнуман байлагандай эле араң бастырып барам. Күн да үтүрөйүп бүркөк. Жылчыксыз асмандан коргошундай оор булуттар салаңдайт. Үп басып, дымыган аба коргошундай салмактанып, ич бышырган кусалыкка, муңдуу тымтырстыкка чөгүп тургандай. Тээ токой жактан гана каргалардын «карк-карк» эткени үзүл-созул угулат.

Алдыман Раис оропара чыкты. Анын да мага окшоп жабашы шылкыйыңкы, ат бастырышы бошоң. Мага жакындай келгенде бирдеме айтайын деп атынын башын тартты. Бетиме тике карай албай көздөрүн ала качып, кайдыгер кобурап койду: «Төшкө байлатып койдум, атып бер». Мен тизгин тартып аялдаганым жок, ооз ачып бирдеме дегеним да жок – шылкыйган бойдон жанынан илкий бастырып өтө бердим. Ошондо Раис көшөкөрлөнгөндөй таттуу да, муңдуу да доошу менен артыман табыштады: «Ичип алыпсың, чатак сала көр-

бө. Кежирлик кылба, атып бер. Чоңдун каарына калбайлы бөөдө».

Мен жолдогу дүкөндөн дагы ичип, анан Раистин үйүнүн төшүнө чыгып бардым. Дөбөнүн этегинде Бейшеке Ургазиев менен Жоро-шайтан атчан туруптур, дөбөнүн кырындагы жалгыз өрүккө байланган Жолборс аларга жулунуп үрүп атыптыр. Мен окшошкон эки доско жаман көзүм менен акырая бир карап койдум, жанынан салам айтпай бастырып өтүп, атымын башын тарттым. Жолборс мени көрө коюп жулкунуп үргөнүн тыйды, кубанычтуу кыңшылап ийип, чочоюп отуруп калды. Ал апакай гүлдөрдүн туманына көмүлгөн өрүктүн түбүндө, айдагандай калың чыгып, баары текши гүл ачып, жалын чалгандай дөбө бетин кызарткан назик кызгалдактар арасында чочоюп отурду. Иттин карааны таштан чегилген сөлөкөт сыңары көрктүү да, сүрдүү да көрүндү! «Ушундай ажайып сулуулукка карай ок атамбы?!» – деген ой аң-сезимими өрттөп жиберди. Жолборстун адамдыкындай акылдуу көздөрүнө тик карай албай, атымын башын тескери бурдум.

Көздөрүм Бейшеке Ургазиевдин тикчийген көздөрүнө чагылыша түштү. Ошондо кечээ кечкурун тиги немени эстен тандырып алганым, Жолборсту атам деп көпчүлүккө убада бергеним, азыр эле жолдо жолугуп айткан Раистин аманаты эсиме кылт этти. Атымын тизгинин тартып, мылтыгымы жонуман алып, оозум ит жакка каратып далыма арта салдым. «Ушунча келген соң бир ок чыгарып коёюн – дедим оюмда. – Минтип аткан баары бир тийбейт, бирок тийсе-тийбесе да бир балээден кутулам го». Тескери карап туруп эле атмай болдум. Көзүмдү жума берип: «Ылайым тийбей кал!» – дедим да, мылтыктын машаасын басып калдым. Ок тарс дегенде эле Жолборс бир «каңк!» этип алды, октун жаңырыгы менен кошо Бейшеке Ургазиевдин жагымсыз каткырыгы жаңырды, асмандан тарс жарылып күн



күркүрөдү. «Азаматсың, башка аттың!» – деп Жорошайтан кутургандай кыйкырып ийди. Кара басып, Жолборсту атып алганым акыл-эсиме ийнедей сайылып, көздөрүм караңгылай түштү. Көзүмдү ача салып кылчайып карасам, өрүктүн апакай гүлдөрү да, өрттөй кызарган кызгалдактар да капкара көрүндү.

Сокур ок куду мээлеп туруп аткандай Жолборстун мээсине кадалды. Соо көзүнүн үстү «тыз» дегенде ит бир каңк этип, анан башы кеңгирей түшүп, кантип оңкосунан кеткенин өзү да билбей калды. Калың кызгалдакты жапырып жерге жыгылар замат анын караңгылаган кыялында эмнегедир качанкы бир элес жарк этип жанды: тээ алыста асман менен жер өбүшкөн жээк кызгылтым тартып мунарыктап, ошо мунарыкта кызыл көйнөкчөн балдар минген кырмызы аттар кылак-кылак зымырап баратты. Ал аңгыча зымыраган аттар жылас болуп, кызгылт мунарык арасынан кыпкызыл күн чеке-белин каканактатып күнкарама себетиндей калдайды. Дал ошол кирпик ирмемде жаны чыгып бараткан Жолборстун соо көзүнө кашы ылдый аккан кан жая берди, ошондо анын кыялындагы каканактап турган күндүн бетине да дароо кан жайыла түштү. Күн жара кескен дарбыз сыңары канжалап, чеке-белинен кызыл кочкул кан тамчыларын чачыдай самсаалатып турду. Анан кызарыңкы мунарык көөдөй карарып, канын самсаалаткан күн да кочкулданып күйүп, чоңойгондон чоңоюп, бир кур берилей калдайып жылып келип, кайра артына шуу чегинди да, ошо карайып күйгөн бойдон кичирейип-кичирейип барып, караңгылыкка батып кетти...

Мен мөндүр аралаш нөшөрдө үйүмө чаап келип, кайра аракка кирдим. Деги эчтеме ойлонгум келген жок. Тышта болсо өткүн өтүп, жерге жөө туман калың түшүп, жүдөтмө майда жамгыр шыбыргактап жаап турду. Мен үстөккө-босток стакан бошотуп, бар күчүмү

аракка чыгардым. Өзүмү өзүм унутайын дедим, эс-учун жоготкон абалга батып кетейин дедим. Ичкен сайын башым тумандай берди. Соңку стаканды жутуп ийип, чалкалап жаттым. Айланам акырын көчө баштады. Эс-мас абалым менен «айлан көчөк» чимирилген бөлмөдө жатып, акыры – качан экенин билбейм – уйкуга чөгүп кетипмин.

Түн бир убакта эмнегедир чочуп ойгондум. Башым зыңылдап ооруп, ичим өрттөнгөндөй күйүп атыптыр. Тамагым какшып, аябай чаңкап да калыпмын. Чоюндай салмактанган башымы араң көтөрүп, коргошундай оор денеми очорулуп жатып өйдө кылып, ашкана үйгө темселеп жеттим. Карайлап жүрүп сууну таап, чакага ат сыңары эле башымы салып, муздак суудан көпкө чейин шимирип ичтим да, кайра келип төшөгүмө күп этип барып кuладым.

Тышта болсо капкара түн, бир калыпта уңулдаган карандай шамал, шатырап жаап аткан кара жамгыр, дүмөктүү күңгүрөнүп күү чыгарган дарактар... Менин эсиме эмнегедир Жолборс кылт этти. А шордуу азыр баягы атылган жеринде эле тырайып жаткандыр. Астында муздак жер, үстүндө капкараңгы түн, тула боюн сабалаган кара жамгыр...

Капыстан чагылган жарк этип, көз ирмемге караңгыны жалт качырып, кайра жылас болду. Караңгылык дүйнөнү кайра лап басып калды. Аттиң ай, Жолборстун кыска өмүрү да бу дүйнөдөн чагылгандай бир жарк этип кайра өчтү го. Ал кечээ эле мантаңдаган күчүк эмес беле. Анан килеңдеп чоңойбодубу, иттин көк жалы чыкпадыбы, атак-даңкка бөлөнбөдүбү. Анан... мен колдуу болуп бейажал өлбөдүбү... Эх, эсил кайран Жолборс!..

Жолборстун өмүрү эсиме түшүп, туулгандан акыркы саатына чейинки жандуу элестери көз алдыман тизилип өтүп жатты. Өлүп бараткандагы элеси тартыла калганда, каңырыгым түтөп, бүткөн боюм калтырап кетти... Анан Жолборстун өлүмүнөн улам өз өмүрүмү ойлой баштадым. Балалык күндөрүмү, өспүрүм кезими, жигит курагымы, кан майданда кечирген жылдарымы бетим чымырабай эле жай гана эскерип өттүм. Ал эми согуштан соңку өмүрүмү ийне-жибине чейин тескеп-териштирип, карандай акылымы ырайымсыз сотуна салдым. Акыл-эсимин соту өзүнүн чакчайган илепсиз шооласы менен бүт өмүрүмүн кыйырын жарык кылды. Ошондо өткөн өмүрүмүн берки жарымы мага өрттөлгөн аңыздан бешбетер карарып көрүндү.

Өрт чалган кайран өмүрүм! Сени өз колум менен жасаган кыянат иштеримин кызыл жалыны каптап, карартып өрттөп салыптыр. Анан калса мен жаратылышка кастарымы тигип, кылгылыкты ченебей эле кылыпмын го! Жандуунун баарын ылгабай кыра берипмин, жан-жаныбарлардын убалына дегеле карап койбопмун. А алар бу жарык дүйнөгө менин огуман ажал тапканы келген эместир. Арийне, алар эне-жерди көп сырдуу, көп түстүү, көп үндүү кылып көркkө бөлөгөнү келгендир; өз жайына койсо тукумдап көбөйгөнү, бирок ашып-ташып же бөксөрүп кетпей, бирин-бири өлчөмү менен жеп, бири-бирине ыктап, биринин эсебинен экинчиси күн көрүп, айтор, сан-сапатын өз ара жөнгө салып, табият таразасын бир жагына оодурбай, тең салмакта мелт-калт кармап турганы жаралгандыр. Анан мен бирди-жарым артыкбашы да, кызылдай эле зыянкечи да, кылчалык жазыгы да жок жаныбарларды шорлотуп ата берипмин. Жадагалса жаратылыштын жакшы бир перзенти бөрүгө да ырайым кылбапмын. Көрсө, карышкырың түшкүр кайберендин катаал мүнөз тарбиячысы, тоо-токойдун табылбас санитары тура. Кашабаң айбандардын дени-карды соолорун кубалап жүрүп чыйрак кылып, тек жармач тукум калтырчу араңжандары менен оору жуктурчу кеселмандарын

гана жеп, табият тазалыгын коргойт экен, атүгүл койдун да жалаң илдеттүүлөрүн тандап жеп, адам баласына дагы кадыресе шарапатын тийгизет экен.

Кыялымда согуштан соңку өмүрүмүн өрттөлгөн аңызы кайрадан карайып көрүндү. Арасында көк майсалуу токумдай аралчасы да, кур дегенде жадырап гүлдөп турган алакандай жери да жок – бүтүндөй капкара. А мен деле өмүрүмүн жарык таңында айыпсыз, ашкан кыялкеч бала эмес белем? Көңүл аптыктырган кооз элестерге, бийик максаттарга, жаркын тилектерге азгырылып, алардын баарына эртерээк жетсем деп дегдечү элем. Бу дүйнөдөн аруу жашап, сулуу өмүр сүрүп, адамдык парзымы ойдогудай өтөп өтсөм деп самачу элем. Ошонума караганда мен деле жарыкчылыкка тегин келбесем керек, татынакай иштер жасаганы, жаркын үмүттөрдү чынга чыгарганы, эне-жердин көркүнө供 аздыр-көптүр көрк кошкону жаралсам керек...

Бирок мен өз убагында, баягы кан майдандан жаңыдан келген чагымда, айкын багытыман айнып, теңирден тескери жолго түшүп кетипмин; кур бекер ак көңүлдүк кылып, макулуктардын шоруна чыйкандай чыккан мергенчиликке көп кыйыктанбай макул болупмун. Айткан убаданын аягына чыкканга, кандай иш болсо да дайыма так бүтүргөнгө бала чагыман жедеп көнүп алган экенмин, зордук менен мойнума илинген мергенчилик кесибиме да салдатчасынан адал кызмат кылыпмын, айлык-жылдык тапшырмамы эки-үч эселеп толтурам деп, кайберен аңдын шорун катырыпмын. Шакардай кайнаган күч-кубатымы, жанымын жалбырттаган жалынын, ай чарпыган эрк-шыгымы түпкүлүгүндө каргышы тийчү кыянаттуу иштерге жумшапмын.

Ырас, жан бүткөндүн жазыксыздарын атып жакшы кылбай жүргөнүмү сокур сезимим менен боолголоп билчү элем, кээде өз кылганыман өзүм жипкирип да койчу элем, атүгүл айбандардын көбүн атып жатканда



жүрөгүм зыркырап, аткандан кийин кабыргам катуу кайышып да калчу эле. Балким, ошол көңүл толгоолор билинбей жүрүп көмүрдөй кара чачымы кыроого бастыргандыр? Эгер андай болсо, менин аппак чачтарым – күнөөсүз жаныбарларды кантип кырганымын тилсиз күбөлөрү. Эгер тил бүтүп калса, ким билет, ак чачтарымын ар бир талы өзүм кырган макулуктардын убалын кыйкырып жар салат беле?!

Санаксыз жан-жаныбардын убалына калганым күйүтүмүн бир чекеси эле го. Баарынан да өз колум менен Жолборсту атып алганымчы! Кыянаттуу кызматымын кылда чокусу ушу болбодубу. Мен тек көп иттин бирин атканым жок, ит аттуунун кайталанбас сыртаньн аттым, табияттын чанда бир жаралып калчу керемет туундусун аттым, өзүмүн айныбас ынак досуму аттым.

Кайгылуу көңүлүм өрттөлгөн аңыздай карарып көрүнгөн өмүрүмөн жийиркене түштү. Мүдөө-максаттарымын жылдыздуу асманын кара булут каптап бараткансыды. Зыңгыраган оор күйүт үстүмөн ныгыра басып, карарган куса-чер ичимен туталантып, жанымы жаман кашайтып жиберди. Тирүүлүктөн кечип кеткенге кайыл болуп, өлгөндүн амалын издеп кайсаладым. Бир туруп түгөйүнөн айрылган аккуу сыңары көккө атып чыгып, кайра өз боюму жерге карай ургум келди. Бир туруп кайтып бараткан келгин куштарча кайдадыр бир белгисиз жакка сызып, дайнымы таптырбай кетким келди. Бир туруп жакшы итчесинен көз көрбөс жерге барып, көмкөрөмөн сулап жатып, тарткан азабымы сыртыма чыгарбай жатып жан бергим келди.

Бир маалда шамал албууттанып, күн катуу күркүрөдү. Асман чарт-чарт быркыранып, калдайган сыныктары жерге кулап түшкөнсүдү. Күн күркүрөгүнөн демшык алгандай жамгыр да шатыратып куюп кирди... Анан таң аткыча шамал чапкындап, күн кайра-кайра

күркүрөп, жамгыр көнөктөп төгүп, кокту-колоттордон кыян жүрдү. Күкүктөгөн дайра күркүрөп-шаркырап, түбүнөн таштар күлдүрт-күлдүрт тоголонуп, кашаттар сууга күп-күп кулап жатты.

Таң аткыча менин кыялымда да кыян жүрүп, ой-санааларым кара кочкул сел болуп акты, көз алдымдагы өрттөлгөн аңыздай өмүрүм баягыдан бешбетер карарып көрүндү. Мүдөө-максаттарымын асманын калдайган кара булут туташ каптап, үмүтүмүн жылт-жылт жанган жылдыздары бүт бойдон өчүп калды. Жаным кашайып, туюк караңгыга келип такалдым. Чын эле өлгүм келди, атылып өлгүм келди. «Кыянатчылыкка белчемен батып жүргөнчө, ынак досуман айрылып күн көргөнчө, азыр эле атылып алганым оң, – деп бел байладым да, кайра башка ойго азгырылдым. – Жок, жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт эмеспи, мен, эмне, ошо жакшы итче жок белем. Кой, тоо башына барып өлөйүн». Дубалда илинүү турган октолуу мылтыгымы алып, дамбал-көйнөкчөн, жылаңбаш, жыңайлак бойдон сыртка чыктым.

Жамгыр басылып, көктө киргилт булуттар даакыланып, үтүрөйгөн бүркөк таң атып келаткан экен. Мен айдоонун баткак топурагын жыңайлак кечип, биздин туштагы көпүрөгө карай далбаңдап жүгүрдүм. Энтелеп жетип барсам, көпүрөнү суу алып кетиптир. Кашатта аңкайып туруп калдым да, күкүктөп агып жаткан сууга карадым. Өркөч-өркөч шарларын ала салдырып, түбүнөн күлдүрт-күлдүрт таш агызып, күр-шар этип алдас урган дайранын ылайланган суусу каракочкул. Айбаттуу күркүрөшү «ажал! ажал!» деп балдырап жаткандай. Же өлүм самаган көңүлүм «ажал! ажал!» деп мени шаштырып атабы?

Бир багытка бет алып дүүлүккөн кыялыма дагы бир ой келди: «Тоодо ит-кушка жем болгуча ушу дайрага эле агып өлбөйүмбү!» Сууга артымы салып кашаттын кырына кыйгачыраак турдум да, мылтыгымын кундагын жерге такап, оозун куду чекеме караттым,



Жыңайлак бутумун бармагы менен маашаасын басып алсам эле ок чекеме кадалып, чалкаман кетем. Ошо менен сууга чалп этип күм-жам болом. Артымда дайра «ажал! ажал!» деп күркүрөп чамынат. Маңдайымда мылтыгымын оозу үрөй учуруп оңураят.

Мен көзүмү жуумп, оң бутуму өйдө көтөрө берсем, капылестен эсиме Жолборс кылт этти. Ал азыр шүүдүрүмдүү кызгалдактар арасында чалкасынан сулк жаткандыр. Бооруна апакай өрүк гүлдөрү төшөлүп, капталына үлпүлдөгөн кызгалдак гүлдөрү чачылып, өзү да кызыл жаян канга боёнуп алгандыр. Ак гүлдөр тумануна көмүлгөн өрүк иттин үстүнө кайгылуу үңүлүп, бооруна көз жашындай тунук шүүдүрүмүн тамчылатып, кан жайган соо көзүнө аппак сүрөтүн кыпкызыл кылып күңүрт түшүрүп тургандыр...

Мен Жолборс менен соңку ирет бир коштошуп алмак болдум да, акырын: «Кош, Жолборс!» – деп айтканы келатып, капыстан тамагыма такала түшкөн ыйдан чакадым. Коштошчу сөзүмү кайра да жарыя айтканга камынып «ко..» дегенде эле муунум бошоп, жумулуу көздөрүмөн жаш мөлт-мөлт агып кетти. Күйүттөн, арактан, уйку көрбөгөндөн алсыраган жаным суу тийген ылайдай эзилип, жадагалса ошо эки сөздүн «кош» дегенин да айта албай, ыйга муунуп турдум. Тула боюм шалдырап, аккан жаштар бетим ылдый сарыгып, элжиреген көкүрөгүмөн ысык ый тамагыма улам тебилип чыга берди. Көп өтпөй калтырап турган алсыз тизелерим өзүнөн өзү бүгүлө түштү да, мен көмкөрөмөн келип жерге суладым.

Шүүдүрүмдүү көк майсага бетим тийип-тийбей эле мен буркурап ыйлап жибердим. Көзүмдөн аккан жаш көк чөпкө тамчылап, шүүдүрүмгө аралаш ным жерге кулап жатты. Буулугуп-буулугуп, өксөп-өксөп ыйлап, жаш баладан бетер өпкө кагып солуктадым. Көйнөк-

дамбалым шүүдүрүмгө чыланып, асты жагыман сыз өтүп атканы да капарыма келген жок, токтоно албай ыйлай бердим, ыйлай бердим.

Өксөп ыйлаган бойдон жатып, кыйладан кийин гана араң соолуктум. Башымы өйдө кылып, көздөрүмдү ачтым. Жерге кадыресе жарык түшүп, чыгышта асмандын ачык тилкеси кызарыңкы тартып тамылжып туруптур. Жердин нымы, чөптүн шүүдүрүмү, көйнөк-дамбалымын суусу оттой ысык денеми муздатып, жалындап күйгөн башымы сергиткенсип коюптур. Анын үстүнө ыйлай берип бугум чыгып, көксөөм сууп, жеңилдегенсип да калыпмын.

Аңгыча болбой бир күчүктүн безеленип үргөнү кулагыма чалынды. Бул добуш мага дегеле тааныш өңдөнүп угулду. Мен акмалап карап, тиги өйүздөгү арыктын кыры менен чуркап бараткан куу күчүктү көрдүм. Ал дегеле жан-алы калбай үргөн бойдон кара коделекти кубалап алыптыр. Тышкы көрүнүшү да, өңү-түсү да, үргөнү да куду Жолборстукундай. Кандайдыр бир сыйкыр менен Жолборсту кичирейтип, кайрадан күчүк кылып койгондой. Мен таңыркана карап турдум да: «О чиркин, эсил кайрандын тукуму турбайбы!» – дедим оюмда.

Дале түнөрүп турган көңүлүмө жарыктын шооласы чарпылып тийгенсиди. Максат-мүдөөлөрүмүн асманынан булут сүрүлүп, үмүтүмүн жылдыздары жылт-жылт жадырай түшкөнсүдү. Наристе майса, ным топурак, мөлтүр шүүдүрүм кумарлуу жыттарын бир башкача аңкытып жибергенсиди. Жер шарынын өз огунда оор тегирмен таштай кыйч-кыйч этип айланып атканы капталыма сезилгенсип, кулагыма угулгансып кетти. «Жер тегеренип атыптыр, турмуш уланып атыптыр», – дедим көңүлүм жайланып.

Капыстан көкүрөгүмдө жашоо кумары тыбырап ойгонуп, дүйнө көзүмө татынакай көрүнө түштү. Азыр эле жан кыйганга аз-аз калганымды эстеп алып, бетим



чымырады. Ошондой теңирден тетири ойго азгырылып кеткениме аябай уялдым. «Жок, өлүм мени күтө турсун! – дедим ордуман туруп баратып. – Эми мен аруу жашап, адал мээнет кылып, ошону менен табиятка жасаган айып-күнөөмү жууйм. Калган өмүрүм жалаң жакшылыкка арналат. Жолборстун арбагын сыйлаганым ошо болсун!»

Ордуман турарым менен жерден мылтыгымы көтөрдүм да: «Кош, куралым!» – деп сууга ыргыттым, «Кош, кыянаттуу кесибим!» – деп артынан кошумчалап койдум. «Кош, атың өчкүр арак!» – деп жерге жийиркеничтүү түкүрдүм. Анан кыйгачынан карай бердим да, бир терең улутунуп алып, – үшкүрүк аралаш күйүттүү үн чыгардым: «Кош, Жолборс!.».

Ал аңгыча баягы күчүктүн безеленип үргөнү дагы да кулагыма чалынды. Карасам, эми ал артына кайтып баратыптыр. Үч-төрт бала андан калп эле качып, күчүк аларды үргөн бойдон кубалап алыптыр. Мен балдар менен күчүктү далдаага киргенче элжирей карап турдум да, маңдайымдагы тоо этегине карадым.

Алыс-түзгө калың чыккан көпкөк жаш ыраң берекелүү шүүдүрүмгө көмүлүп, жамгыр шарапатынан ого бетер жашара түшкөнсүп, ар кайсы жеринен кызыл гүлдөрүн кылайтып, деги бир татынакай жарашык алыптыр. Арык боюндагы мажүрүм талдар чуудаланган сулуу шактарын муңайым самсаалатып, топ-топ өскөн өрүктөр апакай гүлдөрдүн аруу туманына көмүлүп, барпагай алмалар жайнаган агыш-мала чечектердин санжыргасында сөөлөттөнүп туруптур. Алча-гиластардын бутактарына батпай ак көбүктөнгөн гүлдөрүн гана шамал үйлөп, жамгыр жууп кетиптир...

Шамдай тирешкен мырза теректерде чымчыктар ызы-чуу түшүп жашыл жалбырактар арасында булбулдар жан-алына карабай мукам-мукам безеленип, тээ бийикте жандуу чекит сыңары тырпыраган карача торгой күмүштөй шыңгыр ыргактарын жылаажындуу

алкымынан от учкундарындай себелеп, айтор, баары агарып аткан таңдын, жадыраган жаз маалынын, түбөлүгү түз тирүүлүктүн урматына кереметтүү күүлөр чалып атыптыр.

Мен башымы өйдө кылып, тоо башына көз чаптырдым. Туу чокунун үстүндө кере кулач чалгындуу канаттарын салмак менен токтомдуу сермеп, анда-санда «клак-клак!» шаңшып, бийикте сайран куруп айланган бүркүттөрдү көрдүм. Аңгыча болбой берeги кырдан апакай булуттардын үзүмүндөй ак куулардын үйүрү чыга келди. Наристе баланын кыялынан жаралгандай керемет куштар сурнай моюндарын шаанилүү созуп, сурнайдыкындай заңк-заңк дабыш салып, сөөлөттүү чабыт менен кылактап баратты. Алардын артынан эле шынаа мисал желе тарткан каркыралар көрүнө калды. Койкойгон узун моюндарын алдыга жебедей түптүз созуп, соройгон узун аяктарын да ошо моюндары барабар артына таптак көтөрүп, чалгындуу кооз канаттарын жайма-жай сермеп, өзгөчө бир жарашык менен кылактаган каркыралар!..

Алоолонуп кызарган күн кырандан кылайып чыгып жылтылдаган илептүү кирпиктерин асман-жердин кыйырына чачыратты. Күн шооласына бүркүттөрдүн канаттары күңүрт чагылышып, ак-куулардын аруу чалгындары жарк-жарк этип, шүүдүрүмгө чайкалып калган көк чөп дүйүм гүл, бак-дарак балкый түштү да, миң-сандаган мапмайда электир шам жапырт жагылгансып жаркырады. Мына, бу дүйнөгө жаңы күн тууду. Анан ошо жаңы тууган күн асманда бүркүт болуп айланып, аккуу-каркыра болуп кылактап, торгой болуп тырпырап, жерде түмөн-түмөн шүүдүрүм болуп жаркырап, алча-өрүк болуп апакай гүлгө чөгүп, кучүк болуп серeңдеп жүгүрүп, эч качан бүтпөгөн автопортреттерин тарта баштады.



# ШАРШЕНДИН АҢГЕМЕЛЕРИНЕН

## Кайнатамын кызы, көк музоо жана мен

Эр жеткен соң көпкө чейин колондоп бойдок жүрдүм. Себеби жетим элем, кедей элем. Калыңга бергидей адалдан түгүм жок. Өзүмдөй кедей кыздар деле кашайып мага тийбейт. Аңгыча болбой ананайын Совет өкмөтү чыга калбадыбы. Кедейлерди жөлөп-таяп, байларга басым-кысым жасап кирди. «Катындарга уруят!» деп жар салды, бай чалдардын жаш токолдорун азат кыла баштады. Ошондо мен өкмөттүн саясатын колдоп мындай ыр чыгардым:

Уруяттын закүнүн
Билген катын жашасын,
Байдан чыгып, кедейге
Тийген катын жашасын!

Көрүнгөн жерде ушинтип ырдап жүрсөм, кудайга үнүм жетти бейм, садагасы кетейин Совет өкмөтү кошуна айылдагы 80 жаштагы байдын 25 жаштагы токолун чалынан ажыратып, башы бош кылып коюптур. Кедейдин кызы экен, мага жан деп тийип алды.

Күзгө маал кембагал кайнатам кызын төркүлөтүп, экөөбүзгө ара туулган үч айлык ургаачы музоосун энчилетип берди. «Өлтүрбөй баксаңар, үч-төрт жылда балканактай уй болот», – деди кайнатам мага музоосун көтөртүп жатып.

«Өмүрүңө береке берсин!» – деп сөз кыстарды кайненем. «Маңдайыңарга бүткөн жалгыз малыңар ушул,

ит-кушка жедирбей, бөөдө мертинтпей, жакшы баккыла», – деди катынымын атасы. Төркүнү дегеле төө энчилеп аткансып кайнатамын кызы барбая-дардая түштү. «Өлтүрбөй калалы, жедирбей калалы, адалдан тапкан малыңыздын тукумун өлтүргөнчө өзүбүз өлгөнүбүз жакшы эмеспи», – деди кызы эбиреп-жебиреп. Ошону менен жөн калбай: «Ырас айтамбы ыя, үйдүн эркеги», – деп мага көз кысып койду. «Ооба, музоо өлгөнчө, сенин өлгөнүң жакшы», – дедим мен карагүчкө бапырандап.

Музоону кош колдоп көтөргөн боюнча жолго түштүм. Кыжырым келгенден чоң-чоң адымдап барам, кайнатамын кызы мага катарлаш басам дейт, бирок тең жүрө албайт, салпайып калып да калбай, аркамдан желип-жортуп келет. Ара туулган араңжан музоо энчилетип алганына эдиреңдеп сүйүнүп, музоого жалынып-жалбарып да коёт улам-улам.

Колдорум талыганда музоону жерге түшүрдүм. Бастырайын десем, баса турган түрү жок. Аргам түгөнүп араңжан немени мойнума арта салып жөнөдүм. Кайнатамын кызы: «Мужоо, мужоо, мужоокем ушундай, кожоюнунун мойнуна минип эркелейт ий-ий, музоо, музоокем ий!» – деп жетине албай эбиреп-жебиреп менин кыжырыма тиет. Бир маалда желкемдеги музоо куйругун бултактатып койду белем, кайнатамын кызы: «Ий-ий, сербең эткен куйругунан ий!» – деп куйругунан тартып жибергенде, музоо капысынан табарсыгын бошотуп ийди, жылуу суу мойнуман өңүрүм ылдый шорголоду. «Сийип ийди!» – дедим токтой калып. Анда кайнатамын кызы: «Ий, чиш кылганынан ий, чиш кылганынан ий!» – деп маашыркарып турбаспы. Ачуум келгенден: «Ме, чиш сага!» – деп, музоону сийдигин шорголоткон бойдон мойнуна арта салдым.

Үйгө алып келген соң, бапестеп баксак деле кирбийген араңжан музоо оңоло албай койду. Бирок кайнатамын кызына ырас эрмек табылды. Атасынын өлөсө энчисин дегеле үстүнө үйрүлүп түшүп, дегеле



мээримин аянбай төгүп жан-алы калбай эркелетет. «Ий музооке, жакында кунажын болот, анан уй болот, жылына бирден тууйт», – деп жебирей берет эртеликеч. Ошону менен токтолбой: «Ээ, үйдүн эркеги, буюрса жети-сегиз жылда төрт-беш тубар уйлуу болобуз, алды-артыбызды мал басат», – деп менин тырышпаган жерими тырыштырат.

Кыш ортосунда музоо чөп-чардан өксүп, өпкөсүнөн да кагынып, бир күнү тырайып өлүп калды. Кайнатамын кызы ата-энесинен айрылгандан бешбетер боздоп ыйлап, менин да муунуму бошотуп ийди. Дал ошол ченде балпайып үйүбүзгө таенем кирип келсе болобу! Кайнатамын кызы эреркеп-экиленип бакырып ыйлаган бойдон: «Кагылайын таене!», – деп мойнуна асылды. «Шорубуз катпадыбы, таене, кешигибиз кесилбедиби, таене, түндүгүбүз түшпөдүбү, таене!» – деп эчкире берди обу жок катын. Таенем жээн келининин атасы же энеси өлгөн экен деп болжоду белем, а да түтө албай ыйлап жиберди. Экөөнүн өксүп жаш төккөнүн көрүп мен да, жашык жаным, өңгүрөп коё бердим. «Деги эмне болду, ырысы жоктор? – деп бакырды таенем ый аралаш. «Мунун атасы энчилеп берген музоо өлүп калды», – деп балдырадым мен өпкө кагып. «Оо, жоругуңар жолдо калсын, арам какмарлар!» – деди таенем дароо өзүнө келе калып.

Таенем – ченде жок боорукер киши. «Жалгыз кызыман калган жаман мурас» деп мага бөтөнчө кайрымдуу. Ал музообуздун өлгөнүнө да кейиди, биздин көңүлүбүздү да жубатты, атүгүл ажатыбызды да ачып бермей болду. «Эки таекеңерди жалгыз жээн келиниңер бар, откө киргизгиле деп көндүрдүм», – деди таенем. – Экөөнүн тоогу эки миңдей болуп калды. Ар биринен жер сабап көгөрүп атып он-он бештен тоок энчилетип берем».

Таенемдин бул айтканына кайнатамын кызы экөөбүз куду өлгөн музообуз кайра тирилгендей жетине албай сүйүндүк!

## Тоок багып байыганда

Эки таекем тең бардар кишилер эле. Түлкүдөй куу да болчу экөө бирдей. Жакында колхоз деген балакет чыгат, тооктон башка менчик мал ортого алынат деген имиш-имиш угулар замат ал экөө төрт түлүгүн сатып түгөтүптүр, мал ордуна жүз элүүдөн тоок сатып алышыптыр. Эл колхоздошкондо ал экөөнүн тоогу миңден алда канча ашкан экен.

Мен кайнатамын кызын отко киргизмей шылтоосу менен таенемдикине ээрчитип бардым. Эки таекем тең барабар сараң эле, бизди бир тооктон союп коноктоду. Экиден союшса тоокторун түгөтүп алчудай тимеле. Энчи бергенге келгенде, кессе кан чыкпаган немелер кабырга кайыштырып атып үчтөн тоок ыроолоомой болду. Ошондо мага кайрымдуу таенем бурк этип жарылды, энелик өкүмдүгүнө салып атып ар биринен он бештен мекиян, экиден короз бердирди.

Жөнбилги таенем эки күн өткөн соң, тоокко жем кылсын деп бир араба чар, жазында үрөн кылсын деп эки кап буудай, эки кап жүгөрү жөнөтүп ийиптир.

Ошондон мага оомат келип, ташым өйдөгө тоголонбодубу. Жазында эккен эгинибиз дегеле коолапчайлап өсүп, күзүндө аштык менен жемге кенелдик. Кайнатамын кызы күрп болгон тооктой күйкөлөктөп жамырап жайнаган жөжөлөр менен алек. Мен болсом керээли-кечке тоок багып, жумуртка жыйнап суй жыгылам. Айтор, тырмышып атып эки жылда тоогубузду үч жүздөн ашырдык. Андан кийин канча мекиян, канча короз, канча жөжөбүз барын эсептей албай калдык.

Тооктор курттай жамырап көбөйдү. Эми аларды багуу, бастыруу, жөжөлөрүн бапестеп асыроо кызылдай мээнетке айланды. Экөөбүздүн чамабыз жадагалса жумуртка жыйнаганга жетпей калды. Малай жалдоого туура келди. Кудай жалгап, малай да оңой табылды. Отуздан ашкан Бактыяр деген бир жетим бар эле айыл-



да. Ар кимдин үйүндө түрткүнчүк болуп жүрчү. Бирок курсагын тойгузуп, мактап сүйүндүрүп, бир ишке салып койсоң, ноюбай мыдырап бүтүрө берчү. Ошо Бактыярды үйгө алып алдык. Ал бизди оңдуруп койду.

Айылдаштарым мага: «Оо, бай!» – деп салам айтат. Өзүм деле өзүмдү кадыресе бай туюнам. Муштумдай мурдум тимеле жембаштыктай барбаят. Менден да кайнатамын кызынын көпкөнүн айтпагыла. Апта сайын Бактыярды ээрчитип базарга төрт чака жумуртка сатып келет. Акчасы көп. Кийингени атилес-шайы. Көңүлү куунак. Колу-коңшуларга «байкуштар» деп сынтагат, кээде кырданып дегеле текебер сүйлөйт. Анткен менен мага аябай күйүмдүү.

Кайнатамын кызы бир күнү мага: «Я, үйдүн эркеги, таенебизди теңир жалгасын ылайым, шарапаты менен, мынакей, байып алдык», – деди. «Эскиден калган ырым бар, байып алган үйдүн эркеги колу-бетин жууса, ырысы кошо жуулуп кетет экен, байлыгы колдон качат экен», – деди. «Сен дагы, кудая шүгүр, байып атасың, көптөн көп суранам, асти, жууна көрбө, дене-боюңа суу тийгизе көрбө», – деди.

Чын эле биздин айылда Кудаян деген эки миң койлуу бай бар эле. Эки катындуу болчу. Майланышкан жалгыз кийим-кечегин жайын-кышын чеччү эмес. Кебетеси үтүрөйүп серт эле. Дайыма кашынып жүрчү. Дене-боюнан борсуган жыт чыгып турчу. «Такыр жуунбайт, байыгандан бери денесине ныпым суу тие элек», – дешчү көргөн-билгендер. Байбиче-токолу кер-мур айтыша баштаса эле Кудаян бай: «Колуму жууп ием, колуму жууп ием», – деп дайрага карай жөнөчү. Ошол замат катындары жаагын жап басар эле.

Мен кайнатамын кызынын айтканына көндүм. Кудаян байдай такыр эле жуунбай койдум. Кол чайкаганды да тап катары жоюп салдым.

Анткен менен жумурткадан кайнаттырып, чокко бышыртып, казанга куууртуп жей берип, тоок этине тоё

берип, тоок сорпосун сого берип, күч-кубатым ашып-ташып кетти. Эми мага бир катын аздык кылып калды. «Кыргыз байыса катын алат» – деген макал эсиме кылт этти. Анан да дердейип көөп алган кайнатамын кызын «байбиче» деп атантып, ого бетер дердейтип коёюн деген ойго азгырылдым. Баса, тоок тиричилигин байкап баксам, бир эле короз 20-30 мекиянды тейлейт экен. «Мен ушу тырбайган корозчо боло албаймынбы?» – деп арыма келдим. «Сен байсың го, жарыбаган кедей сыяктуу жалгыз катындуу бойдон дүйнөдөн өтөсүңбү?» – деп демите да берди ичимен бир шыбыш.

Айтор, кайнатамын кызын байбиче болосуң, жанына жардамчы аласың, күндөш күтүп, күндө мээсине чай кайнатып жыргайсың деп алдап-соолап атып көндүрдүм да, токол алдым. Совет өкмөтү эки катын алганды жаман көрчү эле, жазалачу эле деп бир кур чочуладым. Бирок бай киши куу болот эмеспи туюктан жол тапкан. Мен токолумду ошо Бактыярдын келинчеги деп нике кагаз жаздыртып койдум. Сельсоветке он тоок пара берсем, ошентип жазып берди. Демек, токолум кагазда Бактыярдыкы, төшөктө меники болду да калды.

Эки катындуу болгон аябай жакшы турбайбы! Бирөө ажылдап урушуп кирсе, экинчисине жылт коюп качып кутулат экенсиң. Такыр эле жуунбай жүргөнүмүн да пайдасы тийип атты. Байбиче менен токолум жаакташа баштаса эле мен: «Колуму жууп ием, колуму жууп ием», – деп бакырып канал жакка жөнөп калам. Колуму жуусам эле байлыгыбыз кошо жуулуп кетерине ишенген байбиче-токолдун жаактары ошол замат жап болот.

Ошентип, бул жалган дүйнөнүн ыраатын көрүп жыргап-куунап жүргөндө тоокторума «өлөт» илдети тийбеспи. Алда шорум ай-я! Бир ай бою тооктор боо түшүп кырыла берип тукум курут болду. Беш-алты жылдан бери жуунбай жүргөнүм деле кырсыктан коруй алганы жок. Кайра итке минген кедей абалына кулап



түштүм. Кайгыга малынып, күйгүлтүк тартып күйпөйдүм. Жумуртка жок, эт жок, сорпо жок, күч-кубаттан катуу тайдым. Байбиче-токолду түндөсү ыраазы кылып турчудай алым калбай калды.

Ал-күчүң жылас болсо, катындарыңа деле кадырың түгөнөт экен. Экөө тең быркыйып мага сыртын салат, бирдеме десем, бири корс этсе, бири арс этет. Эркексинип корсулдасам, экөө тең эркектик кубатым какшыганын бетиме ысык камырдай жаба коёт.

Менин күч-кубаттан тайганыма, байбиче-токолдун менден түңүлүп күйүт тартканына жедеп жакырланганыбыз кошул-ташыл болду да, үчөөбүздүн тең нервибиз бошоп, ыркырап урушканыбыз арбыды. Айрыкча байбиче-токолдун өз ара кабышканы көбөйдү.

Бир күнү эки катын дагы чырылдап урушуп калды. Мен көнгөн адатыма салып: «Колуму жууп ием, колуму жууп ием!» – деп бакырып каналга карай бастым. «Колуң тургай колтугуңду кошо жуу, оңбогон зайпана!» – деп кыйкырды токолум. «Жуумактан жубарымбек кет, бычмал ат!» – деп чаңырды байбичем. Мен шүмшүңдөп кайра артыма кайрылдым.

Бир күнү мен үйдө жокто байбиче менен токолум чачташып урушкан экен, токол төпөштөп койгон бейм, байбичем төркүнүнө кетип калыптыр. Токолго аябай ачуум келди. Ачуум ушунча келген экен, тилим буулуп, сүйлөй албай, калч-калч эттим. Муунум да бошой түштү. Ошого карабай күчөнүп туруп токолду көчүккө тээп, кайра өзүм чалкаман кетип жыгылдым. Токол буркан-шаркан түшүп, буркулдаган бойдон төркүнүн көздөй жөнөдү.

Аңгыраган үйдө жападан-жалгыз калдым. Эшикте жайнаган канаттуу малым жок. Белимде оргуган күч-кубатым жок. Тек гана өзөк өрттөгөн күйүтүм бар, кучагыма батпаган карандай арманым бар.

Асылып өлөйүн десем, үйдөн бышык жип табылбай койду. Каналга чөгүп өлөйүн десем, тизеге чыкпаган

суусу бар экен. Алапайымы таппай-ары бери сенделектеп басып-турсам, башыма бир ой кылт этти. Шаарда Адамкалый деген досум бар эмеспи. Оо мен өспүрүм чакта биздин айылга куурчак ойнотуп келип жүрчү. Ошондо таанышып, экөөбүз дос болгонбуз. Өлгүдөй эстүү эргул Адамкалый. «Кой, ошого барайын, кеңеш сурайын, акылын угайын» дедим да, Фрунзеге жөнөп бердим.

**Мен жаңыча күрөшкөндө**

Дагы бир жолу Адамкалый мени дагы мончого ээрчитип барды. Андан чыгар замат пийваканага кирдик. Кажылдашып отуруп мен өзүм байкабай төрт кружка пиво ичип коюптурмун.

«Пийвага тойдуң окшойт, жүр эми, күрөшчүлөрдүн машыкканын көрүп келебиз», – деди Адамкалый. «Барса – баралы, кызык болсо керек», – дедим мен. «Сен дагы күрөшүп жүрбөдүң беле, балбансың го» – деди Адамкалый. «Ооба, көптөн бери күрөшкө түшпөй бук болуп жүрөм, күрөшүп көрөт элем», – дедим мен. «Жок бул кыргызча күрөш эмес», – деди Адамкалый. «Мен кыргызчасын гана эмес, күрөштүн кытайчасын да билемин», – дедим мен. «Капырай, кытайча күрөшүң кандай?» – деди Адамкалый. «Тызылдап чуркап келатып, учуп кетем да, күрөшчү балбанды сүзүп жыгам», – дедим мен. «Оо -оо кызык экен, ошону айтып берчи, жолдо эрмек кылалы», – деди Адамкалый

Жолдо баратып мен ага мына бул болгон окуяны баяндап бердим:

Солкулдаган жигит чагымда күрөшкө көп түшүп, балбан атангланмын. Анан өспүрүм чагымда Токтахун деген кашкарлыктан башым менен сүзүп мушташканды үйрөнгөмүн. Токтахун аке менен биз, үч кыргыз бала Ташмат деген байдын коргонун баксалап согуп аткандыз. Ташмат бай өтө эле зыкым неме экен, андан эмгек



акыбызды Токтахун аке бир ай асылып жүрүп араң сууруп алчу.

Бир күнү Токтахун аке эмгек акыбыз тууралында Ташмат бай менен айтышып калды. Экөө кызый-кызый бакылдашып, акырында сөгүшүп кетти. Токтахун аке байды алка-жакадан алайын деп жулунду эле, Ташмат аны көкүрөктөн ары түртүп ийди. Ошондо Токтахун аке дугдуңдап артына карай чуркады, көз ачып жумганча кайра алдыга кайрылып тызылдап жүгүрдү. Жүгүрүп келатып тим эле шукшурулган куштай атылды да, кургай элек паксага аркалап турган Ташмат байды сүзүп жыкмак болду. Бирок Ташмат бай жалт кача берди, учуп бараткан Токтахун башы менен дубалды сүзүп, сүзүп эле тим болбой, паксаны тешип өтүп, наркы бетине куланды.

Токтахун акенин бул кылганы мени да, эки шеригими да аябай маашыркантты. «Бизге ушул өнөрүңдү үйрөт», – дедик. Ал макул болуп, бизге адам бою жука пакса салдырды. Биз узактан тызылдап жүгүрүп келип, анан пакса дубалга жакындаганда, күч менен боюбузду атып учурабыз, анан башыбыз менен жумшак дубалды сүзөбүз. Кээде нары жакка тешип өтөбүз, кээде башыбыз дубалдын арасында калат.

Ошентип, баарынан зээндүү экенмин, мен баш менен сүзүп дубал тешип өткөндү да, бирөөлөрдү жыга койгонду да мыкты үйрөнүп алдым. Айылда урушчаак экөө бар эле, мени менен мушташа кеткенде экөөнү тең тызылдап чуркап келип, сүзүп жыкканмын. Ошондон кийин «сүзөөнөк балбан» аталганмын.

Ушул аңгемени айтып бүткөндө барчу жерибизге да жетип калыппыз. Бир бийик имаратка кирдик. Ичи дегеле кенен экен. Как ортосунда калың көрпөчөлөр сыяктуу бирдемелер төшөлгөн төрт чарчы кең жери бар экен. Ошондо эттерине жабышкан чолок ыштанчан, бычыпыйган жеңи жок көйнөктөрдү кийген жаштар бирин-бири аласалдырып ыргытып атыптыр.

Адамкалый экөөбүз четтеги эки орундукка көчүк бастык. Мен бир кекирип коюп карасам, күрөшкөндөрдүн арасында кибиреген бир арыкчырай бирөө бар экен. Туш келгенин эле жамбашка салып көтөрүп чаап атат.

«Тиги кирбийген неме ким, ошо да балбанбы? – деп сурадым. «О, кокуй биринчи балбан ошол, эркин күрөштөн Кыргызстандын чемпиону, грекче күрөштөн Орто Азиянын чемпиону, «каратэ» дегенден СыСыСыРдын чемпиону», – деди.

Мен өзүм кичинекей кишилерди жакшы көрбөйм. Өзгөчө чыкчырылып кыйынсынган кодоо немени көрсөм эле жиним келе берет. Азыр да ошенттим: «Койчу айланайын Адамкалый, кирбийген да балбан болчу беле, балбан деген мага окшоп далбайган, дардайган неме болот», – дедим.

Аңгыча болбой кирбийген неме Адамкалыйды көрө коюп, биз тарапка басты. Дегеле кедеңдеп салабаттуу басып келип, дегеле каадалуу кишидей саламдашты Адамкалый менен. Ушу итийдин «балбан», «чемпион» атанганына кыжырым кайнады. Ал быйтыйган колун мага сунду эле, мен балбан колум менен катуу кыса кармадым. Манжалары кычырап кетсе да, бакырган жок, чыдады. «Сен да ушул жаман алыңда балбан имишсиң, чемпион имишсиң!» – дедим кыжынып. «Ушу сага окшогон кирбийген жер битине «балбан» деп, «чемпион» деп айткандардын куду оозуна урдум!» – дедим. «Мына, балбан мендей дардайган, далбайган неме болот, эргежелим», – деп зекидим. «Мен сени желкеңден мышыктай кылып кармап туруп эле жерге жалпайта чабам! – дедим. «Төрт аяктап түшүп, соо калгыдай сен мышык эмессиң да, кургурум!» – дедим кыжынып-кыжынып.

Кибиреген эргежели да чукчуңдаган чогол неме экен, колун уучуман жулкуп чыгарды «Эркек болсоң чык, күрөшөбүз!» – деп чайылдаган бойдон көрпөчөлөр төшөлгөн төрт чарчы жерге жетип барды.



«Эй, эргежел, ушу сен да эркексиңби, эркек сендей болбойт, мына мендей болот!» – деп мен да бакырып турдум. Адамкалыйдын: «Ой, Шаршен, кой!» – дегенине кулак какпай, кибиреген немենин жанына учуп жеттим. «Кел, белдешип күрөшөлү» – дедим ага. «Жок, эреже менен күрөшөбүз», – деп чыкчырылды эргежели. Аңгыча бир чепеңдеген неме, оозунда ышкырыгы бар экен, ышкырткан бойдон жаныбызга чуркап келди. «Мен сот болуп, калыс болуп берем», – деди. Анан ал: «Сиз да тигиникиндей порма кийинишиңиз керек, эреже ушундай», – деди. «Кийинсе кийинейин, апкел!», – дедим.

Мага порма издеп кетишти бир-экөө. Эргежел маңдайымда ойноктоп нары-бери секирип атат. Мен болсом ичимен: «Бу байкушту эки чайнап бир жутам го», – деп аяп турам.

Мага чак келе турган порма табылбай коюптур. «Сиз бешмант, шымыңызды чечиңиз, ич кийимчен күрөшөсүз, эреже ушундай», – деди чепеңдеген калыс. Ал оңбогур мени ой-боюма койбой чечиндирип, чодойгон чолок ич көйнөкчөн, далбыраган кенен дамбалчан калтырды. «Ычкырыңызды салбыратпай курчанып алыңыз, же ыштандын ичине кийирип коюңуз» – деди чепеңдеген калыс. «Жүрө берсин салбырап, менин күчүм ошол ычкырда», – деп койдум мен.

Кыргызча белден кармашып күрөшпөстөн, ээнбаш эле күрөшмөй болдук. «Мага ошо ээнбашы жакшы», – дедим. Эргежел дегеле мага качырып тийгенге камынып, эки колун сереңдетип ойдолойт. Муну мен кучактап туруп катуу кысайын деп кучактай калсам, самындын алкындысындай неме экен, жылмышып кутулуп кетти. Эми басып жыгылайын деп далбаң этип үстүнө секирдим эле, эргежели эмне кылып ийди, билбей калдым, жерге суу куйган чаначтай эле жалп чабылдым. Курсагымдагы төрт куружке пийва чайкалып, жүз граммдайы оозума чыга түштү. Ачуум шакардай кайнап, ордуман каргытып тургузду, туруп баратып ыч-

кырымдын учтарын басып алган экенмин, кашатымдагы байлоосу чечилип, дамбалым шыпырылып кетип баратат. Дамбалды өйдө карай тартып, ычкыр кашаттан бекем кармадым.

Ычкырды кайра байлаштыргыча болбой, эргежел кайра мага тап берип калды. Мен бир колумду ычкыр кашаттан бошотпой турсам, эргежели маңдайымда эки колун арбаңдатат, нары-бери ойдолоп, мага сес көрсөтөт. Жалпайта чабайын деп бош оң колумду артыма болушунча кере шилтедим да, бар күчүм менен тигинин башын туштап туруп уруп калдым. Кирбийген жаны жок башын жалт ала качкан экен, муштумум жаныбыздагы чепеңдеген калыска тийди. Ал жерге талп этип учуп түштү. «Ой, кечирип кой!» – деп сулап жаткан калыска кайрыла берерде, эргежели кандай илесин колдонуп ийди, билбейм, дагы да жерге чаначтай чабылдым. Курсагымдагы төрт кружка пийва чайкалып, дагы да жүз граммдайы оозума келе түштү. Кирбийген макоо көтөрүп чапкан бойдон мени тим койбой, бир бутумду бир айла менен жан чыдатпас кылып оорутуп ийди. Көздөрүмдөн от чагылып, айкырып жибердим да, тула боюм бир метрдей өйдө көтөрүлүп барып, кайра тарс куладым. Курсагымдагы төрт кружка пийвамын үч жүз граммдайы оозуман атылып кетти. Жиним ушунча келди дейсиң, бош бутум менен эргежелди тээп калдым. Ал оорутуп аткан бутумду коё бергенде, кандай ала салып кайрылганымды билбейм, жөрмөлөп качкан кирбикти шыйрагынан шап кармадым. Шыйрагынан алып, көтөрүп жерге чабайын деп обдула бергенимде, кызыл ашыктарыма түшкөн дамбалыма чалынып көмкөрөмдөн кеттим. Бетим менен кирбийген немени куду көчүгүнө тийдим. Оңбогон эргежел дагы да самындын алкындысындай колдон жылмышып чыгып бaратат. Мындан башка айла калбай калды деп, «аа-аа» деп айкырып май куйругуна курч тиштеримди матырдым. Эми эргежел айкырып тура качты.



«Аа, жаның бар экен го, айкырдың го», – ордуман атып турдум. Турганда эле дамбалым кызыл ашыктарыман шыпырылып түшкөн экен, ага караганга бурчам келбеди, чатымды сол колумдун алаканы менен жаптым да, оозумду араандай ачып тиштегени качырып калдым. Ал тызылдап качып берди, мен тиштеримди арсайта ачкан бойдон, чатымды сол алаканым менен жапкан бойдон артынан кубалап алдым.

Ошентип кубалашып, көрпөчөлөр төшөлгөн төрт чарчы жерди беш-алты ирет тегеренип ийдик. Дирилдектей жеңил неме экен эргежел дегеле жеткирчүдөй эмес. Ошондо менин эсиме баягы Токтахун акеден үйрөнгөн өнөрүм кылт этти. Ошону колдонуп кирбикти сүзүп жыгайын дедим. Мен ого бетер күүлөнүп чуркап, безилдеп качкан эргежел нары тарапка өткөндө тула боюмду ага карай шукшурултуп учурдум. Кудая шүгүр, ошондо да сол алаканымды уяттуу жеримден алган жокмун. Эргежел зыр этип буйтап өтө берди окшойт, мен ага тийбей, терезенин айнегин сүзүп сындырып, кызыл гүлдөр эгилген топуракка көмкөрөмдөн күп эттим. Топурак жаңы эле сугарылган экен, бүткөн боюм ылайга батып, башым бир катуу нерсеге урунуп, эстен танып калыпмын. Көзүмдү ачсам, үстүмдө үрөйү учкан беш-алтоо үйрүлүп карап туруптур. Араларында тигил эргежел да бар экен. Мен ушу кибиреген неме менен таймашып мөрөй ала албаганыма арданып да, ызаланып да кетип: «Бир колум бош болбой калбадыбы, болбосо го...» дегенге араң жарадым.

## Мончодо

Тоокторум кырылып, байбиче-токолум төркүндөрүнө кетип, өзүм шаардык досум Адамкалыйга жөнөбөдүм беле. Келсем Адамкалый үйүндө экен. Ал-жай сурашкандан кийин ал мага: «Я, Шаршен, сен бир аз жакшы жыттанбай турасың го? – деди. «Беш жылдан

бери жууна элекмин», – деп, чынымы айтып, жуунбаган себебими да баян эттим. Адамкалый ыкшып күлдү да: «Кой, мончого барып жуунуп келели, – деди. «Сага келсем эле шаар көрбөгөн мен байкушту тамашалап, алдастата берчү элең, азыр тамашаңды көтөрчү алым жок, анте көрбө», – дедим. «Бүгүн мончого бирге түшөлү», деп Узакбай Абдыкаимов менен макулдашып койдум эле, барышым керек», – деди ал. Сураштырсам, Узакбай Абдыкаимов анын калың досу экен, эркектик күч-кубатыбы же башка жериби, айтор, бир артыкчылыгы менен шаар катындарынын арасында өтө кадырлуу жазуучу имиш.

Мен «мончо» дегендин атын укчумун, өзүн көргөн эмесмин. Ошо мончонун ичине кирип барсак, кийинипчечинип аткан, жалпак такталарда отурган жылаңач эркектер. Жашыра турган жерлерин жашырбай эле жүрүшөт. Уялып койгон деги бирөө жок. «Уялбагандан өзүң уял» дегендей, мен жылаңачтарды көрүп, алдастап кеттим, алапайымды таппай кайсактадым. «Кой, айланайын, Адамкалый, буларың такыр эле уяты жок немелер экен, чоң казанга суу кайнатып, эч кимге көрүнбөй өзүмчө эле жуунуп алам», – деп жер караган бойдон кетенчиктедим. Адамкалый мени ой-боюма койбой чечиндирип, колума илеген карматты. «Жүрү», – деп жетелеп алды. Уятым чыдатпагандан жер карап, бош алаканым менен уяттуу жеримди жашырып, ичкери жетеленип кирдим. Башымы көтөрүп бир карасам, таш такталарда дырдай жылаңач кишилер отуруптур. Уялып, кысынып койгон бирөө жок. Мен кысынып, тайсалдап турганым аз келгенсип, апкаарып коркуп да кеттим.

Адамкалый мени жетелеп келип, бир бош жерге отургузду, илегеними алып, нары басты. Үңкүйүп жер карап отурсам, башым ылдый бир илеген суу шар этип куюлду. Чочуп да, энтигип да кетип, ордуман бакырып тура калдым. Адамкалый каткырып күлсө, тигил жылаңач уяты жоктор да кошо күлдү. Уят жеримдин ачыла түшкөнүнө күлүштү окшойт деп, а жеримди кайра алаканым менен калкалап, лак көчүк бастым.

Адамкалый дагы бир илеген суу апкелип, жаныма койду, колума самын, кылжуугуч карматты. «Жакшылап жышын» деди. Өзү нары жактагы бош жерге отуруп, самынданып кирди.

Мен айланама карагандан жазганып, бир колумду чатыман албай, бош колум менен самынданып, жышына баштадым. Бир аз жышынып, кылжуугуч менен сүрүнсөм, теримен калың-калың кирлер коңторулса болобу! Кайра сүрүнсөм, кайра коңторулат, кайра сүрүнсөм, кайра коңторулат. Денеми кир ушу эки элидей каптаган экен.

Теримин кирлерин коңторгонго алаксып кетиптирмин, бир маалда карай салсам, нараакта олтурган Адамкалый ордунда жок. Мени тамаша кылып тамтаңдатыш үчүн дагы жалгыз таштап кеткен окшойт деп эсим чыкты, муунум бошоп, калчылдап кеттим. «Адамкалый!» – деп бакырып коё бердим. Баары мага жалт карады, бирок үн каткан бирөө жок. Бир орустан: «Адамкалый кайда кетти, ыя?» – деп сурасам, кыргызча билбейт окшойт, жылаңач далысын күйшөп тим болду.

Дырдай жылаңачтардын арасында бир да кыргыз жок экен. Баары эле жүнбаштар. «Адамкалый, Адамкалый!» деп заңкылдап бакыра берсем, бир орус, акылы зирек окшойт, оо төр жактагы жабылуу эшикке колун нускады: «Парной, парной, иди», – деди.

Бир колумду чатыман албай үңкүйгөн бойдон орус көрсөткөн эшикке бардым. Ача салсам, ичкериде туташ буу экен. Туман, туман тим эле. Кирип барсам, демим кыстыгат, кишинин жүзү көрүнбөйт. Эңкейе калып, отургандардын да, туруп тургандардын да көрүнгөн жерлерин карасам – баары эле сүннөткө отургузулбаган немелер. Бөкчөйүп алып, карап баратсам, кудай жалгап сүннөт болгон бирөө бар экен. Шап эле сүннөт болгон

жеринен уучтап кармадым. «Адамкалыйсыңбы», – деп заңк этсем, ал: «Узакпаймын», – деп күңк этти. «Адамкалыйды таап бер», – дедим кармаган жерими коё бербей. «Коё бер, таап берем», – деди «Узакпаймын» деген үн. «Таап берсең, анан коё берем», – дедим мен коркконум басылбай калчылдап.

«Узакпаймын» деп күңкүлдөгөнгө бакырып сүйлөгөнүмөн тааныган го, Адамкалый: «Ай, Шаршен, эмне эле айкырып атасың?» – деп жаныма жете келди. Мен Узакпайдыкын коё берип, Адамкалыйдын сүннөт болгон жерине карайлап кол узаттым. Аныкы топчудай эле бирдеме экен, кармайын десем уучума кирбей, эки сөөмөйүмдүн арасына араң илиндирип кыстым. «Думугуп өлмөй болдум, айланайын Адамкалый, эшикке чыгар» деп сөөмөйлөп кыскан жерди бошотпой кадам шилтедим. Басчу жер таш экен, тайгалак экен, таманым тайгаланып кетти, эки сөөмөйүм менен кыса кармаган немени коё бербей жыгылдым. «Ой, өлтүрөсүңбү, коё бер!» – деп кыйкырып, отура калды Адамкалый. Ал «ахалап, охолоп» атып мени дырдай жылаңачтар отурган кенен бөлмөгө жетелеп чыгарды.

Ошондон кийин мен «мончо» дегенине барбай калдым. Чоң казанга суу ысытып алып, бош калган тооканамда эч кимге көрүнбөй жуунуп алып жүрдүм. Уялбагандардын уюгу экен, мончонун бети курусун!



## КЫЗЫЛ КҮҮГҮМ

Чыңк ылдый жол менен дикилдеп жүгүрүп келатып, азыр эле жин тийгендей эзилип ыйлаганынан уялып, кайра анысын эч ким көрбөгөнүнө сүйүндү. «Деги эмнеге ыйладым?» деп өзүнөн сурап койду. Аны ойлоп, муну ойлоп, чын себебин таба алган жок. Аңгыча өздөрү отурган конуштун оң капшытындагы чымдуу ойдуңдан чыккан кара булак анын эсине кылт деди. Булактын көзүнөн тереңден каралжын-кашка суу бүлкбүлк сызылып чыгып, былкылдак көк чымдарга сиңип кетип, кичине ылдыйыраактагы жарташтын бетине сарыгып түшүп турат. «Менин ичимде дагы булак бар го, – деп өзүн сооротту бала. – Ошо булагым көзүмөн агып кетти окшойт».

Кээде анын өзүнөн-өзү ичи бышып, ыйлагысы келе берер эле. Дагы бир сапар буулукканына түтө албай ыйлап ийип, балакетке калган. Ошо сапар козу кайтарганы кетип, козуларын коктуга өрдөтүп ийгенден кийин, жалпак таштан үстүнө чалкасынан керилип жаткан. Калдайган катмар-катмар аппак булуттардын мөлтүр тунук асманда булайыңкы сөөлөттөнүп, манчыркагандай жай кыймылдап, улам ар кайсы нерселердин кебетесин алып кубулуп жатканын көзү талыгыча эрмектеп, ичи элжирегиче маза кылганда, анан күн эңкейлегенде козуларын айдап, кудуңдаган бойдон үйгө жөнөгөн. Кымыз ичип дарыланам деп жайлоочулап келген таякеси төрдөгү жыйылуу жүккө жөлөнүп, комузун муңканта чертип төшөктө жаткан экен. Абакир айрандан бир аяк шыңгытып ийип, эшикке чыкты, очоктун капталындагы акчечек дөңгөчкө минип алып,

Күн батканын сонуркап карай баштады. Күн маңдайкы тоонун кырында кылк-кылк этип, булайган аппак булуттарды албыртып, ого бетер татынакай кылып, боз үйдө болсо комуз күүсүнүн сыздай-сыздай муңканган кайрыктары кайталанып, Абакирдин ансыз деле күүлөнүп турган көңүлүн өрөпкүтүп жиберди, ошондон ал дагы ыйлап ийди. Үн чыгарбай ыйлап отуруп, апасы жанына басып келгенин байкабай калды. «Я ботом, ыйлап атасыңбы?» дегенден селт чочуп, алдастап, алапайын таппай, башын тескери буруп кетти. Апасы эңкейе берип, кайрымдуу үнү менен: «Сага эмне болду, балам?» деп анын ыйлуу бетин өзүнө каратты. Апасы демейде аны эркелетчү эмес эле, оокат-тиричилик менен ыбырсып жүрүп, балдарын эркелеткенге чолосу деле тийчү эмес эле, азыр болсо баласынын ыйлап жатканынан энелик мээрими ийий түштү, анын жанына отура калып, алдына көтөрүп алды, кучагына кысып, алаканы менен маңдайын басты: «Башың ооруп атабы, садагаң болоюн». Буулугуп турган бала күтүлбөгөн жерден апасы кучагына кысып, жакшы көрүп ийгенге эркей түштү да, эчкирип ыйлап жиберди. «Алдыңа кетейин, айтчы, бир жериң ооруп атабы?» Ээлигип ыйлап алган бала башын чайкаганга араң жарады. Апасы: «Бирөө капа кылдыбы?» Дагы башын чайкады. Апасы: «Айтчы, садагаң болоюн, теги сени ким ыйлатты?» деп жалбарыңкы сурады. Өпкөсү көпкөн бала ээк атып жатып: «Ээ-ээч-эч к-ким», – деди. Апасы саал кыжырлана түштү: «Анан эмне эчкирип ыйлайсың, я!» Бала эмнеге буулугуп ыйлаганын жай убакта деле түшүндүрүп бере албайт эле, азыр болсо өпкөсүн баса албай өрөпкүп: «Ж-ж-жө-жөн эле», – деди да, токтоно албай солуктай берди. Үйдө керээли-кечке комузун боздотуп жаткан инисинин оорусунан чочулап жүргөн апасына уулунун эч себепсиз эле ээлигип ыйлаганы жаман жышаандай туюлуп, капыстан жүрөгүн шуу эттирип, жинин келтирди. «Жөн эле ыйлай бересиңби, кара башыңды жегир! Каяктагы жаман жорукту баштап озондойсуң. Өлүгүңдү көрөйүн, сен мынтип жүрсөң, атаң экөөбүздү жутуп аласың!» – деп ачууланып, баласын жон талаштыра муштап-муштап алды да, алдынан итере түртүп ийди. Үйгө басып баратып: «Жоругуң жолдо калсын, арам какмар, ылайым өз башыңа көрүнсүн!» – деп каргай кетти. Абакир бала болгону мындай токмок жеп, суук сөз уккан эмес эле, ызага ууугуп, ого бетер ыйы күчөп, бирок үнүн чыгарбаска тырышып, көпкө дейре солуктап жатты. Чарчаганда сулаган жеринде эле уктап калды. Эт-май, сүзмө-кымыз алып кеткени каш карайганда кыштоодон келген атасы аны үйгө шылкылдатып көтөрүп кирип жаткызды. Ал үстүнө жапкан жуурканын тээп ачынып алып, таңга маал чыйрыгып үшүп калган экен, ойгонсо, апасы кобурап сүйлөп атыптыр: «Жакшы деле киши болбойт го. Жалгыз эле жүрө берет. Тегеле балдарга кошулуп ойногонун көрбөй койдум. Түнттүгү дүйнөдө жок. Кээде керээли-кечке дудуктай сүйлөбөйт. Кишиге жугуму жок, дабдыраган бир энөө неме болот окшойт». Абакир бу сөздөр өзү жөнүндө айтылып жатканын боолголоп, токтериге түштү. Кечинде апасынан аябай тил угуп, токмок жегенин эстегенде уйку унуттурган ызасы кайра козголду. «Аман жүрсө, бирөө болор», – деди эркектин үнү. Бул атасынын үнү эле, Абакир дароо таанып, сүйүнүп кетти. Атасы өзүн жактап дагы бирдеме айтат бекен деген үмүттө демин ичине тартып, чымыркана кулак түрдү. Бирок атасы бирдеме дегиче, апасы сүйлөп кетти: «Капырай, кечинде ыйлаганын айтсаң! Тим эле өпкөсү өпкөсүнө батпай ээлигип-ээлигип ыйлайт. Бир басылсачы. Ушунун ээликме оорусу барбы дейм. Ээликмеси бар дейин десем, кээде жалдырама тийгендей бир жерге кадаланып, нестейип отура берет. Теги балаң соо эмес, бир балакети бар. Молдо чакырып, дем салдыр-

саңчы». Ал өзү жөнүндө ушундай ачуу сөздөрдү уккан-га ичи тызылдап, ого бетер кыжаалат болуп жатканда, атасы: «Кыштоого көчүп түшөлүчү, көрөбүз», – деп кайдыгер айтты да, жуурканын эпкин чыгара серпип таштады. – Кой, таң атып кетти, жөнөйүн». Тыңшап жатканымы билип албасын деп Абакир көзүн жума коюп, уктамыш болуп калды...

Ошо таңга маал апасынын айткандары Абакирди аябай беймаза кылды. Байкап көрсө өзү чын эле башка балдарга окшобойт экен, алардан кем экен, кандайдыр бир соо эмес экен. Өзүнүн ушундай жаралып калганына арданып, убайым жеди. Башка нерселерге алаксууга кыйын болду. Булуттардын сөөлөт курганын, күндүн кызарып батканын, жылдыздардын түндүктөн жылт-жылт жанганын адатынча карагысы келгенде, апасынын баягы сөздөрү эсине түшүп, жалтайлап кетип жүрдү. «Эмнеге минтип калдым экен? Эмнеге өзүмчө эле буулуга берем, ыйлагым келе берет?» – деп санаа тартты. Деги өзүн бук кылып кыйнаган, жөнү жок ыйлагысын келтирген дарт өзүнө түшүнүксүз эле. Күндүн батканын, асмандын булуттарын, асан-үсөн тартылганын карап тургусу эле келе берет, карап турса – көңүлүндө бирдеме бүлк-бүлк кыймылдап, улам-улам көбөйүп, алда немеге куса кылат, ыйлагысын келтире берет, анан жанын жыргата элжиретип ыйлатат. Ал ичимде бир булагым бар деген ишенимге азгырылып алган эле. «Көрсө, булак эмес эле оорум бар окшойт, – деп шектене баштады ал. – Же жин-шайтан кирип алды бекен? Молдого окуттурса, оңолуп кетер бекенмин?».

Бирок көп өтпөй молдосу жок эле анын дартына дабаа табылды. Козу кайтарган балдарды туурап а дагы чогойно ойноп тартып көрдү, чоор ышкырткан ага жагып калды. Бир сапар кокусунан апасынын баягы айткандарын унутуп кетип, асмандагы булуттардын кубулганын карап-карап жатып дагы делебеси



козголду, көңүлү алда немени күсөп, өрөпкүй баштады. Балээ басып дагы ыйлап ийбейин деп коркконунан жанында жаткан чогойно түтүгүн ала койду, түтүктү көпкө чейин үйлөгүлөп отурду эле, бугу бөксөргөнсүп, жаны сеп ала түштү. Ал буга бир чети таң калса, бир чети сүйүнүп кетти. Ошондон кийин ал баягы адаты кармайын дегенде эле чогойносун тартып, кумарын таркатып алчу болду. Чогойно чоор анын эрмегине айланып, санаасын басты.

Кыштоого кайра көчүп түшүшкөндө, Абакир төмөнкү айылдагы Сартпай чалдын кадыресе жыгач чоорун тартып көрүп, бара-бара чоорго кызыгып кетти, кыш бою чалдын үйүнөн чыкпай койду. Ал Сартпай чалдын комузу менен кыягын үйрөнөйүн десе, алар көңүлүнө анча ынабай, ышкысы жалаң чоорго ооп туруп алды. Дилиндеги «булагы» бүлк-бүлк ийип, алда немеге кумарланып, ыйлагысы келгенде чоор тартып койсо, көңүл чери чоордун ышкырыгы менен кошо сызылып чыгып жаткандай жарпы жазылып калар эле. Бир кызык жери, тартып атканы кайсы күү экенин ал өзү аңдай алчу эмес, өзүнчө эле ойгелди тарта берчү, кызып алганда чоор түтүгүнөн эч кимдикине окшобогон калатыкызык күүлөрдү үйлөп чыгарчу, жадагалса Сартпай чал үйрөткөн күүлөргө да кандайдыр бир жаңыча кайрыктарды аралаштырып, элдин муңдуу күүлөрүн болсо шаңдуу-шатман кылып жиберчү. «Кысталак, күү бузар экенсиң, – дечү Сартпай чал анысын жактыра бербей. – Тартсаң бузбай тарт!» Канчалык бузбайын десе деле Абакир тарткан чоордон эски күүлөр эмнегедир өзгөрүп, башкача бир мукам менен жаңыланып чыгар эле. Сартпай чал баланы оң жолго сала албай мукураганда: «Куп тилазар экенсиң, кысталак, оңолчудай түрүң жок, эми оюңдагыдай тарта бер, – деп кол шилтеп, кайра жумшара түшкөн болчу. – Сенин тартканың деле мага өөн учурабай калды, билгениңдей тарта бер!»

Анан Абакир Сартпай чал жасап берген чоорун эртели-кеч ышкырта берип, үйдөгүлөрдүн баарын жадатып жүрдү. Аңгыча болбой бою өйдөлөп, кара жумушка чегиле баштады, бат эле жайлоолоп кеткенден айрылып, кыштоодо иштеп калчу болду. Жаңыдан эле балакатка жетип, атасы менен агасына кошулуп тырбалаңдап иш кылып, колу бошой калса эле чоорун эрмектеп, дүйнөкапар жүргөн убагында капылеттен эл арасын улуу тумоо каптады! Абакир эки ай аралыгында эле ата-энеси менен жатындаштарынан кол жууп, бир күнү караса, базардай бака-шака үйдө жападан жалгыз калыптыр!

Ал кыйлага чейин эс-учун жыя албай, өлгөндөрдүн чын эле өлгөнүнө оңдуу ишене албай, бир үйдө коколой башы калганына көнө албай эндиреп жүрдү. Жалгыз отурса эле өлгөндөр эсине түшүп, алардын жүргөн-тургандары, сүйлөгөндөрү, күлгөндөрү көз алдына элес-булас тартыла калып, көз жашы эрксизден төгүлүп кете турган болду. Кээде өксүп-өксүп ыйлап жатса, күтүлбөгөн жерден апасынын: «Өлүгүңдү көрөйүн, мынтип жүрсөң атаң экөөбүздү жутуп аласың!» – деп өзү баягы жайлоодон күн батканына ичи элжиреп ыйлаганда айткан сөзү шаңк этип угулуп кетчү. Ал ыйын зордоп араң токтотуп, анан кайра: «Ушуну көрмөк экенмин да, ушуну көргөнү ыйлаган экенмин да!» – деп эзиле турган. Бир кур күйүт аны кулагын делдейте арыктатып, чүнчүтүп, шаштысын алып жиберген эле.

Бирок Абакир кырчындай жаш эле, куландай соо эле, ал эми бу жарык дүйнөдө болсо көр оокаттын арыбаган убарагерчилиги бар эле алагды кыла берчү иштер менен көрүнүштөр аябай көп эле. Ошентип, анын көкшүнү сууй баштады. Акыры тиричилик машакаты, мезгил шарданы, ошондой элө өз денесине чатырап толуп турган жашоо кумары жана жаштык күчү Абакирдин оор күйүтүн сүрүп чыгарды. Бирөөлөр көңүл айтканда же «бечара сагыр» деп боору ооруганда гана көздөрүнө жаш тегерене түшпөсө, калган учурда жумшаган ишти кабагым-кашым дебей бүтүрүп, чолосу тийсе эле чоорун ызылдатып, өзү анча аңдай албаган сезимдерге эңги-деңги мас болуп, таң атканча түш көрбөй катуу уктап, таңга маал гана албан түскө боёлгон кызыктай түштөрдү көрүп, беймарал жүргөн чагы эле.

Азыр да ал там башында керилип уктап жатты.

* * *

Ал эми там ичинде Низам түрк уктай албай жатты. Ага бир койчу керек эле. Карабай досунан койчулукка жарай турган сынаакы бала таап бер деп сураганы отурганда, Абакирди көрүп калды. Көрөрү менен эле баланы жактырып, өзгөчө чоорчулугуна куштар болду. Койлор чоор күүсүн жакшы көрөт, чоор күүсү чыгып турса башын жерден көтөрбөй оттой берет, чоорчу кайтарган койлор дардайып бат семирет, ошон үчүн чоор билген койчу түрктөрдө жогору бааланат, жөнөкөй койчулардан эки эсе ашык акы алат. Бирок андай койчу сейрек табылат.

Капысынан Абакир табылып калганына ичинен кымыйып, аны койчу кылып алсам деген ойду бая эле көңүлүнө түйүп койгон эле, азыр Карабайдан баланы кантип сурап алыштын амалын ойлоп жатты. Нары ойлоп, бери ойлоп, акыры туурасын айтып эле сурайын деген пикирге келди.

– Карабай, уктай элексиңби?

Көзү жаңыдан эле илинген Карабай ойгонуп кетти:

– Я! Бирдеме дедиңби, Низам?

– Ойготуп ийдим шекилди. Бир кеп сурайын дедим эле. Бу Абакир мырза эмне иш кылып жүрөт?

– Эмне иш кылмак эле, – деди Карабай эстене берип.

– Үйдө эле. Мал-салга каралашат. Кээде мага кол кабыш кылып калат. Ашарга чакырса барат.

– Жудаа жакшы бала экен да.

– Түзүк бечарам. Иштерман, тил алчаак. Жумшаган кишиге кулдай иштеп берет... Сен ага аябай кызыгып калдың го, я?

– Аны мага бер, бировдар. Адам кылып коём. Кой багыш дагы чоң өнөр, үйрөнүп алсын.

Низамдын Абакирди койчулукка сурап жатканын Карабай дароо «мага жалчы кылып бер» дегендей кабыл алды. Ал саал териге түшүп, оюнда: «Өзү кечээ эле ушерде атасы экөө жалчы болуп жүрбөдү беле, эми көрбөйсүңбү, акемен калган жалгыз туякты жалчы кылып алгысы бар», – деди. Бирок ойлоп турганын сый кишиге тарс айтып ийүү салт эрежесине сыйбайт эле. Карабай жөндүү жооп таппай, эмне дээрин билбей, азыраак будаланып калды. Досунун арасаат ойдо калганын Низам заматта биле койду да, кайра сабырсызданып сөз баштады:

– Бекер иштетет белем? Мал табат. Койчуларыма жылына бир соолук же экиден козу берем. Бу – оокаттан тышкарысы. Абакирге мейли экиден соолук берейин!

Карабай алда кандай бир келген коноктун көңүлүн оорутпай, жай жооп айтып эле кутулайын деген ой менен:

– Акемен калган аманатым ушу, жаныман кайда чыгарат элем, – деди акырын. – Өзү жаш, кагылып-согула элек. Кой бакканды билем го, кыйын иш, түйшүгүнө чыдай албайт го.

– Жаш болсо, бышат да. Сен ким бу, мен ким, Карабай бировдар. Өзүм менен бирге жүрөт, ата-бала болуп кой кайтарабыз. Мен аны мандикер кылат белем. Мен турам го, мен турганда андан эмнеге кабатыр болот элең.



Карабайдын кошумчалап айтчу шылтоосу калбай калды, анан ал кайра шылтоо издеп убараланбай эле:

– Жок, болбойт, – деп кесе айтты да, артынан жайкап койду. – Сага койчу табылар, Низам. Таарынба. Бала үйдө эле жүрсүн.

Шагы сына түшкөн Низам: «Ыраса топонбаш экенсиң, кыспуруш, ырыс кыйды дайиз экенсиң! – деп купуя сөгүнүп ийди. – Пайда чыкчу жерди айтса, көзүң көргүдөй эмес, ошонуңан жарыбай жүрөсүң да!» Карабайдын кежейгенине ал бир кур чындап эле өчөшүп, таарынган түр менен: «Болбосо болбоптур да, кой уктайлы», – деп жарыя айтып, тетири карап жатып алгысы келди. Бирок кыраакы түрккө Абакир аябай жагып калган эле, а баладан оюндагыдай койчу чыгат эле, андай койчуну атайы издеп жүрүп да табыш кыйын эле, кандай болбосун аны эртең ала кетиши керек эле. Ошол себептен Низам келе калган кыжырын ныгыра басып, Карабайдын ынабай ыңгырланганын байкамаксан болуп коймок болду.

– Койчу табылбай калат беле, табылат, – деп карагүчкө кайдыгер сүйлөдү. – Мен, эмне, өз пайдамы эле көздөп атыпмынбы, баланын пайдасын да көздөп атам. Бышат. Мал табат. Адам болот. Ушунун эмнеси жаман?

Карабай кандай жооп берерин да билбей калды. Эми эле карышып катуу турган бүкүлү оюу да бөлүнө түштү. Бир эсептен Низамдын айтканында деле жүйө бар. Анын колунда жүрсө Абакир жаман-жакшыны көрүп, ысык-суукка чыныгып, бирин-экин мал курап алары бышык. Бир жагынган аталашынан калган жалгыз туякты колдон чыгарыш, көзүн жайнатып бирөөгө аманат кошуп бериш да – тобокелдин иши. Айтса-айтпаса, тоо-таштын арасында, опурталдуу жолдордо, какыраган эрме чөлдө башы быша элек баланын алы кандай болот? Замандын да тынчы кетип, үрөйү бузук. Жиберерин жиберип коюп, анан артынан «баягы кант-

ти экен, теги эсен-аман жүрөт бекен» деп эстеген сайын санааркашы бар. Анын үстүнө, эл оозунда элек жок, эртедир-кечтир: «Каргадай баланы бага албай каяктагы түрккө малай кылып берди» – деген сөз чыгышы мүмкүн. Анткен менен Низамда жүрсө Абакир анчамынча мал таап алат эле. Кол жукарып турганда он чакты кой чоң эле огожо болот эле... Ал ушул жагдайларды акылы менен тескеп, оюн бир жагына оодара албай, эки анжы ойго тунжурай түштү.

Досун теселдей[1] сөз менен көндүрө албай айласы түгөнгөн Низам туталанып кетти, жаздыкка чыканактай башын көтөрө калып, жалбарыңкы суранып жиберди:

– Куп деп кой эми. Уулчаны мага бер. Акыры мен сурап атам го, мен сага жат белем, экөөбүз доспуз го, эмне, менин ишенчилигим кетти беле сага?!

Низамдын жалбарыңкы доошу арсарсып турган Карабайды бир кур ийитип ие жаздап барып, кайра күнөм санатты. Ал саал кыртышы сүйбөй: «Бу оңбогон түрк эмне эле мынча ач кенедей асылып калды?» – деп ойлоду. Кандай шылтоо айтарына башы маң болуп туруп, акыры оозуна келе калган шылтоону эле айта салды:

– Үйлөндүрүп койсомбу деп жүрөм. Бир жаман сепе[2] алып берсем, атасынын ордун жоктотпой, түтүн булатып отурат эле. Токтомбай акемин тамы аңгырап бош турат.

– Ала турган кайлыгы[3] барбы?

– Бар, атасы баталашып койгон колуктусу бар. Кыз саал жашыраак. Бир жагынан өлүм-житим басып, сарамжалыбыз деле анча болбой атат. Калыңын өткөрүш керек эле.

Низам ичинен жым дей түштү. Ал Карабайды дал ушул жерден тап жылдырбай кармамак болду да, эмне деп айтыштын жайын бат-бат ойлоно баштады.

---

[1] *Теселдей* – жөн эле, аз сөз менен.
[2] *Сепе* – кыз.
[3] *Кайлык* – колукту.



– Жакшы тилегиң бар экен, Карабай бировдар. Эркек баланын ушунусу жакшы ки, үйлөндүрүп койсоң, атанын орду жоктолбойт, урук-тукум үзүлбөйт, – деп жалпак тилге салып абай менен сүйлөп келип, чочугандай сурап койду: – Кыз жашыраак болуп атат дечи?

– Анча деле жаш эмес, он эки-он үчкө чыгып калды окшойт, алып берсе боло берет эле, – деди Карабай. – Колубузда малдын тартыштыгы да, болбосо го... Калыңдын айласын эмне кылам деп башым маң.

– Токто, токто, Карабай, – деди Низам шашкалактап, – Сен бар, мен бар, калыңдын айласы табылат, табылбай кайда барат эле. Сен мага кара, куп деп тур. Кыз жашыраак дедиң го, кыз чоңойгуча Абакир менде жүрө турсун.

* * *

Абакир талаа үстүндө абанын жыбыр-жыбыр загымданганын караганча тыттын көлөкөсүндө отура берип талыкшып кетти, кокус уктап калбайын деп илең-салаң ордунан турду. Койлордун семиздери ар кайсы жердеги тыттардын түбүнө корголоп, арыгы-раактары гозопаясы жулунган пахта аңызда отоо чөп-төрдү жалмалап жүргөн экен. Ноябрь айы болсо да, өзбек жергесинде күн кадыресе ысык эле.

Абакирдин башында – майланышкан кир топу, үстүндө – жер менен чаң чамбылала кылган төшү ачык көйнөк, белине шелпейте шалкы курчанып алганы – жедеп түлөгөн эски шайы жоолук. Тышкы кебетеси өзбектин эле өзү, бир гана бет түзүлүшү кыргыз экенин айттырбай таанытат.

Бою саал өйдөлөп, көкүрөгү дыгдыя сыртка тээп чыгыптыр, бети-башы шамалга туурулуп, аябай аптапка тотугуптур. Кейпинде каруу-күчкө толгон, ысык-суукка бышкан эр азаматтын белгилери бар. Тек бакы-

ракай көздөрү гана төгүлүп кетчүдөй наристе чачырап, баягы эле балалык касиеттеринен ажырай элек.

Ал кой артынан жайында жайлоодо, кышында ка-кыраган чөлдө, жаз-күздө чаңы ызгыган жолдо жүрүп, көрбөгөндүн баарын көрдү окшобойбу. Мына, Карабай абасы менен Низам аяш акеси макулдашкан мөөнөт бүтөйүн деп бaрaтат. Буюрса, эмки жылы жазда ал Ни-замдын койлорун жайлоого кошо айдашып барып, таман акысын ажыратып, ошо менен айылда калып калат. Быйыл жаздан бери ошондой кылар жайын кыялында багып, купуя кымылдап жүргөн эле, тек жакында эле жайлоодон эңкейлеп келатканда Низам ойдо жок жорук баштабадыбы. Бай семиргенинен куй-ругу чарт жарылып, ынтыгып баса албай калган кой-лорду жолду ката базарларга сатып келе берди. Ата конушуна, Анжиянга жуук Булак-Башы кыштагына келгенден бери да коюнун көбүн базарга сүрүп барып сатты. Сата берип малынын үрөйүн учуруп салды. Азыр колунда калганы ушу пахта аңызда жүргөн бир короо кой. Берки койчуларына улуксат берип кетирип жибер-ди. Алар урушуп-талашып жүрүп байдан аласаларын өндүрүп алышты шекилди. Кармап турган койчусу эле – Абакир. Ушу калган коюн да сатчудай түрү бар. Кой түгөнсө эле ал «айыл кайдасың» деп жөнөп калбайбы? Деги койлордун сатылганы жакшы болду! Болбосо ал быйыл дагы кыш бою Мырза-Чөлдө куурал тартмак. Эки кыш ичи ошо дозоктой чөлдө шордободубу.

Мырза-Чөл эсине түштү. Ар кайсы жеринен агарың-кы шору чыккан бозомук кумай талаа. Анда-мында дүпкүрлөнгөн боз шыбагы, сербейген топ-топ чийи, кедейген жапалак бадалдары бар. Күндүзү карандай шамалы кум аралаш чаң ызгытып көз ачырбайт; боз чаңгыл түшкөн киргилт абасы электенип, күндүн көзүн чыпкалап, жылчыйтып араң көрсөтөт. Түнүндө болсо бир башкача суук чыкыроондоп, калың чепкендин



ичинен да үшүтүп, бети-колду тыз-тыз каарыйт; кой жаныбарлар таң аткыча бири-бирине сыгылыша ык-ташып топурап чыгат; таңга маал шыбак-чийлер менен бадалдарды акчаңгыл кыроо чалып, чөл бетин аппак кылып таштайт. Баарынан да кээде жума бою басылбай бороон-чапкындай берген күндөрү жаман. Ошондо асман-жердин арасы будуң-чаң түшүп түнөрүп эле жатып калат!

Капыстан Абакирдин көз алдына чамынган шамал-дын кумдуу турпак менен чөп-чарды уюлгута сапыр-ганы, калдаң-калдаң тоголонгон чоң-чоң камгактар-дын бадалдарга тытылып пыр-сырын самсытып барат-каны элес-булас тартыла калып, итиркейи келе түштү. Көңүлүнө көк таштай тийген чөлдү эстегенден дароо жалтаң качып, атайлап жайлоого кыял чаптырды.

Ал үч жай бою Өзгөндөгү эл жомоктогон улуу жай-лоолордун көбүн көрүп чыкпадыбы. Жаз кылтаяры менен Низам коюн Мырза-Чөлдөн сүрүп, жолду катар сай-сайлардын отун откозгончо жай айдап отуруп, чөп тушардан ашкан маалда Өзгөн тоолоруна кирип барат. Бу түрктөр жайлоого чыкканда кыргыздарга окшоп такырайта карайтып ийгиче бир журтта отура бербейт экен, кой артынан кошо көчүп, оттогон кой кайсы жер-ге жеткенде түн кирсе, ошо жерде түнөп кала берет. Низам да кыргыз аялы Айшакан экөө жеңил жууркан-төшөгүн, казан-аягын, тамак-ашын, чатырын төөлөрү-нө артынып, кеч кирген жерди бир-эки күнгө журт кылып, койчулардан калбай көчүп жүрөт. Жолдогу жайлоолордун көк орой чалгын чөбүн сыдыра жедирип отуруп алар күзгө жуук Арпа жайлоосунун жанына чыгып барышат. Ошо Арпага жеткенде, күнү-түнү жер-ден башын көтөрбөй оттогон койлор үйлөгөндөй се-мирип, куйруктары чарт-чарт жарылып, ынтыгып араң эле басып калышар эле. Тоолорго боз кыроо түшкөндө, алар кайра артка чегинип, кыргыздар чала жедирип

кеткен чөптөрдү текши оттотуп, баягыдай эле шашылбай көчүп-конуп эңкейлей беришет.

Абакирге жайлоолордун баары эле жакшынакай көрүнсө да, аны өзгөчө өзүнө ашык кылган, кыш бою ак эткенден так эттирген, жолду катар элеп-желеп дегдеткен жайлоо Кара-Шоро эле. Өйдөлөп бараткан-да алар эл тамшанып сөз кылган айтылуу Кара-Шорого жайлоо жадырап көркүнө чыгып, жай мезгили дүмбүл ышкындай солкулдап турган убакта жетип барышчу. Өрүштөрү кенен, чартарабы бүт жайыт, чөбү берекелүү ошо жайлоого барганда, Низам да тынбай көчө бермейин токтотуп, он-он беш күндөй бир жерде отуруп кала турган. Ошондо Абакирдин жаны жыргап, күнү туучу эле.

Жайдын толукшуган чагында Кара-Шоро чыны менен эле кооз. Бел курчоого жете буралып, бири-бирине оролуша шыкалып, арасында ар кыл ыраң гүлдөрү быжыраган көк орой чалгын; кокту-колоттордо асманга тик атылып чыгып, чыккан жеринде какайып катып, жашыл бүчүрлөрүн муңайым самсаалантkan шыңга бой карагайлар; тик боорлордо барпайган жашыл арчалар; тиги сайда тентек дайранын көк кашка суусу ак көбүк чачып шаркырайт, суйсалган кайың-талдар назик жалбырактарын байкалар-байкалбас желге эле илбереңки дирилдетип, леп-леп соккон шапатага шуудурай термелип, кадыресе шамалга катуу шуулдай жапырылып, деги кайсы абалында көрүнсө да көркү татына. Тоо баштарына тийип турган асман көпкөк. Борпоң ак булуттар эринчээк сулуулардай созулуңку керилип, асман көгүлтүрүнө чачыраган бойдон катып калган килейген ак көбүктөр сыяктуу ажайып булаат. Күн текши тийип турган тоо-тоолордун ар кайсы жеринде булуттардын калдайган көлөкөлөрү кара көлдөлөңдөй төшөлүп жатат. Каяктандыр каралжын-көгүш булут адашып келсе, күтүлбөгөн жерден



жылуу жамгырын төгүп жиберет; ошондо тоо арасы дыбыраган мукамдуу шоокумга толуп, күн нурлары менен жуурулушкан жамгыр тамчылары асман-жердин арасына тартылган ипичке күмүш зымдардай жылт-жылт дирилдеп турат. Жамгыр сабалап өтүп кеткенде, дүйнө шуудурумдөрүн жылт-жылт мөлтүлдөтүп, жароокер бир жарашык менен шоолаланып, ыйлап-ыйлап күлүп ийген баладай жадырай түшөт.

Кара-Шорого барганда Абакирге баягы балалык күндөрү кайра кайрылып келгендей болот. Дүйнө да, көр оокат да, жадагалса кой кайтаруу түйшүгү да ага башкача бир сонун көрүнүп кетет. Көңүлү бейкапар, уйкусу жепжеңил, ичтейи дайым ачык; башына ой-санаа жолобой, тирүүлүктүн мазасын тула бою менен сезип-туят: көз арбаган жашыл дүйнөнүн көркүнөн, бал татып тамшандырган жашоо кумарынан, көңүлдөгү билип турган күүлөрдөн эңги-деңги мас болуп жүрөт. Кийин какыраган чөлдө же күнү кайнаган талааларда ошо Кара-Шородо өткөргөн күндөрүн ичи элжирей эсине түшүрүп, самай-самай кыялына келтирип, ошонусунан канимет табат.

Кара-Шоро анын таңга маал көрчү түштөрүнө да көп кирет. Баса, түш демекчи, Абакир шумдук-шумдук окуялуу теңирден тескери түштөрдү анда-мында, асыресе сарсанаа менен кыжаалатка катуу чайналганда гана көрөт. Көбүнчө анын көргөнү же бала чагында башынан кечирген, же кийин эле өз көзү менен көргөн, же тилек кылып кыялданган жөнөкөй эле окуялар. Кээде ал өзү турмушта көрүп-билген кайсы бир окуяны түшүндө да дал ошо бойдон кайра кайталап көрөт. Бир гана кызык жери – анын түштөрү дайыма ар кандай түстөрдө болуп көрүнөт. Көргөн түштөрү жаны кыйналганда сапсары түскө чыланып, күйүт тартып жүргөндө кара менен кызылга жуурулушуп, көңүлү жай убакта көк-жашыл түстөнүп калат.

Кара-Шоро анын түшүнө демейде жапжашыл ыраңы менен кирет. Ошол жайлоо түшүнө киргенде ал көбүнчө кой кайтарып, чоор тартып жүргөн болот. Өзү айрыкча жакшы көргөн бир түшү бар. А түшүн өзү арбын көрөт, көргөн сайын кайра дагы көрсөм экен деп самай берет. Ошол түшүндө Абакир өзү дайыма Кара-Шоронун тескей жагында жүрөт да, таң кылайып аткан маалда чоорун тартып жаткан болот. Түзөңдө жуушап жаткан койлор ыңгырана ордунан козголот. Таңкы үрүл-бүрүл көгүлтүр түстөнөт, койлор көгөргөнсүп көрүнөт. Абакир чоорун тарткан бойдон коктуну өрдөп жөнөйт, койлор чоор үнүн ээрчип артынан оттоп бара берет. Ал өзү эки коктунун арасындагы жонго чыгып, чоколок[1] таштын үстүнө көчүк басат да, жан жагына каранат. Чар тарапта баары жашаң, баары көк-жашыл. Аңкыган таза аба жакындан айнектей көгөрүңкү тартып, алыстан тунук көк түс алып мунарыктайт. Асман өзгөчө бир мөлтүрөп көгөрөт. Абакирге жадагалса дайранын шары да, кайың талдын шуудуру да, койлор козгогон чөп-гүлдөрдүн шыбырты да көпкөк түскө боёлгонсуп угулат. Ал көк-жашыл тартып кулпурган, түркүн жытын буруксуткан, миң үндө жаңырыктап турган дүйнөнүн керемет жамалына аптыга таасирленип, көңүлүндө ийиген күүлөргө бүткөн бою балкып, чоорун кызый-кызый тартат, чоордун тешиктеринен жыбылжыган күүлөр көгүш жалын сыңары сызыла чыгып тургансыйт. Койлор болсо көк чөптөрдүн арасына көмүлүп, шабырт-шабырт шоокум чыгарып, жай гана капталдай оттоп келе берет. Абакир чоорун делебеленип тартат, койлор болсо капталдай оттоп отуруп жондун кырынан ашат да, берки коктуга оодарылат. Койлор көрүнбөйт, чөптөр гана шабырап, бырт-бырт оттогон дабыш угулат, кымыздыктардын аппак баштары гана андан-мындан былк-былк этип калат. Көгүлтүр шоолаларын чачыратып күн

[1] *Чоколок* – соксойгон, чыгып турган.



чыгат, дүйнө ого бетер жапжашыл боло түшкөнсүйт, койлор болсо коктунун наркы бетин капталдай оттойт, оттоп-оттоп бара берип, чоордун үнү кулактарына илинбей калган жерден кайра артына кайрылат да, анан чоор күүсүнө эриген койлор баягыдай эле коктулардын ал капталына бир оодарылып, бу капталына бир оодарылып оттой берет, оттой берет. Абакир чоор тартканын бир азга токтото койсо, койлор жалп өчкөн чоор үнүн жоктоп баштарын көтөрүп, көгүш тумшуктарын маңыроо ормойтуп, кайра угулар бекен дегенсип кулак түрөт. Абакир чоорун кайра тартса, койлор кайра оттой баштайт, жондун а капталы менен бу капталына алмак-салмак оодарылып, жерден башын албай оттой берет да, түшкө жакын курсактары кампайып тоёт, ошондо койлор чөпкө көңүлдөрү чаппай, бири-бирине аркы-терки моюн артышып, ыкыйып туруп калат. Чоор тарткандан чаалыккан Абакир болсо чалкасынан жата кетет. Көңүлүнө шыкалган күүлөрдүн баары чоор аркылуу сыртка чыгып, ошо күүлөрдөн бошонгон көңүлү кандайдыр бир жагымдуу оңкулдайт. Абакир укмуштай көпкөк асмандан көз айырбай көпкө дейре тиктеп турса, бир маалда ага өзүнүн капкара көздөрү да асмандай көгөрүп кеткенсип туюлат. Көгөргөн көздөрүн өзү көрө албаганына анча-мынча арман кылып жатса, аңгыча болбой асманда кызыл-тазыл-көк-жашыл ыраңда кубулжуп асан-үсөн жарк көрүнөт.

Абакир өзү жакшы көргөн түштүн эң кызыгы ушу менен бүтөт, андан нары же бала чакта башынан өткөргөндөрүн, же жакында эле көргөн-билгендерин, же ойго кирбеген тири укмуштарды көрө баштайт, же болбосо ойгонуп кетет...

Ал демейде койлорду саардан түшкө чейин гана эмес, бешимден эл жатарга чейин да чоор тартып кайтара турган. Бирок анын түшүнө дайыма түш болгуча кой кайтарганы гана кирип, кечиндегиси такыр кирчү эмес. Буга Абакир өзү да аң-таң. Кечкурун, өзгөчө кызыл

күүгүмдөн каш карайганча койду жайып салып чоор тартып отурган бир сонун го! Атүгүл Низам да кечки салкында кой откозгонду таңга маал откозгондон артык көрөт. «Түштөн кийин сугарбай суусатып, кечки шүүдүрүмгө жайса, кой кыйын семирет», – деп айтат. Деги Низам кой семирткендин миң амалын билет. Баарынан да койдун чоор күүсүн жакшы көрөрүн билип алганычы. Кой баккандын устасы. Кой дегенде ичип жаткан ашын жерге коё коёт. Кой өзү айткандай кайтарылбай калса, анын буркан-шаркан түшкөнүн ошондо көрүп ал. Былтыр койлорду чыңк ылдый сүрүп барып сугарганы үчүн койчусу Жапак чаар менен мушташып кеткен.

Малы оюндагыдай багылып турса, чыгашага учурабаса – Низамдан жакшы киши жок. Ырас, быйыл жайдан бери анын кыял-пейли кескин өзгөрдү, көңүлүнө кичине бирдеме төп келбей калса эле кыжыңдап уруша берчү болду. Арзыбас ишке албууттанып урушмай, өкүрүп-бакырып сөгүнмөй адат тапты. Кокус чын эле жин келтирчү ишке кабылса, жаалына чыдабай калчылдап, өзүн-өзү билбей кала турган болду. Албетте, ал жалаң малдын күйүтүнөн ушундай абалга жетти.

Анан калса чунак кишинин малга кароолугуна дабаа жок эле! Бир коюнан айрылса, эки-үч күн кабагынан кар жаадырчу. Кокус коюнан көбүрөөк чыгаша чыкса, тим эле бүк түшүп калчу. Ал эми кийинки жылдары байдын коюу көп ысырап болбодубу. Болжолу, ошондой коромжу аны күйүткө салып, ачуулу кылып ийди. Быйыл койчуларынын баары менен урушуп чыкты. Абакирдин бир таң калганы: канчалык ачуусу ашынса да, Низам ага бир ооз катуу айта элек. Кээде Абакир өзү бирдемеден чекилик кетирсе да, бай билмексен-көрмөксөнгө салып тим болот. «Уулум» деп жакшы көрөт, дайыма эркелетип сүйлөйт, чоор тартса, дегеле телмире тыңшап, жерге-сууга тийгизбей мак-



тайт. Дегинкиси Низам аяш акеси – жакшы киши. Канткен менен Карабай абасы экөө баталашкан дос да. «Карабай экөөбүз акыреттик доспуз», – деп калат ал кээ-кээде. Сөздүн ыгы келип калганда: «Кайлыгыңы өзүм алып берем, өзүм той кылып берем», – деп да коёт. Айрыкча жакындан бери Низам ага аябай мээрбандык көрсөтө баштады.

– Абакир уу, Оо Бакирбай!

Ой-кыялга аябай берилген экен, Абакир болор-болбос селт эте түштү. Бу кыжырлуу дарылдаган доош Айшакандыкы эле. Түштөнүп алсын деп чакырганы го, сыягы.

Айшакан – Низамдын кыргыз катыны. Мүчө-жотосу эркектикиндей москоол, жайык бети одурайган эткээл, кабактары менен эриндери шишимек тарткансыган калың, көздөрү куурай менен кичине оё чийип койгонсуп жылчыгый. Калп айткан менен болобу, өңү кыйла эле серт. Бирок кара жумушка калганда дегеле балбан, көр оокатка ченебегендей бышык, көчмөн турмушка жедеп көнүк. Дагы бир айыбы: эзели согончогу канап көрбөгөн неме. Низам анын үчүнчү тийген эри.

Айшакандын кызыктай бир оош-кыйыш мүнөзү бар. Ак «тайы» тутса андан жайдары, андан ак көңүл киши жок. Тек андай пейлинен айнып кетмейи да бат. Баарынан да ачуусу келгенде, жаасы катуу: бир чыйралып алса, оңой менен жанбайт. Беттери кара көк тартып саландап, эриндери дордоюп, көздөрү көрүнбөй жүлжүйүп, эки-үч күн катар ачылбай түнөрөт. Мынтмейи жайлоодон Булак-Башыга көчүп түшкөндөн кийин айрыкча көбөйүп кетет. Анын себеби эле ушул: эрин өзбек катынынан кызганып убайым жейт, күндөштүктүн күйгүлтүгүн тартып азаптанат.

Канткен менен кандаш эмеспи, Айшакан Абакирге ар убак ылым санайт, атүгүл кээ-кээде эч коромжу болбогон энелик мээримин да төгүп жиберет. Азыр дагы оокат ичип алсын деп жан тартып чакырып атпайбы.

Айшакан сөрүдө өзү жалгыз боргулданып чай ичип отурган экен. Жанындагы дасторкондо кызарып бышкан тандыр нандар жалтырап чачылып жатыптыр. Абакир ысык токочтордун бурулдаган мазалуу жытына магдырай түштү. Ал Айшакандын баш буруп карап койбогонун, таарынгансып дулдуйганын таназар албай, дасторкондун берки четине катынча жүйүртө отурду.

Айшакандын аткыйган кара тору бети нымшып, кочкул-кызарыңкы тартып жылтырап, жаактарынан салааланып тер сарыгып атыптыр. Ал дулдуйган калыбынча чынысын жерге койду да, сол колу менен далбыраган оң жеңин учунан кабаттай кармап, жаактарын тегерете аарчып чыкты. Анан кабагын карыш салган бойдон башка чыныга чай куюп, Абакирге куду кекеткенсип тик карабай сунду. Ичи жыйрылып, саал ыңгайсыздана түшсө да, Абакир капа болгон жок. Себеп дегенде Айшакандын көмүскө дарты ага дайын эле: кыйладан бери Низам эмнегедир ага жолобой, өзбек катыныныкында түнөп жүргөн.

Экөө үч чыны түгөткүчкө тил катышпай, нандан балч-балч чайнашып, чайдан шоркурата уурташып, өз-өзүнчө чулчуңдай беришти. Анан Айшакан чынысын бошотуп, дагы жанагинтип терин шыпырды да, капыстан корс этип ийди:

– Кет! Эсиң барда кет!

Нанын чайнап, чайдан эми бир ууртаган Абакир чакай жаздап барып араң калды. Чайнаганын жутуп ийгенге да шаасы жетпей, аябай аң-таң калып Айшаканга бакырайды. Анын баёо карашында «капырай, сизге эмне болду, сиз жаман көргүдөй мен эмне кылдым, кайсы жеримен жазып-тайдым» дегендей түкшүмөл суроолор бар эле.

– Ушу битин сыгып, канын жалаган жаман түрк сага жакшылык кылабы? – деди Айшакан саал жоошуй бапылдап. – Калп эле уулум деп койсо, ошого эле алданып жүрөсүң. Билгиң келсе, Низам сени Кашкарга кошо ала кетем деп атыптыр! Кул кылганы алып кеткени атыптыр.

Абакир бир кур көздөрүн ого бетер бакырайтып, жалдырама тийгендей өзгөчө маңыроо тартты. Анан ичи тыз-тыз ачышып, жүрөгү түрс-түрс каккылады. Оозундагы чайнаганын бир күрмөп курк жутуп жиберип, саал аптыга түшкөнсүдү.

Тулупка кыжынып нан салып аткан Айшакан дагы чочугандай:

– Өлүгүңдү гана көрөйүн сасыган түрк! – деп бурулдап калды. – Койлорун сатканын сурасам, дегеле башкага чаргытат. «Баары бир өкмөт алып койгудай, андан көрө пул кылып коёлу» дейт. Көрсө, Кашкарга качарын менден жашырган турбайбы! Жаман оюн кечээ күнүбачаман (күндөш) угуп, оозуму эле ачып калыптырмын. Таң калганымы көрүп күнүбачам: «Нима, сизге айтмаганмиди?» – деп күйдүрбөдүбү» Дагы жөн айтпай, дегеле ойсоктоп, кыйынсынып айтат.

Абакир уйгу-туйгу оюна заматта алдырып койгон эле, Айшакандын арман-зары анын кулагынын сыртынан кетип жаткан эле. Ал оокатка бата кылбай эле ордунан турду да, дугдуңдап жөнөп берди. Айшакан оозунан сөзүн түшүрүп, Абакирдин аркасынан аңкайып карап калды.

* * *

Низам Анжияндан кеч бешимде атчан чыгып, даңгыр кара жолдо темине бастырып келатты. Анда-санда алдынан атчан же эшекчен бирөө оропара чыкканда гана камчысын көкүрөгүнө туурасынан кармай салам айтып же алик алып койгону болбосо, башында уйгу-туйгу самсыган санаалары менен алышып келатты.

Деги ыңкылап чыккандан бери анын кабатырланбай, сарсанаа жебей, беймарал көңүл ачык жүргөн

күндөрү боло элек. Баягы үйрөнгөн жоосу кыргыздардын өткөн заманда «түрктүн коюн уурдаса, сооп болот» деп тийип-качып койлорунан уурдап жүргөнү жөн эле тамашадай бир кеп экен. Кыргыздар өйдө-ылдый өткөн сайын баш-аягы жыйырма-отуздай коюн ажыратып калар эле – ошого да жаны кейип, сөгүнүп жүрүптүр! Кийин басмачылар деген балакет чыкпадыбы. Алар анын койлорун сурабай эле атасынын малындай четинен сүрүп жеди го. Кылычын жалаңдаткан жалаңгычтар демитип келсе, бер дегенин бербеске ылаажы жок экен. Кыңк этип моюн толгосоң, башың анделек (эрте бышар коондун бир түрү) сыңары тоголончудай. Бу чалды-куйду заманда адам өлтүрүү чымын өлтүргөн менен барабар болбодубу. Кызылдай жут басмачылар талап, бир жагынан кыргыздар уурдап, төрт-беш жылдан бери коюнун үрөйүн учуруп ийишти. Буга ичинен кан өтүп, кабыргасы сөгүлүп жүрдү. Зээни кейигенден, амалынын жогунан бар күчүн каракчы басмачыларды, ууру кыргыздарды, тополоң заманды ашатып сөккөнгө чыгарды.

Быйыл жазда төртүнчүлөр (кызыл аскерлер) басмачылардын шайын кетирип, тымтыракайын чыгаргандан кийин Низамдын жакшылыктан үмүтү кыбыр-кыбыр жандана түшкөн. Заман кайра тынчыса, коюм кайра көбөйөр деген ойго аздыр-көптүр азгырыла баштаган. Аңгыча болбой эл арасында ар кандай имиш-имиш ансыз деле жабыркап жүргөн түрктү ого бетер беймаза кылды. «Бу жаңы өкмөт жалаң кембагалдын өкматы болот экен, эми чор тамандар сурак жүргүзөт экен, байлардын жер-мүлкү менен мал-салын өңчөй итке минген томояктарга тартып берет экен». Каерге барбасын, кулагынын кужурун алган ушул сөздөр эле. Жайында жайлоодон Анжиянга жумуштап барып – ал шаарда бир өзбек досунун орусча окуган көзү ачык уулу бар эле – ошондон өзү көп уккан имиш-имиштердин



калп-чынын атайы сурап көрдү. «Сизге окшогон байлардын малын алары чын, – деди досунун баласы. – Азыр болбосо да, кийин-кийин ортого алат. Бу өкмөт бай аттууну жок кылат».

Жай айтылган ушул сөздөр Низамды катуу бирдеме менен башына бир койгондой кеңгиретти. Жайлоого кайра барганда гана ал эс-учун жыйды.

Ыраматылык атасы экөө ичпей-жебей тиштенип жүрүп эки жүзгө жеткирген койду миңге жеткирем деп далай жылдар кара жанын карч урду, куду кулдан кем калышпай эзилип иштеди, бир кийген кийимин кайра-кайра жамачылатып самтырагыча кийди, бала-чакасын оокат менен кийимден кысты, кыргыздарга «Низам сараң», «түк алдырбас жаман түрк», «сасык бай» атанып күлкү болду. Баарына түтүп, буюрса, эки миңге чаап барып калат деп кудуңдап жүргөн чагында ооматы колдон жылмышып, куюшканы кыйшайбадыбы. Анын коюн көрүнгөн карактап, көрүнгөн талап жеди. Кою көбөймөк турсун, азаайын деп кетти. Канчалык таланып жатса да – бу кой жаныбарың кебелбес кен болот экен – малынын саны дале бир кыйла бар эле, төрт-беш жыл жайына жөн койсо, дале күтүрөп көбөйө түшөт эле. Басмачылар менен кыргыздардын кылгылыгы аз келгенсип, эми анын шоруна чыккан кембагалдар өкматы коюнун жугун калтырбай алганы жаткан турбайбы. Жан сабаган мээнет менен тапкан малын даңгесе (жалкоо) томоятар бекер эле ээлеп кетет турбайбы.

Томояктар койлорун топ-тобу менен талап алып жатканын элестетип көрүп, Низам жаалы чыгып калч-калч этти. Өзү коюнан биротоло айрылып, сандалып калганын көз алдына келтирип көрүп, төбө чачы тик турду. Адалдан тапкан малынан ажыраган соң жер үстүндө темтейип басып жүрүшү кыйын эле. Койдон кол жууган соң көргөн күн курусун! Бирок бу өкмат

аман турса, ага күн көрсөткүдөй эмес, коюнан кол жуудургудай.

«Айла барбы, койдон айрылат экенмин» деген ой менен Низам эч келише албады. Анын жаны кашайып, ою бир жерге токтоно албай, нары-бери удургуп, туш келди жакка далбасалап чабыттай берди. Койдон ажырагандан көрө өлүм артык көрүнүп, койлорун өз колу менен союп-кырып таштаган соң өзү кошо өлгөнгө ниет кылды. Албетте, бул жан күйгөндөн чыккан чалагайым ниет эле, башына келер замат кайра өчтү. Күтүлбөгөн жерден мусулманчылык ыйманы козголо калып, а дүйнөнүн камын ойлоп кетти: койлорун бей-бечараларга таратып берип, ошондон сооп тапкысы, Меке-Мединага карай ажылыкка аттанып, ошо жакта аманат жанын Алла Таалага кайра карматкысы, тозок бетин көрбөй эле шыдыр бейишке чыгып баргысы келди. Ойлорун ойлоп алып, кайра эсине келе түшкөндө: «Койду аман сактап калганды ойлобой, жоготконду ойлойсуң, сенсиз деле аны өкмөт жоготкону жатат», – деп өзү менен өзү урушту. Бир туруп кыялы менен койлорун айдаган бойдон көз көрбөгөн жакка өтө качып жүрдү. Бирок көз көрбөгөн жер кайда экенин билбейт эле, кача турган жакын жери жалгыз Кашкар болчу. «Кой менен Кашкарга өтүп кетсе болобу?» деп аякка барып-келип жүргөндөрдөн сурамжылады, алардан азыр чегараны кызылдар катуу кайтарып калганын угуп, көкшүнү сууду. Бир туруп кыялында кембагалдар өкматынын эң чоңуна барып, анын алдына чөгөлөй кол куушуруп: «Таксыр аке! Мен бир бечарамын, кой оозунан чөп албаган момунмун. Бей-бечаранын акысын жеген бай деле эмесмин, малымы таман акы-маңдай теримен тапканмын, койчуларыма азап тарттырган жокмун. Бу дүйнөдөн мага эчтеке керек эмес, кой эле керек. Койсуз күн өткөрө албайм, менин коюму ала көрбөңүз. Сураганым эле ушул, башка эчтеме сурабайм. Жок дегенде



мен өлгүчө коюму тим коюңуз, көбөйө берсин, өлгөндөн кийин алсаңар мейли!» деп жалбарып да көрдү. Бу деле мукурагандагы кур кыял эле. Айтор, канчалык баш катырса да, койлорун аман сактап калыштын амалы табылбады. Заманасы куурулуп, кайгы-зары ырбай берди. Бейдабаа сарсанаалар аны уйкудан бездирип, жүрөгүнүн сары суусун алып, жүдөтүп жиберди. Жаагы шылынгыча арыктап, оркоюп чыккан бет сөөктөрү ормойгон мурдун ого бетер ормойтуп, көздөрү чанагынан тереңине чүңүрөйүп кирип кетти.

Анын ой-санаасы, байсал таппай удургуп жүрүп, акыры Кашкарга качмайга токтолду. Андан башка сыйынт табар жери жок эле. Бу жерде койлорун бүт дилдеге айландырып, аякка барганда кайра кой сатып алмай болду. Астына салып кой айдап жүрбөй жансактаганды ал жансактадым деп санабайт эле. «Ошо жакта кой багып жүрө турайын, кокус заман оңолуп кетсе, кайра келип алам да» деп ойлоду.

Кабыргасы кайышса да койлорун сатып, дилдеге айландырып, азыр ошо Кашкарга кетиштин камында көчүгү жер жыттабай өйдө-ылдый чапкылап жүргөн кези.

Чет элге качарын биротоло чечип, оюн бир жаңсыл кылса да, анын көңүлү дагы эле бушайман. Деги аны кудай таала сарсанаага, кайы-капага, карандай кыйноого жараткан окшойт! Бара турган сапары опурталдуу, аякка барып байып кетем дегени деле тобокелге салган бир иш. Ата Журтуңан айрылган соң, башың алтын болсо да, мусаапырсың. Кошо кетип, мусаапырчылык күндөрдө арка-жөлөк болчудай жакын тууганы жок. Тобокелчилик иште жанына эш болгудай эр жеткен уулу жок. Өчөйгөн өзбек катыны – эсеби, ал байбичеси – жалаң кыз тууй берип, акырында бир уулча көргөн. Анысы азыр он экиге араң карады. Азыр өзү менен кошо ала кетейин десе – кысталак, бир аз жашы-

раак. Ажал дегениң каш менен кабактын арасында эмеспи, кокус өзү мусаапырлыкта пендечилик кылса, боконосу бекий элек баласы кор болуп калышы бар. Эгер аякта кудай «ал кулум» деп ишин оңоп ийсе, уулун, балким, энеси менен кийинчерээк алдырып алар. Заман оңолуп кетсе, же өзү быякка келер. Азырынча баланын энесинде калганы жакшы. Жубан алган кыргыз аялы, – эсеби, ал токолу – бечара, оокатка бышык, өзүнө күйүмдүү, айыбы эле туубайт. Мурунку эки эри аны ошо туубаганынан коё берген экен. Аны, буйруса, кошо ала кетет. Бирок ага Кашкарга качарын айта элек. Деги ыймандай сырын эч кимге айта элек, бир күнү өзбек катынына түкшүмөлдөтүп чет-петин чыгарган. Ушу заманда бирөөгө сыр айтып болобу, ээрчип жүргөн көлөкөң да өзүңө айгак чыгышы мүмкүн. Анын үстүнө, Айшакандан кам санабайт. Катын деген ийнеге сапталган бир жип го, эри кайда кетсе, артынан сүйрөлүп кете берет. Бирок чоочун жер, жат элге Айшакан экөө эле сенделип бармак беле. Катындын иши катын да – бир ишенчиликтүү эркек шерик керек. Көптөн бери ушу Абакирди азгырып ала кетсем деген ой көңүлүндө багылуу. Куулук-шумдугу жок кудайы момун бир бала. Мурдуна чүлүк салып жетелеп алса, кайда болсо кете берет. Талаагерчиликке аябай бышты. Канткен менен кол бала болуп калбадыбы, андан артык ишенчиликтүү шерик табыш кыйын. Аны Кашкарга кошо ала барса, кой кайтартып коёт. Энеси муну атайы койчулукка тууган шекилди. Өмүрү өткүчө койдун артынан эле жүрө турган неме. Чоор ышкыртканына болсо дабаа жок. Кашкарга барганда, ага бир томояктын кызын алып берип койсо, катыны экөө тең анын кул-күңү болбойбу. Бирок аны кантип ээрчите кетет? Абакир чөнтөккө салып кеткидей дилде эмес, кара баштуу киши эмеспи. Эми аны кандай амал менен азгырып ала кетиш керек?



Көңүлүн өйкөп жүргөн бул суроо Низамды айрыкча бүгүн катуу ойго салды. Ал лок-лок жорткон басыгы жок атынын үстүндө сокоң-сокоң чайкалып келе жатты, жолду ката оюнда издегени ошол Абакирди кантип азгыруу амалы болду. Кашкарга качам деп болжогон күнгө али он күндөй убакыт бар эле, ага чейин тиги суроого бир жаңсыл жооп табышы керек эле.

Низам ар кайсы амалдын башын акылы менен тескеп-териштирип көрдү. Дегинкиси Абакирдин өз ыктыяры менен кошо качканы жакшы эле. «Ага чынымды айтсамбы? Кашкарга бирге качалы десемби? Катын алып берем, кой бөлүп берем, сени дагы бай кылам деп алдасамбы? Пейли жумшак неме, мени ызат кылат, көңүлүмү кыя албай, бир чети дүйнөгө кызыгып бирге кетип калар». Бирок ал бул оюнан бат эле айный түштү. Дүнүйөнүн кызыгына али тартыла элек баланын «байытам» дегенге дароо эле азгырылышы кыйын эле. Анын үстүнө, ал «Кашкар» деген суук сөздөн жүрөгү түшүп, айлына качышы мүмкүн эле. Жолду жакшы билет, оңой эле качып кетет. Сөздүн чынын айтса, анан Абакир үйүнө качып кетсе, Низам анча деле таң калмак эмес. «Анын ордунда мен болсом, мен деле үйүмө качат элем», – деп ойлоду Низам, – Жок, айтыш жарабайт, айтсам качырып ием».

«Кенже кызым бойго жетип калды, же экөөнүн башын кошуп койсом бекен? Баланын катын күсөп жүргөн чагы, катындын койнуна жатып көрө элек, кызымы алып берсем, бала ургачынын мазасын татканып алса, башы айланып кете албай калат эле, мага жипсиз байланат эле» деп ойлоду да, ошо жерден жүйөлүү суроого кабылды: «Анда кызымы кошо ала кетемби?» Капыстан чыга калган бул суроо аны мындай оюнан да дароо айнытты. «Жок, болбойт, – деди ал. – Кыз бала жол азабына чыдай албайт, мусапырчылык

түйшүгүнөн түйтөйүп жүдөп кетет. Анын үстүнө, жолтоо кылгандан башка пайдасы тийбейт».

«Же бизди чегарага чейин узатып кел деп ээрчитип алсамбы? Ал чек аранын кайсы жер экенин билип коюптурбу, туура эле Кашкарга алып кетип калам». Мындай амалы да өзүнө жаккан жок. Ал ошентип айтса, ал эми Абакир: «Силер нары кетсеңер, чегарадан бери өзүм жалгыз кантип келем? Келе албайм го, Низам ата, силер жакшы баргыла, мен үйгө эле кетейинчи!» деп көздөрүн чачыратып туруп алса, ал ийип кетет, баланы үйүнө коё берет.

«Кашкарда кой ит бекер экен, ошоякка барып кой айдап келебиз, бир каттасак эле байып жатып калабыз, сага акың үчүн элүү кой, жок, жүз кой берем деп алдасамбы? Алданганын Кашкарга барганда эле билип калсын». Ушуну ойлогондо анын көз алдына алдангалнын Кашкарга жеткенде гана билген Абакирдин нестейе жалдырап, турган жеринде делдейип катып турганы кадыресе жандуу келе калды. Ошол элес аны болор-болбос селт дедирди. Өзүнө куду атасындай ишенген жоош баланы ырайымсыз алдай турганына уяла түштү. Эркинен тышкары Карабай (а жөнүндө ойлонгондон жалтайлап качып жүрдү эле) эсине келди, аны да сызга отургузуп кетерин ойлогондо, ого бетер бети чымырады. Капыстан өзүнө өзү жексур көрүнүп, өзүнөн көңүлү жипкирип кетти. Камчысын атынын чандырына басып-басып алды. Аты диртилдей селт этип, локоң-локоң таскактап жөнөдү. Ат кайра демейки басыгына өткөндө, Низам чымырканып жатып козголо түшкөн уятын, ийий түшкөн боорукерлигин, өзүн-өзү жек көрө калганын басты. «Бу жанкечтинин заманында таштай катуу болбосоң болбойт, – деп ойлоду ал. – Баланы ала кетем. Азгырып ала кетем».

Низам үйүнө жакындап келгенде, көз байланып калган эле. Анын кулагына алыстан эле чыйылдаган



чоор үнү чалынды. «Азамат! – деди ал ичи жылып. – Салкында оттотуп аткан экен. Алтын эле бала да! Ушуну кантип таштап кетейин? Жок, колу-бутун байлап болсо да алып кетем!».

Дагы саал бастыра бергенде Низам чоордун доошу демейкисинен бир башкача өзгөрүп, кандайдыр бир муңканып чыгып атканын байкады. Мурда ал Абакирдин мынтип боздотуп-сыздатып чоор тартканын эшитип көргөн эмес. Бир паска атын жай бастырып, ыкылас менен кулак салды да: «Деги бир муңкантып калыптыр, балага эмне болгон?» – деп жөн гана таңыркап койду.

Ал адегенде өзбек аялыныкына кайрылып, аерде эл жатарга дейре кармалды да, анан жайынча басып Айшакандыкына келди. Абакир койлорду короого камап таштап, өзү там башына чыгып жатып алган экен. Низам эшикти кагып, Айшаканды чакырды.

* * *

Низам демиккен алында чалкасынан шалдайып жатты эле, бир маалда там аркасынан ат дүбүртү угулгансыды. Кулак түрүп тыңшагыча болбой, дүбүрт даана билинип, имерилип тамдын астына чыкты. Дүбүрт бир эле аттыкы эле. Низам сестене түшүп, оюнда «жети түндө келген бу ким болду?» дегиче болбой, ат терезенин тушуна токтоп калды. Низамдын колу жаздыкка жаздана жаткан канжарга шап жабыша түштү. Аттын чаалыгыңкы тыноо какканы угулуп турду.

– Низам ой! Низам! Барсыңбы!

Чакырган кыргыздын үнү эле, аябай сүрдүү чыккандай болду, кандайдыр тааныш үндөй угулуп кетти. Низам обдула башын өйдө көтөрүп, кимдин үнү экенин бүшүркөп таанбай, канжардын сабын мыкчый кармап, сестейе катып калды. Айшакан ага акырын ыктай жылып жатты.

Атчан эңкейе берип, жылчыйган терезенин айнегин камчы сап менен тарс-тарс кагып:

– Эй, ким бар үйдө? Низам кайда? Үйдө барбы? – деп демите кыйкырды. Атчан калдайган тегерек тебетейчен экен.

Низам канжар сабын бекем мыкчый:

– Кимсиң? – деп үн катты. Доошун айбаттуу чыгарайын десе, саал калтаарыган ыргак менен чыгып калды. Айшакандын жылуу деми жылаңач этине бат-бат тийип, колундагы канжар болор-болбос кыймылдап турду.

– Низамсыңбы? – деп атчан үнүн пастата сурады да, жооп күтпөй эле жайыраак айтты. – Мен элемин. Карабаймын.

Низамдын чыйралган денеси кайра шалк дей бошоңдоп, сестейе чочуп турган көңүлү дароо жайлана түштү. Канжарын кайра жастыктын астына тыга койду да:

– А-а, Карабай белең? – деди. Бул айтканында беймаралчылык менен таңыркоо аралаш эле.

Айшакан кыртышы сүйбөгөн кыязда:

– Карабаймын дейби? – деп акырын сурады. Ал караңгыда ыштанын кие албай будаланып жаткан эле.

Низам шашкалактап дамбалынын ычкырын байлай туруп баратып:

– А-а, Карабай белең? – деп кайталады. Бул айтканында наразылыктын жышааны бар эле.

Жыңайлак буттарына көлөштөрүн иле албай карайлап жатып:

– Айшакан, чырак жак! – деп буюрду да, эшикке карата айтты, – Карабай! Мына, мына, чыгып баратам. Айшакан, көрпө-төшөктү жый, орун сал! – деди да, эңкейе берип босогодон аттады. – Ассалоомалейкум, Карабай бировдар! Тынччылыкпы теги?

Карабай аттан түшүп, зыңгырап уюп калган буттарын жаза албай, атын жылоологон бойдон теңселип



турган эле. Ал тайтаңдай ыргалып, атын жетелеп, утурлай басты:

– Тынччылык эле. Кандай, аман-эсен жатасыңарбы? Мал-баш аманбы?..

Жаздыктар жакка апыл-тапыл түрө койгон төшөк-жууркангa такай көрпөчө төшөк салынган экен. Карабай ошо төшөккө келип отурду. Низам айып кылган баладай андан бетин ала качып:

– Отура тур, – деди да, шымы менен маасысын көтөрө карбаластап сыртка жөнөдү. Айшакан да оозгу үйдөн эшикке чыгып баратып ички үйдүн Низам жаппай чыккан дарбазасын жаба кетти. Анын колунда чөөгүнү бардай көрүндү. Карабай алардын эмнеге кеткенин биле коюп, болор-болбос чарчаңкы жымыйды.

Карабай каалгыган оюнда: «Кете элек экен ырас, жүрөгүм түшүп калбадыбы», – деди. Ал Низамдын үстүнөн чыкканына ыраазы болуп турган эле.

Ал төшөктүн үстүндө мандаш токунган бойдон коркыйлага өзү жалгыз отуруп калды. Коргошундай оорлошкон денеси магдырай талыкшып, көзү жумулуп үргүлөп баратты. Ылдый кыйшайып шылк дей түшкөн башын селт өйдө кылды, артына чалкалай кол узатып жаздыктын бирин бурдай кармады, жаздыкты сүйрөй жанына тартып, ага чыканактай жамбаштап жатты.

Уйкуга карамыккан Карабай: «Ырас үстүнөн чыкпадымбы», – деп илең-салаң ойлонду да, кайра кабатырлана түштү: «Капырай, булар ушунча жоголушабы?»

Бата кылышкандан кийин жүзүн муң чалган Карабай Абакирден камтамаланып сурады:

– Жүдөп алышыппы? Капалуу дедиңби?

Абакир, аптыга улутуна берип, баш ийкеди.

– Көптөн бери куран окутпай калбадыкпы, ошого капа го арбактар, – деп Карабай убайымдуу жер карады. – Өткөн айтта дагы улак-мулак соё алганым жок...

– Токто десем токтобой коюшту дедиңби?

– Мени карашпайт, чакырсам токтошпойт. Атчан кетип эле атышат. Жүгүрөйүн десем бутум баспайт.

– Ошо карашпаганы жакшы. Кошо кетип калсаң, менин көзүм кашайбайт беле. Өмүрүң узун болот экен. Кой, жерге түшөлү. Бетиңи жуу.

Алар тамбашынан жерге түшүштү.

– Сени алып кетем го. Келиниңерди алгыла деп кудалар шаштырып атат. Жуучулар келе берип аларды да жүдөтүп ийди окшойт, – деди Карабай Абакир менен катарлай басып. – Низам ойгонсо сүйлөшүбүз го. Ал Кашкарга качкан аткан турбайбы. Убадасына турса, таман акыңы түзүк эле берер.

Абакирдин жашы кургаган көздөрү бирине-бири жабышкан кирпиктеринин арасынан ойноктой чачырап, бетине күлүмсүрөө жайнап чыкты. Ал Карабай абасына жадырай күлүп карап койду да, күлүңдөгөн бойдон иттин күпкөсүндөй тепейген бир тамды көздөй адымдап басты.

Карабай кантип келип калганын божурап Абакирди ээрчип бара берип, тепейген тамга жакындаганда жытынан анын ажаткана экенин биле калды да, оңтойсуздана түшүп артына бурулду:

– Таң аткан турбайбы. Кой, Низамды ойготоюн.

* * *

Низам чай үстүндө көздөрүн кейиштүү киртийтип отурду. Карабайга ал качайын деп жатканы чын экенин айтты. Карабайдын Абакирди алып кетейин дегенине деле ал дароо макул болду. Сөз анын таман акысына келгенде гана Низамдын ач көздүк адаты кармай калды. Жарым жыл эрте кетип жатканы үчүн Абакир убадалашкандан бир кой кем аларын, ошо кем алганда сегиз кой аларын ал купуя эсептей салды да, ичи оору-



на түштү. Акыл-оюн ары-бери жүгүртүп, бересе сегиз койдун санын жети же алты кылсам, ал эми кошумчага кошмок болгон эки козуну эптеп бербей койсом деген-дин амалын издей баштады. Кантип мант берсем деп акыл иштетип жатканда, анын башына бая күнчөрөөк көңүлүнө түйүп койгон бир ой кылт келе калды.

Низам өзү сатып жоготуп жаткан мал нары ата мурас, нары адалдан тапкан мал эле, эми Кашкарга барып кайра байыймын деп ошо малынын тукумун таптакыр үзүшү арбакка жакпаган иш болот эле. Не бар, не жок, кокус заман оңолуп, өзү элге кайтып калса, кайра барышка көрөңгө болгудай адал малдын тукумун сактай туруу зарыл эле. Ал эми кой тукумун сактап тура турган Абакирден артык ишенчиликтүү кишини ал төгөрөктү төрт тегеренсе да таба алмак эмес.

Дал ушул ой азыр Низамдын эсине кылт этип, аны ач көздөнүп кытмырлангандан кармап калды. Ал Айшакандан эшикте жүргөн Абакирди чакыртып, жанына отургузду. Ага сегиз койду түгөл берип, алардын үстүнө тукумун үзбөй бага туруш үчүн төрт тандамал коюн кошуп бермей болду. Кошумча кылам деген эки козуну ошо төрт койдун эмки жылкы төлүнө ыйгарып салды. Абакир менен ата-бала болуп калганын, Карабай менен кыяматтык дос экенин кайра-кайра айтып, ушу тукумга деген койлордун башы бештен эч кемибей турушун алардан аябай суранды. Ичинен кымыңдап сүйүнгөнү бетине шоолаланып тээп чыккан Абакир жер карап, көздөрүн жайнатып, Низам айткандын баарына ойлонбой эле баш ийкей берди. Карабай болсо кошумчага кошом деген эки козуну досу нак бербей, насыя төлгө шылтап койгонуна кыйтыя түшсө да, мурчуюп унчукан жок. Деги чай үстүндөгү сөз ынтымак менен жакшы бүттү.

Карабай менен Абакир он эки койду алдына салып айдап жөнөгөндө Низам Айшакан экөө кан жолго дей-

ре узатып келишти. Карабайдын атын жылоосунан кармап алган Низам жолго жакындай бергенде мындай деди:

– Унута жаздапмын, айтып коёюн, Карабай. Алиги аманат төрт кой, буюрса, эмки жылы беш болот. Наркы жылдан баштап ошо беш койдун жылда тууганын жылда сата бергиле. Эки козунун пулун... жок, үч козунукун биердеги бала-чакама берип тургула. Экөө болобу, үчөө болобу, калган козулардын пулун өзүңөр алгыла.

– Куп болот, Низам. Аманатыңан эч кам санаба. Өзүң айткандай кылабыз, – деди Карабай. – Жыл сайын менби, Бакирби, теги бирөөбүз бала-чакаңан кабар алып турабыз, колубуздан келсе, каралашып турабыз.

Жолдун боюна жеткенде, Низам Карабай менен эки айкаша кучакташып коштошту да, аны колтуктап аттандырып жатканда ыйлап ийгенге аз-аз калды. Ал Абакирге кайратын үрөй ак батасын берип, аны менен кучакташып коштошуп жатып, бышактап ыйлап ийди. Бетин тескери ала качып, жашын жеңинин учу менен сүрттү.

Муунун бошоткон ыйын чымыркана басып:

– Ата-бала болуп калдык эле. Аманат койдун тукумун үзө көрбө. Заман оңолсо, кайра келем. Кокус көз жумсам... – деди да, кайра жашып кетти. – Жаман кабар... уксаң... куран окуй жүр...

Абакирдин да мууну бошой түштү. Айшакан болсо балактап ыйлап алды. Карабай ат үстүндө алакандарын маңдайына жая берди:

– Кана! Кудай жолуңарды ачсын! Барган жериңерден береке тапкыла! Ылайым жамандыктын бетин көрбөгүлө! Оомийин!

Баары жабыла бата кылып ийишти. Карабай менен Абакир кайра да кайырлашып жолго түшүштү. Алар кичине узай бергенде, Айшакан ыйламсыраган доошу менен:



– Аяшка дуба деп койгула! – деди.

Эки жылдан ашуун жаман-жакшыны бирге тартышкан ушул эки кишинин ыйлап калганына Абакирдин боору аябай ачып, кыйлага чейин капаланып келди. Карабай абасы да унчукпай атын илкитип келатты.

Койлор болсо жолдун ортосу менен баратты. Куйруктары салпылдап, баштары кейкектеп, туяктары кадыресе чаң ызгытат. Улам-улам жолдун чаңын бур уюлгута бышкырынып коюшат.

Ичинде туйлаган кубанычы Абакирдин жаңкы капалыгын бат эле сүрүп чыгарды. Ал койлорду чыбык менен айдап коюп, алды жагына күлүңдөп карап баратты. Кыялында эчак эле айлына жетип, кыя таянып калган эле.

– Киспуруш түрк, эки козуну ойдолотуп нак бербей койду, – деди бир маалда Карабай. Ал тебетейин маңдайына жапшыра кийип, ээр кашка кыйшайыбыраак таш өбөк салып, улам чырт түкүрүп коюп келаткан эле.

Кыялы айылга чаргып, буттары чаңдуу жолдо бараткан Бакир унчуккан жок. Бир аздан кийин Карабай дагы:

– Мынабу эки четкиси аттай койлор экен, калыңга өткөрүп ием, эмки жылкы тууганын акыйып күтүп отурмак белек, – деди.

Бакир: «Койсоңузчу, аманатты да ошентчү беле» деп айтайын деп, кайра айткан жок.

– Бу Низамың эми кайта келбейт го, – деди Карабай. Келерин кудай билет.

# ТОКОЙДОГУ ОКУЯ

*(Балдар үчүн пьеса)*

**Кейипкерлер:**
Кунуча (Бобрёнок)
Бачки (Лисёнок)
Соёчор (Оленёнок)
Мамалак (Медвежёнок)
Чоңчөө (Гиена)
Чөө (Шакал)
Чие (Мышонок)
Сагызган (Сорока)
Кош аяк (Тушканчик)

**Биринчи көшөгө**

Токойдогу көк майдан менен Мамалак илээлей басып, муңкана ырдап келет.

Мамалак:

Токойдогу көп айбанат,
Ар бири ар кыл жан багат.
Бири ийинге жашынып,
Бири жерде жөрмөлөп,
Өңчөй тилсиз макулук
Өз-өзүнчө күн көрөт.
А мен болсом – Мамалак,
Калың черди аралап,
Бир жан кошпой жаныма
Жалгыз жүрөм дайыма.
Жанымда жок эне-атам
Жалгыз каңгып келатам,
Жалгыз, жалгыз келатам.

*(Көк майданга Соёчор секирик салып атып чыгат.)*



Мамалак: Эмне, жин тийдиби сага?

Соёчор: Машыгып атам. Жүгүргөнүнөн да, секиргенинен да чемпион болсомбу дейм.

Мамалак: Эмне кереги бар анын?

Соёчор: Билбейм. Ата-энем «керек дейт, аткан окко жекирбес үчүн керек» дейт.

Мамалак: Кел, дос бололу?

Соёчор: Эмне, эмне? Деги аюу менен бугунун дос болгонун укканың барбы?

Мамалак: Бугу менен аюу дос боло албайбы?

Соёчор: Боло албайт.

Мамалак: Эмне үчүн?

Соёчор: Аюу дегениң кээде бугуга кол салат, жара тартып этин жейт. Анан экөө кантип дос болсун?

Мамалак: Экөөбүз бала чагыбыздан достошуп жүрсөк, мен сага өлгүчөктү катылбайм да.

Соёчор: Анын ырас дечи. Бирок сактыкта кордук жок. Соёчор Мамалактан оолак эле жүрсүн.

Мамалак: Дос бололу десем, эч ким макул болбойт. Эмне үчүн, я?

Соёчор: Жамансың да анда. Жакшы болсоң, дос табат элең го.

Мамалак: Мен жакшы элемин.

Соёчор: Жакшы болсоң, неге сага дос чыкпайт?

Мамалак: Кышын-жазын уйкум эле келе берет. Балким, дос таба албаганым ошондондур?

Соёчор: Болсо болот. Дайым эле уйкусурап жүргөнгө ким дос болмок эле? Баса, жайындасы кантип жүрөсүң?

Мамалак: Жайын-күзүн дос күткөнгө чолом тийбейт. Бал издейм, жер-жемиш терем.

Соёчор: Такыр чолосу тийбегенге ким дос болмок эле. Жакшы кал. *(Оюн салып чуркап кетет.)*

Мамалак *(дагы муңкана ырдап):*

Басам баатыр майпайып,
Бирок жүрөм сактанып.
Балким билер досум ким?
Баягы эле өзүммүн!
Дарман кошор эшим ким?
Дале болсо өзүммүн!
Жанымда жок эне-атам,
Жалгыз каңгып келатам.
Жалгыз, жалгыз келатам.

*(Көк майданга Бачки чыга келип, өз куйругун тиштейм деп буйдаланат.)*

М а м а л а к: Эй, эмне кылып атасың?

Б а ч к и: Башымды куйругуму тутканга үйрөтүп атам, куйругуму болсо тишиме кантип илинбегенге үйрөтүп атам.

М а м а л а к: Аныңын кандай пайдасы бар?

Б а ч к и: Менин чоң энем дамамат эмне деп какшайт, билесиңби?

М а м а л а к: Эмне дейт?

Б а ч к и: Бирөөлөрдү оңой алдайм десең, адегенде өзүңдү-өзүң алдап көн дейт.

М а м а л а к: Куйругуң бир дагы тишиңе илине элекпи?

Б а ч к и: Жок, илине элек.

М а м а л а к: Мыкты экенсиң... Кел, дос бололу.

Б а ч к и: Эмнеге?

М а м а л а к: Жөн эле.

Б а ч к и: Жөн эле дос болгондун анча кызыгы жок.

М а м а л а к *(сүйүнүп кетип):* Анда кызыгы бар дос болбойлубу?

Б а ч к и: Болуптур. Дос болсок, мындай достошолу. Мен сени кайра-кайра алдай берейин, а сен ошо алдап атканымы көрмөксөнгө сала бер.

М а м а л а к: Ушундай да достошчу беле?



Б а ч к и: Достошот, достошот. Достошкондун ар кандайы боло берет.

М а м а л а к: Бирок сен айткандай достукта теңчилик болбойт да.

Б а ч к и: Көксөгөнүң теңчилик болсо, өзүң менен өзүң дос боло бер. *(Кетет.)*

*(Мамалак дагы да ызаланганынан бышактай баштайт. Дал ошол маалда көк майданга сылтый баскан Кунуча кирет. Ал бир жыгач сыныгын сүйрөп келаткан экен. Мамалак тигинин кылган-эткенин таңыркай карап турат.)*

К у н у ч а *(сүйрөгөн жыгачын жерге коюп, щётка менен тишин тазалаганча ырдап турат.):*

Таң атканда, тазалап
Тишин жууган азамат.
Сергек сүрөт өмүрүн,
Эч убакта сындырбайт
Дос-жарынын көңүлүн.
Таң атканда тиш жууп
Талбай кечке иш кылып
Таза жүргөн немеге
Дарт жакындап келеби?
Андай жанга дегеле
Дарынын жок кереги,
Доктурдун жок кереги.
Тыным албай бир паска
Жасай турган иш канча.
Паста, паста, тиш паста,
Щётка, щётка, тиш щётка!

М а м а л а к: Кел, дос бололу.

К у н у ч а. Достошконго убактым жок. Бүгүн чоң сыноодон өткөнү турам.

М а м а л а к: Эмне деген чоң сыноо ал?

К у н у ч а: Атам менен энем мага суу тосмо кур деп тапшырма беришти, эч кимден жардам албай жеке өзүң кур дешти. Мен ошо тосмону куруп бүткөнү калдым. Курганымы суу бузуп кетпесе, бүгүн мен каадалуу чоң кунулар катарына кошулам.

М а м а л а к: Кол кабыш кылып иейинби? Апыл-тапыл кура салып, бир аз ойноп албайлыбы?

К у н у ч а: Эч кимден жардам аябай жалгыз бүтүрөм дебедимби.

М а м а л а к: Дагы жолум болбоду, аттигиниӊ. Бирөө менен дос болсом деп ак эткенден так этип келем. Достук үчүн тиш жууганга да макулмун. Мейли, таң эртең бир жолу, түштө эки жолу, кечинде үч жолу жууйун.

К у н у ч а: Сага кандай жакшылык кыла алам? Досума бир жакшылык кыла албасам, достошкондон канимет таппайм.

М а м а л а к: Кааласаң качан болсо да бирөөгө бирдеме жасап бере аласың.

К у н у ч а: Ай, ким билет... Бирөөгө бирдеме жасайын десең эле, тууpадан туз баштык болуп чыгышат. *(Бирөөлөрдү, сыягы, ата-энесин иликтеп.)* «Мында сенин ишиң болбосун. Мунуңу кой... Бизге акыл айтканды сага ким коюптур. Элдин баары жөн жүрсө, сен эле тепеңдей бересиңби!..» *(Улутунуп).* «Бирөө келип жардам берсе» деп самап турганга гана көмөк көрсөтүү керек.

М а м а л а к: Мен куду ошентип самап турам. Бирок сен чын эле кичинерээк экенсиң. Менин чээниме жоон жыгач кулады. Ошону көтөрүшчүдөй түрүң жок.

К у н у ч а: А тиштеримчи? Эмне, мен буларды тим эле кайра-кайра тазалап жүрүпмүнбү. Сен айткан жыгачты үч мүнөттө эле ар кайсы жеринен кемирип, бөлөк-салак кылып салам.

М а м а л а к: Койчу? Мен кайра өз чээнимде жашай аламбы?

К у н у ч а: Ооба, ошентесиң *(Мамалак менен Кунуча бийлеп, ырдап киришет.)*



М а м а л а к, К у н у ч а:

Тыным албай бир паска
Жасай турган иш канча.
Паста, паста, тиш паста,
Щётка, щётка, тиш щётка.
*(Бачки менен Соёчор кайтып келет)*

Б а ч к и: Ха-ха! Мамалак акыры досун тапкан окшойт.

К у н у ч а: Тапты, тапты. Мамалакка дос болгондон артык сыймык барбы азыр.

Б а ч к и: Эмне үчүн?

К у н у ч а: Байкуш Макең кырсыкка кабылыптыр. Чээнин кулаган жыгач басып калыптыр.

С о ё ч о р: Анда Мамалактын биринчи досу мен болом.

Б а ч к и: Анте турган кандай жөнүң бар?

С о ё ч о р: Дос бололу деп ал мага биринчи айткан болчу.

К у н у ч а: Ошондо биринчи макул болбой койгон да сенсиң.

Б а ч к и: Аның итчилик болгон, Соёчор. Макем мага дос бололу деп биринчи айтса, мен ошол эле жерден макул демекмин. Мага экинчи болуп айтпадыбы. Экинчи досу болгум келген жок.

М а м а л а к: Кажылдашып атып урушуп кетпегиле. Мен деги досу жок калбайын.

К у н у ч а: Чын эле айтыштан пайда жок. Кеттик, Маке.

С о ё ч о р: Мен да кошо барам.

Б а ч к и: Мен дагы.

К у н у ч а: Досчулук наамына доо кетиргендерди арабызга кошпойбуз.

Б а ч к и: Биз Макемин кырсыкка кабылганын билбей калбадыкпы. Болбосо го...

С о ё ч о р: Кой, анча көгөрбө, Кунуча. Пейилиңи кең сал.

К у н у ч а: Болуптур, чогуу кеттик.

С о ё ч о р: Коё тур, мен бир өңгүрөп чакырып алайынчы.

К у н у ч а: Эмнеге?

С о ё ч о р: Билбейм. Чоңойгондо өңгүрөп чакыргандын пайдасын көп көрөсүң дейт ата-энем. Катуу да, мукамдуу да өңгүрөй алсам, ошо чакырыгыма кийин жан теңим жүгүрүп келет экен го.

К у н у ч а: Өңгүрөсөң өңгүрөп ал. Анан бизди кууп жет.

*(Кунуча, Мамалак, Бачки кетет. Соёчор төрт-беш жолу өңгүрөп чакырык салып, тигилердин артынан чуркайт. Кызыл-тазыл кийинген Сагызган чыга келет. Эки жагын элең-элең карап, учкан бойдон кетет да, бат эле кайра келет.)*

С а г ы з г а н *(анча көңүлсүбөй):* Бир укмуштан укмуш кабар бар. Бирок а кабар бирөөгө айтканда гана укмуштун укмушу болот, эч кимге айтылбаса, эч кимге кызыксыз кабар бойдон кала берет. Баягылар кайда, жер жутканбы? Ушундай бир укмуш кабарым бар, уга турган кулак табылбайт... *(учуп кетет)*

*(Кызуу ээлигип алган Кунуча, Соёчор, Бачки, Мамалак келишет).*

Б а ч к и *(Кунучага):* Тишиңе баракелде, тим эле араа турбайбы.

С о ё ч о р: Мындай тишке илингендин бетин нары кылсын.

К у н у ч а: Сенин мүйүзүң деле менин тишимен калышкыдай эмес. Жыгачтарды куп челип ыргыттың го!

М а м а л а к *(баарына таазим кыла берип)*: Ыракмат, Кунуча... Ыракмат, Соёчор... Кудай жалгасын сени, Бачкижан... Эми мен кыш суугунда талаада тоңуп өлбөйм. Баарыңарга кулдугум бар.



К у н у ч а: Эчтеме эмес. Сен үзүлүп түшүп алкагыдай деле иш кылган жокпуз.

Б а а р ы *(чогуу ырдайт):*

Ачкадан жатсаң кезерип,
Акырын үн сал токойго.
Азыраак тамак көтөрүп
Апкелет сага ошондо.
Мамалак, Бачки, Соёчор,
Кунуча досуң эр ошол.

Капталып өрткө туш тарап,
Камалып калсаң токойдо.
Жабыла чуркап куткарат
Жалындан сени ошондо.
Мамалак, Бачки, Соёчор,
Кунуча досуң эр ошол.

Б а ч к и: Эми кандай иш кылабыз?

*(Баары унчукпай калат)*

К у н у ч а: Түү, эсиме жара чыккан турбайбы! Бүгүн мен эң чоң сыноодон өтмөк эмес белем!

Б а ч к и: А мени ата-энем «апчеңдин куулук-шумдугун үйрөнүп кел» деп жумшаган. Өлгүдөй куу бир апчем бар. Биздин токойдун ашкан кытмыр түлкүсү. Ошол. Силерге алаксып, ата-энемин тапшырмасын унутуп салган турбайымбы.

С о ё ч о р: Ай-ий, менин ата-энем да көк чыбыктан көп сындырып кел дебеди беле.

*(Кунуча, Бачки, Соёчор кеткени калышат. Сагызган жетип келет. Уккан-билгенин айтса уга тургандар бар болуп турганына жетине албай өрөпкүп шакылыктайт.)*

С а г ы з г а н. Көңүл бургула! Көңүл бургула! Бардык токойлордун, талаалардын, кокту-колоттордун бүткүл

сагызгандары шакылыктап турат. Шашылыш маалымат! Укмуш бир кабар! Түштүк жакты кургакчылык каптайт. Өтө жаман бир кургакчылык. Бак-дарак, чөп-чар, гүл-сүл бүтүндөй куурайт. Суу жогунан бүт айбанат, бүт канаттуу каны катып өлөт. Атаны шору кайнаган түштүк жак ай-я!.. Баарынын шору бар экен да!.. *(Учуп кетет.)*

К у н у ч а *(үшкүрүп)*: Олдо байкуш Түштүктүн жаныбарлары!

М а м а л а к *(ыйламсырап)*: Байкуштар кантет эми? Боорум ачып атат.

Б а ч к и: Баарына ачыта берсең, бооруң түтпөйт.

С о ё ч о р: Бу дүйнөнү бөөдө кырсык басты го. Бир туруп суулар ашып-ташат, бир туруп телегейи тегиз куурап калат. Бир жактан өртү чыгат.

Б а ч к и: Өрттүн баарын өчүрүш кыйын. Мен апежеме кеттим.

С о ё ч о р: Мен үйүмө барам. Барбасам, атам сазайымы берет. Туягы өтө жаман, тепсе, оңдурбай салат.

К у н у ч а: Мен суу тосмого кеттим, бүтүрбөсөм болбойт.

М а м а л а к: А мен эмне кылам?

Б а ч к и: А сен уктап, түш көрө бер, кийин бизге айтып бересиң. *(Кыткылыктап күлүп, кеткенге камынып калат. Дал ошол тушта далдаадан чыйылдаган араңжан добуш чыгат.)*

Ү н *(алсыз)*:

Өзөк үзүп ачкалык алсыратса,
Балага да, чоңго да абдан жаман.
Саратанда асман-жер какшып калса,
Тамчы суудга зар болуу андан жаман.

*(Көк майданга кичинекей чака кармаган кош аяк каргып чыга келет.)*

К о ш а я к *(ыйлап)*: Суу жок болсо, бир азап, жан-жаныбардын шору.



Б а ч к и: Ой, мобу эмне деп турат я? Сен, эмне, айдан кулап түштүңбү? Тегерегинде суудан көп эчтеме жок, анан мунун суу деп ыйлап турганын кара?

К о ш а я к: Өңүмбү же түшүмбү? Мени кармалап-чымчылап көрсөңөрчү.

М а м а л а к: Эмне үчүн антишибиз керек?

К о ш а я к: Биерде суу чын эле ушунча көппү? Же менин түшүмө кирип турабы?

Б а ч к и: Сен деги не деген жансың? Каяктан чыга калдың?

К о ш а я к: Кош аяк деген болом, Түштүк жактан келдим.

К у н у ч а: Кургакчылык болуп аткан жерден келдиңби?

К о ш а я к: Ооба. Кургакчылык, кургакчылык... Жаман, жаман...

К у н у ч а: Аерден кантип жетип келдиң?

К о ш а я к: Коркконуман келдим. Жаман, жаман...

К у н у ч а: Эргул экенсиң, азамат!

М а м а л а к: Кипкичинесин кара да, баатырлыгын кара.

Б а ч к и: Бу баатыр эмес эле, куу экен, көрсө, такыр эле эс албай корко берген турбайбы. Коркcондо айлаң жок жүгүрөсүң, жолдун узагын да байкабайсың.

К о ш а я к: Айтканың чын. Мен баарынан корком. Жыландан корком, бүркүттөн корком, чөөдөн корком, арстандан корком, чоң чөөдөн корком... Баары мени жесем деп жутунат. Этим ушунча эле ширин бекен?

С о ё ч о р: Суу ичкиң келип турабы?

К о ш а я к: Жок, анча деле эмес. Мен суу ичпей көп-көп жүрө алам да.

К у н у ч а: Андай болсо ушунча узак жол арытып неге шорлодуң?

К о ш а я к: Маймылга боорум ачыгандан келдим.

С о ё ч о р: Маймылың кана?

К о ш а я к: Аякта калды. Экөөбүз аябай доспуз, аябай ынакпыз.

Б а ч к и: Маймыл жерден бийикте күн көрсө, сен жердин астында жашасаң, деги экөөң кантип достошуп жүрөсүңөр?

К о ш а я к *(ыр менен жооп берет):*

Жүрө албайсың досу жок,
Жаралган соң дүйнөгө.
Алп дос күтсөң айласыз
Бой созосуң өйдөгө.
Бою жапыз дос күтсөң,
Тура албайсың сен ансыз,
Ага жардам кылам деп,
Эңкейесиң амалсыз.
Дос табам деп каржалба,
Дос өзү эле табылат.
Бою кыска же узун
Бирөө сага кабылат.
Досум бар деп узун бой,
Дардаңдаба мактанып.
А көрөк айт: бийиксиң
Досчулукта канчалык?

Маймыл суусап алсырайт деп, алсырап дарактан кулайт деп, кулап чоң чөөгө жем болот деп мен кыпылдап коркуп турам. Байкуш Маймыл ай… Мага Маймыл отурган бутакта ажал аңдып отургандай көрүнүп атат.

Б а ч к и: Көп корко бербе. Керек болсо, ажалыңды да алдап, дагы бир аз күн көрөбүз.

С о ё ч о р: Көп мактанба! Ажалды кантип алдай алмак элең?

Б а ч к и: Опоңой, алдаса болот. Ажал келатканда калп эле өлүмүш болуп жата калыш керек, ажал «аа, өлгөн экен» деп ойлоп, кыйгач өтүп кетет.



К о ш а я к: Ажалды ээрчий Чөө менен Чоңчөө келет…

М а м а л а к: Кургакчылык башталганда эле бери карай качпайсыңарбы?

К о ш а я к: Адегенде Маймыл жакында эле жамгыр жаайт деп болжогон болчу. Жаан жаарына катуу ишенип алган. Жамгыр жаабасына көзү жеткенде, кача турган алы калбай калды. Бир чака суу бергилечи, мен келген жолума түшөйүн.

Б а ч к и: Коркконуңан сен жолдо суунун баарын төгүп аласың.

К о ш а я к: Анча кыйын коркпоско тырышам. Коркпоско жан үрөп көрөм.

М а м а л а к: Буга бир бочке суу бербейлиби, я?

К о ш а я к: Бочкеңерди кантип көтөрөм?
Б а ч к и: Кунуча, суу сузуп бер, жөнөсүн бу. Ырысы-
Б а ч к и: Кунуча, суу сузуп бер, жөнөсүн бу. Ырысы-
быз бар экен, түштүктү эмес, түндүк жакты мекендеп
калыппыз.

К у н у ч а: Кургакчылыктын болгон-болбогону сага бирдей экен да?

Б а ч к и: Ооба, ошондой.

К у н у ч а: Кокус мында нөшөр көнөктөп, токой сууга чөгүп калсачы?

Б а ч к и *(ирониялуу)*: Анда биз түштүктүн айбанда-
рын жардамга чакырабыз. Узун-узун насос жасап, суу-
нун баарын сордуруп алгыла дейбиз *(күлөт.)*
К у н у ч а: Күлкүңү тыя тур, Бачкым. Сен бир жакшы
ой айтып койдуң. Биз түштүккө темир жол куруп, ошо
жол менен бочкелеп-бочкелеп суу ташыйбыз.
С о ё ч о р: Анча темирди бизге ким берет?
К у н у ч а: Биз жолду жыгачтан курабыз. Ошо жыгач
темир жол менен суу ташып, түштүктүн жаныбарларын
аман алып калабыз.

К о ш а я к: Мээримдүү экенсиңер, мээримиңер бөксөрбөсүн.

Б а ч к и: Кунулар көпүрө салганга, тосмолор жасаганга абдан уста, анысы чын, бирок жолго келгенде...

К у н у ч а: Өмүрүндө бир иш кылып көрбөгөндүн колунан гана эчтеме келбейт. Кана, мага ким кошулат?

С о ё ч о р: Мен паровоз болом. Паровоздой өңгүрөп чакыра да билем.

М а м а л а к: Жакында кыш келет. Ырасын айткан-да, мен уктай турган маал да болуп калды, бирок керегим тийчү болсо...

К у н у ч а: А сен, Бачки?

Б а ч к и: Мунуңар ишке ашарына ишене бербейм. Бирок ырктан чыкпайм. Керек болсо, жолуңарды куйругум менен шыпырып тура алам. Тек бул иштин соңуна чыгабыз десек, арабыздан башчы шайлап алалы.

С о ё ч о р: Мен Кунуча болсун дейм.

Б а ч к и: Башчы дайыма алдыда жүгүрүп жүрүүгө тийиш. Сылтып араң баскан Кунучаң анан кантип башчы болсун!

К у н у ч а: Мага жардамчылар эле керек. Макул десеңер, жолду ушу мүнөттөн эле куруп кирели.

К о ш а я к: Мен да силерге кол кабыш кылам.

М а м а л а к *(уйкулуу көздөрүн ушалап):* Ура!

*(Берки жакта, түштүктө, Чоңчөө менен Чөө бутактарында кууураган эки эле жалбырагы калган даракка жакындап келет).*

Ч о ң ч ө ө: Бах, аба ысык, купкургак! Жыргал, жыргал... Ысык жел баарын куйкалап, чөл кылып салат. Айбандын баары аптапка чыдабай суусап өлөт. Анан биз аш-тамакка бир маарыйбыз.

Ч ө ө *(маашырканып):* Аш-тамак жерге батпай калат!

Ч о ң ч ө ө: Мен сүйгөн жарыма баш кошуп, чоң той берем. Тааныш-билиштин баарын эси-көөнүнөн кеткис кылып бир этке тойдурам. Тойго чоңчөөнүн баарын, тазкаранын баарын, анан... чөөнүн анча-мынчасын чакырып койдум. Бир сайран курабыз! *(Ырдап кирет.)*



Күн ысыгы жанга батты,
Суу жогунан кан да катты.
Булак какшыйт, жаан жаабайт,
Токой күйөт! Өлүм жалмайт
Өңчөй жапан айбанатты.
Чаңы чыгып бут төгөрөк
Чаңкаганда түтпөй өлөт.
Жолборс өлөт, арстан өлөт,
Жада калса чиркей өлөт.

Ч ө ө: Ардактуу Чоңчөө, тоюңар ойротто жок бир той болот.

Ч о ң ч ө ө: Эти тоодой, чыгы көлдөй бир той болот. Сый тамактын башы – маймыл этинен нарын, кош аяк этинен сорпо болот. Ал экөө дале өлө электи?

Ч ө ө *(көккө карай берип):* Макоо маймыл куйругун бутакка байлап салып, кол жетпес жерге асылып алыптыр.

Ч о ң ч ө ө: Кош аякчы?

Ч ө ө: Баатыр кош аяк ийинине терең кирип, коркконунан бүлкүлдөп отурат экен.

Ч о ң ч ө ө: Дурус, дурус. Маймыл суусуз көпкө чыдай албайт.

Ч ө ө: Ырас, ырас. Кургакчылык түшкөнгө эки ай болоюн деди.

Ч о ң ч ө ө: Кош аяк болсо көпкө дейре суу ичпей жүрө берет. Деле жаны бышык неме. Эмне үчүн андай? Себеби: ал коркок да, чыдамкай да. Ошонусу жакшы эмес. Чоң энем бир жолу кош аяктын этин жеп көргөн экен. Башыма түк чыкканы андай ширин эт жеген эмесмин дейт чоң энем... Кош аяк суусуз күн көрө берет, бирок маймыл досу болбосо, күн көрө албайт. Маймыл жалп кулап түшсө эле, кош аяк күйүтүнө түтпөй жан берет... Экөө тең мага жем болот. Оңбогон гана маколор, мени акыйсын деп эмгиче өлбөй атышпайбы.

Тыноо каккандары кандай болуп калды экен, бир кулак салып көрчү.

Ч ө ө *(кулак бошой тыңшап):* Кызык... Таңым бар... Жалгыз гана маймылдын араң дем алып жатканы угулуп турат.

Ч о ң ч ө ө: Кош аяк кайда? Тырайып калыппы?

Ч ө ө: Жок. Анткенин туюнбай турам.

Ч о ң ч ө ө: Өлбөсө деми неге билинбейт?

Ч ө ө: Ордунда жок.

Ч о ң ч ө ө: Качып кетиппи?

Ч ө ө: Ошондой го.

Ч о ң ч ө ө: Изин тап.

Ч ө ө *(шимшилеп):* Мына, изи.

Ч о ң ч ө ө: Качан качыптыр?

Ч ө ө: Кечээ.

Ч о ң ч ө ө: Изи кайда кетиптир?

Ч ө ө: Түндүк жакка.

Ч о ң ч ө ө: Качканга кантип дааады кош аяк? *(Чөөнү апчый кармап, силкилдетет.)*

Ч ө ө *(жаны чыгып коркуп):* Кадырман Чоңчөө, качкан мен эмесмин, кош аяк, кош аяк.

Ч о ң ч ө ө *(чөөнү шарт коё берип):* Тигини карасаң, дегеле жаман жанын ала качат. Бирок алыс бара албайт. Кууп жетебиз. Кеттик!

Ч ө ө: Кадырман Чоңчөө, кайдагы бир кичинекей кош аяк качты деп бейпайга түшкөнүбүздүн жөнү барбы? Кургакчылык тура берсе, тамакка тунуп калабыз.

Ч о ң ч ө ө: Мен өлүмтүктүн шаасымын. Өлүмтүктарп бүт бойдон меники. Мага таандык болчунун бирин да эч кимге ыраа көрбөйм. *(Бийлеп ырдайт.)*

Тирүүлөй жан, тирүү айбан
Батпай кетти бүгүн жерге.
Тирүүнү мен жаман көрөм,
Сугум артпайм тирүүлөргө.



Заарканам тирүү жанды
Тутуп жемей азабынан.
Мен – тарпчылмын. Өлүк эт жейм,
Тарптын этин маза кылам.
Тирүүлөрдүн баары түгөл
Түбөлүгү өлүп тынат.
Өлгөндөрдүн тарпы менин
Жемим болуп желип турат.
Айбанаттын бирин койбой
Ажал огу кырып тынат.
Арам өлгөн айбан эти
Мени гана кызыктырат.
Тирүүлөргө сугум түшпөйт,
Тирүүлөрдү жек көрөмүн.
Тирүү өлсө – сүйүнөмүн,
Тарп эт – менин көксөгөнүм.
*(Сагызган учуп кирип келет)*

С а г ы з г а н: Көңүл бургула! Көңүл бургула! Бүткүл токойдун, ой-тоонун, талаа-чөлдүн сагызгандары шакылыктап турат. Шашылыш маалымат! Укмуш кабар! Абасы суук Түндүк жактын кичинекей айбандары жыгачтан темир жол куруп келатат. Темир жол менен суу ташып, түштүктүн айбандарын аман алып калабыз дешет. Кургакчылык болбойт! Кургакчылык качат.

*(Кайра учуп кетет.)*

Ч о ң ч ө ө: Бу сагызгандарың дайыма эле дайыны жок кеп-сөздү калжырай беришет!

Ч ө ө: Оозуна алы жеталбаган макоо куштар да. Жаңы бирдеме укса эле... Ой, Кош аяк Түндүктүн токоюна сереңдеп жетип бардыбы дейм?

Ч о ң ч ө ө *(жаалданып):* Оозуңа кара таш!.. Кургакчылык болот дедимби – болот! Дегеним деген! Кургакчылык да болот, той да болот.

Ч ө ө: Ырас, кадырман Чоңчөө, тоюңарга жолтоо болчу эчтеме жок. Бирок мен түндүк жакта болуп көргөнмүн. Аяктын кичинекей айбандары тир укмуш иштер жасаганга жарайт.

Ч о ң ч ө ө: Менчи, менчи, ошо жыгач темир жолду кырча-кырча тиштеп салам. Таарындысы эле калат. *(Үрөй учурган чөө күлкүсүн салат.)* Алга! Алга! Түндүккө карай алга!

Ч ө ө: Ак жол, кадырман Чоңчөө.

Ч о ң ч ө ө: Сен кошо барасың!

Ч ө ө *(заарканып, ыйлактап).* Түндүк жактын түнү эле узун, түнү эле суук…

Ч о ң ч ө ө: Байкуш Чөөм, унутчаак чөөм… Чоңчөөнүн буту жөн Чөөнүкүнөн эки эсе узун, эки эсе күлүк, эки эсе күчтүү эмеспи. Сен, эмне, ошону унутуп калдыңбы? Чөө арстандан качып кутула алат, бирок Чоңчөө аны куткарбайт. Барасыңбы, жокпу?

Ч ө ө *(алдастап).* Барам, барам… Мен дайым силер менен бирмин.

Ч о ң ч ө ө: Алды жакта жүрөсүң, жолду чалгындап барасың. *(Чоңчөө менен Чөө чуркап кетет.)*

*(А тиги биздин достор суунун жээгин бойлото «темир» жолун салып жаткан болот.)*

К у н у ч а *(буйрук берип):* Соёчор, тиги шпалды апкел. Баракелде, баракелде, жыгаччыл коңуздар куду чиймедегидей кылып чегип чыгышыптыр.

М а м а л а к *(көтөрө кирген рельстин бекитилчү тешиктерин көрсөтүп):* Мына, тоңкулдак тешкен көзөнөктөрдү көрдүңөрбү? Сонун бекен?

Б а ч к и: Ушул рельсаны мен жылмалабадымбы, ошону айтпайсыңарбы!

С о ё ч о р: Чыныгы досчулук деген ушу! Бизге токойдун бүт айбанаты жардам берип атат.

К о ш а я к: Мен дагы жардам берсем дейм.

К у н у ч а: Бизге жол көрсөтүп жүрүп отур.



К о ш а я к: Адегенде түндүккө карай түз салабыз, анан күн чыгыш жакка кыйгачтайбыз, анан бир аз күн батышка карай жүрөбүз, анан туптуз эле түштүккө күркүрөп кирип барабыз.

*(Ошо маалда капыстан үрөй учурган, шумурай бир шумдук каткырык чыгат.)*

М а м а л а к *(эси чыгып үрпөйүп).* Бул эмне я?

С о ё ч о р: Тула боюм үркүп кетти.

М а м а л а к: Бир түрү суук алп неме күлүп атат ко.

К о ш а я к *(чый-пыйы чыгып, калчылдап коркуп):* Каткыла мени! Жашыргыла, айланайындар! Шорум катты, шорум катты!.. Күнүм бүттү, күнүм бүттү!.. Чоңчөө келип калган турбайбы. Ошо гана ушинтип күлөт... *(Шыбырап.)* Мындай бир аңыз сөз бар: Чоңчөө жөн жеринен келбейт имиш.

М а м а л а к: Көп өтпөй арабыздан бирөө өлөт окшойт.

К о ш а я к: Чоңчөө өз жоосун арбап салат имиш. Кимге жаман көзү менен караса, ошо бат эле өлүп калат имиш. Анан, анан... Чоңчөөнүн мээсинде уу чачкан таш бар имиш. Ошо таштын уусу алыстан таасир берип, жан чыгарат экен.

М а м а л а к: «Алыстан» болгондо канчалык аралык экен?

К о ш а я к: Билбейм... Чоңчөөчү... кээде тирүүлөрдү ала качат. Бөтөкөй балдарды деле аябайт... Ала качкала качат. Бөтөкөй балдарды ыргытып өлтүрүп, анан нын тоого алпарып аскадан ыргытып өлтүрүп, анан жейт, Чоңчөө өлүмтүктөн башка эчтеме жебейт.

С о ё ч о р: Кой, эртелеп ата-энеме жетейин!

М а м а л а к: Менин чээниме бекинип албайлыбы, баарыбыз батабыз да.

К у н у ч а: Бу токой – өз үйүбүз. Өз үйүбүздө туруп, бекине турган кандай жөнүбүз бар?

*(Чөө чыга келет.)*

Ч ө ө: Мен баарыбыз кадырлаган Чоңчөөнүн биринчи Чөөсүмүн, кара чечекей досумун. Силерге кабарлап

коёрум ушул: Чоңчөө келди! Чоңчөө келди! Чоңчөө силерге аябай нааразы. Айтса-айтпаса, ушул иш силер жасай турган ишпи?! Койгула, баатырлар, жол салганыңардан айныгыла, Кош аякты байлап бергиле. Чоңчөөнүн силерден суранганы эле ушул. Эгер жолуңарды улай беребиз десеңер, Кош аякты жашырып калабыз десеңер... Анда башыңар баш, багалчагыңар кара таш. Тилди албагандарды барбы, Чоңчөө акыры түбүнө жетет!

К у н у ч а: Кош аяк бизге дос болуп калды, а биз досубузду бөөдө өлүмгө кыйбайбыз.

*(Чоңчөө кирип келет.)*

Ч о ң ч ө ө: Мына, бакыйып кашыңарда турам.

*(Кош аяк коркуп жаны чыкканынан эки жээги бир биринен бир кыйла алыс дайранын наркы өйүзүнө учкан сыңары секирип өтөт.)*

С о ё ч о р: Секирет деп ушуну айт! Чемпиончо секириш болду белем.

Ч о ң ч ө ө: Барсыңарбы, бөтөкөйлөрүм, жумшактарым, таттууларым... Ка-ап, дале тирүү бойдон турбайсыңарбы... Эчтеме эмес, жакында күнүңөр бүтөт... Мен күтө турам...

К у н у ч а: Эй, Чөө! Сенин турагың – чөл менен тоо. Сеники да, Чоңчөө, ошолор. Биздин токойго келип калыпсыңар, билип алгыла. Токойдун көзүрү ким? Мобу жыгачтардын арасында туулгандар. Ырас, биздин токойдо конок катары жүрсөңөр болот. Бирок ошондо сак боло көргүлө: көзүңөрдү жумсаңар эле, үстүңөргө дарак кулашы мүмкүн. Дарактардын кээде капылес куламайы бар. Кунулардын да дарактарды тиши менен кыйып жыкмайы бар.

Ч о ң ч ө ө: Жаңылбасам, сен бир бутуңан аксаган байкуш болсоң керек эле.

К у н у ч а: Баягы күздө мени менен кармашкан бечара канча бутунан аксап жүрөт, андан көрө ошону



менден сурабайсыңбы. Эй, Чоңчөө! Сен тирүү жанды бир теше тиктеп эле өлтүрүп коёт имишсиң го. Кана, мени ошентип көрчү.

Ч о ң ч ө ө: Сен алыс туруп алыпсың эмне!

К у н у ч а: Алыс болсом, жакындап келбейсиңби.

Ч о ң ч ө ө: Азыр чолом жок, сенин акеңи кийин таанытам.

*(Чоңчөө менен Чөө кетишет.)*

М а м а л а к: Кунуча «баягы күздө кармаштым» дедиң, кандай себептен кармашып кеттиң?

К у н у ч а: Кичинекей бирөөгө болушуп кармашканмын.

М а м а л а к: Сени өзүң кичинекейсиң го.

К у н у ч а: Менден да кичинеси бар экен, ошого болуштум.

М а м а л а к: Калп айткан менен болобу, чөөлөрдү көргөндө эсим чыгып, бүлкүлдөп араң турдум.

К у н у ч а: Алар бизди карагүчкө опузалап, коркутуп алгысы бар. Бирок биз коркок эмесибизди көрсөтүп турушубуз керек.

Б а ч к и: Кантип я, кантип?

К у н у ч а: Камырап койбой иштей беребиз.

Б а ч к и: Чоңчөө жанымда турса, беймарал иштей албайм.

С о ё ч о р: Капырай, балкам мыкка тийбей атат да...

М а м а л а к: А мен мобуну түйө байлап атам.

К у н у ч а: Коркпой коё албасаңар, калп эле камырабай иштеп аткансып турбайлыбы.

М а м а л а к: Мен анча деле коркпой калдым (Кунучага). Сени эш байлап ошенттим го.

Б а ч к и: Карасаңар, карасаңар. Кош аяк дале тиги өйүздө отурган тура. Эй Кош аяк, секир бери, Чоңчөө кетип калды.

К о ш а я к: Секире албайм. Көрүп турбайсыңбы суунун туурасын. Коркуп атам.

Б а ч к и: А бая кантип өтө качтың?

К о ш а я к: Коркконуман, коркконуман.

Б а ч к и: Эми ошол өйүздө отура бересиңби?

К о ш а я к *(улутунуп):* Ошентет окшойм.

Т ү л к ү: Кам санаба, бир амалын табабыз. Бирөөнү алдабасам – башым ооруйт. Токто... токто... А-а, таптым *(Кыйкырат.)* Кош аяк, Кош аяк аркаңда Чоңчөө келатат!

*(Кош аяк берки өйүзгө секирип өтөт. Баары күлүп калышат.)*

К у н у ч а: Азаматсың, Бачки. Баарыбызды бир күлдүрүп алдың, күлкү бар жерде коркуу аз болот. *(Достор кайрадан иштешип, ырын ырдаша берет. Чоңчөө менен Чөө кайдан-жайдан чыга калат.)*

Ч о ң ч ө ө: Мага жем болоруңду биле туруп, эмнеге качып кеттиң, я, Кош аяк?

Б а ч к и: Ал өлгөндө, сен аны жей албай каласың.

Ч о ң ч ө ө: Эмне үчүн?

Б а ч к и: Ага чейин сен карыйсың, тишиң бүт түшүп калат.

*(Баары күлүп калышат.)*

Ч о ң ч ө ө: Тапандыгың түбүңө жетер, Бачиким.

Б а ч к и: Өзүмүн тапандыгым өзүмүн түбүмө жетмек беле?

Ч о ң ч ө ө: Анда түбүңө менин тишим жетет.

Ч о ң ч ө ө: Тиштериңин буту жок, мага кууп жете албайт *(Кош аякка.)* Коркпой эле кой.

К о ш а я к: Эмнегедир коркпой калдым. Эмне, күлкү коркуудан күчтүүбү?

Ч о ң ч ө ө *(ырдайт):*

Кыт-кыт күлүп кылтылдайсың,
Каткырасың көөнүң ачык.
Бирок, байкуш, күлүп-жайнап
Күн көрөсүң аз убакыт.



Басылганда сенин күлкүң,
Жаңырыктайт менин күлкүм.
Абай менен жүргөн жакшы,
Алын таамай билген жакшы.
Эрте күлүп жаңылгандан
Эң артында күлгөн жакшы.

Ч ө ө: Кадырман Чоңчөө, карасаңар! Алар деле иштеп атат, бизден корко турган түрлөрү жок.

Ч о ң ч ө ө: Ошо коркпогондору жакшы. Биздин жөн эле келбей турганыбызды билбеген жан жок. Биз эч кимдин жанын кыйбайбыз. Биз үчүн баарын жарык күн иштеп коёт.

Ч ө ө: Түн дагы иштейт.

Ч о ң ч ө ө: Ысык дагы.

Ч ө ө: Суук да иштейт.

Ч о ң ч ө ө: Кайнаган саратан дагы.

Ч ө ө: Суулардын кирип ташыганы да.

Ч о ң ч ө ө: Тамакты куруткан кургакчылык.

Ч ө ө: Сууну куруткан кургакчылык.

Ч ө ө: Биз жырткыч эмес, асылзат жаныбарбыз.

Ч о ң ч ө ө: Биз укмуштай айкөл жаныбарбыз.

Ч ө ө: Биз үрөй учура тургандай айкөлбүз.

Ч о ң ч ө ө: Биз тирүүнүн этин түк жебейбиз. Жалаң өлүм-

Ч ө ө: Биз тирүүнүн этин түк жебейбиз. Жалаң өлүмтүк жейбиз.

Ч о ң ч ө ө: Ошон үчүн тирүүлөр өлүп жатканын көрүп аябай жыргайбыз. Ырысыбыз тоодой экен, бу дүйнөдө деги бир өлбөгөн жан жок.

Ч ө ө: Баары өлөт, баары тыраят.

Ч о ң ч ө ө: Сен да өлөсүң, Кунуча. Бачиким, сен да, Соёчор, сен да, Мамалак сен да – баарыңар өлөсүңөр. Ошондо баарыңар бизге жем болосуңар... Жол салабыз дегениңерден айнысаңар, өлгөнүңөрдөн кийин биз силерди аяп койбойбуз!

Ч ө ө: Аябайбыз! Көргүлүктү көрсөтөбүз!

Кунуча: «Өлүм, өлүм» дей бергендин кереги не? Биз жакшы билебиз: биздин токойдо да өлүм кезип жүрөт. Бирок ага тирүү жандын баары эле кабыла бербейт. Ажалы жеткен, шордуулар туш болот. Ажал деген – илмекайып бир нерсе. Биздин ажалыбыз мурда жетеби же силер бизден мурун өлөсүңөрбү, аны эч ким билбейт.

Чөө: Тигини, тигини, Кунучаңар дегеле чилистен турбайбы.

Кунуча: Биз өлүмдөн коркпойбуз. Биз тирүүбүздө жасайлы дегенибизди жасай албай калабызбы деп гана чочулайбыз.

Чоңчөө: Эй, жолчулар! Келгиле, карчылдашып кармашабыз. Бетме-бет таймашка чыгабыз. Экөөбүз төртөөңөр менен басташабыз.

Кунуча: Таймашканга чолобуз тийбейт. Жол курушубуз керек.

Чоңчөө: Андай болсо, биз силерге согуш ачабыз.

Бачки: Согушуңарды качан баштайсыңар?

Чоңчөө: «Уруш ачтык» деп жар салып отурбай, капысынан эле качырып киребиз.

Кунуча *(өз досторуна):* Кургакчылык миң-сандаган кичине-чоң айбанды жалмап салышы мүмкүн. Ошон үчүн жолубузду тездетип курушубуз керек. Колдон келишинче тез курушубуз керек. Ар бир мүнөт кымбат.

Соёчор: Тигилер *(Чоңчөө менен Чөөгө көрсөтүп.)* турса... жолду кантип курмак элек...

Кунуча: Чоңчөө менен Чөөдөн тез арада кутулбасак болбойт.

Бачки: Кантип?

Кунуча: Кутулуштун бир амалын табышыбыз керек. Башыңды катыр, Бачки. Айлакерибиз эле сен эмессиңби.

Мамалак *(Чоңчөөнүн кулагына жетпегендей пас үн менен бүлк-бүлк ыйлап.):* Ээ, достор ай, көптөн бери



көкүрөгүмө катып жүрдүм эле, эми айтайын, айтпасам болбостур...

Кунуча *(чочуңкурап):* Дагы кандай балээнин башын кылтыйтып турасың?

Мамалак: Артист болсом деген тилегим бар. Айтайын дегеним ушу болчу.

Кунуча: А эмнеге эле артист болгуң келип калды?

Мамалак: Кипкичинемде мен кишилерди көп көргөмүн. Кишилериң бир кызыктай немелер. Эки буттап басышат, басканда дегеле шашып коюшпайт, колдорун ары-бери шилтеп, абаны сабалап, басышына жолтоо кылышат. Басканда үч бут менен жер таканчыктап төртүнчү бут менен жардам берип туруш керек. Кишилер ушинтип жүгүргөндү билишпейт экен аңкоолор.

Кунуча: Дегеле катылуу сырым бар дедиң эле, айтарың ушул элеби?

Мамалак: Мен кишилерди көп көрүп жүрүп, билесиңерби *(дегеле кыйбастарына айтчу маанилүү сыр айтып жаткансып эки жагына карануу менен үнүн пастайтып)* кишилерче сүйлөгөндү үйрөнүп алганмын.

Бачки *(маашырканып)*: Ой оңбогон майпаң ой! Мен амалкөймүн деп жүрсөм, менден өткөн амалкөй сен турбайсыңбы. Азыркы айткан өнөрүңдү көрсөткөн, чөөлөр аркасын карабай дыр коёт.

Кунуча: Кана, адамча кыйкырып көрчү.

Мамалак *(адамчасынан катуу кыйкырып калат):* Чёрт-возьми, атаңдын башы, оозуңду урайын, кысталак-мысталак, менин жанагы тарс-турс атып ийме немем кана, я?

Чоңчөө: Олдо байкуш бокжүрөктөр ай-я! Биз менен басташа албасыңарды билип, адамды жардамга чакырган турбайсыңарбы... Болуптур, биз азырынча кете турабыз. Бирок эсиңерде болсун: силердин тиги адамыңар түнүндө карайлап көрбөй калат, а Чоңчөө

болсо, караңгыда жүз чакырым жерди көрүп турат. Кайра жолуксак, шоруңарды шорподой кайнатабыз. *(Чоңчөө менен Чөө кетишет.)*

К у н у ч а: Бали, бали, Мамалак. Тигилер кетти. Эми караңгы киргиче кадыржан болобуз.

Б а ч к и: Сен дагы калтырай баштадыңбы, Кош аяк?

К о ш а я к: Чоңчөө келет. Келбей койбойт. Чоңчөөнүн шерти бар дешет...

Б а ч к и: «Өлбөсөм, өз теримен өзүм өтүк ултарам» дегениби?

*(Достор жапырт күлүп калышат да, кайрадан ишке киришет. Мамалак кайра да бүлкүлдөп, үн чыгарып ыйлай баштайт.)*

С о ё ч о р: Ай, сага жин тийдиби?

М а м а л а к: Эми силер мени артист деп мазактап, мазамы ала бересиңер.

Б а ч к и: Ар кандай оюндар көрсөт деп кыйнайбыз.

М а м а л а к: Шорум бар экен, шорум бар экен. Адамча сүйлөй алам деп эмне айттым дейм да...

С о ё ч о р *(салтанаттуу өңгүрөй үн салып)*: Сенин билгениңди айтпай койсоң деле болмок, бирок бу жолду урматыңа сурнай чалдым, Мамалак. Адам тилин билгениңди айтпай койсоң деле болмок, бирок бу жолду коргоп калыш үчүн айтышың эң зарыл болчу. Мамалакка баарыбыз «Ура!» деп коёлу.

*(Баары «ура-а!» деп кыйкырат. Чоңчөө менен Чөө жетип келет.)*

Ч о ң ч ө ө: Эртерээк «ураалап» атасыңар. Кеч киргенге аз эле калды. Караңгы кирер, ошондо көрүшө жатарбыз.

*(Чоңчөө кутургандай каткырып, берки Чөө менен кошо чуркап кетет.)*

М а м а л а к *(эси чыгып)*: Караңгы кирсе кандай айла кылабыз?

К у н у ч а: Төрт тарабыбыздан тең коргонуп, кашык каныбыз калганча кармашабыз.



С о ё ч о р: Жалгыз туягыбыз калганча...

К у н у ч а: Жалгыз тишибиз калганча...

М а м а л а к: Жалгыз тырмагыбыз калганча...

Б а ч к и: Бүт чөөлөрдүн түбүнө жеткенче кармашабыз. Чоңчөөнүн тукумун курутканча!

К у н у ч а: Түн түшкөнчө иштейли, достор. Кана, шымаланып киришели!

*(Жумуш кызып, ыр жаңырат.)*

Б а а р ы *(ырдайт):*

Ажырагыс досторбуз,
Ажалдан да коркпойбуз.
Коркуп качкан кокуйду
Тобубузга кошпойбуз.
Достук бизге эрк берет,
Достук бизге эш берет.
Бачки менен Мамалак
Коркпондорго өч келет,
Кунуча да Соёчор
Коркокторду жек көрөт.

*(Көшөгө жабылат.)*

**Экинчи көшөгө**

*(Мамалак дагы токой аралап келет, ырын ырдап, өксөп ыйлап келет.)*

М а м а л а к:

Токойдо көп айбанат,
Ар бири ар кыл жан багат.
Бири ийинге жашынып,
Бири жерде жөрмөлөп,
Өнчөй тилсиз макулук
Өз-өзүнчө күн көрөт.

А мен болсом – Мамалак
Калың черди аралап,
Бир жан кошпой жаныма
Жалгыз жүрөм дайыма
Жанымда жок... эне-атам...
Жалгыз каңгып... келатам,
Жалгыз... жалгыз... келатам...

*(Кунуча, Бачки, Кош аяк, Соёчор энтелеп кирип келишет.)*

К у н у ч а: Кичине уктап ал деп жиберсек, сен дагы токой кыдырып ыйлап алыпсың.

Б а ч к и: Ыйлаак-ыйлаак, куйругунда уйгак, тумшугунда куймак.

М а м а л а к: Чоңчөө менен Чөө чээниме кирип алыптыр, анан кайда жатып уктамак элем!

С о ё ч о р: Бышактаба. Оңбогурларды чээнден кубалап чыгабыз.

М а м а л а к: Кантип?

Б а ч к и: Бир амал бар.

М а м а л а к: Кандай амал?

Б а ч к и: Аны ойлоп табыш керек.

С о ё ч о р: Тапсаң таппайсыңбы...

Б а ч к и: Эгер ойлоп тапсамчы...

С о ё ч о р: Анда эмне болот?

Б а ч к и: Баары жайында болот.

С о ё ч о р: Демек, чээниңди бошотобуз, Маке!

Б а ч к и, С о ё ч о р *(ырдашат):*

Жатагыңа жоо кирсе,
Жакындап биз барганда
Жаны чыгып жалт берет,
Жолотпоско жооңду
Бачки, Куну, Соёчор
Мамалактар ант берет.



К у н у ч а: Кой, Мамалактын чээнин бошотпойлу. Чөөлөрдүн ошо чээнде жатканы кайра жакшы.

С о ё ч о р: «Жакшы» дедиңби?

К у н у ч а: Ооба. Биз чөөлөрдүн каерде жатканын билип алдык, эми ар бир кадамын көзөмөлдөп турабыз. Бачки, өзүң болбосоң да, кулагың ошо чээндин ичинде болсун.

Б а ч к и: Кулагыңан айрылып мулжуюп кал деп турасыңбы?

К у н у ч а: Ишенип чалгынга жиберип атса, тетириленип турганыңды кара... А жолуң болгур десе...

Б а ч к и: Мен жер битиндей кибиреген неме болсом, Чоңчөө килеңдеген алп неме болсо... А мени эки чайнап бир жутпайбы... Баса, эмне үчүн мен барышым керек? Чалгынга ашкан баатыр, ашкан балбан эргулдар чегилет эмеспи. Ал эми биздин балбаныбыз – Соёчор, баатырыбыз – Мамалак.

К у н у ч а: Баатыр менен балбанды салгылашка жиберет. Чалгынга болсо, ашкан айлакер, акылдуу, эпчил немелер барат. Ошон үчүн мен сени чалгынчыга чектеп отурам. Чөөлөр эмне кылабыз деп атат экен, ошону билип кел.

Б а ч к и: Барбай койсомчу.

К у н у ч а: Анда бизден башка дос изде.

*(Кунуча, Мамалак, Соёчор, Кошаяк кетет.)*

Б а ч к и *(кеткендердин артынан кыйкырат):* Чээнге кирсем эле Чоңчөө менен Чөө тытып жеп койбойбу мени! (Бир аз ойлонуп.) Эптеп бир айласын табармын... Тез арада бирөөнү алдап ийишим керек... *(Кулак түрө калат.)* Чын эле жолум болгону турабы? *(Секиргенге камынып түйүлөт.)* «Ал, кулум» дей көр кудайым. *(Бир секирип, чычкандын баласын кармап алат.)* А-а, чиелердин куу такымы элең, колго түштүңбү? Сени эмнеге кармаганымы билесиңби?

Ч и е: Жейм деп кармадың да.

**Б а ч к и:** Жаңылышып калдың бу сапар. Сен дегеле шамдагай, эпчил эмессиңби, ошонуну дагы бир текшерип көрөйүн деп кармадым.

**Ч и е:** Мени менен мышык-чычкан ойногудай сен, эмне, мышык белең... Көп кыйнабай, жесең «ап» деп жеп албайсыңбы.

**Б а ч к и:** Илгери-кийин Мамалактын чээнинде болдуң беле?

**Ч и е:** Болгонум бар (дегеле айыптуу немедей)... кышында бир бардым эле... Жылынам деп...

**Б а ч к и :** Ошо чээнге дагы бир жолу киресиң...

**Ч и е** *(үрөйүн учуруп)*: Чээнде Чоңчөө менен Чөө жатпайбы?!

**Б а ч к и :** Алардын сырын тартып чыгасың.

**Ч и е:** Сырларын тарткыча эле алар мени мойсоп койбойбу.

**Б а ч к и :** Билгениңдин баарын мага төкпөй-чачпай айтып келесиң.

**Ч и е:** Тирүүлөй тозокко түрткүчө мени жеп эле салчы. Кыйнабачы.

**Б а ч к и:** Дирилдебе. Эсиңи жый. Билсең, мен куумун, бирок кыянатчыл эмесмин. Мен сени кызылдай өлүмгө жумшап аткан жерим жок. Билсең, Чоңчөө менен Чөө чычкан жебейт. Калп айтсам – өлөйүн.

**Ч и е:** Ушу сен калп айтпай калдыңбы? Андан көрө калп айт, мен ошо калпыңа бат ишенем.

**Б а ч к и:** Калп айт десең, айтайын. Кечээтен бери Чоңчөө чычкандан башка эчтеме жебей калыптыр.

**Ч и е:** Жетет, жетет, ишендим, ишендим. Баса, Чоңчөөнүн көзүнө түшкөндүн баары мүрт өлүп калат имиш го.

**Б а ч к и:** Сен чалгынга баратпайсыңбы, душмандын көзүнө түшпөгөнгө аракет кыл да.

**Ч и е** *(улутунуп):* Жанагы куруп аткан жолуңарга керекпи бу менин чалгыным?



**Б а ч к и:** Ап-баракелде, таап айттың.

**Ч и е:** Болуптур. Барса барайын. *(Кетет. Соёчор кирет.)*

**С о ё ч о р:** Эй, иштен качып мында эмне турасың?

**Б а ч к и:** Кунучага айта бар. Мен бир эле убакытта эки жумуш жасай албайм.

**С о ё ч о р:** Биерде бекер турганыңды жумуш деп санайт экенсиң го.

**Б а ч к и:** Бу жумуш сен кылып аткан иштен он эсе маанилүү.

**С о ё ч о р:** Мактанчаактыгыңа бали!

**Б а ч к и:** Мен душмандын изине түшүп, сырын тарта баштадым. Ушуну Кунучага айта бар.

**С о ё ч о р** *(таңыркап)*: Койчу? *(Чуркап кетет.)*

*(Чие чуркап кирет.)*

**Ч и е:** Жүрөгүм түшүп кала жаздадыбы?

**Б а ч к и:** Көргөн-билгениңди төкпөй-чачпай төк.

**Ч и е:** Бүгүн караңгы түшкөндө Чоңчөө жолуңардын рельсаларын кырча-кырча тиштеп салмак болуп атат.

**Б а ч к и:** Эмне, эмне?

**Ч и е:** Чоңчөөнүн тишин жакындан көрдүң беле?

**Б а ч к и:** Жок.

**Ч и е:** Тиштери темир экен, ар бир тиши менден жоон, менден чоң. Чоңчөө силердин жолуңарды кемирип салам, жалаң таарындыга айландырам дейт... Иш жаман бекен?

**Б а ч к и:** Ооба, жакшы эмес.

**Ч и е:** Эми кандай кылабыз?

**Б а ч к и:** Бир айласын табабыз да... Бирөөнү эптеп алдап ийсем го... Жүрү, кетелик, мени менен кыштакка барасың.

**Ч и е:** Кыштакта мага суутуп коюптурбу. Чычканкапканга түшкөнгө куштар эмесмин.

**Б а ч к и:** Мен бир кичинекей кыз менен сүйлөшүүгө тийишмин. Мен сүйлөшөм, сен талаада акмалап ка-

рап тур. Чоң киши көрүнсө эле, сигнал бер. Билдиңби? Бул операция «эки сары жөжө» деген жашыруун операция, же болбосо «Тишиңерге сак болгула» десек да болот. *(Бачки менен Чие кетет. Дарактын астында – Кунуча, Соёчор, Кош аяк, Мамалак. Каш карая баштайт.)*

Соёчор: Чарчаганым деле жок. Иштей берет элем.

Кунуча: Караңгыда иштеген болбойт. Рельсалар жакшы ашташпай калса, паровоз жолдон тайып кетет.

Соёчор: Менин жолдон тайгым келбейт.

Кунуча: Кысталыш маалда бекер жүрүп алды, Бачкиге сөгүш бербесек болбойт.

*(Бачки кирип келет.)*

Бачки: Сөгүшкө кошуп сыйлык да бергиле. Эсенаман барсыңарбы деги. Азаматсыңар, оголе көп иш бүтүрүп салыпсыңар.

Кунуча: Анда сен бизге атайын алкыш жарыялап жибербейсиңби.

Бачки *(Кунучанын какшыгын билмексенге салып):* Азырынча эс ала тургула, бир аздан соң мен силерди «Эки сары жөжө, же тишиңерге сак болгула» деген оюнга чакырам. Оюн өтө турган жер – биздин жолубуз. Оюн өтө турган убакыт – түн. Катышуучулар менен аткаруучулар: Чоңчөө, Чөө, анан силердин өтө эле жөнөкөй Бачкиңер.

Мамалак: Оюнуңда мага ылайык бир роль жокпу?

Бачки: Бар. Сен оюндун боору эзилип күлүп аткан көрүүчүсү болосуң. Сеп алдыңарбы? Анда жүргүлө, жолубузга баралы. Акырын, акырын... Эч шырп алдырбайлы.

*(Достор Бачкинин аркасынан абайлап табышсыз басып кетишет. Алар өздөрү куруп аткан жолго келишип, Бачкинин ишааратпап берген белгилери боюнча чоң даракка далдааланышат. Чоңчөө менен Чөө чыга келет.)*



Чоңчөө: Менин тиштеримин кандай иштей турганын көп көрдүң эле, Чөөм, дагы бир көрүп ал.

Чөө. Силердин тишиңердей тиш барбы! Силердикине караганда арстан, акула, крокодилдердин тиштери былпылдаган эле бирдеме.

Чоңчөө: Тиштеримин бүгүн иштегенин кийин ырга кошушпай, аңыз сөз кылышат. *(Ырдайт.)*

Мен чөөлөрдүн дөөсү болом,  
Мен чөөлөрдүн өртү болом.  
Жаалым жаман, ачуум жаман,  
Курч араадан азуум жаман,  
Куу жыгачты кырча тиштеп,  
Көк темирди таарып салам.

Чөө: Таарып салыш силерге кеп бекен!

Чоңчөө *(оозун чоң ача рельске тиш сала берип, кайра айкырган бойдон башын шарт тартып алат):* Ой-бой, бой, бой, бой, бой!

Чөө: Эмне болду, кадырман Чоңчөө?

Чоңчөө: Тишим, тишим. Кайран тишим сынып калбадыбы.

Чөө: Тишиңер эмнеге урунуп сынды?

Чоңчөө: Тишим тишиме тийип карс сынбадыбы. Рельсаң түшкүр эмнегедир жылмакай болуп алыптыр. Эчтеке эмес, мына ушу сапар кырча тиштейм. *(Дагы рельске тиш салып, айкырган бойдон башын тартып алат.)* Ой, бой, бой, бой! Дагы эки тишимен айрылбадымбы! Кайран гана тиштерим ай.

*(Достор жыргап күлүп турушат.)*

О кыбыраган кытмырлар, кыянатчыл кысталактар! Карап тургула, тиштерими айыктырып келем. Ошондо силердин жолуңардын тарпын чыгарам.

*(Чоңчөө менен Чөө кетишет.)*

Соёчор: Баракелде, Бачки... Эй, сен рельсаны эмне балакет кылып таштадың эле?

Б а ч к и (кара күчкө кайдыгерленип): Ошону эмнесин сурайсың? Чочконун майы менен майлап салгамын.

К у н у ч а: Майды кайдан таап ийдиң?

Б а ч к и: Бир кичинекей кыздан алдым. Айырбаштап алдым.

К у н у ч а: Эмне берип алмаштырдың?

Б а ч к и: Кызга өзү жакшы көргөн эки жөжөсүн кайтарып бердим. Чоңойгондо ошол эки жөжөнү уурдабайм деп убада да кылдым. Мен кызга: «Айырбаштан сен көп пайда таап атасың», – дедим, арак самындай жансыз майга эки жандуу жөжө алып атасың», – дедим.

М а м а л а к: Май дегениңер эмне? Супсак бирдеме го, сыйгы?

Б а ч к и: О кокуй, майдан таттуу эмне бар! Кантыңан да, набатыңан да ширин.

М а м а л а к: Андай болсо, аны сенин жеп албаганыңа таң калдым.

Б а ч к и: Жеп алгандан оңой иш барбы? Мына, бирөөнү алдаш кыйын. Ошо май менен мен Чоңчөөнү бир алдадым дейсиң...

К у н у ч а (*какшыктап*): Ошо менен жолду сактап калдым де.

С о ё ч о р (*салтанаттуу өңгүрөй чакырып*): Сенин урматыңа сурнай чалып койдум, Бачки. Сен майыңы жеп деле алсаң болот эле, бирок биздин жолду сактап калам деп жегениң жок.

М а м а л а к: Бачкиге «ура» деп коёлу.

*(Баары «ураалайт».)*

К у н у ч а: Я, Бачки, сен тигилердин кара ниетин алдын ала эле билген турбайсыңбы. Азамат, азамат. Сен чыныгы чалгынчы экенсиң.

Б а ч к и: Мен чалгынчы эмесмин, чалгындоо бөлүмүнүн баштыгымын.

К у н у ч а: Эмне, сенин чалгынчыларың барбы?

Б а ч к и: Эмне, жок дедиңер беле?



К у н у ч а: Чалгынчыларың ким?

Б а ч к и: Бу жарыя айтпай турган жашыруун сыр. *(Үзүл-кесил чычкан чыйылдагы чыгат.)* Чалгынчым белги берип чакырып атат. Маанилүү кабар бар окшобойбу. Мен бат эле келем, кетпей тургула. *(Жүгүргөн бойдон кетет.)*

С о ё ч о р: Мен жылдыз курттар менен сүйлөштүм. Алар түндөсү биздин жолдун үстүнө салаңдап асылып, жарык кылып турабыз дешти.

К у н у ч а: Дегеле ырас болот. Биз эми күндүр-түндүр иштей алабыз.

*(Бачки кайтып келет.)*

Б а ч к и: Тиги эки макоо жолду өрттөп иебиз деп оолугуп атышат. Качан өрттөшөт экен, убактысын таамай билип кел деп мен чалгынчымы жумшадым.

К у н у ч а: Андай болсо, үчөөбүз иштей беребиз, бирөөбүз сакчы болуп күзөттө турабыз.

С о ё ч о р: Сакчылыкта тургандан кыйын эмне бар? Еригесиң, ичиң бышат, уйкуң келет...

К у н у ч а: Сакчылыкка кезек менен турабыз. Мамалак гана турбайт. Качан көрсөң уйкусу келип жүргөн неме сакчы боло алмак беле.

С о ё ч о р: Баарынын эле уйкусу келет. Мамалакты майып немедей көп катарынан чыгарба. А деле күзөткө турсун.

К у н у ч а *(Мамалакка)*: Күзөттө уктабай тура аласыңбы?

М а м а л а к: Уктабаска тырышып көрөйүн.

К у н у ч а: Анда эмесе сакчылыкка баарыбыз кезектешип туралы. Макулдаштыкпы?

*(Алсыз чыйылдаган үн угулат.)*

Б а ч к и: Бу менин чалгынчым *(жүгүрүп кетип, бат эле кайра Чиени көтөрүп келет.)* Жарадар болуптур, таза чүпүрөк тапкыла, жарасын таңа коёюн.

М а м а л а к: Бир азга чыдап тур деп айт Чиеңе. Жакында биз түштүккө жол салып бүтөбүз, ошо жол

менен Чиени ысык жерлерге апарабыз. Ошоякта Чие жаракатын айыктырып алат.

Ч и е: Жок, айыга албайм. Оңбой калдым. Мант бергенге үлгүрбөй, Чоңчөөнүн уусу бар сынык тишине урунбадымбы. Бирок мен алардын оюн билип алдым. Алар алтүндө... Тиги неме... неме... кырдан чыкканда, өрт коюшат экен *(шылк этип, тилден айрылат).*

К у н у ч а: Кырдан эмне чыкканда, я?

Б а ч к и: Башыңарды кайгылуу төмөн салгыла, жан досторум. Менин эң мыкты чалгынчым, эр жүрөк Чие курман болду. Ал түштүк жактагы миң-сандаган айбанат кайнаган ысыктан, каны катып чаңкагандан өлбөсүн деп жанын кыйды.

*(Бир мүнөтчө баары башын шылкыйтып унчукпай туруп калышат.)*

К у н у ч а *(өзүнчө ойлуу күбүрөп):* «Алар тиги неме... неме... чыкканда өрт коюшат...») Эмне чыкканда?

М а м а л а к: Күн чыкканда.

К у н у ч а: Түндөсү күн чыкчу беле.

Б а ч к и: Мен таптым. Ай чыкканда өрт коюшат турбайбы.

К у н у ч а: Баары ачык болду. Бат-бат алмашып турабыз. Күзөткө биринчи болуп Соёчор калсын, калганыбыз иштей берели.

К о ш а я к: Алар иштете койбойт. Билесиңерби... Мага бир ой келди. Мага бир чака суу бергиле, мен түштүккө карай чабайын, ошентсем, Чоңчөө артыман кубалап жөнөйт. Анан силер жолуңарды жайма-жай куруп бүтөсүңөр.

С о ё ч о р: Чоңчөө кубалап жетип алсачы?

К о ш а я к: Мен жеткирбеске тырышам да.

Б а ч к и: Анда чака көтөрбөй эле чурка. Чака жолтоо кылат. Досторуңа айта бар: бир аз сабыр кылып туруш-сун. Биз суу жеткиребиз.



К о ш а я к: Айта барам. Бирок мага бир чака суу бергиле. Баргыча түбүндө бир жутум суу калса деле мейли. Ошо суу эле маймылдын жанын алып калат.

Б а ч к и: Туура айтат. Кунуча, суу сузуп бер буга. *(Кунуча чака алып, суу сузганы кетет.)*

К о ш а я к: Силер суу жиберген бочкелерге биз ысык аба толтуруп жиберип турабыз.

М а м а л а к: Атаганат, ошентсеңер кана. Суук карашалатып уйкуму эле келтирип атат.

*(Кунуча бир чака суу апкелет.)*

К о ш а я к: Ыракмат. Мен узай түшкөндө «Жакшы бар, Кош аяк!» деп кыйкырып койгула. Чоңчөө угуп, артыман шүмөңдөп чуркайт.

К у н у ч а: Кош бол, Кош аяк.

К о ш а я к: «Кош бол» дебе, «Кайра көрүшкөнчө» дейли. *(Жүгүргөн бойдон кетет.)*

М а м а л а к *(акырын кыңылдап ырдайт):*

Дос табам деп каржалба,
Дос өзү эле табылат.
Бою кыска же узун
Бирөө сага кабылат.
Чиркин, Кош аяктын ыры мыкты экен!

С о ё ч о р: Кыйкыралыбы?

Б а ч к и: Коё тур. Кош аяк дагы бир аз узай түшсүн.

М а м а л а к *(ырдайт):*

Досум бар деп узун бой,
Дардаңдаба мактанып.
Агөрөк айт: бийиксиң
Досчулукта канчалык?

Б а ч к и: Эми кыйкырсак болот.

Б а а р ы *(чогуу кыйкырып):* Жакшы бар, Кош аяк! Ак жол, ак жол, Кош аяк!

*(Чоңчөө менен Чөө чыга келет.)*

Ч о ң ч ө ө: Макоо Кош аяк дагы качып жөнөгөн экен.

Ч ө ө: Ысык жакка карай кеттик анда. Алга! Кууп жетелиби?

Ч о ң ч ө ө: Жок.

Ч ө ө: Ысык сорпоңор качып баратпайбы.

Ч о ң ч ө ө: Сорпонун артынан түшсөм, устукандан кур калгыдаймын. Эң оболу бу жолду быт-чыт кылыш керек. Бир аздан кийин капкараңгы болот, анан ошондо... *(Чоңчөө берки Чөөнүн кулагына бирдеме деп шыбырайт, Чөө кошоматка арсактап күлүп калат, анан экөө тең кетет.)*

С о ё ч о р: Кубалабай койду оңбогурлар.

М а м а л а к: Кош аяк маймыл досун сактап калмак болду. А бизди ким аман алып калат, я?

К у н у ч а: Көп калжырабагыла. Күзөткө турчу маалың келди, Соёчор. *(Соёчордон башкасы кетет.)*

С о ё ч о р *(стрелканын туткасын солго, кайра оң жылдырып):* Таң аткыча стрелканы кайра-кайра жылдырып кыйноо тартамбы? Жок, бөлөк бирдемеге алаксыбасам болбойт... Андан көрө шпалдарды санабайымбы. Бир, эки, үч, төрт... Адегенде алдыңкы бутумун сол туягы менен санайын, анан арткы бутумун сол туягы менен, анан алдыңкы оң туягым менен, анан арткы сол туягым менен...

*(Соёчор туяктары менен шпалаларды тарсылдатып санай баштайт, туяктардын дүбүртү ксилофондун клавиштерине балкачалар урулгандагы чыккан обон-күүдөй угулат.)*

*(Чоңчөө менен Чөө келет.)*

Ч о ң ч ө ө: Карасаң, Соёчор күзөттө экен. Аны азгырып бери бастырыш керек.

Ч ө ө: Эй, Соёчор, бизге дос болгуң келеби?

С о ё ч о р: Силерсиз деле досум түгүмөн көп.



Ч о ң ч ө ө: «Досум көп» деп коёт. А досторуң ким? Мамалакпы? А бат эле чоңоюп, кайра сага кол салат, сени жара тартып жейт.

Ч ө ө *(кошоматка арсалаңдап):* Этиңе тоюп, магдырап уктайт.

С о ё ч о р: Бала чагыбыздан дос жүрсөк, Мамалак кийин мага катылбайт.

Ч ө ө: Сенин шыйрактарың күчтүү да, күлүк да имиш го. Ошол ыраспы?

С о ё ч о р: Ырас, ырас.

Ч ө ө: Анда жарышып көрбөйлүбү. Сен озуп чыксаң, мен сага бир үймөк көпкөк чөп тартуу кылам.

С о ё ч о р: Мен сенден оңой эле озом. Бирок сакчылыкта турбайымбы. Күзөттү таштап кете албайм.

Ч ө ө: Акылың жок аңкоо экенсиң, ошентип аңкайып тура бер!

*(Чөө менен Чоңчөө кетет.)*

С о ё ч о р *(шылкылдап уйкусурап):* Сакчылыкка турсаң эле уйку неге мынча карайлатат? Менимче, уктай албай кыйналгандарды күзөткө коюш керек экен.

*(Чоңчөө менен Чөө акырын кайра келет.)*

Ч о ң ч ө ө: Карасаң, карасаң, үргүлөп баратат.

Ч ө ө: Кел, ага «алдей» ырын ырдап берели, бат эле уктап калат.

Ч о ң ч ө ө, Ч ө ө:

Жарым түнгө ыктап калды,
Жаамы бугу уктап калды.
Жамынып чылк караңгыны
Жуушап жатат марал-бугу...

Түн чүмкөнду кара тонун,
Укта, укта, Соёчорум.
Күзөтүңдө көшүп укта,
Укта, укта, Соёчорум...

Соёчор: Түү, итиркей келтиргидей ыркырап-каркырап улушат турбайбы. Ушундай ыр да уктатмак беле. Кайра тула боюңду дүркүрөтүп, этиңди үркүтүп, уйкуңду умачтай ачпайбы.

*(Кунуча, Бачки кирет. Чөө, Чоңчөө жашынып калат.)*

Кунуча: Сакчы алмашат! Соёчор, баары жайындабы?

Соёчор: Жайында болбогондо анан. *(Өңгүрөп чакырык салат.)*

Бачки: Дагы менин урматыма «сурнай» чалдыңбы?

Соёчор: Жок өзүмүн урматыма чалдым. Уктап калууга тийиш элем, кудай жалгап, уктаганым жок.

Кунуча: Азаматсың. Кеттик.

*(Кунуча менен Соёчор кетет.)*

Бачки *(колдорун канаттай жая эстенип):* Бир кумардан канып уктап алайын! Ырас, күзөттө туруп уктаган жакшы эмес. Бирок айлакер уктай берсе болот. Аңкоо бечаралар күзөттө уктабай чакчайып турсун. Мен айлакер эмесминби... Кана, кандай амал кылсам? Шамал жүрүп турган экен. Чыбык бар. Чүпүрөк да табылат. *(Чыбыкка чүпүрөк байлап салып, стрелканын жанына отурат да, уктап кетет.)*

*(Чоңчөө менен Чөө келет.)*

Чоңчөө: Карасаң, Бачки күзөттө туруп калыптыр. Желегин желкилдетип атат.

Чөө: Мындай кууну алдаш кыйын.

Чоңчөө: Түн дегениң экөөбүзгө эле күндүздөй. Бизден башкалардын баары түндөсү уйкуга карамыга берет. Бачкиге да «алдей» ырын ырдабайлыбы?

Чоңчөө, Чөө:

Жарым түнгө ыктап калды,
Жаамы түлкү уктап калды.
Караңгылык түн күзөтөт,
Бүт түлкүнү үргүлөтөт.



Уктап кетсең, түш көрөрсүң,
Укта Бачким, укта Бачким.
Тынчыңды албайт сенин эч ким...
Укта Бачким, укта Бачким...

*(Бачки коңурук тартып уктап атат.)*

Чоңчөө: Оңбогурдун анткорлогону ай!.. Өзү калп эле уктамыш болуп, байкабай желегин желкилдетип атпайбы.

Чөө: Жанына барсак, дароо айгай салып тура качат.

Чоңчөө: Жок, күтө туралы. Түн узун булардын бирөө сөзсүз бырылдап уктап калат.

*(Чоңчөө, Чөө экөө кетет. Кунуча менен Мамалак кирет.)*

Кунуча: Сакчы алмашат! Эй, Бачки! *(Жулкулдатып ойготот.)*

Бачки *(ойгонуп):* А? Тынччылыкпы? *(Эстенип, керилет.)* Дегеле жакшы уктапмын.

Кунуча: А жолду кимге кайтартып койдуң?

Бачки: Мобу жоолук салынган чыбык кайтарды.

Кунуча *(наараазылана баш чайкап):* Болбой эле амалкөйлөнүп атасыңбы, Бачки.

Бачки: Жок, амалкөйлөнгөн жерим жок. Тек амалкөйлүккө үйрөнүп атам.

Мамалак: Келечекте кереги тийчү бир пайдалуу өнөргө үйрөнбөйсүңбү.

Бачки: Келечекте мен куу түлкү болушум керек. Айла-амалга үйрөнбөсөм, кантип куу түлкү болом? Түлкүлөрдүн бир жомогу бар. Куулук-шумдукка үйрөнбөгөн бир түлкү жөнүндө жомок. Ошо жомоктун түлкүсү акыры кандай алга туш болгонун билесиңби?

Мамалак: Билбейм.

Бачки: Ошо түлкүнү коён жеп коюптур.

Кунуча: Жомогуңарды коё тургула. *(Бачкиге.)* Жүр, ишке баралы. *(Мамалакка.)* Уктап калбайсыңбы?

Мамалак: Уктабаска тырышам.

*(Кунуча кетет.)*

Б а ч к и: А сен эрмек үчүн кыялында бир оюн кой. Өзүңдү мергенчи деп элестет, Чөөнү колго түшүрүп алдым деп көз алдыңа келтир. (Күлгөн бойдон кетет.)

М а м а л а к: Жок, мен уктабайм. Уктаганга акым жок. Себеби биз эң керек жол куруп атабыз. Ушу жолубуз бара турган түштүк жак ысык, а биздин жак – суук. Аякта жакында жай болот, а бизде кыш болот.. Аякта жүрсөм, мен куду ушу тапта уйкудан ойгонмокмун... А менин азыр... *(эстенет)* уктагым келип... *(эстенет)* уктагым келип атат...

*(Чоңчөө, Чөө келишет.)*

Ч о ң ч ө ө: Мунусу сөзсүз уктап калгыдай... Адегенде жолго өрт коёбуз, анан Мамалакты өрткө бышырып жейбиз.

Ч ө ө: Өтө эле кичинекей экен.

Ч о ң ч ө ө: Калжырабай жөн тур. Кичинекейдин эти чоңдукунан таттуу болот, ошону билбейсиңби.

Ч ө ө: Таттуу экенин билем го. Бирок анын этине экөөбүз тойбойбуз го.

Ч о ң ч ө ө: Тойбой турган болсок, мен өзүм жалгыз жейм. *(Мамалак стрелкага таянган бойдон уктап кетет да, таттуу ыңгыранат.)* Алдыга бас. Оозун шап басып, өзүн чырмап байлай кой.

*(Чөө уктап жаткан Мамалакка жакындап барат. Бирок Мамалак уйкусурап стрелканын рычагын басып көтөрүп жиберет, рычаг кайра түшкөндө Чөөнүн алдыңкы бутун рельс кыпчып калат, Чөө боздоп айкырганда, Мамалак ойгонуп кетет.)*

М а м а л а к *(уйкусурап)*: Ой! Эмне болду?

Ч ө ө: Бой! Бой! Сен стрелканы жылдырып ийип, рельс бутуму кыпчып калды.

М а м а л а к: Ырас гана болуптур. Аялуу жерге гана астыртан киресиң ээ! Азыр жолго паравозду салып иебиз...



Ч ө ө: Жан соога, Мамалак баатыр. Мен өз ыктыярым менен келген жокмун. Чоңчөө жиберди. Жолуңардын чабал жерин билип кел деп жиберди.

М а м а л а к: Анда сен шпион турбайсыңбы?

Ч ө ө: Ишпион болбой калайын. Чоңчөөнүн бир байкуш кулумун. Сен айкөл эмессиңби, Мамалак. Ата-тегиң да азыл зат эле. Ал эми айкөлдөр, асылдар дайыма кулдардын азаттыгы деп салгылашып келген. Сен мени бошотсоң, артыңда «кулдардын куткаруучусу» деген жакшы наам калат.

М а м а л а к: Болуптур, бошотоюн. Бирок сен мага бу жолго мындан ары такыр жолобойм деп убада бер.

Ч ө ө: Жолосом эле ата-энемдин арбагы урсун, балдарымын жакшылыгын көрбөй калайын, Чоңчөө менен дос болгонум мага өтө кымбат, ошо достугуман айрылайын.

М а м а л а к: Алдайм деген неме ушинтип карганчу эле. Андан көрө жөн эле: «Чын сөзүм ушул», – деп коё кал.

Ч ө ө: Чөөнүн чын сөзү ушул.

М а м а л а к: Анда, бара гой *(Стрелканы өйдө кылат. Чөө аксаган бойдон Чоңчөөгө чуркайт.)*

Ч о ң ч ө ө: Оо ашкеби десе! Жадагалса абайлап барганды билбейсиң. *(Таяк шилтеп Чөөнү урат.)*

Ч ө ө *(коркуп кетип)*: Бир айласын табабыз. Эптеп бир айла табабыз.

М а м а л а к: Эми жолго эч ким жолобойт. Мен беймарал уктасам болот. *(Уктап калат.)*

Ч о ң ч ө ө: Тигилер мени кантип ашатып сөгөт экен, кантип боктойт экен, ошону мага айтып берчи. Мен адегенде ызаланам, анан каарланам, анан жинденем, ошондо көздөрүмөн учкундар чачырайт да, жолго өрт кетет.

Ч ө ө: Алар силерди кыянатчыл, ач көз, бок жүрөк, жүзү кара деп ашатып сөгөт экен.

Ч о ң ч ө ө: Дагы!

Ч ө ө: Деги акмактын акмагы дешет.

Ч о ң ч ө ө *(опузалай):* Ким дейт? Антип ашатып сөккөн ким?

Ч ө ө *(алдастап):* Тигилер, тигилер...

Ч о ң ч ө ө: Учкун чыккан жокпу?

Ч ө ө: Жок. Мунуңардан эчтеме чыкпайт, кадырман Чоңчөө. Андан көрө башыңарга оор бирдеме менен бир урса, ошоно көзүңөрдөн учкундар шыркырап чачырайт эле...

Ч о ң ч ө ө: Уруп көрбөйсүңбү!

Ч ө ө: Жаныңар катуу ооруйт да.

Ч о ң ч ө ө: Чыдап берем. Ур!

Ч ө ө: Анан силер мени...

Ч о ң ч ө ө: Эчтеме кылбайм.

Ч ө ө: «Эчтеме кылбайм» деп тил кат жазып бергиле.

Ч о ң ч ө ө: Оңбогон гана бюрократ! Эмне, коркуп атасыңбы.

Ч ө ө: Мен силерди жакшы билем го. Дос болгонубузга көп болбодубу.

Ч о ң ч ө ө: Бюрократ! Суу жүрөк! Байкуш!

Ч ө ө: Туптуурасын айттыңар. Ошо жамандыгыман тил кат сурап атпаймынбы.

Ч о ң ч ө ө: Жазса жазып деле берейинчи. Кана, кабыктан бер *(Кабыкка тилката жазат.)* Эми башыма бир сокчу! *(Чөө жерден таякча алып, Чоңчөөнү башка чабат.)* Кантти, я?

Ч ө ө: Чачыраган жок.

Ч о ң ч ө ө: Таяктын чоңураагын таппайсыңбы? (Чөө килейген союл сүйрөп келет.) Ой, муну менен өлтүрө чабасың го.

Ч ө ө: Ошондон коркуп атпайымбы...

*(Сагызган келип калат.)*

С а г ы з г а н: Чоңчөөгө аташкан жарынан сагызганограмма келди.



Ч о ң ч ө ө: Оку.

С а г ы з г а н: «Кайтып келе бер, баарын кечирем».

Ч о ң ч ө ө *(ыйлап иет):* Байкуш жан теңим ай-я! Жакшы көргөн жарым эй-я! Сагынган турбайбы. (Капысынан.) Биздин жолугушуубузга жолтоо кылгандын баарын жейм, жутам, мойсойм. Жооп сагызганограмма жөнөт. «Жыгач жол талкаланат. Той өз убагында болот. Жакында келем. Сабыр кылып күтүп тур. Акыреттик жарың».

*(Сагызган учуп кетет.)*

Мен чөөлөрдүн дөөсү болом,
Мен чөөлөрдүн өртү болом.
Жаалым жаман, каарым жаман,
Көздөн отум балбылдаган.
Ачуулансам, көздөрүмөн
От чыгарып, өрт кетирем.
Токой күйөт, чөлдөр жанат,
Жыгач жол бүт күлгө айланат.
*(Чөөгө)* Ур! Сок! Ур деп атам сага!

*(Чөө Чоңчөөнү оор союл менен баштан ары берип калат, Чоңчөөнүн көздөрүнөн чын эле жолду карай учкундар чачырайт, өзү болсо эс-учунан танып жыгылат.)*

Ч ө ө: Болду, болду! Кыпындар жолго түштү. Жол түтөй баштады. Бир азда жалбырт этет.

М а м а л а к *(ойгонуп):* Ой, эмне болду! Жан соога! Келгиле! Балээ басты!»

Ч ө ө: Тургула, таксыр. Айбанаттын баары жыйылып келгени калды. *(Чоңчөөнү көтөрүп тургузам дейт, бирок тургуза албайт. Баягы достордун чуулдаган үндөрү жакындай баштайт. Чөө коркуп жетип, Чоңчөөнү таштай качат. Кунуча, Бачки, Соёчор үчөө кирет.)*

М а м а л а к: Карасаңар, жолубуз түтөп атат. Азыр жалбырт деп жанат.

С о ё ч о р: Аттиң ай, эмгегибиз бекерге кетти ээ!

Б а ч к и: Түштүк жактын жаныбарларына жардам берели деп ушунча тырбаландадык эле. Баары бүттү. Өрт кетсе, өчүрө албайбыз.

С о ё ч о р: Кош аяктын ырысы жок экен... Маймылдын шору бар экен...

К у н у ч а: Өчүрөбүз. Мени ээрчигиле.

Б а ч к и: Каякка?

К у н у ч а: Суу ылдый. Суу тосмону бат бүтүрө салалы. Тосмого суу тирелип өйдө көтөрүлөт, рельстерди каптайт, өрт өчөт.

С о ё ч о р *(өңгүрөп чакырат):* Жашасын кунулар, жашасын суу тосмону курчу усталар!

*(Достор чуркап кетет. Чөө рельстерге жакындап келип, түтөп аткан отту үйлөйт. Жолдун үстүнөн жалындын тилдери соймоңдой баштайт. Ошол ченде капыстан аккан суунун табышы чыгат.)*

Ч ө ө *(Чоңчөөнү жулкулдатып):* Тургула! Суу каптап келатат. Сууга чөгүп өлөсүңөр.

*(Суу шаркыратып рельстерди каптап, жалынды жалп-жалп өчүрөт.)*

Ч о ң ч ө ө *(араң туруп, темтеңдеп)*: Шалбырап суу болупмун го... Ушу кешпирими сүйгөн жарым көрсө го.

*(Сагызган пайда болот.)*

С а г ы з г а н: Көңүл бургула, көңүл бургула. Абарайынын шашылыш маалыматы. Түндүк уюлда куралган бороон-чапкын күн чыгыштан күн батышка көчүп отуруп, күтүлбөгөн жерден биздин токойго келип урунду. Он мүнөттөн кийин кыртыштагы суук отуз даражага чейин түшкөнү турат.

Ч ө ө: Он мүнөттөн кийин, кадырман Чоңчөө, силер чорго музга айланасыңар. Эсиңер барында чөлүңөргө чу дегиле. Барып курганып алгыла. Тезирээк жөнөгүлө.

Ч о ң ч ө ө: Айтчы, кунулардын тиши чын эле курчпу?

Ч ө ө: Бу рельсти көз ачып-жумганча араалап салмак.



Ч о ң ч ө ө: Дагы көрө жатарбыз. Булар деңиз үстүнө көпүрө салса, акула, кит, крокодилдин баары биз тарапта болот. Кана, кеттик.

*(Чоңчөө менен Чөө кетет. Достор келет.)*

М а м а л а к: От өчтү!

С о ё ч о р: Жол аман калды!

Б а ч к и: Сен даанышман экенсиң, Кунуча. Сени биз бекеринен башчы кылып шайлабаппыз... Тигине, тигине, Чоңчөө менен кичине Чөө качып баратат. Кылчайып караганга чамалары жок.

*(Соёчор өңгүрөп чакырык салат.)*

М а м а л а к: Кимдин урматына «сурнай чалып» атасың, Соёчор?

С о ё ч о р: Биздин досчулугубуздун урматына.

М а м а л а к: Мен эми эч качан жалгызсырабайм, анткени досту кантип табыш амалын билем. Бирөөгө жакшылык кылсаң эле, дос табылат экен.

Д о с т о р *(чогуу ырдашат):*

Ачкадан жатсаң кезерип,
Акырын үн сал токойго.
Азыраак тамак көтөрүп
Апкелет сага ошондо.
Мамалак, Бачки, Соёчор,
Кунуча досуң – эр ошол.

Жатагыңа жоо кирсе,
Жакындап биз барганда.
Жаны чыгып жалт берет
Жолотпоско жооңду
Бачки, Куну, Соёчор
Мамалактар ант берет!

Ажырагыс досторбуз,
Ажалдан да коркпойбуз.

Коркуп качкан кокуйду
Тобубузга кошпойбуз.
Достук бизге эш берет,
Достук бизге эрк берет.
Бачки менен Мамалак
Коркокторго өч келет.
Кунуча да Соёчор
Коркокторду жек көрөт.

*Көшөгө.*



## БУМЕРАНГ

*(радиопьеса)*

Катыша тургандар:

Арзыгул Солтоноев – дипломант, жогорку окуу жайынын сырттан бүтүрүүчүсү.

Сапар Айдаров – анын жетекчиси, жаш доцент.

Султан Намазалиев – анын оппоненти, карт доцент.

*(Телефон чыркырайт. Ботинка полду такылдата басып келет. Телефон трубкасы көтөрүлөт).*

Намазалиев: Султан Намазалиевич менмин, угуп жатам *(кичине пауза)*. Шүгүрчүлүк, дурус, дурус. Сиз кимсиз? *(кичине пауза.)* А-а, Солтоноевсизби? Дурус, дурус *(кичине пауза)*. Ии, оппонентмин. Сиздин дипломдук ишиңизди окуп чыктым. Иш дурус эле экен, бир-ак кичине сиз менен сүйлөшө турган маселе чыгып жатат. *(кичине пауза)*. Кандай маселе дейсизби? Эми аны сизге телефондон докладывать этейимби? *(кичине пауза)* Мейлиңиз, келсеңиз каршы эмесмин. Квартираны билесизби? *(кичине пауза.)* А-а, дипломдук ишиңизди өзүңүз алып келдиңиз беле, анда билет экенсиз, келиңиз *(кичине пауза)* Жок, эч жакка барбайм, үйдө эле болом. *(Трубканы үн чыгара коёт, аркы-терки баскан дабышы, табасы канган кыязда сүйлөй баштайт)*. Сапар Айдарович, эми, буюрса, колго түштүң. Кармай албай жүрдүм эле, ырас гана болду да. Бу Солтоноевге мени оппонент кылалы деген деги ким экен, ким болсо да өмүрүнө береке берсин, душманымы алаканыма гана салып берди го. Анан калса бу Айдаровуң түшкүр мага ашкере өткөрүп ийбедиби. Кафедрага башчы кылгандан бери көргөн-бакканы эле мен болуп калдым. Асылганын койбойт, тыңсынганын койбойт. Окуган лекциямы да сындайт, сүйлөгөн сөзүмү да жактырбайт. Мате-

риалды билбейт имишмин, илимий деңгээлим төмөн имиш, жазгандарым да примитивный имиш, анарохронизм имиш. Дагы дегеле сылык сүйлөп сындаганын кантесиң. «Биз Султан Намазалиевичти сыйлайбыз, ал кишинин педагогдук тажырыйбасы чоң, аксакал окумуштуубуз» деп мактап келип, анан «бирок» деп чалкасынан кеткеничи. Принципиальный, принципиальный деп койсо, ого бетер болбой калат, билимдүү-билимдүү деп койсо жөн эле барбайып кетет. Дагы мага аздык кылат! Түзүк бала деп аны өзүм аспирантурага рекомендовать этем. Жакшылыгымын акыбети дегеле кайтпайт, эми мына, чекеме чыйкан болуп чыгып атат. Койчу, ушуга теңелейимби деп унчукпай койсом, мени бир бечара деп жүрөт окшойт. Бечара имишмин! Султан Намазалиевди эми көрүп алгыла. Бир чыр чыгарайын дейсиң! Катылганда коргоно берсең, баары жабыша берет экен, атака коюп турбасаң эле болгудай эмес. Мен эми атакага чыктым, Сапар Айдарович! Терме – тезек, келме – кезек. Бир абийриңди төгөм, шаштыңды алам, буюрса. Кокус тамагынан байланып калса го, кайра өйдөлөбөс кылып согуп таштайт элем. Токто, токто, келсин Солтоноев, келсин. Аны бир чегип сурап көрөйүн, кокус Айдаровдун алкымына бирдеме өтүп кетсе, чап кармап туруп, бир акесин таанытайын. *(Аңгыча эшик сылык гана тырс-тырс кагылат)* А мына, өзү да келип калды *(тез-тез басып барып, эшик ачат).*

С о л т о н о е в: Саламатсызбы, агай, жакшы турасызбы?

Н а м а з а л и е в: Дурус, дурус, кириңиз, жолдош Солтоноев, кире бериңиз. *(Экөөнүн баскан добушу)* Кана, отуруңуз, жолдош Солтоноев. Берирээк, бу креслого *(экөө тең отурушат)* Кечиресиз, атыңыз ким эле?

С о л т о н о е в: Арзыгул, агай. Арзыгул.

Н а м а з а л и е в: Дурус, дурус, Арзыгул мырза. Кандай кызматтасың азыр?



С о л т о н о е в: Жарыбаган эле бир иш, агай. Райондук заготживсырьёнун баштыгымын.

Н а м а з а л и е в: Жарыбаган иш болбой калсын. Начальник турбайсыңбы. Үкүнүн уясын тапкан экенсиң, жолдош ачендик.

С о л т о н о е в: Каяктагы үкүнүн уясы, агай. Жарыбаган эле бир иш.

Н а м а з а л и е в: Дурус, дурус. Айтчы, теги жалуунуң канча?

С о л т о н о е в: Эмне дедиңиз, агай, мен түшүнбөй...

Н а м а з а л и е в: Айлыгың канча, ошону сурап атам...

С о л т о н о е в: А, айлык десеңиз. Жарыбаган эле айлык, жүз сомдон саал ашык.

Н а м а з а л и е в: Ошо менен эле оокат кылып атам дечи?

С о л т о н о е в *(кошоматтана күлүп):* Анан эмне кылабыз, агай. Эптеп оокат кылып атабыз.

Н а м а з а л и е в: Карагүчкө жупунулуктун эмне кереги бар, жолдош ачендик. *(Күлкү аралаш.)* Оокатым доңуздай эле тың дебейсиңби?

С о л т о н о е в: Сизден жашырат белем, агай, айлыктан тышкары анча-мынча пайда түшүп турат. Оолыктан тышкары анча-мынча пайда түшүп турат. Оо-

Н а м а з а л и е в: А дурус, дурус. Баса, бу кызматта көптөн бери иштейсиңби?

С о л т о н о е в: Оо элүүнчү жылдарда совпартшколду бүттүм эле, ошондон бери чарба иштеринде жүрүп, эки жыл болду – ушу кызматта иштеп атам.

Н а м а з а л и е в: Өзүң чарба кызматкери болсоң, бу жагынан тажрыйбаң көп экен, сага тарых факультетин бүттү деген дипломдун эмне кереги бар анан?

С о л т о н о е в: Ээ, агай, көрүп турасыз, жашым бир топко барып калды. Өзүңүз билесиз, азыр кадрлар жатопко барып калды. Өзүңүз билесиз, азыр кадрлар жамырап чыгып атат, бүгүн болбосо эртең, айла барбы, алардын бирине орун бошотуп беребиз да.

Н а м а з а л и е в: Эмне, мындан бошосоң, көчөдө калат белең, ушунча жыл иштеткен өкмөт бир иш берер сага.

С о л т о н о е в: Аныңыз чын го, бирок сүрүлүп отуруп акыры келген жерим – ошо заготжипсырьё. Азыркы отурушум деле анча бекем эмес, солкулдап турат. Эми бу кызматтан кетсем, көчөдө каңгырап калышым да мүмкүн. Адистигим жок болсо, билимим жок болсо... он балам болсо, катыным иштебесе... не бар, не жок, кокус мындан бошосом, эптеп мугалимчиликке илинип алам да, бала-чакамы багып турам да. Ошо жагын ойлоп бу тарых факультетине кирип койдум эле. Диплом керек экен, агай дипломуң болбосо түбү кор болгудайсың.

Н а м а з а л и е в: Дурус, дурус, А-а, Айтыгул мырза...

С о л т о н о е в: Арзыгул, агай, Арзыгул.

Н а м а з а л и е в: Баса, Арзыгул эмес белең... Кана, Арзыгул мырза, айтчы: а-а-а... сен... кантип дипломдук иш алып калдың, я?

С о л т о н о е в: Кантип алып калмак элем? Өздөрү эле беришти.

Н а м а з а л и е в: О койсоңчу, жолдош ачендик, көп анткорлоно бербесеңчи. Колдогонуң болбосо, башка заочниктердей эле шоруң кайнап госэкзаменге барат элең го.

С о л т о н о е в: Түзүк окучу элем, анан диплом жазат дегендердин тизмесине илинип калыпмын. Өзүм госэкзамен тапшырам деп эле жүргөнмүн.

Н а м а з а л и е в: Куу экенсиң, Арзыгул, тапан экенсиң, чыныңы айтпай атасың. Мейли, эми муну айтчы. Чынын айт. А-а, тиги... доцент Сапар Айдаров жетекчиң экен, а киши... кайдан сага жетекчи болуп калды?

С о л т о н о е в: Жөн эле болуп калды, жөн эле...

Н а м а з а л и е в: Жок, сен өзүң мага жетекчи болуп бер деп сурадыңбы же Айдаров өзү сени тандап алдыбы ошону сурап атам.



С о л т о н о е в: Иш мындай болду, агай...

Н а м а з а л и е в *(жымырыла берип):* Ии, кана, кана, айтчы.

С о л т о н о е в: Кафедрада дипломдук иштердин темалары илинип турган экен, мен бирөөнү тандап алып, тушуна фамилиямды жазып койдум эле, кийин Сапар Айдаровичке туш келип калыпмын.

Н а м а з а л и е в *(кекээр менен):* Демек, Сапар Айдаровго кокустан туш келдим дечи. Дурус, дурус. (пауза) А Сапар сага кандай жетекчилик кылды.

С о л т о н о е в: Жакшы жетекчилик кылды, көп жардам берди.

Н а м а з а л и е в: Конкреттүү айтканда?

С о л т о н о е в: План түзүп берди, жазганымы эки жолу карап берди, пайдаланчу адабияттарды айтып берди.

Н а м а з а л и е в: Ошол адабияттардын ичинде менин китепчем бар беле, Айдаров аны айтты беле?

С о л т о н о е в: Жо-жок, айткан эмес.

Н а м а з а л и е в: Сен жашырып атасың, чынын айтпай атасың.

С о л т о н о е в: Сизге кантип калп айтайын, агай.

Н а м а з а л и е в: Калп айтпасаң айтчы, кана. Жетекчиң ишиңи оңдоп берди беле?

С о л т о н о е в: Анча-мынча жерине калем тийгизген, бирок көбүнчө тиги жерин минтип кайра жаз, биерин минтип жаз деп көрсөтмө берип турган.

Н а м а з а л и е в: А-а, дурус, дурус. *(пауза)* Экөөңөрдүн араңарда андан башка мамиле болгон жокпу?

С о л т о н о е в: Ой, агай, андан башка кандай мамиле болот эле?

Н а м а з а л и е в: Арзыгул мырза, биз кыргызбыз го. Сыйчыл эл эмеспизби. Заочниктерден менин деле досторум бар, кээде алар биздин үйгө эт-май, бал-сал, кымыз-сымыз дегендей бирдемелерди алып келип

калышат. Өзүң билесиң, үйгө келген ырыскыны албай койгон кыргыз салтында жаман экен, кесир болот дешет экен, анан мен кантип албай коёт элем, алам да. Бирок ал пара эмес го, жөн эле кыргызча ызат го, достор арасында боло берчү сый го. Айдаров экөөңөрдүн араңарда да ошондой мамиле болдубу деймда.

С о л т о н о е в: Жок, агай, Сапар Айдарович андай ишке такыр барчу киши эмес экен. Бирге иштеп жүрбөйсүзбү, аны өзүңүз деле билсеңиз керек.

Н а м а з а л и е в: Билебиз, билебиз. Сопусунган молдонун үйүнөн кээде эмне чыгарын өзүң да билсең керек.

С о л т о н о е в: Жок, Сапар Айдарович андай киши эмес экен. А тургай ресторанга да бир жолу алпаралбай койдум. Кичине асылып көрөм деп каккы жедим.

Н а м а з а л и е в: Сен Сапарды өтө эле коргоп калдың, экөөңүн араңар соо эмес го.

С о л т о н о е в *(наааразылык менен, бирок сыпайы):* Койсоңузчу, агай, сопсоо элебиз. Мен мурда сый менен кимди болсо да алып коём го дечү элем, көрсө, сыйдын сыйына дагы азгырылбай тургандар бар экен.

Н а м а з а л и е в: А-а, сен анда Сапар Айдаровду азгырып көргөн экенсиң го, кана, айтчы, кантип азгырсаң, ал азгырылбай койду?

С о л т о н о е в: Ой, агай, аябай такып сурадыңыз го, тим эле тергөөчүдөй суракка алдыңыз.

Н а м а з а л и е в *(ачууланып):* Сен өзүң ошого мажбур кылып атпайсыңбы.

С о л т о н о е в: Өлүп кетейин, агай, чыны эле ошол.

Н а м а з а л и е в: Жок, сымаптай мөлтүлдөп, түлкүдөй мант берип атасың.

С о л т о н о е в: Кудай урсун, агай, чынын эле айттым. Ишенбейт экенсиз да...

Н а м а з а л и е в *(үнүн көтөрүп):* Чының эмес! Кууланып атасың! Дипломдук ишиңди жетекчи бирөөгө



жаздырып берген турбайбы, акысына сен аларга эки кой берген имишсиң.

С о л т о н о е в *(ордунан ыргып турат):* Ким айтат, агай? Калп! Жалган жалаа!

Н а м а з а л и е в *(кекээрдүү сабыр менен):* Шашпа, шашпа, Арзыгул, мырза, отур, отур. Мына, өзүң билдирип койдуң. Соо болсоң ушинтип ыргып турат белең, ушинтип чочуйт белең?

С о л т о н о е в: Ой, агай, анан жалган жерден күйүп айтпайымбы. Андай эч болгон эмес, жалган сөз, жөн эле ушак!

Н а м а з а л и е в: А бизде фактылар болсо кантесиң?

С о л т о н о е в: Эч факты жок, жок нерсенин дагы фактысы болчу беле.

Н а м а з а л и е в *(жумшара түшкөнсүп):* Сен чыныңды айтчы, чыныңды айтсаң иш жакшы бүтөт, мант бере берсең, өзүңө кыйын болот.

С о л т о н о е в *(жаны кашайып):* Агай ай-я, мени жаман кыйнап ийдиңиз го. Чынымы эле айтпадымбы, болбогон ишти кантип болду дейт элем.

Н а м а з а л и е в *(кекээр менен):* Мындан башка эчтеме айтпайм дечи?

С о л т о н о е в *(чаалыккан, кашайган, жалооруган үн менен)*: Коюңузчу, агай, айтарын айттым, чыны эле ошол.

Н а м а з а л и е в: Анда сен экзаменден өтпөйсүң, дипломдук ишиңди коргобойсуң!

С о л т о н о е в *(чочуп):* Кантип агай? Эмне үчүн?

Н а м а з а л и е в *(салтанаттуу):* Ошентип эле. Ишиңин чуусу чубалып жатат, чатагы көп экен.

С о л т о н о е в: Чатак?! А кандай чатак экен?

Н а м а з а л и е в: Аны коргоо күнүндө айтам...

С о л т о н о е в: Ой, анда мен бечараны соёсуз го?

Н а м а з а л и е в: Эмнеге соёт элем, күнөө өзүңдө. Жетекчи экөөң илимге кылмыш кылгансыңар, мен

илимди ыйык көргөн кишимин, мындай кылмышты айтпай коё албайм.

С о л т о н о е в: Кылмыш? Койсоңузчу, агай, каяктагы кылмыш?

Н а м а з а л и е в: Плагиаттык кылгансың.

С о л т о н о е в: Плагиат? Плагиат эмнеси, агай?

Н а м а з а л и е в: Анын маанисин жетекчиңен сура. Сөз бүттү, Арзыгул мырза, бара берсең болот.

С о л т о н о е в *(жалынычтуу):* Агай, сиз чоң окумуштуу кишисиз, мен бир бечара заочникмин, сиз менен илимден талаша алат белем, ушу мен бечараны бир аяп койбойсузбу.

Н а м а з а л и е в: Заочник экениңи көрүп турам, бирок илим – илим да, дипломдук иш – коргоо мамлекеттик мааниси бар маселе. Муну мурунтан жакшы билишиңиз керек эле.

С о л т о н о е в: Агай, мен бала-чакалуу кишимин, он балам бар. Калжайып карыганда окудум эле, алты жылдык мээнетимди өлтүрө көрбөңүз. Жыгылып калдым деп кайсы бетим менен бала-чаканын кашына барам? Андан көрө өлгөнүм жакшы. Агай, сизден бир суранарым, мени аяңыз. Эмне кыл десеңиз, ошону кылайын. Бутума жыгыл десеңиз, бутуңузга жыгылып берейин.

Н а м а з а л и е в *(жумшара түшкөнсүп):* Жок, Арзыгул мырза, бутума жыгылбай эле кой. Андан көрө айтчы, чыныңы айт. *(Үнү көтөрүбүрөөк.)* Сен Сапар Айдаровго бирдеме узаттың беле? Пара катары дебейм, жөн эле кыргызча сый же тартуу катары.

С о л т о н о е в: Жок, агай, акты бөөдө каралай албайм. Өзүм бала-чакам деп жүрөм, акты кара десем, бала-чакама кусуру тиет го.

Н а м а з а л и е в: Анда сөз ушул – өтпөйсүң. Дипломдук ишиң жарабайт.

С о л т о н о е в: Агай, айланайын, агай! Карыганда абийирими төгө көрбөңүз. Бала-чакам бар. Ушу мен



байкушту чыркыратып эмне кыласыз. Эмне кыл десеңиз, ошону кылайын, ушу мен байкушту...

Н а м а з а л и е в: Жолдош Солтоноев, көп жалдырай бербе, ырайымымы козгоп атасың. Бир-ак мамлекеттик мааниси бар ишке келгенде, мен эч ырайым кыла албайм. Иштин болгонун болгондой айтпасам, өкмөткө да, илимге да кыянат болот. Анын үстүнө сен кытмырланып, чыныңы айтпай койдуң...

С о л т о н о е в: Агай, чынын эле айттым, ишенбей атпайсызбы. Ушу мен байкушту кыйнап эмне кыласыз, эптеп жардамдашып бүтүрүп ийбейсизби, карыганда шалпайып бүтпөй калсам мага өлүм эле да. Агай, айланайын, агай...

Н а м а з а л и е в *(официалдуу тонго өтүп):* Сөз бүттү, жолдош Солтоноев. Менин ишим бар – мешайт этпеңиз.

С о л т о н о е в *(жалбарып):* Агай...

Н а м а з а л и е в: Жолдош Солтоноев, сөз бүттү дедим го. Кыргызча эле айткансыдым окшойт.

С о л т о н о е в *(ордунан турат, полду илең-салаң такылдата кыңырылып эшик жакка басып барат да, токтойт, үнү микрофондон алысыраак жерден чыгат)* Агай, айланайын, агай...

Н а м а з а л и е в *(ачуусу келип):* Сөз бир болот да, жолдош Солтоноев түшүнүшүңүз керек эле.

С о л т о н о е в *(оор үшкүрөт, бир аз тык-тык басып барып, эшик ачат да):* Саламат болуңуз, Султан Намазалиевич. *(эшикти катуу карс жабат.)*

Н а м а з а л и е в *(ойлуу):* Мени кекеткени го, мага таарынганда эмне? Плагиаттык кылганы чынбы чын! Мен илимдин кишисимин, илимге кыянат кыла албайм. Өзү бир бечара заочник экен, бир-ак кеп анын жетекчиси Сапар Айдаровдо жатпайбы, дипломнигин сокконум – Айдаровду сокконум да. Солтоноев да көк мелтей неме экен, алдап-соолап да

көрдүм, коркутуп да көрдүм, Айдаровго чаң жолотпой, ак деп туруп албадыбы. Айдаров тамагынан байланган эмес экен, ал сопусунган чыртыгый неме эмеспи, а жагынан карматпайт, ай, аттиң ай, Айдаров Солтоноевден жок дегенде бир тоок жеп койсо, аны азыр Солтоноевден айттырып алсам. Айдаровду жерге кагып киргизип ийбейт белем. Бу жагынан жолум болбоду. Бир-ак, мейли, колума ок өтпөс факты тийди. Эми чогулуштарга салып эңги-деңги кылам, жок дегенде бир жыл чуулдатып сөз кылам. Айдаровду жүдөтөм, өчүмдү алам! Токтоп тур, азыр звонить этип, Айдаровдун боконосун бир болк эттирип коёюн, жинине тийип коёюн. *(Телефон трубкасын көтөрүп, номерин терет, экинчи жактан телефон чыркырап, бирөө басып келет, трубкасын алат)* Сапар Айдарович сизби?

А й д а р о в: Ооба, менмин. Бу ким?

Н а м а з а л и е в: Мен элемин, Султанмын.

А й д а р о в: А-а, Султан Намазалиевич, кандай, саламатсызбы?

Н а м а з а л и е в: Дурус, дурус. Өзүңүз кандай, эмне кылып атасыз?

А й д а р о в: Аны-муну карап отурам. Жайынча эле. Тыччылыкпы деги? Кандай жаңылыктар бар?

Н а м а з а л и е в: Тынччылык эле. Жаңылык деле жок го.

А й д а р о в: Султан Намазалиевич, дегеле звонить этчү эмес элеңиз, жол болсун?

Н а м а з а л и е в: Сизге кабарлап коё турган бир принципиальный сөз чыгып калды. (ныгыра басып айтат.) Өтө принципиальный.

А й д а р о в (*Ал да эликтей ныгыра басып):* Өтө принципиальный болсо айтыңыз.

Н а м а з а л и е в: Сапар Айдарович, Арзыгул Солтоноев деген сиздин дипломнигиңиз турбайбы?

А й д а р о в: Ооба, менин дипломнигим. Эмне экен?



Н а м а з а л и е в: Мен оппонент болуп калыпмын ал ишке. Сиз аны жакшылап окудуңуз беле, Сапар Айдарович?

А й д а р о в: Жакшылап эле окуп чыкканмын.

Н а м а з а л и е в: А-а, дурус, дурус. Андай болсо дипломнигиңиздин ишин кандай деп баалайсыз?

А й д а р о в: Пикирим оң. Солтоноев заочниктердин тыңы эле, жакшы окучу, түзүк эле жазды. Ортодон жогору жазды го. Эмне кылабыз, канткен менен заочник да, күчүнүн жеткени ошол.

Н а м а з а л и е в: А-а, дурус, дурус... *(пауза)* Дипломдук ишти Солтоноев өзү жазбаптыр, ага бирөө жазып бериптир, жазып берген акысына эки кой алыптыр деген сөздөрдү кулагым чалып калды, буга кандай дейсиз?

А й д а р о в *(кыжырлана түшүп):* Ким былжырап айтып жүрөт ал сөздү?

Н а м а з а л и е в: Эл оозунда элек жок дейт, айтып жүрүшөт, ал ишке сиз да аралашып кеткен имишсиз.

А й д а р о в *(ачуусу келип, катуу):* Ушундай былжыраган сөздөрдү чыгарганды качан коёсуз деги?!

Н а м а з а л и е в *(жасалма сабыр менен, кекээрдүү):* Сабыр кылыңыз, Сапар Айдарович, сабыр кылыңыз. Демейдеги салкын кандуулугуңуз кайда? Демейдеги сылыктыгыңыз кайда? Мени сындаганда дегеле сылык сүйлөп келесиз го. Эми чырт-чырт деп чычалап турасыз. Ушунун өзүндө бир шек бар. Бир-ак, кечиресиз, алиги сөздөрдү мен чыгарган жокмун, башкалар айтып жүрөт.

А й д а р о в: Бекер айтасыз, андай сөздөр сизден башка эч кимден чыкпайт. Дайым эле демагогдук кылып, ушак сүйлөп басып жүрөсүз, же андан тапкан пайдаңыз жок.

Н а м а з а л и е в: Ай, ай, Сапар мырза, аша чаппаңыз.

А й д а р о в: Аша чапканым жок, чыны ошол. Издегениңиз жалган жалаа. Бирок аныңыздан эчтеме чыга

элек, азыр деле чыкпайт. Башыңыз менен жер казсаңыз да, мени каралай турган факты таба албайсыз.

Н а м а з а л и е в: А кокус табылып калса кантесиз?

А й д а р о в: Султан Намазалиевич, таппайсыз, аракет кылбай эле коюңуз.

Н а м а з а л и е в: А-а, дурус, дурус. Андай болсо Сапар Айдарович, менин жаңы китепчемди окудуңуз беле, бир күнү сизге бергендей болдум эле.

А й д а р о в *(ачуусунун күүсү менен, кекеткендей):* Бергенсиз, бирок...

Н а м а з а л и е в: Кекетпей айтыңыз, мен жөн сурап атам го. Окудуңуз беле, ошону айтыңызчы.

А й д а р о в *(саал жоошуй түшүп):* Жок, окуй элек элем, чоло тийбей эле...

Н а м а з а л и е в: Кантип окубай калдыңыз экен, меникин баса калып окуп, баса калып сындачу эмес белеңиз. Окуурун окудуңуз дечи, бир-ак анткорлонуп атасыз.

А й д а р о в *(кайра кыжырлана түшүп):* Деги айтарыңыз эмне, сөздү көп чаргыта бербей, айтпайсызбы!

Н а м а з а л и е в: Айтсам – сөз ушул. Дипломнигиңиз менин китепчемден сөзмө-сөз эле көчүрүп алыптыр.

А й д а р о в: Койсоңузчу, бу деле орунсуз сөз го, себеби...

Н а м а з а л и е в: Себеби-мебеби жок эле көчүрүп алыптыр, ал өзү көчүргөн, же ага ишти жазып берген киши көчүргөн. Ишенбесеңиз – салыштырып көрүңүз. Дипломдук иштин 14–15–19–22-беттерин караңыз да, менин китепчемдин 6–7 жана 11–14 беттерин караңыз. Жазып алыңыз.

А й д а р о в: Болуптур, карап көрөйүн.

Н а м а з а л и е в: Бул – өтө уят маселе. Сизби, дипломнигиңизби, айтор, плагиаттык кылгансыңар. Бу тууралуу парткомго билдирдим, деканга айттым. Бул өтө принципиальный маселе, бул илимге, мамлекеттик



ишке кыянатчылык. Мен муну жөн калтырбайм. Сиз чоң жактардын алдында жооп бересиз. Керт башыңыз менен! *(Трубканы шак таштап коёт)*

А й д а р о в: Алло, Султан Намаза... Уф, уф... Ай, коюп койду. *(Телефон кнопка-рычагын шыңгыр эттире басат да, телефон номерин тере баштап, кайра айнып)* И, койчу ушу кеп жебес менен жаакташып жүрөйүнбү. *(трубканы коёт)* Андан көрө салыштырып көрөйүнчү. *(Басып барат да, шкафты кыйч эттире ачып, брошюраны алган дабыштар)* Кана, 6–7-бет деди беле? *(Брошюраны барактагандагы дабыш)* Эми бул дипломдук ишти карайлы (чоң барактардын шытыры) 14–15 беттер деди беле *(дагы барактардын шытыры)*. Кана, салыштырып көрөлүчү. *(Ичинен бир аз күңгүрөнө окуйт.)* Так, так, так... Ии... дагы карайлычы. *(Дагы да брошюра менен барактардын ачылган шытыры, дагы да күңгүрөнө окуй баштайт.)* Так, так.. *(брошюра менен барактарды столго таштагандагы дабыш.)* Да-а-а. Чын эле көчүрүп алыптыр. *(Аркы-терки баса баштайт)* Кичине өзгөртүп койсо эмне, сөзмө-сөз көчүргөн тура! Эми кутулбас куяга калбадымбы. Султан Намазалиев кудайдын каарына калган киши го, чогулуш болгон сайын даңылдап айта берет. Эми бир-эки жыл сөз кылат. Ант урган Солтоноев мени сөзгө калтырмак болду ээ! Же мен Намазалиевдин брошюрасын окуп койсом эмне, көчүргөнүн байкап калат элем. Же Солтоноев өзү көчүрдүм деп чынын айтпайт. Балээ басты эми... *(Аңгыча эшик бат-бат такылдайт)* Кире бериңиз, эшик ачык!

С о л т о н о е в *(энтиге):* Саламатсызбы, агай! Балакет басып...

А й д а р о в: А Солтоноевич, сиз белеңиз, ырас келбедиңизби.

С о л т о н о е в: Сапар Айдарович, мен оппонентке барсам...

Айдаров: Билем, билем. Чатак болду. Плагиаттык кылган турбайсызбы.

Солтоноев: Плагиат! Плагиаттык! Тиги киши да ошентти эле, сиз да айтып жатасыз, деги ал эмне, түшүнсөм өлөйүн.

Айдаров: Сиз дипломдук ишиңизди китептен көчүргөн турбайсызбы?

Солтоноев: Ооба, көчүргөнмүн. Ар кайсы китептерден көчүргөнмүн. Элдин баары эле ошентет экен, окуп көрсөм илимпоздордун сөздөрү деле коёндой окшош экен. Китептерден албаса, заочниктин башынан кайсы сөз чыгат эле.

Айдаров: Көчүргөндө эч жерин өзгөртпөй, сөзмөсөз көчүрө бересизби. Кичине чыгармачылык менен пайдаланыш керек эле да.

Солтоноев: Жаңы китептерден ошо чыгармачылык менен пайдаланганмын, маанисин калтырып, сөздөрүн такыр башка кылып жазганмын. Анан эски китептер бар экен, алардан туташ эле көчүрүп салганмын.

Айдаров: Койсоңузчу! Мынабу брошюранын бир топ жерин бүт көчүрүп алыпсыз.

Солтоноев: Кана, кайсы китеп?

Айдаров: Мына, доцент Султан Намазалиевдин жаңы брошюрасы, ушундан кымтып алыпсыз, а киши чатак салып атат.

Солтоноев: Өлүп кетейин, мындан көчүргөн эмесмин. Муну биринчи көрүп атам.

Айдаров: Коюңузчу! Мына, карабайсызбы, сөзмөсөз дал келип турат.

Солтоноев: Кудай урсун андан көчүрсөм!

Айдаров: Мына, окуп көрбөйсүзбү.

Солтоноев: Кана, кана *(басып келип, ичинен күңгүрөп окуй баштайт да)* Ой, чын эле окшошуп калыптыр! Бирок агай, кудай урсун, бу сөздөрдү мындан көчүргөн эмесмин!



Айдаров: Анан кайдан көчүрдүңүз эле?

Солтоноев: Оо эски бир китептен.

Айдаров: Кимдин китеби экен ал?

Солтоноев: Мына агай. *(Сумкасын кулпун жана оозун ачкандагы, китепти суурүп чыккандагы дабыш.)* Мына, саргайган эски китеп.

Айдаров *(китептен алып окуй баштайт):* С.А.Архангельский. Генезис мусулманских религиозных культов. Ленинград, Политиздат, 1933-жыл. Уникальный китеп экен, мага эч учурабаптыр.

Солтоноев: Мен айылдык китепканадан таап алдым.

Айдаров: Кана, Султан Намазалиевичтин брошюрасы менен салыштырып көрөлүчү, (китепти барактайт). «В глубокой древности зародилась вера в возможность получить помощь от умерших людей. Сейчас эта вера выступает в исламе в форме культа святых. Верующие обращаются к святым по самым различным поводом: просят улучшить жизнь, исцелить от болезней, дать бездетным женщинам детей». Эми Намазаливедин брошюрасын карап көрөлүчү. *(барактап)* А-мынаке. «Байыркы замандарда өлгөн адамдардан жардам алууга мүмкүн деген ишеним төрөлгөн. Ал ишеним азыр исламда ыйыктардын культу катары көрүнөт. Динчилдер ыйыктарга ар кайсы себептердин айынан кайрылышат: турмуштарын оңдоону, оорудан айыктырууну, туубаган аялдарга бала берүүнү өтүнүп суранышат». Чын эле көчүрүп алыптыр. Дагы карайлычы *(китептерди барактап, ичинен күңгүрөнө окуп)* Так-так-так... *(дагы барактап, ичинен күңгүрөнө окуп)* Да-а, уят-сыятты билбей көчүрүптүр. Кана, аягынан окуп көрөлүчү. «Ар бир динге ишенген адамга таасир кылуунун жолдору анын динчилдигинин даражасы менен аныкталышы керек». Эми Архангельскийдин китебинен издейли муну. *(барактап)* А-мынаке. «Спо-

собы воздействия на каждого верующего должны определяться степенью его религиозности». Түү-үү, бүт эле көчүрүп алган турбайбы!

С о л т о н о е в: Мен беш эле барак көчүргөнмүн.

А й д а р о в: Көчүрбөй көмүрөн калыңыз. Эми Госэкзамен тапшырасыз, дипломдук ишиңизди бу боюнча коргоого сунуш кыла албайм.

С о л т о н о е в: Агай, мен бөөдө күйүп кетемби?

А й д а р о в: Анан эмне кылам? Сизди ким көчүр деди.

С о л т о н о е в: Агай, ушунча мээнетим күйүп кетеби анан. Беш эле барак көчүргөнмүн. Агай, айланайын, агай...

А й д а р о в *(күлүп):* Дегеле жалдырап кетесиз да. Эчтеме эмес, эртең деканатта сүйлөшөбүз.

С о л т о н о е в: Сапар Айдарович, айланайын агай, он балам бар, эми кайсы бетим менен аларга жыгылдым деп барам. Карыганда калжайып окуйм деп...

А й д а р о в *(күлүп)*: Болуптур, эртең караштырабыз. Же көчүргөн жериңизди оңдоп, кайра бастырып кийинчерээк жактайсыз.

С о л т о н о е в *(сүйүнүп):* Ошондой эле болсун ылайым. Агай...

А й д а р о в: Капа болбой бара бериңиз, эртең чечилет.

С о л т о н о е в: Деги жакшылыгына чече көрүңүз. Болуптур, жакшы туруңуз *(эшикке басып баратып, саал алыстаганда)* Деги шорум бар экен, шорум бар экен. *(Эшикти жаап чыгып кетет)*

А й д а р о в: Та-а-ак. Эмки кезек биздики, Султан Намазалиевич! Телефон номери канча эле? Эсимен да чыгып кетиптир, справочниктен карайынчы *(Телефон справочнигин ачып, барактай баштайт)* Ны-ны... Нагаев *(дагы барактайт)* Накоряков... А-мынаке. Алтыы-төөрт-алтыы-биир-үүч *(берки жактан телефон чыркырайт, бирөө басып келип трубканы алат)*



Н а м а з а л и е в: Бу ким болду экен?

А й д а р о в: Султан, Намазалиевич, бу менмин, Сапармын. Баягы дипломдук иш боюнча сүйлөшөйүн дедим эле.

Н а м а з а л и е в: Жолдош Айдаров, аны сүйлөштүк го, эми сөз официальный жерде гана болушу мүмкүн.

А й д а р о в: Ошол ишти тим эле койбойсузбу, бир бечара экен, ошого өчөшүп эмне кыласыз?

Н а м а з а л и е в: Жолдош Айдаров сен мени билесиң. Мен илимдин кишисимин, илимге кыянатчылык болуп жатканда, аны айтпай койгонго илимий абийирим чыдабайт. Мындай маселеде мен принципиальный эмесминби.

А й д а р о в: Кечиресиз, Султан Намазалиевич....

Н а м а з а л и е в: Эч кандай кечирим жок, жолдош Айдаров. Былыгың эми ачылды. Эми көрөрүң көп. Эмки сөз ушул – официальный негизде сүйлөшөбүз! *(трубканы шарт коёт.)*

А й д а р о в *(кекээр менен):* Муну карасаң! Сүйлөшкүсү келбей, трубканы таштап койбодубу. Токтоп туруңуз, Султан Намазалиевич, азыр таптакыр башкача сүйлөйсүз. *(телефондун рычаг-кнопкасын шыңгырт дедире басып, номерин тере баштайт.)* Алтыы-төөрт, алтыы-биир-үүч. *(Берки жактан дагы телефон чыркырайт, Намазалиев кайра да трубканы алат.)*

Н а м а з а л и е в: Жолдош Айдаров, болбойт дебедимби. Ачкенедей асылгандын эмне кереги бар?

А й д а р о в: Султан Намазалиевич, Солтоноев сиздин брошюраңыздан көчүрбөптүр.

Н а м а з а л и е в: Салыштырып окуу керек, жолдош Айдаров. Экөөбүздүкү сөзмө-сөз дал келип турат, беттерине чейин айтып бербедимби, дагы кандай фактылар керек сага?

А й д а р о в: А-а, ошондой деңиз, Султан Намазалиевич.

Намазалиев: Так ошондой, жолдош Айдаров!

Айдаров: Анда эмесе, мындай фактыга эмне дейсиз: менин дипломнигим Арзыгул Солтоноев...

Намазалиев: Дипломнигиң экени чын, Солтоноевди сенден талашып атканым жок.

Айдаров: Токтоңуз, сөзгө конок бериңиз, Султан Намазалиевич.

Намазалиев: Анаке, бердим. Айтарыңы айт, жолдош Айдаров.

Айдаров: Ошо менин дипломнигим Солтоноев сиздин брошюраңыздан эмес, Архангельскийдин китебинен көчүрүптүр.

Намазалиев *(өзгөрө түшкөн үнү менен):* Я! Эмне дейсиз? Ким, ким дейсиз?

Айдаров: Сиз, Султан Намазалиевич, *(ар бир сөздү ныгыра-ныгыра басып.)* Сергей Александрович Архангельский дегендин 1935-жылы, Ленинграддагы Политиздаттан чыккан «Генезис мусулманских религиозных культов» деген китебин окудуңуз беле?

Намазалиев *(таптакыр өзгөрө түшкөн үнү менен):* Я! Эмне дейсиз? Архангельский дейсизби? Сергей дейсизби? «Генезис» деп айттыңызбы? Жо-жок! Окуган эмесмин. Аны эмнеге сурап атасыз?

Айдаров: Сураганым ушул – сиздин брошюраңыз бүт эле ошо китептен көчүрүлүптүр.

Намазалиев *(калтырак баскан үнү менен):* Бо-болушу мүмкүн эмес!

Айдаров: Ошондой экен.

Намазалиев: Ж-жок, ббу ккокусстук!

Айдаров: Эч кандай кокустук жок, кашкайган факт. Архангельскийдин китебинен Солтоноев беш барак көчүрүптүр, сиз жарымынан көбүн уурдап алыпсыз. Мына, эки китеп тең алдымда жатат.

Намазалиев: Ж-жок, ббу жжалган жжалаа!



Айдаров: Жалаа болсо, комиссия түзөбүз, текшерип көрөт. Анан официалдуу жерде сүйлөшөбүз, ишиңиз сотко ашат.

Намазалиев: Ссапар А-а-айдарович, ккечиресиз...

Айдаров: Кечирим жок, Султан Намазалиевич *(трубканы коёт).*

Намазалиев: Ссапаш, ккагылайын... Ө-өх! Ккоой, ккайрра ззванить ккылайын *(калчылдаган колу менен кнопка-рычагды басып, номерин тере баштап, кайра кнопка-рычагды басат)* Ө-өх! Өпкөмү басып алайын *(дем алат)* Абийирим ачылды *(терең дем алат)* Ссүзөм деп ммүйүзүмөн айрылмак болдум. *(Дем алат)* Кайдан да оппонент боло калдым экен *(терең дем алат)* Ө-өх! Кой, жалынайын, жалбарайын, эптеп Сапардын оозун бассайын, болбосо абийирден дагы, иштен дагы кетем. Кой, звонить этейин *(телефон номерин терет, тиги жактан телефон чыркырайт, трубканы Айдаров алат).*

Айдаров: Намазалиевичсизби?

Намазалиев *(ыйламсыраган үнү менен)* Сапар Айдарович, кагылайын Сапаш, айланайын иним, абийрими төгө көрбө. Итчилик менде, мен оңбойм го, мен жөн жүрбөйм. Бир жазып-тайып кеттим эле, мындай кылчу эмес элем, бир шайтан азгырып... Солтоноевге бирдеме десем буюрбасын, мактайм аны, бүтүп кетсин. Сиздин кадырыңыз үчүн...

Айдаров: Жок, Солтоноев жактабайт. Плагиаттык кылдыбы жазасын алсын.

Намазалиев: Айланайын Сапаш, кагылайын иним! Мени кечир, мени ая. Карыганда абийирими төгө көрбө. Мен итмин, мен итмин. Эми теги сиздин атыңызды атабайын, атасам бала-чакамын күнүн көрбөйүн, тегеле тилиңен чыксам өлөйүн, эмне кыл десеңиз, ошону кылайын. Элге-журтка шерменде кыла көрбө. Ушул ичиңизде эле калсын.

Айдаров: Султан Намазалиевич, сиз мени билесиз, мен дагы илимге ак санаган кишимин, муну айтпай

койсом илимий абийир тынчыбайт го. Принципиальный кишимин, принципиальный маселени кантип жашырып коё алам?!

Н а м а з а л и е в: Туура, туура, сиз илимпоз жигитсиз. Принципиальныйсыз. Мен оңбойм го, айып менде. Кагылайын Сапаш, менин бала-чакам бар, ошолорду аяңыз, ошолор үчүн кечире гөр. Карыганда элге-журтка шермендем чыкпасын. Мен бая тамаша эле кылганмын, кечир иним...

А й д а р о в: Мен тамашасы жок эле айтып атам. Кечиресиз, сөздү эми официальный жерде уланталы. *(трубканы коёт)*

Н а м а з а л и е в: Сапаш, кагылайын Сапаш! Ө-ө-х! *(өчкөн үн менен шыбырап)* Тр-у-бка-ны кой-уп койду...

***1966.***



# ЖОГОРКУ СОВЕТ СЕССИЯСЫНДА

*(комедия-пародия)*

К а т ы ш у у ч у л а р:
Төрага – Жогорку Советтин төрагасы
Азамат Айылчиев – депутат, жазуучу
Кымбаткул Кыштообаев – депутат, жазуучу
Жаркымбай Жайлообеков – депутат, жазуучу
Бирлик Билгетегин – депутат, жазуучу
Сабыр Саргалдаев – депутат, режиссер
КР – көрүнбөс репродуктор.

Эсиңерде болсун: көмүскө репродуктор. Ал – сахнанын ылайыктуу бир жерине коюлган магнитофон же башка бир дабыш тараткыч аппарат, магнит лентаЛарына атайын жазылган шоокум, үндөр, сүйлөгөн сөздөрдү улам чыгарып, улам айттырып турат. Асыресе КРдан өздөрү көрүнбөгөн төмөнкү каармандардын үнү угулат: М.Ж.Тезекбаев, И.Абдиев, М.Нооманов, М.Кудузбаев, К.Тазабеков, Н.Б.Вильчинский, Ф.Валиев, С.Мадумарев, С.Субанбаев. Булардын үнү – пьесанын кадыресе каармандары. КРдан ошондой эле сценадан көрүнгөн А.Айылчиев, К.Кыштообаев, Ж.Жайлообеков, Б.Билгетегин, С.Саргалдаевдердин үндөрү да маал-маалы менен угулуп турат.

Авансценада – узун бир стол. Анын орто ченинде – микрофон. Стол артында – бир нече (үч-төрт) стул. Мындайыракта (авансценанын оң жагында) – трибуна.

Көшөгө ачылганча, ачылгандан кийин да, бир азга КР (көмүскө репродуктор) өзүнөн көп киши чоң залга отуруп атканын туюндурган шоокум чыгарып, көп жан катышчу жыйналыш башталганы калганын туюндуруп турат.

Көшөгө ачылганда эле авансценадагы столдо, анын үстүндөгү жалгыз микрофондун тушунда Төрага отурат. КР чыгарып турган шоокум саал басаңдай түшөт.

Т ө р а г а: Урматтуу эл депутаттары! Ушул сессияда карала турган маселелердин тизмеси баарыңардын колуңарда бар. Аны кайра окуп, убакыт коротпойлу. Чет элге визит жасап жөнөрүндө урматтуу президентибиз сиздерге, урматтуу эл депутаттары, атайын кыскача кайрылуу калтырып кетти, мен ошону окуп берейин.

«Урматтуу эл депутаттары! Өзүңөр билесиңер, эгемендүүлүгүн колуна алган биздин республикабыздын эл чарбасы базар мамилелерине аз-аздан тартыла баштады. Бирок Кыргызстан өз экономикасынын негизги тармактарын базардык жолго өткөрүү жагынан Советтер Союзу ыдыраган соң баш көтөргөн суверендүү мамлекеттердин көбүнөн артта калууда. Мындай кеңдөөнүн бир башка себеби – бизде экономикалык реформалардын ыкчам жүрүп кетишине жол ача турган мыйзамдардын эмдигиче кабыл алына электиги. Ошон үчүн мен өзүмдүн закон долбоорлорун сунуш этүүгө акым барынан пайдаланып, Жогорку Кеңештин ушул сессиясынын күн тартибине бизде экономикалык реформалардын тезден өнүгүшүнө көмөк көрсөтө турган мыйзамдардын долбоорлорун киргизип отурам.

Мен жан-дилимен, азиз эл депутаттары майда-барат маселелерге алагды болбой, саясий айтыштар менен тирешүүлөргө азгырылбай, бар күч-кубатын сессиянын күн тартибине коюлган мыйзам долбоорлорун ийине жеткире талкуулоого, уюшкандык менен кабыл алууга жумшайт деп толук ишенем. Мен ошондой эле сессиянын байсалдуу, иштиктүү жүрүп, ийгиликтүү аякташына тилектешмин».

Кана, урматтуу Президенттин сунуштары боюнча, күн тартиби маселесине кимдин кандай ою бар? *(Залдын ичин айландыра карап)* Сөз эл депутаты, белгилүү жазуучу Азамат Айылчы уулуна берилет. *(Азамат Айылчиев трибунага чыгып келет)*



А й ы л ч и е в: Ардактуу эл уакилдери! Калк намысын коргогон атуулдардын катуу кысмагы аркасында соңку жылдары мамлекеттик тилибиз мындай чоң чогулуштарда да сүйлөнө баштады. Мына, мен турган минбарга чыкса эле орусча сайрап кирүүчүлөр айласы жок кыргызчага өттү, көбү орусча сүйлөгөндөн биротоло баш тартты. Бул – биздин эң чоң жеңишибиз, жолдош мырзалар!

КР *(Шатыраган кол чабуулар.)*

А й ы л ч и е в: Ырас, орусча кеп урганын таштабаган үч-төрт кыргыз калды арабызда. Буюрса, алар да жакында кынына кирет: эне тилинде сүйлөшкө үйрөнөт, же биерде сүйлөгөнүн такыр эле коёт. Ардактуу эл уакилдери! Биздин жумкуриеттин азирет Раиси да, биздин бийик Кеңештин таксыр Төрагасы да күн тартибине коюлган канундардын ушу мажилисте кабыл алынышын өтө маанилүү деп тастык этишти. Албетте, экономикалык реформалар туурасындагы канундар да жумуриет жарандарына өтө зарур. Мен алардын зарурдугун эч танбайм, яки инкар кылбайм. Лекин өз улутубуздун тилин өз жерибизде салтанат курдуруп, башка элдерге өз элибиздин наамын, өз жумуриетибиздин атын куду өзүбүз айтып-жазып жүргөндөй айттыруу жана жаздыруу тиги канундардан да маанилүү, чүнкү бул маселе улутубуздун арбагын көтөрөт, рухуна рух кошот, ата-бабаларыбыздын сөөгүн агартат. Биздин көп жылдык жигердүү аракеттерибиздин акыбети кайтып, орустар Орусияда да, биерде да «киргиз» дебей, «кыргыз» деп айтып-жазып калды. «Кыргыз Республикасы» дегенди биздин «Киргизская Республика» деп орусчалады эле, биз ага макул болбой, өзүбүз «Республика Кыргызстан» деп которуп бердик. Азыр орустар айтса да, жазса да «Республика Кыргызстан» дейт. Ошону менен биз дүйнөдөгү килейген элге улутубуздун ким экенин билдирип, эсине келтире алдык. Бул – биздин эң чоң жеңишибиз!

КР *(Шатыраган кол чабуулар.)*

А й ы л ч и е в: Мындай чоң жеңишке баштагы советтик улуттардын ичинен бир гана биз жетиштик. Элинин саны биздикинен алда канча көп казактар да, өзүбектер да өздөрүн орустар дагы эле «узбек», «казах» деп айтып-жазып атса, ошого деле макул бойдон жүрүшөт. Олдо байкуштарым ай! *(Башын чайкап, кайгырымыш болот).* Баса, билермандардын айтуусуна караганда, грузиндер өздөрүн «картвели» деп, жумкуриетин «Сакартвелос» деп, армяндар болсо өздөрүн «хай» деп, өлкөсүн «Хайастан» деп айтат экен. Бирок аларды орустар дагы эле «грузин», «Грузия», «армян», «Армения» деп айтып-жазып жатыры. Грузин менен армян аттарын да, өлкөлөрүнүн аттарын да орустарга тигинтип жаздырта албай, айттыра албай туру. Олдо оңкойгон бечараларым ай-я! (*Ушкүрүмүш болуп, кайра ыкшып күлөт).* Бир очойгон немелер экен да ырысы жокторум!

Айтмакчы, билгендерден угуп, аң-таң калдым. Көрсө, кытайлар өздөрүн «ханзу», өлкөсүн «Чжун-го» дейт турбайбы! Немистер болсо өздөрүн «дөйүч», өлкөсүн «Дөйүчлонд» дейт экен. Алардын баарын орустар «Китай», «китайцы», «немис», «Германия» деп айтып жазып келишет. Миллиард ашкан кытай, жүз миллиондон көп немис өздөрү ва өлкөлөрүнүн аттарын орустарга куду өздөрү айтып-жазгандай айттыра да, жаздыра да албай атпайбы, чиркин дүйнө. *(Чала күлүмүш, чала күйүмүш болуп, купшуңдап).* Ой, күйөм да ошо килеңдеген элдерге!

КР. *(Анча-мынча күлкү)*

А й ы л ч и е в: А биз, кыргыздар, үч миллионго жете албай жатып 150 миллиондой оруска «кыргыз», «Кыргызстан» деп айттырып-жаздыртып койдук ко, кысталак (жагалданып, чыкчырыла түшөт). Дүйнөдө мындан ашкан чоң жеңиш яки зафар болобу, я, бейапендилер?!

К Р *(шатыраган кол чабуулар)*

А й ы л ч и е в: Ошентсе да, биздин бул жеңишибиз төгөрөктүн төрт бурчунда тегиз салтанат кура элек.



Мен билбей жүргөн экенмин, билгендер айтып беришти. Көрсө, англис тилинде «кыргыз», «Кыргызстан» дегендер «көөгиз», «Көөгизиш» деп жазылып атыптыр. Шумдугуң кур десе! Кытайлар да бизди «киликидзи» деп айтып-жазат имиш. Кытай го килеңдеген эл, олчойгон мамлекет, а мынабу капталыбыздагы тажиктерге эмне жок?! Ушу шордуулар да бизди дагы эле «киргиз» деп, жумкуриетибизди «Республика Киргизстан» деп мурда орустар кандай жазса, дал ошондой жазып жүрүптүр! Тажиктин бу жоругуна биз түтүп тура албайбыз. Жолдош мырзалар!

К Р *(Шатырата кол чабуулар)*

Т ө р а г а: Жолдош... кечиресиз, мырза Азамат Айылчы уулу, сунушуңузду конкреттүү айтасызбы?

А й ы л ч и е в: Кыскартып, такилибими айтсам, мындай. Биздин элдин, жумуриеттин аттарын өздөрү каалагандай айтып-жазып жүргөнү үчүн Американстан, Ангилистан, Кытайстан, Тажикстан мамлекеттерине наразылык билдиришибиз керек, алардан куду өзүбүз, анан орустар айтып-жазып жүргөндөй «кыргыз», «Кыргызстан» деп айткыла да жазгыла деп талап кылышыбыз керек. Кыйшаңдабай «кыргыз» дешсин, сөзсүз «Республика Кыргызстан» деп жазсын. Аларды ушуга баамилдеттендирген токтом же чечим кабыл алып, бааруна тең мамлекеттик ултуматум же ноота жиберүүгө тийишпиз. Такилибим ушул. Добушка коюлушун талап кылам! (*Трибунадан кеткенге кам урат).*

Т ө р а г а: Ырахмат *(шашкалактап)*. Жо-жок. Кетпеңиз, тура туруңуз. Сизге суроо берүүчүлөр бар окшойт. Төртүнчү микрофон.

К Р: Народный депутат Маркленист Тезекбаев, 75-ый территориальный округ. Уважаемые депутаты! Все мы с большим удовлетворением восприняли краткое, но яркое Обращение нашего уважаемого Президента, где он призвал всех нас сосредоточиться на деловом обсуждении и скорейшем принятии тех законопроек-

тов, которые имеют, как правильно выразился наш Президент, судьбоносное значение для экономического возрождения республики. Почему Вы, много уважаемый Азамат Айылчиевич, не внимаете разумным советам и призывам Президента, а стараетесь, как всегда увести работу сессии в нежелательную сторону? Неужели та проблема, которую Вы поднимаете здесь, важнее и нужнее чем предложенный Президентом макет актуальнейших законопроектов?

А й ы л ч и е в *(эчтеме түшүнбөгөн кейипте аңкайган бойдон Төрага жакка)*: Эмне деп балдырап койду бул өзөктөн чыккан өрт?

К Р *(Тезекбаевдин үнү):* Я решительно протестую! Уважаемый Председатель. Вы непременно должны...

Т ө р а г а *(залга каратып оң колунун алаканын өйдө-ылдый жаңсоо менен «коё тур, сабыр кыл» дегендей ишарат кылып).* Я понял Вас. Азыр, азыр... *(Айылчиевге кайрылып).* Кичине ашыгыраак кетип калдыңыз окшойт, парламент этикасын сактап, сылык болсоңузчу!

А й ы л ч и е в: Орусча суроо берип, безиме сайып атпайбы! Деги эмне деп балдырады?..

Т ө р а г а: Маркленист Жамангулович Сизден сурап атат: Президент маанилүү законопроекттерди сунуш кылса, башкага алаксыбай ошолорду талкуулап алгыла деп көптөн көп өтүнсө, аны эмнеге этибар албайсыңар дейт, сессияны башка жакка сүйрөп кетип атасыңар дейт. Сиз койгон маселелердин азыр күйүп жанган жери жок дейт.

А й ы л ч и е в: Эй, Тезекбайүп! Сен эне тилиңде качан сүйлөйсүң, я? Эмне, мамлекеттик тил мыйзамынын сага тиешеси жокпу? Заадиң кыргыз боло туруп, ушу сен тил канунун тоотпой атсаң, тили буруулар тоотобу да кыргызча үйрөнөбү? Орусча бергениң үчүн сурооңо жооп бербейм. Оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук: соболуң мага кыргызча берилмейинче, менден жооп күтпө!



КР *(Шатырата кол чабуулар)*

А й ы л ч и е в: Мына, менин жообумду эл кубаттап атат! *(Трибунадан шарт түшүп кетет).*

КР *(М. Тезекбаевдин үнү):* Я протестую! Это же цинично! Разве можно так? Это недопустимо! Товарищ Председатель? Почему Вы не реагируете на такую развязность, на такую выходку? Не знаю даже, как назвать это...

Т ө р а г а: Айтканыңыз туура. Азамат Айылчиевич өтө орой кетип калды. Урматтуу депутаттар! Сылык болсоңор экен, адеп чегинен чыкпасаңар экен. Ал эми Тезекбаев менен Айылчиев экөөнүн чарпыша түшкөнү этика комиссиясында каралсын. *(Пауза).* Кайра күн тартибине келели. Силерден суранам: сунуш же пикир айтсаңар, ток этер жерин айтсаңар экен. Кана, күн тартибине карата дагы ким эмне дейт? *(Залга көз кыдыратып.)* Сөз эл депутаты, белгилүү жазуучу Жаркымбай Жайлообек уулуна берилет.

Ж а й л о о б е к о в: Кадырлуу Төрага! Урматтуу эл өкүлдөрү! Мен сөздү көп көбүртпөй, кыска согоюн, ток этер жерин айтып, түз эле сунуш киргизейин. «Кыргыз эл», «Кыргыз тил», «Кыргыз жер», «Кыргыз үй», «Кыргыз кой» коомдорунун, ошондой эле «Кыргыз Туусу», «Кыргыз маданияты», «Кыргыз руху», «Кыргыз айымы», «Кыргыз айылы», «Кыргыз калаасы», «Кыргыз жайлоосу» гезит-журналдарынын жамааттарынын атынан ушул жыйындын күн тартибине «Республика Кыргызстандын аба мейкиндигине мамлекеттик укук берүү жөнүндө мыйзамдын» долбоорун талкуулоо жана кабыл алуу киргизилсин дейм. Долбоор иштелип чыккан, көбөйтүлүп, депутаттарга таркатылып берилген. Мыйзамдын кандай мааниси бар экенин саймедиреп берсем болот эле. Бирок убакыт тар. Ошон үчүн мен шыдыр эле ушул сунуштун күн тартибине сөзсүз киришин талап кылам.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залга).* Урматтуу Жайлообек уулуна суроо жокпу? Жок окшойт. *(Ж.Жайлообековго кайрылып)* Ордуңузга барганга уруксат. *(Ж.Жайлообеков трибунадан кетет)*

КР *(Бирөөнүн коңурукту кош тартканы угулат)*

Т ө р а г а: Ой! Коңуруктун ээсин ойготуп койгула. Жаныңарда бирөө уктап калса, ойготуп турбайсыңарбы? *(Пауза)* Кана, дагы кандай алымча-кошумча бар? Күн тартиби боюнча. *(Залга көз кыдыртып келип)* Сөз эл депутаты белгилүү жазуучу Кымбаткул Кыштообай уулуна берилет.

К ы ш т о о б а е в *(катуу бакырып):* Ас-салоом-алейкум, ардактуу эл азаматтары!

КР *(Саал алыстан чыккансыган Сабыр Саргалдаевдин катуу үнү).* Ва-алейкум-ассалам, Кымбаткул баатыр!

К ы ш т о о б а е в *(ызалана түшүп.)* Бу ким я? Дагы баягыбы? Сабыр Саргалдайыппы? Эмне деп аржалаңдады дагы?

Т ө р а г а *(күлгөн бойдон):* Саламыңызга жөн эле алик алып койду. Бирок залдын репликаларын укпамышка салыңыз, сүйлөй бериңиз.

К ы ш т о о б а е в *(төрага жакка):* Тигил... Саргалдайып сүйлөтпөй атпайбы. Качан коёт ажыкыздыгын?!

Т ө р а г а *(күлгөнүн тыя албай):* Жакында коёт, жакында. Залга карабаңыз, баштай бериңиз.

К ы ш т о о б а е в: Жөн турбайбы анан ал!

Т ө р а г а *(залга):* Сабыр Саргалдаевич! Кымбаткул Кыштообаевич сүйлөп бүткөнчө шүк отуруңузчу, бай болгур! *(Кыштообаевге)* Айта бериңиз.

К ы ш т о о б а е в: Айтсам ушул: Жамахирия Кыргызстандын аймагында Россия империализми өз аттарын койгон шаар-кыштактардын баарына Жогорку Кеңешибиздин чечимдери менен эски аттарын кайтарып бердик. Ошону менен жергебиздин картасынан орус колониялыгынын издерин биротоло өчүрдүк. Бул – биздин депутаттык корпустун эң чоң жеңиши, азиз



туугандар! (Бир аз токтой калып, кайра бакырып) Эмнеге кол чаппайсыңар, я!?

КР *(анча-мынча кол чабуулар, күлкү.)*

К ы ш т о о б а е в: Бирок шаар-кыштактарыбыздын башкалар койгон аттарын алмаштыруу жагынан кылганыбыздан кыла элегибиз көп. Маселен, Нарын, Каракол, Жумгал, Дөрбөлжүн аттарын алалы. Булардын баары калмакча экен. Калмак баскынчылыгынын калдыктары экен. Россия империализми жерибизге баскан тамгаларды жөндөгөндө, калмак колониялыгынын саркындыларын тим коёмунбу? Калмактын кыргызга кылбаган жаманчылыгы калды беле. Мустакыл Кыргызстан жамахириясынын мубарек жеринде калмакча жер аттарынын жашаганга акысы барбы? «Акысы барбы» деп сурап атам?

Т ө р а г а: Айтканыңыз туура, бирок саал акырынраак сурасаңыз экен.

К ы ш т о о б а е в *(төрага жакка):* Сөз бузгандыгыңызды качан коёсуз? Сиз сүйлөгөндө, мен унчукпай эле отурам го. Мен, билесизби...

Т ө р а г а *(алдастап):* Койдум, койдум. Айып менде. Конкреттүү сурооңузду айтыңыз.

К ы ш т о о б а е в: Сунушум ушул: Каракол, Нарын, Ош, Жумгал, Дөрбөлжүн тононимдерин кыргызчалаштыруу маселеси күн тартибине кошулсун. Ушундай!

Т ө р а г а *(жалпактап):* Кечиресиз, айтканыңыз туура. Бирок билгим келет: «Ош» деген да калмакча бекен?

К ы ш т о о б а е в *(корс этип):* Аны мен кайдан билем? *(Кайра жоошуй түшүп)* «Ош» дегендин этимологиясы белгисиз. Бирок кыргызча эмес, буга күнөм жок. Ал аттан кыргыз жыттанып да турбайт. Анын үстүнө «Ош» деген өтө эле кыска, кыргыз баласы айтканда оозу толбой калат. Айтор, мен сунуш киргиздим, добушка сөзсүз коюлсун. Коюлсун!

Т ө р а г а: Коёбуз, коёбуз. Түшкөн сунуш сөзсүз коюлат. Регламентте ошондой.

Кыштообаев: Анда мен бүттүм. Ушундай! *(Кыштообаев трибунадан кетет).*

Төрага: Ырахмат. Дагы кандай сунуш бар? *(Пауза)* Урматтуу эл депутаты, белгилүү жазуучу Бирлик Билгетегин мырзага сөз берилет.

*(Б.Билгетегин трибунага көтөрүлөт).*

Б. Билгетегин: Кымбаттуу мырзалар жана мырзайымдар! Ушул Улуу Хуралдын чакан курултайына өзүнө өзү бий Кыргыз каганатынын улуу урматтуу Ажосу сунуш кылган жасактардын долбоорлорун, ошондой эле кадырман калемдештеримдин сунуштарын мен бүт бойдон колдоймн. Ошону менен бирге мен да күн тартибине бир кошумча киргизем. Арийне, айтылуу августтагы калайманда, тоталитаристтик саясий-аскерий төңкөрүш убагында биздин улуу урматтуу Ажобуз, жалпы эле кыргыз демократтары баатырдыктын, кыраакылыктын бийик өрнөктөрүн көрсөттү. Ошентсе да демократыбыз менен сүйүктүү ноёнубуз Феликс Шаршембай уулу Кулов ГКЧПга каршы келишпестик менен туруп, өз маалында чечкиндүү жана натыйжалуу чаралар көрдү. Эгер биздин Каганатта андай чаралар өз убагында тез көрүлбөсө, ГКЧП жеңип кетмек. Ельцин баштаган Орусия демократтары жеңилип калмак. Ошон үчүн биз мырза Феликске тирүүсүндө эстелик койсок да аздык кылат!

КР *(Шатыраган кол чабуулар).*

Б. Билгетегин: Бирок мырза Феликстин алтын затына темир аты анча коошпойт. Советтер империясында тоталитаризмге негиз салган, лениндик-сталиндик террорго жана репрессияларга жол ачкан зулум Дзержинскийдин атын алып жүргөнгө Шаршембай уулунун эч акысы жок. Экинчиден, Шаршенбай уулундай мырзага «Кулов» деген фамилия да ылайык келбейт. Кыргызча «Кул» дегени да, орусча «ов» дегени да анын кадырына доо кетирет. Ошон үчүн мен күн тартибине «Феликс Шаршембаевич Куловдун ысымы менен фамилиясын жаңыртуу жөнүндө» деген маселе кирсин дейм. Мунун колго салынышын талап кылам. Баарыңарды теңир жалгасын! *(Б.Билгетегин трибунадан кетет).*



Төрага: Ырахмат. Дагы кандай сунуштар же ойлор бар? *(Залга тегерете карап)* Төртүнчү микрофон.

К Р. Саид Нооманов. 130-Курманжан датка округу. Мен Бирлик Билгетегин мырзанын сунушуну поддерживать кылам. Акыйкатта да Кулов жолдош көзү барда памятник койгонго заслужить этет. Па-моему, мунун жарасы жеңил. Тигинде Дзержинскийдин памятниги турбайбы солдоюп, ошону аннулировать кылыш керек. Менин сунушумду Билгетегиндики менен бириктирип, кошо голосованияга коюлушуну талап кылам.

Төрага: Ырахмат. Дагы ким эмне дейт? *(Залга көз кыдыртып келип)* Биринчи микрофон.

К Р: Бис Касыбек Тасабеков деген болобус. Өзүбүс чабанбыс. Өкүрүгүбүс жүс отус экинчи. Бис жазуучу баатырларга эки самечания айтмакпыс. Биринчиси мындай. Өзүбүстүн эле «Бирсидент» деген сонун сесүбүс турса, бир жасуучу аны «Райыс» дейт, экинчиси «Ажо» дейт. «Иреспублика» деген эле төл сөсүбүзтү бирөө «жүмкүрөйт» десе, дагы бирөө «каганат» дейт. Бис теги кайсы жасуучуну ээрчип айтабыс? Анан да жазуучу баатырлар кыргызча эле сүйлөп атканcыштыы, бирок мен кеп-сөсүн түшүнбөй калдым. «Эки жолу эмгек Баатыры эмессиңби, сен билет болушуң керек» деп ошо сөстөрдүн төркүн-төсүн Таштанбек Акматүптөн сурасам, а деле билбейт экен, баш чайкап тим болду. Ошон үчүн бис жасуучу баатырлардан кыргыс баласы түшүнгүдөй кылып сүйлөсө деп суранабыс.

Төрага: Ырахмат. Кадырман жазуучулардын кээ бир сөздөрүн мен да түшүнбөй калып атам. Ардактуу чабаныбыздын азыркы өтүнүчүн калемгер мырзалар эске алат го деп ойлойм. *(Дагы залга көз кыдыртып)* Бешинчи микрофон:

К Р: Маркленист Тезекбаев. 75-ый территориальный округ. Уважаемый Председатель! Вы же прекрасно видите, что некоторые народные избранники пытаются увести сессию от намеченного пути. Извините, но вы проявляете излижною мягкость и терпимость по отношению к ним. Я прошу Вас быть твердым в отстаивании той повестки дня, которая была предложена Президентом и заранее обнародована в прессе.

Т ө р а г а: Маркленист Жамангулович! Сын айттыңыз, кеңеш бердиңиз, аныңызга ырахмат. Бирок Сиз процедура маселеси жагынан адис эмессизби. Жакшы билесиз, регламент боюнча сөз сураган депутатка сөз бербей коё албайм. Бирөө сунуш киргизем десе, аны да тыйганга акым жок. Сунуш кирсе, добушка коюуга аргасызмын. Айла жок, демократия деген ушул. *(Залдын аяк-быягын акмалап карап)* Кана, төртүнчү микрофон.

К Р: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округунан. Мен лично кээ бир жазуучулар киргизген сунуштарга согласия эмесмин, Алардын көбүнү эмдиги сессияга, ал тургай нарыгы жылга отсрочит этсек, ич намазы бузулбайт. Менимче, радикальный экономический реформалардын жүрүшүгө мишайт кылыбаткан каргашалардан күн тартибиге кошуш керек. Мен күн тартибиге усубалиевщинанын тамырларын кыркуу маселесин сунуш этем. *(Бир жагынан наааразыланган, бир жагынан кубаттаган дабыштар, бир жагынан кол чабуулар, бир жагынан дүбүрөтүп пол тебүүлөр).*

Т ө р а г а: Ай, ай тынчтангыла! Сабыр кылгыла! *(Залдын бир жагына карап).* Кана, бешинчи микрофон.

КР *(Чычкыланып энтиккен үн):* Мусабай Кудузбайып. 67-Тайлак баатыр окуругу. Эгер усубалиевщина маселеси коюлса, мен масалиевщина маселесинин коюлушун да талап кылам. Усубалиевдин 24 жылда кылганын Масалиев үч жылда эле жасап койду. Түштүктүн баарын Бишкекке көчүрүп келип салды! *(Наа-*



*разыланган да, кубаттаган да кол чабуулар, пол тебүүлөр, кыйкырыктар).*

Т ө р а г а *(коңгуроосун шыңгыратып):* Тынчтаналы, тынчтаналы. Отургула. *(Пауза).* Алтынчы микрофон.

К Р: Иса Абдиев. 119-территориальный округ. Дорогие друзья! Я плохо знаю творчество наших депутатов-писателей, но их самих очень уважаю. Я не знаю, являются ли наши труженники вера аристократами духа, но постоянно замечаю, что они оказывают значительное влияние на многих депутатов, особенно на тех, кто представляет здесь сельское население. Дорогие народные депутаты, легко поддающиеся писательским внушениям! Я обращаюсь к Вам, предупреждаю вас словами другого писателя, великого Пушкина. Вот как он отозвался о благотворной и одновременно опасной силе писательского слова. Цитирую: «Писатели во всех странах мира суть класс самый малочисленный изо всего народонаселения. Но писатели – самая мощная, самая опасная аристократия, ибо они способны налагать на целые поколения свои страсти и предрассудки. Никакая власть не может устоять против разрушительного действия типографического станка. Уважайте класс писателей, но не допускайте же его овладеть вами совершенно!» Конец цитаты. Думаю, что эти предупреждающие слова должны заставить нас критически отнестись к предложениям и выступлениям наших уважаемых писателей. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а: Сизге да ырахмат. Пушкин: «Жазуучуларды сыйлагыла, бирок алардын айткандарына арбалып калбагыла», – деген турбайбы. Бул кеңеш эске алып койчу экен. Эми мындай. Менимче, күн тартибин узак талкуулап ийдик, ушуну менен чектелсек деген пикир бар.

КР *(микрофондон саал алыс жерден чыккансыган үндөр: Б.Билтегендики – Төртүнчү микрофон! Төртүнчү:*

*«К.Кыштообаевдики менен Ж.Жайлообековдуку – «Жетинчи микрофон»; А.Айылчиевдикин – «Ой, алтынчыны иштет, алтынчыны!»).*

Т ө р а г а: Жазуучу, мырзалар! Ордуңарга отурсаңар экен! Эмне, Пушкинге жооп берген атасыңарбы? Иса Абдиевич Пушкиндин айтканын эле окуп бербедиби. Урматтуу Кыштообаевич, микрофонго тийбеңиз! Валютага келген, иштен чыгып калат!

К Р *(Б.Билгетегиндин: «Төртүнчү! Төртүнчү!» деген, А.Айылчиевдин: «Жетинчини иштет!» деген, К.Кыштообаевдин: «Мага сөз? Мага!» деп бакыргандары микрофондон алысыраак жерден чыккансып угулат).*

Т ө р а г а: Жок, эч кимиңе бербейм. Бириңе берсем, калганыңар да көшөрүп туруп аласыңар. *(Залдын бир жерине карай салып, сүйүнүп кеткенсип)* Сиз сүйлөйүн дейсизби? Анда трибунага эле чыга калыңызчы. *(Залдын баарына).* Сөз белгилүү режиссёрубуз Сабыр Саргалдаевге берилет! *(С.Саргалдаев трибунага көтөрүлөт).*

С а р г а л д а е в: Баарыңар билесиңер, мен депутат жазуучулар сүйлөсө эле каршы сүйлөй берчү эмес белем. Бүгүнтөн баштап көзүм анык жетти: булардан башка арабызда кыргызга чындап күйгөндөр жок экен. Баракелде! Эми мен булардын астынан кыя өтсөм өлөйүн, айткан-дегендерине кылапат айтсам, маңка болоюн. Баарынын бутуна жыгылып капитуляция кылганым ушул. Ошол эле дейсиңерби. Мен эми улуу урматтуу жазуучулар эмне айтса да «бали-бали» дей берем. Азыр дагы алардыкын кош колдоп кубаттап, үчтөрт сунуш айтам. Биринчиси: азырынча Ай менен Күндү бир эл да менчиктей элек, биз озунуп «Ай менен Күн бир гана кыргыздын энчиси» деген закон чыгарып коёлу. Айдын жарыгын болбосо да Күндүкүн башка элдерге арендалап берип, аренда акы алып турабыз.

КР *(Залдын уу-дуусу, күлкү, наараазы кыйкырыктар).*

Т ө р а г а *(Күлгөн бойдон коңгуроосун шыңгыратып):* Тынчтаналы, туугандар, тынчтаналы.



С а р г а л д а е в: Экинчи сунушуму мактангандан
кийин баштайын. Баарыңар билесиңер, мен төгөрөктүн
төрт бурчун кыдырып чыкпадымбы. Бир сапар Индо-
незияга барып, шумурай шумдукту уксам болобу! Аер-
дин эли «кыргызды» «хурухуз», «Кыргызстанды»
болсо «Хурухуздонгл» дейт экен эй! Теңирден тетири
айтышат экен. Демек, Индонезияга да өзүңөрчө айтка-
ныңарды койгула, «кыргыз», «Республика Кыргызстан»
деп жазгыла деп ультиматум жиберели. Антип жазыш-
паса, экономикалык санкция жарыялайлы же согуш
ачабыз деп коркуталы.

КР *(Дуу-дуу, нараазы үндөр, уу-чуу).*

Т ө р а г а *(Күлгөн бойдон коңгуроосун шыңгыра-*
*тып.):* Тынчтаналы, жолдоштор, тынчтаналы. *(Оң колун*
*залга карай жаңсагылап).* Болду, болду, басылалы.
*(Кайра күлүп, трибунага кайрылып).* Сабыр Саргалдае-
вич, Сиз деле болдуңуз го дейм?

С а р г а л д а е в: Болбой калайын. Үчүнчү сунушум:
Бишкек менен Токмоктун атын өзгөртүш керек. Биздин
татынакай борборго «Бишкек» аты эч ылайык келбейт.
«Биш-кек». Ушу да атпы? «Токмок» деген «Бишкектен
беш бетер жаман. *(Ооз ченин алаканы менен чала кал-*
*калап, орусча «заговорщически» дечү түр менен купшуң-*
*дап, үнүн басаңдата «артистенип»).* Уят, уят! «Бишкек,
«токмок» дегендердин түп маанисин тиги тили бу-
руулар билбей эле койсун!

КР *(Дуулдаган күлкү, наараазы үндөр, дүпүр-дүпүр):*

Т ө р а г а *(Күлгөн бойдон коңгуроосун шыңгыратып):*
Тынчтаналы, жолдоштор, тынчтаналы. *(Пауза. Трибу-*
*нага карап күлө багып).* Сабыр Саргалдаевич, концер-
тиңизге ырахмат, ушуну менен бүтүңүз.

С а р г а л д а е в: Төртүнчү сунушум бар. Акыркы.
Феликс Куловго кошо Маркленист Тезекбаевдин да
аты-жөнүн өзгөртүш керек. Баарыңар билесиңер, анын
аты совет тоталитаризми үчүн күнөөлүү «Маркс, Ленин,

Сталин» дегендерден алынган. Биздин суу кошпогон демократ тоталитаризм жыттанган ошол атты кантип алып жүрө алат? Анан Маркленисттин алтын-күмүш затына отчествосу да, фамилиясы да жакшы коошпойт. «Жамангул», «Тезекпай!» Ушулар да атпы?

КР *(Алысыраактан, саал бүдөмүк М. Тезекбаевдин үнү чыгат):* Я протестую! (Күлкү, уу-дуу).

Т ө р а г а *(Күлгөн бойдон коңгуроосун шыңгыратып):* Тынчтаналы, жолдоштор, тынчтаналы. *(Эки колун залга карай жаңсагылап).* Отургула, отура тургула. *(Трибуна жакка карап).* Сиз да отуруңуз, Сабыр Саргалдаевич.

С а р г а л д а е в: Мен төрт сунушум тең сөзсүз добушка коюлушун, сөзсүз күн тартибине киришин талап кылам.

КР *(Дуу-дуу күлкү, кыйкырык, наарazы үндөр).*

С а р г а л д а е в: «Макул» деп добуш берсеңер, силерди каратып туруп жарылып өлөм, харакири жасап ием.

КР *(Күлкү, уу-дуу, кыйкырык, ызы-чуу).*

*(С.Саргалдаев трибунадан түшүп кетет).*

Т ө р а г а *(Коңгуроосун катуу шыңгыратып):* Тынчтаналы, туугандар, тынчтаналы.

КР: Ай, микрофонго асылбагыла, валютага келген, баары тең иштен чыгып калат. Айланайын жазуучу туугандар, коё тургула! *(Өзүнчө акырын)* Түү, быякка карай жөнөшпөдүбү! *(Кайра залга карап катуу үн чыгарып)* Отура тургула! Анан сөз берем! Жолдош Кыштообаев! Кайтыңыз, ордуңузга барыңыз! Ой, Сизге сөз бергеним жок го! Жолдош Кыштообаев!

*(Кыштообаев жулунган бойдон катуу каарланып трибунага чуркап чыгат).*

КР *(Кол чабуулар, күлкү, уу-дуу).*

Т ө р а г а *(Ордунан тура калып заманасы куурулган түр менен):* Эмнеге чыгып алдыңыз, Сизге сөз берген жокмун го?..



К ы ш т о о б а е в *(Буулуга бакырып.):* Имнеге Саргалдаев... Имнеге сөз бересиз ага? Биз серьезный маселелерди коюп атсак, ал имне... неметет? Неметип атпайбы? Күлкүгө айлантып! Клоунданып!.. Ажыкызданып! Имнеге токтотпойсуз аны?

Т ө р а г а: Сабыр Саргалдаевичти билбейсизби? Баякы эле адаты да. Баарыбыз билген тамашасы.

К ы ш т о о б а е в: Имне, парламент театрбы? Эстрадабы? Циркпи, я!?

Т ө р а г а: Сабыр кылыңыз, Кымбаткул Кыштообаевич! Бир жолку ачууңузду мага бериңизчи?! *(Залга карап).* Жарым саатка танапис жарыялайм! Танапис! Танапис!

К ы ш т о о б а е в *(Катуу бакырып.):* Жок! Танапис жок! Мен сунуш киргизген атам! Саргалдаевдин кылыгын талкуулайбыз! Күн тартибине кирсин! Депутаттан чакырылсын! Ушул маселе коюлсун! *(Залга карап.)* Эй, каякка барасыңар! Отургула! Ордуңарга отургула!

КР *(Залдан көп кишинин чыгып атканын туюндурган шоокумдар).*

Т ө р а г а: Танапис! Жолдоштор, танапис!

К ы ш т о о б а е в: Жок! Танапис жок!..

*(Сценага түшүп турган жарык жалп өчүп, сахна дароо караңгылыкка чөгөт. Бир азга бравурный музыка ойнолуп, кан буугандай басылат да, сахнага кайра жарык төгүлөт. Жанагы эле ордунда чарчаңкы, көңүлчөгүңкү, саал жүдөмүш тарткан Төрага отурат).*

Т ө р а г а: Урматтуу эл депутаттары! Сессияны эки күндө бүтөлү деп күн мурунтан белгилеген элек, сессия башталарда да ошого макулдашып алган болчубуз, бирок иш жүзүндө ойлогонубуз ордунан чыкпай, эки күн катары түн киргенче ызы-чуу түшүп талашып жатып, күн тартибин араң аныктадык. Тилекке каршы, Президентибиз сунуш кылган мыйзам долбоорлорунун пакети күн тартибине кирбей калды. Ал долбоорлор

мамлекет бийлигин бекемдөөгө, базар экономикасына жол ачууга, аз кирешелүү граждандарды коргоого багытталган актуалдуу укук документтери эле. Алардын кийинки сессиянын кароосуна калтырышын биздин депутаттар корпусунун жеңиши деп айтыш кыйын. Мен жеке өзүм Президенттин өтүнүчүнүн четке кагылгандыгына, парламент менен президенттик бийликтин ыркы бузулгандыгына каршымын, капа да болуп турам. Бирок азыр баарыбыз демократия шарттарында жашап атпайбызбы. Ошон үчүн мен элибиз өзү шайлаган өкүлдөрдүн көпчүлүк добуш менен кабылдаган чечимине баш ийбей коё албайм. Каршымын, бирок аргасыз баш ием. Силер кандай күн тартибин бекитсеңер, ошону алып барууга милдеттүүмүн.

Ошентип, бул сессиянын күн тартибине төмөнкү төрт маселе киргизилди:

1. Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигине мамлекеттик статус берүү жөнүндөгү закондун долбоорун талкуулоо жана бекитүү;

2. Дүйнөдөгү айрым мамлекеттердин бийлик органдарын кыргыз улутунун жана республикасынын аттарын кыргызчадагыдай айттырып, жаздырууга милдеттендирүү жөнүндө токтом кабыл алуу;

3. Ош, Каракол, Нарын шаарларынын, Жумгал району жана Дөрбөлжүн баселкесинин аттарын кыргызчалатуу жөнүндө токтом кабыл алуу;

4. Министр Феликс Куловдун аты-жөнүн өзгөртүү жөнүндө токтом кабыл алуу.

«Урушта туруш жок» дегендей, коюлган проблемаларды караганга өтө берели. Күн тартибинин биринчи маселеси боюнча сөз эл депутаты Жаркымбай Жайлообек уулуна берилет.

5. *(Ж.Жайлообеков трибунага чыгып келет).*

Ж а й л о о б е к о в: Мен мурдагы күнү айтпадымбы: «Кыргыз жумуриятынын аба мейкиндигине мамлекет-



тик статус берүү жөнүндө мыйзамдын» долбоору депутаттарга күн мурунтан таркатылган. Долбоор үч комиссияда каралып, негизинен жактырылган, бекитилиш үчүн мажилиске сунуш кылынган. Долбоорго эл өкүлдөрү тарабынан жаңы киргизилген сунуштар да каралып, айрымдары кабыл алынды. Алар көп нускада көбөйтүлүп, депутаттардын баарына берилди. Демек, көп талкуулап отурбай, долбоорду добушка коё берсек болот.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залга)* Кана, кимдин кандай алымча-кошумчасы бар? Второй микрофон. Пожалуйста.

КР. Народный депутат Вильчинский Наум Борисович. 12-округ.

Товарищи! Депутаты, представляющие здесь русскоязычное население республики, решили не участвовать в голосовании по данному пункту повестки дня. К такому нелегкому для нас решению мы пришли по причине того, что в представленном законопроекте опять в который раз! – выпячивается все киргизское, воздушный океан над Киргизией обьявляется достоянием одного лишь киргизского народа. Тем самым ущемляются права представителей некоренных национальностей республики. Извините. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а: Вы в общем-то правы, товарищ Вильчинский. Но я прошу Вас и вашу депутатскую группу еще раз подумать над своим решением. Ведь в преамбуле законопроекта записано, что воздушное пространство республики принадлежит всем ее гражданам без различия национальности и прочего. Только в одном пункте вскольз говорится об особых правах народа, давшего название республике, на это пространство. Это делается, скажу Вам по секрету, но чисто политическим мотивам. Вы же знаете, что уже месяц активисты многих общественных движений и партий устраивают перед нашим Белым домом митинги, пикеты, голодовки. Они требуют скорейшего принятия обсуждаемого

законопроекта с обязательным включением в него того пункта, который вызывает у Вас возражения. Вы поймите: стараниями национальной прессы, радио и телевидения взбударажен народ. Мы должны снять болезненные симптомы народного сознания, снять напряжение, возникшее среды общественных движений и партий, Вы должны учесть эти моменты.

Ж а й л о о б е к о в *(Төрага жакка):* Сиз эмне эле буларга кошомат кылып бүжүрөп, «добуш бергиле» деп жалынып атасыз? Качанкыга чейин ушулардан жалтактай беребиз? Уккан жоксузбу, «киргиз», «Киргизия» деп атпайбы? «Кыргыз», «Кыргызстан» деп дегеле айткысы келбейт. Биздин улутту тоотпогону ушул эмеспи!

Т ө р а г а: Айтканыңыз туура, бирок сабыр кылыңыз.

Ж а й л о о б е к о в: Добуш беришпесе, беришпей эле коюшсун. Алар болбосо деле кворум бар. Коркутушса эле корко беребизби?

Т ө р а г а: Айтканыңыз туура, бирок сабыр кылыңыз. *(Залга)* Дагы кандай суроо же пикир бар? Алтынчы микрофон.

КР: Сайфуддин Мадумаров. Үч йүз йигирма бешинчи округдан. Даклатчикка бир савалим бар. Канун проектисида: «Кыргызстаннинг хаво фазоси факат кыргыздарга гина тегишлидир», – деп язилибди. Демак, башка халк вакилари бу асманнан кур-ялак калар экан-да? Майли, руслар Кыргызстанда нихояти бир асирдан буен хает кечираяпти дейяйлик, лекин Кыргызстанди өзбеклар алмасукдан буен кыргыз кардашлар билан бирга хает кечириб келишаяпти-ю. Шу сабабли бу канунга: «Кыргызстанбир бурчагида өзбекларнинг хам анча-мунча правосу бар», – деп язиб койсангиз болмасмикан-а?

Ж а й л о о б е к о в: Кымбаттуу мырза Сайпидин Мадымар уулу! Кыргызстан аба мейкининен пайдаланганга биздеги бардык улуттар акылуу. Пайдалана бергиле, ага уруксат. Бирок мыйзамга жумуруяттын ава мейкини түпкүлүгү кыргызга гана тиешелүү деп жазып коёлу. Кыргыз жерин кыргыздыкы дейли десек, Президент баш болуп баарыңар каршы чыктыңар, мыйзамга кийирбей койдуңар. Кыргызга эми ушу өз асманын да ыраа көрбөйсүңөрбү?



Т ө р а г а *(Жайлообековго карап.):* Болдуңузбу? Болсоңуз ырахмат. *(Залга).* Дагы ким эмне дейт? Үчүнчү микрофон.

КР: Фаттах Валиев. Саксан саккизинчи округдан. Менинг өз миллатдашим Мадумаров Сайфуддинга илтимасим бар. Азиз Сайфуддин ака! Сиз хазирги таклифингиздан кайтинг, «Асман факат кыргызныкы» – деп канунга язила берсин. Шундай деб язилганидан сизнинг биран жарйингиз камайып халияптими? Сизга маалум-ки, Кыргызстанда нимаяки бар экан, хаммасы кыргызныкы? Сиздан копдан коп илтимас кыламан: раддиянгизни кайтариб алинг «асман кыргызныки» деп канунга язылишига товуш беринг. Билиб коюнгки, асману хаво кыргызныки!

Т ө р а г а: Ырахмат. Алтынчы микрофон.

КР: Яна-ям Сайфуддин Мадумаров. Мен Валиев ортагнинг илтимасини кабул кыламан. Халиги вазразить кылганимни кайтариб аламан. Барчасига «хоп» деп товуш берабераман. Мендан хатиржам болинг.

Т ө р а г а: Ырахмат. Менимче, суроолор да, пикирлер да айтылып бүттү го дейм. Эч ким каршы болбосо, талкууга точка койсок.

Ж а й л о о б е к о в: Мен бара берейинби анда?

Т ө р а г а: Ырахмат. Сизге уруксат.

Ж а й л о о б е к о в: Баарыңардан ушу законду колдогула деп суранам. *(Ж.Жайлообеков трибунадан кетет).*

Т ө р а г а: Бу закон долбооруна ар ким өз мамилесин берген добушу менен билдирсин. Добушка сала беребер

йин. *(Залдын акыркы катарларынан бирөөнү көрө койгонсуп.)* Эмне эле кол сереңдетип атасыз? Сунушуңуз барбы? Тим эле койбойсузбу? Коё албайсызбы? Жетинчи микрофон.

КР: Супатай Субанбаев. 44-округ. Урматтуу депутаттар! Сыртта нааразылык билдирип аткандарга көзөмөл салсын деп врачтар комиссиясын түзбөдүңөр беле. Мен ал комиссияга баштык болгонмун. Ачкачылык жарыялагандан кайра-кайра кабар алып атам. *(Муңканып).* Көбүнүн алы жаман. КДКнын бир лидери бүгүн эсинен танды. *(Жашыгансып).* «Скорый» алып кетти. Ач жаткандар, пикетчилер, митингечилер ушу законго «ава мейкини бир гана кыргызга таандык» деп жазылмайынча биерден кетпейбиз, тамак ичпейбиз, керек болсо депутаттардын колуна өлүп беребиз деп атышат.

Т ө р а г а: Супатай Субанбаевич, түшүнүктүү. Ырахмат.

КР *(С. Субанбаевтин үнү):* Ака-жаке, кой-ай дегенге көнчү түрлөрү жок. Кокус бирөө-жарымы көз жумуп берсе, баарыбыз кутулбас куяга калабыз.

Т ө р а г а: Болдуңуз го дейм. Ырахмат. Закон долбоорун добушка салам. (Залдык бир жерине тигиле карап) Эмне эле микрофон алдында тыбырчылап атасыз? Маселе добушка коюлганы калбадыбы! *(Пауза).* Бешинчи микрофон.

КР: Мусабай Кудузбайып. 67-Тайлак баатыр шайлоо округу. Мен жакшы түшүнбөй калдым: жанагы «асман бүтүндөй кыргыздыкы» деген статья закондо калдыбы же жокпу?

Т ө р а г а: Калды, калды. «Алынып салынсын» деген сунуш болгон жок. Эч ким каршы болбосо добуш бергенге өтөлүбү? Кана «Республика Кыргызстандын аба мейкиндигине мамлекеттик статус берүү жөнүндөгү мыйзамдын» долбоору жалпысынан кабыл алынсын дегенге ким «макул»? *(Пауза)* Ким «Каршы»? *(Пауза)*



Ким «Калыс»? *(Залдын кайсы бир капталы жакка баш көтөрө карап).* Аппарат «Кворум жок» деп атпайбы. Бая регистрация болгондо эле кворум бар эмес беле? Бирөөлөр байкатпай жылт койдубу? Эмне үчүн кворум жок? *(Пауза).* Алтынчы микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Кворум жогунун себеби: Ар жактагы безответственный депутаттар дагы да уктап калышыптыр. Мына, азыр жанындагылар ойготуп киришти. Жолдош Пирсидатил, бу уяты жокторго бир мера принимать кылбасаңыз болбойт.

Т ө р а г а: Ырахмат. Сөзсүз көрөбүз. Урматтуу уктап калган эл депутаттары! Ушу кылганыңар уят эмеспи! Баары ойгондубу? *(Пауза)* Анда кайрадан добуш бергенге уруналы. Кана, жана аты аталган мыйзам бекитилсин дегенге ким «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «Калыс»? *(Залдын кайсы бир капталы жакка өйдө карап алып)* Закон кабыл алынды! Көпчүлүк добуш менен! Куттуктайм, жолдош депутаттар! Асман биздики!

К Р *(Дүркүрөгөн кол чабуулар. «Асман биздики» деген үндөр).*

Т ө р а г а: Ырахмат. Баарыңарга ырахмат. Эми күн тартибинин экинчи маселесин талкуулайлы. Бу маселе боюнча урматтуу эл депутаты, белгилүү жазуучу Азамат Айылчы уулуна сөз берилет. *(А. Айылчиев трибунага көтөрүлөт).*

А й ы л ч и е в: Биз, жазуучу эл уакилдеринин жоон тобу, эки күндөн бери талашып-тартышып, урушуп-табышып атып кабыл алынчу токтомдун өйдөгүдөй долбоорун кураштырып чыктык. *(Кагаздан окуйт).* «Республика Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин атайын токтому. Англисче, кытайча, тажикче сүйлөгөн элдер өз басма сөзүндө «кыргыз» жана «Кыргызстан» деген кыргыз үчүн өтө ыйык эки сөздү «коогиз», «коогизиш», «киликидци», «Киликиңистан», «киргиз»,

«Киргизстан» деп жазып жүрүшкөндөрүн мустакыл кыргыз улутун сыйлабагандык деп баалап, Республика Кыргызстандын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

1. АКШ, Англия, Кытай, Тажикстан мамлекеттеринин бийлик органдарына өздөрүнүн басма сөзүндө «кыргыз жана «Республика Кыргызстан» деген эки терминди куду кыргыз жана орус тилдеринде кандай жазылып жүрсө, дал ошондой жазууну камсыз кылуу милдеттендирилсин.

2. АКШынын, Англиянын, Кытайдын, Тажикстандын парламенттерине жана өкмөттөрүнө биздин Жогорку Кеңештин ушул токтомунда коюлган талапты жеткирүү жана ал талаптын бажарылышын көзөмөлдөп туруу озуйпасы Республика Кыргызстандын Президентине, Жогорку Кеңештин Пиризидүйүмүнө, Министрлер кабинетине жүктөлсүн».

Мухтарам байапендилер ва канайымдар! Биз деген токтомду ушинтип эле кыска жазып салабыз...

Т ө р а г а: Токтомго карата ким эмне дейт? *(Залдын аяк-быягын айландыра карап).* Алтынчы микрофон.

КР: Иса Абдиев. 119-ый округ. У меня вот такой вопрос. Я, к сожалению, не имею возможности читать такие авторитетные американские издания, как «Ньюсуик», «Лайф», «Нейшн», но я постоянно читаю английскую прессу. Так в одной из английских газет я недавно натолкнулся на такой любопытный материал. Оказывается, в конце 18-го века китайский император Цяньдун направил английскому королю очень грозное послание. Приведу из него отрывок. Цитирую: «Ты, о Король, живешь за пределами многих морей, и тем не менее твое смиренное желание приобщиться к нашей цивилизации побудило тебя направить ко мне посольство, доставшее мне твое послание... Ты, О Король, должен проявлять впредь еще большую преданность, чтобы неизменной покор-



ностью нашему трону обеспечить в дальнейшем мир и процветание своей стране. Трепещи и повинуйся без промедления!» Конец цитаты.

Как видите, китайский император, лишенный достоверной информации об окружающем мире, не знал, что его страна тогда была слабой и жалкой по сравнению с могущественной Британской империей. Конечно, послание Цяньлуна не могла не вызвать громкого смеха в английской парламенте и обществе. В связи с этим у меня возникает вопрос: не смахивает ли данное наше постановление на послание китайского императора королю Англии? Не будет ли весь мир смеяться над ними?

А й ы л ч и е в *(Эчтеке түшүнбөгөн түр менен төрагага карап).* Эмне деп балдырап койду бу чүрчүт?

Т ө р а г а: 18-кылымда кытай падышасы Англия падышасына дубай салам жазган турбайбы. «Менин мамлекетимдей күчтүү мамлекет дүйнөдө жок, ошон үчүн сен мага кулдук ур, багынып бер, менден корк» деп жазыптыр. А кезде Кытай Англиядан алда канча чабал, бечара экен. Анан жармач өлкөнүн падышасы кубаттуу өлкөнүн падышасын опузалап кат жазганына элдин баары күлүптүр. Ушуну айтып берип, профессор Абдиев сурап атат: биз кабыл алып аткан токтом Кытай падышасынын Англия падышасына жазган катына окшоп калып, дүйнө элине күлкү болбойбузбу дейт.

А й ы л ч и е в: Биз мустакыл мамлекетпиз, биздин элдин да, жумкуруеттин да атын бузуп айтып аткан элдерден «бузбай айткыла» деп талап кылганга мыйзамдуу акыбыз бар. Эй, Абдийүп! Сен Кытай паашасынын катын айтып эмне башыбызды оорутасың? Кечээ эле тоонун башынан түшүп келип, профессор болгондо эле эне тилиңде сүйлөбөй каласыңбы? (Кызууланып) Кыргызча желмогуздай эле билесиң, а бирок сүйлөгүң жок. Энеңдин тилин чанасың! Сен, эмне, каяктан...

Т ө р а г а *(Чебеленип тура калып.)* Ай, ай, Азаке! Бир жолку ачууңузду мага бериңиз. Суроого жооп бердиңиз, болду да. *(Залга карап)*. Дагы кандай суроо бар баяндамачыга? Үчүнчү микрофон.

КР: Фаттах Валиев. Саксан саккизинчи округдан. Мен тажик тилини яхши биламан, тажиклар хеч вахт «кыргыз», «Кыргызстан» дегандарни кыргыздар ози язгандай яза алишмайди, чунки тажик алфавитида «ы» деган тамга хич йок.

А й ы л ч и е в: Эмне үчүн жок? «Ы» тамга кыргыз алипбээсинде бар болот да, эмне үчүн тажиктикинде жок болот?

Т ө р а г а: Тажикте «ы» тамгасы чын эле жок болсо, анда кандай кылабыз? Токтомдон Тажикстанда чыгарып салабызбы? *(Залдын бир жагына карап)*. Жетинчи микрофон.

КР *(бакырган үн):* Кымбаткул Кыштообай уулу, 227-шайлоо округунан. Менимче, токтомго үчүнчү пункут киргизиш керек. Анын тексти мындай: «Кыргыз» жана «Кыргызстан» деген кыргыз сөздөрүнүн туура жазылышын камсыз кылуу үчүн тажик алфавитине «ы» тамгасын кошуу маселесин тез арада чечүү жагы Тажикстандын Жогорку Кеңешинен талап кылынсын!»

А й ы л ч и е в *(сүйүнүп кетип)*. Эң туура! Маладес Кымбаткул! Сунушуңду азыр эле токтомго үчүнчү пункүт кылып кошо салам. *(Үңүлүп жазып кирет)*.

Т ө р а г а: Жо-ок, муну ойлонуп көрбөсөк болбойт. *(Залга)* Жетинчи микрофон.

КР: Жаркынбай Жайлообек уулу. 118-округдан. Менимче, бу маселени ойлонуп отура турган эч жери жок. Мен өз калемдешим Кыштообай уулунун сунушун колдойм. Тажик алфавитине «ы» тамгасы кирсин, талап кылабыз.

Т ө р а г а: Ырахмат. Төртүнчү микрофон.

КР: Бирлик Билгетегин. 209-округдан. Мен өз калемдештеримин айтканына кошулам. «Киргиз», «Кир-



гизия», «Киргизстан» деп айтып-жазып жүргөн 150 миллиондой орус калкы биздин Жогорку Кеңештин амирине баш ийип атса, төрт-беш миллиондой тажик эмне үчүн мурда орус жазып жүргөндөй «киргиз», «Киргизстан» деп жазууга тийиш? Тажиктер өз алфавитине «ы» тамгасын киргизсин, калкыбыздын атын да, каганатыбыздын атын да туура жазсын.

Т ө р а г а: Ырахмат. Жетинчи микрофон.

КР: Супатай Субанбаев. 44-округ. Урматтуу эл депутаттары! Силер түзгөн врачтар комиссиясынын башчыгы катары мен дагы эшиктегилерден кабар алып келдим. Ушул токтомдун кабыл алынышын талап кылган пикетчилердин жаасы катуу. Ачкачылык жарыялагандардын алы начар. *(Жашымыш болуп муңканып)* Кээ бири эсинен танып атат. «Асаба» коомунун лидерин азыр эле «скорый» алып кетти. *(Кайраттанымыш болуп)* «Ашар», «Асаба», «Залкар», «Турумтай» ыктыярдуу коомдорунун мүчөлөрү «ушу токтом кабыл алынмайынча пикетке чыкканыбыз чыккан, митингилегенибиз митингилеген, кезергенибиз кезерген» дешет. «Кокус бирөөбүз өлүп кетсек, Жогорку Совет менен көрүшөбүз» деп атышат.

Т ө р а г а: Ырахмат. Ушуну менен суроо-сунуштар токтосо кантет? *(Залдын бир бурчуна көзү түшө калып)*. Сиз бирдеме кыстырайын дейсизби? Алтынчы микрофон.

КР: Сабыр Саргалдаев, 20-шайлоо округу. Менин суроом докладчыга. Итке минген кедейден чыккан мырза Азамат Айылчы тегин! *(Күлкү, уу-дуу)*.

А й ы л ч и е в: Эй, Сабыр! Сен карып деле калдың, ажыккызданып арсаңдаганыңды качан коёсуң? Бу жер, эмне, сага оюнбу? Маскарапоздук кылгың келсе, башка жерге бар. Куудулданымыш болосуң, же аныңа эч ким күлбөйт.

КР *(Саргалдаевдин үнү):* Сиздин менин адресиме карата айткан өтө сылык, өтө назик жылуу сөздөрүңүз-

дү өзүм мүчө болуп турган профсоюз уюмуна ыйгарамын. *(Күлкү, уу-дуу).*

Т ө р а г а *(күлгөн бойдон).* Сабыр Саргалдаевич! Чын эле кичине серьезный болсоңуз. Кептин ток этер жерин айтсаңыз.

КР: Болуптур дегеле сепсерьезный болоюн. Тамашасы жок, чын эле. Арийне, орус адамы өзүн «русский» деп, эне тилин «русский язык» деп, өз өлкөсүн «Россия» деп айтат. Биз болсок анын баарын «орус», «орус тил», «Орусия» деп бузуп айтып, бузуп жазып келебиз. Буга орус калкы эч маани бербейт же бизчилеп арданбайт. Дагы мактанып коёюн: мен дүйнөнүн көп мамлекетин кыдырып келбедимби. «Орус», «Россия» деген сөздөрдү Европа элдеринин ар бири оозуна кандай эп келсе, ошондой айтат экен, кандай айтса, ошондой жазат экен. Ага орус калкы дегеле теригип же көңүл буруп койбойт. Орусиянын Верховный Совети биздин элди сөзсүз «русский» деп эмгиче эч бир элге ультиматум коё элек. Деги дүйнөдөгү элдердин бири да өзүн, өз өлкөсүн башкалар кандай айтып, кандай жазып атканы менен иши болбойт, «куду өзүбүз айткандай айткыла, жазгандай жазгыла» деп эч кимге бизчилеп таңуулабайт. *(Нараактан наразыланган бакырыктар, пол тээп дүпүрөткөн шоокумдар. «Бүттү» дегендей кол чабуулар).* Эгер Россиянын Верховный Совети бизге «Орус» дебей, «Русский» дегиле, «Орусия» деп жазбай, «Россия» деп жазгыла деп токтом чыгарса, биз аны кандай кабыл алар элек? *(Наразы үндөр, жер тепкилөөлөр, кол чабуулар күчөп кетет.)*

А й ы л ч и е в: Эй, Сабыр! Суроону мен жооп бербейм, сага, мына, отургандар жооп берип атат.

Т ө р а г а *(чебеленип коңгуроосун шыңгыратып).* Тынчтаналы, жолдоштор, тынчтаналы. Ырахмат Сизге, Сабыр Саргалдаевич. Ушуну менен суроо-сунуш токтотулсун. Ар бир депутат бу токтомго добуш берүү менен



өз мамилесин билдирсин. Токтомдун долбоорун добушка коём.

А й ы л ч и е в: Кымбаткул Кыштообай уулунун мыкты кошумчасын токтомго үчүнчү пункт кылып кошуп койдум. Ошого кошо добуш берилсин.

Т ө р а г а: Жок, аны өзүнчө добушка коёбуз. Регламенттик эреже ошондой. Анда эмесе Азамат Айылчы уулу окуп берген токтомду жалпы негизинен добушка коём. Ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын бир тарабына өйдө карап)* Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды.

КР *(Дүркүрөгөн кол чабуулар).*

Т ө р а г а: Эми кабыл алынган токтомго Кымбаткул Кыштообай уулунун кошумчасын добушка коём. *(Трибунадагы А. Айылчиевге карап)* Ошо кошумча кандай эле, дагы бир эске салын койбойсузбу?

А й ы л ч и е в: Кымбаткулдун кошумчасы мындай. *(Окуйт)* «Кыргыз» жана «Кыргызстан деген кыргыз сөздөрүнүн туура жазылышын камсыз кылыш үчүн Тажик алфавитине «ы» тамгасын кошуу маселеси Тажикстандын Жогорку Кеңешинен талап кылынсын».

Т ө р а г а: Ырахмат, Азамат Айылчы уулу. Ордуңузга бара берсеңиз болот. *(А. Айылчиев трибунадан түшүп кетет).* Ушул кошумча өзүбүз азыр эле кабыл алган токтомго үчүнчү пункт болуп кирсин дегенге ким – «макул»? *(Пауза).* Ким– «калыс»? *(Пауза).* Ким – «каршы» *(Пауза). (Залдын бир тарабына өйдө карап)* Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды.

КР *(Дүркүрөгөн кол чабуулар).*

Т ө р а г а: Эми күн тартибинин үчүнчү маселесине өтөлү. Бу боюнча кыскача баяндама жасаш үчүн сөз урматтуу эл депутаты, белгилүү жазуучубуз Кымбаткул Кыштообай уулуна берилет. *(К. Кыштообаев трибунага чыга келет).*

К ы ш т о о б а е в *(бакырып сүйлөп):* Каракол, Нарын шаарларынын, Жумгал, Дөрбөлжүн кыштактарынын

ушул аттары калмак колониячылыгынан калганын, «Ош» деген кыргызча эместигин адис-эксперттер далилдеп жазып беришти. А документтер ар бир депутаттын колунда бар. Эми биздин сунушубуз мындай: «Караколдун аты– «Кыргыз кол», Нарындыкы – «Кыргыз шаң», Оштуку – «Кыргыз даңк», Жумгалдыкы– «Кыргыз көрк», Дөрбөлжүндүкү – «Кыргыз нур» болсун». Көрдүңөрбү, ар бир аттан кыргыз жыты жыттанып, кыргыз күүсү жаңырып турат! Жаңы аттардын баары басма сөздө узакка талкууланып, элдин колдоосуна арзыды, топонимикалык экспертизадан өткөрүлдү, тиешелүү илимий мекемелер тарабынан жактырылды. Буга тиешелүү басылган материалдар да ар бир депутаттын колунда бар. Ошон үчүн бу маселе боюнча суроо-мурoo берип, жарыш сөз ачып отурбай эле, сунуш кылынгандарды бир добуштан бекитe салбайлыбы я? *(Төрага жакка кайрылып)* Ушу сунушуму колго салып ийбейсизби?

Төрага: Сиз айткандай эле кылсак жакшы болот эле, бирок Регламент деген бар. Эреже сактабаска чара жок. Калп болсо да депутаттардан сурап коюшум керек. *(Залга)*. Кана бу маселе боюнча ким эмне дейт? Баяндамачыга суроо барбы? *(Зал ичин айландыра карап, бир жерге көз токтотуп, күлкүсү келген түр менен)* Алтынчы микрофон.

КР: Сабыр Саргалдаев. 20-округ. Бу маселе боюнча менин бир эле сунушум бар. Ош шаары абдан оригиналдуу «Кыргыз даңк» делиптир. Анда ага үн алыштырып Нарынды «Кыргыз дүңк» дебейлиби? *(Күлкү, уу-дуу)*.

Кыштообаев *(күлүп аткан Төрагага опурулуп)*: Имне? Тигиге имне сөз бересиң, я? Билбейсиңби аны?! *(Ачууга муунуп туталанып)* Имне я? Бу кандай?! Маскарапозго сөз берип!

Төрага *(чебелене ордунан туруп, алдастап)*: Ай, ай, баатыр акеси! Бир жолку ачууңузду мага бериңизчи.



Кыштообаев *(ого бетер опурула бакырып)*: Улам эле ачуумду бере беремби?!

Төрага *(күлүп ийип)*: Акыркы жолу, акыркы жолу... *(Айласын таппай залга карай коюп)*. Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов, 130-Курманжан датка шайлоо округу. Меники кичине бир суроо. Бу кандай, алиги шаар-кыштактардын жаңы аттары галасаванияга безальтернативный кете береби? Мен буга ич сагласия эмесмин.

Кыштообаев: Эй, Саит! Оозум бар деп эле сүйлөй бересиңби!? Имне, биз Нарын менен Ошту депутаттыкка көрсөтүп аттык беле?!

КР *(С. Нооматовдун үнү)*: Имне бакырасың? Мен сенин катыныңмынбы? Имне айтсам өзүм билем, азыр демократия!

Төрага *(чебеленип ордунан тура калып)*: Ай, ай, баатырлар, арача, арача! Сабыр кылгыла. *(Дагы алапайын таппай залга карай коюп)* Жетинчи микрофон.

КР. Супатай Субанбаев. 44-округ. Силер түзгөн врачтар комиссиясынын баштыгы катары мен дагы да эшиктегилерден кабар алып келдим. Аталган шаар-кыштактардын аттары жаңырышын талап кылган пикетчилер, митингичилер көп. (Муңкана түшүп) Көбүнүн алы жаман. *(Жашып, кетимиш болуп)* Азыр эле дагы экөөнү «скорый» алып кетти.

Төрага: Супатай Субанбаевич, жетет, түшүнүктүү.

КР: Ош, Нарын, Караколдо, Дөрбөлжүн менен Жумгалда да митингилер өтүп, көп жаштар ачка жатыптыр. *(Дагы муңканып)* Ачкалардын алы начар дешет.

Төрага: Супатай Субанбаевич, айткандарыңыз дайын болду, бүтүрүңүз эми.

КР: Эгер ушул токтом кабыл алынбаса, ачкалар кезерип отура бергидей, бир тобу бөөдө шейит болгудай. Анан дагы бир айтарым...

Т ө р а г а: Микрофонду өчүргүлө! Айтарыңыз түшүнүктүү *(К. Кыштообаевге)* Сиз дагы ордуңузга барып отура берсеңиз болот.

К ы ш т о о б а е в *(опурула бакырып):* Эмне үчүн отурам? *(Кайра капыстан жоошуй түшүп).* Аа-а, мага башка суроо жок бекен? *(Кайра кайраттанып, какайып, күүлөнө түшүп бакырып)* Жашасын Кыргыз кол! Жашасын Кыргыз шаң! Жашасын Кыргыз даңк! Жашасын эркин, баатыр, акылман, эмгек сүйгүч кыргыз эли!

КР *(Дүңгүрөгүн узак кол чабуулар): (К.Кыштообаев трибунадан түшүп кетет).*

Т ө р а г а: Суроо бермей, пикир айтмай токтотулсун деген сунуш бар. Анда маселени добушка коём. Кана, Караколду Кыргыз кол, Нарынды Кыргыз шаң, Ошту Кыргыз даңк, Жумгалды Кыргыз көрк, Дөрбөлжүндү Кыргыз нур деп атаганга Ким – «макул?» *(Пауза)* Ким – «каршы?» *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын бир капталына өйдө карай берип, өкүнгөн түр менен)* Дагы кворум жок! Дагы уктап калышкан турбайбы. *(Үнүн көтөрүп)* Уктагандарды ойготуп койгула, добуш беришсин. (Залдын орто ченине көз токтотуп) Бирдеме айтасызбы, айтпай тим койгонго болбойбу? Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Көрүп-билип атасыңар, Кымбаткул Кыштообаев жолдош аябай бакырып-бакырып речь талкайт кылат. Анан ушу киши выступать этип атканга уктап калгандарга мен айран таңмын. Буларда совест-мовест деген сапсим жок экен. Жолдош Пирсидатил, мен айтып эле атам, уктай бергендерге бир мера принимайт этесизби же этпейсизби?

Т ө р а г а: Бу маселени сессиянын аягында карайлы. Азыр алаксыбайлы ага. Ойготтуңарбы? Анда добуш берели. Кана, аталган шаарлардын, кыштактардын жаңыча аттар алышына ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын бир каптa-*



*лына өйдө карай берип, ыраазыланып)* Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды.

КР *(Дүркүрөгөн узакка созулган кол чабуулар).*

Т ө р а г а: Эми күн тартибинин төртүнчү маселесине келели. Кыскача баяндама жасаш үчүн сөз урматтуу эл депутаты, белгилүү жазуучу Бирлик Билгетегинге берилет. *(Б.Билгетегин трибунага чыга келет).*

Б и л г е т е г и н: Феликс Шаршембай уулу Куловдун ысымы менен фамилиясын эмне үчүн өзгөртүү зарыл экенин мен күн тартибине ушу сунушту киргизип атып айткан элем. Ошондо айткандын баарын дагы кеңешип кагазга түшүрүп, көбөйтүлгөн көчүрмөлөрүн ар бир депутатка бердирдим. Маселенин эч талаша турган жери жок. Мен комиссияларда макулдашылган сунушту айтсам, силер шыдыр эле добуш берип иесиңер. Талкуулап отургандан не пайда?

Т ө р а г а: Жок, урматтуу мырза Бирлик Билгетегин, анте алгыдай эмеспиз. Көрбөйсүзбү, үч-төрт микрофондун алдында бирден адам туруп калды. Сиз бүттүңүзбү?

Б и л г е т е г и н: Бүтөрүн го бүттүм. Бирок талашчу жери жок, маселени талкуулап кереги не?

Т ө р а г а *(Билгетегинге):* Ырахмат. *(Залга)* Сабыр Саргалдаевич, сүйлөсөңүз эле ызы-чуу чыгарат экенсиз. Сизге сөз бергенден чочуп турам. Айтчу сөзүңүз какшык-тамаша болбосо гана берем. Суранам, айтчуңузду серьезный айтыңызчы. Алтынчы микрофон.

КР: Сабыр Саргалдаев. 20-округ. Мен эмне айтсам деле серьезный айтып атам, кээ бирөөлөр эле тескери түшүнүп алып атпайбы. Бирок, урматтуу Төрага, Сиздин сураганыңызды эске алайын, дегеле сепсерьезный суроо берейин. Суроом мындай: Феликс өзү азыр мында жок, Москвада жүрөт. Өзү жокто аты-жөнүн өзгөртөбүз деп атасыңар, мунуңарды ал билеби? Өзүнүн ыраазылыгы барбы? Макулдугун алдыңар беле?

Б и л г е т е г и н: Эмне, Фрунзени Бишкек кылганда, фрунзеликтерден ыраазычылык сурадык беле? Пржевальск Каракол болгондо анын элинен макулдук алдык беле? Азыр деле бир катар шаар-кыштактардын атын элдин ыктыярын сурабай-этпей эле жаңыртып салбадыкпы. Маселенин баарын Жогорку Кеңеш өзү билип эле чечип койбодубу. Бу маселени деле ошентип эле чечебиз, көп кишиден улуксат албаган соң эми бир кишиден улуксат сурап отурабызбы.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залга)* Төртүнчү микрофон.

КР: Маркленист Тезекбаев, 75-ый территориальный округ. У меня вопрос деликатного свойства. Все мы знаем, что каждая личность – своего рода суверенное государство. Поэтому она не может, не вправе терпеть всякого вмешательства чужих в свои внутренние дела. Есть неотьемлимые права личности. Изменение имени или фамилии взрослого человека – это его личное право, его прерогатива. Почему Вы, дорогой Бирлик Билгетегин, позволяете себе посягать на право свободной личности, в данном случае – уважаемого, причем отсутствующего здесь Феликса Шаршембаевича?

Б и л г е т е г и н: Сиздин суроонузга жооп оңой эле. Феликс Кулов жай гана инсан эмес. Ал – эл кишиси. Август калайманынын баатыры. Демократ жаштардын сүйгүнчүлүгү. Чындап келгенде, ал өз башына өзү ээ эмес, анын ээси – эгемендүү кыргыз улуту. Көпчүлүк андай демократтын тоталитарист Дзержинскийдин ысмын алып жүрүшүн каалабайт. Жаштар анын орусчалашкан фамилиясынын өзгөргөнүн да көргүсү келет. Анын аты-жөнүнүн жаңыланышын эл талап кылып жатат. Ал эми элдин каалоо-тилегин аткарбай койгонго биздин акыбыз барбы? Жогорку Кеңештин акысы барбы? Менимче, жок.

Т ө р а г а *(Билгетегинге)*: Ырахмат. *(Залга)* Супатай Субанбаевич, Сизге сөз берсем билип турам, баягыңызды эле кайра кайталап жатып аласыз. «Ачкалардын алы жаман» дейсиз, «төрт-бешин «скорый» азыр эле алып кетти» дейсиз, «ушуга добуш берсеңер, чатак чыгып кетет» дейсиз, бир жолу ачууңузду мага берип, сүйлөбөй эле койбойсузбу? *(Пауза)*. Сүйлөбөй калбайсызбы? Айла жок, демократия, бербей коё албайм. Жетинчи микрофон. Ток этер жерин айтыңыз, Супатай Субанбаевич.

КР *(С.Субанбаевдин үнү)*: Урматтуу Төрага, туура айттыңыз, ушу маселе боюнча ачкачылык жарыялагандардын алы чын эле начар. *(Бүдөмүк күлкү)* Күлбөгүлө, күлбөгүлө. Бирок менин айтайын дегеним башка. Эшиктегилерден кабар алганы чыгып билдим: көрсө, Феликс Куловдун аты-жөнүн өзгөртүш үчүн атайын коомдук кыймыл башталыптыр. Эшиктин алдында митинг өтүп жатат. Митингичилердин жаасы өтө катуу. «Куловдун аты-жөнү өзгөрмөйүнчө тарабайбыз» дешет. Алар мага «депутаттарга окуп бер» деп петиция тапшырды. Улуксат болсо, ошону окуп берейин.

Т ө р а г а: Жок, улуксат кылбайбыз. Айтарын айттыңыз, болду! Жетинчи микрофон өчсүн. Өчүрүп салгыла. *(Залдын башка жагына карай берип)* Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Лично мен Куловдун аты-жөнүн изменить кылганга сагласин эмесмин. Бирок көп депутаттар буга көңүлдөнүп алышыптыр, эшикте дагы аларды поддерживать эткендер көбөйүптүр. Көпчүлүк эл жалганбы чынбы, общум, бир идеяга азгырылып алса, аны токтотуш кыйын. Биз, айтып эле коёюн, Куловдун аты-жөнүн изменить кылмайынча бир балаадан кутулбайбыз. Ошон үчүн о-бу деп анжирдей эзилип отурбай, прямо ишке киришпейликпи? Куловдун жаңы атын кандай дейбиз, памийласыны кандай дейбиз, ошону жолдош Билгетегин бизге конкретный далажить кылбайбы?

Төрага: Ырахмат. Ушу менен суроолор токтолсун деген сунуш бар. Токтоттукпу? *(Билгетегинге)* Кана, Феликс мырзанын атын ким дейбиз, фамилиясын кандай айтабыз?

Билгетегин: Биз, жазуучу депутаттар, кечээ кечинде демократ жаштардын мыкчыгерлерин баш коштуруп, Кулов мырзага ысым, фамилия тандоо конкурсун уюштурдук. Эки турдан жарымында араң аяктады. Анын жыйынтыгы мындай Шаршенбай уулунун аты – Эгеменбек, фамилиясы – Култегин. Атасынын аты, орусча айтканда, отчествосу накта кыргызча экен, ага катылганыбыз жок. Демек, мурдакы Феликстин толук аты-жөнү Эгеменбек Шаршенбай уулу Култегин болот.

Төрага: Ырахмат. Бу сунушка кандай дейсиңер? *(Залды айландыра карап, жакын эле жерге көзү түшкөндөй түр кылып.)* Анда-санда бир суроо бересиз. Сизге сөз берейин. Биринчи микрофон.

КР: Биз Касыбек Тасабекүп деген болобуз, өсүбүс чабанбыс. Жүс отус экинчи өкүрүктенбүс. Дакылатчыга бир суроо бар. «Эгемен», «Эгемендүү» деп эле атасыңар, мунуңардын жөн-жайын түшүнбөй койдум. «Аспырант болбодуң беле, сен билишиң керек, «эгемен» деген эмне?» – деп Таштанбек Акматүптөн сурасам, а да билбейт экен, далысын куушуруп басып кетти. Теги мен билип алсам дейм, «эгемен» деген сөстүн төркүнтөсү эмне?

Билгетегин: Олдо жарыктык ай-я, «суверенный» десе, эмне экенин билесиз, «эгемендүү» десе эле түшүнбөй каласыз. Мына, тоталитаризмдин кесепети: эне тилинен башка тил билбеген койчубузга чейин маңкуртпуз. Билип алыңыз, Казыбек карыя, «Эгемендүү» деген – суверенный» дегендин накта кыргызчасы.

Төрага *(Билгетегин жакка):* Мен дегеле уккан да, окуган да эмес экенмин, кыргызда ушундай сөз бар беле?



Билгетегин: Ушу казакчадан алынды окшойт. Салижан Жигитүп деген бир неме бар, жеткен нигилист, дегеле чилистенсинип жүргөн бир байкуш өзү, ошол кыргыз душманы «эгемен» деген бизге казактан келди, ал өз кезегинде казакка түркчөдөн оошуп өтүптүр деп гезитке жазды го. Бирок түрктүн сөзү деле, казактыкы деле түпкүлүгүндө кыргыздыкы эмеспи. Кайнаса каныбыз кошулбаган орустун «суверенныйын» өгөйлөбөй, анан бир боор түрк менен казактын «эгемендүү» дегенин жерийбизби? Экинчиден, «Эгеменбек» деген ысым Шаршенбай уулуна тегин жеринен ыйгарылып жаткан жери жок. Кулув мырза кереметтүү эрдик көрсөткөн айтылуу август калайманынан кийин гана Кыргыз каганаты чындап эгемендүү болбодубу. Бул ысым ошонун урматына берилип атат. Муну баарыбыз билип коёлу, эсибизге алалы.

Төрага: Ырахмат. Эгер башка сунуш, пикир, кошумча жок болсо, Билгетегин мырзаныкын добушка сала берейинби? Баса, аты менен фамилиясын бир эле коёлубу? Же башка-башкабы? *(Зал ичин айландыра карап)* бешинчи микрофон.

КР: Мусабай Кудузбайып. 67-Тайлак баатыр шайлоо округу. Менимче, атын өзүнчө талкуулап, памийласын өзүнчө талкуулап, экөөнү эки башка доошко салганыбыз оң.

Төрага: Анда ушу сунушту кабыл алалы. Колго салбай эле ушуга макул болдук дейли.

КР *(М. Кудузбаевдин үнү):* Мен сөзүмдү бүтө элекмин. Мен «Эгеменбек» дегенине каршымын. Менимче, Феликстин атын «Эгеменбек-Сегенбек» деп ойкуштатпай эле, накта кыргызча «Эркинбек» дебейлиби? «Эркин» деген деле маани жактан «эгемен» деген жапжакын турбайбы.

Билгетегин: Жок! Эч болбойт! «Эркинбек» дегенден көрө мурдагыдай эле калтырабыз. Билбейси-

ңерби, «Эркин», «Азат», «Өзгөрүш», «Теңдик» дегендей ысымдар тоталитаризм заманына мүнөздүү болгон. Мен алардын бирөөнө да демократия мезгилинин баатыры Шаршембай уулун эч ыраа көрбөйм.

КР *(М. Кудузбаевдин үнү):* Бирок «Эгеменбек» деген оштуктардын сөздөрүнө окшоп кетип атпайбы. Билесиңер, оштуктар кыргыздын накта төл сөздөрүн кыйшайтып-мыйшайтып буза беришет, Маселен, «ээр», дегенди «эгер» дешет, «ээле» дегенди «эгеле» дешет, ээ дегенди эге дешет, бээ дегенди беге дешет. Эгер Кулуп өзү оштук болсо, мен анын «Эгеменбек» аталышын эре-төрө көрбөйт элем. Бирок Кулуп...

Т ө р а г а *(Залдын бир жерин көрө коюп, алдастап):* Азыр, азыр, Кымбаткул Куттубаевич, азыр берем. Жетинчи микрофон. Жетинчи микрофон!

КР *(К. Кыштообаевдин үнү):* Эй, Кудузбайып! Имне, сенин тилиңе кудай «оштук» деп жазып койду беле? Же оштуктар атаңды өлтүрдү беле? Жаныңы жебе, ош эли «бээни» дегеле «беге» дебейт, «бээ» эле дейт! Жолдош Төрага! Кудузбайып трайбализм ырын ырдап атпайбы, имнеге пресекать этпейсиз?!

Т ө р а г а: Айтканыңыз туура, Кымбаткул Кыштообаевич, Мусабай Кудузбаевич трайбализм жыттанган сөз айтып ийди. Мунусу этика комиссиясында каралсын. *(Залга көз кыдыртып келип).* Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Бизде кийин безальтернативный шайламай күчөп баратат. Президентти да безальтернативный шайлап алдык. Жана эле шаар-кыштактарга дагы жаңы аттар безальтернативный присваивать этилип кетти. Мына, эми жолдош Кулувга дагы жаңы атты безальтернативный присваивать эткен атабыз. Буга мен ич сагласин эмесмин. «Эгеменбекке» жок дегенде еще бир альтернативный ат кошо галасаванияга коюлбаса – уят. Демократия эрежелерин улам эле нарушить эте беребизби?



Т ө р а г а: Альтернативный атыңыз болсо, айтпайсызбы?

КР *(С. Ноомановдун үнү):* «Эгеменбек» дегендин маанисини көбү түшүнбөйт экен, көбү казакча деп, көбү оштукча деп принимать кылбайт экен. Андан көрө баарыбызга эле түшүнүктүү кылып «суверенитетбек» деп койсок болбойбу? Па-моему, бул эң жакшы ат,

Б и л г е т е г и н: Жок, болбойт. Түк ылайык келбейт. «суверенитетбек» деген да ат болчу беле?!

Т ө р а г а: «Суверенитетбек» дегенден көрө «Северенбек» десек жакшы эмеспи. Эгеменбек, Суверенбек, Эгеменбек, Суверенбек. Экөө окшош угулат экен, уйкашып да калат экен.

КР *(С. Нооматовдун үнү):* Бу кандай, силер айтсаңар эле жарайт да, мен айтсам эле жарабай калат? Биз дагы кыргыздын бир «мен» деген жигитибиз, шляпа кийип жүрөбүз. Мага силердин «Эгеменбегиңер» дагы жакпайт, «Суверенбегиңер» да жакпайт. Мен «Суверенитбек» дегендин альтернативный ат катары галасаванияга коюулушуну настаивать кылам. Менин бу сунушумду поддерживать кылышыны урматтуу эл депутаттардан суранамын. Жолдош присидател, меникини сөзсүз коюң галасаванияга.

Т ө р а г а: Ырахмат. Сунушуңуз сөзсүз добушка коюлат.

Б и л г е т е г и н: Садагасы кетейин Саид! «Суверенетбек» дегениң безекусица, кыргызча айтканда, көркөм табити жоктуктун белгиси. Бу кудайга да, пендеге да жакпайт. *(Төрага жакка.)* Кечиресиз, Төрага мырза, «Суверенбек» дегениңиз деле тигинден өйдө эмес. «Эгеменбек» дегенден жакшы ат барбы? Жана эле какшанып айтпадымбы? Бул ысым атайын конкурстан өткөн, көпчүлүк тарабынан жактырылган. Кантип элдин пикири менен эсептешпей коё алабыз?

Т ө р а г а *(Билгетегин жакка):* Ырахмат. Сизге башка суроо берилбейт окшойт, ордуңузга барып отура берсеңиз болот го дейм.

Б и л г е т е г и н: Акырында дагы кайталап айтам! «Эгеменбек» дегенди атаандашы жок эле добушка салалы *(Б.Билгетегин трибунадан кетет.)*

Т ө р а г а: Микрофон алдында көпкө туруп калдыңыз, дагы бир хохма айткыңыз келип калган го? Айтарыңыз серьезный сунуш болсо гана сөз берем. Сунушпу? *(Пауза).* Серьёзныйбы? *(Пауза).* Сөз Сабыр Саргалдаевичте. Алтынчы микрофон. Бирок Сизден суранам; элдин жарымын жиндентпей, жарымын күлдүрбөй, серьезный сүйлөңүзчү.

КР *(С.Саргалдаевдин үнү):* О кокуй, менде элди күлдүрчү ал кайда? Тескерисинче, аттуу-баштуу эле чоң кишиге жаңы ат коёбуз деп... чыны менен эле сепсерьезный талкуулап, силер менин күлкүмдү келтирип атпайсыңарбы. Бирок мен күлбөйүн, күлбөскө тырышайын. Мынча талаш чыгып калды, мен бир компромиссный сунуш айтайын. Өзүңөр угуп турдуңар, Билгетегин мырза «Эгеменбек» деди, урматтуу Төраганын оозунан «Суверенбек» деген сөз чыгып кетти. Билгетегиндин шагы да сынбасын, Төрагабыздын шаабайы да суубасын, экөөнүн сунушун тең көгөндөп байлайлы. Феликстин атын чын эле өзгөрткөнү калган соң ага сыңар ат эмес, кошмок эки ат берели. Эгеменбек-Суверенбек дейли а жубарымбекти. Гетөнүн деле Иоганн Вольфганг деген кош аты бар эмеспи. Моцарттыкы деле Вольфганг Амадей го. Феликстики да ошолордукуна окшошуп жатып калсын. Анын үстүнө биздин замандын баатыры Кулувга бир ат аздык кылат. Ал жалгыз башына кош ат алып жүргөнгө арзыйт. Тек жазганда гана «Эгеменбек-Суверенбек» дегендин ортосуна сызыкча коюш керек. Демек, мен Кулувдун жаңы аты Эгеменбек-Суверенбек болсун дейм. Ушул сунушум добушка сөзсүз коюлсун деп көшөргөнүм көшөргөн, жер сабаганым жер сабаган.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залдын бир жерине көз токтотуп.)* Сунуш айтасызбы же пикирби? Сунуш болсо гана берем. Сунушпу? *(Пауза)* Бешинчи микрофон.



КР: Мусабай Кудузбаев. 67-Тайлак баатыр шайлоо округу. Бир кишинин бири-бирине учкашкан эки аты болушу кыргыз салтында жок. Эгеменбек-Суверенбек деп дени-карды соо кыргыз дегеле айтпайт. Ошон үчүн мен мындай сунуш киргизем. Жолдош Кулуптун атын Эгеменбек бойдон эле калтыралы, ал эми «Суверенбек» дегенди атасынын аты кылып берели. Тактап айтканда, Эгеменбек Суверенбек уулу дейли же Эгеменбек Суверенбекович дейли.

Т ө р а г а: Жо-жок, бул сунуш-кабыл алынбайт. Кулув мырзанын отчествосуна тийбейли деп макулдашканбыз. Отчествосунда эч өөн жок. Нормально, бу сунушту мен добушка коё албайм, эч койбойм. *(Залга тикчие карап туруп).* Ушуну менен сунуш киргизмейге точка коёлу, сунуш түшкөн, ыраатына жараша добушка салам. Биринчиси – Бирлик Билгетегин мырзанын сунушу, Сунуш – «эгеменбек». Кана, Феликс Шаршенбай уулунун аты «Эгеменбек» болсун дегенге ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын бир капталына чалкалай карап алып, өкүнүчтүү түр менен)* Сунуш өтпөй калды. Анда Саид Нооманов мырзанын сунушун добушка коём, Кана, Феликс Шаршенбай уулунун аты «Суверенитетбек» болсун дегенге ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын баягы капталына чалкалап карай берип, кайдыгер түр менен)* Дагы өтпөй калды. Эми Сабыр Саргалдаевичтин сунушуна келели. Кана, Феликс Шаршенбай уулунун аты Эгеменбек-Суверенбек болсун дегенге ким – «макул» *(Пауза)* Ким – «каршы» *(Пауза)* Ким – «Калыс»? *(Залдын баягы капталына карап, ыраазыланып).* Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды. Кулов мырзанын ысымы мындан ары -Эгеменбек-Суверенбек, туугандар». *(Дүркүрөгөн кол чабуулар).*

Т ө р а г а: Эми фамилиясына келели. Азырынча бир гана сунуш бар: Култегин. Ушуну эле добушка коё бе-

рейинби? *(Пауза).* Же башка сунуш барбы? *(Пауза).* Же башка сунуш барбы? *(Залды айландыра карап, залдын өзүнө жакын жерине көз караш токтотуп)* Бүгүн аябай активдүү болуп кеттиңиз го. Дагы суроoңуз барбы? Биринчи микрофон.

КР: Бис Касыбек Тасабеков деген болобус. Өсүбүс чабанбыс. Жүс отус экинчи өкүрүктөнбүс. Бистин суроoбус мындай. Кыргыста «тегин киши тас болбойт», «тегин жерден жерден өрт чыкпайт» дегендей айтым сөстөр бар, «тегин киши» дегени «жөн киши» дегендей, «тегин жерден» дегени «жок жерден» дегендей маани берет, аны мен жакшы билем. Бирок адамдын памыйласына жалганган, баарыбыска көндүм «ип» же «оп» дегендин ордуна жүргөн «тегин» деген эмне? Муну мен такыр эле билбейт экемин. «Бирсидент болуп көрбөдүң беле, сен билишиң керек, «тегин» деген эмне?» – деп Таштанбек Акматүптөн сурасам, а деле билбейт окшойт, кысараңдай түшүп, мурду менен бир тийди. Мурда мындай ороңдоп бир тиймеси жок эле, кийин ары-бери чайкалып, нервиный болуп калган го, кыясы. Теги мен билип койсом дейм, «тегин» дегениңер эмне? Бу сөсүңөр касактыкыбы же кыргыстыкыбы? Аныңардын төркүн-төсү кандай?

Т ө р а г а: Ырахмат. Суроoңузга Билгетегин жооп бербесе, башкабыз бере албайбыз. Кана, Бирлик мырза, трибунага чыга калыңыз.

*(Б. Билгетегин трибунага чыга келет).*

Б и л г е т е г и н: Олдо, жарыктык Казыбек карыя, ай-я! Сизге бабаларыбыз айтып-жазып жүргөн «тегин» деген сөз өөн учурап атат окшойт. Ал эми атабыздын атына жармаштырган орусча «ов» деген мүчө дегеле жаныңызга жакын туюлат шекилди. Чыңгыз Төрөкул уулу: «Баарыбыз Түрк атанын тукумдарыбыз», – деп какшанып жүрбөйбү. Ошо байыркы түрк бабаларыбыз Кагандын уул баласын, азыркыча айтканда, канзааданы



«тегин» дешкен. Демек, «тегин» деген кагандардын эркек балдарына берилчү наам, титул болгон, «Тегиндин» орусча «ов», «ев» дегендин ордуна кабыл алдык, фамилия жасай турган бир мүчө кылып койдук. Көп жаштар аны пайдалана баштады. Биз «Кулов» дегенди да ошол үлгүгө салып «Култегин» дедик. Мынткенибиздин дагы бир себеби бар. Арийне, байыркы түрк бабаларыбыздын кубаттуу Түрк каганатын курап, дүйнөгө дүң түшүрүп турганда, кан ордосунан Култегин деген баатыр, акылман канзаада чыккан. Ал жашында жайрап калганда, анын өмүр жолу жазылган. Ошо моло таш Монголияда дале күнү бүгүнкүдөй турат. Биз Шаршембай уулунун фамилиясын «Култегин» дегенде, анын «Култегин» дегенде, анын «Култегин» дегенге үндөшүп турганын эске алдык. Байыркыбыз менен азыркыбызды үн алыштырдык, замандар арасына көпүрө тарткансыдык. Жоопко ыраазы болдуңузбу, Казыбек карыя?

Т ө р а г а *(Билгетегин жакка).* Ырахмат, жакшы чечмелеп бердиңиз. *(Залга)* Дагы кандай суроо бар? *(Күлүмсүрөп).* Болуптур, Сиздин да шаабайыңыз суубасын, шагыңыз сынбасын, сөз берейин. Алтынчы микрофон.

КР: Сабыр Саргалдаев. 20-округ. Билгетегин мырза, менин эки суроом бар. Өзүңүз азыр эле жаркылдап айтып өттүңүз: «тегин» деген өтө бийик титул деп. Демек, ал жогорку стилдеги сөз экен. Мен дагы жаркылдап айтып турам: «кул» деген төмөнкү стилдеги сөз деп. Каягынан жаркылдап карабайлы, «тегин» менен «кул» – бири-бирине кайнаса каны кошулбаган сөздөр. Демек, «Култегин» дегенде «тегинине» «кулу» такыр эле коошпой атат. «Култегинди» орусчаласак, «принц рожденный от раба» деген маани берет. Күлө турган теңирден тескери бир сөз айкалышы келип чыгып атпайбы. Экинчиден, «тегин» деген кан тукумуна берилчү титулду ата теги аябаган кедей Шаршем-

байдын уулуна ыйгарганыбыз акылга сыябы да арбак сыйлаганыбызга жатабы?

Б и л г е т е г и н: Эгер «тегин» жогорку стилдеги сөз болсо, «кул» деген төмөнкү стилде турса, экөө «Култегин» деп айкалышканда тең салмакташып, бирин-бири нейтрализовать этип, орто стилдеги жакшынакай бир адам атын жаратпайт бекен?! Экинчиден, хан-падыша тукумдары Адам ата-Ава энеден ханзаада, падышазаада бойдон туулган эмес да. Далай хан-падышанын түп атасы биздин Кулув мырзанын чоң атасындай жай киши болгон, муну баарыбыз эле тарыхтан билебиз го. Эмне, карапайым калктын тегинге тете эр азамат чыкпайт бекен? Кыргызда деле: «Жамандан жаан, жакшыдан мөөн» деген макал бар эмеспи. Мырза Сабыр Саргалдай уулу, Сиз саал олдоксон суроонуз менен улуу урматтуу Ажобуздун сүйгүнчүк ноёнунун ар-намысына шек келтирип койгонсудуңуз.

КР *(С. Саргалдаевдин үнү):* Баракелде жообуңа! Мен нокдаун эмес; нокаут кеттим. Башка сөз айтканга алым жок. Койдум, байке, койдум.

Т ө р а г а *(күлгөн бойдон):* Жанагыдай бир компромиссный сунуш айта кетпейсизби?

КР *(С. Саргалдаевдин үнү):* Жо-жок, анын бетин нары кылсын. «Меники өтчү беле» деп тамашалап бир сунуш айтсам, шуу эле өтүп кетпедиби. Эми сунуш түгүл, суроо бергенден жалкып калдым. Суроо берсем, Билгетегин мени эндирете коюп жооп бербедиби.

Т ө р а г а: Ырахмат... Билгетегин мырзага башка собол жокпу? *(Билгетегин жакка)* Анда сизге ырахмат, ордуңузга отурганга улуксат.

Б и л г е т е г и н: Урматтуу эл өкүлдөрү! «Култегин» дегенге добуш бергиле деп баарыңарды үндөп кетем. *(Б. Билгетегин трибунадан түшүп кетет).*

Т ө р а г а: Феликс... кечиресиздер, Эгеменбек-Суверенбек Шаршембай уулунун жаңы фамилиясы «Култегин» болсун деген бир эле сунуш түштү. Ошону эле добушка коюуга туура келет. *(Залдын бир жерине көз караш токтотуп).* Эмне, сунуш барбы? *(Пауза).* Төртүнчү микрофон.



КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Мен лично «Култегин» дегендин безальтернативный кетип атканыга каршымын.

Т ө р а г а: Альтернативный ат болсо, кириш сөзү жок эле айтпайсызбы.

КР *(С.Ноомановдун үнү):* Мен лично Саргалдайыптын айтканыны поддерживать этем. «Култегин» дегендин «кулу» жакшы» эмес. Менин алтернативный сунушум ушул: «Каарманбектегин» болсун дейм. Акыйкат та да жолдош Кулув аугус тополоңунун герою да. Бу сунуштун галасаванияга коюлушуну талап кылам.

Т ө р а г а: Жарайт, коёбуз. *(Залдын дагы бир жерине көз караш токтотуп)* Бешинчи микрофон.

КР: Мусабай Кудузбаев. 67-Тайлак баатыр шайлоо округу. Каармандардын деген аргамжыдай узун ат болот, айткан киши какап-чакап атын араң айтат. Суу кошпогон кыргыз баласы геройду «каарман» дебейт, «баатыр» дейт, «эр» дейт. Мен жолдош Кулувтун памийласын «Эртегин» болсун дейм. Ошентсек, накта кыргызча болот. Сунушум добушка коюлсун.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залдын алысыраак бир жерин көрө койгонсуп).* Кокуй, жетинчи микрофон!

К Р *(барк-барк бакырган үн):* Кымбаткул Кыштообай уулу, 227– шайлоо округунан. Мен өз калемдешим Бирлик Билгетегинди бийик урмат кылам. Саид Ноомановду да ызааттайм, биздин эл депутаттардын эң активдүүсү. Түштүк кыргыздардын өгөйсүнткөнү эле болбосо. Кудузбаев да өзүнчө жүргөн эргул. Бирок баарынын сунуштары түккө турбайт.

Т ө р а г а: Кечирсиз, кечиресиз, түз эле сунушуңузду айтсаңыз.

КР *(Кыштообаевдин үнү):* Ошо айткан атпаймынбы! Мына сөз да бузулду, ой да бүлүндү! *(Пауза.)* Кыскасы, сунушум мындай, Култегин, Эртегин, Каарманбектегин эмес, Кыргызтегин болсун! Ырас, Кулув мврзанын бир айыбы бар – эне тилин жакшы билбейт. Бирок ал кыргыздын чыныгы уулу, жигиттин гүлү, атуулу. Өз улутунун наамын фамилия кылып алып жүргөнгө толук акысы бар. Кыргызтегин болсун.

Т ө р а г а: Ырахмат. Башка сунуш жокпу? *(Пауза).* Жок болсо, түшкөн сунуштарды ырааты менен добушка коё берейин. Кана, Феликс ... кечиресиздер, Эгемен-бек-Суверенбек Шаршембай уулунун фамилиясы «Култегин» болсун дегенге ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын бир жак капталына чалкалай көз таштап алып, нааразыланып)* Сунуш өтпөй калды. Эми экинчи сунушка келели. Кана, «Каарманбектегин» дегенге ким – «макул»? *(Пауза)* Ким – «каршы»? *(Пауза)* Ким – «калыс»? *(Залдын баягы капталына карап, нааразы болгонсуп.)* Дагы өтпөй калды. Эми үчүнчү сунушка келели. Кана, «Эртегин» дегенге ким «макул»? *(Пауза)* Ким «каршы»? *(Пауза)* Ким «калыс»? *(Залдын баягы тарабына карай берип)* Бу дагы өткөн жок. Эми төртүнчү сунушка келели. Кана «Кыргызтегин» дегенге ким «макул»? *(Пауза)* Ким «калыс»? *(Залдын баягы тарабына карап, чын эле нааразыланып.)* Түү, бу дагы өтпөй калбадыбы? *(Ындыны өчүп.)* Эми эмне кылдык? Мына, парламенттик кризис деген ушул. Кана, ким эмне дейт? *(Залды айландыра карап, бир жерге көз караш токтотуп)* Жетинчи микрофон.

КР: Азамат Айылчы уулу, 299-округ. Ушуга дагы кабырга кайыштырып, баш катырып отурабызбы? Жаңкы төрт аттын кайсынысы көп добуш алса, ошонусун гана жөн эле колго салып бекитип таштайбыз. Кампүтүр-сампүтүрү жок эле ошентебиз. Ошенткенден кылы кыйшайбайт, намазы бузулбайт.



Т ө р а г а *(сүйүнүп кеткенсип):* Чын эле ошентпейлиби? Кандай дейсиңер? *(Залдын бир жерине көз караш токтотуп)* Төртүнчү микрофон.

КР: Маркленист Тезекбаев, 75-й территориальный округ. Я категорически против той формы голосования, которая только что была предложена. Слава Богу, у нас есть закон все обязаны всегда и во всем следовать его букве и духу. Уважаемый Председатель, Вы ни в коем случае не должны идти даже на малейшее нарушение процедуры голосования. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а: Ырахмат. Айтканыңыз туура. Чын эле Регламентти бузганга эч жол бербешибиз керек. *(Залдын бир жерине көз караш токтотуп).* Бешинчи микрофон.

КР: Мусабай Кудузбаев. 67-Тайлак баатыр шайлоо округу. Эгер Регламентти бузгубуз келбесе, мындай кылышыбыз керек. Баарыңар билесиңер, баягыда, тунгуч Президент шайлаганыбызда, биринчи турда көп добуш алды деп Масалиев менен Жумагуловду экинчи турга коё бербедик беле. Бу саам да көп добуш алган эки атты гана экинчи турга жиберүүгө тийишпиз. Ушинтсек гана парламенттик кризистен кутулабыз.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залдын дагы бир жерине көз караш токтотуп.)* Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Па– маему, Кудузбайып айткан шайловдо Масалиев менен Жумагулов биринчи турда жетишерлик добуш набрать этпей калып, экинчисиге кеткен эмес. Алардын ошентип текеден чыгып калганы да жакшы болгон экен, экинчи турга башкалар менен кошо Аскар Акаевич кетип, камчы салдырбай уверенно жеңип чыкпадыбы. Азыр дагы алиги төрт памийла тең куду баягыдагы Масалиев менен Жумагуловго окшоп жыдып калды. Ошон үчүн төртөөнү тең аниулировать этип, жаңыларын предложить кылышыбыз керек. Парла-

ментский кризистен эреже бузбай кутулуштун мындан бөлөк ич альтернативасы жок.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залдын дагы бир жерине көз караш токтотуп.)* Жетинчи микрофон.

КР: Жаркымбай Жайлообек уулу. 118-округ. Эгер Саид Нооман уулунун айтканын кабыл алсак, баарын кайра башынан баштайбыз, баарын кайра башынан баштасак, бир-эки күнсүз мажилисибиздин аягына чыкпайбыз. Ошон үчүн мен Мусабай Кудузбай уулунун сунушун кубаттагым келет. Көп добуш алган эки атты гана бери бөлөлү да, кайра добушка салалы. Кайсыларына көбүрөөк добуш берилди эле?

Т ө р а г а: «Култегин» менен «Кыргызтегинге». Экөө тең бирдей добуш алган.

КР *(Ж. Жайлообековдун үнү):* Анда ошол экөөнү добушка коёлу. Ошону менен маселе чечилет да калат.

Т ө р а г а: Ырахмат. Менимче, ушул сунуш парламенттик кризистен чыгышыбызга жол ачканы турат. Эгер эч ким каршы болбосо, «Култегин» менен «Кыргызтегин» экөөнү добушка коё берсем. *(Залдын бир жерине сестее көз тийип алып, чочулай да, алдастай да түшүп.)* Сунуш барбы? Азыр, азыр. Жетинчи микрофон.

КР *(барк-барк бакырган үн):* Кымбаткул Кыштообай уулу. 227-округ! Менин бир коркконум бар! Мунун бир жери опурталдуу! Кокус «Култегин» менен «Кыргызтегин» дагы да ит жыгылыш болсо кантебиз? Экөө тең жетиштүү добуш албай калышы да ыктымал. Ошондо бир жагынан Нооманов чыгат «экөөву тең жыдып калды, аннулировать кылыш керек» деп. Бир жагынан Тезекпайың чыгат «ни в коем случае нельзя допустить» деп. Эгер бу сапар да «Култегин» ит жыгылыш болуп калса, экөө тең кайра добушка коюлгандан кур калат. Башка бир жаман фамилия сороң деп чыгып, ошол өтүп келет. Мен ушу моментти эске алып, өзүмүн жакшы көргөн калемдешим Бирлик Билгетегин мырзадан ийиле таа-



зим кылып көптөн көп суранам: «Култегин» – дегениңен «кечтим байдын кызынан деп кечип ийчи, бай болгур» «Кыргызтегин» жалгыз эле кетсин добушка!

Т ө р а г а: Ырахмат. Бирок бу өтүнүчкө Билгетегин мырза эмне дейт? Төртүнчү микрофон.

КР: Бирлик Билгетегин. 209-округ. Менимче, өзүм өтө бийик урматтаган Кымбаткул Кыштообай уулунун азыркы өтүнүчү ары жөндүү, ары адептүү эмес. Орусча айтканда, некорректный. Мен деле «Кыргызтегиниңди» кой. Кымбаткул дос, менин «Култегиним» эле добушка жалгыз коюлсун» – деп сурансам болот го. Бирок мен өзүмү маданияттуумун деп жүрөм, антип айтпайм. Мен минтип айтам: Экөөнү тең жарыштырып добушка коё берели, эл өкүлдөрү кайсынысына көңүл оодурса, ошонусу өтүп кете берсин.

Т ө р а г а: Ырахмат. Мен дагы ушул сунушка көңүл ыктатып турам. Эгер эч ким каршы болбосо, «Култегин» менен «Кыргызтегинди» добушка коё берейин. *(Залдын бир жерине сестейе тиктеп, иренжигендей.)* Дагы эмне болуп кетти? Сөзсүз сөз бериш керекпи? *(Пауза)* Төртүнчү микрофон.

К Р: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо округу. Мен жакшы билем: Кыштообай уулу менен Билтегенин мырзалар – удаа дружный каллегалар. Хоя, угушума караганда, парламенттен тышта жүргөндө экөө бир-бириге кас душман имиш. Бир памийланын айыдан ал экөөнүн бөөдө араздашып калышыга мен ич сагласин эмесмин. Ошон үчүн кампрамисный сунуш айтам. Жолдош Кулув Эгеменбек-Суверенбек деген двойной аттуу болбодубу, Билгетегиндин көңүлүнү да кыйтыйтып калтырбай, Кыштообай уулуна да бакырып абижать кылбай, Феликстин... тоюс, Эгеменбек-Суверекбетин памиласыны деле Култегин-Кыргызтегин деп двойной кылып салбайлыкпы? Улуу орус калкында андайлар көп го: Семионов-Тыяншанский,

Мусин-Пушкин, Новиков-Пирибой, Салавыйов-Седой, дагы башка итпай чотпай деген...

Т ө р а г а: Тура туруңуз. Сиз айткандай кылса, дагы безальтернативный добушка кетпейби. Дагы Сиз каршы чыгасыз.

КР *(Ноомановдун үнү):* Жо-ок, антпейм. Бу сапар сагласин болом.

Т ө р а г а: Ырахмат. *(Залдын бир жерине көзү түшүп.)* Бешинчи микрофон.

КР: Дагы менмин. Бирлик Билгетегинмин. Мен Саид мырзанын сунушуна кызылдай каршымын. Кулув... кечиресиңер, Култегин ноёндун жаңы атына дагы бир жарамсыз ат учкаштырып, таптакыр көркүн кетирип салдыңар. Кайчыдайбы, жуушандайбы, айтор, бир олдоксон ат болуп калды. Бирок мен ошондон улам айгай көтөргөнүм жок. Эми, мына, бычактай фамилиясын да кайчыдай кылып салганы турасыңар. Буга мен унчукпай, каяша айтпай кала албайм. Менин сунушум ушул: добушка «Култегинди» да коёлу, «Кыргызтегинди» да, «Култегин» мөрөй алса, ага мен кубанам, албетте. Бирок «Кыргызтегин» жеңип кетсе да кайгырбайм. Өзүм -демократмын, демократиялык жол менен чечилген маселенин баарына баш ием. Дагы бир эскерчү нерсе: ысымы аз келгенсип, фамилиясын да кошмокэгиз кылып салсак, Култегин мырзаны катуу таарынтып алышыбыз мүмкүн.

Т ө р а г а: Ырахмат. Буга Сиз, Саид Нооман уулу, кандай дейсиз? Сунушуңузду добушка кошулушун талап кылбайсызбы? Төртүнчү микрофон.

КР *(С.Ноомановдун үнү):* Билгетегин мырза дагы кыргыздын мага окшогон бир «мен-мен» деген эр азаматы, менден бир суранып калган экен, мен жаңкы сунушумдун галасаванияга коюлушуну настаивать этпейм.

Т ө р а г а: Ырахмат марттыгыңызга. Эгер эч ким каршы болбосо, жанагы эки фамилияны добушка коём.



*(Пауза).* Кана, Феликс... кечиресиздер, Эгеменбек-Суверенбек Шаршембай уулунун фамилиясы «Култегин» болсун дегенге ким макул? Дагы өтпөй калбадыбы! Анда эмесе экинчисине келели. Кана, «Кыргызтегин болсун дегенге ким «макул?» *(Пауза).* Ким «Каршы?» *(Пауза).* Ким «калыс?» *(Пауза) – (Залдын баягы каптальна – баш көтөрө карап, ыраазылангансып).* Шүгүр-а, өтүп кетти! Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды!

К Р *(Дүркүрөгөн кол чабуулар).*

Т ө р а г а *(жайдарыланып):* Ошентип, Феликс Шаршенбаевич Куловдун жаңыча толук аты-жөнү Эгемен-Суверенбек Шаршенбай уулу Кыргызтегин болду.

КР *(Дүркүрөгөн кол чабуулар).*

Т ө р а г а: Аты-жөнүнүн жаңырганын сүйүнчүлөп, куттуктап дегендей... ага бир телеграмма жиберсек кантет? *(Залдын бир жерине тигиле карай калып.)* Дагы кандай балакет чыга калды? Тынччылыкпы деги? *(Пауза)* Алтынчы микрофон.

КР: Иса Абдиев. 119-ый округ. Только что мне передали телеграмму Феликса Шаршенбаевича, имеющую непосредственное касательство к данному вопросу. Уважаемый Председатель, позвольте мне огласить текст телеграммы.

Т ө р а г а: Баарыбызга тиешеси бар болсо, окуп ийиңиз.

КР *(И. Абдиевдин үнү):* Читаю. «Дорогой Иса Абдиевич! До меня дошли слухи о том, что на сессии Верховного Совета республики будто бы идут бурные дебаты вокруг моего имени и фамилии. Если эти слухи имеют под собой реальную основу, то прошу Вас, уважаемый Иса Абдиевич, передать достопочтенным народным депутатам: мое имя и фамилия, каковы бы они не были, достались мне от покойного отца, ничуть не задевают моего человеческого достоинства, не мешают мне честно жить и работать на благо родного народа. И, самое главное, они нисколько не нуждаются в изменении или

переиначивании. Я надеюсь, что достойные избранники народа найдут себе более достойные занятия, чем пустая возня вокруг моей скромной персоны. С наилучшими пожеланиями! Феликс Шаршенбаевич Кулов. Москва. Число сегодняшнее». Конец телеграммы. Помоему, смысл телеграммы однозначно внятен и мне нечего добавить к сказанному. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а: Ырахмат. Бирок... *(Баш чайкап).* Ай-ай! Бир парламенттик кризистен араң чыксак! Мына эми, экинчиси!.. Жаман болбодубу! Жолдош Кулув өзү таптакыр эле макул болбосо, жаңы аты-жөнүн ага зордоп таңуулайбызбы? Мунубуз демократиялык нормаларга коошобу? Эми эмне кылдык? *(Пауза)* Баарыңар эле тунжурап туруп калдыңар го?

КР *(Көп киши отурган залдын тымтырстыктан капылес чыга калгандагы шоокум)*

Т ө р а г а: Кана, телеграммага карата кимде кандай пикир бар? *(Залды айландыра карап, бир жерге көз караш токтотуп)* Второй микрофон. Пожалуйста.

КР: Вильчинский Наум Борисович. 12-ый округ. От имени депутатов, представляющих здесь русскоязычкое население Республики Кыргызстан, я предлагаю: уважить просьбу Феликса Шаршенбаевича относительно того, чтобы оставить его имя и фамилию в покое. Не можем же мы, люди вроде бы взрослые, демократы, депутаты, насильно навязать любому человеку, тем более такому значительному, как многоуважаемый Кулов, новое, пусть и хорошее, имя, хоть и звонкую, но искусственную фамилию. С другой стороны, имя человека никогда не выражает его сути. Оно всегда условно. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а. Спасибо. *(Залдын ичин дагы айландыра карап бир жерге көз токтотуп)* Алтынчы микрофон.

КР: Сайфуддин Мадумарин. Үч йүз йигирма бешинчи округдан. Ортак Куловинин исми-памийласин озидан сорамасдан, бейрухсат алмаштираятганимиз менга галаты коринаятган эди. Лекин бундай алмаштиришин тогру дейшига ва яки натогру дейшига хам райьим бармай, дардисар тебраниб отирган эдим, Хазирги телетэеммани эшитгач тушиндим: натогру кылятган эканмиз. Ортаклар! Азиз дослар! Феликсжаннинг илтимасини этибарга алайлик, исмини хам, памийласини хам аввалигича койайлик, Феликс Кулов боюнча кала берсин. Бу ием, бу памила шахар ва кышлак наами эмаску ахир, тирик инсанники, болганда хам зор абройли инсанникику.



Т ө р а г а: Ырахмат. *(Дагы залдын ичин көз менен кыдырып келип).* Төртүнчү микрофон.

КР: Маркленист Тезекбаев. 75-ый территориальный округ. Уважаемые народные депутаты! С самого начала было ясно, что затея с изменениями имени и фамилии Феликса Кулова нелепа и смехотворна. Да и остальные пункты повестки дня, по которым приняты более чем странные постановления, не стоят выеденного яйца. Самое лучшее и достойное, что мы можем сделать сейчас-это разом перечеркнуть, считать недействительными итоги трехдневных бурных обсуждений. Давайте, начнем работу настоящей сессии, как говорится, с чистого листа, возвратимся к рассмотрению тех законопроектов, которые были предложены Президентом. Я всех вас призываю к благоразумию. Спасибо за внимание.

Т ө р а г а: Ырахмат.

КР *(Зал уу-дууга түшөт, уу-дуу арасынан: «Төртүнчү микрофон, төртүнчү» деген Билгетегиндин, «Жетинчи, жетинчи» деген Кыштообаев менен Жайлообековдун, «Ой, алтынчы, алтынчы, алтынчы» деген Айылчиевдин кыйкырыктары алысыраактан чыккансып үзүл-созул угулат).*

Т ө р а г а *(Залга кол жаңсагылап, катуу-катуу):* Коё тургула, коё тургула. Мен дагы бир-эки сөз айтып калайын. Бирдеме дегенге менин деле акым бар го дейм.

КР *(Залдын уу-дуусу басаңдап, кыйкырган үндөр тыйыла түшөт).*

Т ө р а г а: Чын эле ойлоно турган маселелер чыгып калды. Күн тартиби боюнча бардык чечим-токтомдорду болбосо да, азыр эле кабыл алганыбызды кайра өчүрөт окшойбуз. Феликс Шаршенбаевич өзү такыр эле каалабай, кашайып эле каршы чыгып атса, айла жок, токтомубузду жокко чыгарабыз да. Андан башка кандай ылаажы бар?

КР *(Залдын уу-дуусу күчөп, уу-дуунун арасынан баягы төрт жазуучунун: «Төртүнчү! Төртүнчү», «Жетинчи! Жетинчи», «Алтынчы!» деген кыйкырыктары үзүл-созул угулат).*

Т ө р а г а: Азыр. *(Капыстан чочуп кетип, шашкалактап)* Токтой тургула! Азыр, азыр! Жетинчи... Түү дагы трибунага жөнөшпөдүбү! Азыр *(шашкалактап калдастап)* Сөз Кымбат... Кыштообайга берилди.

*(К. Кыштообаев жулунуп трибунага чыгып келет).*

К ы ш т о о б а е в *(буулугуп, туталанып бакырып):* Бу кандай! Кызыл чеке болуп! Жаман-жакшы айтышып атып!.. Араң бир бүтүмгө келсек! Анан, имне? Кулув бир телеграмма жиберип коюптур! Ошого эле айнып кетебизби? Жүз сексен градус тескери айланабызбы! Я? Жок! Чыгарган бүтүмдөн өлсөк да кайтпайбыз! Биз койгон аттар ошо бойдон калсын! Кааласа-каалабаса да Кулувдун паспортуна жазылсын! Кулув дегенди экинчи кулагыбыз укпасын! Феликс дегенди да! «Отступать некуда, позади Москва» *(Төрага жакка.)* Сиз жолдош Төрага, көп мүлтүлдөбөңүз! Бекем туруңуз! Болбосо... жаман болот! *(К. Кыштообаев шарт трибунадан кетет).*

Т ө р а г а *(сестейип чочуган түр менен акырын):* Ырахмат. Сөз Жаркымбай Жайлообек уулуна берилет. *(Ж. Жайлообеков трибунага чыгып келет).*

Ж а й л о о б е к о в: Биз Шаршенбай уулунун атыжөнүн өзгөртсөк, аны жакшы көргөнүбүздөн, сыйлага-



ныбыздан, аздектегендигибизден өзгөрттүк. Биздин
жакшы ниет менен жасаган ишибизди ал өзү алыста
жүрүп анча туюнбай, айкын түшүнбөй атат окшойт.
Эгер ал баятан берки талаш-тартышта айтылган да-
лилдерди өз кулагы менен укса, балким, адегенде чы-
чалап анча-мынча мойнойт эле, атүгүл туйлап да көрөт
эле, бирок айтканыбызга акыры муюйт эле. Чынында
эле өөн учурайт. Тек өзү жедеп көнүп алган экен; аты-
жөнүнүн ошондоюн сезбей-туйбай атпайбы. Бирок мен
ишенем: жаңы аты-жөнүн ал бат эле кабыл алат, көп
өтпөй бизге кайра ырахмат айтат. Экинчиден, көп киши
чогулуп, бир бүтүм чыгарып, анан бир киши каршы
чыгып койсо, баарыбыз үлдүрөп баш шылкыйтып ту-
руп бергенибиз уят! Ошон үчүн мен сунуш кылам! Ку-
лувдун аты-жөнү биз өзгөрткөн түрүнөн өзгөрбөсүн,
анын нааразылык билдирген телеграммасы четке ка-
гылсын.

*(Ж. Жайлообеков трибунадан түшүп кетет).*

Т ө р а г а: Ырахмат. Сөз Азамат Айылчы уулуна
берилет. *(А. Айылчиев трибунага чыгат).*

А й ы л ч и е в: Кулув мырза азырынча жөн эле чал-
поолук кылып атат. Жаңы үйрөткөндө жылкы да ээр
токутпай, кошкурук атат, ыкка көнбөй ойдолойт, мин-
дирбей, так түйүлөт. Бирок үйрөткөн кишилердин
жаасы катуу болсо, ар кандай азоо бат эле жели чыгып,
былк этпей миндирет, бастырган жакка басып калат.
Анын сыңарындай беш-алты күндө эле Кулув дал үй-
рөткү кунанга айланат. Болбой эле тырактай берсе,
министрликтен түшүрүп коёбуз. Ана, ошондо Пеликс
деген аты менен, Кулув деген памыйласы менен Дзер-
жиниский көчөсүндө колоктоп баса берсин. Антип
калгысы келбесе, кыса турган жерин кыссын дагы, биз
койгон аты-жөнүн кыңк дебей алсын. Баса... *(Төрага
жакка карап.)* Тезекбайып да балдырады го, мага жак-
шы угулбай калды, эмне деди а түгөнгүр?

Т ө р а г а: Сессиянын ушул күн тартибин жокко чыгарып, кайра башынан түшөлүк деди, өтпөй калган президенттик законопроектерге кайра кайрылалы деди.

А й ы л ч и е в: Ошенттиби оңбогур өзөктөн чыккан өрт!

Т ө р а г а: Деги ушул сыяктуу пикир айтты.

А й ы л ч и е в: Эй, Тезекбайүп! Куюшканга кыпчылган... тиги атың өчкүр... тезек боло бергениңди качан коёсуң, я? Эй, жөн жүр. Ырысы жок! Заманың алда качан өтүп кеткен, ошону билбейсиңби? Дайыма улут мүдөөсүнө каршы сүйлөйсүң, мунуңду таштабасаң, памыйлаңды Тизяков деп, атаңдын атын Петрович деп, өз атыңды Мартын-Сартын деп салабыз. Чиркөөгө апарып чокундурабыз, ансыз деле сен сүннөткө отурбасаң керек...

КР *(М.Ж.Тезекбаевдин алыстан чыккансыган үзүлкесил үнү):* Я протестую! Товарищ Председатель! Вы же должны...

А й ы л ч и е в: Эгер, тоодой дымагыңды дөбөдөй кылып пасайтпасаң, депутаттыктан айдайбыз. Кызматыңдан кулатабыз. Сенин «протестую» дегениңе карабайбыз, «права личнос» дегениңе да түкүрүп койбойбуз!

*(А. Айылчиев трибунадан шарт түшүп кетет).*

КР *(М.Ж. Тезекбаевдин алыстан чыккансыган үзүлсозул үнү):* Я протестую! Товарищ Председатель! Уважаемый...

Т ө р а г а: Азамат Айылчиев! Сиз өтө эле орой кеттиңиз! Кайра трибунага келиңиз, Тезекбаевден кечирим сураңыз! Азамат Айылчиевич! *(Сөзүнө кулак салбай кетип бараткан кишини ээрчип карагансыган түр менен залга жалдырай карап отуруп калат).*

*(Төрага сөз бербесе деле Бирлик Билгетегин трибунага чыгып алат).*

КР *(М.Ж.Тезекбаевдин алыстан чыккансыган, үзүлсозулган үнү):* Товарищ Председатель! Товарищ...



Т ө р а г а: Маркленист Тезекбаевич... *(башын чайкап)* Түү ата... Жаманкулович! Мен сизге азыр сөз бере албайм. *(Трибунанын алды жагына карай берип.)* Быякта баятан бери күтүп... *(Б. Билгетегиндин жогуна таң калып, бирок анын трибунага чыгып алганын көрүп)* Сиз чыгып алдыңыз беле?

Б и л г е т е г и н: Кечиресиз, кезегим келип калганынан эле чыгып алдым.

Т ө р а г а *(залга):* Маркленист Жамангулович! Сиздин протестиңиз туура. Этика комиссиясына арыз жазыңыз. Айылчиевичтин одоно жоругун ошо комиссия карасын, тиешелүү баасын берсин. Көрүп турбайсызбы, трибунада киши бар. Эмки сөз Бирлик Билгетегин мырзада.

Б и л г е т е г и н: Кулув мырзанын телеграммасынан улам эле кабылдаган токтомубуз жокко чыгарылсын деген сунуш – кызылдай провакация! Чын эле жокко чыгарсак, Жогорку Кеңештин ишинде жарамсыз бир прецедент пайда болот. Жаман адатка жол ачылат. Бүгүн бир чечим кабылдап, эртең андан айныганга көнүп кетебиз. Ошон үчүн Кулувдун аты-жөнүн өзгөрткөнгө байланыштуу чечимибизден эч кайтпашыбыз керек. Кабыл алдыкпы бүттү, кайра чегиниш жок! Ал эми жаңкы телеграмма Феликстин импульсивный бир реакциясы. «Ачуу басса, акыл качат» дегендей... Көрөсүңөр, ал телеграммасындагы өтүнүчүнөн... ультиматумунан ал бат эле баш тартат. Билесиңер, өзү ак көңүл жигит, дейде бир буркандап алып, кайра тез эле жазыла түшөт. Мен Феликсти ийине келтириш жагын мага койгула.! Мен аны оңой эле көндүрөм, кадырыңар жам болсун. Ошентсе да сессиянын ушул чакан курултайы Кулув мырзанын телеграммасына өз мамилесин билдирип коюуга тийиш. Ушуга байланыштуу Токтомдун долбоорун мен кезек күтүп туруп чиймелей койдум, мына, окуп берейин. *(Үңүлүп кагаздан окуйт)* «Республика Кыргызстан-

дын Жогорку Кеңешинин 88-сессиясынын токтому. Өз атын жөнүн официалдуу өзгөргөнүнө карата мурунку Феликс Шаршембаевич Куловдун, азыркы Эгеменбек-Суверенбек Шаршенбай уулу Кыргызтегиндин нааразылык билдириши анча негизи жок болгондуктан, четке кагылсын». *(Окуп бүтүп кагазын кармаган бойдон Төрага жакка басып)*. Мына, долбоорду колуңузга карматайын, тарс добушка коюп жибериңиз.

*(Б.Билгетегин кагазды Төрагага берип, эч буйдалбай сценадан кетет).*

Т ө р а г а: Ырахмат. Анда ушул сунушту добушка коё берейин. Каршы жок болсо... *(Залдын эң арткы катарларына карагансып)* Эмне каршысызбы? Сунушуңуз барбы? Сөз берсем, баягы эле ырыңыздан баштайсыз да. «Врачтар комиссиясынын башчысымын» дейсиз, «эшикке эми эле барып келдим» дейсиз, «төртөөнү «скорый» алып кетти» дейсиз. Ошон үчүн... *(Пауза)* Ээ, болуптурчу, берейин. Сөз Супатай Субанбаевичте. Жетинчи микрофон.

КР *(С. Субанбаевдин үнү):* Эмне, «скорый» апкетип аткандар көп болсо, «апкеткен жок» деп айтайынбы? Чын эле эшикке барып келип атсам, «барганым жок» дейимби? Чын эле азыр эшиктегилерден кабар алып келдим. Чын эле эсинен тангандар, «скорый» алып кеткендер көбөйүп атыптыр, аны мен силерден жашырып коё албайм.

Т ө р а г а: Ток этер жерин эле айтпайсызбы?

КР *(С. Субанбаевдин үнү):* Мына, айтам. Урматтуу депутаттар! Эшиктегилердин түрү жаман! Аябай жаман, акетайлар! Жаңы телеграмманын биерде кимдер колдогонун да билип алышыптыр. «Кулов, жаңы атфамилиясын кабыл албаса, Кыргызстанга келтирбейбиз» дешет.

Т ө р а г а: Жетет, Супатай Субанбаевич. Ушуну менен бүтүрүңүз.



КР *(С. Субанбаевдин үнү):* Бүтүрүп атам, бүтүрүп атам. «Эгер Куловдун аты-жөнүн мурункусундай калтырышса, депутаттарды эшикке чыгарбайбыз, чыгышса эле, сасыткы жумурткалар менен ташбараңга алабыз» дешет. Анан да, урматтуу эл депутаттары...

Т ө р а г а: Болду, Супатай Субанбаевич. Жетинчи микрофонду өчүрүп салгыла. *(Пауза)* Ырас кылдыңар! *(Пауза).* Эшиктегилер бизди көп коркутпасын. Алар оголе ашынып баратышат. *(Залдын бир жерине көз караш токтотуп)*. Эмне, дагы бирдеме дейин дейсизби? Дебей калсаңыз такыр такыр болбойбу? *(Пауза)* Ээ, мейличи, берейин. Төртүнчү микрофон.

КР: Саид Нооманов. 130-Курманжан датка шайлоо
округу. Мен бир кампрамисный сунуш айтайын деп
турам. Сунушум ушул. Кулувтун памийласын баштагы-
сыдай эле калтырыш керек да, өзгөргөн жаңы атынын
ошо жаңысы боюнча тим коюш керек. Ошондо жолдош
Кулув дагы аткрыкиваться эткенин азайтат эле, депу-
тат жазуучулар дагы чала тойгонсуп канимет кылышат
эле. Мен ушул сунушум галасаванияга коюлушуну та-
лап кылам.

Т ө р а г а: Ырахмат. Бирок бу сапар талабыңызды
аткара албайм. Кулувтун жаңы аты-жөнү жөнүндө ма-
селе биротоло чечилип бүткөн. Азыр биз Кулувтун
телеграммасына жооп маселесин добушка салганы
жатабыз. Сунушуңуз четке кагылышына ачууңуз келсе,
аныңызды бир жолу мага бериңиз *(Пауза)*. Эгер эч ким
каршы болбосо... Каршы жокпу?

КР *(Көп кишинин үнү):* Жок! Жок!

Т ө р а г а: Анда Билгетегин мырза сунуш кылган
токтом долбооруна келели. (Окуй баштайт). «Респуб-
лика Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин 88-сессия-
сынын токтому. Өз аты-жөнүнүн официалдуу өзгөрүл-
гөнүнө карата мурунку Феликс Шаршембаевич Кулов-
дун, азыркы Эгеменбек-Суверенбек Шаршенбай уулу

Кыргызтегиндин наразылык билдириши анча негизи жок болгондуктан, четке кагылсын». Кана, ушул долбоордо айтылгандарга ким «макул»? *(Пауза)* Ким «каршы»? *(Пауза)* Ким «калыс»? *(Залдын бир капталына баш кейкейтип өйдө карап.)* Көпчүлүк добуш менен кабыл алынды. Ырахмат!

КР *(Дүркүрөгөн кол чабуулар. «Жашасын Кыргызтегин!», «Жашасын Эгеменбек-Суверенбек!» деген үндөр).*

Т ө р а г а: Урматтуу эл депуттары! Ушуну менен сессиябыз күн тартибине койгон маселелердин үдөөсүнө чыкты. Ырас, сессиябыз *(Залдын арткы катарларын сестейе карагансып.)* Сабыр Саргалдаевич! Эмне эле кол сереңдетип чычкыланып атасыз? Микрофон иштетейинби? Сөз берейинби? *(Күлүмсүрөп.)* Бербесем, жарылып өлөсүзбү? Харакири жасап иесизби? Болуптур, сөз Сабыр Саргалдаевичте. Алтынчы микрофон.

КР *(Бир кишинин алыс-жакындан жарыша тарткан коңуруктары күр-шар эте түшөт, коңуруктар «аккомпоненти» менен аралаш С.Саргалдаевдин үнү жаңырат):* Баштагы чогулуштар гимн ырдоо менен бүтчү эмес беле, анын ордуна мамындай хорду сунуш кылып атам. Баарыңар кошулгула? *(Коңуруктар жанагыдан таасын угула баштайт, улам күчөп отурат).*

*(Коңуруктардын, уу-дуунун, күлкүнүн, анча-мынча кол чабуулардын коштоосу менен көшөгө акырын жабылат. Көшөгө жабылганча, Төрага ордунан өйдө болуп, кол чапкылап, каткырып күлүп тура берет).*

*Аягы.*

*1–30-декабрь, 1991-жыл.*



**Мазмуну**


Автобуста .......... 3
Тааныш тааныштарым .......... 8
Укса ачууланат .......... 43
Күн тууду .......... 57
Шаршендин аңгемелеринен .......... 229
Кайнатамын кызы, көк музоо жана мен .......... 229
Тоок багып байыганда .......... 232
Мен жаңыча күрөшкөндө .......... 236
Мончодо .......... 241
Кызыл күүгүм .......... 245
Токойдогу окуя .......... 280
Бумеранг .......... 327
Жогорку Совет сессиясында .......... 347

**Салижан Жигитов**

# КҮН ТУУДУ

Редактору *Жумадин Кадыров*
Корректору *Кубаныч Аркабаев*
Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Басууга 27.09.2024-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 25,5 б.т. Нускасы 750.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., А.Үсөнбаев көчөсү, 149.
Тел.: 0772 347028.